84(2=Ки)кыр
А 37



# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

Чыгармаларынын
он томдук толук
жыйнагы


1016531

Чыңгыз Төрөкулович
Айтматовдун
90 жылдыгына арналат



Ч.Т.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК ФОНДУ

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

## Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр: Акматалиев А.,
Кадырманбетова А.

БИШКЕК
«Улуу тоолор» — 2018

84(2=Ки)кыр
А 37

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ
АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

*Үчүнчү том*

*Кылым карытаар бир күн*
*Чыңгызхандын ак булуту*
*Комментарийлер*

5820 ✓

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА

ИНВ № 1016531

*БИШКЕК*
*«Улуу тоолор» — 2018*

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 37

*Басмага Ч.Айтматов атындагы*
*Тил жана адабият институтунун*
*Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды*

**Айтматов Чыңгыз**
**А 37 Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы:** 3-том. Роман. /Түз. *Акматалиев А., Кадырманбетова А.* – Б.: «Улуу тоолор», 2018. – 522 б.

ISBN 978-9967-29-062-4 (3 том)
ISBN 978-9967-29-070-9 (жалпы)

Дүйнөлүк адабияттын классиги, чыгармаларынын чет тилдерге которулушу жана жарыялануу нускасы боюнча дүйнөлүк алдынкы жазуучулардын катарында турган Ч.Айтматовдун бул томдугуна анын бардык көркөм чыгармалары кирди. Ошондой эле анын негизги публицистикалык чыгармаларын толук камтууга да аракет жасалды.

Он томдуктун үчүнчү томуна залкар жазуучунун «Кылым карытаар бир күн» романы жана ага кошумча бөлүк катары жазылган «Чыңгызхандын ак булуту» чыгармасы кирди.

**А 4702300100-18**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-29-062-4 (2 том)
ISBN 978-9967-29-070-9 (жалпы)

© Айтматов Э. Ч., 2018
© «Улуу тоолор», 2018

## КЫЛЫМ КАРЫТААР БИР КҮН

Бул китеп менин деним деп бил,
Бул сөз менин жаным деп бил.

*Григор Нарекаци,*
«Аза китеби», X кылым.

### I

Какшыган жыбыт коңулунан, ыраңы учкан жылга боорунан жем издеп чабытташ оңой кашкөйлүк эмес. Жер макулуктарын баш айланта чаташтырып, кыймачийме жөрмөлөгөн издерин кууп шимшилеп, кээде сары чычкандын мурун кытыгылаган жыттуу ийинин тытмалап, кээде береги суу жеген аңдын саландаган кабагы астынан кош аяк секирип чыга калабы, анда эле тап жылдырбай бырпырата баса калсам деп кемер колтугунан көзү өтүп жер боортоктоп жата калып, алдагайдан жортуп чыккан ач түлкү бет алдыдагы темир жолду көздөй ашыкпастан, бурулбастан жойлоп баратты. Тетиги ээн талаа бетиндеги бозомук жалдын үстүндө созулгандан созулган кара сызык темир жол азгырып да, сестентип да турат. Ошо жол менен күркүрөп-шаркырап, көшүлүп жаткан жерди оор солкулдатып, биресе бу тарапка, биресе тиги тарапка поезд өтүп турат, өткөн сайын каңылжаарды каңырсыткан сасык жыттуу күйүк түтүндү айдарым жел талаа бетине бүркүп алып учат.

Кечке жуук түлкү зым карагайдан оолагырак бир аңдын ичине кирип, бийик өскөн калың аткулакты ара-

лай сойлоду да, ийрилип куйкум сары токоч болуп жатып алды. Аткулактын кочкул кызыл болуп бышкан уруктары үстүнө себеленип, төмөнтөн соккон желге куураган жалбыректар шуудураса дирт эте кулак түрүп, түлкү түн кирерин күттү. Зым карагайлар бир калыпта зыңылдайт. Түлкү андан коркпойт. Карагайлар каккан орундарында какайып, кубалай албасын билет.

Бирок маал-маалы менен күркүрөп-шаркырап поезд өткөндө бүткөн бою бир силкинип, анан майда калтырап барып басылат да, түлкү ого бетер жыйрыла жатат. Жер майыштырган оордуктан жана өктөм жүрүштөн кара жер калчылдап жатканын түлкүнүн майда калтыраган кабыргалары даана туят. Ошентсе да колтук астындагы түрсүлдөгөн коркунуч менен жийиркенткен каңырсык жытка моюн бербей, булт этип тура качпай, темир жолдун жан-жакасы саал тынчтанар түндүн киришин күтөт.

Бу түлкү ушул тарапка ачкалыктан аргасы түгөнгөн кездерде гана келчү, болбосо суутуп коюппу...

Поезд өтпөй калган ара-чолодо талаа бети кулак-мурун кескендей, көчкү жүрүп кеткендей ың-жың тунжурап турат. Мына ушул жымжыртта түлкүнүн сак кулагы жогортон кандайдыр сестенте турган шоокум туят. Боз чалган талаа үстүндө ал шоокум кайдан, эмнеден чыгып жатканы белгисиз. Ал аба агымынын шоокуму, аба ырайы өзгөрөрүн кабарлаган шоокум боло турган. Куу макулук аны туюк сезет, түпөйүлдөнө жыйрылат, жалпыга келчү жамандыктын жышаанынан чаңкылдап үрүп, кыңкыс онтоп улуп жибергиси келет, бирок табигаттын бул кабарын угузууга ачкалык жол бербейт, тымпыйып жерге жите жабыша тынч жатат.

Жойлоп жүрүп талыган тамандарын жалап, андасанда чыдай албай кыңшылап коёт.

Күз жакындап, кечкисин суук боло баштаган. Түнкүсүн тез муздап, таңга маал жер бетин шор баскан сымал кыроо түшүп калат. Бу талаа макулугуна жем издеп

жер кезээр кыйын кезең жакындап келатат. Жайда жолукчу сейрек илбээсин[1] да азыр жоголгон: бири ысык жактарга ооп кетти, бири жер боорундагы ийиндерине кире качты, башкасы чөл этектеп, кумдагы кыштоосуна жөнөдү. Эми ай талаада түлкүлөрдүн тукуму үзүлгөндөн бетер ар кимиси өз оокатын өзү шимшилеп, биринден тарап кеткен. Быйылкы бачкилер чоңоюп алган соң ар кимиси өз бетинче жортуп жөнөдү, чоңдорунун үйүгүшөр кези али алыс. А кезде түлкүлөр жок жайдан бирин бири табышып үйүрлөшүп, үйүгүш жүргөндө дөбөттөрдүн талашы да жүрөт. Бу турмушуң дүйнө жаралган түбүнөн бери ушундай тура...

Каш карайганда түлкү андан чыкты. Эки жакка сес салып, кулак түрүп бир аз турду да, анан темир жолдун жалын көздөй жортуп жөнөдү. Шырп эткен дабыш чыгарбай темир жолдун бирде наркы бетин, бирде берки бетин артыла шимшилеп, жойлоп баратты. Жалдын эки тарабынан жүргүнчүлөр ыргыткан кешиктерин таап жейт. Кешик дегидей, жайнап жаткан жери жок, түлкү байкуштун тумшугуна эмнелер гана урунбайт: бирери каңылжаарын кытыгыласа, бөлөгү итиркейин келтирет, чанда бир жегиликтүү нерсеге туш болот. Поезд жүргөн жолдун эки тарабына эмнелер гана ыргытылбайт: кагаздын айрыктары, бүктөлгөн гезиттер, сынган шише, чылым түптөрү, кабырылган консерва банкалар, дагы-дагы керексиз делген таштандылар. Түлкүнүн башын айлантып жиберчү айрыкча сасык жыт сынбай түшкөн шишелердин оозунан урунат. Эки-үч ирет ошентип башы айлана түшкөн соң түлкү сынбаган шишелерге кайра жолочу болбоду. Чүчкүрүп алып, четке секирип кетет.

Коркуп жүрүп издегени өчөшкөнсүп жолукпады. Анда да үмүт кургур жетелеп, түлкү темир жолдун жалынын тыяк боору менен быяк боорун арыта шимшилеп, чарчабай барат.

---

[1] и л б э э с и н – жапайы майда жандык жана чымчыктардын түрлөрү.

Анғыча тык токтоду, капилет бирдемеге кептелгендей эки колун серейте бооруна алып, чочоюп отура калды. Бийиктеги акшам тийген айдын буурул жарыгында түлкү эки рельсанын ортосунда ак төш, күүгүм жон элес болуп, кыймылсыз турду. Сестенткен доош алыстан туюк дүңгүрөгөнсүйт. Бирок али алыс. Антсе да сактык сезим түрткөнсүп, түлкү куйругун чычайта кармап, абай аттап жолдон чыкмакчы болду. Бирок издегени ушул эле тегеректе жатканын сезип, далбасалап калды, жалдын тик боорун ары-бери жойлоп шимшилеп жиберди. Ушул эле жерде болуш керек, сезип барат, тумшугуна мына азыр илинчүдөй. Бирок жер солкулдап, темирлер шарактап, алыстан алиги айбаттуу балээ улам күчөп келатат. Канча сак болсо да саал эле буйдалганча эси чыгып кетти, канаты шамга тийген жетим көпөлөктөн бетер далбас алгыча болбоду, тиги бурулуштан чыккан эки боор жарык темир жолдун эки тарабындагы карангыны төшкө тепти, теребел купкуу болуп кумсарып, өлүү жаткан жердин бетиндеги жабууну сыйрып алгандай болду. Коштошкон эки локомотив жүздөгөн дөңгөлөктүү узун составды тартып, топурап басып келатты. Аба чаң, күйүк жыттанып, жапырылган шамал бетке урду.

Түлкү четтеги карангыга боюн таштады, кылчак-кылчак каранып, жер менен жер болуп качып жөнөдү. Булгактаган оттору бар тиги шумдук куйругу көпкө үзүлбөй дөңгөлөктөрү шака-шак, күркүрөйт да шаркырайт. Түлкү байыр алган жеринен улам тура чуркап, качкан бойдон кетти...

Далайга барып эс ала токтоп турду да, кайра эле болбой темир жолго бура тартты. Ач курсак аргасыз кылды. Бирок алдыдагы кара сызыктан дагы оттор көрүндү, дагы кошоктошкон эки локомотив эки кучак күчтүү жарыгын карангыны каптатып, жүктүү узун состав сүйрөп өттү.

Мына ошондо түлкү талаа бетин бир кайрып салып, темир жолдун поезд жүрбөгөн башка жеринен чыкмакчы болду...

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

*Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы*[1] *сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

Түн ортосу ченде тоомчунун кепесин көздөй бирөө өжөрлөнө тынбай келатты. Шпал санап баскан караан бет алдынан поезд чыкканда жалдын тик бетинен шыпырылып ылдый түштү да, тез жүргөн товар составдын дөңгөлөктөрү астынан чыккан күйүк чаңдан борошо жирегенсип колу менен калкалана жүткүнүп, ылдамдай басты. (Бул өткөн бөтөнчө маанидеги жүгү бар литер[2] поезд, жеткен жерине чейин жолу ачык. Дагы бара түшүп, анан «Сары-Өзөк-1» деген жабык зонага кайрылат. Аякка өзүнчө кеткен темир жол космодромго алпарат. Кыскасы, состав башынан аягына брезент менен чүмкөлгөн, ар бир вагондо аскер сакчысы турат). Тиги келаткан өзүнүн аялы экенин тааныды Эдигей, түн катып шашып келатканы жөн эмес, шаштырган бир себеп бар го деген түкшүмөлү чын чыкты. Бирок кызмат ишинде турган соң кондуктору арткы ачык аянтчада бараткан акыркы вагон өтүп кетмейинче ордунан жыла албады. Өтүп бараткан кондуктор экөө жол оңунда, иш жайында дегенчелик кылып фонарлары менен бири бирине белги беришкенден кийин гана шарактаган доошton кулагы туна түшкөн Эдигей жанына келген аялына кайрылды:

---

[1] Гринвич меридианы – жер узундуктарын өлчөөнүн башталгыч (нөл) чекити.

[2] литер – *(лат.* – тамга) белги коюлган.

– Сага эмне?..

Аялы аландай карап, эриндерин кыбыратты, Эдигей эчтеме укkан жок, бирок түшүндү. А да ошол ойдо болчу.

– Жүр бери шамалдан, – деп аялын кепеге алып кирди.

Өзү шекшип отурганын аялынын оозунан уккучакты ал ортодо Эдигейди негедир башка нерсе тың калтырды. Экөө тең карып баратканын мурдатан эле билип жүргөнү менен ушул азыр шашыла басып келген аялы кышылдай дем алып, ал ансайын куураган эки ийини өөдө көтөрүлүп турганын көрүп, зээни кейип кетти. Таптаза актап койгон кичинекей кепенин ичине күчтүү электр көз тайгылта жарык чачып турганга шамал каарыган – Үкүбаланын кара-көк тарткан бетиндеги бырыштарын ого бетер дааналап көрсөттү. Кезинде Үкүбала буудай ирең, тоголок чымыр жүздүү, жылт-жулт ойноктогон кара көздүү келин эмес беле. Анан дагы бырыш желелеген тиши жок оозу кемшийип, аял канча карыса да тиши жок болгону жарашыксыз экенин айгинелеп турат. Ышынбай алдагачан станцага алпарып, темир тиш салдырып берсе болмок, азыр кары дебей, жаш дебей баары эле ошондой тиш салынып жүрүшпөйбү. Анан дагы жоолугу желкесине кеткен байкуштун буурул чачы тал-тал болуп маңдай ылдый саландап турганына Эдигейдин жүрөгү мыкчылды. «Алда байкушум, картайган экенсиң ээ» – деп ойлоду, ушуга өзү айыптуу экенине кабыргасы кайышып. Ошондон улам анан дагы көп жылдардан бери бирге жашап, бирге көтөргөн азап-тозогуна кайыл жан шеригине, айрыкча, ушу караңгы түндө шпал санап жетип келген, Эдигейге угузмайынча болбой турганын билип, караңгы түндө, жердин алысына карабай жетип келген, Казангап чалдын өлгөнүн Эдигей укпаса болбой турганын билип жетип келген, ошол ээн тамда жалгыз жатып өлгөн өлүмдүн баркына Эдигей гана жетерин билип, же

тууганы же куда-сөөгү эмес күндө да бул өлүмдүн башында Эдигей турбаса болбой турганын билип жети түндө жетип келген жан шеригине алтымыш тамыры зыркырап ыраазы болуп турду.

– Отур, эс алчы, – деди Эдигей кепеге киргенде.

– Өзүң да отур, – деди аялы. Экөө отурду.

– Эмне болду?

– Казангап каза болду.

– Качан?

– Алы-жайын билейинчи,бирдеме керек дебесин деп жаңы эле кире калдым эле. Кирсем жарыгы күйүп туру, өзү ордунда жатыры, бирок сакалы өөдө экчелип башкача болуп калыптыр. Жакын барып, Казыке, дедим. Казыке, ысык чай ичесизби десем, көрсө, алдагачан эле жүрүп кетиптир. – Үкубаланын үнү буулуп, кабырчык кабактуу канталаган көздөрүнө жаш тегеренди да, бышак этип алып, акырын ыйлап жиберди. – Ушундай күндө өлөт деп ким ойлоптур. Кандай гана киши эле! Эми өлгөндө көзүн жаап коёр жан жок жанында, – деп мүңкүрөй ыйлады. – Кимдин оюна келиптир ушинтип... – Ушинтип ит өлүмүн көрөт деп айтайын деди да, ансыз эле түшүнүктүү болуп турган нерсени айтпады.

Согуштан кайткандан бери Боронду разъездинде иштеп жүрүп бу тегеректин элине Борондуу Эдигей атыккан эри аялынын сөзүн угуп, дубал түбүндөгү текче тактада тамырдай туурулган оор колдорун тизесине койгон калыбында түнөрүп отурду. Майланышкан эски темир жол шапкесинин чеке калканы көлөкө түшүрүп турганга азыр эмне ойдо экени билинбейт.

– Эми эмне кылабыз? – деди аялы.

Эдигей башын көтөрүп, кейиштүү күрсүнө карады.

– Эмне кылабыз дейсиңби? Ушундайда эмне кылчу эле! Көмөбүз. – Бир бүтүмгө келгендей ордунан тура берди. – Сен, катын, үйгө жөнө. Обол сөздү ук.

– Угуп турум.

– Оспанды ойгот. Разъезддин начальниги экенине караба, өлүм үстүндө кишинин баары тең. Казангап өлдү деп угуз. Бир орунда кырк төрт жыл иштеген киши өлдү. Киши эмес ит байласаң тургусуз бу Сары-Өзөккө Казангап алгач келип иштей баштаганда Оспан али туулбаса керек. Казангаптын тушунда бу жолдон канча поюз өтпөдү дейсиң, чачтан көп болор санасаң... Ойлонсун. Ошентип эле айт. Анан дагы угуп ал...

– Угуп турум.

– Элдин баарын ойгот. Айнектерин тарсылдат. Эл болгондо көп белек, сегиз түтүн экенбиз... Баарын ойгот. Мындай киши өлүп атканда эч кимдин уктоого акысы жок. Баарын тургуз.

– Жаман көрүшсө кантем?

– Угузуп коюш биздин парз, жаман-жакшы көрөбү өздөрү билсин. Мени айтты деп ойгот. Уят деген барбы аларда. Токто!

– Дагы эмне?

– Элде мурун дежурныйга кире кет, бүгүн Шаймерден диспетчер, ага болгон ишти айт, ойлонуп көрсүн. Балким бүгүнчө менин ордума бирөөнү жибере турар. Антчү болсо мага кабар кылсын. Уктуңбу, ушинтип айтып баргын.

– Айтам, айтам,– деди да, Үкүбала дагы бир унут кылган чоң оюн эстей койгондой болду. – А балдарыңы? Тарс эсимен чыгып кеткен тура! Адегенде ошолорго кабар жибербесе болобу? Атасы өлүп атса... Бу сөздү укканда Эдигей моюн толгой кабагын чытып, ого бетер түнөрдү. Үн дебеди.

Эдигей жактырбасын билип турса да:

– Канча кылганы менен балдары эмеспи, катыгүн,– деп Үкүбала жаны кейий чырылдап жиберди.

– Билем дечи,– деп Эдигей колун силкип салды. – Мени такыр эле жөнсүз дейсиңби? Менин эрким болсо жакын жолотпос элем, бирок... Аларсыз кантип болсун, чакырабыз дечи...

– Эдигей, алар өз бети менен кетсин. Бирок келип, атасын өздөрү көмсүн да. Болбосо өмүр бою кутулгус куяга калбайбызбы...

– Мен келбесин деп атырымбы? Келе беришсин.

– Уулу шаардан жетип келе албайт го дейм?

– Келем десе жетип келет. Мурдагүнү станчага барганда атаң коркутуп жатыры деп телеграмма салып ийгем. Дагы эмне керек? Дегеле акылдуусунат ал уулу, түшүнсүн акылдуулугу чын болсо...

– Андай болсо жөнү бар экен, – деп Үкүбала эринин айтканына муюгандай болду да, дагы калып калган сөзү барсынды. – Аялын ала келсе дурус эле эл көзүнө, бөтөнбөлөк өлүп атты беле, келиндин кайнатасы эмеспи...

– Аны өздөрү билсин. Улам чукуп айтып тургудай бала эмес.

– Анысы ырас дечи. – Үкүбала дале күмөндөр калды. Экөө тең тунжурай түштү.

– Сен көп кармалба, жөнө,– деди Эдигей. Бирок аялынын дагы айтары бар белем.

– Кызычы, Айзада байкуш кабарсыз калабы? Жанагы көзү ачылбаган аракеч эри, бармактай балдары менен ушу турган станчадан жетип келбесе арылгыс арманда калбайбы?

Эдигей аргасыз жылмайды да, аялын далыга таптады.

– Мына эми, ар кимисинин кайгысын кошо тартышып баштадыңбы? Айзада бул эле жерде эмеспи, эртеменен бирөө-жарым каттаса, айттырып коём. Жете келет, Айзадасынан да эркек деген Сабитжанынан да тиер жардам жок, сен ушуну түшүн. Көрөсүң го, мейман болуп келип, мейман болуп кетишет, акыры көмгөнүн өзүбүз көмөбүз. Айтты-айтпады дебегин... Бар эми, мен айтканды кыл.

Аялы кете берип токтоду да, кайра кете берди эле, Эдигей өзү токтотту.

– Элде мурун дежурный Шаймерденге киргенди унутпа, ордума киши жиберсин, кийин иштеп берем. Ээн үйдө киши өлүп атса, жанында эч ким жок болсо, ушундай да болчу беле... Дал ушинтип айт...

Аялы баш ийкеп жөнөп кетти. Аңгыча дистанциялык тактадагы сигнализатор зыңылдап, кызыл көзүн ирмегилеп калды: мунусу Боронду разъездине жаңы состав келатат деген белгиси. Дежурныйдын командасы боюнча бу составды запас жолго кабыл ала туруп, каршы келаткан составды негизги жол менен өткөрүп жибериш керек. Демейки амал. Поезддер жакындап келе бергичекти темир жолдун чети менен бараткан Үкүбаланы Эдигей айтылбай калган сөзү бардай кылчак-кылчак карай берди. Айтса сөз жок беле: сөөктү жерге бериштин убарасы көп болот, кайсы бирин эстеп турасың. Бирок Эдигей аны ойлоп кылчактабады, жол боюндагы күңүрт саргыч жарыктын шооласында далысы үңкүйүп, бүкчүндөй басып кетип бараткан аялын карап, карылык кийинки учурда желкеден катуу басканына ушул азыр көңүл буруп зээни кейиди.

«Карылык желкеге минет деген ушу тура, – деп ойлоду. – Карыдык-арыдык, кемпир менен чал болдук!» – Эдигей өзү чымыр киши, али кайраттуу, бирок жаш эсеби толуп баратат: алтымыш деген оңойбу, ага дагы бирди кош, алтымыш бирдеги чагы. –«Эки жылдан кийин пенсияга айдашат тура», – деп өзүнчө күрсүндү. Бирок пенсияга оңой менен кете койбос, жол кароолчусу, ремонт жумушчусу деген жумушка бу чөлкөмдөн киши таба коюш кыйын. Жол тоомчулугу болсо, кээде бирөө-жарым ооруп калганда ордун басып, жардам берген жумушу. Иштин алыстыгына жана суу жоктугуна төлөнчү кошумча акыга эле кызыккан бирөө болбосо, Эдигейди алмаштырар киши чыга коёрун кудай билет. Жаштардын ичинен каалоочулар төтөн чыкпайт.

Сары-Өзөктүн разъезддеринде чыдаган, жашаган киши гана жашай алат. Талаа кенен, адам нокот. Кыйна-

лып атасыңбы, жыргап атасыңбы, талаа мелтиреп кайдыгер, адам болсо ушул кыйырсыз талаанын нары жагындагы дүйнө эмне болуп жатат деп ичи уйгу-туйгу, ошо элдүү жерде неге жүрбөйм дейт, буякка кайсы шамал айдап келди эле, эл ичинде жүрсөм жашоом жакшы болбос беле деп бармагын тиштейт... Анан бара-бара алиги Шаймердендин мотоциклинин аккумуляторундай болуп ичиндеги оту өчө баштайт, кайрымсыз чоң талаадан жүрөксүп, деми бөксөрө берет. Шаймерден демекчи, мотоциклин же өзү минбейт, же бирөөгө бербейт. Кыймылсыз тура берип машинанын ички дымагы түгөнүп калыптыр, керек дегенде жүрбөй коёт. Сары-Өзөктүн разъезддеринде иштеген киши ишине берилип, талаага жытыгып, тамыр жайып кетпесе, эбелектен элпек, камгактан жөнтөк болот. Кээ бир жүргүнчү кишилер вагондун терезесинен карап баратып, кудая тобо, ушерде да киши жашайт экен ээ, ээн талаа, эрме чөлдө, эки өркөч төөдөн башка тирүү жан жок жерде да адам турат экен деп ооздору ачылып өтүп жатпайбы. Мына ошого чыдагандар жашайт бул жайда. Чыдагандары да ашып кетсе үч-төрт жыл чыдап, анан мени ки тамам деп, эсептешип кетип жатышат...

Борондуга тамыр жайып, өмүр өткүчө туруп калгандар экөө гана болду: бири Казангап, бири Борондуу Эдигей. Экөөнүн көз алдында канча жан келип кетпеди! Эдигей өзүн айта албайт, бирок Казангап ушерде акмактыгынан кырк төрт жыл жашап туруптуу. Казангаптай бирөөнү башка онго алмашпас эле Эдигей... Мына эми алмашпас Казангабы да жок...

Келген поезддер айрылышты, бири кетти чыгышка, бири кетти батышка. Боронду разъезддин темир жолу дагы бир азга ээн калды. Теребел да ээндей түштү: асмандагы жылдыздар бадырайып чоңоё көрүндү, шамал жалдын боорун жалмалап, шпалдардан сүрдүгүп, шагыл арасында ышкырып, муздак рельсаларды угулар-угулбас зыңылдатып турду.

Эдигей кепесине кирбеди, карагайга жөлөнүп ойго батты. Темир жолдон нары алыста айдын күүгүм шооласында элестери араң таанылып төөлөр оттоп жүрөт. Оттобой эле кыймылсыз селейишип, таңды күтө кепшеп турушкандай. Караандардын арасынан Эдигей өзүнүн эки өркөч буурасын жазбай тааныды. Сары-Өзөктө мындай күчтүү, мындай ылдам желмаян жок, ошон үчүн ээсине окшоп Боронду Каранар атыккан. Кыялы чатак болсо да, күчүнө күч тең келбеген малына Эдигей кадимкидей сыймыктанат, тайлагында биттетпей койгон, эми кирген чагында алдына жан чыккыс буура болду.

Ардемени ойлоп ою чаташкан Эдигей эртең эртерээк Каранарды айдап келип комдоп коюуну да ойлоду. Өлүм үстүндө көлүк керек. Андан башка да кам-чом жумуштар келе берди оюна...

Разъезддин эли дале кызуу уйкуда. Темир жолдун бир капталына жабыштыра салынган станса тамы, андан башка шифер менен жабылган алты такта там, буларды темир жол ведомствосу орноткон. Нарааkта Эдигейдин тамы, өзү салган, Казангаптын жер кепеси, анан башка сыртка курулган меш, бастырма, камыш бойро каланган мал короо, дагы ушу сыяктуу чарба курулуштар. Ортодо суу насос: көңүлү келсе электр менен иштейт, кудай берсе шамалга иштейт, кежирине алганда ар ким кол менен бурап суу алат. Бу жетишкендик кийин эле курулду. Болгону ушул, Боронду деген айыл.

Кең дүйнөнүн кан тамырлары байланыштырып турган шаарлардын, тоомдордун, станциялардын, разъезддердин катарында улуу темир жол боюнан, улуу Сары-Өзөк кыйырынан орун алган Боронду ушул... Турган турушу, ичи-сырты ачык: жайкысын мээ кайнаткан күнгө ачык, түнкүсүн арылдаган шамалга ачык, айрыкча кышкысын буюктурган бороонго ачык. Кар борошолоп аягы бороондоп кеткен күндөр кышында көп болот, андайда Борондунун жепирейген тамдары күрткү менен

шыпташ болуп, темир жолду чыбырлаган каткалаң кар тиштеп калат... Ошол үчүн бул ээн талаадагы разъезд Боронду аталып калган. Темир жол тамынын маңдайында да эки тилде жазуу турат: казакчасы «Боранлы», орусчасы «Буранный»...

Азыркы кар тазалагычтар келе элек кечээги кездер Эдигейдин эсине түштү. Азыр го жолго каткан күрткүнү кар тазалагыч келип аттырып, бычагы менен эки жакка сүрүп салат. Андачы? Казангап экөө жолго каткан күрткү менен айыгышкан согуш жүргүзчү. Кечээгүнү өткөндөй. Элүү биринчи, элүү экинчи жылдардын кышы кандай каардуу болду дейсиң. Согуш деген согуш, адам өмүрү бир атымга эле жарайт: же бир чабуулга, же танк алдына граната байланып жатып бергенге... Буерде да ошондой эле болгон. Өлтүрүп аткан эч ким жок. А бирок өзүңдү өзүң өлтүрчүсүң. Күндө бороон, темир жолду тиштеп күндө күрткү. Ошонун баарын күндө кол менен күрөп, кол менен сүрүп, аз келгенсип, темир жол тиги дөбөлөрдү кесип өткөн жерлерде карды капка салып, ийиндеп жонго көтөрүп чыгышар эле. Ар күн сайын эми бороон болбос деген үмүт, эртеси кайта эле баягы. А күнү да ушул акыркысы дейсиң, ошол үчүн жан чыгып кетсе да кайыл болосуң, анан баарынан да тиги талаада жол бошоткула деп өкүрүп турган паровоздордун доошу жаныңы кашайтат, ошону укпайынчы дейсиң, иши кылып өлүп-тирилесиң. Ошентишчү...

Эми ал карлар эрип кетти, ал поезддер өтүп кетти, ал жаш курак учуп кетти... Аны менен азыр эч кимдин иши жок. Өттү-кетти. Жолчулар ызы-чуу түшүп андасанда бир келет. Контроль ремонт бригадалар бар эмеспи, алигини айтсаң ишенишпейт, кантип ошондой болсун деп элестете алышпайт. Сары-Өзөктүн күрткүсүн билебиз, жол тазалаган кантип күрөкчөн төрт-беш киши болсун деп уккулары да келбейт. Укмуш! Арасындагы кээ бирлери: ошончо азапка малынып, анчалык эмне күч келди силерге, өмүрүңөрдү кор кылып эмне зарыл-

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 1016531

чылык деп күлөт. Бизди ошентип зордоп көрсүнчү, ме сага! – деп шылдыңдашат. Э, койсоңорчу, өзүңөрдү кудай урган да, болбосо баш оогон жакка басып кете бербейсиңби, же бир курулушка, же дагы бир жакка, азбы жумуш бу дүйнөдө! Канча иштесең, ошончо акыңы аласың. Эгер ашар деп калса, кошумча акыңы төлөсүн! Болбосо эмне... «Макоолугуңардан мойнуңарга мингизип келгенсиңер, абышкалар, эми макоо бойдон өлөсүнөр!» – деп кордошот эй!..

Ушундай «жаңы каракчылар» жолукканда Казангап кабагым-кашым дечү эмес, бу шылдың сөздөр ага тиешеси жоктой, же өзүндө булардын мээси жеткис башка сыры бардай мыйыгынан гана жылмайып коёр эле. Эдигей болсо чыдай алчу эмес, талашып-тартышып, кызандап каны кайнап кетчү.

Анткен менен тиги атайы вагон минип келген контроль-ремонтчулардын ичиндеги шылдыңкорлордун айткан ойлорун Казангап экөө да нечен ирет талкууга алышчу. Ал гана эмес, башка не бир маселелерди экөө маек куруп, ортого салып жүргөн кездерде бу балдар көтөнүндө ыштаны жок чуркап жүргөн чагы болчу. Жеткен акыл алынча экөө өздөрүнчө нени гана сүйлөшпөдү, канча сүйлөшпөдү. Ал кыйын кезең күндөрдөн, туура кырк бешинчи жылдан бери канча мезгил өтпөдү. Айрыкча Казангап пенсияга чыгып, шаардагы уулунун колуна үч ай туруп, кайтып келгенде экөө бу дүйнөнүн не бир кыжаалат маселесин талкууга алышпады. Даанышман киши эле Казангап. Эскере берсе көп... Ошентип Эдигей онтоп алды: көрсө мындан ары эскерүүлөр гана калган тура,– мына ушуга жаны ачыды...

Микрофон шырк-шурк этип ишке киришип жатканын угуп, Эдигей кепеге кирди. Шагыл бетинен кум менен кар шыпырган борошодой ышкырып-үшкүрүп жатып чалдыбар аппараттан үн чыкты:

– Эдике, алло, Эдике, – деп кирилдеди разъезддин дежурныйы Шаймерден,– угуп атырсыңбы? Үн бер!

– Угуп атырым!
– Угуп атырсыңбы?
– Угуп атырым дейм, угуп атырым!
– Кандай угуп атырсың?
– Тиги дүйнөдөн уккандай.
– Эмне үчүн тиги дүйнөдөн?
– Ошол үчүн!
– А-а... Ошентип, Казангап чал эме болуптур!
– Эме болгону эмне болгону?
– Эмне болчу эле, өлүптүр – Шаймерден салттуу сөз таппай башы катып жатты. – Ошентип суусу жок... ичер суусу түгөнүптүр.
– Ийи, – деп гана койду Эдигей.
«О акылы жок айбан, – деди ичинен,– өлүмдү да кишидей угуза албайт».

Шаймерден саамга унчукпай калды. Микрофон чыйкылдап, ышкырып, күшүлдөп жиберди. Шаймерден кайра киркиреди:
– Айланайын Эдике, сен эми ошентип эле, менин башымы оорутпачы. Өлсө өлүптүр, кантели... Менде башка киши жок. Анын башында отуруп не кыласың? Ошондо эле өлүк тирилип кетет дейсиңби?..
– Башында кенедей акыл жок деймин! – Эдигейдин жини кайнады. – Башымы оорутпа дегениң кандай? Сен буерге иштегенине найати[1] эки жыл болду, биз Казангап экөөбүз отуз жыл бирге иштегенбиз. Уктуңбу? Журтубуздун ичинен киши өлүп жатыры, сөөгүн ээн үйгө жалгыз таштап коюш болбойт, билдиңби!
– Жалгыз жатабы, жокпу, аны ал кайдан билсин деймин да.
– Ал билбесе биз билебиз!
– Болуптур, кыйкырбачы абышка, болуптур.
– Мен сага айтып атырым!..
– Эмне кыл дейсиң? Менде киши жок. Түн ичинде барып алып эмне кыласың?

---

[1] найати – болгону.

– Доорон окуйм. Кепинин тигем. Билдиңби?

– Дооронуң эмне? Дубабы? Ошону сен билесиңби, Боронду Эдигей?

– Билем. Дуба эмес, доорон дейт. Аны сен билбейсиң.

– Мына кызык, быякта минтип эме болуп... совет өкмөтүнө алтымыш жыл толуп жатса...

– Совет өкмөтүн сен эмне кыласың, жөн кой! Илгертен өлгөндөргө ошентип доорон окуйт. Айбан эмес адам өлүп жатпайбы.

– Болуптур, окусаң окуй бер, деги сен эме... кыйкырбачы, бай болгур. Мен эмеге айтайын, Эдилбай Куркутка, макул болсо сенин ордуна эме болуп тура турар... Азыр, давай, жүз он жетинчи келатыры, запас жолду беленде...

Шырк эттирип Шаймерден микрофонду өчүрдү. Эдигей жол тоомуна жөнөдү. Иши менен алек болуп жүрүп, Эдилбай макул болор бекен, келер бекен, деп ойлой берди. Разъезддин тамдарынын улам бир терезеси жарык боло баштаганын көрүп көңүлү кичине тынчыды, элде уят бар эмеспи деп үмүтү өстү. Иттер үрүп атты. Демек аялы Боронду луктарды ойготуп жүргөн экен.

Ал ортодо жүз он жетинчи келип запас жолго тыным алды. Түгөнбөгөн цистерналарын сүйрөп, нефти состав каршы алдыдан келди. Эки состав эки жакка айрылды, бири кетти чыгышка, бири кетти батышка...

Түнкү саат эки болуп калган. Асмандагы жылдыздар бажырайып, ар бири өзүнчө балбылдайт. Ай да көтөрүлүп, жанагыдан жарыгыраак тартты, Сары-Өзөктүн эрме чөлүнө шоола чачып төбөдө турат. Жылдыздуу көктүн астында керилип кыйырсыз Сары-Өзөк жатат күүгүмдөй түнөрүп. Береги төөлөрдүн өркөчтүү караандары, арасында Боронду Каранардын бараандуу карааны, андан эки тараптагы кыр-жондордун өйдө-ылдый күүгүм жээги байкалат. Башка эчтеме көрүнбөйт, темир жолдун эки тарабы тең кыйырына чейин караңгы түндүн

астында жатат. Шамал гана акырын ышкырып, жал шагылдын арасындагы таштанды кагаздарды дирилдете кубалап жүрөт.

Эдигей кепесине кирет-чыгат, жол үстүнөн Эдилбайдын карааны көрүнөрүн күтөт. Ошентип туруп жан жагынан бир жаныбар көзүнө урунду. Караса түлкү экен. Көздөрү көгүш тартып жалжылдайт. Өзү зым карагайдын түбүндө салбырап турат, же бери жылбайт, же нары кетпейт.

– Сага эмне жок?– деп Эдигей тамашалап корс этти да, сөөмөй кезеди. – Эмне тиктейсиң? Жогол! – Анан жерди тээп койду.

Түлкү нары секирип кетти да, кайра кайрылып отуруп алды. Эдигейдиби, же анын артындагы бирдемениби, айтор көз ирмебей жалжылдай тиктейт. Кайдан келип калды, эмнеге кызыгып отурат? Электр жарыгына байырлап келгенби, же ачкалыктанбы? Түлкүнүн бу кейпи Эдигейди таң калтырды. Олжо өзү келип турган соң таш менен жалпайта урсабы? Эдигей чоңураак таш издеп эңкейди. Мээлеп туруп шилтеп жиберерде ташты кайра бут алдына таштады. Чекеси нымшып чыккансыды. Кылт эткен ойдон өзү чочуду. Койчу деп колун силкти. Бирок болбой эле качандыр бирөөдөн – же жанагы ремонтчу шумпай айтты беле, же баягы кудай жөнүндө көп сүйлөшкөн фотограф айтты беле, же дагы бирөөдөн укkан беле... жок, баса, Сабитжан айткан экен... Э, ошону кудай алсын, качан болсо эл көңүлүн эптеп өзүнө буруш үчүн ар балээни айта берет. Адам өлгөндө жаны башка бир жандыкка ооп кетет деп ошол Сабитжан, Казангаптын уулу айткан экен.

Киши болсун деп окуткан бала ушул ээ? Ээ, несин айтасың, келжирбай чыкты да. Бир көргөндө аяптоор адам. Билбеген балээси, укпаган укмушу жок, бирок өзүнө жукканы да жок. Интернатка жаткырып окутту, институтка бактырып окутту, эмне үйрөнүп чыкканын ким билсин, бирок кишилиги жок чыкты. Мактанга-

нын айтпа, ичкиликтен тартынбайт, тост айта келгенде алдына киши чыгарбайт, а бирок иштеген ишинин мазеси жок. Башы баш эмес эле ашкабак экен, ошол үчүн дипломуна корстон жүргөнү менен Казангаптын ченине жолобойт. Жок, атасын тартпай калды бул уул. Мейли, башы баш, багалчагы кара таш.

Ошол Сабитжан айтат бир жолу: Индостанда бир илим бар имиш, ошол илим боюнча адам өлгөн соң жаны тирүү макулуктун бирине, мейли кумурска болсун, иши кылып бирине ооп кетет имиш. Адам туула электен мурда эле же куш, же кумурска, же дагы бир макулук болуп келген экен. Ошол үчүн тирүү жандыкты өлтүрүш чоң күнөө, жылан болобу, анын мары болобу Индостандын кишилери тийбейт экен, жүгүнүп гана жол бошотуп берет экен.

Дүйнөдө не бир укмуш бар. Кайсынысы чын экенин ким билсин. Кең дүйнөнүн көп сыры адамдын алмадай башына батмакпы. Жана Эдигей түлкүнү таш менен урбай калганы да ошол болду: кокус Казангаптын жаны ушу түлкүгө ооп алган болбосун деген ой кылт этти. Өлгөн соң Казангаптын жаны ээн тамда жалгыз кала албай түлкүгө ооп, жандай көргөн досуна келип тургандыр, балким?.. «Алжып бараткан жокмунбу? – деп кайра өзүн уяткарды. – Ушундай да ой келет экен ээ, тоо-бо. Тфу, э атаңы! Алжыгамын го!»

Баары бир түлкүгө аста-аста жакындай басып, тиги түшүнчүдөн бетер сүйлөп келатты:

– Бар, бара гой, бул жер сага жай эмес, талаага кет. Уктуңбу? Бар, бара гой. Тыякка жолобо, иттер бар.

Кудайдын макулугу, жолуң болсун, жөнө.

Түлкү талаага шарт бурулду да, жортуп кетти. Бир-эки кылчайды да, ошо бойдон көздөн кайым болду.

Ал ортодо разъездге дагы бир поезд кирип келатты. Күрсө-күрс вагондорду койгулашып, состав энтиге келип токтогондо вагондордун үстүнөн учкан чаң жарык-

ка жылт-жулт учкундап уюлгуп, кыймылы көпкө токтобой турду. Мотору жайдак иштеп, күркүлдөп турган локомотивден машинист башбакты.

–Эй, Эдике! Боронду аке, салом алейкум!

–Алекисалам!

Бу ким болду деген кыязда Эдигей ээк экчей өөдө карады.

Бу жолдо иштегендер бирин бири жакшы тааныйт. Таанып жигит экен. Тоом станция Кумбелде жашаган Айзадага атасы өлгөнүн угузуп кой деп, Эдигей ушу жигитке тапшырды. Машинист макул деди, төтөн Казангаптын арбагын кантип сыйлабасын. Анын үстүнө Кумбелде поезд бригадалары алмашат, кайра келатканда Айзада камынып жетишсе ала келмекчи болду.

Ишенимдүү киши бу. Дагы бир жумуш бүттү деп, Эдигей жеңилденип калды.

Поезд жүрдү. Эдигей машинист менен коштошуп туруп, тиги темир жолдун жээги менен келаткан Эдилбайды көрдү.

* * *

Эдигей менен Эдилбай куркут экөө иш тапшырышып алышып бүткүчөктү, Казангапты эскерип үшкүрүшүп алышканчакты Боронду разъездинен эки жуп поезд бет келишип, ажырашып өттү. Ушул иштин баарынан бошонуп үйүнө кетип баратып, Эдигей дагы бир жумушту аялына айтпай калганын, айтпай эмес, кеңешпей калганын эстеди: өзүнүн кыздары менен күйөө балдарына Казангаптын кабарын угузуп коюу керекпи, жокпу? Эдигейдин күйөөдө эки кызы бар, экөө тең тыяк тарапта, Кызыл-Ордонун жакасында турат. Улуусу күрүч совхозунда турат, күйөөсү тракторист. Кичүү кызы мурда Казалиндин түбүндөгү станцияда эле, кийин эжесине жакын көчүп келип, ошол совхозго кирген, анын күйөөсү шофёр болуп иштейт. Туугандын өлүмүнө

келиш парз, Эдигейдин кыздарына Казангап тууган деле эмес, бирок туугандан артык эле. Кыздары ушу Боронду да Казангаптын тушунда туулган. Ушерде чоңоюп, тиги Кумбелдеги станциянын интернатына жатып окуган. Аерге кыздарды Казангап экөө алмак-салмак жеткирип турар эле. Кыздарынын кичине кези эске түштү. Каникулга тараганда же кайра мектебине жөнөгөндө Эдигей төөнү комдоп, кичүүсүн өнөрүп, улуусун учкаштырып алар эле. Үч сааттык жол, кышкысын андан ары узагыраак. Бирок Боронду менен Кумбелдин арасы Каранарга кеп бекен, арышын кең таштап желип бергенде арылдап шамал бетке урат. Эдигейдин колу бошобой калган учурда кыздарды Кумбелге Казангап жеткирип келчү. Атасындай болуп калган. Эртең эртеменен телеграмма жибермекчи болду Эдигей, анан кыздар өз чамасына карай бардеш урсун... Келсе-келбесе да Казангаптын көзү өткөнүн билип калышсын.

Анан жолду катар дагы ойлоду: эртеменен а дегенде жайыттан Каранарды апкелип комдоп койбосо болбойт, кереги тиет. Өлүм оной эмес, сөөктү кадыр-баркы менен көмүш андан бетер... Кысталышта ар дайым бир кемчил чыга калат: кепинден тартып, кара ашын берер отунга чейин көп түйшүк, көп машакат.

Дал мына ушул учурда аба толкуй түшкөнсүдү, согушта жүргөнгө алыста бир жарылган бомбанын аба толкуткан толкуну келгенсиди. Анан эрме чөлдүн тээ алыскы төрүнөн, Сары-Өзөк космодрому ушуякта деп өзү божомолдоп жүргөн тараптан от куйруктуу бир балээ атырылып асманга сайылып баратканын көрдү. Космоско ракета атылганын көрүп туруп, дабдаарый түштү. Мындайды али көрө элек болчу. Сары-Өзөктүн башка эли катары ал дагы ошо тарапта «Сары-Өзөк-1» деген космодром бар экенин, ушерден кырк чакырымдай алыс турарын, аякка атайы темир жол салынганын, ал темир жол бутагы Төгөрөк-Там станциясынан бөлүнөрүн билчү. Ээн талаага шаар орногонун, шаардын чоң-чоң

дүкөндөрү бар экенин да нечен укkан. Космонавттар тууралуу, космоско учуулар тууралуу радиодон угуп жүрөт, гезиттен окуп калат. Бирок ошонун баары жакын эле жерде болуп жатканына таң кала берет. Ушул укkан-билгендери тууралуу бир жолу Сабитжандын шаарынан да укkан. Ал областтын борборунда турат, мындан бир жарым күндүк жол. Ошерде өздүк-көркөм чыгармачылыкка катышкан балдар хор ырдап концерт беришип, биздин жерден космонавттар космоско учат, ошол үчүн биз дүйнөдөгү бактылуу балдарбыз деп ырдашкан. Космодромдун алдаганча айлана-тегереги жабык зона деп аталган соң Эдигей жакын эле жашап жүрүп, сыртынан угуп-билгенине ыраазы. Мына эми дирилдеген алоо куйругу караңгыны өрттөп, албырттап караңгы көктү жаркылдатып, караган жанды апкаарытып, ракета жылдыздуу караңгы асманга сайылып чыгып баратты. Ушул албырттаган оттун ичинде киши баратабы деп, Эдигейдин эси чыкты. Бирөө бекен, экөө бекен? Космоско учуп эле жатышат, санынан да адашып калдык, бирок жакын тегеректе жашап жүрүп ракета учканын али ушу түнгө чейин көрбөгөнүнө таң калды Эдигей. А балким мурункулары күндүз учуп жүргөндүр? Күндүзү ушунча жерден кантип көрүнмөк эле. Мунусу түндөп учканы эмнеси? Бирдемеге шашканыбы, же ушундай болуш керекпи? А балким жер бетинен түнкүсүн көтөрүлгөнү менен жогору бара түшкөндө эле күндүз болор? Өзү барып келгенсип Сабитжан бир жолу айтпады беле, тыякта ар бир жарым саат сайын күн менен түн алмашып турат деп. Сабитжандан сураш керек экен. Сабитжандын билбеген балээси жок. Баарын билген мартабалуу киши болуп көрүнсөм дегенде уктай албайт бечара. Турган жери областтын борбору болсо. Бирок кекирейбей эле койсо не? Эмне кереги бар? Кандай болсоң ошондой жүрө бер. «Мен баландай чоң киши менен бир болгом, түкүндөй кишиге түкүндөй дегем». Эдилбай куркут айтып келбеди беле: карасам дейт, биздин Сабит-

жан телефонду бир кармап, жүгүнө калып жооп берип үлгүргүчө директору чакырып, анын эшигин бүжүрөп ачып, бөйпөктөп: «Жарайт, Алжапар Кахарманович! Куп, Алжапар Кахарманович! Азыр, Алжапар Кахарманович!» дегенден башка сөзү жок экен дейт. А тиги чоң болсо кабинетинде чойкоюп, кнопкаларды басып гана башкарат экен дейт. Ошентип Сабитжан менен жакшылап да сүйлөштүрбөй коюптур... Биздин жердеш, Борондулук жигитибиз ушундай экен дейт. Кудай алсын ошону, эмне болсо ошо болсун... Казангапка гана жаның ачыйт. Балам дегенде ичип аткан ашын жерге коё койчу эле. Уулу тууралуу оозунан эч жаман сөз чыккан эмес. Ошо уулу менен келини колубузга келиниз деп шаарга алып кетишпеди беле. Андан кандай майнап чыкты?.. Койчу, бу сөз башка сөз...

Космос ракетасы биротоло көздөн учуп кеткиче узатып коюп, алигидей ойлорго кыжаалат болгон тейинче Эдигей жолун узартты. Бул укмушту ал көпкө карап турду. Оттуу корабль кичирейгенден кичирейип, аягында шакектей бозомук тартып анан түптүз караңгылыкка төнүп кеткенде башын чулгуп алды, бир түрдүү карама-каршы сезимдер көңүлүн уйгу-туйгу кылып жөнөй берди. Көргөнүнө сыймыктанып да, кайра таң калыш менен коркунуч дене-боюн чырматкан бул окуянын мага тиешеси жок деп өзүн жооткотуп да баратты. Негедир жанагы көргөн түлкүнү эстеди. Ээн, караңгы талаада шимшилеп баратканда капилеттен оттуу куюн асманга атылып чыкса ал байкуш кантти экен, жанын кайда катаарын билбей алдастады го...

Борондуу Эдигей бирдемени билбеди, билишинин зарылдыгы да жок болчу. Бул түнкү учуш космонавт минген кораблдин авариялык шашылыш учуусу. Адаттагыдай журналисттер, репортёрлор узатып, салтанаттап рапорт бербей учуп жөнөдү. Себеп дегенде, «Трамплин» деп шарттуу аталган космостук орбитада бир жарым жылдан бери америкалык-советтик бириккен програм-

ма боюнча «Паритет» аттуу космостук станция учуп жүрөт, мына ошол станцияда чукул окуя болуптур. Мунун баарын Эдигей кайдан билмек. Бул эмес, ушул азыркы окуяга көп өтпөй өзү да капталаарын, жеке адам менен жамы адам тукумунун ажырагыс байланышы бардыгынан гана түгүл, түздөн түз өзү туш болорун Эдигей али билген жок, кайдан билсин. Сары-Өзөктөн учкан кораблдин соңунан бир аздан кийин планетанын наркы бетинен, Невада космодромунан америкалык корабль да так ушул максат менен ошол эле «Паритетти» көздөй, каршы айланганы болбосо ошол эле «Трамплин» орбитасына учуп жөнөөрү Эдигейдин оюна келмек да эмес, келген да жок.

Бул эки корабль илимий-изилдөө авианосеци «Конвенциядан» болгон команда боюнча шашылыш учуп кетишти. «Конвенция» авианосецинде советтик-америкалык «Демиург» деп аталган сүзүп жүрүүчү Бириккен Башкаруу Борбору орношкон, кыскартып айтканда аны «Бирбашбор» деп коёт.

«Конвенция» авианосеци өзүнүн дайыма туруучу ордунда. Орду Тынч океан, Алеут аралдарынын түштүк этеги, Владивосток менен Сан-Франциконун так ортосундагы квадрат. Бириккен башкаруу борбору – Бирбашбор – бу маалда эки кораблдин тең «Трамплин» орбитасына чыгышын тикие карап отурду. Азырынча баары жакшы жүрүп атты. Алдыда «Паритет» комплекси менен жалгашуу турат. Ошо милдет эң оор, эң жооптуу. Анткени эки корабль «Паритет» менен кезектешип биринин артынан аз убакыт өткөрүп экинчиси жалгашпайт, бу жолкуда экөө станциянын эки капталынан келип, бир учурда жалгашуусу зарыл. Кыйынчылык мына ушунда.

«Паритет» «Конвенциядагы» Бирбашбордун сигналдарына он эки сааттан бери жооп бербейт, ага жакындап бараткан кораблдердин сигналдарында да жооп бербей жатат. «Паритеттин» экипажына эмне болду,– мына ушу маселени такташ максат.

## II

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

*Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

Борондудан Наймандардын уруу көрүстөнү Эне-Бейитке чейин темир жолдон түз кача жүрсө, Сары-Өзөктүн чөлүн кезип түз жүрсө аз болгондо отуз километр келет. Эрме чөлдө адашып убара тартпайын деген жолоочу темир жолду жандай жүрүп, тетигинде кайрылган эски жолдун жүлгөсүнө салса, анда аралык дагы узарат. Тетиги Кыйшык-Сайдан барып, анан Эне-Бейитке бурулат. Башка арга жок. Мындай болгондо барышы отуз чакырым, келиши отуз чакырым. Эдигейден башка бу тегеректе Эне-Бейиттин жолун билген жан жок. Эне-Бейит тууралуу эл оозунда жүргөн уламаны укса угушкандыр, бирок өздөрү барып көргөн эмес. Барууга себеп да болгон эмес. Сегиз түтүн Борондудан көп жылдан бери мына бүгүн өлүк чыгып отуру. Баягы жылы наристе кыз чарчап, аны ата-энеси өз жерине, Орол областына алып кетишкен. Казангаптын кемпири Бүкөйдүн сөөгү болсо станциянын мазарында жатат. Беш-алты жыл илгери а киши станциянын ооруканасында жатып көз жумган, агайын-тууган чогулуп кемпирдин сөөгүн ошерге эле коёлу деген бүтүм кылышкан. Кемпирдин сөөгүн Борондуга апкелиштин кажаты жок эле. Кумбел болсо Сары-Өзөк аймагындагы чоң станция, анын үстүнө Айзада кызы ошерде, анын күйөөсү канчалык аракеч болгону менен өз киши эмеспи, мүрзөгө көз салып, куран окутуп турар дешкен. Негизи, анда Казангаптын көзү тирүү, кандай кылам десе өзү билген.

Бүгүн болсо ойлоп-ойлоп баш катты.

Баары бир Эдигей айтканынан кайтпады.

– Койсоңорчу, ушу да жигиттин сөзүбү, – деп жаштарды уяткарды. – Мындай кишини ата-бабасы жаткан Эне-Бейитке коёбуз. Ракматы өзү ошентип керээз айтып кеткен. А көрө көп сүйлөбөй кам көрөлү. Жол алыс. Эртең эрте жолго чыккандай бололу...

Эдигей башчылык кылар жөнү бар экенин баары түшүнөт. Макул болушту. Сабитжан гана кичине кыңкыстап кала берди. Ал а күнү жолулаш товарняк менен келиптир. Пассажир поезддер буерге токтобойт. Атасы өлүү-тирүүсүн билбей келсе да, сөөгү чыга электе жетип калганы Эдигейди бир кубантып, бир жашытты. Экөөнүн башына тең түшкөн кайгыга обол кучакташып ыйлап алышты. Сабитжанды бооруна бекем кысып, токтоно албаган Эдигей башка эмне дээрин билбей: «Жетип келгениң жакшы болбодубу, айланайын, келип калганың жакшы болбодубу», – деп бышактай берди, тигинин келгенине Казангап тирилип кетчүдөн бетер. Көз жашка бекем киши эле, эмне болуп токтоно албай жашый бергенин Эдигей өзү да түшүнбөдү. Жетимсиреп калган Казангаптын жер кепесинин эшик алдына туруп алып, экөө көпкө ыйлады. Эдигейдин жаратын бир себеп сыйрып салгандай. Сабитжандын бала чагы эсине түштү: мотуракай бала эле, атасынын сүйгүнчүгү; темир жолчулардын Кумбелдеги мектеп-интернатына алпарып орноштурушканын эстеди; кол бошой калганда же жолулаш товарнякка мине коюп, же Казангап экөө эки төөнү салдырып барып, баланы көрүп келишээр эле,– аны эстеди; жатаканага көнбөгөн бала кантип жүрү экен, бирөө ыза кылган жокпу, өзү бейбаштык кылбады бекен, окуусу кандай болду экен, мугалимдери кандай ойдо экен,– ушинетип Казангап экөөнүн санаасы тынчы эмес... Кышкы каникулу аяктагандачы, төөчөн жөнөп, баланы тонго ороп өңөрүп алып, Сары-Өзөктүн калың карын буркулдатып, аяз

болобу, борошо болобу, күн түрүнө карабай, бала окуусунан калбасын деп жеткирип турушаар эле, – ушулардын баарын эстеп жиберди.

О, кайрылбай кеткен кайран күндөр! Көргөн түштөй баары учту, кетти. Мына эми мандайында чоң киши турат, көз айнекчен, төбөсү бүктөлүү калпакчан, уйпаланган галстукчан. Ушу киши баягы бала экенин тостойгон көзү менен ырсая күлгөнү гана бүдөмүк окшоштурат. Азыр областтын борборунда иштейт, жан аракети мартабалуу киши, чоң кызматкер болуп көрүнүүдө. Бирок турмуш кытмыр, турмуш митаам – чоң боло коюш оной бекен. Сабитжан арызданып-мунданып айткандай, колтугунан сүйөмөлөп колдогон тууганың же таанышың болбогон соң кайдагы бир Боронду разъездинен чыккан кайдагы бир Казангап дегендин уулун ким эле көтөрмөлөй берсин. О, шордуу башы! Мына эми атасынан да айрылып отурат, жаман да болсо мартабалуу өлүктөн өөдө эмес беле, эми жаман деген атасы да жок...

Анан жаш да токтоду. Сөзгө өтүштү, ишке өтүштү. Баарын билген уулу, көрсө, атасын кадырлап көмүүгө эмес, эптеп парздан кутулушка эле келген тура, – мунусу сөздөн улам байкалды. Көмө коюп эле кайра кетиши керек экен. Кайдагы бир Эне-Бейитке дебей, ушу тегеректе жер азбы, босогонон аалам түбүнө чейин Сары-Өзөктүн талаасы, өзү өмүр бою иштеп өткөн темир жолдун боюндагы бир дөбөчөгө жашырбайлыбы, поезддердин өткөн кеткен дүбүртүн тыңшап жатсын деген оюн айтты. Өлгөндүн жазасы – көмгөн деп, илгеркинин макалын да келтирип койду. Мындай учурда тез ойлоп, тез бүтүргөн жакшы, баш оорутуп, жанды кыйнап отурабызбы деди акылдуу уул.

Бул акылын айтаарын айтып, өзүнүн калпыстыгынабы, тайкылыгынабы актана берди: маанилүү иштери калыптыр, убактысы тар экен, чоңдору болсо, албетте, чоң да, бул элдин көрүстөнү алыс-жакыны менен иши жок, балан күнү түкүн саатта иште болосуң деш-

кен, ошого жетишип калышы керек экен. Чоң деген чоң, шаар деген шаар...

Карыган акмак деп Эдигей ичинен өзүн өзү тилдеди. Ушу немени келди деп бышактап ыйлаганын кантесиң. Казангаптын уулу имиш. Дубал түбүнө көчүк басарга койгон шпалдан турду да, Эдигей тиги дубал түбүндө отурган төрт-беш кишинин көзүнчө оозунан ачуу сөз чыгып кетпесин деп араң карманды. Казангаптын арбагын сыйлады. Жөн гана:

– Тегеректин баары эле ээн жаткан жер дечи. Бирок адамдар жакындарын негедир көрүнгөн жерге көөмп таштап кете бербейт. Бекеринен антишпесе керек. Болбосо аяй турган, кызгана турган жер барбы? – деди да, унчукпай калды. Борондулуктар да аны унчугушпай кулжуюп угуп отурушту. – Ойлонгула, мен тыякта эмне болуп атканын билип келейинчи.

Ачуусуна чыдабай ырайы качып түнөрүп, Эдигей четке басып кетти. Кабагы карыш салынып, эки кашынын ортосундагы бырыш жондонуп чыкты. Кызуу кандуу, каардуу киши Эдигей ошо мүнөзү үчүн Борондуу деп аталып калган. Ушу азыр да Сабитжан экөө жалгыз болсо тостойгон уятсыз көзүнө не бир айтпаган сөздөрдү айтат эле, өмүр бою эсинен чыккыс кылып айтат эле! Бирок катындардын сөзүнө киришкиси келбеди. Өлгөн атасын көмгөнү келбей эле, баласы мейманга келгенби ыя деп катындар сөз кылып жатышпайбы. Эки колун мурдуна тыгып жетип келиптир. Же жанында ээрчиткен катыны жок. Ал шуркуя шаардык болсо болгондур, бирок кайнатасына келип ыйлап койсо боло. Абийир-ызаат деген жок белем. Абышка тирүү кезинде эки саан ингени бар, жыйырмага жакын койкозусу бар, балдарына жакшы ата эле. Анда келини из суутпай келип жүрүп, акыры малдын баарын саттырды да, абышканы шаарга алып кетишти. Малдын пулуна эмерек, машина сатып алышты. Анан абышка ашка жүк-башка жүк болуп, кайра куулуп калды. Эми ошо

келин кана?.. Катындар чуу көтөрмөкчү болушту эле, дагы баягы Эдигей тыйып койду. Биздин ишибиз эмес, өздөрү билсин бирок мындай күнү артыкбаш сөз болбосун деп тыйды...

Эдигей кашаага бет алды. Аерде анда-санда бир бакырып коюп, байлоодо Боронду Каранар турат. Бир-эки жолу үйүрү менен келип кудуктан суу ичип кеткени болбосо, Каранар апталап короого жолобойт, күндүр-түндүр талаада, жайытта. Ошого жапайы боло түшкөн айбан эми байлоого кайра көнө албай жинди оозун чоң ачып бакырып турганы. Колго көнбөскө чаран барбы.

Сабитжанга жини келген Эдигей дале жазыла албай келет. Ушундай болорун алдын ала сезген эле. Бирок уулу атасынын өлүмүнө келгенин колко кылгансып отурса кантип жини келбейт. Атасынын өлүмү ага түшкөн мүшкүлдөй эртерээк кутулуунун камында. Ансыз деле коңшу-колоңу менен баарын бүтүрүп жаткан соң Эдигей куру бекер айтышкысы келбеди. Элден айланса болот, темир жолдо зарыл жумушу жоктун баарысы ушерде, эртеңки күнү сөөктү көөмп, кара ашын берүүнүн камында жүрөт. Катындар үймө-үй кыдырып идиш-аяк чогултту, самоорлорун тазалап, камыр жууруп, нан-боорсок бышырып жатышат. Эркектер иштен чыккан эски шпалдарды араалап, отун-суунун камында. Чөл талаада отун-суунун баркына баа жок. Колу-бутка илешип дегендей, Сабитжан гана ар кимди алаксыткандан башка иши жок. Жаагын жанып, тили сайрагандан башка билген өнөрү жок экен: ардеменин башын бир айтып, областтагы чоңдордун кызмат-жайын сөз кылып отурат, ким кызматтан алынды, ким көтөрүлдү, аны да саймедиреп отурат. Кайнатасынын өлүмүнө эмне үчүн келин бала келбей калганы капарына да кирбейт. «Бу бир балээ го!» деп Эдигей эле өзүнчө күйүп жүрөт. Келин баланын конференциясы бар имиш, ага чет өлкөдөн келген меймандар катышат экен. А абышканын неберелери кана? Алар катышуу менен жетишүүнүн

артынан сүрө кууп, окууда экен. Аттестаттары мыкты болсо, анан институтка өтүшөт. Бул эл эмне болуп кеткен? – дейт Эдигей жаны кашайып. «Өлүмдөн башканын баары эле маанилүү тура буларга!» – деп жаны жай ала албай кетет. «Эгер буларга өлүмдүн баркы жок болсо, анда тирүүлүктүн да баркы жок тура! Өлүмдү барктабай тирүүлүктүн кадырына жетесиңби. Тыякта жашагандардын бу тирүүлүктө эмне ою, эмне максаты бар?»

Ачуусун Каранардан чыгарды:

– Эмне өкүрөсүң, ажыдаар? Көктү карап эле өкүрөсүң да бакырасың, үнүң тенирге жетти дейсиңби? – Аябай жини келгенде Эдигей Каранарын ажыдаар деп тилдечү. Каардуу мүнөзүн, ачуулуу чоң оозун көрүп, Каранарды келип-кетчү жолчулар ушинтип атап кетишкен.

– Көп бакырбагын, ажыдаар, тишиңди кагып салам!

Буурага ком салып коюш керек эле. Каранарын карап туруп Эдигейдин ачуусу тарады. Келишимдүү кең кучак алп буурасын кызыга карап турду да, буйладан алып тизеге чапкылап, бакырганын баса кыйкырып жатып акыры чөгөрдү. Анан ком сала баштады.

Төөгө ком салышты башка эл түгүл өзүбүздүн эле шаар эли, жаштар билбей калбадыбы. Бул өзүнчө чоң өнөр.

Бул бууранын Каранар аталышы жөн эмес. Жондору күпүйүп алкымына саландап турган саксагай башы кара, күчтүү, ийри моюнунан, кең төшүнөн ылдый сеңселген чуудасы кара, типтик турган ар бири кучак жеткис эки өркөчүнүн чокулары кара, анан кыска куйругунун учу кара, жоон билек, жоон сан буттарынын буржуйган тизелери кара, калган дене турпаты бүт таза тору бууранын сымбатында ээ-жаа бербес күч да, келишкен сулуулук да бар. Азыр отуз асыйга жакындап, бар келбети чымыраган күчкө толуп жетилип турган кези.

Төө узак жашайт эмеспи. Ошол үчүн болуу керек, инген бир асый болгондон кийин аран тубат, анан дагы

жыл сайын эмес, эки жылда бир тубат, башка жаныбарлардан айырмаланып, баласын он эки ай көтөрөт. Тайлагын алгач бир жыл, бир жарым жыл эле сууктан калкалап жакшы бакса болду, андан кийин жайдын ысыгына, кыштын суугуна, чөлдүн кургакчылыгына моюн бербейт...

Эдигей малды жакшы багат. Боронду Каранары – жанга эсептеп алыс-жакынга мине турган көлүгү ар качан алы-күчүндө. Эки өркөчү уютуп койгон чулу чоюндай типтик. Эдигей аскерден жаңы келип, ушу Боронду дуга орноп калган жылы Казангап ага көзү балбылдаган, өрдөктүн жөжөсүндөй майин жүндүү сүт бото энчилеп берген. Анда Эдигей өзү да жаш. Чачы агарып, чал болгуча ушерде орноп каларын анда кайдан билиптир. Азыр кээ күнү эски сүрөтүн карап отуруп, айран таң калат, көрүп турган көзүнө ишенбейт. Көгала чач болуп, таптакыр өзгөрүптүр. Кашына чейин буурул. Кебетеси такыр башка. Бирок башка кээ бирөөчүлөп бу жашка келгенде денеси салмактанып толбоду. Оболу мурут койду эле, анан кийин сакалын коё берген. Эми сакалы жок өзүн элестете албайт, жылаңач калчудай сезет. Андан бери толук бир тарых баштан өттү десе болот.

Мына азыр да чөккөн буурасын комдоп жатып, кээде тигиниси узун моюнун ийип, жинин бүркүп, арстанча аркырап калса кыйкырып, же кол сермеп коюп, ою алдагайда: эртегиси эске түшүп, баштан кечирген окуялар жабалактап келе берди. Алансайын ачуусу тарап, жаңы жай алып баратты...

Каранарын аябай жасалгалап комдоду. Килем саймалуу, узун чачылуу эскиден калган жабууну жапты. Үкүбала аспиеттеп катып жүргөн той-салтанаттарда гана катылчу баш боо, буйла боосун катты. Эдигейге бүгүнкү күн да жооптуу, олуттуу күн эле...

Ком салып бүткөн соң буурасын тургузду да, кетенчиктей берип ары айланып карады, бери айланып кара-

ды. Ичинде өз ишине ыраазы болду, сыймыктангандай турду. Каранар жасалгалуу ком астында бараандуу да, келишимдүү да. Жаштар көрүп алсын, айрыкча Сабитжан түшүнсүн: жакшы жашап, жакшы өткөн жакшы кишинин өлүмү кайгылуу болсо да, азалуу болсо да оор жүк же кыжаалат түйшүк эмес, салтанат, ошого жараша урмат-сый болуш керек. Бирөөлөр музыка коёт экен, башкалар туу көтөрүп, мылтык атып көмөт, дагы бөлөктөр гүл чачат. Ар элдин өзүнчө расмиси бар...

Боронду Эдигей болсо эртең эртеменен чачылуу калы килем жабылган Каранарга минет да Казангаптын акыркы жолуна, түбөлүк жатчу жайы Эне-Бейитти көздөй кербен баштап жөнөйт... Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз чөлүн кезип, жолду катар Эдигейдин оюнда Казангап болот. Ошол ою менен сөөгүн ата-бабасы жаткан бейитке берет. Экөөнүн убадасы ушундай болгон. Ырас, Казангаптын керээзи, экөөнүн убадасы ушундай болгон. Жол алыспы-жуукпу, бирок Казангаптын керээзин аткартпай коюуга Эдигейдин жолун эч ким, кала берсе уулу да бөгөй албайт...

Дал ошондой болот, аны баары билип алсын, ошол үчүн Каранар жасалгалуу комдолду.

Баары көрсүн. Эдигей Каранарды кашаадан жетелеп чыкты да, тамдарды айлана жетелеп, Казангаптын жер-кепесинин алдына алпарып байлап койду. Баары көрсүн, Эдигей сөзгө турган адам, убада баркына жеткен адам. Бирок, аттиң, баары бир маалда көрбөй калбадыбы...

Ал антип жүргүчө Эдилбай куркут учурун таап, Сабитжанды четке чакырып кетти:

– Бери жүрчү, сөз бар.

Сөзү деле узун сабак сөз эмес экен. Эдилбай айлантып-тегеретпей эле түз айтты:

– Атаңын досу, Боронду Эдигей деген киши бар экенине, Сабитжан, сен ыраазы болмогун он. Атаны ата салты менен көмөлү, ага сен жолтоо болбогун. Шаш-

саң кармаган жерибиз жок. Сен үчүн топуракты мен салып коём!

– Ата меники, эмне кылсам...– деп баратты эле Сабитжан, Эдилбай сөзүн бөлүп салды:

– Ата го сеники, бирок сен өзүң өзүңкү болбой калыпсың го.

– Ай, сен да оозуңа келгенин оттой берет экенсиң,– деп Сабитжан жалтактап калды. – Эне-Бейит болсо ошо болсун, айырмасы кайсы, мен жөн эле алыстыгынан...

Сөз ушуну менен бүттү. Эдигей Каранарды эл көзүнө ачык байлап коюп, кишилерге кошулду да: «Силер айткан сөз жигиттин айтар сөзү эмес. Мындай кишини Эне-Бейитке коёбуз...» – деди эле лам деп бирөө аный дебеди, баары макул болушту...

Ал күн ошентип кеч кирди: баары Казангаптын эшик алдында. Аба ырайы да мемиреп турду. Күндүзү ысык болгону менен кечкисин Сары-Өзөктүн эрте күздөгү чыйрыктырма салкыны түштү. Дүйнө көшүлүп, шамал жок коңур иңир кирип келатты. Эртеңки кара ашка деген кой да союлуп, мүчөлөнүп бүттү. Коңшулар болсо түтөгөн самоорду тегеректеп чай ичишти, аркы-беркини кобурашып отурушту... Кам-чомдун баары бүткөн эсептүү болду, эми эртең эртеменен Эне-Бейитти карай жолго чыгыш гана калды. Карыган киши өлсө арты той болсун деп эл анча мөгдөбөйт эмеспи, ошол сыңары бу коңур иңирде чогулгандардын баары мамыр-жумур маек үстүндө болушту...

Боронду разъездинде болсо демейкисинче поезддер келип-кетип жатты, чыгыш менен батыштан бет келишип, кайра чыгыш менен батышка ажырашып кетип жатышты...

Эне-Бейитке жөнөөр күндүн алдыңкы кечи ушинетип өтүп жаткан. Ал ортодо бир гана окуя өзгөчө болду. Ал – Айзаданын келиши болду. Кечке маал өткөн жолулаш товарняк менен Айзада эри экөө келди. Үйгө жакындаганда эле чаңырып ыйлап, анан басылсачы.

Аялдар тегеректеп кошо ыйлап, айрыкча Айзаданы кичинесинен билген, жакшы көргөн Үкүбала токтоно албай катуу ыйлап, үйгө кирген соң жабыла кошушуп, катындардын ыйы чакан айыл үстүндө, кечки салкында көпкө жаңырып турду. Эдигей Айзаданы кой, кайрат кыл, өлгөндүн артынан кошо өлмөй жок, тагдыр ушул деп сооротумуш болду, бирок байкуш Айзада ага да басылбады.

Атасынын өлүмү Айзаданын толуп жүргөн какана-гын жарып кеткендей болду окшойт: үн салып атасын кошуп ыйлап, угуп отурган элге жаштайынан багы ачылбай, тагдыры тескери карап туруп алганын, жөлөөр жөлөгү, сооротор киши жок калганын, эри арактын артынан түшүп кеткенин, балдары ай дээр ажосу, кой дээр кожосу жок ээнбаш өсүп станциянын көчөсүндө жүргөнүн, бүгүн болбосо эртең кески-кесеп болуп чоңоюшарын, улуусу эмитен иче баштаганын, милиция бир-эки жолу келип, тыйбасаңар иши прокуратурага өтөт деп кеткенин, алты баланы жалгыз өзү кантип башкарарына башы катып жүргөнүн, аракеч ата болсо бала эмес өз айласын таппай калганын... дагы-дагы көп арыз-арманын какшап айтып, өксүп узак ыйлады...

Эри чын эле эчтемеге тиешеси жоктой башын жерге салып, кайнатасынын өлүмүнө келгенин гана, башка эчтемени түшүнбөй жаткандай арзан жаман чылымын үстөкө-бостоk соруп, үнкүйгөн калыбында унчукпастан дендароо отурду. Катынынын бул ыйын ал жаңы угуп жатпаса керек, чыңырып-чыңырып басылат деген кейипте... Эки ортодо дагы Сабитжан ыйды ырбатты: бу кандай элде жок жорукту баштап? Атасын көмгөнү келгенби, же өз абийирин өзү ачайын деп келгенби? Казактын кызы да кадырлуу атасын ушинтип кошчу беле? Казак кыз-келиндеринин илгерки атактуу кошоктору ооздон-оозго өтүп, эл ичинде даңаза кеп болуп калганы бекер бекен? Андай кошоктон өлгөн киши гана кайра тирилбегени болбосо, укkандын баары кошо ыйлачу экен.

Өлгөндүн даңкын көтөрүп, атагын асманга чыгара кошкон илгерки казак катындары. Бу болсо, эмне деген кошогу? Кор болдум, шор болдум деп керт башынын арманын жарыя кылат!..

Айзадага ушул эле жетпей турган белем. Мурдагыдан беш бетер чаңырып коё берди дейсин, кудай бетин көрсөтпө. Акылдуу, илим-билимдүү чыккан сенсиңби?! Элди коюп, эң оболу өз катыныны теске салып албайсыңбы. Бул акылынды ошо катынына айтпайсыңбы! А катының неге келген жок, неге даңазалуу кошогун кошкон жок? Атамын мал-мүлкүн ийне-жибине чейин сатып, ичип-жеген таман жалагыч акмак сен менен ошол шуркуяң эмеспи, жадегенде ошол үчүн катының келип, даңазалап кошсо болбойбу. Аракеч болсо да менин эрим келди, мына мандайында отурат, сенин эстүү деген катының канакей?..

Сабитжан анда катынынын жаагын бас деп, эрине опурулду эле туталанып араң отурган ал шордуу кайра Сабитжанды баса жыгылып, муунтуп кирди...

Төпөлөшкөн жек-жааттарды Боролдулуктар араң дегенде басышты. Абийир-ызаат төгүлүп, баарынын башы жерге кирди. Эдигей жаман капа болду. Тигилердин кимиси ким экенин башынан билсе да, мынчалыкка барбайт го деп ойлогон. Жаалы көзүнө чыгып араң карманып: биринерди биринер сыйлабасаңар да атаңардын арбагын сыйлагыла, болбосо баарыңарды кууп жиберем, өз убалынар өзүңөрдө болот, бетинерге карабайм, – деп жекирип-жекирип салды.

Өлүм үстүндө мына ушундай уят иш болду. Эдигей кайра түнөрдү. Кайрадан кабагы карыш салынып, эки кашынын ортосундагы бырыш дөңдөндү. Кайрадан баягы жанын кашайткан суроолор башын оорутту: кимди тарткан бу балдар, эмне үчүн ушундай болуп калышкан? Киши болушса экен, Сары-Өзөктүн аңгыраган бир разъездинде калбай эл-журтка аралашса экен, чоңойгондо ата-энени каргап калышпаса экен деп, Казангап

экөө ысык-суукта Кумбелдин интернатына ушул үчүн алпарып-апкелип жүрүштү беле? Эми карачы, ал тилекаракеттин баары тетирисинен чыгып отурат... көргөндү жийиркентпей турган киши болушка буларга эмне жетпейт?..

Дагы эле болсо баягы Эдилбай куркут билимдүүлүк кылды. Ошонусу менен а күнкү кечтеги Эдигейдин оор жүгүн жонунан алгандай болду. Эдигейдин ал-абалын ал кылдат байкап отурган. Өлгөндүн балдары өлүм үстүндө сөөк ээси делинип, башында турган ошолор болот. Илгертен бери ушу жосун. Уят-сыйыттан таптакыр ажырап калган болсо да аларды кууп сала албайсың, көзүн жогото албайсың. Ага менен карындаштын чатагын жымсалдаш үчүн Эдилбай эркектердин баарын үйүнө чакырды, бу эшик алдында асманды тиктеп, жылдыз санап отура бермек белек, жүргүлө биздин үйдө отуралы, чайлашалы деди...

Эдилбайдын үйүнө киргенде Эдигей башка дүйнөгө туш келгендей болду. Коңшулук жөнү менен ал мурда деле кирип жүрчү, кирген сайын Эдилбайдын үй-бүлөсүн көрүп, ичи жылычу. Бүгүн болсо кайраттан тайып турган неме кайра ал-кубат алчу жай таппай жилкени куруп отурду эле, эми кичине жеңилдене дем алды, ушул үйдө узагыраак болгусу келди.

Эдилбай куркут да башкалардай эле жол жумушчусу, башкалардай эле айлык алат, башкалардай эле темир жолдун курама тамынын жарымында турат. Бирок бул үйдө башка турмуш – таза, жарык, жанга жагымдуу. Чайы деле башкалардыкындай, бирок Эдигей чай эмей эле бал ичип отургансыды. Эдилбайдын аялы да дурус киши, сырт турпаты да дурус, үй-ичин жымырайтып кармагаңы да дурус. Бул үйдүн балдары да тес көргөн балдар... Сары-Өзөккө узак чыдай алышпайт го, жадаганда жайлуураак жер таап, көчүп кетишет го деп ойлойт Эдигей. Бирок ичи ачышат, көчүп кетишсе бөксөрө түшөрүнө ичи ачышат...

Кирзи өтүгүн оозгу үйгө чечип, Эдигей төргө чыкты да, такта дубалга жөлөнө малдаш токунуп отурду. Чарчаганын, курсагы ачканын мына ушунда сезди. Шалдайып унчукпады. Эки жагына жапыс тегерек столду тегеректей берки кишилер жай алып, өз ара аркы-беркини кобурашып отурушту...

Кызык сөз кийин башталды, таң каларлык сөз болду. Эдигей өткөн түнү учкан космос кораблин унутуп да калыптыр. Мына азыр билген кишилердин кээ бир сөздөрүн угуп, ойго батты. Башта билбеген жаңылык деле укпады, жөн эле булардын ой жүгүртүүсүнө, өзү ошону билбегенине таң калды. Ал үчүн ичинен өзүн жемелеп отурган жок, башкаларды аябай кызыктырган космоско учуулар ага алыс, сыйкыры бар, бирок ага жат жумуш көрүнөт. Ошол үчүн космостук окуякабарларды ал дайынсыз зор күч сыяктуу сестеген сый менен кабыл алат да, өзү берилбейт, ашып кетсе эске тутуп жүрчү катары көрөт. Анткен менен кечээ түнкү кораблдин күйүп-жанып космоско кетип баратканы аябай кызыктырып да, таң калтырып да салды. Эдилбай куркуттун үйүндө сөз ушуга кирип кетти.

Оболу жайма-жай гана төө кымыз – шубат ичип отурушкан. Шубат болгондо муздак, көбүрүп күчтүү шубат экен. Келип иштечү контроль-ремонт жолчулар шубатты жарылганча ичишет, Сары-Өзөктүн пивосу деп мактап ичишет. Ысык куурдакка арак да чыга келди. Боронду Эдигей деле анда-санда чогулган отурушта арактан тартынчу эмес, бирок бул жолу ичпеди, ошонусу менен башкаларды да көп кызыкпагыла, эртең күн оор, жол алыс деген белги билгизди. Бирок тигилердин, айрыкча Сабитжандын арак менен шубатты аралаштыра согуп жатканынан чочулап отурду. Эки мыкты атты бир арабага жанаша чеккен сынары шубат менен арак жарашып калат, ичкендин көңүлүн көтөрүп салат. Бүгүн антер күн эмес эле. Бирок чоң эле кишилерди ичпе деп кантип тыясың? Ченемин өздөрү билиш ийги. Айзада-

нын эри аракты ичпей, жалаң шубат менен отурганы кичине көңүл басты. Аракеч кишиге көптүн деле кереги жок. Тиги да ошону түшүндү окшойт, шубатка аракты кошсо бүттү да, кайнатасын көмө албай сулап жатмак. Азырынча карманып отурат, бирок чыдамы канчага жетерин бир кудай өзү билбесе ким билет.

Ошентип ардеменин башын бир чалып сүйлөшүп отурушкан. Экскаватордун сузгучундай чоң ачылып, чоң жумулган узун колу менен Эдилбай шубат сунуп атып, кесе Эдигейге туш келгенде столдун наркы чекесинен артыла сунуп, эстей койду:

– Эдике, кече түнү сиздин ордуңузга туруп, сиз жаңы эле кетип, жалгыз калдым эле, аба жарылып кеттиби деп эсим чыкты. Карасам, космодромдон ракета учуп чыккан экен, укмуш! Сиз көрдүңүзбү? Алоолонгон куйругу тим эле арабанын ок жыгачындай бар го!

– Ой, көрбөгөндөчү, укмуш болду. Оозум ачылып калыптыр. Күч деп ушуну айт. Жалын шыркырап куюлуп, өйдө жүткүнгөндөн жүткүнүп барат, жетер чеги көрүнбөйт. Үрөйүм учту! Ушерде ушунча жашап жүрүп, мындайды көргөн эмесмин.

– Мен да өз көзүм менен биринчи көрүшүм, – деди Эдилбай.

– Сага биринчи көрүнүп атса, анда бизге такыр эле көрүнбөйт тура,– деп Сабитжан Эдилбайдын узун боюн тамашага чалды.

Ага Эдилбай куркут мыйыгынан жымыйды да койду:

– Ооба, сен мени эле көрө каласың, – деп колун силкип салды. – Ой, шаркыраган алоо жалын тим эле көккө сайылып, көргөн көзүмө ишене албадым. Дагы бирөө космоско учкан экен дедим. Жолуң болсун! Анан эрмекке дайым ала жүргөн транзистордун кулагын толгоп атырым, толгоп атырым. Азыр радиодон берет деп атырым. Демейде түз эле космодромдон айтчу эмес беле. Андай кезде диктор да митингиде сүйлөгөндөй салта-

наттуу сүйлөйт эмеспи. Толкундаганыман бүткөн боюм калтырайт. Өз көзүм менен көрүп, узатып калган космонавт ким болду экен деп аябай билгим келди, Эдике. Бирок айтышпай койду.

– Эмне үчүн? – деп элден озуна сурады Сабитжан кашын маанилүү серпип коюп. Ал кызый баштаган, өңү тамылжып, нымшып чыккан.

– Билбедим. Эч кабар беришпеди. «Маякты» жылдырбай кармап отурдум, эч кабар болбоду.

– Мүмкүн эмес! Бирдемеси бар го! – деп Сабитжан аракты тартып жиберип, артынан шубат ууртады да, кырдана сүйлөдү. – Космоско ар бир учуш дүйнөлүк окуя... Билесиңби? Бу деген саясат менен илимдеги биздин беделдин өсүшү болот!

– Билбейм. Акыркы кабарларды да атайы уктум, гезиттердин обзорун бергенин да уктум, жок...

– Хм! – деп Сабитжан башын чулгуду. – Мен өз ордумда, кызматымда болгондо, баарын билет элем. Карачы эми. А, балким, бирдеме болгондур?

– Бирдемеси болдубу-жокпу аны ким билсин, бирок ичим ачышып калды, – деп оюн ачыкка салды Эдилбай куркут. – Өзүм алгач көргөн соң космонавт менин космонавтымдай болуп калды да. Биздин казак балдарыбыздын бири учкан болбосун деп да ойлодум. Ой, анда укмуш болбойт беле! Кийин жолугушуп калсак, сонун да!..

Сабитжан оюна бирдеме кылт эткендей аптыга сөз бөлдү:

– А-а, түшүндүм! Пилоту жок корабль учурушкан экен да. Эксперимент үчүн.

– Анысы кандай? – деп Эдилбай үрпөйдү.

– Эксперименттик вариант деп коёт. Сыноо да, түшүндүңбү. Пилоту жок корабль же жалгашууга, же орбитага чыгууга учуп кетти де, демек жыйынтыгы али белгисиз. Баары ойдогудай бүтсө анан радиодон да ай-

тат, гезитке да чыгат. Өтөсүнө чыкпай калса, кабарлабай коюшу да мүмкүн. Жөн эле илимий эксперимент.

– Мен тирүү киши учту го деп жүрбөйүмбү, – деп өкүнгөн Эдилбай чекесин кашыды.

Сабитжандын түшүндүрмөсүнөн кийин баары өкүнгөндөй унчугушпай калышты. Эдигей кайрадан тутандырып жибербесе сөз ошо бойдон токтоп деле калмак.

– Менин аңдаганым туура болсо, жигиттер, анда космоско адамы жок ракета өзү кеткен тура. Аны ким башкарат?

– Ким болмок эле? – деп Сабитжан эки алаканын жайып таңыркагансыды да, түркөй Эдигейди мазактагандай тиктеди. – Эдике, аяк менен байланыш радио болуп турат. Башкаруу Борборунан, Жерден башкарып турат. Баарын радио менен башкарат. Түшүндүңбү? Космонавттар түшкөн кораблди да жерде радио аркылуу башкарат. Космонавт өзү жердин уруксаты болмоюн эчтеме кылбайт... Кымбаттуу көкөтайым космоско учуш деген Каранарга минип алып, Сары-Өзөктүн чөлүн кезиш эмес, татаал, өтө татаал...

– Ошондой дечи, – деп Эдигей өзүнчө кобурап койду.

Радио аркылуу башкаруунун принциби Эдигейге таптакыр түшүнүксүз иш. Анын оюнча радио дегениң ооз жели, аба аркылуу алыстан тартылып угулат. Анан жансыз темир-тезекти кантип башкарат? Эгер ошол темир-тезектин арасында киши болсо жөнү башка, тигини тигиндей кыл, муну мындай кыл деп алыстан айткан көрсөтмөлөрдү аткара бермек. Ушуларды сураштырып билгиси келди да, Эдигей кайра койчу деди. Көңүлү жипкирип туруп алды. Унчукпады. Сабитжандын үйрөткөнү жакпады, өзүн көтөрө салып, өзгөлөрдү макоо көрүп үйрөткөнү жакпады. Мына силер өзүңөр эчтеме билбейсиңер да кайра мени киши санына кошкуңар жок, тиги аракеч күйөө бала болсо баса калып жүрөт, а чынында мен силерден алдаганча билимдүүмүн дегенсийт. «Болсоң болгондурсуң, – деп ойлоду Эдигей. – Ошол

үчүн окутканбыз сени. Биздей түркөйлөрдүн арасында бирөө билимдүү болушу абзел го». Анан дагы бир ой келди Эдигейге: «Ушундай киши бийликтин башында болуп калса карамагындагыларды курулай болсо да билимдүү көрүнгүлө деп, башкаларын башка тээп, такыр курутат го. Азыр өзү бирөөнүн кол алдында иштеп жүргөндөгү кебетеси ушул, Сары-Өзөктүн элинин баары оозун тиктеп эле жалдырап отурса дегенде эки көзү төрт...»

Сабитжандын ою да белгилүү боло берди: Боролдуктарды биротоло жерге житире басып, карындашы менен күйөө баласы үчөөнүн чатагынан төмөн түшө калган беделин кайра көтөрүп алгысы келгендей. Анан ал кулак угуп, көз көрбөгөн укмуштарды, илимий жетишкендиктерди айтып отурду. Айтып отурду да, арактан улам ууртап-татып коюп, артынан шубаттан жутуп коюп отурду. Алансайын жагалданып тили сайрап, деле тири шумдуктун баарын айтканда боролдуктар эмнесине ишенип, эмнесине ишенбесин билбей ооздору ачылды.

– Мына өзүнөр эле ойлоп көргүлөчү, – деп көз айнеги жаркылдап, утушун сезген оюнчудай көзү жайнап, жаагын жанды,– эгер түшүнүгүнөр болсо, биз адамзат тарыхындагы бактылуу кишилербиз. Мына, Эдике, ушул отургандардын улуусу сен. Мурда кандай эле, азыр кандай, билесиң. Муну эмнеге айтып отурум? Илгерки кишилер кудайга ишенчү. Байыркы Грецияда кудайлар Олимп деген тоодо турган имиш. Бирок ал эмне деген кудайлар эле? Кеңкелес немелер да. Колдорунан эмне келди? Өз ара чыр-чатак менен даңкы чыккан алардын. Бирок адам турмушун оңдоо дегенди билишпеди, ойлошкон да эмес. А чынында ал кудайлар болгону жалган. Анын баары миф, жомок. Биздин кудайлар болсо биз менен катар жашайт, мына Сары-Өзөк талаасындагы космодромдо жашайт. Бүт дүйнөгө биз ошолор менен сыймыктанабыз. Алар кимдер экенин эч кими-

биз билбейбиз, көрбөйбүз, көрүнгөн Мыркымбай-Шыйкымбайлар кол берип, кандай, жакшы турасыңбы деп учураша берчү кишилер эмес алар. Чыныгы кудайлар мына ошолор! Мына, Эдике, радио менен космосто учуп жүргөн кораблди кантип башкарат деп тең калып отурасың. Ошо да сөзбү, алдагачан өткөн иш. Программаланган аппараттар, машиналар ошентип иштейт. Мезгили келгенде алиги аппараттарды башкаргандай кылып адамдарды да радио менен башкарат. Түшүндүңөрбү, бала дебей, чоң дебей, бүт адамзатты радио менен башкарган кез да келет. Илимий көзөмөлдөр азыртан даяр. Эң жогорку кызыкчылыкты көздөгөн илим буга да жетишип отурат.

–Кой, айланайын, коё турчу, саал эле болсо жогорку кызыкчылык дейт экенсиң, – деп Эдилбай куркут сөзүн бөлдү. – Сен муну айтчы, менин акылым жетпей жатыры. Демек ар кимибиз жаныбызга дамаамат бирден транзистордой радиоприемник ала жүрөт экенбиз да, ошондон команданы угуп турат экенбиз да, ушундайбы? Андай болсо радиоприемник азыр элдин баарында бар го!

– Көрсөң муну! Кеп ошондо бекен? Аның, баланын оюнчугу! Жаныңа эчтеме алып жүрбөйсүң. Мага десең жылаңач жүр. Бирок көрүнбөгөн радиотолкундар болот, биоток деп коёт, ошол сенин мээңе, аң-сезимиңе дамаамат таасир этип турат. Анан сен кайда качасың?

– Ошондой де?

– Ананчы! Адам борбордон түзүлгөн программа боюнча иштеп калат. Ар ким өз бетинче, өз эркинче жашап-иштеп жүрөм деген ойдо болот, а чынында анын ар бир кыймыл-аракети жогортон келген команда боюнча жүрөт. Бекем тартип, расписание болот. Сен ырдашың керек болсо,– сигнал – ырдайсың. Бийлешиң керек болсо,– сигнал – бийлейсиң. Иштешиң керек болсо, – сигнал – иштейсиң. – Уурулук, кисебирчилик, бейбаштык дегендин баары унутулат, эски китептерден гана окуп

каласың. Анткени адамдын жүрүш-турушу, ой-пикири, үмүт-тилеги бүт программага киргизилет. Мына, айталы, азыр дүйнөдө демографиялык дүркүрөп өсүш болуп атыры, башкача айтканда балдар көп туулуп жатыры, алардын баарын багууга кудурет жетпейт. Эмне кылыш керек? Төрөлүүнү кыскартуу керек. Ал үчүн коомдун кызыкчылыгына керектүү учурда сага жогортон сигнал болот, ошондо гана аялың менен мамилелеш болосуң.

– Жогорку кызыкчылыкпы? – деп Эдилбай куркут какшык узатты.

– Дал ошондой, мамлекеттин кызыкчылыгы баарынан жогору!

– А эгер мага андай кызыкчылыксыз эле аялым же дагы бирөө керек болуп туруп алсачы?

– Эй, Эдилбайым-куркутум, андан эчтеме чыкпайт. Андай ой башына да кирбейт. Сулуунун сулуусун алдына кармап берсе да карап койбойсуң. Анткени, тескери иштей турган биотокторду жиберип коёт, болду. Демек бу жагынан да толук тартип кармалат. Ишенип кой. Же болбосо согуш ишин алалы. Баары сигнал менен жүрөт. Отко десе – отко киресиң. Парашют менен секириш керек болсо, көз ирмебей секиресиң. Атом минасын кучактап алып танк астына жат десе, жата калып танк менен кошо жарыласың. Аный деген ой болбойт. Эмне үчүн дейсиңби? Эрдиктин биотогун жиберип коёт, болду, адам коркуу дегенди билбей калат... Андадыңбы?

– Калпына баракелде! Ушунча жыл сени эмнеге окутту экен, ыя? – деп Эдилбай чындап таңыркады.

Отургандар ачык шылдың менен баш чайкап, күлүп отурушту. Кайран бала жанын жеп атыры, бирок мейли, айта берсин, бекер отургуча кызык калп экен, анын үстүнө улам арак менен шубатты шыңгытып жатып мас да болуп калды, тыйып эмне кылалы, былжырай берсин деп тим коюшту. Бирөөдөн каңырыш укканбыр, бирөөдөн чынын укканбыр, ага баш оорутуп не кажат...

Бирок Боронду Эдигейдин үрөйү учуп отурду. Бу кайбыр бекеринен кайбырап айтпаса керек, окуган, же укkан жери бар. Чынында эле ушундай кишилер бар болсо эмне? Кудай болуп бизди башкаргысы келген чоң окумуштуулар ушинтип ойлосо түбү эмне болот?..

Күүлөнүп алган Сабитжан токтоор эмес. Тердеген көз айнектин нары жагындагы көздөрү күүгүмдөгү мышыктын көзүнөн бетер бажырайып, улам бирде арактан, бирде шубаттан ууртап-татып коёт. Эми ал кайдагы бир Бермуд үч бурчтугу тууралуу аңгемеге кирди. Океанда ушундай жай бар экен, кеме сүзүп өтсө да, үстүнөн самолёт учуп өтсө да дайынсыз жоголот имиш. – Мына биздин областтан бирөө чет өлкөгө барам деп жүрүп, акыры жөнөгөн болчу. Чет өлкө деп ак эткенден так этип калган. Ак эткендин акыры эмне болду? Башкаларды түртүп салып, өзү учкан. Океандан ары учуп, Уругвайынабы, Парагвайынабы кеткен эле, ошо бойдон жок. Бермуд үч бурчтугунун үстүнөн учушкан экен, самолёттон дайын жок. Ана, чет өлкөгө барчу неме! Ошол үчүн, досторум, бирөөгө жалданып, бирөөдөн уруксат суранып, бирөөнүн жолун аттабай эле, Бермуд үч бурчтугу жок эле өз жериңде ден соолукта жашай бер. Келгиле өзүбүздүн ден соолугубуз үчүн алып жиберели!

«Дагы башталдыбы! – деп Эдигей ичинен сөгүндү. – Эми баягы сөзүн дагы айтат эмеспи. Таза балээ болгон тура! Ууртап алса эле токтоно албайт!»

Дал ошондой болду.

– Өзүбүздүн ден соолук үчүн ичели! – деп Сабитжан дагы айтты да, булаңгыр тарткан көзүн ирмегилеп, дале болсо келберсип, маанилүү кебетеде отурууга тырышты. – Биздин ден соолук мамлекет үчүн чоң байлык. Демек биздин ден соолук – мамлекеттик баада кымбат байлык. Мына, көрдүңөрбү! Биз карапайым кишилерден эмеспиз, мамлекеттик кишибиз! Анан дагы айтарым...

Дагы тост айтып мээни ачыта элегинде деп, кыжыры келген Боронду Эдигей ордунан ыргып турду да, чыга жөнөдү. Караңгы ооз үйдө бош чакабы, бирдемени калдырата тээп алып, ачыкта жатып муздап калган кирзи өтүгүн кийди да, жини кайнаган боюнча үйүнө бет алды. «Өлбөй кал, шордуу Казанган! – деп күнк эте онтоп алып, ызасына чыдабай мурутун чайнады. – Бул не деген шумдук, өлүмдү өлүмдөй көрбөсө, азаны азадай күтпөсө! Тойдо отуруп арак ичкенсип, кабагым-кашым деп койбойт. Дагы мамлекеттик ден соолук деп таап алган ылакабын, качан болсо ушунусу ушул. Кудай кубат берсе, эртең сөөктү урмат-сыйы менен жайына тапшыралы да, кара ашын берели, анан бул балээден кутулбаса болбойт, буерде кимге кереги бар, буга буердегилердин кереги канчалык?!»

Аиткен менен Эдилбай куркуттун үйүндө көп отуруп калышкан экен. Түн жарымы болуптур. Сары-Өзөктүн түнкү салкын абасынан Эдигей көкүрөк кере дем алды. Эртең, кудай буюрса, күн ачык болгудай. Күндүзү ысык, түнкүсүн чыйрыктырып салкын конур күз болуп турбайбы. Абада ным жок. Көз жеткен айлана тегерек Сары-Өзөктүн эрме чөлү ошол үчүн терскенден башка чөп өспөй какшып жатпайбы. Күндүзү даакыдай болгон сейрек куурай чөп күнгө умтулат, моюн созот, а түнкүсүн кара суук жалпайта чабат. Чыдаганы гана чыгып калганы ошол. Көбүнесе тикендүү терскен, эрмен, шыбак, төөнүн майы, коко-чогойно өсөт. Ырас жыбыт-жылгалардын суу жүлгөсүндө эрте жазда кадыресе көгөрүп чөп өсөт, аны малга деп чаап алышат. Боронду Эдигейдин орустан эски тамыры бар, геолог Елизаров деген. Ошол айтат: бир замандарда бул аймактын аба-ырайы башкача болгон экен, белден чөп өсүп, жаан деген дембе-дем жаап мал киндиктүү жер экен. Анда жашоо турмуш да башкача болмогу эп. Сары-Өзөктүн бетин бербей үйүр-үйүр жылкы, короо-короо кой, бодо мал жайылып жатчу экен. Ал заман аябай эле

эзелки заман болуу керек. Анткени андан кийин басып келген ырайымсыз жуңжандардын изи сууп, эл оозунда гана уламыш сөз калбадыбы. Болбосо Сары-Өзөккө ошончо эл кантип батмак. Сары-Өзөк – талаа тарыхынын унутулган китеби деп Елизаров бекеринен айтпаса керек. Эне-Бейитинин тарыхы да бекер сөз эмес дечү ал. Кагазга жазылып калганды гана тарых деп басып жүргөн илимпоз кеселдер бар эмеспи. Илгери кагаз-китеп басыла электеги тарыхты кайда алпарасың?..

Разъезддан өтүп жаткан поезддердин доошун тыңшап, Эдигей эмнегедир Арал деңизинин толкундарын эстеп кетти. Өзү ошол деңиздин боюнда туулуп, согушка чейин ошерде оскөн. Казангап да Аралдык казак болуучу. Темир жолдун боюнда экөө ымалалаш болуп кетишине алгачкы себеп ошо жердештик болду окшойт. Сары-Өзөктүн чөлүндө отуруп алып, экөө Аралды сагынып нечен сүйлөшпөдүбү. Казангап өлөрдөн мурун, жаз аягында экөө Аралга барып да келишкен. Көрсө, жарыктык, деңизи менен коштошкону барган белем. Капа болуп кайтышты. Деңиз тартылып кетиптир. Арал соолуп баратыптыр. Мурдагы деңиз түбү, таңырайган боз чопо менен он километрдей жүрүп отуруп, ошондо араң сууга кол малышты го. «Бул Арал жер каймактагандан бери турган Арал эле, – деген ошондо Казангап, – эми буга да карылык жеткен экен. Мунун жанында адам өмүрү эмине». Анан кийин дагы айтты: «Сен менин сөөгүмү Эне-Бейитке кой. Деңиз менен болсо коштошуп турганым ушул!..»

Борондуу Эдигей көзүнө тегеренген жашты жеңи менен сүртүндү да, үнү ыйлактап чыкпасын деп тамагын кырынып алып, Айзада, Үкүбала, дагы берки катындар аза күтүп отурган Казангаптын жер кепесине барды. Борондунун катындары улам колу бошой калганы бирден келип кичине отуруп көңүл алаксытып, же болбосо идиш-аякты кармалашып коюп, кетип жатышкан. Кашааны жандай басып баратып, мамы кылып

орноткон баканга байланууга турган жасалга комдуу Каранарын карап токтоп калды. Айдын жарыгында буурасы ого бетер барааданып, кебелбеген пилден да алп көрүнөт. Эдигей ичи жылып, Каранарын капталга таптап койду.

– Зор болбосоң коё кал!

Тамандырыкты аттап баратып, эмнегедир кечээги түн эсине кылт этти. Темир жолдон жолуккан түлкү, аны урайын деп таш алып, кайра таштаганы, анан үйгө келатып, космодромдон жалын куйрук корабль караңгы түнгө сайылып учканы элес болуп көз алдына тартыла берди...

## III

Ушу маалда Тынч океандын түндүк кеңдиктеринде таң атып, күн кылайып, саат сегизге караган. Көз жетпей мелмилдеген улуу тунжуроонун бетине нур чагылышкан жарыкчылык жайылып келаткан. Асты чалкар суу, үстү чалкар көк, бул кыйырдын ээси ушул экөө. Анткен менен улуу тунжуроонун коюнунда «Конвенция» авианосецинин бортунда азырынча кораблден сырткары эч жан билбеген дүйнөлүк драма башталды. Ал да болсо космосту өздөштүрүүнүн тарыхында болуп көрбөгөн, америкалык-советтик орбиталык «Паритет» станциясында болгон окуя.

Биргелешкен планетологиялык «Демиург» программасы боюнча Бирбашбордун илимий-стратегиялык борбору болгон «Конвенция» авианосеци алиги окуядан кийин дүйнө менен болгон байланышын тезинен бүт үздү да, Тынч океандагы Алеут аралдарынын түштүгүрөөк жагындагы ордун өзгөрткөн жок, тескерисинче ошол аймакта түз аба жолун эсептегенде Владивосток менен Сан-Франциscонун так ортосуна координацияланып туруп алды.

Илимий кеменин өзүндө анча-мынча өзгөрүш болду. Америкалык жана советтик орток жетекчилердин буй-

ругу боюнча космос менен байланышта турушкан америкалык жана советтик эки дежур оператор экөө тең убактылуу изоляцияланды. Анткен себеп – «Паритеттеги» ойдо жок окуянын кабарын биринчи кабыл алгандар ошол экөө болуучу, алиги кабар кокустан сырт дүйнөгө чыгып кетпесин деген максат менен экөө тең убактылуу изоляцияланганы да ошондуктан...

«Конвенция» согуш кемеси болбосо да, бортунда эч кандай согуш куралы болбосо да, БУУнун атайы чечими боюнча эл аралык кол тийгистик статус укугу болсо да, өзү согушка багышталбаган дүйнөдөгү жалгыз кеме болсо да,– ошонун баарына карабай кемеде ар кандай коркунучка күчөтүлгөн белендик болуп киргизилди.

Эки тараптын жооптуу комиссиялары саат он бирде беш мүнөттүк аралык менен «Конвенцияга» келип конмок. Бул келчү комиссиялардын ар кандай, айрыкча чечим кабыл алууга жана өз өлкөлөрү менен бүт дүйнөнүн коопсуздук кызыкчылыгына ылайык практикалык чараларды көрүүгө укугу бар.

Ошентип, авианосец «Конвенция» ошол саатта Алеуттан түштүгүрөөктө, Владивосток менен Сан-Франциконун так ортосунда турду. Бул орун кокустан тандалып алынган эмес. «Демиург» программасын жараткандардын мурда болуп көрбөгөндөй түпкү билгичтиги жана көсөмдүгү мына ушул жолу даана болду. Анткени планетологиялык изилдөөлөрдүн биргелешип иштелип чыккан планы иш жүзүнө ашырылып жаткан кеменин турган орду толук тең укуктуулуктун принциптерин чагылтып, бул эл аралык илимий-техникалык орток кызматташтыктын чордону абсолюттук паритетке негизделгендигин айкындап турду.

Авианосец «Конвенция» болгон-турган жарак-жабдуусу, энергетикалык запасы менен эки тарапка бирдей ченемде тиешелүү болуп, кайчы эки мамлекеттин кооперативдик кемеси болуп эсептелет. Кемеде бир учурда Невада менен Сары-Өзөк космодромдорунда

түздөн-түз кабарлашкан радио-телефон-телевизион байланышы бар. Кемеде ар бир тарапка төрттөн тиешелүү болгон сегиз реактив самолёт учууга ар качан белен. Алар Бирбашбор менен материктердин ортосундагы транспорттук жана эл ташуучу күндөлүк милдеттерди аткарат. «Конвенцияда» советтик жана америкалык эки паритет капитан бар: паритет капитан 1–2 жана паритет капитан 2–1; вахтада турганда экөөнүн ар кимиси башкы капитан болуп эсептелет. Кораблдин баардык экипажы да,– паритет капитандардын жардамчылары, штурмандар, механиктер, электриктер, матростор, стюарддар тең орток алмашуу менен иштейт.

«Конвенциядагы» Бирбашбордун илимий-техникалык персоналы да ушул эле структурада түзүлгөн. Программага ар бир тараптан коюлган орток Генерал жетекчилерден баштап, аларды 1–2 жана 2–1 Башкы паритет планетологдор деп аташат,– төмөнкү баардык кесиптеги илимий кызматкерлердин баардыгы эки тараптан тең болуп, алмашып турат. Ошол үчүн жер шарынан мурда эч качан болбогон алыскы «Трамплин» деп аталган орбитадагы станциянын «Паритет» деп аталышы жердеги эки тараптын өз ара мамилесинин чагылышы болуучу.

Мунун баары, албетте, эки өлкөнүн ортосунда илимий, дипломатиялык, административдик мекемелердин алдын-ала жүргүзгөн көп кырдуу даярдык иштеринин негизинде бүткөн жумуш. «Демиург» программасынын чоң жана майда, сандаган маселелерин макулдашып, бир пикирге келгичекти эки тараптын ортосунда нечен жолугушуулар, кеңешмелер болуп өткөн.

«Демиург» программасы кылымдын космологиялык проблемаларынын эң зорун алдына койгон: жердеги биздин акыл-эске сыйбагандай укмуштуу ички энергияга бай минерал ресурстарын пайдалануу максатында Икс планетасын изилдөө. Икс планетасынын бетинде бош

жаткан кыртыш тектин жүз эле тоннасы тиешелүү түрдө иштелип чыгып, электрлик жана жылуулук энергиясына айлантылса, ал кубат бүтүндөй Европаны жыл маалы камсыз кыла алат. Миллиард жылдар бою Галлактиканын бөтөнчө шартында узакка созулган планетарлык эволюциянын таасирин көрүп келген Икс материясынын энергетикалык табияты ушундай болуп чыкты. Икстин бетинен космостук аппараттар нечен ирет алып келген кыртыштар буга күбө жана Күн системасындагы бул кызыл планетага кыска убакытка эки-үч жолу каттаган экспедициянын жыйынтыктары да буга далил болуп турат.

Сыртынан жансыз көрүнгөн Икс жылдызынын түпкүрүндө бош суу бар экендиги аныкталды. Ай менен Чолпонду кошо эсептегенде да илимге белгилүү башка планеталардын биринен мындай эчтеме табылган эмес,– ушунун өзү Икс планетасын өздөштүрүү проектисинин пайдасына чечилген негизги фактор болду. Икста суунун талашсыз бар экендиги сынамакы бургулоолор менен да далилденди. Окумуштуулардын эсептөөсү боюнча Икстин кыртышынын астында жаткан суунун калыңдыгы бир нече километр келет да, ал суу тоңгон таштуу тектирдин астында бир калыптагы абалда сакталып турат.

«Демиург» программасынын реалдуулугун Икс планетасындагы дал ушу аябаган көп суунун бардыгы камсыз кылды. Суу бул турушунда жалаң гана нымдын булагы эмес, жашоо үчүн керектүү башка элементтерди синтездештирүүдөгү негизги материал жана дем алууга эң оболу аба керек сыяктуу башка планетанын шартында адам организминин нормалдуу функциялашына негизги өбөлгө – шарт болуп бере алгыдай. Андан башка да өндүрүштүк түз көз караштан алганда, Икс кыртыштектерин транскосмостук контейнерлерге жүктөөнүн алдындагы алгачкы флотация технологиясында негизги роль ойномокчу.

Икстин энергиясын каерден чыгарып алыш керек? – орбиталык станцияларды бортунда иштетип, анан энергияны геосинхрон орбитасы боюнча Жерге берүү онбу, же түз эле Жерге апкелип иштеткен онбу? – азыр ушул маселе талкууланып жаткан кези болуучу. Талкуунун жыйынтыгын күтүүгө али убакыт бар эле.

Азыр бургулоочулар менен гидрологдордун жоон тобунун узак убак иштээр экспедициясы даярдалып жаткан. Ал экспедиция Икс планетасынын түпкүрүнөн суу сордуруп, түтүктөргө куюп тура турган дайыма иштөөчү жана автоматтык түрдө башкарылуучу системанын жабдууларын орнотуусу керек. Альпинисттердин тили менен айтканда, орбиталык «Паритет» станциясы Икске бараткан жолдогу башкы база лагери болмок. Икс менен «Паритеттин» ортосунда аркы-терки каттап туруучу транспорт «кайыктардын» жалгашар, жүк алар, жүк түшүрөр жайларынын конструкциясы «Паритетте» алдагачан курулган. Кези келип, керектүү блоктор жамалганда «Паритетке» жүздөн ашык киши батмак, Жерден тынымсыз алынар телевизион көрсөтүүлөрүнөн баштап, баардык комфорт шарт түзүлмөк.

Космостук бу чоң иш-чарада Икс планетасынын суусун алуу жана анализ жасоо деген, адам баласы өз планетасынын чегинен тышкары жүзөгө ашырган өндүрүштүк иш аракетинин эң алгачкы далили болмок...

Мына ошол күн жакындап келаткан. Ой-максаттын баары ошого багышталган болуучу...

Сары-Өзөк менен Невада космодромдорунда Икс планетасында болуучу гидротехникалык операциянын акыркы даярдыктары бүтүп жаткан. «Трамплин» орбитасында учуп жүргөн «Паритет» космостук дың бузарлардын биринчи тобун кабыл алууга жана андан нары Икс планетасына жөнөтүп коюуга даяр эле.

Чынында адамзат өзүнүн Жерден четки цивилизациясынын башталар башатында турган...

Гидрологдордун биринчи тобун Икске жөнөтөрдүн так алдында «Трамплин» орбитасында «Паритет» кораблинде космостук узак вахтада жүргөн эки паритет космонавт дал ушул учурда дайынсыз жоголду...

Байланыш сеанстары болчу белгилүү убактарда да, башка убакта да ал экөөнөн эч кандай жооп болбой тымтырс катты. Станциянын бараткан ордун билдирип туруучу аппараттар менен учууну коррекциялап туруучу аппараттардан башка радио-телевизион байланышы такыр иштебей калды,– баарынан жаманы ушу болду.

Убакыт өтүп жатты. «Паритет» Жерден жиберилген сигналдардын бирине жооп бербейт. «Конвенцияда» түпөйүл дүрбөлөң күчөдү. Ар кандай күдүк ойлор, жоромолдор туулду. Паритет – космонавттарга эмне болду? Ал экөөнүн унчукпай калышына эмне себеп? Ооруп калган жокпу, же тамагы бузулуп, ууланып калышканбы? Деги ал экөө тирүү бар бекен?

Акырында айла кеткендеги сигнал жиберилди – станцияда жалпы өрт тревогасынын сигналы ишке киргизилди. Мындай коркунучтуу сигналга да эч кандай жооп болбоду.

«Демиург» программасы коркунучка кабылды. Ошондон соң «Конвенциядагы» Бирбашбор бул абалды айкындаш үчүн эң акыркы аргасын колдонду: шашылыш түрдө «Паритетке» барып жалгашуу үчүн Невада менен Сары-Өзөк космодромдорунан эки космонавт минген эки космостук корабль бир маалда учурулду.

Эки жагынан барган корабль станцияга бир учурда синхрон жалгашуусунун өзү аябагандай оор жумуш болуучу, анысы ийгиликтүү бүттү да, текшерүүчү эки космонавт эки жактан «Паритет» станцияга кирип, алгачкы берген жообу эсти оодарды. Баардык бөлүктөрдү аңтарып, баардык лабораторияларды карап, станциянын баардык кабаттарын булуң-бурч, коңулдарына чейин тинтип чыгышса да борттон баягы эки паритет-космонавтты таба алышпады. Эч бир жандын оюна кирчү жо-

рук эмес. Орбиталык станцияда үч айдан ашуун бирге болуп, ушу күнгө чейин жүктөлгөн функцияларын так аткарып келаткан эки киши кандайча капилеттен дайынсыз жоголуп кетишин канаттуу кыял, учкул санаа элестете албай койду. Бууга айланып кетсе да бир белгиси билинбейби! Ачык космоско секирип кетти дейсиңби!

«Паритетти» аңтарып текшерүү сеансын «Конвенцияда» эки тараптын орток Генерал башкаруучулары – Башкы паритет – планетологдор радио-телевизион байланышы менен көрүп отурушту. Бирбашбордун сандаган телеэкрандарынан тыяктагы текшерүүчү космонавттардын өз ара сүйлөшүп, жандашып, орбиталык станциянын бу бөлүгүнөн тиги бөлүгүнө салмаксыз каалгып учуп жүрүшкөнү көрүнүп турду. Ал экөө станциянын алакандай жерин тим койбой тинтип, көргөн-билгендеринин баарын айтып баратышты. Бу сүйлөшүүлөр бүт бойдон магнитофонго жазылып алынган болучу:

«ПАРИТЕТ». Көрүп атасынарбы? Станцияда эч ким жок. Биз эч кимди көрө албадык.

«КОНВЕНЦИЯ». Станцияда бирдеменин сынганы, же болбосо бузулганы байкалабы?

«ПАРИТЕТ». Эч кандай байкалбайт.

«КОНВЕНЦИЯ». Паритет-космонавттардын жеке буюм-кечелери кандай абалда, каерде жатат?

«ПАРИТЕТ». Баары өз-өз орундарында сыяктанат.

«КОНВЕНЦИЯ». Ошондо да тактагылачы.

«ПАРИТЕТ». Буерде кишилер жаңы эле болгондой. Китептери, сааттары, проигрывателдери жана башка буюм-кечелеринин баары өз-өз орундарында жатат.

«КОНВЕНЦИЯ». Болуптур. Дубал боорына, же кагазга жазып кеткен эч кандай жазуу жок бекен?

«ПАРИТЕТ». Эч кандай жазуу көзгө урунбады. Жок-жок, коё тургулачы! Вахта журналында узун жазуу бар экен. Салмаксызда каалгып учуп кетпесин деп

кыпчып, эшиктен кирген кишиге бет келтирип ачып коюшуптур...

«КОНВЕНЦИЯ». Эмне деп жазылыптыр, окугула!

«ПАРИТЕТ». Азыр, азыр. Англис жана орус тилдеринде катарынан жазылган эки текст экен...

«КОНВЕНЦИЯ». Окубайсыңарбы, эмне карап турасыңар?

«ПАРИТЕТ». «Жерликтерге кат» деп аташыптыр да, кашаанын ичине «Түшүндүрмө кат» деп жазыптыр.

«КОНВЕНЦИЯ». Токтот. Окубагыла. Байланыш сеансы токтотулат. Күткүлө. Бир аздан кийин силерди кайрадан байланышка чакырабыз. Даяр тургула.

«ПАРИТЕТ». О кей!

Мына ушул жерде орбиталык станция менен Бирбашбордун ортосундагы диалог убактылуу токтотулду. «Демиург» программасынын Генерал орток жетекчилери өз ара кеңешип алышты да, дежур эки паритет-операторлордон башка бу байланыш сеансына катышып отургандардын баарын байланыш бөлмөсүнөн чыгарып жиберишти. Ошондон кийин гана эки жактама космостук байланыш кайра жаңырды. «Трамплин» орбитасына эки паритет-космонавт таштап кеткен жазуунун тексти мына мындай болучу:

«Урматтуу коллегалар, ойдо жок абалда биз орбиталык «Паритет» станциясын таштап кетип жаткан соң кетишибиздин себебин түшүндүрүп кетүүнү сөзсүз милдетибиз деп эсептедик. Кайра качан келерибиз, балким белгисиз мөөнөткө узак жүрөбүзбү ал жакта, мунун баары мурда эч прецеденти болбогон, бирок биз өзүбүз туура деп көргөн иш-чараларга тиешелүү көп факторлорго байланыштуу.

Биздин жоругубуз, албетте, күтүүсүз, анан калса элементар тартиптин жобосунда ээнбаштык болуп көрүнөрүн биз эң сонун түшүнүп турабыз. Бирок орбиталык станцияда биз жолуккан бөтөнчө факт, адамзат маданиятынын, тарыхынан теңдеш издеп таба алгыс факт биздин

жоругубузду силер акыр аягы түшүнөөр деген үмүт туудурду...

Космостук теребелден, айрыкча дайынсыз ызы-чуугa толгон Жердин ионосферасынан басылбаган сансыз радиоимпульстар бирин бири басып келип турарын өзүңүздөр билгендей, ошол тар жыштыктагы тилкеден, тар болгондо да тең жана оңой кармала турган тилкеден бизге ар качандан бир качан бир гана убакыт жана бирдей интервалда түздөн түз бизге багытталган радиосигналды жакындан бери кармап алчу болгонбуз. Баштапкы шыкында биз бу радиосигналга анчалык көңүл бурган эмеспиз. Бирок ал радиосигнал Ааламдын бир гана чекитинен системалуу түрдө чыгып, байкообузга караганда жалаң биздин орбиталык станцияга гана багытталып, өзүн унуткарбай кайталана берди. Ошондон улам бул атайы жиберилип жаткан радиотолкундар биз келген үчүнчү вахтадан алдагачан мурда эле «Паритетке» келип турганын баамдадык, анткени «Паритет» орбитада бир жарым жылдан ашуун убактан бери жүрбөйбү. Ааламдан келип турган бул сигналдарга эмне себептен биз биринчи болуп көңүл буруп калганыбыз кокустан болдубу, анысын түшүндүрүп бере албайбыз. Эмнеси болсо да биз бу кубулуштун табиятын байкап, эсептеп, изилдей баштадык да, улам убакыт өткөн сайын бу сигналдардын куру бекер чыкпай, атайы чыгып жатканына көбүрөөк ишене баштадык.

Биз бул ойго оңой эле көнө койгон жокпуз. Күдүктөнткөн шектенүүлөр көпкө колубузду байлап келди. Ааламдын дайынсыз бир булунунан чыгып жаткан радиосигналдарды өзүбүзчө атайы жиберилип жаткан радиосигналдар деп ойлоп алып, ошонун негизинде жерден сырткары да цивилизация бар деп көгөрө айтышка акыбыз жок эле. Коңшу планеталарда жадегенде жашоонун эң жөнөкөй белгилери бар болду бекен деп көптөн бери илим издеп, оңдуу эчтеме таппай келаткан соң биз дагы тапканыбызды, ачканыбызды ачык айтуу-

дан тартындык. Жерден сырткары бир жайда акыл-эс бар экендиги издеп табылбаган, ишенип боло турган эмес, кийинки учурда жөн эле болбогон утопияга айланганын космос аймагынан андай нерсени издеп табуу үмүтү теориялык түрдө соолугандан соолуп, практикалык түрдө таптакыр жокко чыккан эсептүү болбодубу. Ошол үчүн биз өзүбүздүн шек-шыбабызды айтуудан тартындык. Жер планетасындагы жандуу турмуштун биологиялык феномени Ааламдын башка эч жайында жок деген, болгон эмес деген, башка болбойт, жалгыздан жалгыз деген баарыбыздын арабызда бекемделип калган идеяга биз шек келтиргибиз келбеди. Орбиталык станциядагы биздин жумуш милдетибиздин ичинде мындай изилдөө милдети башынан киргизилбеген соң өзүбүз байкаган жана Жерде адам акылына терең бекемделген идеяга шектенип жатканыбыз тууралуу Сиздер менен бөлүшүүнү кереги жок деген ойго келдик. Чынын айтканда, баарынан мурун баягы «уйчу космонавт» деген болбоду беле,– космосто учуп жүргөн бир учурунда кулагына уйдун мөөрөгөнү угулуп, анан көзүнө дарыянын жээгиндеги шалбаада жайылып жүргөн уйлар көрүнүптүр эмес беле,– ошол уйчудай болуп шылдыңга калбайлы дедик.

Анан дагы бир туш болгон окуя – Жерден башка да Ааламдын бир жайында акыл-эстүү жашоо бар экендигине далил болгондо биздин бүтүмүбүз бүтүп калган болуучу. Биздин аң-сезимибиз бөтөнчө ойлоп, бөтөнчө сезе баштады, дүйнө менен аалам курулушу туурасында бөтөнчө пикирге келдик, мурда акыл-сезимге кирбеген категорияларда аңдап сезе баштадык. Акыл-оюбузда ушундай төңкөрүш жүрүп өттү. Аалам жаратылышынын түзүлүшүн жаңыча сапаттык өлчөмдө ойлоп чыгып, жашоо-тирилиги бар жаңы жайды ачып, акыл энергиясынын дагы бир күчтүү очогун тапкандан соң Жерди калкалап туруунун жаңы түшүнүгүнө келдик да, мезгили жеткенче биздин ачып-тапканыбыз тууралуу

жерликтерге кабарлабай туралы деп чечтик. Бул чечимге биз бүгүнкү коомдун эң жаны кызыкчылыгы боюнча токтодук.

Эми иштин назилине өтөлү. Эмне болду, эмне койду.

Ааламдан дамаамат келип турган радиоимпульстарга жооп кылып биз бир жолу, жөн эле кызыкчылык катарында, ошол эле жыштыктын спектринде атайы радиосигнал жибердик. Анан эмне болду дебейсинерби? Укмуш! Биздин сигнал ошол замат кабыл алынды! Кабыл алынды да, түшүнүлдү! Жооп болуп биздин кабыл алуучу тилкеде мурункуга катар дагы бир дубль, андан көп өтпөй дагы бир дубль радиосигналдар иштей баштады: дайынсыз алыстыкта жашаган, өзүнө окшош жандуулар менен байланышып-түшүнүшүүнүн эң укмуш амалын тапкан, биздин Галлактикадан сырткары акылэстүү жандуулардын өздөрү туурасындагы кубанычтуу кабарларды жеткирген, салтанаттуу маршын чалган үч бирдей синхрон радиосигналдар Ааламдын түпкүрүнөн бир нече саатка тынбай келип турду. Бул өзү космос биологиясы туурасындагы биздин ан-сезимибизде өткөн революция болду, мезгил, кендик, аралык туурасындагы биздин түшүнүгүбүздө өткөн революция болду... Бу жарык дүйнөдө эстүү-жандуу жаралган жалгыз эле бизбизби, түбүнө санаа жеткис дүйнөдө өзүбүз гана жалгызбызбы, Аалам Аалам болгону жараткан рух Жердеги адамдын гана жашоо-тирилигиби?

Жерден чет цивилизацияны тапканыбыздын чындыгына жетиш үчүн жашоо-тирилигибиз жок түбүнөн бар бүгүнүнө чейин болуп келаткан жер шарыбыздын массасынын формуласын билдире турган радиосигналды атайы багыттап жибердик. Жооп кылып алардын планетасынын массасын чечмелеген формула кабыл алдык. Алган кабарыбыздан улам, жашоо-тиричилиги бар ошол планета түпкү калыбында жетиштүү чоң көлөмдө жана биз чыдаарлык тартылуу күчү бар масса экен деп түшүндүк..

Биз физикалык закондорду билишибиз боюнча өз ара пикир алмашуу өткөрдүк, мына ошентип Жерден сырткары акыл-эстүү жандуулар менен байланыш түздүк.

Биз менен болгон өз ара байланышта бөтөн планеталыктар активдүү партнер болуп чыга келишти. Ошолордун аракети аркасында биздин өз ара байланышыбыз улам жаңы мазмунга толуктала берди. Көп өтпөй аларда ылдамдыгы жарыктын ылдамдыгына барабар келген учар аппараттары бар экенин билдик. Бул маалыматтардын баарын оболу биз өз ара математикалык жана химиялык формулалар аркылуу түшүнүшүп турдук, анан алар сүйлөшө ала тургандыгын да билдиришти. Биз – жерликтер Жердин тартуу күчүн үзүп, космоско чыгып, космостун орбиталарында дайыма иштеп-жашап келгенден бери тиги чет-чоочундар Галактиканын терең түпкүрүн угуп алуучу аудоастрономиялык аппаратуранын жардамы менен биздин тилибизди изилдеп келатышкан экен,– муну да ачып билдик. Космос менен Жер ортосундагы дамаамат жүрүп турган радиобайланышты, андагы биздин сөз жана сүйлөмдөрүбүздүн маанисин өздөрүнчө анализден жана салыштыруудан өткөрүп, өз тилинде түшүнүүгө жетишиптир. Алар биз менен англис жана орус тилдеринде сүйлөшүүгө аракет кылып, кадимкидей сүйлөшө алганда баарына чындап ишендик. Биз үчүн ушунун өзү таң калаарлык, ишене алгыс жаңы ачылыш болду...

Эми эң башкысы жөнүндө. Жерден сырткары цивилизациясы бар ушул планетага биз барып-келүүнү бүтүм кылдык. Алардын планетасынын атын айткан сөздөрүнөн улам биз мындай жоромолдоп котордук – Токой-Төш. Бизди чакырган Токойтөштүктөр өздөрү болду, идея өздөрүнөн чыкты. Биз дагы аябай ойлонгон соң макул болдук. Жарыктын ылдамдыгы менен барабар алардын учар аппараты биздин орбиталык станцияга жыйырма алты – жыйырма жети саатта жетерин түшүндүрүштү. Биз каалаган учурда ошол эле убакыттын ичин-

де кайра жеткирип коёруна милдеттеништи. Алардын аппаратына кантип жалгашарыбызды айтканыбызда алар андай нерсени проблема деп көрбөдү, анткени Токойтөштүктөрдүн учаар аппараты ар кандай конфигурациядагы жана конструкциядагы нерсеге геометриялык түрдө жабыша турган жөндөмү бар экен. Кыязы, кандайдыр электромагниттик жабышуу сапаты бар болсо керек. Алардын учаар аппараты биздин станциянын ачык космоско чыга турган көзөнөгүнө келип жалгашса, анан биз аларга өтсөк туура болот деген чечимге токтодук. Токой-Төшкө жасаган саякатыбыз ийгиликтүү бүтсө ушул эле жол менен кайра келебиз деген ойдобуз...

Кат дейсиңерби, керек болсо түшүндүрмө кат, ачык кат, же кайрылуу деп кабыл аласыңарбы, иши кылып биз «Паритеттин» бортуна жазып таштап баратабыз... Кептин чыны анда эмес... Мойнубузга алган жоопкерчилик жүктүн оордугун биз толук түшүнөбүз. Адамзатка кызмат кылуунун мындан ашкан уникум мүмкүнчүлүгү жок жагдайды тагдыр бизге туш кылганын толук билип, жол тартып баратабыз.

Ушундай болгондо да милдеттүүлүктүн, киндиктештиктин, байланыштуулуктун жана тартип дегендин сезимин аттап кетиш өтө оорго турду... Ар бирибиз башынан тарбияланып өскөн коомдук адеп-ахлак нормаларын, салт менен мыйзамды аттап кетиш да кыйынга турду. Бирбашбордун жетекчилери, Сиздерди эскертип койбой, деги эле жерликтердин эч кимисине билгизбей, өзүбүздүн максатыбыз менен милдеттерибизди эч ким менен макулдашпай «Паритетти» таштап кетип жатканыбыз – Жердеги коомдук турмуштун эреже-жоболорун жактырбагандык эмес. Ушул кеп бизди көп ой толгоолорго салды. Хоккей оюнунда ар бир ашык салынган гол ар кимдин өз мамлекетинин системасында саясы жана артыкчылык мартабасы катары кабыл алынган сыңары, биз бул чечимибизди кабарлап койгондо эл арасындагы ошол эле күчтөр канчалык карама-каршы-

лыкка, ой-пикирлердин кагылышуусуна, керексиз чыр-чатактын башталышына дуушар кыларын билип турганыбыз үчүн эч кабар-дайынсыз кетип жатабыз. Аттиң, кайсы бирин айталы, Жердеги жашоо – мамиле жагдайын биз өтө эле жакшы билет окшобойбузбу! Жерден сырткары цивилизация менен байланыш түзүүнүн мүмкүнчүлүгү гана жерликтердин өз ара чыр-чатагына себеп боло койбойт деп ким кепилге түшө алат?

Жерде саясы күрөштөн четте калыш такыр мүмкүн эмес, же болбосо өтө кыйын эмеспи. Бирок көп күндөп же көп жумалап алыскы космосто жүргөндө Жер шары автомобилдин дөңгөлөгүндөй болуп гана араң көрүнүп турса Жердеги чыр-чатакты ойлоп ичиң күйөт экен, ыза болот экенсиң, себеби: азыркы энергетикалык кризистин айынан жерликтердин коом-жамааттары жана кээ бир өлкөлөр кутуруп-жиндеп, атом бомбасын ала чуркаганга жете калып жатпайбы, – ушунун баары бар болгону техникалык ири проблема экен. Жерликтер өз жашоосуна өз ара мамиледе эмне маанилүү экенин билген болсо кана атаганат!..

Жерликтердин ич-ара мунасасы ансыз да татаалданып, коркунуч туудурулуп турган чакта биз өз бүтүмбүздү билгизбейлик дедик да, өз абийир-ызаатыбызга ылайык бүт адамзат тукумунун атынан Жерден сырткары эс-акыл алдына өкүл болуп чыгалы деген бүтүмгө келдик. Өз ыктыярыбыз менен жөнөгөн миссиябызды аткарабыз деген үмүт бизде бар жана ичибизде ага аябай ишенебиз.

Эми, акыркы айтарыбыз. Биз өзүбүздүн ой жүгүртүүбүздө, күдүктөнүүбүздө жана ой-пикирдин олку-солку болуп туруусунда «Демиург» программасына зыяныбыз тийбесе экен деген пикирде болдук,– анткенибиздин себеби «Демиург» программасы биздин Жердеги өлкөлөрүбүздүн өз ара көп жылдардан берки бири бирине ишенбөөчүлүктөн, бирде бетин көрсөткөн, бирде көтүн көрсөткөн кызматташуудагы саясаттарынан келип чык-

кан макулдашуудан туулган, адамзат тарыхында болуп көрбөгөн геокосмостук башталышка кедерги болбойлу деген ойдо болдук. Бирок, баары бир, биз экөөбүз жалпы ишибизге колдон келишинче чын ыкластан иштеп келаткан соң акыл-эс жеңишке жетти го деген пикирдебиз. Эки тарапты тең таразалап көрүп, жогоруда айтылган коркунучтарга «Демиург» программасын сыноого дуушар кылбоонун максатында биз алигиде эскерткенибиздей ушул бүтүмгө келдик: Токой-Төш планетасына барып келели да, келген соң адамзатка көрүп-билгенибизди айтып берели. Эгер биз дайынсыз жоголуп кетсек, же болбосо «Паритетке» биздин кайра келип иштөөбүздү жетекчилерибиз натуура көрсө, анда бизди башка бирөөлөр менен алмаштырып коюу жетекчилерибиз үчүн кыйынчылыкка турбас. Бизден кем иштебес жигиттер дайыма табылат эмеспи.

Биз дайынсыз жолго кеттик. Бизди жолго алып кеткен эңсөө – адамзат эзелтен башка дүйнөлөрдө өзүнө окшош акыл-эстүү жандуулар бар бекен, бар болсо алар менен жолуга алар белек деген, акыл менен акыл, эс менен эс байланыша алар беле деген, ал экөө өз ара ийгилигине жете алар беле деген эңсөө – умтулуу алып жөнөдү. Бирок Жерден сырткары цивилизация менен болор байланыш келечекте Жердеги адамзатка жакшылык апкелеби, же жамандык апкелеби – анысы азырынча эч жанга белгисиз. Биз көрүп-билгенибизди объективдүү баалоого аракет кылабыз. Эгер биз ачып-билген нерсе Жерге коркунуч туудуруп, турмуш-тириликти бузар жайын биле турган болсок, анда Жерге эч балээ келтирбес амалын өзүбүз таап аларыбызга Жер уулдары катары ант беребиз!

Акыркы дагы айтарыбыз. Биз коштошуп жатабыз. Ушул отурушубузда Жерди иллюминаторлорубуздан карап, четтен көрүп турабыз. Жер жарыктык караңгы Ааламда нур чачыраткан асыл болуп көрүнөт. Жер жарыктык адам деген баласы алыстан багып көрбөгөн,

нәристе баланын бешенесиндей жаркын жаныбар тура! Биз быяктан карап туруп, тиги Жердеги жаркын дүйнөдө жашап жаткандардын баардыгы эже-сиңди, агайын-тууган турбайбы, алардан бөлүнгөндөгү көргөн күнүбүз не болду деп ойлодук да, кайра ошо Жердеги жерликтер ич-ара ынтымаксыз жашап жатканына ичибиз күйөт...

Жер шары менен биздин коштошконубуз ушул. Экиүч сааттан кийин «Трамплин» орбитасын таштап жөнөйбүз, андан кийин Жер көздөн кайым көрүнбөй да калат. Токойтөштүк бөтөн планеталыктар бизге карай жолдо келаткан болуу керек. Биздин орбитабызга жакындап калгандай деле болуу керек. Аздан соң келип калышар. Күтөр маал аз калды. Күтүп отурабыз.

Дагы бир сөз, экөөбүз ар кимибиз өз-өз үй-бүлөбүзгө кат таштап кетели. Таштаган каттарыбызга байланышы болчу кишилерден суранарыбыз – каттарыбызды катын-балабызга берип койсоңуздар экен деген өтүнүч калтырабыз...

P. S. Биздин ордубузду басып «Паритетке» келчүлөргө маалымат. Бөтөн планеталыктар менен болгон байланышыбыз кайсы радиотолкундун жыштыгында жана кайсы кабыл алуу – кабар берүү каналдары боюнча жүргөндүгүн вахта журналына жазып көрсөтүп кеттик. Керек болгон учурда биз дагы сиздер менен ушул канал боюнча кабарлашып, ушул канал боюнча өз кабарыбызды берип турабыз. Токойтөштүктөр менен болгон радиобайланыштардан улам биздин аңдап билгенибизге караганда байланыштын жалгыз гана ылайыктуу жолу орбиталык станциянын бортундагы байланыш системасы болуп чыкты, анткен себеби – Ааламдан Жерге багытталган радиосигналдардын Жерге жетпей жаткандыгы, Жерди курчап турган атмосферанын иондоштурулган сферасынын эчтеме тешип өтө алгыс бекемдетилгендигинен тура.

Болгону ушу. Кайыр кош. Биз кеттик.

Катыбыз англис жана орус тилдеринде иденттүү жазылды.

Паритет-космонавт 1–2,

Паритет-космонавт 2–1.

Орбиталык «Паритет» станциясынын борту.

Үчүнчү вахта. 94 сутке».

Белгиленген маалдын дал өзүндө, алыскы чыгыш убактысы боюнча саат он бирде «Конвенция» авианосецинин палубасына бортунда өзгөчө полномочиеси бар комиссиялар түшкөн эки самолет – бири америкалык, бири советтик – убадалашкан маалда келип конду.

Комиссиялардын мүчөлөрү жалаң протокол боюнча тосулуп алынды. Алардын түштөнүүсүнө жарым саат гана убакыт бар экендиги түздөн-түз кабар болунду. Түштөнүүдөн соң орбиталык «Паритет» станциясындагы күтүлбөгөн окуянын болуп өткөнүнө байланыштуу жабык кеңешмеге комиссиялардын мүчөлөрүнүн кауткомпанияга кечикпей чогулушуусу талап кылынары да баарына белгилүү болуучу.

Бирок, кеңешме башталбай жатып кайра капилет жабылды. Анткен себеби – «Паритет» станциясына жетип барган контролер космонавттар «Конвенциядагы» Бирбашборго өздөрү эң алгач кабыл алган кабарын билдирип калышты: 1–2, 2–1 паритет-космонавттар коңшу Галактикадагы Токой-Төш планетасынан сүйлөп турган экен...

## IV

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бат каттап турат...*

*Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

Нары айт, бери айт, Найман казактардын ата-баба арбагы жаткан уруу көрүстөнү Эне-Бейитке чейинки жол итапкан жер, көзгө салып төтөлөп жүргөн күндө да отуз чакырым деген жол оңой бекен.

А күнү Борондуу Эдигей таң азандан ойгонду.

Уйкусу канып ойгонду деш да болбос. Таңга маал гана кичине чырым этти окшойт. Калган учурунун баарын алдыда турган жумуштардын камылгасы менен өткөрдү: Казангаптын сөөгүн сууга алды; өзүнөн башка салт-санаа билген эч ким жок, жалгыз Эдилбай куркутту суу куйдуруп койду да, өлүктү биринчи көрүп боюн жыйрып турган немеге сөз арасында байкамаксан болуп мындай деди:

– Бул жосунду, Эдилбай жигит, билип ал, кийин кереги тиет. Киши баласы туулат экен, өлөт экен.

– Аны билем дечи,– деди жыйрылган бою жазылбаган Эдилбай.

– Мен да ошону айтып атырым. Эртеңки күнү мен өлгөндөй болсом, аруу жууп, ак кепиндеп көмөр киши табылбай калабы, ыя? Бир чуңкурга мени тыгып таштап кете берет экенсиңер да, ээ?

– Койсоңузчу! – деп Эдилбай уялып калды да, сөөктүн жанында чырак кармап, билбегенин билип калууга аракеттенди. – Сиз жок биз буерде эмне кылабыз. А көрө аман-эсен жүрүңүз. А жанагы чуңкуруңуз кийин казылар.

Сөөктү кепиндегенге, анан кийизге орогонго эле бир далай убакыт кетти. Бирок Эдигей кылган ишине ыраазы. Аруу жууп, ак кепиндеп, арбакка ак пейилден кызмат өтөш өлгөндүн жаннатка жетишине да, тирүүнүн көңүлү ток калышына да жол ачар пейил деп билген киши аянган жок. Ошентип жатып өзүнөн кичүү Эдилбай билип алсын деп, кепинди кантип бычат, кантип кийгизет, айпоочу, кепин такыясы, сагак боосу дагы-дагы болчу нерселерин бүт үйрөттү, билип ал деди, кереги тиет деди. Анан сөөктү чыгарардан мурун өзүнүн да бой-аягын ка-

раныш,– таңга маал эле даарат алып, сакал-мурутун чегип койгон болчу, – дагы бир жолу каранып буурул чач болуп карып баратканын да ал ортодо байкоосуз калтырбай, анан кемселинин жакасына солдаттык медаль-ордендерин такты, эпкиндүү эмгекчилиги үчүн алган белгилерин да тагып, эртеменен кийип чыгууга даярдап койду. Ошенетип таң атты. Өз колу менен бүтүргөн жумушуна өзү таң калды: ушинтип эле жөн-жай жайлап коюшка болот экен да, деди. Агерим башта бирөө сен ушундай мүшкүлгө туш болосуң десе, өлүм-барым ишенмек эмес. Назили Казангапты өз колу менен оропчулгап көмөрү бешенесине жазылган белем. Жазмыш деген ушу тура.

Жазмышың болбой коё кал. Казангап экөө алгач Кумбел станциясында жолукканда бүгүн ушундай болот деп үч уктаса түшүнө кирди беле. Эдигей кырк төртүнчү жылдын аягында контужин болгон соң аскерден бошотулган. Сыртынан карасаң саны аман: колу-буту ордунда, башы ийининде. Бирок ошо башты айт, бир кулагынан шамал кирип, бир кулагынан бороон чыгып жаткансып, дамаамат ызы-чуу. Катуу басса көңүлү айланып, башы тегеренип, теңселе түшөт. Бирде чыйрыктырып муздак тер чыбырчыктап, бирде кара терге түшүп калчылдап кетет. Кээде тили күрмөөгө келбей булдуруктап калган күндөрү да болду. Немистин снаряды жакын жерден жарылып, же өлтүрүп тынбаптыр, же соо койбоптур. Өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп санда жок. Ошондо Эдигей катуу чүнчүп кеткен. Жаш эле, алты саны аман эле, бирок Аралына келип алып эмнеге жарайт? Бактысына жакшы доктур туш болуптур. Ал доктур дарылаган деле жок, карап көрдү, тыңшап көрдү, текшерип көрдү, – коңкогой мурун, чуңкур көз ак халатчан чоң сары орус экен, – далыга таптап, каркылдай күлгөнү азыр ушу күндө да көз алдында:

– Эй, иничек, – деген ошондо,– согуш өзү бүтүп баратыры, болбосо сени кайра жиберет белем, ким билет.

Мейли болуптур. Сенсиз деле жеңип чыгарбыз. Жыл айланбай, а балким андан мурдараак букадай өкүрүп чыга келбесең мага кел. Айтты-айтпады дебегин, эсиңде болсун. Азырынча айылыңа жөнөй бер. Капа болбо. Сендей немелер жүзгө чыкпай өлбөйт...

Ошол сары орустун айтканы чын окшобойбу. Ошонун айтканындай эле болуп келатат. Жыл айланбай деп айта салыш оной окшойт. Баштыгыңды аркалап, кокус кереги тийбесин деген таягыңы таянып, жамбаш астында жатып бырышкан шинелиңди сүйрөп госпиталдан чыгып көр да, бейтааныш шаар ичин аралап көр,– түнт токой аралаган андан дурус болуу керек. Эки кулагың шуулдап, эки көзүң караңгылап, буту-колдо каруу жок калчылдап.., Поездге жабышкан эл сан-түмөн, күчтүүсү күчсүздү тоголото түртүп салып түшүп кетип жатканы... вокзалында отурарга орун жок... ээ, кайсы бирин айтасың. Иши кылып чыпчаң[1] бир ай дегенде түн катып Арал станциясына келип түштү. Ал «атактуу» поездди а кезде «шайыр беш жүз жетинчи» деп койчу. Экинчи эч качан эч кимди ага түшкүлүк кылбасын. Ошо менен Аралга жеткен...

Бирок а кезде ошентип жеткенине миңден бир ыраазы. Караңгы түндө поезддан түштү, аландап эки жагын каранса көзгө сайса көрүнгүс, тигинден-мындан гана станциянын оттору жылтылдайт. Түн шамалдап туруптур. Мына ошол өз шамалы, деңиздин туздуу нымы кошула жыттанган өз шамалы эң алгач салам айтып, коюн-колтугуңа кирип кучакташып тосуп алды. Деңиздин илеби бети-башын аймалады. А кезде деңиз жакын, темир жолдун түбүндө, эми болсо дүрбү салып көрө албас алыска качыптыр. Соолуп баратканы да...

Эрте көктөмдөгү жаш шыбактын кыйгыл-кермек жыты аралашкан илеп бу тараптан урганда Эдигейдин

---

[1] ч ы п ч а ң – толук.

жүрөгү түрсө-күрс каккан: көптөн сагынган кыйырсыз кайран казак талаасы! Тууган жер ай!

Эдигей бул станциянын коён жатагына чейин билчү. Станциянын жакасындагы кичинекей айылда тааныштары бар эле, ошонун үйүнө жөнөдү. Көчөнүн балчыгын балчылдата тепсеп баратты. Ошо тааныштардын биринин үйүнө түнөп алса, эртең күн жарыкта өзүнүн айылы Жангелдиге жөнөйт. Айылы буерден бир топ алыс. Ошентип ийри-буйру көчө менен баратып, айылдын этегине, деңиздин жээгине кантип чыгып калганын өзү да байкабады. Суу шарпылдап жээкке урунуп кумга шуулдап жабыша калып жаткан экен. Карангы түндө деңиз бети күңүрт жылт-жулт шоола болуп, шарпылдаган толкундарынын доошу угулуп, Эдигейи менен учурашып жатты. Таң алдындагы кетик ай сур булуттун колтугунан буланғыр көрүнүп төбөдө.

– Амансыңбы, Аралым! – деп өзүнчө күбүрөдү Эдигей.

Жери менен Эдигей ушинтип учурашкан.

Анан жээктеги ташка отурду да, контужин абалында «тамеки тартчу болбо» деген доктурлардын сөзүнө карабай чылым күйгүздү. Кийин го чылымын таштады, бирок ал түнү алеп-желеп толкундап, кеңирсиген жерине келип турганда, анан дагы эртеңки күнү белгисиз болсо, ден соолукту урганы барбы. Деңиз жумушуна кирсе каруу-билек кубаты, бел күчү керек, анан калса калтылдаган баржада башың айланбагыдай болуш керек. Согуштан мурун балыкчылыкта иштеген, азыр эми аны ким десе болот? Инвалид десең инвалид эмес, соо десең ишке жарабайт. Баарынан да балыкчылык жумушка башы жарабай жатса не кылат?..

Эдигей ордунан туруп, жөнөй бергиче кайдан-жайдан жээкте кубандаган бир ит пайда болду. Суу кылаалай жортуп, анда-санда нымдуу кумду шимшилеп токтой калып келаткан ит экен. Эдигей чакырып алды. Ит тартынбастан үмүттүү жалжылдай карап, жанына

шыйпаңдап келди. Эдигей жүндүү желкесинен сылагылады.

– Сен кайдан, ыя? Кайдан жортуп жүрөсүң? Эмне деп чакырат сени? Арстансыңбы? Жолборссуңбу? Бөрү басарсыңбы? Э-э дегин, жээкке серпилип калган балык барбы деп шимшип жүргөн эрсиң го? Жарайсың, жарайсың! Бирок деңиз дегениң каалаган күнүңдө эле жээкке чала өлүк балык серпип турбайт. Айла канча! Жортуш керек. Даакың түшпөй арыктыгың да ошондон го. Мен болсо үйүнө кайтып бараткан кишимин, дос. Кенигсбергдин жакасынан келатырым. Ошо шаарга жетерге аз калганда снаряддын эпкини менен оңко баш аткан экемин, тирүү калганыма сүйүндүм. Мына эми эртеңки күнүм эмне болот деп отурган чагым. Эмне мынча жалдырайсың? Сага берер эчтемем жок. Ордендерим менен медалдарым гана болбосо... Согуш дегениң ушул экен, дос, элдин баары кара курсактын камында. Бар болсо сенден бир сындырым нан аямак белем... Коё турчу, кичине набат бар эле, уулума аппаратам, ал эмгиче жүгүрүп калгандыр, күчүгүм... Эдигей эринбестен капшыты бөксө баштыгын чечти да, колун сунду. Баштыгында гезиттин айрыгына оролуу бир ууч татты, жолдо келатып аялына деп алган бир байлам жоолук, дагы алыпсатарлардан тапкан эки кир самын бар эле. Калганы өзүнүн аскердик ич кийими, бел куру, пилоткасы, кошумча гимнастёркасы менен шымы – бар дүйнөсү ушул.

Ит Эдигейдин алаканындагы таттыны жалап алып, кырсылдата чайнап жеп жиберди да, үмүттөнө көзү жалжылдап, шыйпаңдай тиктеп туруп калды.

Эми кош бол.

Эдигей ордунан туруп, деңиз кылаалай басты. Таң атары аз калды окшойт, ошол үчүн станциядагы үйлөрдүн терезесин каккылап убара кылбай эле, өз айылы Жангелдиге жетип алганды туура көрдү.

Деңиз жээктеп жүрүп отуруп, Эдигей ошо күнү түшкө жакын дегенде араң Жангелдисине жетти. Согуштан мурда бул ортону чай кайнамда басып өтөр эле. Эптеп үйүнө жетип, уккан кабарынан көзү кашайды: сагынып келаткан чүрпөсү алдагачан чарчап калган экен. Эдигей аскерге кеткенде балага алты ай араң толгон болучу. Эми карачы, бала маалына жетпей жайраптыр. Кызамык чыгып, ошондон кетиптир. Согушта жүргөн атасына атайы эле угузушпай коюптур. Кайда угузушмак, угузуп кереги барбы? Өзү согушуп жүрсө, ансыз да ичкени ирим, жегени желим болуп жүрсө жети өмүрүн жерге киргизбейли, а көрө аман-эсен кайтып келсе, ошондо угузарбыз деп агайын-туугандар Үкүбаланы көндүргөн экен. Иши кылып согуш бүтсүн, али башынар жаш эмеспи, баланы кудайдан тилеп аларсынар, «Чырпыгы сынса чынары аман болсун»,– дешиптир. Анан дагы ачык айтылбаган, бирок көргөн-билгендердин баары андап турган, күйүмдүүлүк деп эсептелген бир ой болуптур: согуш деген согуш, жаман айтпай жакшы жок, кокус Эдигейге ок жаңылгыдай болсо, шейит кеткидей болсо жок дегенде аркамда туягым калды деп кеткендей болсун деген күйүмдүүлүк кылышкан тура...

Үкүбала шордуу эми көзүнүн жашын көл кылып жаңы кайткан эринин моюнуна асылып, боздоп отуру. Эри аман келсе эмне айтарын билбей, быякта баласынан айрылып айласы түгөнүп жүргөн неме ушул күндү үмүт менен, бирок жүрөгү кансырап күтүп жүрбөдү беле. Көзүнүн жашы мончоктоп отуруп айткан сөзү бу болду: билерман деген кемпирлерден акыл сураса, алар баланын кесели тергеп айтканда кызылча деген болот, опурталдуу кесел, баланы төө жүн жуурканга жылуу ороп, караңгы тамга карма да, муздак суудан бере бер, анан кудайдын айтканын көрөрсүң дептир. Ал бейбак болсо оболу кемпирлердин тилин алып, анан бала кыйналган сайын жаны чыгып, коңшулардын арабасын сурап алат

да, от менен жалын болуп онтолоп жаткан баланы станциядагы доктур катынга алып жөнөйт. Дөңкүлдөгөн араба менен Аралга жеткенче бала жолдо болбой калат. Станциядагы доктур катын аны жерден алып көргө салып урушат, кайдагы кемпирлердин тилине кирген макоо деп урушат...

Эдигей үйүнө дегдеп келип, эшигин ачып, төрүнө өткөндөгү укkан кабары ушу болду. Түнөрүп өң-алеттен кетип, кара таш болуп катты да калды. Тунум деп көзүн көрүп, эркелетип кылыгын көрбөй кеткен баласын мынчалык сагынып келерин, келип ордун таппай сыйпалап калганда мынчалык азапка түшөрүн ал мурда ойлоп оюна, уктап түшүнө кирбеген. Алансайын ичи өрттөнүп күйүп турду. Согушка кетип баратканда жаңыдан түрпүлөнүп калган наристесинин жарык бешенеси, коргоосуз түрпүлөнүшү, колу-бутун тыбыратып талпынып калганы көз алдына келген сайын жаны чыга бере жаздап кашайды. Бу жараты айыкпас жарат болуп жүрөгүнүн толтосунда кала берди.

Ошол ошо болду. Өз айылы өзүнө суук көрүнүп туруп калды. Бир кезде бу чополуу бийик жээкте элүүдөй түтүн эл турар эле. Аралдан балык кармаган артель болучу. Көргөн күндөрү ошо балык менен. Эми жар башында он чакты жаман там калыптыр. Эр-азаматтарды бүтүндөй согуш алып кетти. Кары-жашы болсо эсептелүү. Көпчүлүгү ачкалыктан өлбөскө тегеректеги малдуу-жандуу колхоз айылдарына тарап кетиптир. Артель тарап, деңизге чыгар жан калбаптыр.

Үкүбала деле чөл талаадагы төркүндөрүнө кетип калса болмок. Алып кетели деп алар келген. Бу кыйын кезең маалда колубузга эле кел, Эдигей согуштан келгенде Жангелди айылына кайра кайтарсың дешкен. Бирок Үкүбала көнбөдү: «Эрими күтөйүн. Уулуман айрылдым. Атасы аман келсе, жадегенде ордунан аялын тапкандай болсун. Мен буерде жалгыз эмесмин, эңкейген кары,

эмгектеген бала бар, ошолорго жардамдашып-жармакташып бир күн өтөр», – деген.

Үкүбала туура кылган экен. Бирок эми Эдигей бул айылга тургусу келбеди, деңиз жээгинде кылар иши жок бекер отура албады. Куру сандалып эмне кылат. Учурашууга келген Үкүбаланын төркүндөрү биз жакка жүр деп чакырды. Талаада мал жанында жашап көрөрсүң. Денсоолугуң оңолгон соң ылайыктуу бир иш табылар, же мал багарсың дешти. Эдигей ырааздылыгын билдирип, бирок макул болбоду. Оор жүгүн арткысы келбеди. Кайын-журтуна алгач кадырлуу мейман болор, анан эч ишке жарабаган ашка жүк-башка жүк күч күйөөлүккө чыдай алмакпы.

Ошондо Үкүбала экөө темир жолдун боюнан жумуш издемекке тобокел кылышты. Кароолчулук болобу, күзөтчүлүк болобу, же жол тоомунда шлагбаум ачып-жапкычтык иш табылар, аскер эмеспи, куру калтырышмак беле деген бүтүмгө келишти.

Ошентип көктөм чыкпай жөнөп калышты. Анда экөө тең жаш, кара баштарынан башка байланган будааты[1] жок. Алгач туш келген станцияларда конуп-түнөп жүрүштү. Ылайыктуу иш табылар эмес. Башкалканыч табылышы төтөн кыйын болду. Темир жолдо күнүмдүк боло калган жумушту иштеп, көрүнгөн жерде бытпылдык болуп жүрүштү. Экөөн баккан негизинен Үкүбала болду, дени-карды соо, өзү жаш, туш келген иштен тартынбайт. Сыртынан алибеттүү көрүнгөн Эдигей эркектик жөнү менен жүк түшүргөн, жүк арткан иштерге кире калат. Бирок, күн көргөзгөн Үкүбала.

Ошентип жүрүп, жаз ортолоп калганда тоом жол станциясы Кумбелге туш болушту. Көмүр түшүргөн жумуш чыкты. Көмүр тарткан вагондор запас жол менен депонун чарба короосунун артына келип токтойт. Аерде вагондорду кармабас үчүн обол жүгүн жерге коңторуп алы-

[1] б у д а а т – ашыкча түйшүк, тоскоол.

шат да, аны тачкалап ташып, дөбөлөп үйүшөт, жыл маалына жетерлик кылып кыр-кырлап коюшат. Айласыз оор, кара чаңдуу, ыплас жумуш. Айла канча, жашоо керек. Эдигей чоң күрөк менен тачкага көмүр салып турат. Үкүбала такта жол менен кыр башына алып чыгып, коңторуп салып, кайра келет. Эдигей кайрадан тачканы толтуруп берет, катынга ылайыксыз оор жүктү Үкүбала соко тарткан өгүздөн бетер бышылдап, дагы кыр башына түртүп чыгат, дагы төгөт, дагы келет. Күн ысыган сайын бырыксыган көмүр тозоңу өпкө-бооруна кирип, көңүл айлантат. Күн сайын күчтөн тайып баратканын өзү билип-сезип жүрөт. Көмүрдүн оюгуна боюн таштап жата калгысы, ошо бойдон турбай жата бергиси келет. Бирок баарынан да тиги катыны капкара чаңдын ичинде жан тери куюлуп, эринин иштээр жумушун иштеп өлүп-талып жүргөнүнө жаны кашаят. Үстү-башы бүт кара тозоң, эки көзүнүн агы менен тиштери гана агарган катынынын кейпин көрүп туруп, онтоп жиберет. Мурдагы күч-кубаты болсо Үкүбаланы ушу тозокко салмакпы! Аялдын кыйналганын көргөндүн ордуна өзү эле бу каргыш тийген көмүрдүн ондогон вагондорун коңторуп, үйүп-жыйып салбайт беле.

Ээн калган балыкчы айылы Жангелдини таштап, жарадар аскерге ылайыктуу иш табылар деген үмүттү бетке кармап жолго чыкканда аялы экөө ага окшогон аскерлер азыр жер бетин бербей кезип жүргөнүн ойго алышбаптыр. Согуштан кайткандардын баары кайрадан жашоо-тиричилик менен алпурушуп калган кез. Дагы эле Эдигейдин алты саны амандыгы чоң шүгүрчүлүк экен. Буерде темир жолду кыдырып жүргөн буту жок, колу жок карып-мунжулар сансыз. Туш келген станциянын түтүн быкшыган, сасык жыты каңырсыган, отурарга орун жок карып-мунжу толгон жайларынын бир бурчунда бүрүшүп, уйкусуз чакыйып таң атырган узун түндөрдө Үкүбала аллага тообо кылып жакасын карманчу: адамды адам санынан чыгарып койгон ушул ыра-

йымсыз согуштан эри алты саны соо кайтканына миң мертебе ыраазы болчу. Станциялардан көргөнүнө үрөйү учат, жаны ачыйт. Бирөөнүн эки буту жок, бирөөнүн эки колу жок, шинелдери жыртылып, үстүлөрүнө үйрүп салар кийимдери жок, бирөөлөрү кош дөңгөлөк көчүк басар арабасын минип, бирөөлөр балдакчан, эки көздөн айрылган башкалары дагы бир чолокко жетелетип, үйжайсыз, аргасы түгөнгөндөр поезддан поездге жармашып, станциядан станцияга көчүп, ашкана менен буфеттердин эшигин жыртып, мас болгондору өкүрүп-өксөп ыйлап жаткан.., топураган шордууларды көргөндө жандан түңүлөсүң... Булардын эртеңки көрөр күнү кайсы, орду толбос мунжулукту кантип толтурмак? Эдигейинин башына деле ушундай күн түшмөк да. Ошо балээ эрине туш болбой четтеп өткөнүнө, контужин болсо да аман-соо келгенине жакасын кармаган Үкүбала бүт дүйнөнүн бүтпөй калган жумушун жалгыз бүтүрүп, бүт азап-тозогун өз мойнуна алууга даяр. Ошол үчүн ал чарчаганда аягын сүйрөй албай, чыдамы түгөнүп, жаны кашайган күндөрү да сыр бербей, арман кылбай, майышпай келе жатты.

Алансайын Эдигейдин жети өмүрү жерге кирет. Бир айла таппаса, бу турмуштун бир жылчыгына башбагып албаса арга куруп баратыры. Өлгөнчө жер безип жүрө береби. Тобокел деп шаарга бой урсамбы, жол болгусу бардыр деп ойлоду кээде. Эптеп ден соолугун чыңдап, бу оңбогон контузиядан айыгып алса, анан дагы күрөшүүгө, ар-намыс, адамдык даражасын коргоп алышка жараар эле го... Шаарга барганда көрөр күнү кандай болмок, балким маалы келгенде эптешип кетмек беле, башка бир топ жандай шаардык болуп калмак беле, ким билет, бирок тагдыры башкача чечилмек экен. Ырас, ал окуяны тагдыр дебесең эмне дей аласың...

Ошол Кумбел станциясында вагондон көмүр түшүрүп, өлбө жаным өлбө деп жүргөн күндөрдүн биринде

депонун көмүр үйгөн жайына төөчөн бир казак пайда болду. Кыязы чөлдөн жумуштап келген неме окшойт. Деги сыртынан караганда ошондой. Төөсүн четтеги ээнге үч буттап тушап койду да, бош кабын колтугуна кыскан тейинде эки жагын саксактай каранып баратып, Эдигейге туш келгенде:

– Эй, иничек, – деп кайрыла калды, – тиги төөгө көз сала турчу, бала-бакыра бейбаштык кылбасын. Балдардын адаты бар эмеспи, төө көрсө жинине тийип, же сабап калышпасын. Тушоосунан бошотуп да жибериштен таюу тартпайт тентектер. Мен азыр эле кайра келем.

– Бара бер, карап турам, – деди Эдигей чоң күрөгү менен көмүр салып жатып, кара көмүр, кара терге чыпкаланган кара чүпүрөгү менен терин арчынды.

Мандайынан тер шорголойт. Эртеден кечке тачкага көмүр жүктөп ансыз да ушерден кетпеген соң станциянын бейбаш балдары төөгө тийбесин деп карап туруш ага оорчулук кылмак беле. Балдар төө көрсө келекелеп тайрактата бере турган адаты бар эмеспи. Бир жолу ошентише берген соң төө жинин бүркүп бакырып, кубалай тап бергенин Эдигей өзү көргөн жайы бар. Балдар айлана качып, эзелки замандагы мергенчилерден бетер төө жаныбарды кайра таш менен, таяк менен ургулап айласын кетиргенде ээси жетип келип, араң куткарган...

Мына азыр да, кайдан-жайдан чыкканы белгисиз, жоон топ бала футбол тээп жетип келишти. Анан күүлөнүп алып, топту тушоолуу төөгө тебе баштады. Төө жалтанып качса да болбойт, улам бири жүгүрүп келип топту тээп, тобу төөнүн капталына дал тийсе гол салгандай кубана кыйкырат. Ар бири түз тээп тийгизишке эдиреңдеп ашыгат...

– Эй, жубарымбектер, тийбегиле, жоголгула буерден! – деп Эдигей күрөгү менен тап берди. – Болбосо азыр силердиби!

Балдар четтей берди, төөнүн ээсиби, же бу көмүр жүктөгүч неме кокус мас болсо ондурбайт дештиби, тобун тепкилешип алыстап кетишти. Алар жалтанбастан төөнү кыйнай беришсе Эдигей жөн гана сүр көрсөткөнү болбосо, бул алында кууп жете албасын балдар билип коюптурбу. Тачкага сузуп салган ар бир күрөк көмүр анын ошончо күчүн соруп жаткан. Алсырап, аргасыз оорукчан болуш адамды ушунчалык кор кылып, басынтарын өзү мурда ойлоп көргөн жан эмес. Башы айланып, жер көчөт. Тынбай куюлган тер жүдөтүп, мууну бошоп алсырап турат, энтиге дем алып какырынса өпкө-бооруна толгон көмүр тозоңу кара түкүрүк болуп чыгып, көкүрөгүн ачыштырат. Үкүбала анда-санда анын колунан күрөгүн ала коюп, тачканы өзү жүктөп, өзү дөбөгө чыгарып төгүп келет. Эдигейди кичине эс алсын деп четке отургузат. Аялынын үч бүктөлүп, үч кайышып иштегенин көрүп, Эдигей көпкө чыдап отура албайт. Теңселе басып кайра тура келет деле, күрөгүн кайра алат.

Алиги төөсүн көзөмөлдөтүп кеткен киши бирдеме салынган кабын көтөрүп, тез эле кайра келди. Кабын канжыгасына байлап, жөнөй берерден мурун Эдигейге жакын келди. Экөө оңой эле сөзгө кириштн.

Боронду разъездинде турган Казангап ушу киши эле. Экөө жердеш болуп чыкты. Ата-бабасы Аралдык казактардан экенин айтып салды Казангап. Ошондон улам экөөнүн ортосу дагы жакындай түшкөнсүдү.

Ушул жолугушуу эбепке-себеп дегендей Эдигей менен Үкүбала экөөнүн кийинки бүт өмүрүнө багыт берери анда эч кимисинин оюна кирген эмес. Казангаптын айтканы ушу болду: Боронду разъездине жүрсөңөрчү, аерден иш да, башкалка да табылар деди. Бир көргөндө эле тартып турган бешенеси жарык кишилер болот эмеспи. Казангап башкалардан айырмалангыдай анчалык деле бөтөнчөлүгү жок экен, бирок оор мээнеттен тапкан акыл-тажрыйбасы бар кадыресе киши экен. Бир кара-

саң, көптөн бери үстүнөн түшүрбөй көөнөрткөн кийимчен кадимки эле казак киши. Жымырайта жамачы салынып, зымырайта көктөлгөн, сыры кетсе да сыны кетпеген хром өтүк бутунда, дайыма төө минип жүргөнүнө ылайык тери шым көчүгүндө, көбүнесе сакталуу турган, сыртка чыкканда эскиртпей сактаган, жарашыгы кете элек темир жол форма шапкеси ичке моюнуна бек отурган чоң башы да эп келип турат. Ачуу тийген күн табына тотугуп, дайымкы ызгаар шамалга кайыгып көнгөн кара-көк өңү, тарамыштуу туурук колу эле бу кишинин ушу чөлдө туулуп, чөлдө өскөн жергиликтүү мээнеткеч адам экенин айгинелеп турат. Кажырдуу ийини тиричилик мээнеттен бүкүр тартып калганынан улам өзү орто бойлуу болгону менен каз моюн тартып кержейе баскан киши экен. Баарынан да көзү укмуш эле – кычыктарын желелеп бырыш баскан кара көзү ич-коюнунду аңтара тиктеп, баарын түшүнүп-билип, жымыңдап турат.

Казангап кыркка барып калган киши окшойт. Болбосо, тукул искелген кара муруту, буурул тартып калган чокчо сакалы көптү көргөн жан экенин билгизип, ошон үчүн кыркта көрүнөбү. Эмнеси болсо да, баарынан мурун оор басырык токтоо сүйлөгөн сөзү укканды муютуп салды. Үкүбала угуп туруп, бул өзү дурус киши экен деп сыйлап калды. Ар бир сөзүнүн орду-жөнү бар. Айткан сөзүндө ой, акыл бар. Контузия деген балээ денинен али кете элек болгон соң чабал жаныңды ого бетер кыйнаганың жарабас иним, деп сүйлөдү. Бул ишиң иш эмей эле мойнуңа минген мүшкүл экени бир көргөн көзгө көрүнүп туру, Эдигей. Мындай ишке али тыңый элек турбайсыңбы. Аягыңды араң сүйрөп калыпсың. Бул абалыңда сен азыр жеңилирээк иште, таза абада болуп, ак ичишиң оң. Мына биздин разъездде жол жумушуна киши таппай эки көзүбүз төрт. Жаңы начальник келген, өзүң ушерлик экенсиң дейт мага, ылайыктуу кишилерди чакырсаң боло деп кулак-мээми жейт.

А кишилерди мен кайдан табам? Баары согушта. Согуштан кайткандарына каалаган жерден иш табылып атыры. Албетте, биз турган жерге жыргал орноп калган эмес. Тегерек-теребел Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз эрме чөлү. Сууну алыстан цистерналап бир аптада бир апкелип турат. Кээде суу да учурунда келбей калат. Андайда алыс чөлдөгү кудуктан чаначтап суу ташыйбыз, эртеменен чыксаң кечинде араң кайтасың. Ошондо да сага окшоп бөтөн жерде түйшүк тартып кор болгуча жаман болсо да өз ата конушуң Сары-Өзөктө тургануна эмне жетсин, деп сүйлөп турду Казангап. Башбаанек болот, иштээр ишиңин жөнүн үйрөтөбүз, кожолук чарба да күтүп аларсың. Ал өз аракетине жараша. Экөөңөр тең али жашсыңар, дүнүйө куруп алыш кыйынбы. Ден соолугуңу чындап алсаң, анан Сары-Өзөккө көнбөй башка жакты эле дегдей берсең, жолуңар ачык. Аны жашай көрөрсүнөр да...

Казангап ушинтип айтты. Эдигей ойлонуп турду да, макул болду. Ошол эле күнү аялы экөө Казангапты ээрчип, Сары-Өзөк кайдасың деп Борондуга жөнөп калышты. Жолго камынып отургудай экөөнүн жыйган дүнүйөсү бар беле. Кийим-кечесин таныштыда, жөнөй беришти. Ал жердин тузун татып, ишин иштеп көрөлү дешти. Кийин Сары-Өзөктүн Борондусу экөөнүн өмүр тагдыры болду.

Кумбелден Борондуга бет алып, Сары-Өзөктүн чөлүн кезип өткөн ошол жол Эдигейдин эсине өмүр бою сиңип калыптыр. Обол мурун алар темир жолду бойлоп жүрүштү да, анан бара-бара темир жолдон оолактап, аңды-дөңбү карабай талаага салышты. Төтөлөп жүргөнүбүз дурус деди Казангап. Анткени бу жерде темир жол илгерки бир туздуу көлдүн кургап калган ордундагы шор такыр ойду тегеренип, он километрдей айланат экен. Такырдан ушу бүгүн да шору чыгып, кээ жери саздап турат имиш. Ар жаз сайын кар-жамгырдын суусу толуп, адам өтө албаган саз болуп, жай келгенде кайра

кургап, шор каткан такыр болуп калат. Ар жыл сайын ушул. Бир замандарда буерде чоң көл болгону тууралуу Казангап өзү да Сары-Өзөк чөлүн изилдеген Елизаров деген геологдон уккан экен. А киши менен кийин Боронду Эдигей да таанышып, экөө ысык тамыр болуп кетти. Акылдуу киши эле.

А кезде болсо Эдигей али Боронду атка коно элек, жергиликтүү бир темир жолчу казакка кокус жолугуп, анын тилине кирип, ээрчип бараткан жаралуу аскер – аралдык казак болуучу. Аялы экөө тирилиги өтөр жаңы жай, жаңы иш издеп, башта көрүп-билбеген Боронду разъездине баратты. Ошерге өмүр бою орноп туруп каларын али билбей баратты.

Жаз маалында аз күнгө ыраңы жашылданып, анан кайра күйүп кетип, саргайып жатчу Сары-Өзөктүн учкыйырсыз талаасы Эдигейди айран азыр кылды. Арал деңизинин чет-жакасында не бир айдың талаалар бар. Үстүрт сыртын эле алчы. Бирок мынчалык кенендикти ал өмүрүндө биринчи көрүп баратты. Чөлдүн улуулугуна өзүнүн рухун теңдештире алган адам гана бу тунжураган Сары-Өзөктүн эрме чөлүнө чыдай аларын Эдигей кийин түшүндү. Ырас, Сары-Өзөк кыйырсыз, адамдын учкул санаасы гана кучагына батыра алат. Елизаров акылман киши экен, башканын ою жетип, тилинин учунда турганды жөнөкөй гана түшүндүрүп коёр эле.

Төөнү жетелеп, алдыда ишенимдүү адымдап бараткан Казангап болбосо бул ээнде Эдигей менен Үкүбаланын эси чыгат беле. Төө минип бараткан Эдигей. Чынында Үкүбала төөгө минсе жөндүү болмок. Бирок Казангап, айрыкча Үкүбала өзү болбой Эдигейди зордоп мингизишкен: «Биздин дени-кардыбыз соо, сен күчүңү сакта кыйыктанбай, жолдон кармабай мин, барар жол алыс»... – Жол алыс, төө жаш экен, ошол үчүн жолоочулардын экөө жөө бири ком үстүндө. Эдигейдин азыркы Каранары болсо го сөз башка, үчөө тең минип алып, желе-жорто жүрсө үч-төрт саатта кирип бармак. Ал күнү

болсо Борондуга түн бир оокумда жетишти.

Тегеректеги жердин жаңылыгы, анан да узун жолду кыскарткан сөз менен жүрүп отурушуп, үчөө жол алысын анча байкабады. Казангап жолду катар бул аймактагы жашоо-тиричилик, өз өмүрүн узун сабак аңгеме кылып айтып жүрүп отурду. Сары-Өзөккө кайдан, качан, кантип келип темир жолго иштеп калганын айтты. Көрсө согуш бүтөр ошол жылы отуз алтыга караган курагы экен. Эли-журту Арал боюндагы казактардан. Айылы Жангелдиден отуз чакырым нараактагы жээкте Бешагач экен. Айылынан кеткенине көп жылдар болсо да Казангап Бешагачка кайра кайрылып такыр барбаптыр. Анын да себеби бар экен. Кулактарды тап катары жоюп жаткан кезенде анын атасын да жер оодуруп айдаптыр. Атасы кулак деле эмес экен, андай орто чарба кишилердин кээ бирин жаңылыштан, аша чапкандыктан айдаган каталык ачылып, кайра бошотондо жолдо келатып, үйүнө жетпей каза болгон экен. Жаңылыштан өлгөн экен а киши. Атасыз калган үйдүн балдары чилдей тараптыр. Ошо бойдон бири биринин дайынын билишпейт экен. А кезде улан курак Казангапты эпкиндүү актүптөр[1] улам бир жыйналышта эл алдына чыгарып, атасын жамандатып сүйлөтүп, ал учурдагы саясатты жан-дили менен колдоорун айттырып, атам жат элемент катары туура жазаланды, атаман кечем, менин атамдай тап душмандарга жер бетинде орун болбошу керек, каерде болбосун алар жексен болушу керек дедиртип, жанын кашайткан экен.

Ошол шерменделиктен кутулуш үчүн Казангап башы оогон, эл тааныбаган алыска аргасыз ооп кетет. Самаркандын жакасындагы Бетпак-Талаада алты жыл иштеп турат. Эзелтен буурусун тилбеген ал жерди ошо кезде пахта айдоого жаңыдан өздөштүрө баштаган чак. Иштээр кол жетишпей жаткан. Казангап обол жер ка-

[1] актүптөр – активдер же жергиликтүү эл башчылар.

зуудан баштап, анан тракторист, бригадир болуп иштейт, эпкиндүү эмгегине ардак грамота алат. Ошерден үйлөнөт. Эмгек акысы дурус деп Бетпак-Талаага туштуштан келип аткандар көп боло турган. Хиванын жакасынан агасынын үй-бүлөсүнө аралашып Бүкөй деген каракалпак кыз да келиптир. Көрсө экөө ошерден жолугуп, баш кошору бешенеге жазылган белем. Бетпак-Талаада баш кошуп, Казангаптын эл-журтуна, Аралдын боюна жөнөмөй болушат. Бирок жаңылышкан экен. Поезддан поездге, «Максимге» улам алмашып түшүп, көп жүрүштү. Акыры Кумбелге жетип, дагы поезд которуп түшөрдө ошерден кокус Аралдык жердештерине жолугуп калды. Сураштырып көрсө, азыр Бешагачына баруунун кажаты жок сыяктанды. Көрсө аякта баягы эле баш ал десе бөрк алгандар бийлик башында экен. Андай болгондо айылыма барып эмне кылам деди Казангап. Бирдемеден корккон жок, керек болсо ак эмгегин далилдеген грамотасы бар колунда, Өзбекстандын өзүнөн алган. Эл алдында өзүн шерменде кылып табалаган кишилерди кайра көргүсү келбеди. Эки тизгин, бир чылбыр дале ошолордун колунда болсо эми кайрылып барып, эчтеме болбогондой алар менен учурашып, катар иштеп жүрө алабы!

Ал тууралуу Казангап эстей бергенди жакшы көрчү эмес, илгеркинин баарын адамдар алдагачан унутуп коюшканын да билчү эмес, Сары-Өзөккө туруп калгандан кийинки узак жылдардын ичинде эки окуя болду: биринде Казангап унутуп калчу эчтеме жок экенин билгизди. Анысы уулуна катуу ачууланганда болду. Экинчиси Эдигейдин обу жок орунсуз тамашасынан улам чыкты.

Бир жолу Сабитжан шаардан келип, баары чогулуп чай ичип, шаардын жаңылыктарын угуп отурушкан. Ошондо Сабитжан күлүп айткан сөзү бар: коллективдештирүү мезгилинде Синьцзянга ооп кеткен казак менен кыргыздар эми кайтып келип жатышат. Кытай алар-

ды коммунналарына киргизип, үйүнөн тамак ичирбей күнүнө бир жолу бир казандан тамак берип, кары-жашына карабай табагын ар кимисинин колуна карматып, кезекке тургузуп коёт экен. Кытайлар көргүлүктү көрсөткөн соң эми качкындар үй-жайын таштай качып келип, киргизсеңер экен деп суранып жатышат шордуулар, тим эле айланып-кагылып жалынат деп күлдү Сабитжан.

– Мунун эмнеси күлкү? – деп Казангап түнөрө түштү, ачуусунан эриндери титиреп кетти. Кээде гана болбосо мынчалык ачууланчы эмес, айрыкча боор эти менен тең көргөн, эчтемеден кем кылбай окутуп-чокуткан, чоң киши болот деген үмүттө жүргөн уулуна минтип катаал сүйлөп, ачууланбаса керек. – Кайсы ырысына күлөсүң? – деди башына кан тээп, буулугa сүйлөп.– Элдин шоруна күлүп...

– Анан эмне дейин? Мына кызык! – деди Сабитжан. – Болгонун болгондой айтып атырым.

Атасы унчукпай буулду, алдындагы чайлуу пиаласын жылдырып койду. Түнөргөндөн түнөрүп, үйдүн ичи бук болуп кетти.

– Кимге таарынып, кимге арман кылмаксың? – деди Сабитжан таң кала эки ийинин куушуруп. – Түшүнбөйм. Дагы айтам, арманың кимге? Мезгилгеби? Мезгил карматпайт, Өкмөткөбү – акың жок.

– Бери кара, Сабитжан, мен өз алыма жараша өз ишим бар карабайыр кишимин. Башка жумушка киришпеймин. Бирок, сени өз мээң менен жетти го дечү элем, билип ал да эсиңен чыгарба. Кудайга арман кылышка акың жок, ажалын жиберсе – күнүңүн бүткөнү, туулмай жалган, өлүм ак деген ошол. Дүйнөдө калган баардык нерсенин сурагы болуш керек! – Казангап ордунан турду да, эч кимди карабастан түнөргөн боюнча сыртка чыгып кетти...

Башка бир жолу,– анда Эдигейдин Кумбелден келгенине көп жыл өтүп, Борондудан орун-очок алып, бала-

чакалуу болуп калган жаз маалы эле, кечке жуук малын кашаага айдап киргизип жүрүп, Эдигей кой-козуларынын туягы көбөйгөнүн карап, тамаша кылып койду:

– Аябай эле байып алыппыз го, Казаке, кулакка кайра тартса да болгудай!

Казангап көзүнөн чаары чыга жалт карады, сакалы сербейе түштү.

– Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлөгүн!

– Сага эмне болду, эй, тамашаны билбейсиңби?

– Бул тамаша эмес.

– Койчу, Казаке. Качандыр бир өткөнгө...

– Кеп ошондо. Байлыгыңы алып койсо өлбөйсүң, эптеп күн көрүп кетесиң. А эгер абийириңди тепсеп салышса, аны эч ким кайра тазарта албайт...

Бирок Кумбелден Борондуга келаткан жолдо бу сөздөрдүн болушу али абдан алыс болчу. А түгүл Борондуга барганда кандай күн болот, орун алып туруп калышабы, же аялы экөө кол кармашып алып дагы бир жакка тентип жөнөшөбү – бу да белгисиз. Жолду катар жөн гана аркы-берки сөздөр сүйлөнүп келатты. Бир учурда Эдигей Казангаптан кандай себеп менен согушка барбай калганын сурады: ден соолугуна байланыштуу болгонбу, же башка себеп беле деди.

– Жок, кудаага шүгүр, дени-кардым соо, – деди Казангап,– согуш башталганда деле куландан соо болчумун, барсам башкалардан кем согушмак эмесмин. Иш башкача болгон...

Бетпак-Талаадан келаткан Казангап Бешагач айылына барбас болуп, же кайра кайтып кете албай – атайы көчүп чыккан соң кайра кайтыш кандай болот? – же башка дайындуу багыты жок, дендароо болуп Кумбелде туруп калганда станциянын начальнигинин көзүнө түшөт. Кайдан келаткан жөн-жайын кайда барып, эмне жумуш кылар жөн-жайын сурайт да, Казангап менен Бүкөйдү жолулаш товарнякка салат, Борондуга жөнөтөт.

Аерде иштээр киши керек болуп атыры, экөөнөр эң ылайык жуп экенсинер деп, разъезддин начальнигине кат жазып берет. Казангап куп көрөт. Ошенткени туура болуптур. Эл жайнап, шатыра-шатман иш кызыган Бетпак-Талаадай кайдан болсун бу Сары-Өзөктүн эрме чөлү, анткен менен бара-бара көнүп, ык алып, жашап калышты. Жаманбы-жакшыбы, иши кылып өздөрү менен өзү. Келинчеги экөө темир жол жумушчусу болуп катталуу, бирок разъезддин баардык жумушу экөөнүн мойнунда. Чынында экөөнүн баш кошуп баштаган турмушу ушерден ирденди. Уч-кыйырсыз Сары-Өзөктүн ээн талаасында, Боронду деген разъездинде Казангап менен Бүкөй – биргелешкен эки жаш тирлигин баштады. Ырас, алгач бир-эки жолу тыйын-тыпыр чогултуп алып, башка жакка элдүү, чонураак станция болобу, же шаргабы, орун которуп алалы деген акылга келишти, бирок антип-минтип камылга бүткүчө согуш башталып кетти.

Ал анан Борондуда тыным жок: аскер салган эшелондор батышка жөнөп жатты, согуштан качып жер оогондор батыштан чыгышка өтүп жатты, азык-түлүк жүктөгөн эшелондор батышка, жарадарларды салган эшелондор чыгышка байма-бай каттап жатты. Турмуш калыбы капилеттен өзгөрүп кеткени ушул эрме чөлдөгү ээн Борондуда кадимкидей сезилди...

Семафорду тез ачкын деп, батыштан келген паровоз быяктан бакырса, менин жолуму мурун ач деп, чыгыштан келген паровоз тыяктан бакырат... Жүк оорун көтөрө албай шпалдар майышып, рельса темир жешилип жатты. Бир жериндеги полотнону ондогуча башка жериндегиси иштен чыгат...

Эшелондон эшелон үзүлбөй аскер толгон вагондор удаама удаа өтүп жатты, өтүп жатты, күндүр-түндүр өтүп жатты, анан жумалап, анан айлап, анан жылдап аскер тыйылбай фронтко өтө берди. Мынча эр-азамат кайдан чыгып, толуп жатканына башың маң. Ошончо эрдин

баардыгы тиги батышка, эки дүйнө айыгышып жаткан батышка өтүп жатты, өтүп жатты...

Азбы-көппү, анын артынан Казангапка кезек келди. Согушардын кезеги. Кошуун топтошор жер Кумбел экен, чакырык ошол жерден келиптир. Разъезддин начальниги чакырыкты билгенде чачын жулду: жарым станча түйүмдө миң бир сан поезд аркы-терки өтүп жатса, аерде иштеген жалгыз киши үчтүн ишин аткарып жатса, аны да согушка алып кетип жатса, бу эки салаа темир жолуң резинке эмес гой, өлүп кетебизби деп боздоп жиберди... Ага болобу, батыштан келген паровоздор семафор ач деп батыштан бакырат, чыгыштан келген паровоз жол бер деп чыгыштан өкүрөт... Эки жактан бетме-бет келген составдарды токтотпой өткөрүп жиберишке разъездде дагы кош жол керек дешке ооз барбайт, айтсаң укандар көчүгү менен күлбөйбү, төбөңөн камчы сокпойбу. Жоо Москваны коколоп турганда антип айтышка кимдин оозу барат...

Согуш жылынын эрте келген биринчи кышы түшүп, чыйрыктырган акшамы менен каракүүгүмү да эрте түшкөн кез келди. Казангап аскерге жөнөөр күндүн алдыңкы түнү кар жаады. Эң оболу мурун сампарлап, анан зампарлап жаап берди дейсиң, башка заманда ызгаары мээни көзөгөн Сары-Өзөктүн чөлүнө, ою менен жонуна ошол түнү кар жарыктык жаап турду, чаар асман менен чыбыр жер беттешип-биригишип, жыбыт жылгасынан кар эриндиси жаш агып ыйлап турду. Сары-Өзөктүн ызгаар шамалы даяр белем, обол мурун тозоң ойнотуп элпип-желпип келди, күрткү болуп ката элек карды үйлөп келди. Күтө түшүп борошосун баштайт эмеспи, андан кийин буюктурар бороону келет эмеспи, тегиз жааган карды аң-куйга, ой-жонго тыгып, темир жолдун үстүн катырат эмеспи. Ээн талаа – эрме чөл Сары-Өзөктүн жан карабаган ээндигин чыкыйыңы кесип өтүп жаткан кан тамырдай жаткан темир жол ошондо эмне болот? Чыкыйдагы кан тамыр кагып турду, – чыгыштан батыш-

ка, батыштан чыгышка поезддер байма-бай каттап турду...

Ошо түндүн таң маалында Казангап согушка жөнөдү. Узатуучулары жок жалгыз жөнөдү. Бирок, узатып бараткан жанында аялы Бүкөйү бар, Бүкөйүнүн кучагында наристеси Айзада бар. Ушуну да узатып эч ким чыккан жок деп айтышка болобу?.. Үйдөн чыгып кар малтап бир аз баса түшкөн Бүкөй башым айланды деп теңселип токтой калды. Оромолдун оромосундагы баланы Казангап Бүкөйдүн колунан ала койду. Аягы менен баскан экөө, биринин боорунда экөөнүн чүрпөсү – үчөө ошол түнү кар бетинде калтырган из балким кылымда калбагандыр. Тагдырың кургур, аялы менен баласын өзү иштеп турган тоом жол кепесине жеткирип, өзү Кумбелге бараткан товарнякка түшмөй болду. Эми Бүкөй эринин ордуна тоомчу болуп калып жатты. Эрди-катын ушерден коштошту. Айтылар сөз айтылып бүткөн, ыйлаар жаш түндө эле агып соолуган. Алып жөнөчү паровоз анда-санда чыйк этип коюп жолдо белен турат шаштырып. «Сосун түсшенчи» – деп машинист үн салып коёт караңгыдан. Казангап туткасын кармап, караңгыда кара паровозго жабышты, паровоз зунулдатып кош бол деген доош салды, анан күш-быш деп жыла берди, сары боор чоң дөңгөлөктөрү Бүкөй багыттаган тоом жолду жапшыра басып өтүп баратканда эринин өтүгү аягында, жүн жоолукка оронуп белин курчанган, бир колунда сары желек, бир боорунда нариste баласы бар Бүкөй, ызгаар кара шамалданбы, эрин узатып жатканданбы аргасыз көзүнөн жашы чууруп, уч-кыйырсыз – учутүпсүз темир жолдун боюнда кала берди. Бирине бири кол булгагандай болду окшойт, бирине бири кыйкырып үн салгандай болду окшойт... жарк эткен көз, жаңсаган кол... анан семафордун кызылы жашыл болду... ошол ошо болду...

Анан Казангап түшкөн поезд жүрүп берди, эки тарапта сүткө жуугандай ак-боз талаа, сүткө жуулган ак-

боз талаа бетке жабылып, түндө көрчү түш болуп калып жатты. Паровоз арылдап күүлөнгөн сайын кар тозоңдуу ак бороон бетке чаап, күйүп жаткан көмүрдүн жытына аралаш атам-замандан берки калган кар жыты бешенеге уруп баратты... Казангап паровоздун айнегинен башбагып, ушул Сары-Өзөктүн кышта ызгаар, жайда ысык шамал абасын өпкөсүнө толтура жутуп, бу эрме чөлдүн кан тамыры өзүнүн кан тамыры менен түбөлүк бир тамыр экенин сезип баратты...

Бул аймакта алынгандардын баардыгын Кумбелге чогултчу. Баардыгын катар-катар тизип, аты-жөнүн чакыртып, вагондорго бөлүштүрүп салып жөнөтчү.

Ойдо жок иш мына ушунда болду. Казангап өз тобу менен вагонго түшкөнү шартылдашып баратканда кимдир бирөө кокустан колтуктап тартып калды.

– Асанбаев Казангап! Асанбаев ким! Катардан чык! Мага кел!

Казангап буйрук аткарды.

– Асанбаев менмин!

– Документиңди апкел!.. Туура экен. Өзү тура. Мени менен жүр.

Казангап алиги кишини ээрчип, станциянын ичиндеги аскер чогулчу жайга барды. Алпарып алып алиги кишинин айтканын кара:

– Асанбаев сен болсоң, кылчайбастан үйүңө кет! Аңдадыңбы, аялдабай кайт!

– Түшүндүм,– деди эчтеме түшүнбөгөн Казангап.

– Түшүнгөн түшүнүгүң болсо жөнө, бул жерде бутка илешпе! Башың бош!

Жөнөп жаткан, жөнөтүп жаткан калың топ, ызы-чуунун ичинде Казангап эсин жыя албай калды. Оболу бошотуп жатканына бир кубанып алды да, кайра жүрөгүн зырп эткизген бир сезимден улам дене-боюн муздак тер басты. Ээ, де, ошондон де! Муну билген соң топту жиреп-сүзүп өтүп аскер чогултар начальникке жетти.

– Ой, каякка жулунасың? – деп тыгылышып турган эл жаалап жиберди.

– Ашыккан иш мени ки! Эшелонум жөнөп атыры, ашыккан иш мени ки! – деп жиреп өттү.

Махорканын түтүнү быкшыган, телефондору тынбай чырылдаган бөлмөдө стол кучактап отурган кишини элдин баары жаалап турган экен, Казангап жулунуп жетип барганда, тиги киши мырыя карады:

– Сага не керек, не жумуш менен?

– Мен макул эмесмин!

– Неге макул эмессиң?

– Атамды ак жеринен айдап жиберишкен экен. Ал кулак эмес болчу! Кагаздарыңызды аңтарып көрүңүзчү! Атам орто чарба киши болчу.

– Токто-токто! Сага не керек?

– Атам жөнүндө мени согушка албай жатсаңар – туура эмес.

– Эй, сен эмне деп былжырап атырысың? Кулак-сулак деп кайдагы унутулган кепти айтып! Көктөн түшкөнсүп өзүң кимсиң?

– Боронду лук Асанбаев деген болом.

Начальник тизмени карап калды.

– Ой, бая эле ошентпейсизби. Кулак-сулак, батрак-шатрак деп баш айланттың го! Сени ки бронь тура! Жаңылыштан чакырылыпсың. Темир жолчуларга тийбегиле, иш ордунда калсын деген жолдош Сталиндин буйругу бар эмеспи! Бар анда, бактың бар экен, бирок ишти иштей иштеп бересиң, аңдадыңбы?..

* * *

Акшам маал болгондо жолоочулар жол арытар аягына жакындагандай болушту. Жүргөн багыт кайрадан темир жолго жакындатып, нары өткөн-бери өткөн поезддердин вагондору айра тааныла баштады. Сары-Өзөктүн эрме чөлүндө поезд составынын оттору жылдыз курт-

тай көрүнүп, чыгыштан батышка – батыштан чыгышка кербен тарткан паровоздордун доошу угулуп калып жатты. Бир кызыгы – алыстан караган көзгө тиги сызмада бараткан эшелондор оюнчук болуп көрүнөт. Кеч жууктаган сайын көктөмдүн табынан алган жарытпас жылуусу муздап, каракүүгүм катуулап басып келатты.

– Биздин Боронду деген тигине! – деп Казангап кол жаңсап, эки өргөчтүн ортосунда отуруп келаткан Эдигейге жана да тепеңдеп чарчай басып келаткан Үкүбалага көрсөттү. – Аз калды, азыр жетебиз, анан кудай буюрса, эс аласыңар.

Алдыда темир жол жаа болуп ийиле берген сырт үстүндө, теребелинде темир жолдон башка белги жок ээн талаада эрбейген он чакты кепеси бар айыл көрүндү. Темир жолдун запас жолунда семафордун ачылышын күтүп бышылдаган паровозу башында состав турат. Айлана-тегеректи карасаң башка көзгө такат кылар белги жок, жуурулушуп жондонгон майда чыбыр, ээн талаа, эрме чөл.

Аралдын ээн жээгинде чоңоюп өскөн Эдигей бу көрүнүштү көргөндө аң-таң болду. Көгүлтүр тартып дайыма карасаң көлбүп турган деңизи бар дүйнөдөн ушул тирүү жан байласа токтогус эрме чөлгө келдимби, бу жердеги жашоо-тиричилик, көргөн күн эмине болот деп эси чыкты.

Үкүбала жандай басып, Эдигейдин жип үзөңгүдө салбактаган шыйрагына колун тийгизди да, бир азга кармай жүрдү. Ушул аракетин Эдигей: «Кудай сактасын, өзүң ал-кубатыңа келип тыңып алсаң болду, калганын жашай көрөрбүз...» – деген ою деп түшүндү.

Кийин бүт өмүрүн жашап өткөрөр жерге жакындап калганын бир ойлонуп, бир ойлонбой экөө жакындап келатышты.

Батар күн батты. Кара күүгүмдү басып түн кирди да, асманга жылдыз толду. Сары-Өзөктүн ээн талаа, эрме чөлүнүн төбөсүндөгү ээн асман, эрме көккө жылдыз тол-

ду. Мына ушул маалда жолоочулар Борондуга жетти.

Эки аптадай Казангаптын үйүндө турушту. Анан бөлүнүп чыгышты. Жол жумушчуларына делген күнүмдүк кепеден жай бериштн. Мына ошентип экөөнүн Борондудагы өмүр-турмушу башталды.

Жаңы тириликтин кыйынчылыгына карабай, Сары-Өзөктүн ээндигине көнө албай, алгач ээнсиреген не карабай, Эдигейге эки нерсе чоң кубат болду: бири – таза аба, экинчиси – төөнүн сүтү. Абанын тазалыгын айтпа, арылдаган желаргысы бар атам замандан калган салты ошо бойдон. Экинчисине болсо, Казангап эки ингенинин бирин сааига берди.

– Биз катыныбыз экөөбүз акылдашып отуруп бу сөзгө келдик,– деди Казангап,– өзүбүзгө сүт жетет. Акбозбашыл деп койгон каймал бар, силер ошонун сүтүн саап ичкиле. Өзүңөр карап, өзүңөр багып алгыла, болгондо тиги сүт ботосун кууратпагыла. Катыным экөөбүз акылдашып, силерди үй-бүлөдөн бөлүп чыгарып жаткан соң, ошол сүт ботону энчилеп бердик. Жакшы баксаң ак-жолтой ботонун артынан үйүр-үйүр малдуу болорсуң. Кокус кетем деп сатып жиберсең жол кирене жарар.

Акбозбашыл ингендин ботосу болсо, жонунда эки томпогу бар, көзү жалжылдаган кичинекей жаныбардын туулганына эки апта толбоптур али. Баарынан да ботонун көзүн көрүп боор ооругудай: жаныбардын көзү-ай, атасыз калган баладай, энесиз калган баладай жалдырай карап, балбылдай тиктеп турса эзилбеген жүрөк элжиреп кетчүдөй. Анан калса кээде энесин тегерене тайраңдай чуркап, балдар «тай-тай тайлак, эки аягы айрак» деп чычалатчу тайлак боло тургандай бото экен. Дагы бир кызыгы – энесинен алыстай түшсө кашаанын ичинде жүрүп боздоп жиберет. Ошол сүт бото кийин, мына бүгүнкү Борондуу Каранар болуп чыгарын анда ким ойлоптур. Бу Сары-Өзөктүн аймагына атагы чыккан Каранар болорун ким ойлоптур. Борондуу Эдигей менен Борондуу Каранардын өмүрү тагдырлаш болот деп

ошондо ким ойлоптур. Анда сүт бото, аны багам деп Эдигей эртеден кереэли кечке убара. Ал согуштан мурда эле Аралдын боюнда төө жаныбар менен жакындык жайы бар эле, эми кыш кирип келатканда кичинекей Каранарды кулундай үртүктөп боорун жылуулап кичинекей жабуу жаап, ороп-тумчулап койду да, ботосунун кебетесин карап алып өзү күлдү: ийрек моюн, жаңы билинген эки өркөч сымалы гана болбосо бу жаныбарды эмне деп айтышка кызык. Жаз чыгып, күн жылымдаганча тайлагы ошол «кийими» менен жүрдү: ээн талаа, эрме чөлдө бооруна сыз өтпөсүн деген ой менен кичинекей Каранарды Эдигей ошол кышта ошентип багып чыкты.

Ошол күздө Эдигей өзү да кубатына кирип, оңолуп келатканын сезди. Мурдагыдай башы айланып кетмей адаты калды. Кичине иштей койсо жан тери чыгып, кулагы чуулдап кетмейи да акырындап кала баштады. Кыш ортосунда темир жолду күрткү уруп калган күндөрү эл менен тең катар жол тазалоого чыгып жүрдү. Жаш эмеспи, анын үстүнө табиятынан өжөр өскөн неме барабара кадимкидей тыңып, кечээ жакында эле араң аяк шилтеп жүргөнүн унутуп да салды. Акыры куйкул сакал догдурдун айтканы келди.

Кээде көңүлү чак болуп турган учурда Эдигей ботосун ийрек моюнунан кучактай кармап, сылап-сыйпап эркелетип, тамашага чаптыра мындай дей берчү:

– Экөөбүз эмчектеш бир туугандай эле болуп калдык. Акбозбашыл инген энеңин сүтүнө сен мынча торолуп калдың, мен болсом контужиндин чабалдыгынан кутулдум. Кудай ушуну менен биротоло куткарса болгону. Айырмабыз гана сен эмчек ээмп күчөндүң, мен болсом саап алып сүтүнөн шубат кылып ичтим...

Кийин көп жылдар өтүп, согуштун кээри унутулуп, балдар өсүп-өнүп мектепте окуп калган кезде, Каранар Боронду атка конуп, Сары-Өзөктүн учу-кыйырына даңкы таш жарып турган кезде Боронду разъездинде өзүнчө

суу чыгаргыч курулуп, суу ташуунун азабы да унутулган кезде, Эдигей тунукелеп жаап зыңгырата там салып, көп жылдан берки азап-тозогунан кутулуп, турмушу кадыресе оңолуп калган кезде үч сүрөтчү келди. Ошолор менен болгон бир сөз Эдигейдин эсинен көпкө чыкпай жүрдү.

Фотокорреспондентпиз деп таанышты келген үчөө. Борондуда мындай окуя эзели болбогон чыгар. Адамдын ич-койнуна кире калган, эрди эрдине тийбей эбиреп сүйлөгөн немелер экен. Борондуу Каранарыңыз менен ээси сиздин сүрөтүңүздү баардык гезит-журналдарга чыгарабыз, атыңыз алыска кетет, ошол үчүн биз атайы келдик деп өпкө көптүрүп салышты. Айлана-тегеректеп бир топ кишилер карай бергени Каранарга жакпады, азуулуу оозун чоң ачып, жин бүркүп бакырып, башын өйдө чулгуп, жанымы жайына койгула деп жаткансыды. Тиги келгендер буураңызды тынчытсаңыз экен, мындай-тигиндей тургузсаңыз экен деп жанаалдары калбай далбасалашат. Чогуу түшкөнүбүз дурус деп, Эдигей ал ортодо бала-бакыра, катын-калачтарды, Казангаптын өзүн да чакырып, эдиренден алган. Фотокорлор ага каршы болбоду, аппараттарын шыркылдатып тыяктан да, быяктан да тартып жатышты. Анан Каранарга баарын мингизишти: ийри моюнуна эки бала, жонуна беш бала, ортосуна Эдигей өзү минди. Каранар бакырып ордунан турганда Эдигей мурдун асмандата көтөрүп, мына, бууранын күчүн көрүп алгыла дегенсип эдирейди. Эң мыкты болду деп сүрөтчүлөр муну да тартышты. Тегеректегендердин ызы-чуу, күлкүсүн айтпа! Андан соң сүрөтчүлөр Каранардын өзүн тартмак элек деп, сырын айтты. Тартсаңар тарткыла деп Эдигей терикпестен буурасын кармап берди.

Сүрөтчүлөр Борондуу Каранарды туурасынан да, маңдайынан да, жакындан да, оолактап да тартышты, анан Эдигей менен Казангаптын жардамына таянып бууранын боюн, өркөчүнө чейинки бийигин, көөдөн жоонду-

гун, тулку боюнун узунун ченешип, баарын жазып алышты.

– Укмуш бактериан! – деп суктана мактап жүрүштү. – Гендер мыкты иштеген экен. Бактериандын классикалык тиби! Көкүрөктүн кеңдигин кара! Эң сонун экстерьер![1]

Эдигей алансайын көтөрүлдү. Анан алиги түшүнүксүз сөздүн маанисин сураса, «бактериан» деп илимде эки өркөчтүү төөнүн эзелки тукумун айтат экен.

– Ошентип бактериан дегилечи?

– Болгондо да эң тазасы! Алмаз!

– Азыркы ченемиңердин кереги барбы?

– Илимге эң керек.

Гезит-журналдарга бастырып, данкыңарды чыгарабыз дегени тим эле алдамчы сөз экен, бирок жарым жылдан кийин Эдигей калың бандероль алды. Зоотехникалык факультеттерге арналган окуу китеби экен, сырткы бетинде классикалык бактериан Боронду Каранардын барандуу сүрөтү басылыптыр. Китепке кошуп деги эле көп сүрөт салып жиберишиптир, арасында түстүү сүрөттөр да жүрөт. Ошол сүрөттөрдү карап отуруп, ал кез бир жыргал кез тура деп көңүл толот. Согуштан кийинки жылдардын азап-тозогу артта калган, балдар али балалыктан чыга элек, чоңдор ал-күчкө жетип турган убагы, карылык али алты кырдын ары жагында,– мына ошондой кызык учур эле.

Эдигей а күнү Боронду луктарды чакырып, кой сойду. Дасторкон толо тамак-аш, арак-шарап, көбүк чертken шубат, балыктын нечен түрү, атүгүл кызыл икра, коньяк да бар, колбаса, конфеттер, иши кылып дүйүм даам. Акча болсо болду да. Бирок баары жайнап турса көп деле сатып албайсың, артык дүйнөнүн кереги эмне дегенденби? Анда көчмө дүкөн вагон келип турчу эле, эми изи сууду...

---

[1] э к с т е р ь е р – (*фр.* сырткы) жаныбардын сырткы турпаты, түзүлүшү.

А күнү кенен-кесири жакшы отурушту, Боронду Каранар деп да ичишти. Анан сөздөн сөз чыгып отуруп, алиги келгендер Каранардын кабарын Елизаровдон угушканын билишти. Сары-Өзөктө Боронду Эдигей деген тамырым бар, ошонун Боронду Каранар деген буурасы бар, дүйнөдө андай келишкен буура жоктур деп, Елизаров айткан тура. Кайран гана Елизаров! Адамдын асылы, Сары-Өзөктүн санжырасын билген улама, илимпоз адам эле... Боронду га Елизаров келип калды дегиче, үчөөнүн маеги түгөнбөй таң атаар эле...

Ошону эстеп, алиги отурушта Казангап менен Эдигей улам биринен бири озуна Сары-Өзөктүн улама сөзүнө кириштн: бу ээн талаа эрме чөл Сары-Өзөктүн төөлөрүнүн тукумун баштаган түпкү энеси атактуу акбозбашыл Акмая желмаян инген тууралуу, аны таптап минген ээси атактуу Найман-Эненин жомогун, Найман-Эне ушул Эне-Бейитке коюлганын узун сабак улама кылып айтышты. Боронду Каранардын ата-теги кайдан экенин карачы! Бул илгерки жомокту гезитке жазып коюшса ажап эмес деп жоромол кылышты. Отурган коноктордун баары тегиз бул уламаны кунт коюп угушту, бирок бул айтылгандын баардыгы тегеректе айтылып жүргөн аңыз болсо керек деп ойлошту. Елизаровдун ою таптакыр башкача эле. Акмая желмаян туурасындагы улама сөз, ал өзү айткандай, тарыхый бир чындыктын чагылышы болуусу абдан мүмкүн деген пикирде эле. Мындай улама-кайып кептерди Елизаров дамаамат кунт коюп угар эле, өзү да талаа элинин оозунда жүргөн илгерки кеп-сөздүн көбүн билчү...

Меймандарды кечке жуук узатышты. Эдигейдин мартабасы балант болуп калган чагы эле, анын үстүнө меймандарга кошулуп ичип да алган, ошол үчүн ойлонбой туруп Казангапка балп эттире айтып салды, айтылган сөз колдон учкан куш эмеспи:

– Э, Казаке, чыныңды айтчы бу Каранарды сүт ботосунда пенделик кылып мага берип салганыңа азыр ичиң ачышпайбы, ыя?

Казангап аны бир карап, мыйыгынан күлүмсүрөп койду, кыязы мындай сөздү күтпөсө керек. Анан ойлоно калып, айтты:

– Баарыбыз эле пендебиз дечи. Бирок ата-бабалардан калган мындай заң бар: мал ээси машаяк дейт. Буюрганы. Каранар сага буюрган экен, азыр машаяк ээси өзүнсүң. Кокус башка бирөөнүн колуна туш келсе ким билет кандай болмогун, же тайлагында жайрап калат беле, же даакысы боорунан түшпөй, көзүнөн шоросу арылбай кор болот беле. Кудай сага буюрган экен, кут болсун. Менин колумда мурда да не бир бууралар болгон, алар да ушул эле Каранардын энеси акбозбашылдын ботолору болуучу. Ошо балдарынын бирин мен сага энчилеп бергем... Кудай кут кылсын, жаныңа жолдош болсун. А жанагы айткан сөзүң бекер сөз...

– Айып менде, Казаке, кечирип кой,– деп Эдигей байкабай айткан сөзүнө уялып калды.

Анан баштагы сөздү улантып, Казангап дагы буларды айтты: уламага караганда алтын инген Акмая жети бото тууган экен, төртөөсү ургаачы, үчөөсү эркек болуптур. Ошондон бери тукуму бүт бойдон ингени акбозбашыл, буурасы карабашыл чыгып, жалпы түсү тору күрөң келет экен. Каранардын бу кейипте туулуп калганынын жөнү да ошондон улам. Акбозбашыл ингенден карабашыл буура чыкса эле ал Акмаянын тукуму дей бер. Андан берки эки жүз жылбы, үч жүзбү, беш жүзбү же андан көп жылдар өткөндүр, аны ким билсин, бирок Акмаянын тукуму үзүлбөй келатат. Бу Боронду Каранардай сырттан буура анда-санда чыга калышы да ошо себептен. Мына эми жолуң боло берди, Каранар сага буюруп туулуптур, баркына жетип асырап ал...

Кийин Каранар жетилип-толуп кыш чилдеде кирген маалы келди, жанына киши жолотпой буркулдап, Эдигейди бушайман кылды, караанын көрсөтпөй жумалап жоголуп кетчү болду, ошондо же актап саларын билбей, же кишендеп кармап отуруштун айласын тап-

пай, Эдигей ошол эле Казангаптан акыл сурап барды эле, карыя дагы айтты:

– Өз эркиң. Жаным тынч болсун десең актап сал, атым алыска кетсин десең тийбегин. Чыдасаң, эки-үч жыл күркүрөп кирет да, анан артыңан ээрчигидей жаншерик болот.

Ушул акыл менен Эдигей Боронду Каранарына тийбеди. Ою барса да, колу барчудай эмес. Буура бойдон калтырды. Бирок Каранар кирген кездерде жаны кашайып, жүрөгүнөн кан тамчылап кетчү болду.

## V

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

*Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

Таң эрте камылганын баары бүттү. Ак кепиндеги Казангаптын сөөгүн кийизге ороп, күнгө көрсөтпөй башын чулгап, сызма менен бууп, трактор сүйрөгөн арабага салышты. Астын жумшактап бир кат таарынды төгүп, анын үстүнө таза чөп төшөдү. Сөөктү жайына өз маалында коюп, кайра кечки дигерге жетпей келип калыш үчүн азыр көп буйдалбай жөнөгөндөрү оң. Отуз километр жерге барып, каада-салты менен сөөктү жайгарып, кайра отуз километр жол тартыш турат алдыда, ошол себептүү Казангаптын кара ашы кечки ире-ширеде араң өткүдөй. Камылга бүттү. Кечээтен бери өзү комдоп, ком үстүнө калың килем жаап жасанткан Каранарды жетелеп, Боронду Эдигей элди шаштырып жүрдү. Качан болсо ушулардын ыкшоолугу өтөт деп ичинен кыжынат. Түн бою кирпик көзүн какпаса да өзү кичине

аза түшкөнсүгөнү менен чыйрак, ою бир жерде, тыкан. Кырынып-тазаланган көгала сакал, көгала каш Эдигей өзү да жасана кийинген: бутунда кырым өтүк, эки чөнтөк тушу саландаган чийбаркыт галифе шымчан, үстүндө ак көйнөк, кара кемсел, башында салтанатка кийчү жаңы темир жол шапке. Көкүрөгүндө орден, медалдары, атүгүл беш жылдыктардын алдынкысы деген значоктору жаркылдайт. Бу көрүнүшүндө ал салабаттуу да, бараандуу да. Казангапты көмчү Эдигей ушундай кейипте болбогондо кандай болмок.

Буларды узатканы борондулуктардын кары-жашы бүт чогулду. Прицепти тегеректешип, жөнөөр маалды күтүп турушту. Катындар чуу салып ыйлап жатты. Салтта бар беле, жок беле, ким билсин, Борондуу Эдигей чогулгандарга кайрылып, мындай сүйлөдү:

– Мына биз азыр Сары-Өзөктүн илгертен арбактуу бейити болгон Эне-Бейитке жөнөп баратабыз. Бейиши болгон Казангап атанын жатар жайы ошол. Ошо бейиткe койгула деп өзү керээз кылып кеткен. – Эмне айтууну ойлонгонсуп Эдигей саал токтоло калды да, нары улады. – Бейиши болгурдун бешенесине жазылган ичер суусу, көрөр күнү түгөнгөн белем. Бу киши биздин разъездде туптуура кырк төрт жыл иштеген. Бүт өмүрү ушерде өттү десе болот. Жаңы келгенинде буерде суу чыгаргыч да жок экен. Бир жумалык ичер сууну цистерналап алыстан тартып келип койчу экен. А кезде азыркыдай кар тазалагыч, жана башка машина дегендин аты-жөнү жок. Мына азыр өзү жаткан трактордой трактордун анда дайыны чыга элек. Ошого карабай а кезде азыркыдай поезддер тынбай каттап турушчу, алардын өтөр жолу жайдыр-кыштыр дайын, таза болуучу. Казангап карыя Борондуга ак эмгегин калтырып кетти. Жакшы киши эле бейиши болгур. Аны баарынар билесинер. Анда эмесе биз жөнөйлү. Баарынар тегиз бара турган көлүк да жок, барып кажаты да жок. Жолду кароосуз таштап кете албайбыз. Биз алтоо болуп

жөнөдүк. Пенделик милдетибизди ойдогудай аткарабыз. Силер бизди күткүлө, биз келгенде өлгөндүн кара ашына чогулгула. Муну мен, мына Казангаптын уулу менен кызы турат, балдарынын атынан айтып турам...

Эдигейдин оюнда жок болсо да бу сүйлөгөнү өзүнчө бир аза күтүү митингисиндей болуп калды. Ошону менен жөнөп бериштн. Борондулуктар прицепти узата ээрчип, айылдан чыгарып коюшту да, чакан караан топ болуп кала бериштн, калып калышты. Айзада менен Үкүбаланын кошогу бир далайга угулуп барды...

Кошок үнү кулактан үзүлгөндө, алтоо темир жолдон оолактап, Сары-Өзөктүн эрме чөлүнө тереңдей баштаганда Борондуу Эдигей жеңилдене дем алды. Эми алтоо өзү менен өзү болуп, эмне кылышты ал өзү билер кез келген эле.

Сары-Өзөктүн айдыңын гүлгүн сары түскө боёп, күн жайылып келатты. Талаа бети али сыдырым салкын, жүдөбөй жол жүрөр дал ушул маал. Кучакка баткыс кең дүйнө, кол жеткис көктө эки айры куйрук гана каалгып жүрөт, же андан-мындан аяк астынан быр этип торгой учуп, капилет чочуган баренде канаттарын дирилдетип ийет. «Жакында бу баренделер да кетет. Кар бир жааганда топ-топ болуп учуп, булар да кетет»,– деп ойлогончокту Эдигейдин көз алдына алгачкы балпылдап эрип жааган кар, ошол чаарала дүйнөдө учуп кетип бараткан баренделердин топ-тобу тартыла берди. Анан алиги түнү темир жолдон жолуккан түлкү түштү эсине. Бир жерде жойлоп ээрчип келатпасын деп, астыртан эки жагын каранып койду. Анан дагы ошол түнү Сары-Өзөктүн үстүнөн албырттап от куйруктуу ракетанын түнкү асманга учканын эстеди. Дайынсыз келген элестерге өзү таң калып, кайра өзүн зордоп унуткарды. Жол алыс, ойдон башка эрмек жок болгондо да мындай күндө мындай ойлорду ылайык көрбөдү...

Эне-Бейитке карай жол баштап, Каранарынын үстүндө алчылана отурган Борондуу Эдигей барат алдыда.

Улам жүрө түшкөн сайын дене бою жазылган Каранары арышын кең таштап, маң-маң басат. Мал менен боору бир адамга ушу тапта Каранарды каптал туштап окчунураак туруп караса, бууранын жүрүшү өзүнчө көркөм. Түпкүчтөй ийилген бакубат моюндун учундагы башы кыймыл этип койбостон толкундуу талаанын үстүндө каалгып сызып бараткансыйт. А тарамыштуу, сөөктүү узун буттары жер өлчөмүн бир калыпта эсептеп, тез кыймылдуу жуушаң өңдүү аба кыркып барат. Эдигей кыргыйдай болуп койкоюп, эки өркөчтүн ортосуна катырып салгандай. Каранарынын камчы салдырбай жүргөн адымына, бурган жакты тез кабылдаган сезимдүүлүгүнө корстон. Көкүрөгүндөгү ордендери менен медалдары кун нуруна чагылышып жаркылдап, зыңгыр-зыңгыр үн салат. Анткени Эдигейге жолтоо эмес.

Артында прицеп сүйрөгөн «Беларусь» трактору келатат. Кабинадагы жаш тракторист Калыбектин жанында Сабитжан отуруп келет. Түндө кайдагы бир радиоманбаштар жөнүндө, дагы бирдемелерди кайбырап отуруп ашкере ичип алганга шылкыйып, айласы куруп келатат. Үн жок, сөз жок, оордогон башы арыдан-бери шалактайт. Көз айнегин сындырып албаса болгону дейт Эдигей. Прицеп арабада Казангаптын сөөгүнүн жанында отурган күйөө баласы, бул отурушу капалуу. Күндөн көзүн ача албай жүлжүйө тиктеп, анда-санда эки тарабын каранып коёт. Сандан чыккан аракеч бу жолу кишичилигин көргөздү. Оозуна бир тамчы албады. Ар ишке кол кабыш кылып, кам-чомду көрүшкө кошо аралашып, сөөктү ийинине салып кошо чыгарышты. Эдигей учкаштырып алайын десе, болбоду. «Жок, – деди ал,– кайнатамдын жанына эле отурам, соңку жолуна аягына чейин узатып барайын». Мунусу Эдигейге да, боронду луктардын баарына жакты. Жолго чыкканда ыйлагандардын ичинен катуу күйгөнү да ушу болду, кийизге оролуп, прицепте жаткан сөөктү жөлөй кармап, эчкирип ыйлады. «Ким билет, а балким эсине ке-

лип, ичкенин таштап коёр! Айзада менен балдарынын багы ачылбас беле анда»,– деп Эдигей ичинен үмүттөнүп калды.

Чачылуу килем жабылган буурачан киши баштап, элсиз ээн чөлдө бараткан бу тан калыштуу көчтүн эң артында дөңгөлөктүү «Беларусь» экскаватору келатат. Кабинасында Эдилбай менен Жумагалы. Бакене бойлуу, ынды кара Жумагалы трактор-экскаваторду айдап барат. Бу машинени ал ар кандай жол иштерине айдачу. Борондуга келгенине да аз эле болду, турук алып калабы, же куйругун шарт түйүп бир күнү кете береби, анысы азыр белгисиз. Жанында отурган Эдилбай куркут андан ийин улаш бийикте. Жолду катар экөө бирдемелерди тынбай сүйлөшүп жүрүп отурушту.

Оспандын жакшылыгын да унутуп коюу болбос. Разъезддеги бар техниканын баардыгын сөөк коюуга бөлүп берип, жумшаган ошол. Ушунча алыс жайга алпарып, кетмен-күрөктөн төрт-беш киши качан көр казып бүтөт, качан коюп бүтөт, анан кайра качан кайтып келет, бул иште техникасыз иш жүрбөс деп жаш начальник туура ойлоптур. Оболу бул сунуш Эдигейге көп жага бербеди. Өлгөндөн соң Кишинин жатаар жайын кол менен бүтүрбөй экскаватор менен оюп салыш деген шумдук ойго келгис жорук эле ал үчүн. Ошол үчүн Оспандын мандайында ал кабагын карыш түйүп, кыжаалат болуп отурду. Бирок Оспан жолун таап, абышканы ынандырды:

– Эдике, мен сизге иштин оңтоюн айтып жатырым. Көңүлүңүздө кир калбас үчүн обол мурда күрөктөп казгыла. Анан экскаваторго кезек берсенер алеки саат чуңкурун оюп берет. Анан кайрадан өзүңөр киришкиле, казанагын өз колуңар менен ойгула. Ошентип убакытты утасынар, салтты да бузбайсынар...

Мына азыр Сары-Өзөктүн чөлүнө терендеп бара берген сайын Эдигей Оспандын акылын туура көрүп баратат. Ушул акыл өз оюна кирбегенине кайра таң калат.

Ырас эле, Эне-Бейитке жеткенде ушинетиш керек. Көрүстөндөн ылайыктуу жай таап, оболу өздөрү күрөктөп баштап берсе, жүлгөсү түшкөн соң экскаватор чуңкурду ойдогудай кылып чукуп бербейби, анан кыбылага башын караткан казанакты өздөрү кол күрөк менен келиштире оюп алышпайбы. Иштин тездиги да, оңу да ушул эмеспи.

Ушул ой менен алар Сары-Өзөктүн кыйырына бет алып, адырмактуу жерлерде биресе белден чубалып көрүнүп, биресе кооо житип кетип, түзгө чыкканда кайрадан топ караан болуп көз учунда алыстап баратышты. Алдыда буура минген Боронду Эдигей, анын соңунда прицеп тарткан дөңгөлөктүү трактор, прицептин соңунда тумшугуна бульдозер күрөгүн байланган, артына жер челгич чөмүчүн асынган, коңуз кебетелүү, колу-буту тарбайган «Беларусь» трактор.

Артта көрүнбөй далдаада калган разъездге дагы бир жолу кылчайып алып, тракторлордун соңунда сары дөбөтү Жолборс да жортуп келатканын көрүп, Эдигей таң калды. Бу качан ээрчип алды экен? Баракелде! Бороңдудан чыга жөнөгөндө көзгө чалдыккан жок эле. Ээрчип аларын билгенде байлап салбайт беле. Ой ит оой! Качан болсун Каранарды комдоп минип, Эдигей жөнөөчү болгондо кайдан-жайдан жете келип ээрчип алат. Бу жолу да ошенткен тура. Мейли деди Эдигей. Кайра айылга кубалоого кеч болуп калды, муну кубалайм деп жолдон калмакпы. Ээрчисе ээрчий берсин. Ээсинин оюн сезе койгонсуп Жолборс тракторлорду озуп өттү да, Каранардан алдыраак капталда жандай жортуп алды. Эдигей камчысын тап берип көрсө, тигил ит көңүл буруп да койбоду, эми кеч болуп калды дегенсип жортуп бара берди. Көрүстөнгө жолотпогудай бул итте не жазык? Кең төш, саксагай жоон моюн, эки кулагы кесилген, көз карашы жоодур-жоош бу сары дөбөттүн сымбаты да өзүнө жарашыктуу, көзгө түшүмдүү.

Эне-Бейит жолунда Эдигейдин оюна эмнелер гана келип-кетпеди. Жер кыйырынан мезгил олчоп күн улам көккө көтөрүлө берген сайын өткөн өмүр, болгон жашоо, көргөн күндөр ойдон сызылып өтө берди. Казангап экөөнүн жаш кезин эстеди: анда экөө тең күчкө толуп турган чак, башкалар разъездге келди-кетти жумушчулар болсо, ал экөө Борондунун туруктуу, негизги күчү болчу. Кээде экөө күн-түн тыным албай иштеген күндөрү да болгон, анткени темир жолдун ал экөөнө тапшырылган бөлүгүндө ар кандай иштер чыга берчү. Эми ал туурасында жарыя айтсаң жаштар күлөт, өз өмүрлөрүн өздөрү куру бекер куруткан картаң айбандар деп күлөт. Көздөгөн максатынар, тапкан пайдаңар кайсы деп күлөт? Ырас эле, максатыбыз кайсы эле? Демек көздөгөн максат болгон экен, ал үчүн өмүр куру зарп-талбаган экен.

Бир жолу темир жолду күртkү тиштеп калып, Казангап экөө эки сутке тынбай иштеди. Түнкүсүн жарык болсун деп, паровоз айдатып келип, жарыгын күйгүзүп коюшту. Кар токтобой жаап турат, борошо басылбай уруп турат. Суук деп коюш жетишпес, бети-колдору каракөк болуп шишип чыккан. Паровозго чуркап чыгып, отуна беш мүнөт жылынышат да, кайрадан баягы Сары-Өзөктүн түгөнбөгөн түйшүгү. Ал ортодо жарык кылып турган паровоздун өзүнүн дөңгөлөктөрүн жаба кар басып калат. Жаңы келген жумушчулардын үчөөсү бир түн өткөндө эле кол шилтеп четке чыга беришти. Биз камактагыларча жокпузбу, аерде жадегенде түнкүсүн уктатат го деп, ооздоруна келген балит сөздөр менен Сары-Өзөктүн жашоо-тирилигин тилдешти. Ошентишти да, эртеси поезддер жүрүп калганда алгачкысына жабышып, кайра кайрыла:

– Эй, кеңкелестер, муз тиштегенче муну тиштегиле! – деп боктоп кетишсе болобу.

Күнүмдүк келгендер мазактап кеткенден деле эмес, жөн эле жан кашайгандан ошо күртkүнүн үстүндө Эди-

гей Казангап экөө мушташа кеткен. Ырас, ошондой да болгон. Түн эле, алдан тайып баратышат, иш бүтөр эмес. Кар борошолоп, ызгаар өчөгүшкөн иттен бетер этекженге жабышат. Корголоор ык жок. Паровоз ысык буусун чыгарып берсе, анысы жылытпай эле туман боло калат, жарыгы күүгүмдөп, карайлайсың. Жанагы үч келгин кол шилтеп кетип калган соң Казангап экөө гана төөгө чийне сүйрөтүп, жолдун карын тазалап жатышты. Бир чоң чийнеге эки төө кошулган. Ал байкуштар да бу тозоктун бороонуна калчылдап, чийне тартпайт. Жолдон четтеги кар төөнүн капталынан. Казангап эки төөнү буйладан жыра тартып, арттан Эдигей шапалак менен сабайт. Ошентип түн жарымына чейин алпурушту. Анан төөлөр карга чөгүп алышты, урмак турсун өлтүрсөң да тургудай эмес. Кандай айла? Күн басылмайынча ишти токтото турбаса болор эмес. Шамалдан калкаланып экөө паровоздун далдаасында турушту.

– Казаке, болду го, паровозго кирип отура туралы, күн ырайын күтөлү, – деди Эдигей тоңуп калган колкаптарын бири бирине ургулап.

– Күн ырайы ушу турганы турган. Баары бир жол тазалаш биздин мойнубузда. Жүр, күрөктөйлү, бекер турушка акыбыз жок.

– Ой биз эмне, айбанбызбы?

– Айбандар чээнге кирип кетишкен.

– Айбан мына сенсиң ата-бабаңды!.. – деп Эдигей Казангапты кулак түпкө коюп калды. – Киши өлүп кетсе да сага баары бир тура, ага чейин өзүң өлөрсүң!

Ал анан экөө кан жалашып салгылашып калышты. Паровоздун кочегары ыргып түшүп ажыратканы ажеп болду.

Казангап ошондой адам болуучу. Азыр андайды таппайсың. Азыр Казангаптар жок. Мына акыркысын көмгөнү алпаратабыз. Жер алдына жашырып берип, коштошор сөзүңдү айтасың, ошону менен оомийин!

Муну ойлоп алып, Эдигей унут боло баштаган куранды эсине салды, сөздөрдүн тартибин, кыраатын ичтен кайрып баратты. Курандын сөзү кудайга арналган. Туулуу менен жок болуу өмүр менен өлүм ортосундагы жарашкыс карама-каршылыкты адам аң-сезиминде жараштыруу үчүн көзгө көрүнбөгөн, көңүлгө илинбеген кудайдан жардам суранат. Куран ошол үчүн жаралган окшобойбу. Туулмак жалган, өлүм ак кылып эмне үчүн мындайча жаратып койгонсуң деп кыйкырсаң да кудайга жетпесиң анык. Түбү жок дүйнөнүн башынан бери адам ушуга макул болбой, бирок аргасыз моюн сунуп келатпайбы. Ошол эзелтеден бери куран да айтылып келатат, айтылгандагы мааниси – пенде куру бекер кейиш кылбасын, азап тартпасын, моюн сунсун дегени турбайбы. Жышылып тазаланган чулу алтын сыңары миң жылдап калыпка салынган бу куран сөз маңызын, ой нагызын чогултуп, өлгөндүн үстүндө тирүүнүн акыркы айтар сөзү болуп калган турбайбы. Салт ошол.

Анан Эдигей дагы ойлоду: кудай барбы-жокпу, пенде көбүнесе жанына күч келгенде гана кудайды эстейт. Мунусу натуура кыязы. Ошондон улам жаны ооруба-гандын кудай менен иши жок деген сөз калса керек. Эмнеси болсо да куранды биле жүрүш парз.

Артында келаткан жаш жолдошторун карап, Боронду-уу Эдигей өзүнчө кейийт: булардын бири да куран билбейт. Кийин бирин бири эмне деп көмөт? «Кош, жолдош, сени дайым эстеп жүрөбүз» деп, же дагы бирдемени былжырап коюп, тарап кете беришеби?

Бир жолу облустук шаарда өлүм үстүнөн чыгып калып, Боронду-уу Эдигей жанынан түңүлгөн. Көрдүн башында эл чогулуп, арасындагы Эдигей бир жыйналышка катышып тургансыды. Табыттын башына улам бир киши чыгып, кагазына жазып алганын окуп берип жатты: бу маркум ким болуп иштеди эле, кандай кызматтарда жүрдү эле, кимге кантип кызмат өтөдү эле деп бүтүшүп

анан өлүктү көөмп, көрүн гүл менен бастырып салышты. Ошончо кишинин бири да бу жалган дүйнөдө өмүр жалган, өлүм ак экенин, куранда ушинтип айтыларын, ушу тирүүлүк менен өлүм туурасындагы кеменгер ой атам замандан бери адамдын аң-сезимине сиңип, орноп калганын бир да бирөө оозуна алып, жакасын карманбады. Бизден мурда дүйнөдө эч ким өлбөгөндөй, ал өлгөндөн соң дагы өлүм боло бербегендей нестейишип, тообо кылган жан болбоду. Бечералар, өздөрү түк өлбөчүдөй. Каратып туруп акка каршы сүйлөштү: «Бул эми өлбөс болуп калды!» – дешти...

Буларга караганда илгеркилер чынында жалган дүйнө, чын дүйнө деп бекер айткан эмес тура. «Мына эми чын дүйнөгө кетти!» дешчү эмес беле...

Эдигей жер оңутун, жол багытын жакшы билет. Анан калса заңкайган Борондуу Каранардын үстүнөн алдагайдагы аралык алаканга салгандай көрүнөт. Эне-Бейитти багыттап Сары-Өзөктүн чөлүндө Эдигей жолду төтөлөп салып баратты. Кээде гана арттагы тракторлорго ыңгайлап аңды-дөңдү буйтап өтөт.

Жол жүрүш ойдогудай. Катуу да эмес, жай да эмес, бир калыпта жүрүп отуруп, азыр жолдун үчтөн бирин өтүп калышты. Ээсинин темингенинен тартып ар бир кыймылын даана сезген Борондуу Каранар калыбынан жазбай маң-маң желип келатат. Артта прицептүү трактор тытырап, анын сонунан «Беларусь» экскаватор калбай ээрчип алган.

А бирок, алдыдан ойдо жок жагдай туш болор. Түшкө киргис иш болсо да ал жагдай менен Сары-Өзөк космодромунун көрүнбөгөн-билинбеген байланышы болор...

* * *

Дал ушул саатта «Конвенция» авианосеци өз ордунда, Тынч океандын ошол эле районунда, так айтканда, Алеут аралдарынын түштүгүрөөк жагында, аба аралыгы

боюнча Владивосток менен Сан-Франциscонун так ортосунда турду.

Океанда аба ырайы өзгөрүүсүз. Түшкө чейин учукыйырсыз суу бетин жылтылдатып күн ачык тийип турду. Көк жээкке көз жеткидей айлана-теребелден атмосфераның өзгөрүлүш-өзгөрүлбөшүнө тиешелүү эч кандай шек-шыбаа байкалбады.

Авианосецтин өзүндө болсо баардык кызмат чымыркана иштеп, кандайдыр бир окуяны күтүүдө – баары ар кандай ишке даяр, ич арада бирдемеден күдүктөнүүгө эч себеп жок болсо да авиаканат жана ички коопсуздук тобу да ардемеге дайын болуп турду. Күдүктөнткөн себеп ичте эмес, космостун чегинен тышкары жактан күтүлүүдө.

Паритет-космонавттардын Токой-Төш планетасынан «Трамплин» орбитасы аркылуу «Конвенциянын» бортуна жиберген кабары Бирбашбордун жетекчилери менен бөтөнчө полномочиялуу комиссиянын мүчөлөрүн дүрбөлөңгө салды. Айла кетип алдасташкандыктан эки тарап оболу өз-өз бетинче айрым кеңешме куруп, ал кеңешмелерде ар бир тарап өзүнүн кызыкчылыгы жана позициясында башка түшкөн ахывалды талкуулап, андан кийин гана жалпы чогулушка жыйналышмай болду.

Токой-Төш планетасында Жер чегинен тышкары турган дагы бир цивилизациянын ачылышы туурасындагы адамзат тарыхында прецеденти болбогон бул кабарды дүйнө али биле элек. Атүгүл эки тараптын мамлекеттери да болгон окуя жөнүндө жашыруун кабар алышканы менен окуянын андан ары кандай өнүгүп жатканы тууралуу али кабарсыз. Компетенттүү комиссиялардын макулдашылган көз карашын күтүп жатышты. Авианосецтин территориясында авиаканатты кошо эч ким өз ордунан жылбасын деген катуу режим киргизилди. Эч ким эч кандай шылтоо менен кемеден алыс кетүүгө акысы жок, башка эч кандай кеме «Конвенцияга» элүү кило-

метр аралыктан жакын келүүсүнө уруксат жок. Бул аймактан учуп өтчү самолёттор да авианосец турган жайдан үч жүз километр алыс өткүдөй болуп курс өзгөртүүлөрү милдет.

Ошентип, жүрүп жаткан жалпы чогулуш токтоду да, ар бир комиссия «Демиург» программасында орток жетекчи болушкан өз-өз башчылары менен илим билбеген Токой-Төш планетасынан 1–2 жана 2–1 паритет космонавттар жиберген кабарды талкуулоого киришти.

Астрономиялык кыял жеткис алыстан келген сөздөр мындай эле:

«Уккула! Уккула!»

Биз Жерге трансгалактикалык кабар берип жатабыз.

Жерге түшүнүксүз аттарды түшүндүрүп бериш мүмкүн эмес. Бирок жалпы окшоштуктар да бар.

Булар адам сыяктуу, кадимки эле биздей кишилер экен! Дүйнөлүк эволюцияга ура! Эволюция бу жайда да гоминиддин моделин универсалдык принципте иштеп чыгыптыр! Булар бөтөн планеталык гоминиддердин[1] эң сонун тиби! Ирең дери тору, көгүш чач, гүлгүн көгүш жана жашыл көз, түктүү ак каш келет экен.

Алгач биз буларды биздин орбиталык станцияга келип жабышып, абадай тунук скафандрчан тургандарын көргөнбүз. Бизди жаңсап чакырып, күлө карап турушкан.

Ошентип биз бир цивилизациядан экинчисине аттадык.

Толгонмо учар аппарат жөнөп берди, ылдамдыгы жарыктын ылдамдыгына тең болсо да ичинен билинбеди, ошентип биз мезгилдердин агымын жиреп, Ааламдын бир түпкүрүнө кеттик. Эң биринчи биз көңүл бурган жана бизге күтүүсүз жеңилдик берген нерсе –

---

[1] г о м и н и д д е р – сүт эмүүчүлөрдүн жогорку отряды (приматтар – маймылдар, байыркы адамдардан бүгүнкү адамдарга чейин кирет).

салмаксыздык абалдын жоктугу болду. Буга кантип жетишкендиктерин биз али биле элекпиз. Орус менен англис сөздөрүн аралаштырып бизге: «Велком биздин Жылдыз» – дешти. Белгилүү өлчөмдө астейдилдик кылсак ой-санаа аркылуу пикир алмашууга болорун түшүндүк. Бу көгүлтүр чачтуу немелер эки метрге жеткидей шыңга бойлуу келет экен. Кораблдегилер эркек-аял болуп бешөө. Аял киши боюнун узундугу менен эмес, таза аялдык турпаты жана иреңинин акжуумалыраактыгы менен айырмаланат. Көгүлтүр чачтуу Токойтөштүктөрдүн баары эле биздин түндүк арабдарга окшоп кара тору келишет экен. Алгачкы мүнөттөн баштап биз аларга ишенип, коопсузданбай калдык.

Үчөө учар аппараттын учкучтары, бир эркек менен алиги аял Жердин тилдерин билген тилмечтер болуп чыкты. Ал экөө оболу космостон радио аркылуу кармоо жолу менен англис жана орус сөздөрүн топтоп, жер сөздүгүн түзүптүр. Биз жолуккан учурда ал экөө эки жарым миң сөз жана терминдердин маанисин изилдеп, үйрөнүп алышкан экен. Биздин байланыш да ушул лингвистикалык сарамжалынын тегерегинде жүрдү. Булардын тилин биз, албетте, билбейт экенбиз, бирок сүйлөө кырааты испан тилинин кырааты на окшоп кетет.

«Паритеттен» учуп чыкканыбызга он бир саат өткөндө биз Күн системасынын чегинен чыктык.

Биздин жылдыздар системасынан башка системага өтүү эчтеме менен өзгөчөлөнгөн жок. Ааламдын материясы баардык жайда бирдей. Бирок улам терендеген сайын алдыбыздагы курс багытын кызгылт алоо каптай берди. Кыязы ошол учурда бөтөн системанын жылдыздарынын орун алган абалы ошондой окшоду. Алиги кызгылт алоо бүт ааламды каптап, жайыла берди. Ал ортодо жолду катар биз бир нече планеталарды жандап өттүк. Алардын бир бети жарык, бир бети караңгы турду. Көз жеткен алыстан сандаган күндөр жана айлар каалгып калып жатты.

Биз түн караңгылыгынан күн жарыгына чыгып бараткандай болдук. Ал аңгыча башта санаага келбеген улуу асмандан тийген улуу жана күчтүү Күндүн жарыгына учуп кирдик. Көз уялтып тунук, таза, түпсүзкыйырсыз кеңдикте көлбүп турган жарык дүйнөгө туш келдик.

– Бу биздин Галактика! Тиги жарык чачкан биздин Эге! Жакында биздин Токой-Төш көрүнөт! – деди лингвист аял.

Чын эле космостук ченемсиз бийиктеги жайыл кененден биз жаңы Күндү көрдүк, аны булар Эге деп аташат экен. Күчөнүп чачкан нуруна жана көлөмүнө караганда булардын жараткан Эгеси биздин Күндөн алда канча чоң. Айтмакчы, Токой-Төш планетасындагы сутке жыйырма сегиз саатты түзүп, бул дүйнөнүн биздин дүйнөгө салыштыргандагы бир топ айырмачылыктары да тиги жарык чачкан Эгесинин касиеттерине жараша болуу керек.

Анын баарын биз кийинки кабарыбызда же «Паритетке» кайтып барганыбызда айтып беребиз, азырынча кээ бир маанилүү маалыматтар жөнүндө учкай сөз. Токой-Төш планетасы бийиктен биздин Жерге окшош, биздикиндей эле атмосфералык булуттар каптап турат. Бирок беш-алты миң метрге төмөндөп түшүп барганда тигилер бизди атайы планетасын айланта тааныштырып учту, мына ошондо көргөнүбүз укмуш: тоолору, керме кыркалары, адыр-чыбырлары жапжашыл, ара жерлеринде күмүштөнгөн дайралары, деңиздери жана көлдөрү күзгүдөй жаркылдайт. Бирок планетанын кай бир жайларында, айрыкча чет-жака, уюл тараптарында кара-буурул бороон тынбай согуп турган, тирүүлүк жок керсары так болуп көрүнгөн чөлдөрү да бар экен. Баарынан бизге катуу таасир калтырганы шаарлары менен кыштактары болду. Токой-Төштүн ландшафтындагы акылдан жаралган бул конструкторлук курулуш араалдар урбанизациянын эң бийик деңгээлине жеткендик-

терин айкындап турат. Бул планетаны жай кылган көгүлтүр чачтуулардын шаар куруш өнөрүнүн жанында Манхэттен эсепке кирбей калат.

Токойтөштүктөрдүн өздөрү, биздин көз карашта, Ааламдагы акыл-эстүү жандардын өзгөчө феномени. Аялдардын баланы боюна көтөрүшү Токой-Төштүн убактысы боюнча он бир айга созулат экен. Өмүрдүн узактыгы аябагандай, бирок өздөрү коомдун жана жашоо максатынын башкы проблемасы деп өмүрдү дагы узартуу проблемасын эсептешет. Булар орто эсеп менен жүз отуз, жүз элүү жашка чыгат, кээ бирөөлөрү эки жүз жыл жашайт экен. Планета калкынын саны он миллиарддан ашуун.

Биз азыр көргөн-билгенибизди, көгүлтүр чачтуулардын тиричилик мүнөзүн жана бул цивилизациянын жетишкендиктерин системалаштырып баяндоого чамабыз жок. Ошол үчүн бу дүйнөдө бизди таң калтырган көрүнүштөр туурасында үзүл-кесил кабарлап жатабыз.

Булар күн энергиясын, так айтканда Эге энергиясын жылуулук жана электр энергиясына айлантып алууну билет. Бул аракеттеринин пайдалуу коэффициенти биздин гидротехникалык амалдарыбыздан алдаганча жогору. Баарынан да булар күндүзгү жана түнкү абанын температуралык айырмалык энергиясын синтездештире билет экен.

Булар климатты башкарып алыптыр. Бизге планетасын көрсөтүү үчүн айланта учканда учар аппарат кандайдыр нур жиберип, булуттардын чокмороктошкон тобун заматта таратып жиберип жатты. Аба массасы менен океан жана деңиздердеги суу агымына кадимкидей таасир эте алышарын да билдик. Ошону менен булар планета үстүндөгү нымдуулук жана температуралык режимдин процессин башкарып турушат. Ал гана эмес, гравитацияны башкарууну да үйрөнүп алышыптыр, ошол билими жылдыз аралык учууларында жардам берет экен.

Анткен менен булардын алдында чечилбеген өтө ири проблемалар бар. Андай проблемаларга, биздин билишибизче, Жерде биз али туш боло элекпиз. Булар кургакчылыктан жапа чекпейт, анткени, климатты башкарып алышкан. Жердин калкынан эки жарым эсе ашык калкы боло туруп, азык-түлүк өндүрүүдөгү дефицит дегенди билишпейт. Бирок планетанын бир топ аймагы жашоо-тиричиликке жараксыз болуп баратыптыр. Андай жайларда тирүү жандыктын бири калбай кырыла берет экен. Бул ичтен күйүү деген нерсе дешет. Биз планетаны айлана учуп байкоо салганыбызда Токой-Төштүн түштүк-чыгыш капталынан кара-буурул бороон көргөнбүз. Бу, балким, биздеги жанар тоо процессине окшоп кетер, же планета түпкүрүнөн нур бүркүп, сыртта жай таралышынын таасиридир, айтор планетанын ичинде жүрүп жаткан кандайдыр коркунучтуу кубулуштун натыйжасында үстүнкү катмар өз структурасын жоготуп, бузулуп баратыптыр, өсүмдүк жаралчу кыртыш бүтүндөй күйүп кетип жатыптыр. Токой-Төштүн ошол капталындагы аймагы биздин Сахарадай келген чөл азыркы убакта көгүлтүр чачтуулардын тиричилик жайын четинен жалмап келатыптыр. Булар үчүн эң чоң коркунуч мына ушунда. Булар планетанын түпкүрүндө жүрүп жаткан процессти башкарууга али жетише элек экен. Ошол ичтен күйүп жок болуу процессине каршы күрөшкө эң мыкты күчтөр, илимий жана материалдык аябагандай каражаттары жумшалган. Булардын жылдыздар системасында Ай жок, бирок биздин Айды билишет, анда болуп кайтышыптыр. Биздин Ай да булардын планетасын каптап келаткан балээден куруган деп жоромолдошот. Аны угуп биз санаага түштүк, Айдан биздин Жерге чейинки аралык азганакай эмеспи. Алигидей балээ каптаса каршы алышка биз даярбызбы? Анда тышкы жана ички мүнөздөгү натыйжалар кандай болот? Жерде бүтпөгөн чыр-чатактардын айынан ин-

теллектуалдык өсүшүбүздө көп мүчүгөн экенбиз деп ойлобойбу адамзат?

Ушул учурда Токойтөштандын илимий чөйрөлөрүндө жалпы планеталык дискуссия жүрүп жатат. Дискуссиядагы негизги маселе: ички күйүүнүн сырын ачууга жана бул потенциялык катастрофаны токтотуунун амалын издөөгө күч-аракетти мындан ары дагы арбыта бериш жөнбү же эрте жарыкта Аалам ичин аңтарып, тиричиликтин зарылчылыгына ылайыктуу башка бир планета таап алып, келечекте Токой-Төштүн цивилизациясын бүт оодуруп кеткидей жана аерде кайрадан жаңырткыдай кылып планетанын бүт калкын көчүрүү максатка ылайыкпы деген маселе. Каякка, кайсы планетага көзү түшөрү азырынча белгисиз. Азыркы планетасында деле дагы миллион-миллион жылдар бейкут жашай берүүгө шарт бар. Бирок, ошо миллион жылдардан кийин келчү балээни булар азыркы элдин башына түшкөн түйшүк көрүп, ошол алыскы келечектин тагдыры туурасында аябай кыжалат ойго батып, жигердене киришип калыптыр. «Көзүм өткөн соң мага десе чөп чыкпай калсын»,– деген тетири ой эч биринин башына кирген эмеспи? Жалпы планетанын дүң продуктусунун кыйла бөлүгү түпкүрдөгү ички күйүүнү токтотуу күрөшүнө жумшаларын билгенибизден кийин биз алигидей бузукулукту ойго алганыбызга уялып калдык. Булар азыр жанагы акырындап жалмап келаткан чөлдүн жолун башынан аягына тосуш үчүн абыдан терең бургулоо аркылуу түпкүрдөн кайнап соолууга узак мезгилдерге бөгөт болчу зат куюп жатышыптыр. Айтууларына караганда мындай иш-чара планетанын ядролук ички реакциясынын жүрүшүнө тоскоол боло алат имиш.

Албетте, булардын коомдук жашоосунда да акыл-эс эзелтен кыйналып келаткан нравалык, моралдык, интеллектуалдык мүнөздөгү проблемалары болуш керек жана бар. Бейпилчиликтин кандай бийигине жетишпесин, он миллиарддан ашуун элдин бир жашоосу бей-

кут өтүп жатпаса керек. Бирок таң кала турган бир нерсе: булар мамлекет деген эмне экенин, курал-жарак деген эмне экенин, согуш деген эмне экенин билишпейт экен. Илгерки тарыхында, балким, согуш да, мамлекет, акча дегендер да жана аларга байланыштуу коомдук мамиленин башка категориялары да болгондур, анысын так айта албайбыз, бирок азыр ушу мезгилде зордук-зомбулуктун институту болгон мамлекет, күрөштүн өзүнчө бир формасы болгон согуш деген түшүнүктөрдү булар таптакыр элестете алышпайт. Биздин Жердеги басылбаган көп согуш тууралуу айтып берсек анда биздин адамзат жоругу макоолук же маселе чечүүнүн айбанчылык түрү болуп көрүнөр беле деп ойлойбуз.

Булардын турмушунун уюштурулуш калыбын биз жердиктер ойлоо стереотибибиздин кесепетинен түшүнө бербейбиз, же таптакыр түшүнө албайбыз.

Булар күрөшүүнүн бир түрү болуп эсептелчү согуш дегенди планеталык коллективдүү аң-сезимден биротоло жоготкон деңгээлге жеткен экен. Ошондон улам цивилизациянын бул формасы кыял-санаа жетчү аалам аймагында эң алдыңкы цивилизация болуу керек. Булар мезгил менен илимдин өсүүсүндө кенендиктин гумандууланышы акыл-эстүү жандардын бүткүл өмүр максаты болуп калуучу жана ошону менен бирге дүйнөлүк эволюциянын жаңы, жогорку, түбөлүктүү фазасында өнүгүү улана берүүчү илимий деңгээлге жетишиптир.

Биз салыштырылбас нерселерди салыштыргыбыз жок. Кези келгенде биздин Жерде да адамзат ушунчалык улуу прогресске жетишер, азыр ушу күндө да сыймыктанарлык жетишкендиктер аз эмес. Ошентсе да, бир ой бизди бушайман кылат: тарых деген согуштардын тарыхы деп өзүн өзү ынандырып алып, адамзат бу күндө трагедиялык жаңылыштын тоомунда турбасын? Бу күнгө чейинки биз өсүп-өнүгүп келаткан жолубуз башынан натуура болсо, анда кандай? Андай, болсо биз кайда баратабыз, бу тарых жолу бизди кайда алпарат?

Тарыхыбыздын бу жолу андай натуура болсо адамзат айыбын мойнуна алып, жалпы башына түшчү катаклизмден сактанып кете алабы? Жазмыштын буйругу менен жерден четки коомдук турмуш күбөсү болуп туруп, оюбуз онго, санаабыз санга бөлүнөт – жерликтердин келечегинен чочулайбыз жана жакшылыктан үмүт кылабыз. Үмүтүбүзгө таяныч болор мына бу коом алга умтулган жүрүшү согуш менен чечилүүчү карама-каршылыктарды билбеген улуу коомдун өрнөгү турбайбы ааламда...

Өздөрүнүн Галактикасынан тышкары алыскы бир Галактикада жер деген бар экенин Токойтөштүктөр билишет. Булар Жерликтер менен байланыш түзүүгө умтулат, жөн гана кызыккандыктан эмес, өздөрү айткандай, акыл-эс феномендин салтанаты үчүн, цивилизациялардын тажрыйбаларын алмашуу үчүн, аалам интеллектин алып жүрүүчүлөрдүн акыл-ою менен рухунун өнүгүшүндөгү жаңы доордун урматы үчүн байланыш түзүүгө умтулат.

Байланыш жөнүндөгү аракеттеринде көздөгөн максаты биздин ойго келгиден алдаганча чоң жана терең. Ар кандай энергия качандыр бир кезде дегредация болорун жана ар кандай планета бир кезде өчөрүн ойлошуп, булар дүйнөдөгү акыл-эстин эки бутагынын аракетин бириктирсек табияттагы жашоо-өмүрдүн узактыгын чексиз кылууга жетишер элек деген максатта биз менен байланыш түзүүгө умтулушат... Булар миллиард жылдардан кийин болчу «акыр заман» проблемасы менен алпурушуп, Ааламда бүт тирүү жандар жашай ала турган жайды уюштуруунун космологиялык проблемасын азыртан иштей баштаптыр...

Учар аппараттары жарыктын ылдамдыгы менен уча алган булар Жерге азыр деле жетип бара алгыдай. Бирок Жерликтер өздөрү чакырбаган соң жулунуп кирип барыштан тартынышат. Жерликтердин макулдугу болмоюнча жетип барганыбыз чакырылбаган коноктой бол-

гонубуз дешет. Ушуну менен бирге булар биз менен таанышууга көптөн бери шылтоо издеп жүрүшкөнүн айтышты. Биздин космостук станцияларыбыз орбиталарында узакка жүрүп калгандан кийин жолугушуунун маалы жакындады деп ойлошуп, алгач кол сунууну өздөрүнө алган экен. Аябай даярданып, ылайыктуу учурду гана күтүп турушкан экен. Эки ортодогу орбиталык станцияда туруп калганыбыз үчүн булар менен жолугушуу бизге туш болгон тура...

Булардын планетасында биздин пайда болушубуз, албетте, укмуштай жаңылык болду. Ушуга байланыштуу эфирде бүтүн планеталык телеконтакт жүргүзүлдү.

Мындай салтанат айрыкча чоң майрамдарда гана өткөрүлчү экен. Айлана-тегерегибиздеги абанын ичинен планетанын миңдеген километр алыстагы жандарын көрүп, ошол эле учурда алар бизди көрүп, куду кашында турган кишилер менен сүйлөшкөндөй өз ара сүйлөшүп, күлүшүп, кол алышып жаттык. Токойтөштүктөр келишимдүү жандар болот экен, ар кимисинин өз кебетеси бар, улут-мамлекет деген жок болгону менен түс-турпаттары өз алдынча. Көгүлтүр чачтары да баары бирдей эмес, ошо көгүлтүрдүн түсү чымкый көктөн буланғыр көгүшкө чейин бири биринен айырмалана берет экен. Бирок карыялары биздегидей эле көгүш буурул, анан агала болуп карыйт экен. Ар кандай этникалык топтордон тургандыгын билдирип антропологиялык типтери да ар башка.

Ушул маалыматтар жана мындан башка да таң каларлык көп нерселер жөнүндө биз кайра «Паритетке» же биротоло Жерге кайтканда айтып беребиз. Азыркы айтар кеп мында. Токойтөштүктөр «Паритет» байланышынын системасы аркылуу бу кабарды берсеңер деп суранышты: Жерликтер ылайык көргөн учур-шартта Жер планетасына барсак деген ниетибиз бар дешти. Ага чейин жылдыз аралык ортодо жолугушуп турар станциянын программасын иштеп чыксак дешет, ал

станция алгачкы жолугушуулардын орду болсо, андан кийин демейки катташуунун жолдогу бекети болуп калар эле. Булардын сунушун биз жердештерибизге жеткирели деп убада бердик. Бирок ушуга байланыштуу бизди кооптонткон башка нерсе бар.

Биз Жерликтер ушуга окшогон планета аралык жолугушууга даярбызбы, акыл-эстүү жандар катарында мындай ишке өсүп жетилдикпи? Азыркыдай ич ара ажырымчылыгыбыз жана карама-каршылыгыбыз күчөп турган шартта, бүт адамзаттын атынан, Жердин атынан шайланып чыга алабызбы? Атаандаштык, куру намыс күчөп кетпесин үчүн бул маселенин чечилишин БУУга берсенер деп суранабыз. БУУда сөз болгондо вето менен кыянатчылык кылышпаса экен, өзгөчө шарт болгондуктан, бу жолу ветонун укугун жоюп салса деп суранабыз. Өзүбүздүн космостон санаа жеткис алыста туруп, алигидей күдүк ойлорду ойлоо бизге өтө оор. Бирок биз назили Жерликпиз да, Жер планетасынын жарандарынын кылык-жоругун жакшы билебиз да.

Акырында, өзүбүз жана биздин жоругубуз тууралуу айталы. Орбиталык станциядан жоголуп кетишибиз силердин аранарда канчалык дүрбөлөң түшүрүп, кыйын чараларды колдонууга мажбурлап жатканын биз толук түшүнөбүз. Силерди ушунчалык тынчсыздандырганыбызга аябай өкүнөбүз. Бирок, биз туш болгон жагдай дүйнөлүк тажрыйбада ушунчалык бөтөнчө болгондуктан өмүрүбүздөгү эң улуу иштен баш тарта албадык, баш тартууга акыбыз жок деп эсептедик. Катаал регламенттин кишилери боло туруп, алигидей максат үчүн биз регламентти бузууга аргасыз болдук.

Макул, биз айыптуу бололу, тиешелүү жазабызды алалы. Азырынча аны коё туралычы. Туюнгула! Биз Ааламдан кабар жибердик. Буга чейин белгисиз болгон күндөрдүн чыгаан Күнү Эге жылдыз системасынан силерге белги берип жатабыз. Көгүлтүр чачтуу Токой-

төштүктөр азыркы замандагы цивилизациянын эң бийигин жараткандар. Булар менен жолугушуу бүт Жер бетиндеги турмушка, бүтүн адамзат тукумуна жакшы өзгөрүштөрдү киргизиши мүмкүн. Эң оболу Жердин кызыкчылыгы үчүн биз ушундай ишке бара алабызбы?..

Бу планеталыктардан бизге келер коркунуч жок. Дегинкиси биз ошондой пикирге келдик. Бирок булардын тажрыйбасын үйрөнүп, биз турмушубузда дүйнөнү курчаган энергия алуудан баштап, куралсыз, зомбулуксуз, согушсуз жашоого жетишкидей өзгөрүш жасаар элек. Бу кыял Жерликтердин түшүнө кирбеген кыял көрүнөрү шексиз, бирок Токой-Төш планетасындагы турмуш так ушундай курулган, массасы боюнча Жердей эле геобиологиялык жайды жайлап туруп, булар ушундай түшкө киргис кыялдагы бейкут-бейпилдиктин деңгээлине жеткендигине биз салтанаттуу түрдө күбөгө өтө алабыз. Ой жүгүртүүнүн бүт ааламдык, жогорку цивилизациялык мүнөзүнө ээ болгон жандар боло туруп, булар акыл-эс боюнча туугандаш Жерликтер менен эки тараптын даражасы жана каалоосуна жооп берерлик формадагы ачык-айрым байланыш түзүүгө даяр.

Жерден тышкаркы цивилизацияны ачканыбызга кумарлануу жана таң калуу бүт акыл-эсибизди бийлеп алганы менен биз баары бир эртерээк кайтууну көксөп турабыз, кайтып барып, биздин Галактикадан четтеги, жаратканы Эге болгон системадагы бир планетадан көргөн-билгендерибизди эл-журтубузга кең-кесири баяндап берүүгө куштарбыз.

Жыйырма сегиз сааттан кийин, башкача айтканда байланыштын ушул сеансынан тптуура бир сутка өткөндө кайра өзүбүздүн «Паритетке» учуп жөнөйлү деген ойдобуз. «Паритетке» жеткен соң биз толук бойдон Бирбашбордун бийлигине моюн сунуп беребиз.

Көрүшкөнчө кош болгула. Күн системасына учуп чыгардын алдында «Паритетке» кайсы маалда жетерибизди кабар кылабыз.

Ушуну менен Токой-Төш планетасынан берген биринчи кабарыбызды аяктайбыз. Жакында көрүшкөнчө. Үй-бүлөлөрүбүзгө кабатыр болбосун деп айтып коюнарды көптөн-көп суранабыз...

*«Паритет-космонавт 1–2.*
*Паритет-космонавт 2–1».*

Орбиталык «Паритет» станциясындагы мындай чектен чыккан окуяны териштирген «Конвенция» авианосецинин бортундагы өзгөчө полномочиеси бар комиссиялар эки бөлүнүп кеңешип бүткөн соң ар кимиси толук составы болуп, өз-өзүнүн жогорку инстанциялары менен консультация өткөрүү үчүн учуп кетишти. Авианосецтин бортунан учкан бир самолёт Сан-Франциского курс алды, аздан соң экинчи самолёт карама-каршы багытка – Владивостокко курс алды.

«Конвенция» авианосеци дайым турган баштагы эле ордунда, Тынч океандын Алеуттан түштүгүрөөк тарабында турду... Авианосецте тартип бекем сакталууда. Ар ким өз ордунда, ардемеге даяр... Баары унчукпайт, эч кимиси лам дебейт...

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

*Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

Аза көчү Эне-Бейиттин жолун кадыресе арбытып койду. Күн чоң шашке болуп, ошол жеткен ордуна туруп алгансыйт. Сары-Өзөктүн чөлү калыбын жазбай, кадимкидей ысый баштады. Бирде саатты, бирде күндү, бирде алдыда керилип жаткан жайыкты карап коюп,

Боронду Эдигей жол жүрүш ойдогудай эле баратканын өзүнчө белгилейт. Жанагыдай эле буурасы маң-маң желип, өзү алдыда, анын соңунан прицеп тарткан трактор келет, анын соңунан дөңгөлөктүү экскаватор «Беларусь» коңузча күржүндөп калбай келет. Жолборс болсо тилин саландатып желе-жорто капталда.

«Кызыгың кургур,– деп ичинен күрсүнөт Эдигей,– адамдын башы ой ойлобой тура албайт экен го. Бу тоголок неменин жаралганын карасаң, кааласаң-каалабасаң деле ойдон ой туула берет, кыязы өлөр өлгүчө ушу калыбынан жазбайт го». Жолду катар санаасына ардемелер кире бергенден улам Эдигей ушундай бүтүмгө келип, өзү күлдү. Толкунду кубалаган толкундардай болуп ой артынан ой чубурат. Бала чагында күн шамалдап турганда Арал деңизинин жээгине отуруп алып, тээтигинде ак чалгын болуп жаралган толкундар келе-келе оргуштап кайнап, буурул жалданып, толкундан толкун жаратып, күркүрөп-шаркырап жээке жетип турарын карай берчү. Түгөнбөгөн ошол жүрүштө деңиздин жан кыймылы туулуп-өлүп, туулуп-өлүп жатар эле. Ошондо бала кыялы ак чардак болуп толкундун үстүнөн кайкып учкусу, улуу суунун күжүрмөн жашоосун бийиктен көргүсү келер эле. Көктөм алдындагы Сары-Өзөк чөлдүн та желгени Боронду Эдигейди термелтип ар кандай чулгубай келген ойго сүңгүп кире берди. Каранар алыс жол жүргөндөгү адатына салып кызый берди, нымшыган денинен каңырсыган кычкыл жыт буруксуй баштады. Кулак астынан, желкесинен соккон жыт каңылжаарды жарат. «Жарайсың,– деп Эдигей өз алдынча буурасына ыраазы боло күрсүнөт, – тердей баштаган экенсиң го, Чаткаягың көбүктөнө баштаганбы дейм. Буурасың да, бууралык жытының күчүн кара! Заарың күчөп келаткан экен ээ!»

Боронду Эдигейдин эсине өткөн күндөр түштү. Казангаптын акыл токтотуп, күчкө толуп турган мезгилиндеги кай бир окуялар да түштү, анан калса ачуу жумалык болуп көкүрөгүнүн түбүндө сакталып калган кусалыгы кайра козголду. Келме келтирип, тообо кылса да болбоду. Жүрөгүн мыкчыган ал кусалыкты кайрадан бекитип, ойлонбой коюш үчүн ал үстү-үстүнө келме келтирди, ага да болбоду. Акылы кой десе да, жаны сүйрөп чыга берди. Боронду Эдигей өз алдынча түнөрүп, ансыз да маң-маң желип бараткан буурасын теминип-камчыланып жиберди, шапкесин чекесине түшүрө тартып, катуулай жүрдү, артындагыларга кылчайып койбоду. Арттан келе беришсин, адашып калышпас, аялына да сырдашпаган, Казангап гана кезинде адатынча калыс бүтүм чыгарган ал жоруктары менен арттагы жаштардын иши эмне деди өзүнчө. Казангап гана түшүнмөк, ал болбосо Эдигей алдагачан Боронду разъездинен изи сууп жоголмок...

Ошол элүү биринчи жылдын аягы кышында разъездге бир үй-бүлө жан келди. Эрди-катын эки баласы менен. Уулдарынын улуусу Даул беште, кичүүсү Эрмек үч жашар экен. Абуталип Куттыбаев өзү болсо Эдигейге курбал экен. Ал согуш чыгардан мурунку жылы айылдык мектепте мугалим болуп иштеп, анан согуш чыгары менен аскерге алыныптыр. Зарипа экөө согуш бүткөн жылы үйлөнүшүптүр. Буякка көчүп келгичекти Зарипа да баштапкы класстарга мугалим болуп иштеп жүргөн экен. Анан тагдыр айдап келип экөөн ушу Борондуга баш калкалаткан экен.

Булар ойлогон ою менен эмес, кыстаган турмуштун айынан Сары-Өзөктүн чөлүнө жер оюп келишкени обол көргөндө эле түшүнүктүү болгон. Абуталип менен Зарипа башка кай жерге болбосун орношуп, иштеп кетчү немелер экен. Бул жайга келгендери аргасыздыктан болуптур. Көпкө чыдап тура алышпайт го, бүгүн болбосо дагы бир күнү башы оогон жака кете беришер деп

ойлошту оболу борондулуктар. Булардан белдүү не бир эр-азаматтар буерге кармалып кала алышкан эмес. Эдигей менен Казангап экөө да ушул ойдо болушту. Анткен менен Абуталиптин үй-бүлөсүнө баары тең бат эле ылымталаш болуп кетишти. Кишичиликтүү, маданияттуу немелер экен. Жашоосу гана жармач. Эрди-катын экөө тең эл катары иштейт. Эки ийилип эңкейип шпал ташыйт, көк муштум болуп кар тазалашат. Иши кылып темир жол жумушчусунун мойнундагы милдетин аткарып жүрүштү. Абуталип согушта немистердин туткунунда болуп чыкканы үчүн жапа чегишкени болбосо ынтымактуу, мунасалуу үй-бүлө экен. А кезде туткун болгондорду мурдагычылап чыккынчы катары, эл душманы катары жектеш калып калган. Борондулуктар анысын анчалык этибарга деле албады. Туткунда болсо болгондур, акыр түбү согуш жеңиш менен бүтпөдүбү, өткөн дүйнөлүк алааматта адамдар кандай гана күндү көрбөдү. Далай жан азыр ушу күндө да жанын коёр жер таппай тентип жүрүшпөйбү. Согуштун суук илеп көлөкөсү дале адамдардан калбай ээрчип келет... Ошол үчүн борондулуктар жаңы коңшунун тынчын алып сурай беришпеди, көргөн азабы, ичте калган арманы ансыз деле арбын окшойт, жаратын тырмап не кылалы деп жайына жөн коюшту.

Бара-бара Абуталип менен ынак болуп кетишкенин өздөрү да байкабады. Акылдуу киши экен. Эдигейге жакканы, Абуталип кор абалында кордугун билдирбейт. Тагдырына наалыш айтып кейий бербей даражасын бийик кармап жүрөт. Дүйнөдө болуп аткан нерселер менен эсептешпей коймокпу. Башына түшкөн мүшкүл бешенесиндеги тагдыры экенин жакшы түшүнөт окшойт. Аялы Зарипа да ушу жагдайды жакшы андап алган көрүнөт. Башка түшкөн мүшкүлдү тартыш керек экенине ичтеринен моюн сунуп, турмуштун маңызын экөө өз ара ысык мамилесинен, өз ара камкордугунан тапкандай. Дүйнөнүн ызгаар шамалынан экөө бирин бири ошол ысыкчылыгы менен калкалашып, балдарын

корголошуп, ошону менен коргонушуп турушкандай. Муну Эдигей кийин түшүндү. Айрыкча Абуталип үйбүлөсүнөн четте бир күн чыдай албагыдай. Балдары ал үчүн бүтүн бир дүйнө. Колу бошой калса эле балдарына үйрүлөт. Кат-сабат үйрөтөт, ар кандай жомок – табышмак ойлоп айтып берет, жаңы оюндарды ойнотот. Аялы экөө ишке кетишкенде алгачкы күндөрү балдарын кепесине камап кетип жүрүштү. Ага Үкүбала чыдап карап тура албады, балдарды үйүнө апкелип алчу болду. Жаңы келгендердикине караганда Эдигейдин үйү жылуу эле, а кезде жашоосу да оңолуп калган. Эдигейдин эки кызы да эсине кирип калган кез, Абуталиптин балдары менен тең.

Бир жолу иштен кайтып келатып балдарына кирген Абуталип мындай деп калды:

– Эдигей, мен балдарыма кошуп сенин кыздарыңды да окутайын. Мен балдарым менен бекерчиликтен убараланып жүрөт дейсиңби. Бирге ойноп көнүшүп алышты. Күндүзү силердикинде болсун, кечкисин биздикинде. Муну эмнеликтен айтты дебейсиңби? Эл-журттан чет бу жайда, албетте, жашоо кызыксыз, мына ошол үчүн балдардын көзүн ачуу керек. Жаштайынан билим керек болор кез жакындап келатат. Азыркы балдар чоң кишилердин билгенин билүүсү зарыл. Антпесе чоң билимге баш багып кире албай калат.

Абуталиптин бул аракеттеринин маанисин да Эдигей кийин-кийин алиги жаман окуядан улам түшүндү. Көрсө Боröндунун шартында Абуталип балдарына берер колунан келген жалгыз жардамы ошол тура. Ал билгендей эле ашыккан экен, өз билимин көбүрөөк үйрөтүп, балдарынын сезимине өзүн тереңирээк сиңирип алар менен кошо өзү көбүрөөк жашап калууга ашыккан экен. Кечкисин иштен келген Абуталип менен Зарипа өздөрү менен Эдигейдин балдарына мектеп-балабакча уюштуруп жиберишчү. Балдар тамга таанып, эжелеп окуп үйрөнүп, ар кандай оюндарды ойноп, мел-

дешип сүрөт тартышып, тигилер окуп берген китептерди кунт коюп угуп, ар түрдүү ырларды жаттап ырдап калышты. Балдардын бу сабагы Эдигейди да кызыктырчу болду. Ал кээде кире калып, карап отурар эле. Үкүбала да башка бирдемени шылтооломуш болуп жүгүрүп келип, кыздарынын окуганын кызыга карап отурат. Эдигей жетине албайт, жүрөгү элжирейт. Билимдүү киши, окутуучу деген ушундай тура! Чоң эле кишилер бала менен бала болуп, балдарга кандай мамиле жасаарын карап отуруш өзүнчө кызык. Мындай учурда алаксытпаш үчүн Эдигей бурчта тынч отурат. Үйгө кирип келгенде болсо дароо баш кийимин алат да:

– Кеч жарык! Балабакчага бешинчи окуучу келди,– деп кирет.

Анын келип турганына балдар да көнүп калды. Кыздарынын кубанганын айтпа. Атасынын көзүнчө аябай тырышат. Балдар жылуу отурсун деп Эдигей менен Үкүбала алмак-салмак от жагып берип турат.

Ошол жылы Борондуга ушундай үй-бүлө келип баанектеп туруп калды. Анан калса мындай кишилердин турмуш жолу дайым кыйчалыш болот тура.

Абуталип Куттыбаев немистердин туткунунда гана эмес, бактысынабы-шорунабы, Түштүк Бавариядагы концлагерден бир топ туткундар болуп качып чыгып, кырк үчүнчү жылы Югославия партизандарына кабылыптыр. Согуш бүткүчөктү Югославиянын боштондук Армиясында жүрүптүр. Ошерде жарадар болуп, ошерде айыгыптыр. Югославиянын күжүрмөн ордендери менен сыйланыптыр. Партизандык гезиттерге анын эрдигин жазып, сүрөтүн чыгарыптыр. Кырк бешинчи жылы Мекенине кайтып келатып, текшерүү – электен өткөрүү комиссиясынан өтүп жатканда ошонусу аябай жардам берген экен. Концлагерден качып чыккандар он эки туткун экен, төртөө гана аман калыптыр. Советтик текшерүү комиссия Югославия боштондук Армиясынын бөлүктөрү турган жерге атайын барып, Югосла-

виялык командирлер баштагы советтик туткундардын партизандарга катарлаш фашисттерге каршы күрөшүүдө бирге согушкандары туурасында, андагы моралдык жана аскердик сапаттары туурасында кат жүзүндө пикир жазып беришкени алиги төртөөнө аябай колдоо болуптур.

Иши кылып, эки ай бою сандаган текшерүүлөрдөн, суракгардан, кездешүүлөрдөн өтүп, кээде жаны кашайып, көбүнесе үмүт-тилеги кубат берип, акыры укугунан ажырабай, бирок аскерден кынтыгы жок кайткандардай артыкчылыгы жок болуп, өзүнүн Казакстанына кайтып келди. Ага Абуталип Куттыбаев капа болбоду. Согуштун алдында география сабагынын мугалими эле, ал ишине кайра турду. Ошол райборбордогу мектепте баштапкы класстарга сабак берген жаш мугалим Зарипаны жолуктурду. Эки жанга бакыт тең келген мындай окуялар сейрек кездешсе да, болот эмеспи. Антпесе турмуштун турмуш экени кайсы.

Ал ортодо жеңиштен кийинки биринчи жылдар да өттү. Шаң-салтанаттын артынан «кансыз согуштун» каңырсыган жыты урду. Каңырсак жыт күчөгөндөн күчөдү. Согуштан кийин талыкшый түшкөн дүйнөнүн кайрадан тынчы кетип, журт сезими кайрадан кызууланды...

География сабагынын кайсы биринде ошол сезимдин учкуну чагылды. Эртедир-кечтир, буердеби же башка жердеби, ушул түрдөбү же башкачабы, бирок акыры ушундай окуя болмок. Абуталип болобу, башка бирөө болобу, туш келмек.

Сегизинчи класстын окуучуларына дүйнөнүн Европа бөлүгү туурасында айтып жатып, Абуталип өз башынан өткөнүн сабакка кошуп кетти: бир жолу концлагердеги туткундарды немистер Түштүк Бавария Альпы тоолорундагы таш казуу жумуштарына алып чыгат. Ошондо сакчылардын куралын тартып алып, бир топ туткун качып чыгып, Югославия партизандарына кошулат. Ал кыйын кезең күндөрү Абуталиптин баспаган жери кал-

бады, Европанын жарымын кыдырып, Адриатика менен Жер Ортолук деңиздердин жээгинде да болду. Ал жерлердин табият шарты жана элинин жашоо тиричилиги менен жакшы тааныш. Анын баары окуу китебинде жазылган эмес... Башынан өткөн, көзү көргөндөрүн айтуу менен Абуталип сабагын мазмундуураак кылайын деген.

Тактада илинип турган география картасынын Европа бөлүгүндөгү көк-жашыл-күрөң жайларын мугалимдин колундагы көрсөткүчү кыдырып жүрдү. Көрсөткүч Европанын тоолорун, жайыктарын, сууларын көрсөтүп, Абуталипке али ушу күнгө чейин түшүнө кирип жүргөн жерлерге да тийип өтүп баратты. Ал жерлерде күндүртүндүр согуш жүргөн, нечен кыш, нечен жай тынбай жүргөн. Ошондой бир согушта душмандын капталдан жаадырган огуна кабылып, Абуталип боор ылдый кулап кетти. Азыр көрсөткүчү ошол каны төгүлгөн кичинекей жерге да тийип өткөндөй болду. Боор ылдый таш менен чөпкө төгүлгөн каны азыр картанын бетине төгүлгөнсүп Абуталиптин көзү караңгылай түштү, башы айланып кетти. Ошондо боор ылдый тоголонуп баратып да башы айланып, көзү караңгылап, туткундан бирге качып чыгышкан поляк досун жардамга чакырып кыйкырган. Тоо көчүп, суулар коңторулуп, Абуталип жан талаша: «Казимир! Казимир!» деп кыйкырып баратты. Бирок ал кыйкырып атам деп ойлоду, чынында Казимир досу уккудай үнү чыкпай, жан талашкан арга эле. Ошо бойдон Абуталип партизандардын госпиталында кан куйгандан кийин гана эсине келген.

Дүйнөнүн Европа бөлүгү туурасында окуучуларга сабак өтүп жатып, Абуталип Куттыбаев башынан өткөн ушунча окуялардан кийин кадимки мектеп географиясына гана тиешелүү маалыматтарды чоочун иш катары кебелбестен айтып берип турганына таң калды.

Алдыңкы партадан шак көтөрүлгөн кол анын сөзүн бузду:

– Агай, демек сиз туткунда болупсуз да?

Сумсая тиктеген эки көз ага кадалып, өспүрүм бала башы артына экчелип, какайып турду. Кем ээк баланын астыңкы тиштери үстүңкү катарын жаап, тиштене турган ушул элеси Абуталиптин эсине өмүр бою батып калды.

– Ооба, эмне экен?

– Анда эмне атынып алган жоксуз?

– Өзүмү өзүм өлтүрүүнүн кажаты канчалык эле? Ансыз да жарадар болчумун.

– Душманга туткун болуп түшпөө керек, ошондой буйрук бар да!

– Кимдин буйругу?

– Жогор жактын буйругу.

– Аны сен кайдан билесиң?

– Мен баарын билем. Биздикине Алматыдан, Москвадан кишилер келип турат. Демек сиз жогор жактын буйругун аткарбапсыз да?

– Сенин атаң согушта болду беле?

– Жок, ал аскерлерди согушка жөнөтүп турган.

– Анда экөөбүз бири-бирибизди түшүнүшө албайбыз. Жалгыз айтарым, ал учурда менин башка аргам калган эмес.

– Баары бир сиз буйрукту аткарышыңыз керек болчу.

– Эмне эле жабышып калдың? – деп башка бир окуучу ордунан турду. – Биздин агай Югославиялык партизандар менен бирге согушкан. Сага эмне жок?

– Баары бир буйрукту аткарышы керек болчу! – деп тиги бала жактаганын бербеди.

Ал анан балдар классты башына көтөрүштү: «Аткарыш керек болчу!», «Аткара алмак эмес!», «Аткармак», «Кантип аткармак», «Туура!», «Туура эмес!»

Мугалим столду тарс бир койду.

– Токтоткула сөзүңөрдү! Азыр география сабагы жүрүп атат. Менин кантип согушканымды жана эмне

болгонумду билчүлөр жакшы билет. Сабакка көңүл бургула!

Ошентип кайрадан капталдан душмандын автоматы ок жаадырып, көрсөткүч кармап тактанын түбүндө турган мугалим боор ылдый тоголоно кулады да, аккан каны Европанын көк-жашыл-күрөң түстүү картасын жая берди. Ушул окуя болгон картадагы кичинекей жерди бу жолу да класстан бирөө көрө албады...

Үч-төрт күндөн кийин районодон чакыруу келди. Аерде Куттыбаевге кеп сөз айтышпады, тек өспүрүм жаштарга мурдагы согуш туткуну сабак берүүгө моралдык укугу жок деп, жаакташпай өз ыктыяры менен арызын жазып, иштен бошонуп кетүүсүн туюнтушту.

Абуталип Куттыбаев Зарипа экөө тун уулу Даулду бооруна катып, областтык борбордон алысыраак башка бир районго көчүп кетишти. Бир айылдын мектебине орношту. Там-таш табылып, жай алып калышты. Жөндөмдүү жаш мугалим Зарипа окуу бөлүмүнүн башчысы болду. Бирок ошо маалда кырк сегизинчи жылдагы Югославияга байланышкан окуя козголду. Эми Абуталип Куттыбаевди жөн эле баштагы согуш туткуну катары көрүшпөй, Югославияда узак убакыт болуп келген шектүү киши катары эсептеп калышты. Ал Югославиянын партизандары менен бирге согушуп жүргөнүн далилдесе да, ага көңүл бурган жан болбоду. Баары эле ага боору ооругансыйт, бирок бир да бирөө өз мойнуна жоопкерчилик алууга батынбады. Кайрадан районого чакыртышты, өз ыктыяры менен иштен бошогон мурдагы жорук кайрадан кайталанды...

Ошентип улам бир жерге көчүп-конуп жүрүп, Абуталип Куттыбаевдин үй-бүлөсү элүү биринчи жылдын аягында, кыштын кыраан ортосунда Сары-Өзөктүн эрме чөлүндөгү Боронду разъездине туш болду.

Элүү экинчи жылдын жайы адаттагысынан ашкере ысык болду. Какшыган жер тарс-тарс жарылып, чөлдүн ысып-күйгөнү ушунчалык, Сары-Өзөктүн кескелди-

риктери да жанын катар жай таппай, адамдардан чочулабай босогого келип калат, алкымы лакылдап, ачылган оозу жабылбай тамандырыкта турат. Айры куйруктар болсо салкын издеп улам көкөлөп, көзгө илинбей кетет. Анда-санда гана коңкулдап үн салып коёт да, ошо бойдон бозомук тарта закымданып күйүп турган абадан көпкө үнү угулбай дайынсыз жоголот.

Бирок иш деген иш. Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай өтүп жатат. Боронду разъездинен канча поезд бет келишип жолугуп, ажырап өтпөдү. Мамлекеттин улуу кан жолундагы транспорттун жүрүшүнө эч кандай ысык таасир эте албайт.

Иш өз калыбында жүрүп атты. Колкапсыз иштөө кыйын, жылаңач кол менен темир эмес ташты кармай албайсың. Асман – очокко көмкөрүлгөн казандай болуп төбөдө алоолонгон күн. Сууну адаттагыдай цистерналап апкелет, разъездге жеткенче кайнаган суудан айырмасы болбой калат. Жонундагы кийимиң бир күндө оңуп, экинчи күнү куурулуп түшөт. Ушул азыркы ысыктан көрө Сары-Өзөктүн кычыраган кышкы чилдеси жеңил сезилет. Ошону үчүн Боронду Эдигей Абуталиптин көңүлүн жооткотумуш болот:

– Жыл сайын эле жай мындай ысык боло бербейт. Быйылкысы бөтөнчө болду го,– деп өзү күнөөлүүдөн бетер актанат. – Дагы он беш-жыйырма күндөн кийин ысык кайтып калар. Ысыгың менен куру, баарыбызды кыйнап салды. Бу Сары-Өзөктүн жай-күзүнө ишенип болбойт, бир эле заматта күн бузулуп, өзгөрүлүп да кетет. Анысы жай аягында көп болот. Анан кыш түшкүчө жан жыргаткан мээлүүн ырай турганы турган. Мал эт алып, семирер маал ошол. Кээ бир белгисине караганда быйылкы күз да ошондой болгудай. Күзгө жарасак, анан беймарал кез да келет.

– Демек келет дечи? – деп Абуталип жылмаят.

– Келет дебесем да, келер.

– Ошонуңа ыракмат. Мына азыр мен мончодо отургансыйм. Өз жаныма кейиген жерим жок. Зарипа экөөбүз чыдаарбыз. Мындан ооруна да чыдаганбыз. Балдарга жаным кейийт... карап отура албайм...

Борондунун балдары дымыктырган аптаптан эттен түшүп, азып кетти, катар жер жок. Балдардын жаны жыргаар же бир булак, же бир түп дарак болсочу. Көктөмдө, Сары-Өзөктүн жайыгы менен жылгасын жашыл ыраң каптап жашылданганда аз күн болсо да балдардын жарпы жазылып калат. Бекинчек бекинишип, топ ойноп, же талааны талаалай чаап, сары чычкан кубалап, айдың бети балдардын кыйкырык-чуусуна жаңырып турат. Сырттан карап көңүлүң кубанат.

Бу жай жан-жаныбарды кыйнап салды. Тынч алып үйдө отурбаган балдар талмоорсуп көлөкөдөн чыгышпайт, өткөн-кеткен поезддерди гана ээрчий карап башбагып коюп, кайра шылкыйып дубалга жөлөнүшөт. Болгон эрмеги өткөн-кеткен поезддерди санамай, алардын ичинен канчасы эл ташыган пассажир поезд экенин аныктамай, канчасы товар поезд экенин тактамай. Пассажир поезд разъезддан өтүп баратып жүрүшүн жайлатса токтоор бекен деп балдар көлөкөдөн чыга чуркашат, колдорун серепчилеп, ушу поезд аларды салкын жактарга алып кетчүдөн бетер үмүттөнө карашат, анан поезддин куйрук вагону көздөн учуп алыстай бергенде балдарды караба, салкындык деген үмүт-тилектери кошо кеткенсип, умсуна тиктеп, жалдырай карап калышат. Поездде бараткан пассажирлер кең ачылган терезелеринде туруп барат, дем кыстыккан вагон ичине, чымындарга чыдабай үшкүрүнүшүп барат, бирок бир-эки күндө жайылып аккан дайралуу, жашыл токойлуу жайларга жетишерин ченемдеп, камдуу үмүт менен барат.

Ошол жайда балдарына боору оорубаган жан болбоду Борондуда, бирок Абуталиптин бала деп тарткан азабын жалгыз Зарипадан башка Эдигей гана билип жүрдү окшойт. Зарипа экөөнүн ортосундагы алгачкы сөз да

ушул тууралуу болду. Ошол сөздө экөөнүн тагдырындагы килит кичине ачыла бергенсиди.

Ал күнү үчөө жолдо иштеп, рельстердин асты-аралыгындагы шагылды жаңыртып жүрүшкөн. Поезд өткөн сайын жер силкинип, шагыл акырындап эки тарапка куюла берет, ордун толуктап туруш жолчулардын милдети. Жол үстү тынчымак беле, поезд дегениң удаама удаа өтүп турат, ошондуктан ишиң да үзүл-кесил. Бирок азыркыдай ысыкта жөн күтүп туруштан эс алуу жок. Кечке бүтпөгөн, жадаткан жумуш. Түшкө маал Абуталип бошогон бидонду алды да, өзү айткандай, туюкта турган цистернадан ысык суу апкелмейге, ага кошо балдарга көз сала келүүгө кетти.

Эки рельс эки жактан алоолоп илеп уруп турганына карабай шпал санап жөнөдү. Өзүн ойлобой балдарын көрүп коюуга шашып баратты. Башында кубарган чий калпак, уркуйган ийининде оңуп бүткөн, саналуу кабыргаларынан ылдый шалбыраган кир майкеси, бутунда боолору жок коңултак батинке. Баскан сайын батинкеси шпалдан шпалга шалпактап, өзү өзү менен болуп баратты. Артынан поезд кууп жеткенин сезген да жок, кылчайган да жок.

– Эй, Абуталип, жолдон чык! Сен эмне, дүлөй болуп калгансыңбы? – деп кыйкырды Эдигей.

Абуталип укпады. Паровоз заңгырап кыйкырганда гана жолдон чыгып, жал ылдый жылбышып түштү, бирок ошондо жанынан шуулдаган поездге да кылчайбай койду. Машинист муштумун кезеп, сөгүнүп баратканын да көргөн жок.

Согушта жүрүп, туткунда болуп чачына ак кирбеген неме, ырас анда жаштыр, он тогузунда аскерге алыныптыр, кенже лейтенант болуп согушка кириптир. Бирок, ушу жайда чачын ак аралады. Сары-Өзөктүн ак чачы. Обол мурун эки чыкыйы буурул тартып, анан салаа аралабаган калың чачынын арасында актары көбөйгөндөн көбөйө берди. Жайчылык кез болсо жал-

дуу жылкыдай болуп, келишимдүү жигит экен. Жайык маңдай, куш мурун, кокосу уркуюп, эриндери бек калбык, субагай бакыраң көз. «Абу, жолуң болбоптур, сценада Отеллонун ролун эле ойной турган кейпиң бар»,– деп Зарипа күйгүзө тамашалап калат. Анда Абуталип күрсүнөт: «Отелло болсом ит болуп сени муунтуп өлтүрмөкмүн да, сага анын кереги эмне!»

Артынан поезд жутунуп кирип бараткан поездди байкай албаганына Эдигейдин эси чыкты.

– Тигил эмне кылганы, айтсаң боло,– деп Зарипаны жекирди. – Жолунда баратканга машинист жооп бербейт. Анын бетин ары кылсын дечи. Бирок ушу да жорукпу?

Зарипа кара-көк болуп күйүккөн жүзүнөн терин жеңи менен сүртүнүп, оор үшкүрдү.

– Мен да коркуп жүрөм.

– Эмнеге?

– Корком, Эдике. Сенден жашырганда эмне. Балдарын ойлоп, мени ойлоп эле жаны кашая берчү болду. Абуга тиерде ата-эне, агаларымдын тилин албай койбодумбу. Агам болсо жаалы көзүнөн чыгып: «Өлөр өлгөнчө өкүттө өтөсүң, сен эрге тийбей эле азапка кирип атырысың, балдарың да, балдарыңдын балдары да туулбай жатып шорго малынганы ушул. Тиги сен жактырып тийип жаткан жарыңдын башында мээси болсо үй-бүлө күтпөй асылып өлгөнү оң болор эле. Ошондо жаны жаннатка чыкмак!» – деп бакырган. Биз экөөбүз анын тилин албадык. Согуш бүтөрүн бүттү, эми тирүү менен өлүүдөн эмне сурак деп үмүттөндүк. Элден четте жүрдүк, төркүндөрүбүздөн кол үзүштүк. Акыр аягында, аңдап турсаң, агам арыз жазыптыр: мен эскерткем, эрге тийишине каршы болгом деп жазыптыр. Анан дагы карындашым менен, төтөн жанагы көп убакыт Югославияда болуп келген Абуталип Куттыбаев деген неме менен эч кандай мамилем жок деп жазыптыр. Ал, ошондон кийин балаанын баары кайра башталды. Кайда барып урун-

сак деле кайра айдашат, ошентип мына ушерге туш болдук, мындан ары барар жагыбыз жок.

Зарипа унчукпай калды да, өчөшкөндөй шпал астына шагыл күрөктөп кирди. Бет алдыдан келаткан дагы бир состав көрүндү. Эдигей менен Зарипа күрөк, замбилин ала жол жалынан ылдый түштү.

Жакын көргөн кишилер ушундай абалда турганда бирдеме кылып жакшылык көрсөткүсү келди Эдигейдин. Бирок буларды баскан балаа Сары-Өзөктүн чегинен тышкары экенин көрүп, аргасы түгөндү.

– Биз буерде турганыбызга көп жыл болду. Силер да эптешип, көнүп кетерсиңер. Тирүүлүк барда жашоо керек, – деп баса айтты да, Зарипанын жүзүнө тике карап, ою бөлүнүп кетти: «Ай, бечара, Сары-Өзөктүн тирилигине ар ким чыдай бербейт. Кышында жаңы келгенде акжуумал эле, эми, карачы, кер-сары болуп өчүп баратат, – деп өз ичинен мандайындагы оңуп бараткан сулуулукка кейиди. – Жибектей чачың күнгө күйүп куурады, саландаган кирпигиң да күн табына куйкаланып кетиптир. Эриндериң тарс-тарс жарылып кеберсиди. Кыйналды ээ кайран жаның. Бу жашоого көнбөгөн назик жаның. Анткен менен кайраттуу экенсиң, кайратыңан кайтпадың. Эки балалуу болуп алып, кайда кайтмак. Деген менен мыкты жан экенсиң...»

Ал ортодо күйүп турган ысык абаны куюндатып, автоматтан жааган октой жанды куйкалатып, алиги состав өтүп кетти. Экөө курал-жабдыгын көтөрүнүп, кайра жол жалына чыгышты.

– Зарипа,– деди Эдигей келинге кичине кайрат кошуп, акыл айтууга,– бу жер, чыны, балдар турар жер эмес. Мен өз балдарымы карап отуруп жаным кейип кетет. Бирок түбөлүккө эле күн ушинтип тийип тура бермекпи. Жакшылыгы болор. Анан калса, ойлоп көргүлөчү, ушу Сары-Өзөктө жапа чеккен жалгыз эле силер бекенсиңер, аз да болсо эл-журтпуз, айланаңарда

биз барбыз. Жашообуз ушундай болду деп мөгдөй бересинерби.

– Мен да ага ушуну күндө айтам, Эдике. Жаратына тийип алар бир сөз оозуман чыкпасын деп тырышам. Кыйналып жүргөнүн кантип билбей коёюн.

– Туура кыласың. Сага айтар акылым деле ушу болчу, Зарипа. Учурун таппай жүргөм. Өзүң баарын түшүнүп турбайсыңбы. Сөз келгенин айттым да. Кечирип кой.

– Жан кашайткан учурлар болот деңизчи. Өзүмү да аяйм, аны да аяйм, балдар дегенде боорум ооруйт. Эч жазыгы жок болсо да, бизди ушуякка апкелип, ушу күнгө туш кылганына өмүрү зилдеп жүрөт. Же өзгөртүп иер аргасы жок. Биздин Ала-Тау жактын эмнесин айтасыз, тим эле бейиш тура, тоолорун айтыңыз, көккашка болгон сууларын айтыңыз, аба, күндүн ырайычы. Жадегенде жайкысын балдарды жиберип алып тургудай болсокчу. Кимге жиберебиз? Ата-энелерибиздин көзү өтүп кетти. Агайын-туугандар бар, бирок аларды да күнөөлөй албайсың. Мурда эле бизден жатыркап жүрүшчү эле, эми көрөйүн деген көздөрү жок. Биздин балдарды эле сагынып турушуптурбу. Бирибизге бирибиз жарыя айтышпасак да ушерде өмүрүбүз сая кетеби деп, ар кимибиздин убайымыбыз ушунда. Баарыбыздан да өзүнүн кыйналганы оор болуп жүрөт... Эртеңки күнүбүз кандай болорун бир кудай өзү билбесе, дайынсыз күүгүм...

Экөө тең ойлоруна тумчугуп унчугушпады. Кайра бу сөзгө кайрылышпады. Иштей беришти, өткөн поезддерди өткөрүп ийип, кайра иштеп жатышты. Башка эмне арга бар эле? Булардын көңүлүн эмне менен жубатмак? «Жер кезип, мусапыр болуп кетер алда эмес го,– деп ойлоду өзүнчө Эдигей,– бир үйдөн экөө иштейт, жашоо каржы табылат дечи. Экөөн буерге зордоп камап отурган деле эч ким жок, бирок башка бир жакка кете беришке булардын да аргасы жок. Эртең да, бүрсүгүнү да ачылар жолу көрүнбөйт».

Ушул үй-бүлөнүн азабын кошо тартышып, өз жанымы өзүм кыйнап мага эмне жок? Булардын тагдырынын мага тиешеси кайсы деп, Эдигей өзүнө таң калат. Булар анын кимиси эле? Булардын тагдыры анын акылы чечер иш эмес деп жөн калса болбойбу? Тиешеси жок, акысы жок иштерге кийлигишкидей деги өзү ким? Талаа жолдогу бир мээнеткеч, жер бетинде андайлар сандап жүрөт, анан дагы бу турмушта эмне адилдик, эмне адилетсиздик деген маселелерди териштирип, канын кызытып эмне кылат экен. Ак-караны териштирген жогоркулар Боронду Эдигейге караганда мин эсе көп билишер дейм. Сары-Өзөктүн чөлүндөгүгө караганда жогор жакта даанарак чыгар. Эдигейге эмне жок кыпчылып?.. Бирок, баары бир жаны жай албайт. Баарынан аяганы Зарипа. Анын кыйынчылык менен өчөгүшө кармашып, эринин ой-тилегине башын байлап, бүткүл дити менен берилгенине таң калат да, ыраазы болот. Зарипа канаты менен бороондон уясын калкалаган кушка окшоп кетет. Башка аял болсо ыйлап-сыктап алып, төркүнүнүн айтканына көнмөк. Бу болсо согуштагы өткөн-кеткен иш үчүн азап-тозокту эри менен тең бөлүшүп жүрөт. Абуталипти да, анын балдарын да бөөдө мүшкүлдөн коргоп кала албаган соң Эдигейдин тынчын алган да, ойлобоюн десе болбой жанына баткан да дал ушул шарт... Тагдыр айдап бул үй-бүлөнү Боронду дуга туш кылганына Эдигейдин кийин өкүнгөн учурлары көп болду. Кайгы жокто бу кайгынын ага керектиги канчалык эле? Көрбөгөндө, билбегенде мурдагысындай бейкут жүрө бербейт беле...

## IV

Түш оогон чакта Тынч океандын Алеуттан түштүгүрөөк жагында толкун козголду. Америка материгинин этегинен башталган түштүк-чыгыш шамалы акырындап күч алып, багытын бекемдеп сого берди. Кыйыр-

сыз мейкинде көлбүп жаткан улуу суу кыймылга келди, оор чайпалып, шарп жалданып, толкундан толкун, жалдан жал түрмөктөлө баштады. Мунусу шторм болбосо да, узакка толкуурунун белгиси эле.

«Конвенция» авианосеци үчүн ачык океандагы мындай толкундоо коркунуч туудура албайт. Башка учур болсо өз абалын өзгөртүүнү ойлоп да коймок эмес. Бирок, өзгөчө полномочиелүү комиссиялар жогорку инстанциялары менен болгон кеңешүүлөрдөн кийин шашылыш түрдө кайра кайтышып, палубага мына азыр келип коно турган соң капталдан урган толкундун чайпоосу жеңилирээк болсун үчүн авианосец шамалга тумшугун тосо бурулуп токтоду. Баары ойдогудай болду. Оболу Сан-Франциконун, анан Владивостоктун самолёттору удаа келип конушту.

Комиссиялар кабатыр көңүлдө унчугушпай, бирок толук составдары менен келди. Он беш мүнөт өтпөй алар жабык кеңешмеде чогуу отурушту. Кеңешме башталгандан беш мүнөт өткөн соң Эге Галактикасындагы 1–2 жана 2–1 паритет-космонавттарга жөнөтүү үчүн орбиталык «Паритет» станциясынын бортуна мындай деген токтоосуз жетчү шифрленген радиограмма жиберилди: Орбиталык «Паритет» станциясындагы 1–2 жана 2–1 контролер космонавттарга. Күн системасынан тышкары кеткен 1–2 жана 2–1 паритет-космонавттарга эч кандай иш-чара көрүшпөсүн деп эскерткиле. Бирбашбордун бөтөнчө көрсөтмөсү болгучакты ордуларынан жылбасын».

Мындан соң бир мүнөттү да текке кетирбей өзгөчө полномочиелүү комиссиялар космостук кризисти чечүү боюнча өз-өз позицияларын жана сунуштарын баяндоого киришти...

«Конвенция» авианосеци Тынч Океандын тынбай келип жаткан толкундарына тумшугун тосуп, шамалга бет алып турду. Ушул учурда анын бортунда бүтүндөй

планетанын тагдыры чечилип жатканын эч ким билбеди...

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

*Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

Эне-Бейитке жеткиче дагы эки сааттай убакыт бар. Сары-Өзөк кезген аза көчү мурдагы калыбында жүрүп баратты. Жол баштаган буурачан Боронду Эдигей алдыда. Каранары калыбын жазбай арышын кенен таштап барат. Артында прицеп тарткан трактор. Прицепте Казангаптын сөөгүн узатып, кынк этпей келаткан Айзаданын күйөөсү. Анын соңунда «Беларусь» экскаватор. Капталда жандай жорткон куйкул сары кең төш Жолборс бирде алдыга озо жортот, бирде бутун сырайта көтөрүп токтой калат, анан ашыкпай көчтү ээрчийт. Бирок калам-коём деген пейили жок.

Күн төбөгө жакындап, кактап келди. Арттагы басып өткөн талаанын кыйыры көрүнбөйт. Ээн талаа, эрме чөл улуу Сары-Өзөк жер – дүйнөнүн өзөгү мисал улам бир кыр-дөндөн өткөн сайын дагы чалкар талаа чалып, чеги көрүнбөй асман-жер бириккен көк жээкке жетип жатат. Улам илгерилеген сайын көк жээк да арылап, Сары-Өзөктүн учу-түбү жок сыяктуу. Айдың талаа, эрме чөлдүн кенендиги жүрөктү өрөпкүтөт.

Илгери бир замандарда кайдан-жайдан келгени белгисиз тили буруу айдар көкүл жунжаң деген калк Сары-Өзөктүн кең айдынын бүт ээлеп, көпкө турган экен. Бу жерде башка көчмөн элдер да жашаган. Жайыт менен кудук талашып, эки ортодо дамаамат согуш жүргөн. Бирде тигилер оодук кылса, бирде булар басмырлап,

бирок жеңилгени да, жеңгени да ушул эле аймакта жашай берген. Жеңгени жер-жайытын кеңейтип, жеңилгени тарылып-куурулуп кала турган. Жайыт алып, орун-очок куруп жашоого Сары-Өзөк анда согушууга арзыган жер болчу деп Елизаров айтчу эле. А кездерде жаздыр-күздүр бу жерге жаан арбын жаачу экен. Чөбү белден чыккан шалбаалары сан-түмөн төрт түлүк малдын бейиши болчу. Алыс жайлардан көпөстөр каттап, соода жүрчү. Кийин бир заманда күн ырайы таптакыр бузулуп, тамчы жаан тамбай калат, кудуктар соолуп көзү бүтөлүп, жайыттын чөбү куурап, кайра чыкпайт. Мына ошондо сырттан келген көчмөн уруулар Сары-Өзөктөн кеткиче шашат. Айдар көкүл жуңжаңдар болсо таптакыр изи сууп жоголот. Алар Эдилди,– а кезде Эдил дечү, азыркы Волганы көздөй бет алат. Анан ошо Эдилдин жээгинде дайынсыз жоголот. Алар кайдан келген калк эле, кайда кетти,– эч ким биле албаган. Жараткандын каргышына калган калк деген сөз бар. Көрсө, алар бүт мал-жаны менен чогуу кышкысын Эдилдин бетин баскан муз аркылуу өтүп баратканда муз жарылып, улуу дайра баарын жутуп кеткен имиш...

Сары-Өзөктүн көкүрөк күчүк балдары болгон көчмөн калкы казактар гана киндик каны тамган жерин жерип кетпей калат. Көзү ачылган кудуктарды байырлап жашай берет.

Сары-Өзөктүн эң шандуу мезгили кечээ жакында согуштан кийин башталды. Суу ташыган машиналар пайда болду. Айдоочусу жердин ыгын жакшы билсе бир эле суу машина биринден алыс турушкан үч-төрт конушту тейлей алды. Тегеректеги областтардын колхоз-совхоздору Сары-Өзөктү дайыма мал кыштатар жай кылууну ойлоп, канча курулуш керек, ага канча ырыскут кетерин эсептей баштаган. Алардын ашыкпаганы да жакшы болуптур. Көпчүлүк билбей аңдабай туруп, Эне-Бейиттин жакасында аты-жөнү белгисиз Почта-Жашик деген шаар пайда болду. Чын эле ошентип аташ-

чу: Почта-Жашикке кетиптир, Почта-Жашикте болуптур, Почта-Жашиктен сатып алдым, Почта-Жашикти көрүп кайттым деген сөз аңыз болуп алыс-жакын элге тарады... Почта-Жашик чоңойгондон чоноюп, курулушу дүркүрөп, бөтөн жанга капкасы жабык. Асфальт жапкан жолу бар, бир учу космодромго барат, экинчи учу темир жол станциясына такалат. Сары-Өзөктө индустриялык курулуш мына ошондон башталды. Ал тарапта эртегинин эстелиги болуп, төөнүн кош өркөчүндөй туташ турган Эгиз-Төбөгө жайгашкан Эне-Бейит гана калды. Бүт Сары-Өзөк аймагындагы ыйык көрүстөн ушу. Илгери бу көрүстөнгө сөөк коюш үчүн азалуу эл алыстан конуп-түнөп араң жетер эле. Бирок ата-бабасынын арбагына улуу сый көрсөткөнү үчүн балдары сыймыктуу жүрүчү. Эне-Бейитке элине кадыры сиңген, сөзү менен да, иши менен да чоң беделге жеткен, көп жашап, көптү көргөн айрыкча сыйлуу-сыймыктуу кишилерди коюшчу. Ушунун баарын билген Елизаров болчу, ошол үчүн ал Эне-Бейитти Сары-Өзөктүн пантеону деп коёр эле.

Мына бүгүн ошо жайга Боронду разъездинен чыккан төө, трактор аралаш, ит ээрчиген аза көчү баратты...

Эне-Бейит кабырстандын тарыхы өзүнчө. Эл оозунда калган уламанын оролу тээ илгерки айдар көкүл жунжандар Сары-Өзөктү басып алып, башка эл менен басташып, колго түшкөн туткундарга түшкө киргис кордук көрсөткөн мезгилден башталат. Айдар көкүлдөр колуна түшкөн туткундарды кээде бу чөлкөмдөн алыска кулчулукка сатып жиберишчү экен. Эртедир-кечтир бир күнү мекенине качып кетер жаш туткундар үчүн кулга сатылышы жакшылык менен барабар болуптур. Адам чыдагыс азапты айдар көкүлдөрдүн колунда калган туткундар тартчу. Аларга шири кийгизип кыйнап, эсин жоготуп салчу экен. Бу шорго көбүнесе согушта колго түшкөн жаш жигиттер малынчу. Оболу жунжан-

дар туткундун чачын бир жолу оң анан тескери кырып жалтыратат. Ал ортого нары жакта касапчы жуңжандар бир чоң төөнү союп жаткан болот. Оболу төөнүн терисинин калың, оор келген моюн терисин сыйрып ала коюп, аны устаралап кырып ийип, анан кеп кылып туткундун жалаң башына кийгизет, азыркы суучулдар кийчү кеп такыядай болуп калат. Моюн тери төрт-беш туткунга шири кеп болуп чыгат. Шири ысык күнгө кургаган сайын кысып, туткундун үнү кудайга жетип, көзү чанагынан чыгып, тартпаган азапты тартат да, өлгөнү өлүп тынат, өлбөй калганы өткөн өмүрүн, ататегин такыр эстей алгыс маңкурт кул болуп кала берет. Шири кийгизгенден кийин туткундун мойнуна чоң дөңгөлөктөй жалмыяр байлайт, анысы туткун жаны кыйналганда да башын жерге жаздана албасын дегени. Анан жанталашканда үнү кудайына жетсе да бизге угулбасын деп, туткундарды айылдан алыс, күн тийген ачыкка алпарып салат. Эки колун, эки бутун байлап, жанына ичер суу, сызар даам койбостон таштап коёт. Бу кыйноо төрт-беш күнгө созулат. Ал ортодо тыякта касташкан душмандар бу туткун болгон тууганынын абалын билип, жаны барында куткарып кетүүгө капилет кол салбасын үчүн айлана-тегеректеги мерчемдүү багыттарга кароол кол жиберип коёт. Бирок ачык айдыңда жашырынып ким келе алсын, келгени да бирде-экиде болсо керек. Анын үстүнө айдар көкүлдөр туткунун маңкурт кылып салат экен деген кабар тараган соң туткун болгондордун жакындары да эми аны куткарган менен эс-акылдан ажыраган бир сүлдөрүн апкелет экенбиз да, андай ишке тобокелдин кереги эмне деп тим болушчу. Мына ошондо Наймандан чыккан бир эне гана колго кеткен уулунун тагдырын ойлоп, чыдай албаптыр. Найман-Эне деп эл оозунда улама болуп калган киши ошол. Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз баардык тарабында Найман-Энени улама кылып ушу бүгүн да эл

унутпайт. Тиги кабырыстандын Эне-Бейит деп аталып калышы да ошо себептен.

Талаага ташталган туткундардын көпчүлүгү жан чыдагыс азапта Сары-Өзөктүн аптабын көтөрө албай өлүп кеткен. Тирүү калса беш-алты туткундан бирөө же экөө калган. Ачкадан, же чаңкап өлсө бир жөн го, өлгөндөр төөнүн кам териси күндүн кактоосунда улам кургаган сайын кысылып отуруп мээни баш сөөктөн сыгып чыккыдай абалга жеткирген азаптан өлгөн. Күн ысыган сайын темирдей куураган шири жылаңач башты чемгер[1] салгандан бетер кысат. Ал аз келгенсип, эки күн өткөн соң жылаңач куйкадан жаңы чач да баш багат. Азияттыктардын тикендей тик өскөн кайраттуу чачы шириге сайылып, аны тешип өтө албаган соң кайра кайрылып куйкага сайылат. Мунун кыйноосу ширинин азабын ого бетер күчөтөт. Ошентип бара-бара туткундар эс-акылын жогото баштайт. Беш күн өткөндөн кийин туткундардын кимиси тирүү калганын билүүгө айдар көкүлдөр келет. Кыйнооого түшкөндөрдүн бирөөн тирүү тапса максатына жеткендей ыраазы болушчу. Тирүү калганды кыйноосунан бошотуп, суу берип, акырындап ал-күчүнө киргизип алышчу. Бирок ал эми адам эмес, эс-акылдан айрылган маңкурт кул. Мындай кулдар эс-акылы ордунда он кулдан артык бааланат. Эгер кагылышта маңкурт кул өлсө, анын кунун соо туткундун кунунан он эсе артык кууп алышчу.

Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысмы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон,– эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы өзүн адам элем деп эсептебей калат. Өзүн өзү таануудан калганы менен маңкурттун чарба тиричиликте бир топ артыкчылыгы бар. Өзү аягы айры, башы кара бир макулук болгон соң айдаган жакка кыңк этпей басат, айткан ишти кыңк этпей аткарат. Качам-

[1] ч е м г е р – алкактуу кыскыч.

коём, каяша кылам деген ой түшүнө да кирбейт. Кул ээсин ар качан түпөйүлдөнткөн нерсе кулдардын көтөрүлүшү болчу эмес беле. Ар бир кул акыры колдо жүргөн төңкөрүшчү эмеспи. Андай кулдардан маңкурттун айырмачылыгы,– ал каяша кылуу, каршылык көрсөтүү деген сезимден ажырап калган. Ошондуктан аны дайым көзөмөлдөп, кароол коюнун, төтөн аңдан чочулоонун эч кереги жок. Маңкурт итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт. Башка эч жанды тааныбайт да, билбейт, ошол үчүн башка бирөө менен сүйлөшпөйт. Анын бар болгон ою – кара курсак. Башка эч камы жок. Бирок тапшырылган ишти жан-дили менен, өчөшкөндөй берилип аткарат. Адатта маңкурттарды эң балит, оор же болбосо макоо жан да чыдай алгыс бир калыпта созулчу узак жумуштарга коюучу. Жоо кыйнаса, төө кайтартат дегендей Сары-Өзөктүн мелмилдеген кенен, ысык, бук кылар тынчтыгында айылдан алыс жайытта жайдыр-кыштыр төө кайтарчулар маңкурттар болгон. Мындайда ал жалгыз өзү көп төөчүлөргө татыйт. Курсагын гана тойгузуп турса болду, жапайы болуп кеттим дебейт, зериктим дебейт, жайдыр-кыштыр төө артында жүрө берет. Ээсин көрсө итинен бетер кубанат. Үстүндө эски-уску кийим болуп суукта үшүбөсө, курсагы тоюп турса, башка эчтеме сурабайт да кейибейт...

Адамдын адам болгон касиети, жаралганда кошо жаралып, өлгөндө өзү менен кошо кетчү, айбандан айырмалап турган жалгыз касиети эс-акыл болсо, аны түп тамыры менен жулуп салса,– бу неге деген шумдук, андан көрө туткунду жүрөгүн өлтүрөр кыйноого салса, же түз эле башын алып салса тигиге салыштырганда адилетчилик болбойбу. Кыяматтуу туңгуюк тарыхынан жамандыктын не бир кыянаттуу түрлөрүн алып чыккан айдар көкүл көчмөн жуңжаңдар эми адамдын эң ыйык назилине кыянатчылык кылышты. Алар адамдын эс-учун жоготуунун жолун табуу менен бирге адам

табиятына каршы ойго келгис кыянатчылык кылышты. Ошол үчүн Найман-Эне маңкурт болгон уулун кошуп отуруп, жаны кашайганда минтип айтканы бекеринен эмес го:

«Кулунум, сенин эс-учуңан ажыратып жатканда, кулунум, кычкачтан жаңгак чаккансып, башыңа шири кийгизип, мээңди чагып жатканда, кулунум, чемгерлеп мыкчып мээңди, чанагыңан коркунучтун кан-шүүшүңү аралаш көзүң чыгып баратканда, кулунум, Сары-Өзөктүн түтүнү жок кыямат оту жаныңды куйкалап, каның катып жатканда, эриниңе бир тамчы суу тамызбай асман мисирейгенде,– мына ошондо бүт дүйнөгө жан берген жараткан Эгебиз Күн сага жексур көрүнүп, жарык чачкан Күн эмей эле ааламдагы жаркын Эгелердин эң караңгысы сен экенсиң деп Күндү каргай алдың бекен?

Кулунум, чымындай жаның кыйналып, чыркыраган үнүң чөлдүн үстүндө жаңырып турганда, кулунум, жан-далбастап ооналактап бакырып, кудайдан жардам сураганда, кулунум, мисирейген кайрымсыз асмандан эч жардам келбей, азапта жаткан жаш денеңден чыккан какырыгың тамагыңан чыкпай муунуп жатканында, кулунум, калчылдаган дениң бүрккөн бок-жинине аралашып далбас уруп жатканында, кулунум, чымынчиркей, курт-кумурска жабылып каптап, ошол жийиркенткен тозокто акылың караңгылап, жаның чыгып баратканда,– мына ошондо бу дүйнөгө бизди жаратып коюп, өзү таштап кеткен кудайды кашайта каргай алдың бекен?

Кулунум, азапка чыдабай акылың түбөлүккө тутулуп, караңгылап баратканда, эс-учуң зордоп жулунуп, өткөн өмүрүңөн биротоло үзүлүп баратканда, кулунум, жаныңын кыйналганынан жан апаңдын мээрин, жайкы кечтерде жээгинде өзүң ойночу тоо суусунун шаркыраган үнүн түбөлүккө унутуп, кулунум, кыйраган ан-сезимиң өз атыңды, атаңдын атын биротоло унут-

каныңда, өзүң аралаш жүргөн кишилердин дидары, өзүңө кээде уялыңкы карап койчу бийкечтин дидары таанылбай өчкөндө,– мына ошондо, эс-учуңан ажырап, караңгы тунгуюкка кулап бара жатканыңда жүрөк астында көтөрүп, жарык дүйнөгө төрөгөн апа, мына ушу күнгө туш кылууга төрөдүң беле деп, кантип апаңды каргай албадың экен?...»

Бул эзелки тарых көчмөн Азиянын түштүк чектеринен сүрүлүп чыккан жуңжаңдар түндүккө бет алып, Сары-Өзөктү узакка басып турган кезден кабар берет. Баскан жердин кыйырын кеңейтиш үчүн баскынчылар жергиликтүү калктар менен тынымсыз согуш жүргүзүп, туткун алып, кулчулукка сатып турушкан. Башында камсыз жаткан элди капилеттен басканынан пайдаланып, Сары-Өзөктүн тегерегинен аялдар, балдар болуп көп туткун колго түшүрөт. Туткундардын баардыгын кулчулукка айдап кетишет. Бирок бөтөн жерден келген баскынчыларга каршылык күчөй берет. Айыгышкан күрөш алоолойт. Айдар көкүлдөр бу Сары-Өзөктөн кетер ойлору жок, кайра малга жайлуу ээн-жайкын талааны биротоло ээлеп калмай болот. Жергиликтүү калктар мындай жоготууга көнө албайт, эртедир-кечтир баскынчыларды буерден кууп чыгууну милдет көрөт. Ошентип бирде айыгышкан чоң согуш, бирде майда кагылышуулар кээде баскынчылардын, кээде жергиликтүү калктын пайдасына чечилип турат. Канчалык айыгышса да эси оогон эки тарап кээ-кээде ооруктарына кайтып, орто тынчый калган учурлар да болгон.

Ошондой бир тынчый калган оро-парада кербен тартып Наймандардын жерине келип калган соодагерлерден кызык кеп чыкты: чай ичип отуруп, Сары-Өзөктүн эрме чөлүнөн айдар көкүлдөрдүн каарына кабылбай, кудуктан кудукка көчүп-конуп, беймарал өткөндөрүн айтышты. Анан ошо чөл кезип, келатып бир жерде төө кайтарган жаш жигитти көргөндөрүн эскеришти. Соодагерлер ал төөчү менен сүйлөшөлү десе, тиги кеп-сөз

билбеген маңкурт экен. Сырт турпаты алибеттүү, бирок эмнеликтен мындай болуп калганына соодагерлердин акылы жетпейт. Кезинде жоро-жолдошторунун тобунан суурулуп чыккан акыл-эстүү, сөзмөр жигит болсо керек, азыр деле али жаш, кер муруту жаңы кылтыйып келатыптыр, кебетеси да келишимдүү, бирок сүйлөшө келсең эле кечээ күнү көзүн жаңы ачкансып, өз атын да билбейт экен байкуш, ата-энеси ким экенин да билбейт, жуңжаңдар аны эмне кылганын, ата-тегин, туулган жерин – эч бирин билбейт, эсинде жок. Эмне сурасаң да эки сөз менен жооп берет: же «ооба», же «жок», анан дагы бирөө жула каччудан бетер баса кийген тебетейин улам-улам кармалайт. Бу сөздү угуп, кор жанга күлгөн күнөө болсо да, отургандар күлүп калышты. Кээ бир маңкурттун башына ширинин кесиндилери куйка менен куйка болуп катып калат имиш. Андай маңкурт ардуу таздан бетер, келе башыңды буулайлы деген бирөө болсо, өлбөгөн жерде калат дейт. Азоо аттан бетер мөңкүчөк атып, бирөөнүн колун башына тийгизбейт экен. Андайлар күндүр-түндүр башынан тебетейин түшүрбөйт, кийип жатып уктайт... Анткен менен деп, соодагерлер сөзүн уланта берди: макоонун макоосу боло туруп, маңкурт ишине бекем экен, соода кербени жайылып жаткан төөлөрдөн алыс узап кетмейинче малын саксактап, тирмие карап туруптур. Кербенчилердин бири кетип баратып, маңкуртту тамаша чегиптир:

– Барар жерибиз алыс. Кимге салам айталы? Сүйгөн сулуун кай тарапта, биз ошоякка баратып жүрбөйлү? Жашырбай айт. Уктуңбу? Сенин атыңан жоолук тартуулап койсок кантет, ыя?

Маңкурт кербенчини телмире тиктеп, көпкө унчукпай туруп, анан күңк этти дейт:

– Мен күндө айды тиктей берем, ал мени тиктей берет. Бирок бирибиздин үнүбүздү бирибиз укпайбыз... Аерде бирөө олтурат...

Үйдө меймандарга чай куюп, аял киши отурган. Ал Найман-Эне болуучу. Сары-Өзөктүн уламасында Найман-Эне деген ат менен калган ошо киши.

Бир келген меймандардын көзүнчө Найман-Эне сыр билгизбеди. Азыркы укканына өңү бузулуп, ичи уйгу-туйгу болду. Соодагерлердин алиги кеп кылып отурушкан маңкурт тууралуу дагы сурайын деди да, ушул укканынан шумдугураак дагы бир балээни укпайын деп, ошондон коркту. Чымырканып унчукпады, жарадар куштун шаңшыганын тумчуктуруп баскан сыңар, Найман-Эне да ичиндеги түпөйүл дүрбөлөңдү думуктуруп салды... Ал ортодо сөздүн нугу башка жакка бурулду, бу турмушта эмнелер гана боло бербейт деген сыңары азыркы эле айтып отурушкан маңкурт шордууну баары тең унутуп салышты. Найман-Эне болсо, бүткөн боюн ээлеген майда калтырагын, түпөйүл дүрбөлөңүн алиги жарадар куштун үнүн тумчуктуруп баскан сыңары басуу менен алек боло берди. Буурул чачтуу, каралуу башына көнүмүш болуп калган кара жоолугун маңдайына ылдый тарта, буулуп отурду.

Соодагерлердин кербени да кетти өз жолу менен. Ошо түнү таң аткыча ойдон-ойго, санаадан-санаага урунган Найман-Эне Сары-Өзөктүн ээнинен алиги маңкурт төөчүнү издеп таап, уулубу-жокпу анысына жетмейинче жаны тынбасын билди. Уулу согуш талаасында курман болду дегенге тереңинде ишене албай жүрчү эле, азыркы жүрөк мыкчыган коркунучтуу ой эненин кадигин кайра ойготуп салды... Бу кадиктен, жаныңды жай алдырбаган мындай кыйноодон, мындай коркунучтан көрө, чын эле уулу ушундай күнгө туш болдубу деген сары санаадан, кара кайгыдан көрө уулунун согушуп жүрүп бир эмес эки өлгөнү жеңил болбойт беле.

Эненин уулу Сары-Өзөк тарапта жуңжаңдар менен болгон согушта өлгөн. Эри да андан мурунку жылы өлгөн. Найман ичинде атагы чыккан белгилүү киши эле эри. Уулу атасынын кегин алмакка согушка кет-

кен. Согуш талаасында өлгөндөрдү таштап кетиш намыс. Тууган-туушкандары уулдун сөөгүн ала келүүсү парыз болуучу, бирок алардын колунан эчтеме келбептир. Андагы айыгышкан чоң кармашта эки тарап аралаша чабышып жатканда уулу ат жалын кучактай жыгылганын, согуштан үркөн азоо ат ала качып жөнөгөнүн көргөндөр көп экен. Анан уулу аттан кулайт, бирок бир буту үзөңгүдөн чыкпай саланда калат, ага ого бетер үркөн ат ээсин ээн талаага сүйрөй качат. Өчөшкөнсүп душмандар тарапка качат айбан ат. Согуш кызуу жүрүп, киши жетпей жатканына карабай эки тууганы тиги качкан атка жетип, уулдун сөөгүн алып кайтышка кубалап чабат. Аңгыча сай түбүндө буйткада турган айдар көкүлдөрдүн тобунан беш-алтоосу капталдан чыга калып, качырып салды. Эки наймандын бири жебе тийген жерде оңкосунан сайылып түштү, экинчиси жарадар болуп, кайра качты да, өз тобуна эптеп жетип, ошерде кулады. Согуштун кыйын кези келгенде туурадан чыгып кол салганы турган буйткада жуңжандардын тобу бар экени билинип калганы да абийир болду. Кол-кошунун иреттеп алыш үчүн наймандар чегине берди. Баш-аякты жыйнап алып, кайра согушка кирмек. Андай кызыл тополоңдо Найман-Эненин уулу эмне болгонун териштирип турушка кимде чакты бар эле... Алиги жарадар болуп, өз колуна эптеп кайра жеткен найман тууган кийин айтып жүрдү: экөө артынан кубалаганда Эненин уулун сүйрөгөн ат белгисиз тарапка көрүнбөй көздөн учуп жоголду дейт...

Уулдун сөөгүн издеп наймандар кийин далай жолу чыгып келди. Бирок, уулдун сөөгүн, ала качкан атын да, же түшүп калар куралын да таппай кайтышты. Изи билинбей кетиптир. Анын өлгөнүнө эч ким кадик кылбады. Жарадар болгон күндө ошондон бери ээн талаада жарааттан, ачтан, суудан, кансырагандан эле өлдү да. Жаш туугандын сөөгү Сары-Өзөктүн чөлүндө көмүлбөй калды деп ыйлап-сыктап тим болушту. Бу жорук бүт

туугандарынын бетине сүртүлгөн көө. Найман-Эненин үйүнө келип кошок кошкон келиндер:

– Уулдун көзүн кузгун ойду го, уулдун денесин көркөө сойду го. Колго таштап уулду, жолго таштап уулду, биздин эрлер кантип басып жүрүшөт, баштарына кантип телпек кийишет!.. – деп эркектердин жанын күйгүздү.

Ошентип Найман-Эненин дүйнөсү эңшерилип, мунду-уу күндөрү башталды. Согуш деген согуш, эр-азамат шейит болорун Эне түшүнүп эле турат, бирок уулу эрме чөлдө жалгыз, жарадар, же сөөгү көмүлбөй калганына жаны кашаят. Ачуу кайгы, сары санаага чөгөт. Арманын айтып бугун чыгарып алар киши жок, бир кудайдан башка кимге айтмак эле арманын...

Уулунун өлгөнүн өз көзү менен көрүп ишенмейинче, биротоло түңүлмөйүнчө сарсанаадан кутулуп, жаны жай табар эмес. Андан соң тагдыр ушул экен деп отуруп бермек. Баарынан да уулунун аты дайынсыз кеткени тынчытпайт. Ат соо экен, жөн эле катуу үркүп качып бериптир. Колдо өскөн жаныбар эртедир-кечтир үйүрүн издеп келүүсү керек эле, үзөнгүдө сүйрөлгөн уулунун чалдыбары чыккан денесин сүйрөп келмек. Андай шумдукту көргүлүк кылбасын деген күндө да, уулунун тамтыгы жок сөөгү үстүндө бугун чыгара чыңырып, жашын түгөтө ыйлап алмак, эки бетин жошолонто тытып, пендесинин арыз-арманын, каргыш-наалатын угар теңир көктө бар болсо, жердеги шордо калганды, кордо калганды бүт айтып, анан эңшерилип отуруп калмак. Ичтен күдүктөнүп кыйналбай, үмүт-тилектин баарынан айрылып бүткөн соң калган жашоо тузсуз болуп, эчтемеге буйдалбай өлүмгө даяр туруп бермек. Бирок уулунун сөөгү табылбады, аты кайтып келбеди. Ар кандай жоготуу бара-бара баасынан тайып, кайгы бара-бара өчө берет. Ошондой болуп тууган-туушкан акырындап анын уулун унута берди. Бирок эненин кайгысы бөксөрбөдү. Эне гана унута албады, түңүлө албады. Ой-санаасы бая-

гы тегеректе чарк имерилип жүрө берди. Атына эмне болду, ээр-токуму да табылбайбы. Жадегенде курал жарагынын бирдемеси табылса да уулу тууралуу бир бардеш угар эле. Үрккөн ат чарчап бүткөн бир жерде жунжандар кармап алышы да мүмкүн эмеспи. Артык дөөлөт баш жарбайт, абзели мыкты артык баш ат жоктон табылган мүлк эмеспи аларга. Андай болгондо үзөнгүдө сүйрөлүп жүргөн уулун эмне кылышты: көөмп салыштыбы, же ит-кушка жем кылып таштап кете бериштиби? Эгер ошого чейин уулунун чымындай жаны чыга элек болсочу? Кыйноосун узартпай өлтүрүп салыштыбы же кыйналып жатып өлсүн деп ай талаага таштап кетиштиби? Же?.. А кокус?..

Күдүктөнгөн санаанын чеги жок. Найман-Эне мына ушундай күндө жүргөндө алиги кайрылып түшүп калган соодагерлер чай ичип отуруп, Сары-Өзөктөн көргөн жаш маңкурт туурасында кеп салуу менен өздөрү байкабай эненин жанчылып бүткөн жанына учкун ыргытып кетти. Күдүк ойго эненин жүрөгү опколжуй какты. Дайынсыз жоголгон уулу ошо болуп жүрбөсүн деген күдүк анын акыл-эсин, жүрөгүн улам күчөп, улам өчөгүшүп ээлей берди. Ошо маңкуртту кайдан-жайдан болсо да издеп таап, уулу ал эмес экенине көзү жетмейинче тынчый албасын билди.

Наймандар жайлоо кылган адырмак-чыбырлуу жерде таш тамандуу арыктары, аларда шылдырап аккан суулары көп болот. Найман-Эне түнү бою суу шарына кулак төшөп, чакыйып уктабай чыгат. Жаны далбастаган энеге суу эмне деп шыбырап жатты экен? Же суу шарын угуп жатып тынчыр бекем дегениби? Сары-Өзөктүн ын-жың тунжураган кыйырсыз талаасын кезип жөнөөр алдында өмүр болуп, үмүт болуп аккан суунун шарын кулагына, жанына толтуруп алгысы келди. Мелмилдеген ээн чөлгө жалгыз жөнөш опурталдуу экенин Эне билет, бирок бу сырын башка бир жанга айткысы келбеди. Анын оюн эч ким түшүнмөк эмес. Эң жа-

кындары да жактырмак эмес. Качандыр бир кезде өлгөн уулун издеп жөнөйт деген эмне? Эгер уулу кокус бир себептен тирүү калып, айдар көкүлдөр аны маңкурт кылып койгон болсо, анда уулу адам эмей эле адамдын сөлөкөтү болуп калды да, аны издеп, кокус жолукса куураган жанды ого бетер кууратып канчалык кажат...

Эртеси жолго чыгар түнү Найман-Эне эки-үч курдай сыртка чыгып, алып-учкан алеп-желеп оюн токтотушка аракет кылып, теребелге кулак түрүп, көпкө эки жагын карап турду. Күдүрөйгөн жондордун бооpлорундагы тектирлерде турган боз үйлөр айлуу түндө куду тобу менен учуп өтүп баратып, шаркыраган суулардын аралдарынан түнөк алып конуп калган каз-тоодактарга окшоп кетет. Ай төбөгө келип, асман ачык, адыр-жондорду сүткө жуугандай шоолалантып турат. Айылдан этектеги кой кашаалардан, андан аркы жылгаларды өрдөп жаткан түнкү жайыттагы жылкылар тараптан иттердин үргөнү, малчылардын кобуру угулат. Баарынан да береги кой кашаа тарапта кыз-келиндер бекбекей ырдап жатканы Найман-Эненин жүрөгүн элжиретти. Өзү да кезинде түнкүсүн нечен короо кайтарып, бекбекей ырдачу эле... Наймандардын жайлоосу ушул жай, келин болуп келгенден бери жайкысын дайыма ушерге жайлоолоп көчүп келишет. Үй толтура бүлө бар кезинде төрт үй көтөрүшчү эле: бири ашкана, экөө мейман үй, экөө өргөө үй. Айдар көкүл жуңжандар чаап кеткенден кийин жалгыз үй калды, бул үйдө өзү калды...

Эми өзү жалгыз үйүн таштап жөнөп барат... Камчомун кечээтен бери көрүп койгон. Күл-азык алды, суу алды. Сууну мол алды, Сары-Өзөктүн чөлүндө кудук таппай чаңкагыдай болсо кереги тиет деп алды. Акмая иңгени комдолуп, байлоодо даяр. Ишенгени да, жолдошу да ошол. Акмаянын желмаяндай күлүктүгүнө, талыбаган күчүнө ишенбесе Сары-Өзөктүн туңгуюгуна тобокел кылып бел байлап алмакпы! Эки тууттан кийин Акмая быйыл туу калган, күчкө толуп, тапка келип

турган чагы. Ак эттүү, тарамыштуу узун шыйрак, мамык тапан, карылыктан же оор жүктөн шалбырабай бекем, тик турган эки өркөчтүү, булчундуу ийри моюндун учундагы башы келишимдүү, көпөлөктүн кош канатындай дирилдеп катуу жүрүп бергенде абаны кере жуткан кебез таноолору акбозбашыл инген Акмаянын наркы бийик, бир үйүр төө татыгыс. Жүргонүнө жел жетпес мындай желмаян толуп турган чагында тукум алып калыш үчүн ондогон каймалын аябаган киши четтен чыгат. Баштагы байлыгынан калган жалгыз тапаны, Найман-Эненин көзгө сүртөр мүлкү ушул. Сандаган төрт түлүк мал чандай учуп, суудай куюлуп жок болду. Үй толо бүлөлөр согуштардан кайтпай, алардын кырк ашы, жылдык ашы болуп отуруп, баардыгы ошолорго кетти. Убайым-муңга салып, жүрөктү эзген күдүк түпөйүл калтырып жоголгон, мына таң ата издеп чыкканы жаткан уулунун ашын да берди. Наймандын төө жеткен жердеги жек жаат-уруктарын бүт чакырып, чоң аш берди... Мына ошондон арттырып калган мал тукуму, төл башы Акмая...

Таң куланөөк болгондо жолго белен Найман-Эне тамандырык аттап үйдөн чыкты. Чыкты да, кайра босогого сүйөнүп, уйкуда жаткан айылды карап, ойлонуп саамга туруп калды. Азыр ушул айылды таштап жол тартат. Баштагы сымбатын сактап калган, сулуулугу өчпөгөн Найман-Эне белин курчанып, алыс сапар жолго даяр. Аягында өкчөлүү өтүк, чалбар шым, көйнөк үстүнөн кийген чолок жең кемсел, ийининде чепкен. Башын ак жоолук менен бек бууп алган. Уулун тирүү көрөмбү деген үмүттө баратканда азалуу кара жоолук курусун деп түндө жатып ушул ойго келди. Үмүтү ордунан чыкпаса кара жоолук өлгөнчө башынан түшпөй калганы ошо болор. Таң караңгысын буурул күүгүм шоола аралап, кайгылуу жүзүн чиймелеген бырыштарын, көп кайгынын издерин жашырып турду. Оор үшкүрүнүп алып, көзүнө жаш тегеренди. Ушундай күнгө туш бо-

лом деп үч уктаса түшүнө кирди беле. Анан дароо кайратына келди. «Ашадван ля илла хиль алла» – «кудайдан башка кудай жок» – деп келменин биринчи сабын айтты да, ингенди көздөй шар басты. Ачуусунан эмес, расмиске Акмая саал бакырып коюп, акырын чөгүп берди. Куржунду эки өркөчтүн ортосуна арта салып, Найман-Эне желмаянга минди, теминип койду. Акмая ойкуп-кайкып тура келгенде Найман-Эне жерден бийик учуп кеткендей болду. Алыс сапар жол жүрөрүн Акмая эми туйду...

Найман-Эне жөнөп жатканын айылда эч ким туйбады. Тиги узатууга чыгып, уйкусу ачылбай эстенип турган кол арадагы кайын сиңдиси гана билет. Ага кечээ күнү мындай деп айткан: төркүндөрүмө барам, аерде бир аз күн конок болуп, анан зыяратка жөнөп жаткан эл болсо, аларга кошулуп, олуя Яссавиге тайынып келүүгө улуу кыпчак жерине жөнөйм.., деген.

Сурай берип башты оорутушпасын деп, азыр эрте чыкканы да ошол. Айылдан оолактай бергенде Найман-Эне Акмаянын буйласын те күүгүмдөнүп билинбеген, бирок саал апкаарыткан Сары-Өзөктүн кыйырсыз чөлүн карай бурду...

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

*Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

«Конвенция» авианосецинен орбиталык «Паритет» станциясындагы текшерүүчү космонавттарга шифрленген дагы бир радиограмма жөнөтүлдү. Бул радиограммада да Күн Галактикасынан тышкары жүргөн 1–2 жана 2–1

паритет-космонавттар менен алардын орбиталык станцияга кайтуу мүмкүнчүлүгү жана убактысы тууралуу максаттагы маселени талкуулоо үчүн радиобайланыш түзбөгүлө, мындан ары да Бирбашбордун көрсөтмөлөрүн күткүлө деген кескин эскертүү айтылган.

Океан орточо толкуп турду. Авианосец жай чайпалат. Тынч океандын суусу буурул жалданып келип, зор кеменин боорун сылай ойноп өтөт. Ак көбүктөнгөн толкундары түгөнбөстөн бирин бири кубалашып, океандын кыйырсыз бетин жалтылдаткан күн көктөн ачык тийип турат.

Авиаканаттар жана мамлекеттик кызыкчылыктарды сактоочу группалар болуп, «Конвенциядагы» бардык кызматтар толук даярдыкта аябай сак турушту...

* * *

Акбозбашыл иңген Акмая ээн талаа эрме чөл, кээде жылга, кээде дөң келген уч-кыйырсыз Сары-Өзөктүн улуу жайыгында бир калыпта зуңулдап боздоп, бир калыпта тарпа желишке салып жүрүп келатканына бир топ күн болду. Үстүндөгү Найман-Эне да жүрүшүн басаңдатпай бир калыпта теминет, сылай камчыланат, ал ансайын тампандаган иңген таманы ысык кумду жумшак басып, терскен сымал каксоо чөптү катуу басат. Каш карайганда гана туш келген бир кудуктун башына токтойт. Таң аткандан кайрадан кат-кат жапыс адырлуу Сары-Өзөктү кезип жөнөйт, жайылып жаткан калың төөнүн караанын издейт. Баягы соодагерлердин айтуусуна караганда төөчү маңкуртту Сары-Өзөктүн ушул аймагынан, жошолонуп узакка кырданып жаткан дал ушул Малакумдуу чаптын этегинен көрүшкөн. Найман-Эненин издегени ошо маңкурт. Айдар көкүлдөргө кабылып калбасам экен деп эки тарабын элендей караңып, эки күндөн бери ушу Малакумдуу чапты айланчыктап жүрөт. Каякты карай чаппасын түгөнбөгөн талаа чөл, алдамчы закым. Бир жолу ошо закымга алданып,

алыстан капкалуу, мечиттери зыңгыраган шаар көрүп алып, аны карай бет алып, куру бекер узак жерге барып кайтты. Уулум балким кул болуп, ошол шаардын базарында жүрбөсүн? Андай эле болсо кана, Акмаяга учкаштырып алып, Найман жайлоо кайдасың деп жөнөп бербес беле, кыйын болсо жетип алсын... Кыбыр эткен жан көрүнбөгөн ээн талаада жалгыз жүрө берип жаны кейигенде закым ичинен көзүнө шаар көрүнгөн белем.

Сары-Өзөктүн жайыгынан кишинин караанын табыш кыйын дечи. Жалгыз адам бу мейкин үчүн бүргө чекит. Бирок ал кишинин кайтарган сандаган калың төөлөрү жайыттын бетин бербей жайылып жатса, аны кантип көрбөсүн. Четтеп оттогон эле бир төө көзгө илинсе аны акмалап жүрүп отуруп, чогуу тобун таап, анан топтун бир четинен төөчүсүн таппайт бекен. Найман-Эненин көздөгөн үмүтү да ушу.

Бирок алиге эчтеме көрө албай келет. Айдар көкүлдөр жайыт оодарып кетсе, же төөлөрүн Бухара менен Хиванын базарына айдатып ийсе не кылдым деп, убакыт өткөн сайын Найман-Эне чочулай да баштады. Ошончо алыска кеткен болсо алиги төөчү кайра келеби же кошо сатылып аты-жыты жок болобу?.. Уулумду тирүү көрсөм болду, маңкурт болсо да мейли, ким болсо а болсун, акылынан ажырап, эчтемени билбеген неме болсун, деги ошо уулум болсо экен, жаны аман жүрсө баарына кайылмын деп, сагыныч менен түпөйүл күдүктөн жаны жанчылган эне айылдан сапар тартып энсегени эле ушул болчу... Ушу да аз бекен! Бирок Сары-Өзөккө улам тереңдеп кирген сайын, кербен тарткан соодагерлер деген болжолдуу жерге жакындаган сайын, ошо төөчү маңкурт жолугуп калар маал жууктаган сайын уулум кадимки уулум болбой маңыроо, макоо, маңбаш бир сөлөкөт болуп чыкса айлам не болот деп эненин жүрөгү калтаарый баштады, зааркана баштады. Мына ошондо кайра кудайдан тиленди: эгер андай экен, анда менин уулум болбогой эле, башка бир шордуу болсунчу,

ошондо уулум өлгөн экен деп мен да түңүлөйүн, бешенеге жазганга баш ийип берейин дейт. Ага карабай издеп жүрүп келатканы: алиги маңкуртту бир көрүп, уулу эмес бөлөк экенине көзүм жетсин дейт, андан соң кайра тартып, тагдыр дагы эмне буюруп койгон болсо, ошого шүгүрчүлүк кылып, ичер суу, көрөр күн түгөнгөнчө жүрөрмүн дейт. Сагынган жүрөк ага да чыдай албайт, эрме чөл кезип жүрүп кайдагы бирөөнү эмес, эмнеси болсо да өз уулун тапкысы келет...

Ушинтип уйгу-туйгу ойлордун тытмасында баратып, жапыс кат бир кырдан оонай бергенде төөлөрдүн калың тобун көрүп калды. Жүздөгөн көп төө жайыттын бетин бербей, кара-күрөң тартып семирген немелер терскенди жалмап коюп, коконун башын сыдырып коюп, майда бадалды аралай каалгый жайылып жүрөт. Найман-Эне Акмаяга камчы салды, арылдатып жөнөдү. Оболу төөлөрдү көрөр замат кубанганынан өрөпкүп кетти, анан бат эле эми азыр маңкурт болуп калган уулун көрөрүн элестетип алып, муздак тер басып, коркуп кетти. Анан кайра кубанды, ошону менен эмне болуп баратканын өзү да элес албады.

Жайылып жаткан төөлөр мына, төөчүсү кана? Бир четинде жүргөндүр. Аркы четтен бир караан көрүндү. Алыстан ким экенин таанып болор эмес. Төөчү узун шыргыйына таянып, мингич төөсүнүн боосун узун кармап, тебетейин көзүнө түшүрө кийген калыбында тиги учуп-күйүп келаткан төөчөн жанды маңыроо карап турду.

Жетип келип, уулу экенин тааныганда Найман-Эне төөдөн кандай учуп түшкөнүн билбей калды. Жыгылып түшкөндөй болду, бирок аны капарга алар чак жок!

– Уулум, кагылайын каралдым! Сени издебеген жерим калбады го! – деп эне эки ортодогу калың бадалды аралай бой урду. – Мен сенин энеңмин!

Бирок эне ошо замат түшүндү. Түшүндү да жер тепкилеп чыңырып ыйлап жиберди. Токтоно албай эрин-

дери дирилдеп, уулунун мүрүнө жөлөнүп алып, өксөп ыйлады эне, көптөн бери ичте кайнап келаткан бугу жарылып чыккансып токтоно албай, кайдыгер турган уулунун мүрүн мыкчып алып, боздоп ыйлады эне. Ыйлап жатып тумандаткан жаш аралаш, жүзүндөгү жолдун чаңын жашы эзип, аны шакмарлап арчып, калтыраган салааларынын арасынан, чекесинен ылдый саландап, чыпкалана жабышкан буурул чачынын тал-талы арасынан уулунун сүйгүнчүк кебете-кешпирин карагылайт, бери бурулуп караар бекен, тааныр бекен деп үмүттөнө карагылайт, жүткүнө берип уулунун көз карашын издеп карагылайт.., кантип эле тааныбасын өз энесин, тааныш деген жоп-жөнөкөй, опоңой эмеспи! Энесин тааныр бекен деген да суроо болчу беле!

Бирок, эне келдиби, ким келди, эч шек-белгисин билгизбеди. Бу турган, бу чырылдап-чыйпылыктаган кемпир киши дайыма жанында жүрөбү, же күндө бир келип ушинтип турабы – ага баары бирдей. Атүгүл кимсиң, эмнеге ыйлап атасың деп сурап да койбоду. Бир маалда эненин колун ийнинен шыпырып салды да, мингич төөсүн жетелеп басып кетти. Төөсүнүн боорунда баштыгы жүрөт саландап, ичинде түнкү киер кийимиби, же тамак-ашыбы, ким билсин. Төөсүн жетелеген бойдон жайыттын наркы четине кетти, тайлак төөлөр ойноктоп тобунан бөлүнүп кетпесин дегендей кетти. Ошого акылы жеттиби?

Найман-Эне бүрүшүп отуруп калды. Эки колдоп бетин басып, солуктап ыйлап, көпкө отурду. Анан калган ал-кубатын жыйып, ыйлап-сыктабай эле жай сүйлөшүүгө тырышып, уулуна жөнөдү. Маңкурт уулу эчтеме көрбөгөн-билбегендей кайдыгер карап, тебетейин көзүнө түшүрө кийген калыбында тондоосун тиктеп турду, анан негедир шамалга кайыгып карайып туурулган жүдөө өңүнөн жылмаюу сымал көлөкө жылып өткөнсүдү. Бирок бу дүйнөнүн эчтемесине сезим козгобогон көзү кадимкисиндей эле өлүмсүк суз.

– Отурчу, сүйлөшөлү, – деди Найман-Эне оор үшкүргүнүп.

Экөө бет маңдай отурушту.

– Мени тааныйсыңбы? – деди эне. Маңкурт башын чайкады.

– Сенин атың ким?

– Маңкурт,– деди ал.

– Сени азыр ошентип аташат. Мурдагы атың эсиндеби? Чын атыңды эстечи?

Маңкурт тунжурайт. Бирок ал бирдемени эстөөгө тырышып жаткансыды, эки кашынын ортосуна тер исиркектеп, көзү коюла түшкөнүн энеси көрүп отурду. Бирок маңкурттун алдынан бийик бөгөт туш келип, ошондон өтө албады окшойт.

– Атаңын атын билесиңби? Өзүң кимсиң, эли-журтуң ким? Деги каерде туулганыңы билесиңби?

Жок, маңкурт эчтеме түшүнбөдү, эчтеме эсинде жок.

– Сени эмне кылышкан, шордуу? – деп эне күбүрөдү да, эриксизден эриндери дирилдеп, аргасыз ачууга, ичин өрттөгөн ызага, баласы экөөнүн башына түшкөн кайгыга чыдабай кайрадан сыздап ыйлады. Эненин күйүп жатканы тиги маңкуртка чымын чакканчалык болбоду.

– Жерди алса болбойбу, мал-мүлктү алса болбойбу, анчалык душман экен, башты алса болбойбу,– деп сүйлөнүп отурду Эне, – бирок адамдын эс-учун алат деген шумдукту ким ойлоп, кимдин колу барды? О жараткан, эгер сен бар болсоң, адамдын арам ниетине ушуну кантип киргиздин? Мындан башка жер жүзүндөгү кыянатчылык аздык кылдыбы?

Мына ошондо маңкурт уулун карап отуруп, Эне өзүнүн аза кошогундагы күн, кудай, өзү тууралуу айткандарын айтты. Сары-Өзөктүн санжырасы козголуп сөз болуп калганда билген кишилер азыр ушу күнгө чейин айтып жүрөт...

Мына ошондо Эне азыр ушу күндө да билген кишилер айтып жүргөн кошогун кошкон экен:

– Мен ботосу өлгөн боз иңген,
Тулубун келип искеген...

Сары-Өзөктүн тунжураган кыйырсыз эрме чөлүндө Эне өксүп-боздогон кошогун көпкө кошкон экен...

Бирок маңкурт уулунун бир тал сезими зырп этпей койду.

Мына ошондо Найман-Эне сурак сурап убара болбой, өзү айтып, мээсине куюп, эсине келтирейин деди:

– Сенин атың Жоламан. Уктуңбу. Сен Жоламансың. Атаңдын аты Дөнөнбай. Атаң дагы эсиңде жокпу? Сени бала күнүңөн жаа аттырып үйрөткөн атаң эмес беле. Мен сенин энеңмин. Сен менин уулумсуң. Ататек уруун Найман болот, билдиңби? Сен Наймансың...

Эненин айткандарын тиги мурдагысындай эле жалдырама тийген калыбында укту, сөз эмне жөнүндө, деги сөз болуп атабы-жокпу, ага баары бир сыяктуу укту. Кыязы чөп арасынан сайраган саратандын үнүн деле ушинтип угат көрүнөт.

Ошондо Найман-Эне маңкурт уулунан сурады.

– Сен быякка келгенден мурун эмне болду эле?

– Эчтеме болгон эмес,– деди тиги.

– Түн беле же күн беле?

– Эчтеме болгон эмес,– деди тигил.

– Ким менен сүйлөшкүң келет?

– Ай менен. Бирок бири бирибизди укпайбыз. Аерде бирөө отурат.

– Дагы эмнени каалайсың?

– Кожоюнумдун төбөсүндөгүдөй айдар чачты.

– Кана, апкелчи көрөйүн, сенин башыңды эмне кылышкан? – деп Найман-Эне жүткүнө берди.

Маңкурт башын кейкең тартып кетенчиктей берди да, тебетейин карманды, тултуюп экинчи Энени карабай койду. Башын эч качан сөз кылып болбосун Эне эми билди.

Ушу маалда алыстан төөчөн караан көрүндү. Түз эле ушуякка келатат.

– *Тиги* ким? – деди Найман-Эне.

– Мага тамак-аш апкелаткан го, – деди уулу.

Найман-Эне алдастай түштү. Бу жуңжаңдын көзүнө *чалынбай* далдоо жакка тез кетпесе болбос. Акмаясын чөгөрө койду, мине койду.

– Тигиге эчтеме айтпагын. Мен кайра келем, – деди *Найман-Эне*.

Уулу унчуккан жок. Ага баары бир болчу.

Жайылып жаткан төөлөрдү аралай төөчөн кетип баратканы бекер экенин түшүндү Найман-Эне. Бирок эми кеч болуп калды. Келаткан жуңжаң акбозбашыл иңген минип бараткан аны кантип байкабасын. Ингенди жетелеп, жөө кеткенде болмок эле.

Жайыттан бир далай алыстап кеткен соң жонос-кыры калың өскөн эрмен-шыбактуу терең жарга кез келди да, ошого кире качты, жардын далдоо түбүнө Акмаяны чөгөрүп салды. Өзү эрмен арасынан өңүп карап турду. Чочулабады беле, жанагы неме байкап калган экен. Көп өтпөй төөсүн таскактаткан жанагы жуңжаң көрүндү. Найза, жаачан куралдуу. Алыстан көргөн акбозбашыл төөчөн кайда кетти деп өкүнгөндөй, жинденгендей түрү бар. Кайсы тарапка кеткенин байкабай калганына өзүн өзү тилдегендей, элеңдейт. Тыякка бир чаап өттү, быякка бир чаап өттү. Кийинки жолу жардын кыры менен жакын кетти. Акмаянын тумшугун жоолук менен байлап салганы ырас болуптур, болбосо айбан мал кокус үн салып коёт беле. Найман-Эне өзү жоностогу калың эрмендин арасында отуруп, тиги жуңжаңды даана көрдү. Үксөйгөн чоң төөгө минген өзү да үксөйгөн неме экен, тултук бет, жылчык көз, башында эки учу кайкы тартылып кайыктай субагай келген кара калпак, бир өрүм айдар чачы жылтыр болуп желкесинен чыгып булактайт. Жуңжаң найзасын оңтойлото кармаган боюнча үзөңгүгө тура калып, жылчык көзү жылтылдай тштарапты карады. Сары-Өзөктү басып алып, нечен эр бүлөнү кулчулукка айдаган, канча жандын убалына кал-

ган жуңжаңдардын бири ушу да. Каруу-жарагы жок жалгыз аял тиги каардуу жуңжаң аскерге топурак чачмакпы? Аргасыз Найман-Эне ушуларды кайсы турмуш кыстап, кандай окуялар жанагыдай ырайымсыздыкка, адамдын эс-учун жоготуу деген жырткычтыкка үйрөттү экен деп ойлойт...

Аркы-терки шимшилеп тумшугуна эчтеке илинбеген айдар чач төөлөргө кетти.

Кеч кирип калган. Күн батып кетсе да, асманды алоолонткон жарыгы талаа бетин күүгүмдөнтүп турат. Анан иңир кирди. Анан караңгы түн кирди.

Алиги жуңжаң кадиктенип калды, кетпей күтүп отурбасын деп, Найман-Эне шордуу уулу маңкуртка бара албай ал түнү ошо тегеректе ээн талаага түнөдү.

Уулун кулчулукка таштабай эптеп ала кетиш керек деген бүтүмгө келди Эне. Эчтемени түшүнбөгөн-билбеген маңкурт болсо да мейли, ээн талаа эрме чөлдө жуңжаңдардын төөсүн кайтарып кор болгуча өз үйүндө жүрсүн. Эненин жүрөгү ушуну талап кылып турду. Башкалар моюн сунган мүшкүлгө эне көнө албады. Өзүнүн жаны менен канынын жарымын кулчулукка таштап кете алгыдай эмес. Ата конуш жеринде кудай жалгап эс-акылы ордуна келер, бала кезин эстеп, анан баары кайра ордуна келер...

Эртеси эртеменен Найман-Эне Акмаяга кайра минди. Алыстан тегеренип көз салып көпкө жүрдү. Төөлөр да түнү бою бир топ жерге ооп келиптир. Төөлөрдү көргөндөн кийин да жуңжаң болбосун деп сактанып, көпкө байкоо салды. Айдар чачтан эч кими жогуна көзү жеткенде гана уулун атынан чакырды:

– Жоламан! Жоламан! Амансыңбы?

Уулу бурулуп карады, ага энеси кубанганынан бакырып алды да, кайра ошо замат уулу жөн эле үнгө кылчайганын билди.

Найман-Эне уулунун жоголгон эс-учун кайрадан ойготууга далбас урду.

– Атың ким эле, эстечи! – деп жалынып-жалбарып жатты. – Атаңын аты Дөнөнбай, ошону билбейсиңби? Сенин атың Маңкурт эмес, Жоламан. Наймандардын жайлоосуна көчүп бараткан кечте туулгансың сен, ошол үчүн атыңы Жоламан деп коюшкан. Сен туулганда биз үч күн өрүү конуп, үч күнү той бергенбиз.

Мунун баарысы уулуна эч кандай таасир этпей жатканын билсе да өчкөн эс-учтун бир жеринен кокус жылт эткен учкун жанар, ажап эмес деген куру үмүт менен эне айта берди. Бирок эне курулай жер муштап жатты, ошого карабай кайталап айта берди:

– Эсте атыңды, сенин атың ким эле? Сенин атаң Дөнөнбай!

Анан күлазыгынан уулуна жедирип-ичирип курсагын тойгузуп, бешик ырын ырдады.

Бешик ыр маңкуртка жаккансыды. Кулак төшөп угуп отурду. Капкара болуп кайыгып, туурулган өңүнө кандайдыр жылуулук киргендей болду. Мына ошондо эне уулун бул жерден кетели, жуңжаңдарды ташта, туулуп-өскөн жериңе алып кетейин, мени менен жүр деп көндүрүүгө кириште. Туруп эле бир жакка кете бериш деген эмне, бу төөлөрдү ким карайт деп, маңкурт таптакыр түшүнө албады. Жок, кожоюнум төөдөн карыш жылба деген деп кашайды. Кожоюнум ошенткен дейт, ошол үчүн төөлөрдөн карыш эч жакка кетпейт...

Жадабаган, үмүтү үзүлбөгөн эне болбой эле кайрадан жоголгон эс-учтун жабылуу эшигин ачкысы келет:

– Эстечи, кимдин уулусуң? Атың ким? Сенин атаң Дөнөнбай!

Куру аракет менен алпурушуп отурган эне ал ортодо канча убакыт өткөнүн байкабаптыр, жайыттын тиги четинен төөчөн жуңжаң келатканын көргөндө эси чыкты. Кечээгиге караганда жакын келип калыптыр, жүрүшү да ылдамыраак. Найман-Эне буйдалбастан Акмаяга качып жөнөдү. Бирок каршы алдынан дагы бир төөчөн жуңжаң көрүндү. Ошондо Найман-Эне Акмаяны

күүлөнтүп, экөөнүн ортосунан суурула качты. Жел жетпеген Акмая арылдап чуркап бергенде артынан ач кыйкырык, куу сүрөөн салып, найзалары менен тап берип, куугун салган жуңжаңдар чаңына жетпей калды. Үксөңдөгөн төөлөрүндө шөлпөңдөп экөө бир топ жерге кубалады, бирок улам узаган сайын, улам кызыган сайын Акмая колтугу жыртылып, арышы кеңейип, Сары-Өзөктүн жайыгында куштай учуп, Найман-Энени бир өлүмдөн ала качып кетип баратты.

Ачууланган жуңжаңдар кайра кайрылып келип, маңкуртту сабаганын эне билди. Маңкуртту сабаганда, сабабаганда эмне. Айтканы эле ушу болду.

– Сенин энең менмин дейт.

– Эч кандай ал сенин энең-менең эмес! Сенин энең жок! Эмнеге келгенин билбейсиңби? Тебетейиңди сыйрып алып, башыңды кайнак сууга малганы келген! – деп шордуу маңкурттун эсин ого бетер чыгарышты.

Муну укканда маңкурттун кара өңү бозоро түштү. Тебетейин кош колдоп кармап, башын эки ийнине катып, куугандан тар жерге кептелген жырткычтан бетер эки жагын элеңдеп карай берди. – Коркпогун! Ме, карма! – Чоң жуңжаң жебеси менен жаа карматты.

– Кана, ат! – Кичи жуңжаң субагай калпагын көккө ыргытты. Жебе калпакты тепчип өттү. – Карасаң! – деди калпактын ээси. – Колунда эс калыптыр!

Уясынан чоочун учкан чымчыктай Найман-Эне Сары-Өзөктүн ээн талаасын айланып жүрдү. Эмне кылардыны, эмне күтөрдү билбейт. Жуңжаңдар эми төөлөрүн маңкурт уулу менен кошо ордосуна жакын айдап кетер бекен же аны кармап алыш үчүн бир буйткада өңүп жатар бекен? Санаасы санга бөлүнүп, далдоо жерлер менен айланып жакындап келди да, тиги эки жуңжаң кетип калганын билип, кубанып кетти. Экөө катар бастырып, кылчайбастан алыстап бараткан экен. Найман-Эне көпкө карап турду, качан тигилердин карааны көздөн үзүлгөндө уулуна жөнөдү. Бул жолу эмне болсо

да уулун алып кетмекчи болду. Душмандар ушинтип койсо анын айыбы эмне, кандай болсо да уулун кулчулукка кантип калтырат. Баскынчылар туткун болгон жигитти кантип кордошорун Наймандар көрсүн, эсакылдан ажыратып, ушу кейипке салып коёрун билишсин да, жиндери кайнап, намысы козголсун, каруужарак алышсын. Кеп басып алган жерде эмес. Жер баарына тең жетишер эле го. Кеп жунжаңдардын мындай кыянатчылыгы жакын жолотор, коңшу турар эл эмес экенин айтып турбайбы.

Ушул ойлор менен, анан дагы уулун кантип көндүрөрдү, түн киргенде жолго чыксак деген ойлорду ойлоп, уулуна баратты.

Кечки үрүл-бүрүл. Өткөндө сансыз каптаган, келечекте сансыз каптап келе берчү түндөрдүн дагы бир түнү бу кечте да сай тамандап, колот боорлоп кызгылт-көгүш түскө боёнуп, уламдан-улам түнөрө тартып Сары-Өзөктүн улуу жайыгын басып келатты. Батып бараткан күндүн асманга сайылган нурлары чагылышып жерге тийип, анын үстүндө маң-маң баскан Акмаяны, анын үстүндө эки өркөчтүн ортосунда кынап койгондой отурган Найман-Энени бараандантып көрсөтөт. Саксактанган, санаасы менен алек Найман-Эненин өңү кубарыңкы, эриндери бек кымтылуу. Ак буурул чачы, кат-кат бырыштары, маңдайы, суюла баштаган кирпик арасынан коюулана тиктеген көздөрү арылбаган түйшүктөгү жандын дагы бир тобокели сыяктанат... Мына төөлөргө да жетти, аралай бастырып барат, бирок уулу көрүнбөйт. Мингич төөсү ком-чому менен боосун чубалта сүйрөп, четте оттоп жүрөт. Уулунун өзү көрүнбөйт. Эмне болгон?

– Жоламан! Уулум Жоламан, кайдасың? – деп үн сала баштады Найман-Эне.

Же көрүнбөйт, же жооп бербейт.

– Жоламан! Кайдасың? Бул мен, сенин энеңмин! Кайдасын?

Эки тарап алысты чочулай карап бараткан эне маңкурт уулу төөнүн далдаасына тизелей отуруп, жаа кезеп калганын байкабады. Күндүн нуру көзүнө түз тийип, маңкурт атаар маалды күтүп калган.

– Жоламан! Уулум! – Уулум эмне болгон деп чочулаган Найман-Эне үн салып баратты. Анан ээрде толгоно берди да... – Атпа! – деп кыйкырганга араң жарады. Акмаяны бура тартып бет маңдайлашууга үлгүрбөдү, ышкырып келген жебе сол колтугуна сайылды.

Өлтүрөр жебе ушул эле. Найман-Эне чоктук өркөчтү кучактай ооп жыгылып баратты. Бирок бою жерге тийгенче башындагы ак жоолук шыпырылып түштү да, жерге жетпей куш болуп, абага кайкып учуп чыкты. Жөн учпай адамча үн салып учуп чыкты: «Эсиңе кел, сен кимсиң? Атың ким? Сенин атаң Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай!»

Ошондон ушу күнгө ар түнү сайын Сары-Өзөктүн тунжураган айдыңы үстүнөн кайкып, Дөнөнбай деген куш учуп жүрөт дешет. Жолоочу жолукса Дөнөнбай куш жандай кайкып үн салат дешет: «Эсиңе кел, сен кимсиң? Кимдин уулусуң? Өз атың ким? Атың-ысымың? Сенин атаң Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай!..»

Ошондон кийин Найман-Эненин сөөгү коюлган жер Сары-Өзөк аймагында Эне-Бейит аталып калган...

Акбозбашыл иңген Акмаядан көп тукум арткан. Ургаачылары түпкү энесин тартып акбозбаш туулуп, бул аймактын баары тааныйт, эркеги тескерисинче каракүрөң түс алып, азыркы Боронду Каранардай ал-кубаты пилге тең.

Казангап ыракматы дайыма айтып калар эле: Боронду Каранар тегин мал эмес, Найман-Эне өлгөндөн кийин Сары-Өзөктө калган атактуу акбоз инген Акмаянын тукумунан деп. Эми мына, ошо Казангаптын сөөгүн Эне-Бейитке койгону алпаратышат.

Эдигей Казангапка ишенчү. Ишенбегенде не кылат, же Боронду Каранары ошого турбаган мал бекен... Бул өмүрдө канча жолу жакшылык, канча жолу жамандык болду,– качан болсо кыйынчылыктан Каранар куткарып чыгып келатат... Бирок бир жаман жери, кышкы чилдеде киргенде кудай бетин көргөзбө, чилденин каары менен бууранын каары төп келишип калышат. Эки кыш катар кирет. Андай кезде жанына жолобо... Ошондой бир жолкуда Эдигейдин көрбөгөн күнүн көр кылды го бу оңбогон Каранар. Эгер Эдигей Боронду Эдигей эмес, жөн эле акылы бар, эси бар, кара башыл, кош аяктуу жан болгондо бу Каранар Боронду Каранар болуп калат беле, ким билет. Бирок кирген буурада кай жазык... Буурада деле кеп жок. Айбан малга ачууланып-таарынып эмине. Жөн эле сөз кезеги келгенде айтылып калды, болбосо тагдырың кылса таарынычың кимге. Боронду Каранарда кай жазык?

Ал тарыхты Казангап жакшы билчү, өзү териштирип, өзү баскан, болбосо аягы эмне менен бүтөрүн айтып болбойт.

## VII

1952-жылдын жайы менен күзү эсине түшкөндө Боронду Эдигейдин жаны жыргап, көңүлү чалкып кетет. Эдигейдин алдын ала айтканы пайгамбарлыктай эле болуптур. Сары-Өзөктүн аптабына чыдай албай кескелдириктер көлөкө издеп, тамандырыкка келип калчу ошол ысык жайдын аягы августтун орто ченинде күн ырайы заматта өзгөрдү. Жан чыдатпаган ысык кайта түштү да, саалдап салкын тартып, дегинкиси түнкү уйку тынчыраак болуп калды. Сары-Өзөктө андайлар боло берет, бир жайга кийинки жай окшошпойт. Бирок кышы кыш бойдон дайыма катаал, кээ бир жай адамга жыргал берип калат. Елизаров бир жолу айтып бергендей, анын себеби абанын эң үстүнкү катмарларында агым

өзгөрүп, асман дайраларынын нугу жаңырат. Ушундай тири укмуштарды Елизаров берилип айтчу. Ошо жогор жакта жээги бар, тарам-тарам колу бар көрүнбөгөн зор дайралар агат дечү ал. Тынбай аккан ал дайралар бүт жер шарын курчап алып турат. Арылдаган шамалдарды бел кырчоо кылган жер шары өз огунда тегеренип жүрүп отурат, мезгилдин жүрүшү мына ошондон. Елизаровду угуп отуруштун өзү бир кызык. Андай киши табылбайт, пейили кенен жан эле. Боромдуу Эдигей абдан сыйлачу. Елизаров да ага ошондой эле мамиле кылчу. Ошентип, кээде Сары-Өзөктүн жайкы аптабын женилдетип калчу алиги асман дайрасы ошо кездерде эмнегедир ылдыйлап агат, ылдыйлап агып барып, Гималай тоолоруна кептелет. Гималай деген кайда жатат, Сары-Өзөк кайда, ал кайда, жок, жер шарынын масштабында эки орто анчалык деле алыс эмес. Аба агымы Гималайга кептелет да, толкуп-толкуп туруп, окторулуп кайра агат. Индостан менен Пакистанга жетпейт, аердеги ысык кадимкисиндей тура берет. Кайра тарткан дайра Сары-Өзөктүн үстүнө келгенде жайылып агат, анткени Сары-Өзөк деген деңизге окшоп томуктай тоо-такаты жок ээн да... Ошентип алиги дайра Гималайдын салкынын ала келет...

Эмнеси болсо да ошол жылы жайдын этеги күздүн башында сонун күндөр туруп берди. Сары-Өзөккө жамгыр жааш деген сейрек болчу кубулуш. Ар бир жааган жамгыр көп-көп жылдарга эстен чыкпай калат. Бирок ошондогу жамгыр Боромдуу Эдигейдин жадынан өмүр бою чыкпас. Оболу булут чылк каптап келди. Чөлдүн төрү болгон Сары-Өзөктүн какшып турган көмкөрүлүү асманы көрүнбөй калышынын өзү таңыркатты. Ал анан думуктурган бук болуп, дем кыстыкты. Эдигей а күнү вагон кураштыргыч болуп иштеп жүргөн. Шагыл жана кызыл карагай шпалдарды апкелген үч платформа жүктөрү түшүрүлгөндөн кийин разъезддин туюк жолунда турган. Жүктү кечээ күнү эле түшүрүп салышкан. Жоо

кууп келаткансып, кайсы иш болбосун, качан болбосун тез бүтүрүш үчүн шаштырып калышат эмеспи. Анан бүтүп карасаң, анча деле шашылыш эмес болуп чыгат. Жүктөн бошогон платформалар дагы бир күн бекер турду. Жүк түшүрүүдө болсо баары жапырт жабылган: Казангап, Абуталип, Зарипа, Үкүбала, Бүкөй болуп, бу шашылыш ишке жолдо иштегендердин бири калбай келген. А кезде баардык иш кол менен бүтчү да. Анан күндүн ысыгын айтпа! Өчөшкөнсүп алиги жүктүн ушундай аптапта келгенин. Бирок керек дедиби – керек. Жан аябай иштешти. Үкүбала жүрөгү айланып, кусуп ийди. Чайыр жабылган шпалдардын бүкшүгөн ысык жытын көтөрө алчу эмес. Аны үйүнө кетиришти. Үйдөгү балдар суусаган балапандардан бетер ысыкка эзилип отурганын ойлоп, калган аялдарды да үй-үйүнө айдашты. Жалаң эркектер кара жанды карч уруп, өлө-тала бүтүрүштү.

Эртеси, жамгыр болор күнү, бош поезд жолулаш товарнякты кошо сүйрөп, Кумбелге бараткан жолдо разъезддеги бошогон үч вагонду ала кетмек болду. Нары айдап, бери айдап, поезддин куйругун алиги туюктагы вагондорго такаганча, аларды тиркегиче Эдигей думугуп турган буктан көл-шал тердеп, тилин сунуп калды. Мончого буулангансыбай мындан көрө күн куйкалап турганы дурус болду. Машинист да эби-жөнү жок солдүр экен, вагондун астынан улам тыякка, кайра быякка эмгектеп өтүп жүргөн Эдигейдин жаны чыгып кетти. Анан машинистти ашата сөктү. Машинист да Эдигейдин шыбагасын кайтарды. Мешинде алоолоп көмүр күйүп жатса, машинистке да оңойбу. Экөөнүн тең мээси кайнап чыгарына аз калыптыр. Иши кылып, поезд кетти, бошогон вагондорду сүйрөй кетти.

Мына ошондо нөшөр төктү дейсиң! Тим эле челектен куйгандай төгүп жиберди. Канчадан бери жаабаган эсесин чыгара төктү. Жер силкинип алды, көлчүк көбөйүп, бети көбүктөнүп көөп чыкты. Ал анан кара нөшөр

жинденгендей албууттанып, алиги сөз чын болсо, Гималайдын мөңгүсүнөн алып келген салкынын ысык жерге жапшыра төгүп кирди. Гималай болбосоң коё кал! Бу не деген күч! Эдигей үйүнө чуркады. Эмнеге чуркаганын өзү билбейт. Жөн эле. Жамгырга калган киши үйүнө, же жакын бир башкалканычка чуркайт эмеспи. Көнгөн адат. Болбосо мындай жамгырдан качып болобу? Ал ой чуркап баратып кылт этти да, Куттыбаевдин үй-бүлөсү бүт барагынын жанында жамгыр астында бийлеп жатышканын көрүп токтоп калды. Абуталип, Зарипа, эки уулу Даул менен Эрмек болуп тегерете кол кармашып алып, так секирип бийлеп жатышат. Эдигей айран азыр калыптыр. Жамгыр астында бийлешкендерине эмес, жамгыр алдында Абуталип менен Зарипа рельсаларды аттап-буттап өтүшүп, үйүнө шашып баратканын көргөн, эми ойлосо, жамгыр жааганда балачака менен бир бололу дешкен тура, мына ошого азыр айран калды. Эдигейдин башына андай ой кирмек эмес. Тигилер болсо өткүн каздар Арал деңизине өрүү конуп, эс алып кеткендей ызы-чуу түшүп бийлеп жатышат! Булар үчүн бу жамгыр майрам да, көктөн түшкөн кут да. Сары-Өзөктө жүрүп жамгыр сагынып, бук болушпадыбы. Боронduда аргасыз туруп, жылт эткен бактысын илеп жуткан буларды карап турган Эдигейдин көңүлү көтөрүлдү, кейип да турду, күлкүсү да келди, аяп да турду.

– Эдигей! Кел биз менен! – деп сабалаган жамгырдын арасында Абуталип суучулдардай кол булгады.

– Эдигей аке! – деп балдар аны көздөй кубана чуркады.

Кичүүсү, үчкө жаңы караган Эрмекти Эдигей өзү да жакшы көрөт, кулачын жайып, сууга аптыга оозун чоң ачып чуркап келатат. Көзүнөн кубанычы чачырап, эрдиги менен тентеги аралаш аны Эдигей эки колтуктан шап көтөрө коюп, айланкөчөк тегеретти. Баланын кубанчына кошо апкаарып, дагы эмне кыларын билбеди.

Булардын үй-бүлөлүк майрамына кошулайын деген ою деле жок эле. Аңгыча бурчтан өзүнүн Сауле менен Шарапаты чыңырып чуркап чыгышты. Алар тигилердин шаңын угуп чыгышкан белем. Кыздардын кубанычы коюндарына батпайт. «Ата, жүр, чуркайлы!» – деп колдон-жеңден тарткылап калышты. Эдигейдин тайсалдап турган тушоосун ушу сөз кесип ийгендей болду. Эми баары чогулуп шатыраган нөшөр астында шатыра-шатман курушту...

Кичинекей бала чаң тополоңдо жыгылып суу жутуп албасын деп, Эдигей Эрмекти колунан түшүргөн жок. Абуталип болсо Шарапатты мойнуна мингизип алыптыр. Ошо топ менен балдардын көңүлүн көтөрүп чуркап Эрмек Эдигейдин колунда талпынат, өзүнчө кыйкырат, оозуна суу кирип аптыга түшсө суу шоргологон мурдун Эдигейдин моюнуна катат. Ансайын Эдигейдин ичи элжирейт. Кенжесинин бу кишиге ынак болуп жарпы жазылып жүргөнүнө ыраазычылыгын билдиргендей анда-санда Абуталип менен Зарипа Эдигейге эреркей карап коюшат. Абуталиптер баштаган бу жамгырлуу кымгуутта Эдигейдин кыздарынын да көңүлү чак. Ушу кымгуутта Зарипанын сулуулугуна Эдигейдин назары түштү. Жамгыр тараган узун кара чачы, жүзү, моюну ылдый ийинине куюлуп, суу болгон көйнөгү денесине жабышканга кырчын мүчөсү, койкойгон моюну, соорусу, саны ылдый ак балтырынан суу шорголойт. Бир келген бактысына көзү жалтылдайт, ойноктойт. Ал ансайын күмүш тиштери жаркылдайт.

Сары-Өзөктүн жааны келди-кетти кубулуш. Кар болсо акырындап эрип, жерге сиңет. Жамгыр кандайча жаабасын алакандагы сымап сыңары токтой албай ылдый чуркайт, аң-жарларга куюлуп кетет. Шатырап келет да, шаркырап жок болот.

Нөшөр башталгандан кийин бат эле жүлгө-нуктарга кыяндаган суу толуп чыкты, көбүктөнүп, жошолонуп, өктөмдөнүп акты. Борондулуктар эми кыян сууну эр-

мек кылып ойношту. Тепши, дагыраларын калкытып, тестиер Даул менен Сауле кайыкка түшкөнсүп түшүп алып сүзүштү. Кичинекей кенжелерди да салып ойнотушту...

Жамгыр куюп жатты. Тепши, дагыраларды кубалап бара берип, темир жолдун жалына, разъезддин башына жетип калышыптыр. Ушу маалда Борондудан пассажир поезд өтүп бараткан. Поезддин эшик-терезелерин бербей жабалактаган жүргүнчүлөр, кээ бирлери ачык терезеден белине чейин суурулуп чыгып алып, баары тең астыдагы оюнду карап, чөлдүн апендилеринин жоругуна күлүп баратты. Бирдеме деп кыйкырат бирери. «Эй, чөгүп кетпегиле!» – деп эригип бараткан немелер боорун тырмап күлүп, ышкырып өтүүдө. Борондулуктардын жоругу аларга таң калыштуу көрүнөт окшобойбу. Үйлөрүнө жеткенде кай бири көргөнүн айтып, отургандарга тамаша чегип берер, балким. Ошолордун баарын тарткан поезд нөшөргө жуунуп кете берди.

Жүргүнчүлөрдүн мазагы капарына да кирмек эмес, эгер Эдигей Зарипанын ыйлап турганын көрбөсө. Нөшөрдүн суусу бет ылдый шорголоп турса бирөө ыйлап атабы – жокпу, айтыш кыйын. Бирок Зарипа ыйлап жатты. Күлүп жаткансып көрүнүмүш болот, шайыр кебете күтүмүш болот, үн чыгара күлүп, кыйкырымыш болот, бирок ыйлап жатты. Абуталип чоочулап колунан алды.

– Эмне болду? Соочулукпу деги? Жүр үйгө.

– Жок, мен жөн эле ыктытып атам, – деди Зарипа.

Капилет келген жамгырдын ырахатын толук алып калууга шашып, кайрадан балдарды ойнотуп кириштик. Бирок Эдигейдин көңүлү чөктү. Бул жерден алыс, булардан алыс башка турмуш бар экенин, ал жерде жамгыр кишилерди мынчалык кубантпай турганын, ал кишилер тунук, таза сууда сүзүшүп, башкача шартта жашаарын, балдарын ойнотуу-окутуу шарты да башкача

экенин түшүнүү, билүү жана өз тагдырын ойлоо буларга канчалык оор экенин элестетти... А бирок балдардын көңүлүн ачыш үчүн гана ушинтишип жаткан Абуталип менен Зарипаны уялтпас үчүн Эдигей алар кандай шаттанса, колдоп ошондой шаттана берди...

Чондордун да, балдардын да ойноп оюндары канды, жамгыр дале куюп турду. Ошондо алар үйүнө жүгүрдү. Артынан боору ооруй карап турган Эдигей тигилердин ата-эне, балдары болуп, баары тең шөмтүрөп, Сары-Өзөктөгү бир жолку бактысына ыраазы катар чуркап бараткандарына шүйшүнө карап турду. Кенже кызын көтөрүп, улуусун жетелеп, Эдигей эшигинин алдына келгенде Үкүбала алардын түрүн көрүп алып, алаканын шак чапты.

– Ой-бай, силер эмне болгонсунар? Кимге окшоп калгансыңар?

– Коркпо, апакеси, – деп Эдигей жооткотумуш болуп өзү күлүп жиберди. – Атан төө мас болсо, тайлак төө менен дос болот деген.

– Көрүп турам, достошупсунар,– деп Үкүбала күлүмсүрөй жекиримиш этти. – Чечингиле эми сууга түшкөн тооктордой болбой.

Жамгыр басылды, бирок түнү бою алыстан угулуп турган күркүрөөгө караганда буерден көчүп, Сары-Өзөктүн чет аймактарында жаап жатты окшоду. Эдигей эки-үч жолу күркүрөгөн дабыштан ойгонду. Ойгонуп алып, таң калат. Арал деңизинде так төбөндөн асман жарылгандай күркүрөсө да уктай берчи элең. Аердин жөнү башка, күн ара добул согуп турат. Ойгонуп алып кирпигин көтөрө албай уйку-соонун ортосунда болсо да Эдигей ээн талаанын улам бир жеринен жарк-журк эткен чагылган нурларын терезеден көрүп калат.

Ошол түнү боröндуу Эдигей түш көрдү. Согушта душмандын аткылоосунун астында жатыптыр. Эмнегедир снаряддар үнсүз келип түшөт да, үнсүз жарылып, көккө

көтөрүлгөн топурак үнсүз каалгып атылып чыгып, каалгып жай кулайт. Ошондой бир жарылууда Эдигей өзү көккө учту, анан каалгып көпкө кулады, жүрөгү зырылдап түбү жок ээндикке кулап баратты... Анан ал чабуулга чуркап баратыптыр. Шинелчен көп аскер чабуул коюп баратты. Бирок жүздөрү көрүнбөйт, жалаң шинелдер автоматтарын кезей кармап, чабуул коюп бараткандай. Бир маалда шинелдер «ура» деп кыйкыра жөнөгөндө Эдигейдин алдынан жамгырга суу болуп, күлүп турган Зарипа пайда болду. Таң каларлык иш. Денесине чапталган чыт көйнөкчөн, жазылуу чачы ийин ылдый куюлат, үстүнөн жамгыр төгүп, жүзү ылдый суу куюлат, өзү болсо токтоно албай күлөт да күлөт. Чабуулга бараткан Эдигей аялдоого чолосу жок экенин билет. Ошондо да: «Эмне мынчалык күлөсүң, Зарипа? Мунуң жакшы эмес», – деди. «Мен күлгөн жокмун, ыйлап атам», – деди да Зарипа төгүлгөн жамгыр астында күлө берди...

Эртеси бу түшүн Абуталип менен Зарипага айтып бергиси келди. Бирок түштүн жорумалы жаман көрүнгөнсүп, айныды. Тигилерди курулай капа кылгысы келбеди...

Алиги өткөн чоң жамгырдан кийин Сары-Өзөк ысыгынын күчү тайыды, же, Казангап айтмакчы, жайдын акысы бүттү. Ысык күндөр дагы болуп турду, бирок баягыдай алоо табы жок. Анан Сары-Өзөктүн күз алдындагы ырахаттуу мезгили башталды. Боröндунун балдары да талыкшыган аптаптан кутулуп, коңгуроодой үндөрү чыгып, оюнга кирди. Ошо кезде Кумбел станциясынан кабарлашты: Кызыл-Ордонун дарбыздары келди, шыбагаңарды алып кетесиңерби, же биз эле берип жиберелиби деп. Эдигейге бул жакшы шылтоо болду. Өзүбүз барып тандап алалы, болбосо мына биздин кешик деп камек-самекти салып жиберишпесин деп разъезддин начальнигин көндүрдү. Болуптур, жолдош,

баргыла, Куттыбаевдерди кошуп ал, дарбыздын жакшысын тандагыла. Эдигейге ушу керек болуучу. Абуталип менен Зарипаны балдары менен бир күнгө болсо да Борондудан чыгарып, сергиткиси келген. Өздөрү деле базарлап келсе жаманбы. Ошентип эки үй-бүлө балачакасы менен чогуу эртең мененки жолулаш бир поездге түшүп жөнөп калышты. Болгонунча кийиништиди. Баарынан да балдарга сонун: жомоктогу бир өлкөгө бараткандай өпкө-өпкөлөрүнө батпай сүйүнөт. Жолду катар сурап барышты: аерде талдар өсөбү? Өсөт. Чөбү жашылбы? Жашыл. Гүлдөрү да барбы? Тамдары чоң-чоң, машинелер көчөдөн чубап турабы? Дарбыз-коон каалаганча көп да, ээ? Балмуздак барбы аерде? Аерде деңиз барбы?..

Товар вагондун ичин шамал жаба берип баратты. Эшигин саал ачып, балдардын азарлыгына тактай калап коюшкан. Ансыз деле эшикке чыга бериш жерде бош жашикте Абуталип менен Эдигей отуруп келатат. Эшиктен салкын аба арылдап киргенге мандай жазылып, маанай ачылат. Балдардын суроосу менен алаксып, андан башка ар демени сүйлөшүп барат. Бирге бараткандарына, күн жакшынакай болуп бергенине, балдардын көңүлү чактыгына, баарынан да Абуталип менен Зарипанын кабактары ачылганына өзүнчө ыраазы болуп отурат. Күндө көрсөң жер тиктешип, сары санаага саргайып жүргөн эки жар аз убакка болсо да бой жазып, көңүл ачып алууда. Ал экөөн көрүп отуруп Эдигейдин оюна кетет: балким Абуталипке Сары-Өзөктө каалашынча ээн-эркин тура бер деген уруксат болор. Ошондой эле болсо экен, кудай.

Зарипа менен Үкүбала экөө мандай-тескей отуруп алышып, тиричиликтин кызык сөзүнө киришкенин көрүү да өзүнчө ырахат. Экөө тең көңүлдүү. Ушундай эле болбойбу, адамга көптүн деле кереги жок: жакшы сөз – жарым ырыс... Башка жол ачык болбосо, Боронду-

нун турмушуна эптешип, көнүп кетишсе, орноктошуп алышса, баштарынан өткөн бороон чапкынды унутуп алышса деп кыялданат Эдигей. Абуталип экөө ийин тийиштирип отуруп барат. Эдигей ошого да ыраазы,– Абуталип ага ишенет, экөө көп сүйлөшпөй эле бирин бири түшүнүшөт, жанга тиер кепти козгошпойт, андай кеп келди-кетти сөз катары айтыла бербеш керегин экөө тең билет. Ошол үчүн экөө бирин бири кадырлашат. Эдигей Абуталиптин акылын, токтоолугун, баарынан да үй-бүлөсүнө кароолугун баалайт. Ушул үй-бүлөсү деп жашап жүрөт, чөгүп кетпей үй-бүлө деген оюнан кубат таап жүрөт. Абуталиптин сөздөрүн угуп жүрүп, Эдигей муну түшүндү: адамдын башкаларга кылар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн адам болор балдарды тарбиялап өстүрүү экен. Аны да бирөөнүн жардамы менен эмес, өзү күн сайын, саат сайын бүт дилин балдарга берип, колдон келишинче балдар кашында канчалык көп болсо, ошончолук ийги.

Сабитжан деген, Сабитжанды бала күнүнөн баштап, интернаты болобу, институту болобу, анан билим жогорулатуу курсу болобу, иши кылып шаар тарбиясын көрсүн, шаарда башкалардан кем жүрбөсүн деп, байкуш Казангап тапкан-ташыганын бүт бойдон баласына ыраскуттап турбады беле? Эмне майнап чыкты? Билгени элден кем эмес дечи, бирок кунарсыз неме кунарсыз эле болот тура.

Ошондо дарбыз алып келмекке Кумбелге чогуу баратып, Эдигейдин ойлогон ою ошо болгон: жакшыраак башка жол табылбай турган болсо, анда Абуталип Куттыбаев Борондуга эле бекемденип орношуп алганы жөн. Чарбасын жолго салып дегендей, мал күтүп дегендей. Анан Сары-Өзөктө отуруп алып балдарын колунан келишинче өстүрө берсин. Ырас, бул акылын ага айткан жок, бирок сөздөн улам Абуталип да ушул ойдо экенин билди. Картөшкөнү кантип камдап алууну, аялы менен

балдарына кышка деп кийиз өтүктү кайдан табуунун жол-жобосун сурап барды. Өзүм, – дейт,– кыштан өтүкчөн эле өтөрмүн дейт. Анан дагы Кумбелде китепкана барбы, андан разъездге китеп алып кетсе болобу деп да сурады.

Ошо күнү кечке жуук дагы эле жолулаш товарняк менен кайра тартышты. Боррондулуктарга шыбага дарбыз-коонду ала кайтышты. Кечке жакын балдар чарчап көңүлдөрү көтөрүнкү. Кумбелди көрүштү, оюнчук алышты, балмуздак жешти, иши кылып жаңыланып калышты. Станциянын чач тарачында гана кичине чатак иш болду. Балдардын чачын тегиздете кетиш үчүн кирип калышкан. Эрмектин кезеги келгенде ал бакырып, туйлап коё берди дейсиң, эч ким көндүрө албады. Баары чарчады, бала болсо коркот, чаңырып, жулунуп, атасын чакырат. Абуталип ал учурда жанындагы дүкөнгө басып кетти эле. Зарипа эмне кыларын билбей бир кызарат, бир бозорот. Туулганы алдыра элек, чачы тармал, татына болгон соң жөн койдук эле деп актанат бечара. Чын эле Эрмектин чачы кайраттуу, тармал, апасынын чачындай, өзү да Зарипаны тарткан. Башын жууп, чачын тарап коюшса тим эле сүймөнчүк болуп калат.

Эмне айла-амал ойлошподу. Үкүбала Сауленин чачын кырктырмай да болду. Мына, карачы, кыз коркпой эле отурат деп алдашты. Ал учурда Эрмек жоошугансып калган, бирок чач тарач машинкасын алып жакындап келатканда өкүрүп-бакырып тура качты. Дал ушул маалда ооздон Абуталип кирип келаткан. Эрмек атасына чуркады. Атасы көтөрүп алып, бооруна кысып, баланы кыйнаган менен болбостугун билди.

– Кечирип коюңуз,– деди ал чач тарачка. – Дагы бир жолу келербиз. Белди бек буып алып келбесек ошондо... Азырынча шашылыш жок, жүрө берсин. Шашылыш жок... Башка бир жолу...

* * *

«Конвенция» авианосецинин бортунда болуп жаткан өзгөчө полномочиелүү комиссиялардын чукул чакырылган кеңешмесинин жүрүшүндө эки тараптын макулдашуусу боюнча орбиталык «Паритет» станциясына коддолгон радиограмма жөнөтүлдү. «Паритет» ал радиограмманы жерден сырткы цивилизациялуу планетада турган 1–2 жана 2–1 космонавттарга жөнөтүүгө милдеттенилди. Радиограммада – Бирбашбордун атайын көрсөтмөсү болмоюнча ордунардан эч жакка жылбагыла деп айтылган.

Кеңешме мурдагысындай эле жабылуу эшик ичинде жашыруун өтүп жатты. «Конвенция» авианосеци мурдагысындай эле өз ордунда Тынч океанда, Алеуттан түштүгүрөөк аба боюнча Сан-Франциско менен Владивостоктун дал ортосундагы өз ордунда турду.

Эге жарыгынын системасындагы бир планетада жерден сырткы цивилизацияга ээ болгон, анын акыл-эси бар жандары Жерликтер менен байланыш түзүүнү сунуш кылып жаткандыгы туурасындагы Галактика аралык улуу ачылыш окуясы болгонун мурдагыдай эле дүйнөдө азырынча эч ким билбейт.

Чукул чакырылган кеңешмеде күтүлбөгөн бул укмуш проблема боюнча ким жактайт, ким каршы деген дебаттары жүрүп жатты. Документтердин ар бир ою, ар бир сөзү изилденүүдө. Токой-Төш планетасындагы акыл-эстүү турмуштун курулушунун фактысы катарында келтирилген ар кандай деталь баарыдан мурда жердеги цивилизациянын тажрыйбасына сыйышымдуулугу же сыйышымдуу боло албастыгы, мүмкүн болгон кийинки натыйжалары жана планетанын алдыңкы өлкөлөрүнүн кызыкчылыктарына байланыштуу көз карашта каралууда... Мындай проблемаларга буга чейин эч бир адам кириптер болгон эмес. Жана да маселени шашылыш түрдө чечүү талап кылынган...

Тынч океан мурдагысындай эле орточо толкуп турду...

* * *

Куттыбаевдин үй-бүлөсү Сары-Өзөктүн жайкы эң азаптуу ысыгын көтөрүп, буюм-кечесин ала Боронду-дан баш оогон жакка качып бербей туруп калгандан кийин булар эми калышты, эми ушуерге орун-очок курушат деп борондулуктардын көзү жетти. Абуталип Куттыбаев башын көтөрүп, так айтканда Борондунун тирилигине ык алып калды. Ананчы, разъезддин турмуш шартын көрдү, каныкты. Боронду – дүйнөнүн каргыш тийген жери экен деп, башка ар ким жана көрүнгөн айткыдай Куттыбаев деле айтса акысы бар. Анан калса эмне деген шумдук: ичериңе түгүл ар кандай башка керегиңе жаратар сууну да цистерналап поезд менен алдагайдан апкелсе. Даамдуу, таза суу ичкиси келген киши төөсүн комдоп, чаначтарын камдап, жер түбүндөгү кудукка барып келсе. Ага Эдигей менен Казангаптан башка ким бармак.

Ырас, элүү экинчи жылда ахыбал али ошондой болуучу, ал ахыбал алтымышынчы жылдарга чейин, разъездге терең деп электр-шамалдын амалы менен суу тарткыч орнотконго чейин созулду. Анда муну эч ким үмүт да кылчу эмес. Ошонун баарына карабай Абуталип эч качан Борондуну да, Сары-Өзөктүн жерин да каргапшилеп сөккөн жок. Жаманды жамандай, жакшыны жакшыдай кабыл алып жүрө берди. Чындыгына келгенде бу жер эч кимге эчтемеси менен күнөөкөр эмес. Буерге жашасамбы-жокпу деп, адам өзү акыл жүгүртүшү абзел...

Ушундай жерде да кишилер жашоонун аракетинде. Акыры орноп калар жерибиз Боронду экен, жайлуу жер издеп дагы кайда тентимек элек деп, Куттыбаев ушул оюна токтогон соң түйшүгү көбөйдү: там-ташты бекем деп кайра салыш керек, ага убакыт жок. Күн сайын өз сменасын иштеп чыгыш милдет дечи, бирок андан тышкары убакыт да тириликке жетер эмес. Кыш түшкүчө бүтүрүп алчу иштери менен алышып,– мешин жаңыр-

тып салып, эшигин бекемдеп, терезе рамаларын жонуп-кынаптап, ушундай алек менен алышып, Абуталиптин шаштысы кетип калды. Анан калса мындай иштерге мурдатан колу жөндөм эмес болчу, ошол үчүн Эдигей кол кабыш кылып, балта-чотунан каралашып, жалгыз таштаган жок. Бастырмасынын жанынан жертөлө каза баштаганда Казангап да карап турбады. Үчөөлөп жертөлө казып, үстүн эски шпалдар менен жаап, анан саман салып, анын үстүнөн ылайдан калың шыбап коюшту. Бирөөнүн малы келип бутун салып албасын деп, анын үстүнөн тепейген шып куруп салышты. Үчөө эмне кылып жатышса да, айланчыктап кетпеген Абуталиптин балдары. Кээде колго-бутка чырмалып жолтоо болсо да, бала жанда жүргөндө жумушуң жеңил өтөт, көңүлүң ачык болот. Казангап менен Эдигей акылдашып, Абуталипке мал күтүү жагынан кандайча жардамдашсак деп кеңешти, бир бүтүмгө келгендей болушту. Келерки көктөмдө бир саан иңген берели дешти. Аны сааганды да үйрөтүп коюу керек. Иңген уй эмес, аны тике туруп саайт. Талаада артынан ээрчип жүрөсүң, сүт ботосуна көзөмөл болуу керек, учурунда эмизип, учурунда тартып алып турбаса да болбойт. Иши кылып түйшүгү көп. А дагы тирилик...

Боронду Эдигейди баарынан өзгөчө кубанткан Абуталиптин чарбага киришкени гана эмес, Зарипа экөөлөп эки үйдүн балдарын күн сайын окууга, сүрөт тартууга үйрөткөнү гана эмес, Боронду нун туюгунда калдым деп курулай өксүнгөнүн жеңип, өзүнө керектүү иштерге киришкени. Абуталип деген билимдүү киши. Китеп окуп, бирдемелерди жазып алыш – билимдүү кишинин милдети эмей эмине. Ушундай достуу болгонуна Эдигей ичинен корстон. Ошол үчүн Абуталипке жан тартып турат. Бу жерге көп келүүчү Сары-Өзөктүн геологу Елизаров менен да бекеринен достошуптурбу. Көптү билген илимпоз адамдарды Эдигей урматтай турган. Абуталип да көптү билет. Болгондо билгенин дайыма жарыя айта

бербейт. Анткен менен экөө бир жолу чечилип сүйлөшкөн жайы бар.

Жол иштеринен кечкурун кайтып келатышкан. Ал күнү жетинчи километрдеги жолдун жээгине, кышкысын бороон согуп, күрткү чогулар жерге калканыч щиттерди коюшкан. Күз жакын келгени менен кыштын камын азыртан көрбөсө болбойт. Ошентип экөө келаткан. Мээримдүү жарык кеч болуп турду, маектешкиң эле келет. Мындай күндөрдө Сары-Өзөктүн айдыңы тынч күндөрү кайык минип баратып Арал деңизинин түбүн көргөндөй мунарыктап, тунжурап турат.

– Э, Абу, эл орунга отургандан кийин деле, өтүп калып көрүп калам, терезеңдин түбүндө отурасың. Бирдеме жазып атырысыңбы же өтүк ултарып отурасыңбы? Мандайында чырак жанат... – деди Эдигей.

– Ал демейки жумуш да, – деп Абуталип күрөгүн бир ийининен экинчисине которду да, көңүлдөно жооп берди. – Жазуу столум жок. Тентектер уктаар менен Зарипа китебин окуганга кирет, мен болсом унутуп кала элегимде деп, эртегилерди эске түшүрүп, жазып отурам. Согушту, айрыкча Югославияда жүргөн жылдарымы. Убакыт өткөн сайын анын баары алыстап баратат. – Бир азга унчукпай барып, анан улантты. – Балдарыма эмне жасап бере алам деп, дамаамат ойлогонум ушул. Ичкен-жегенден кем кылбай, тарбиялап алыш, ал турган иш дечи. Колдон келишинче болор анын баары. Мен башыман кечиргенди башка бирөө жүз жылда араң көрүп бүтөр. Азыр да күн көрүп жүрөм, демек тагдыр мага калганда аянбаптыр. Балким, элжуртка бирдеме айт, обол мурун балдарыңа айт деп тургандыр ошол тагдыр. Балдарды бу дүйнөгө жараткан өзүм болгон соң алардын алдында өмүрүмдү бүт баяндап берүү милдетим деп ойлойм. Ырас, баарыбызга жалпы тиешелүү чындык бар, андан тышкары да ар кимдин керт башынын түшүнүгү болот. Дүйнөлүк алаамат болуп, өмүр менен өлүм айыгышып жаткан кызыл кыр-

гын, кара сүргүндү аралап өтсөң, анын ичинде жүз жолу өлүшүң мүмкүн болсо, бирок өлбөй тирүү чыксаң, анан а киши кантип адалдык менен арамдыкты, чындык менен калпты мээ чарчатып билбей чыксын...

– Коё турчу, бирдемени түшүнбөй атырым,– деп Эдигей тандана сөздү бөлдү. – Айтканың акылдуу кеп дечи, бирок балдарың али мурдунун богун аарчый албайт, чач тарачтын машинкасынан коркот, ошолор эмнени түшүнөт?

– Ошол үчүн жазып коюп жатырым. Ошолорго сактап коёюн дейм. Бүгүн өлөмбү, эртең өлөмбү, алдын ала ким билиптир. Баягы поезддин алдында кала жаздаганымы үч күндөн бери ойлоп, өзүмдү тилдейм. Казангап үлгүрүп жолдон түртүп жибербесе... Анан урушканын коё кал, балдарың кудайга ыраазы болсун дейт.

– Туура айткан. Сага баягында эле айтпадым беле. Зарипага да айткам, – деп Эдигей кызуулана кетти, чочулап жүргөнүн дагы бир жолу айтып калгысы келди. – Паровоз рельстен чыгып жол бошотчудан бетер эмне кашайып жолдон чыкпайсың? Сактаганды сактайм деген. Билимдүү кишисиң, канча айтыш керек сага? Сен азыр темир жолчусуң, базарда жүргөн жериң жок. Ойнобо, моюнунду толгоп кетет.

– Андай болор болсо күнөө жалгыз өзүмдө, – деди Абуталип түнөрүп. – Жок, сен оболу угуп алчы, анан жемелээрсиң.

– Э, сөз келгенинен айтып салдым да.

– Илгерки кишилер балдарына мурас мүлк калтырышчу. Жакшылыккабы, жамандыккабы, ар кандай мурас калуучу. Ал тууралуу канча китептер жазылды, канча жомок куралды, ошо калган мурас мүлктү балдары кантип бөлүшкөнү туурасында, анан ал балдары эмне болгону туурасында театрларда пьесаларды ойношот. Эмне үчүн дейсиң? Себеби ошол мурас калган мүлк-байлык көбүнесе арам байлык, башкалардын мандай терининен куралган, алдамчылыктан куралган, ошол үчүн ал

мурастын ичи толтура арамдык, күнөө, адилетсиздик. Биз болсок, кудай жалгап, андан кутулганбыз, мен өзүмдү ошо менен жооткотом. Менин калтырар мурасымдын эч кимге зыяны жок болот. Ал менин гана рухум, менин жазгандарым, согуштан үйрөнүп алып чыккан акыл жыйынтыктарым. Башка байлыгым жок. Ушу Сары-Өзөктүн чөлүндө жүрүп ушул ойго туш болдум. Турмуш мени жоготоюн деп ар качан ушуякка түрткүлөп, сүрүп туруп алды, мен эми балдарыма ойсанаамды бүт жазып кетем, качандыр бир кезде балдарымдын пейилинен кайра жаралам. Мен жетпегенге, менин колуман келбегенге балким балдарым жетер, колунан келер... Бизге караганда балдардын турмушу татаалыраак болот, кыйыныраак болот. Андай болчу болсо, жаштайынан мээси толо берсин...

Ар ким өз оюна чөмүлүп, бир азга тунжурай басышты. Бу сөздөрдү угуп алып, Эдигей айран-таң. Жер үстүндө басып жүргөн маңыз-максатты ушундайча да түшүнсө болот тура. Андай болсо да таңыркаткан нерсени сурап алгысы келди.

– Элдин баары, радиодон да күндө айтып, келечекте балдардын жашоосу сонун болот деп жатышса, сен кайра кыйын болот дейсиң, бизге караганда. Атом согушу болуп, ошондуктанбы?

– Жоок, андыктан эмес. Согуш боло койбос, болсо да качандыр бир кезде болор, кара курсактын азабын да айткан жокмун. Мезгил дөңгөлөгүнүн чимирилиши тездеп барат. Балдар баарына өз аракети, өз акылы менен жетиши керек, өтүп кеткен биз үчүн да жооп берүүлөрү мүмкүн. Ой жүгүртүү ар качан кыйын. Ошондуктан бизге караганда аларга кыйын болор дейм.

Ойлонуу эмне үчүн кыйын дейт Абу, аны тактап отургусу келбеди Эдигейдин. Тактабаганы бекер болуптур, бу сөздү эстеп кийин өкүнөрүн анда билбептир да. Мунун маңызы эмнеде деп, баарын сурап алыш керек болуучу...

– Мунун баарын эмнеге айтып атат дейсиң,– Эдигейдин күдүктөнгөнүн сезгенсип, ага жооп берип жаткансып улантты Абуталип. – Кичинекей балдарга чоң кишилер ар качан акылдуу, беделдүү көрүнөт. Чоңоюп алып караса, окутуучулары, башкача айтканда биз да, анчалык деле көптү билбептир, бала кездегидей акылдуу деле болушпаптыр. Баягы акылмандарга эми күлүп койсо да болот, карылар кээде аяныч сезим туудурат. Мезгилдин дөңгөлөгү тездегенден тездеп чимирилип баратат. Ошол үчүн биз өзүбүз жөнүндөгү акыркы сөздү, бааны балдарга калтырбай өзүбүз айтып кеткенибиз оң. Биздин ата-бабаларыбыз өздөрү тууралуу сөздөрүн улама-жомоктор менен айтып кеткен. Өздөрү кандай улуу кишилер болгонун укум-тукум билсин деген. Эми биз аларды рухани боюнча баалайбыз. Балдарым үчүн колумдан келишимче иштеп жатканым да ошол. Менин улама-жомокторум – согуштагы жылдарым. Балдарыма партизан дептерлеримди жазып жатам. Кандай болду эле, эмнени көрдүм, эмнелерди баштан кечирдим. Балдар чоңойгондо пайдасы тиер. Андан башка да ойлорум бар. Балдар Сары-Өзөктө өсчүдөй. Чоңойгондо бизди ээн талаа, эрме чөлдө өстүрүптүр деп кине койбосун. Илгерки ырларды жазып алдым, кийин аларды да таппай каласың. Менин түшүнүгүмдө, ыр деген илгеркиден келген кабар, баян. Сенин Үкүбалаң көп ыр билет турбайбы. Дагы эстеп айтып берем деди эле.

– Билбегендечи! Аралдын кызы эмеспи! – деп Эдигей эдирейе түштү. – Аралдын казактары деңиздин жээгинде жашайт. Деңиз кылаалап ырдаганга не жетсин. Деңиз баарын түшүнөт. Жүрөктөн чыккан ыр болсо деңизде жарашып калат.

– Муну туура айттың, даана сөз. Жазып алгандарды бая күнү кайра окуп алып, Зарипа экөөбүз ыйлап ие жаздадык. Илгеркилердин ырдаганы сонун да! Ар бир ыр өзүнчө эле тагдыр, тарых. Ошо кишилерди кадимкидей көрүп турасың. Ошолор менен сырдашсаң, ошо-

лордой сүйө алсаң, күйө алсаң. Мына, көрдүңбү, алардын таштап кеткен мурасын. Казангаптын Бүкөйүн да айттым, эсте дедим, каракалпактын ырларын жазып алайын, өзүнчө бөлөк дептерге. Каракалпак дептери деп коёлу аны...

Ошентип экөө темир жолду бойлой жай басып келатты. *Конур* кеч жеңилдене дем алгандан кийинки магдыраган көңүлдөй болуп турду. Же токою, же дайрасы, же шалбаалары болсочу Сары-Өзөктүн, бирок өчүп бараткан күн, ачык жер бешенесиндеги көлбүгөн коңур мээрим ошолордун баардыгынын ордун толтуруп турду. Кеңирсиген мейкиндин үстүндө көрүнбөй каалгыган көгүлтүр аба өрөпкүтүп, ойго канат бүтүрөт, көп жашоого, көп ойлоого эргитет...

– Эдигей, айтчы,– деди Абуталип кези келгенде сураармын деп оюнун коңулуна катып койгон суроосун азыр эстеп. – Көптөн бери сурайын деп жүргөм. Дөнөнбай куш. Табиятта ушундай куш болуш керек го, аты да Дөнөнбай болуу керек, кандай дейсиң? Мындай кушту көргөн жок белең?

– А деген улама сөз да.

– Билем. Бирок көп учурда уламада айтылган турмуштан кезигип калат. Мына, мисалы, саргалдак деген чымчык бар, биздин Жети-Сууда тоодогу бактарды байырлай учуп, керээли кечке: «Мага ким күйөө?» деп сайрай берет. Буерде, албетте, үн менен сөздүн эле ыргакташ-үндөш келиши дечи. Бирок эмне үчүн ошентип сайрап калганы тууралуу улама бар. Ошондон улам ойлойм да: бул уламада да алигидей үндөштүк барбы-жокпу? Балким чөлдө бир куш бардыр, Дөнөнбай деген сөзгө үндөш кылып сайраар, ошол үчүн уламага кирип калгандыр?

– Жок, билбейм. Андай деп ойлобопмун,– деп Эдигей ойлонуп калды. – Ушул аймакты нечен жолу аркытерки өттүм, бирок андай кушту көрбөдүм. Кыязы жок болуу керек.

– Мүмкүн,– деди Абуталип ойлуу.

– Эмне, андай куш жок болсо жанагынын баары калппы? – деп Эдигей эми чочуп кетти.

– Жок, эмне үчүн. Эне-Бейит деген кабырстан турбайбы, демек бирдеме болгону ырас. А бирок мен алиги куш бар го деп ойлой берем. Бирөө-жарым качандыр бир кезде жолуктурат. Балдарга мен ушинтип эле жазып коёюн.

– Балдарга десең, аның туура... – деди Эдигей өзү эки анжы...

* * *

Найман-Эне туурасындагы Сары-Өзөктүн уламасын Эдигей билгенден эки гана киши жазып алган. Кагазга түшүрүп балдарым чоңойгондо окусун деп, обол мурун Абуталип Куттыбаев жазып алган. Ал учур элүү экинчи жылдын аягы эле. Ошо жазмалар жоголуп кетти. Андан кийинки тарткан азапты айтпа. Жазма турсун жан кайгы болуп!.. Бир топ жылдан кийин, элүү жетинчи жылдарда Елизаров Афанасий Иванович жазып алды. Азыр Елизаровдун өзү жок. Жазгандары, мүмкүн, Алматыдагы үйүндө кагаздарынын арасында жаткандыр... Экөө тең Казангаптын оозунан жазышкан. Эдигей да бар болчу, бирок ал көбүнесе эскерткич, түшүндүргүч катары катышкан.

«Мына, жылдардын өткөнүн кара! Кудая тообо, ушунун баары качан болду эле!» – Жабуулуу Каранардын эки өркөчүнүн ортосунда термелип келаткан Эдигей ушинтип ойлонду. Мына эми ал Казангаптын өзүн Эне-Бейитке алпаратат. Баары эле кайра айланып ордуна келеби. Уламаны көкүрөгүнө сактап, атадан балага калсын деп элге жайып айтып жүргөн. Улама тарыхын өзү айтчу бейитке эми өзү баратат.

«Эне-Бейит жана мен – экөөбүз эле калган турбайбызбы. Буякка жакында мен да келермин. Өз ордумду ээлешке. Акыры ошо болот да»,– деп Эдигей кейиштүү

санаа учурат. Ал баягысындай эле бөтөнчө аза көчүн баштап барат. Артында прицептүү трактор, анын артында «Беларусь» экскаватор. Кечке өзү келип кошулган куйкул дөбөт Жолборс өзүнө өзү баш: бирде көчтүн алдына чыгып алат, бирде артта ээрчийт, бир карасаң капталда келатат, дагы бир карасаң таптакыр дайыны билинбейт да, кайдан-жайдан жетип келет... Куйругун даражасына жараша кармап, эки жакты каранып коюп, көрүнүшү олуттуу.

## VIII

Канткен менен элүү экинчи жылдын аягы, тагыраак айтканда, күзү менен кечигип түшкөн, кечиксе да борошо-бороону жок түшкөн кышы Борондунун ал кездеги үркөрдөй болгон журтуна жакшы мезгил болду. Ал күндөрдү эстеп, Эдигей кийин ичи ачышып жүрдү.

Борондулуктардын аксакалы Казангап жөнү жок биреөнүн ишине кийлигишпеген, сылык киши, ал кезде ал-кубаты боюнда. Сабитжаны Кумбелдеги интернатта окуйт. Куттыбаевдердин үй-бүлөсү болсо Сары-Өзөккө биротоло орноп калган. Кышка барагын жылуулап алган, картөшкө камдап, Зарипа менен балдарына кийиз өтүк сатып берген, Кумбелден бир кап ун алып келген. Унду Эдигей өзү алып, баралына жаңы жетип келаткан Каранарга артып келген болучу. Абуталип ишин иштеп, иштен кийин балдар менен алек, алардан колу бошогондо түнкүсүн терезенин түбүнө отуруп алып жазып жатат.

Дагы эки-үч үй-бүлө жумушчулар турчу разъезде, бирок алар убактылуу турганы алыстан маалим. Разъезддин а кездеги начальниги Абилов да жаман киши көрүнбөгөн. Борондулуктардын баары аман-эсен. Иш жүрүп атты. Балдар өсүп атты. Темир жолду калкалоо, жолду ремонттоо сыяктуу кыш алдындагы жумуштар өз убагында бүтүп жатты.

Сары-Өзөктө коңур күздүн сонун кези. Анан кыш да келди. Алгач жааган кар ошо бойдон жатып калды. Теребел айран шыбагандай апаппак болуп, сагынган көздүн жоосун алат. Ошол тунжураган ак мейкинди кесип, чың тартылган кара жиптей болуп, темир жол жатат. Поезддер аркы-терки тынбай каттайт. Ошо кыймылдын сол колтугунда кичинекей жамачы өндөнүп Боронду разъездинин айылы турат. Он чакты там, аларга жабышкан майда курулуштары... Өткөн-кеткен жүргүнчүлөр кайдыгер көз таштап кете берет, же кай бири аз убакка аяп өтөт...

Бирок ал жүргүнчүнүн аяганы бекер. Өтүп кеткен аптабындагы азапты айтпаганда борондулуктар жакшы жылда жашап жаткан. Согуштан кийин акырындап болсо да баардык эле жерлерде турмуш оңолуп бараткан. Жаңы жылга карата азык-түлүк менен өнөр жай товарларынын баасы төмөндөйт деп күтүп турган. Дүкөндөрдө мал-мүлк ашып-ташып жатпаса да жылдан жылга жондонуп бараткан кез.

Адатта борондулуктар жаңы жылды анча деле барк алышчу эмес, түнкү саат он эки болорун акыйып күтүп отуруу деген жок эле. Разъезддеги жумуш эчтемеңе карабай жүрүп турат, поезддер каерден жаңы жыл жолугарына карабай жүрүп турат. Анан калса кышкысын үй чарба түйшүгү да арбыйт. Отун жарыш, от жагыш, жайыттагы болобу, короодогу болобу малга көз салыш, жем-чөбүн ырастап туруш – ушунун баары эле иш, күнү бою кишини чарчатып салат, анан түнкү уйку карамыктатып турса, эс алып алганы дурус эмеспи.

Жылдар ушинтип бирин бири кубалап өтө берет да...

Элүү үчүнчү жылдын келер алдында Борондуда кадимкидей майрам болду. Майрамды баштап, уюштургандар да Куттыбаевдердин үй-бүлөсү. Жаңы жылдык камылгага Эдигей аяк ченде келип кошулду. Куттыбаевдер балдарга балаты коюп бермей болот – баары ушундан башталды. Сары-Өзөктө кайдагы карагай.

Андан көрө атам заманда өткөн динозаврдын жумурткасын табыш оңой. Елизаров Сары-Өзөктү геологиялык иштер менен кыдырып жүрүп, миллион жыл мурунку динозаврдын жумурткасын тапканы ырас. Ар биринин чондугу дарбыздай болгон ошол жумурткалар таш болуп катып калыптыр. Алматыдагы музейге алып кетишкен. Ал тууралуу гезитке да жазышпады беле.

Абуталип Куттыбаев кыштын чилдесинде балаты издеп Кумбелге барат. Ошончолук чоң станцияга болгону беш балаты келиптир, темир жол жергиликтүү комитетине кайрылып жатып, бирөөнү акыры Борондуга бөлдүрүп келет. Мына ошондон башталды.

Разъезддин начальнигинен жаңы кол кап алып, Эдигей складдын оозунда турган. Талаанын шамалына бубактанган поезд келип биринчи жолго токтоп калды. Узун состав, эшиктери пломбалаштырылган төрт октуу вагондор. Акыркы вагондун ачык аянтынан тоңуп калган өтүкчөн буттарын араң такандап, Абуталип жерге түштү. Поездди узатып бараткан составдын кондуктору чоң тончон, тумакчан абышка аюуча олдоксон толгонуп, тарбайган бирдеме берип жатты Абуталипке. Балаты экен деди Эдигей, ошентти да өзү таң калды.

– Эй, Эдигей! Борондуу! Бас бери, бу кишиге жардам бер! – деп жан темир кармап, күпүйгөн зор денесин саландата туруп кондуктор кыйкырды.

Эдигей шашып жетип барды да, Абуталиптин кебетесин көрүп алып, коркуп кетти. Кашынан бери купкуу болуп кар тозоңу баскан Абуталип тоңуп калыптыр, эрдин кыбыратууга алы жок. Колун кыймылдата албайт. Жанында жанагы балаты жатат. Ушу тикендүү тал үчүн Абуталип өлүп кала жаздаптыр.

– Кишиңер ушинтип да жолго чыгабы? – деп коруддады кондуктор. – Уюлгуган борошого жаны кошо кете жаздады. Тонуму чечип берейин десем, өзүм тоңуп калчудаймын.

Абуталип оозун араң ачып, кечирим сурады:

– Кечириңиз, ушундай иш болуп калды. Эми үйгө келип калбадымбы, жылып кетермин.

– Мен буга айтам да, – деп кондуктор Эдигейге корулдай берди. – Мен го кийгеним тон, анын ичинде пахталуу калың кийим, тумакчанмын, кийиз өтүкчөнмүн, ошондо да поезддди өткөрүп жибермейинче өлбө жаным өлбөлөп барам. Ушинтип да жолго чыгат бекен!

Эдигей оңтойсузданды.

– Эми эсте болсун, Трофим! Ыракмат! Жолуң болсун!

Ал балатыны алды, адам боюндай бар экен, муздагын айтпа. Хвоядан кышкы токойдун иси келип турат. Аерде буга окшогон балатылар миң-сан болот. Танк менен тепсетип, снаряддар түбү менен жулуп көккө ыргытчу эле. Мунун жыпар жыты бир кезде кымбатка турары анда ойго келбептир.

– Жүр,– деди Эдигей Абуталипке, өзү балатыны ийнине арта салды.

Суук уруп калбыйып, көз жаш тамчылары жаагына тоңуп турган Абуталиптин көздөрү кубанычтуу, бубак кармаган кашынын астынан сүйүнчү айтчудай күлмүңдөйт. Атанын ушул пейилинин баркына балдары жетер бекен? Турмушта тескери болорун да көрүп эле жүрбөйбүзбү. Ыраазылыктын ордуна кайдыгерлик, болбосо жек көргөн балдар да кезигет. «Кудай сени ошондон сактасын. Башка кайгың деле жетишет», – деди ичинен Эдигей.

Биринчи болуп балатыны улуу уулу Даул көрдү. Сүйүнгөндөн бир кыйкырып алды да, барагына жылт кирип кетти. Аяктан сырт кийимсиз эле Зарипа менен Эрмек жүгүрүп чыгышты.

– Балаты, балаты! Карачы, кандай балаты! – деп Даул тегерене чуркап, кыйкырып жүрөт.

Зарипа да балдардан калбай кубанып алган.

– Эптеп таптыңбы! Жакшы болбодубу!

Эрмек болсо буга чейин балатыны көрбөптүр. Эдигей акеси көтөрүп келаткан нерсени алая тиктей берди.

– Апа, балаты ушубу? Балаты жакшы ээ? Биздин үйдө жашайбы?

– Зарипа,– деди Эдигей, – орустар айткандай ушу елки-палкинин айынан эриң тоңуп калыптыр. Тезирээк үйгө киргизип жылыт. Эптеп өтүгүн чечиш керек.

Өтүгү бутуна тоңуп калыптыр. Баары жабыла тартып жатканда Абуталип тиштенип, онтоп жатты. Балдары жанталаша жардамдашып, булгаары өтүктү нары тартат, бери тартат. Таш болуп катып калган өтүк аларга болобу.

– Балдар, ары баргылачы, мен азыр, жолтоо болбогулачы, – деп энеси кубаласа да болушпайт.

– Жөн койчу, Зарипа. Мейли, атасына күйүшсүн, – деп Эдигей балдарга жетине албай карап отурду.

Балдарынын кошо күйгөнү, үйрүлгөнү, жакшы көргөнү Абуталип үчүн жеткен ыраазылык экенин Эдигейдин жүрөгү сезип турду. Демек балдары киши болот деген ушу, бирдемени түшүнө баштаганы ушу. Баарынан да кенжесинин аракети адамдын күлкүсүн да келтирет, жүрөгүн да элжиретет. Эрмек негедир атасын «атике» дейт. Адамзат тукумунун а деген сөздөрүнүн бири болгон сөздү бала өзүнчө өзгөртүп алган соң эч кимиси анын айтканын ондочу эмес.

– Атике! Атике! – деп Эрмеги үйрүлөнө карбаластап, курулай аракетинен эки бети кызарып алыптыр. Тармал чачы үпсөйүп, эң бир керектүү ишти аткарууга дилгирленгенинен көзү жалындап, өзү деги эле чоң кишидей олуттуу. Бырс күлүп алып, анан каткырып жибергиң келет.

Балдар мынча аракет кылып калгандан кийин аракетинин өтөөсүнө чыкканы жакшы да. Эдигей ошого жардамдашмай болду. Ага чейин өтүк да жумшара баштаган. Эми Абуталиптин жанын оорутпай сууруп алса болот.

– Кана балдар менин артыма отургула. Поезд болуп, бири бирибизди тартабыз. Даул, сен мени карма, Эрмек, сен Даулду карма.

Абуталип Эдигейдин оюн түшүнүп, башын ийкегиледи, сууктан ысыкка киргенге тегеренген жашы аралаш жылмайды.

Эдигей Абуталиптин маңдайына отурду, ага балдар чиркешти. Баары даяр болгондо Эдигей өтүктү тартууга кириштн.

– Кана, балдар, катуурааК, бирге тарткыла! Болбосо мен жалгыз күчүм жетпейт. Кана, кана, Даул, Эрмек! Дагы катуурааК!

Балдар чын көрүп, күшүлдөп-бышылдап тартып атышат. Зарипа күйөрман болуп карап отурат. Эдигей кара күчкө чымырканган болуп, акыры бир өтүктү сууруп алышты. Балдар кубангандан бакырып жүрүштү. Зарипа жүн жоолук менен эринин таманын сүртө баштады эле, Эдигей баарын токтотту.

– Кана, балдар, кана, апасы! Силер эмне? Экинчи өтүктү ким тартат? Же атаңар бир буту жылаңаяк, экинчиси тоңгон өтүкчөн кала берсинби? Ошондо жакшы болобу?

Эмнегедир баары каткырып калышты. Көпкө күлүштү. Айрыкча ооналактаган балдары менен Абуталиптин боору эзилди.

Ким билет деп, Борондуу Эдигей коркунучтуу табышмактын жандырмагын табууга кийин баш катырып көп ойлонду, ким билет, балким дал ушул маалда Борондудан алыс-алыс бир жерде Абуталип Куттыбаевдин ысмы кайрадан кагаз бетине түшүп, ал кагазды алган кишилер ошол кагаздын негизинде бул үйдө да, бүт разъездде да эч бир жандын түшүнө кирбеген, дилине да кирбеген маселени чечип жатышкандыр... дал ушул маалда чечишкен болбосун?..

Бу жамандык капилет келди. Ырас, Эдигейдин мындай иштерде тажрыйбасы болсо, өзү митаамырак болсо,

балким, шек албаса да, туюк күдүктөнүп калат беле.

Күдүктөнөр нерсе бар беле? Ар качан жыл аягына жакын разъездге участкелик ревизор келип калуучу. График боюнча разъезддан разъездди, станциядан станцияны кыдырып өтөт. Келет да, бир-эки күн туруп, айлык кандай таркатыларын, материалдар кандай ыраскутталып жатканын, дагы башкаларды текшерип, разъезддин начальниги жана дагы бир жумушчу үчөө болуп акт түзүп, кол коюшат да жолулаш бир поезд менен кете берет. Разъездде эле жыйылып калган иш бар беле! Ревизиянын актысына Эдигей да кол койгон жылдар болгон. Бу жолкуда ревизор Боронду да үч күн туруп калды. Разъезддин башкы тамында байланыш бөлмөсү, кабинет деп атала турган начальниктин бөлмөсү бар. Ошондо түнөп жүрдү. Разъезддин начальниги Авилов жан-алы калбай чай ала чуркап жүрдү. Ревизорго Эдигей да баш багып калды. Кагаздарына үңүлүп бир киши отуруптур. Мурдагы тааныштардын бириби деп кирген Эдигей, жок, бул бейтааныш киши экен. Кызыл бет, арсак тиштүү, көз айнекчен, буурул чач. Көзүндө бир кызыктуу жабышкак жымыңы бар экен.

Кечкурун күүгүмдө дагы жолугушуп калды. Эдигей смена тапшырып келаткан, караса дежурканын алдында фонарь астында ревизор аркы-терки басып туруптур. Көрпө жакасын көтөрүп алган, көрпө папахчан, көз айнекчен, ойлуу чылым тартып, кумдуу жерде өтүгүнүн таманы кырчылдайт.

– Кеч жарык. Эмне, тамеки чегип чыктыңызбы? Иштеп чарчагандырсыз,– деди Эдигей аягансып.

– Ырас, ырас,– деди тигил күлүмсүрөп. – Оңой иш жок, – деп дагы күлүмсүрөп койду.

– Аныңыз туура го, – деди Эдигей жөн эле сөз улап.

– Эртең эртеменен кетип атырым,– деди ревизор. – Он жетинчи буерге аялдап өтөт эмеспи. Ошого түшүп кетем го. – Ал дагы күлүмсүрөдү. Үнү пас, кыйналып чыккансыйт. Көзү жүлжүйүп, кишинин жүзүнөн бирде-

ме издегендей тиктейт. – Эдигей Жангелдин сиз эмессизби? – деп сурамжылады ревизор.

– Ошо мен.

– Мен да ошо го дедим эле. – Ревизор арсак тиштеринин арасынан чылымдын түтүнүн ишенимдүү үйлөдү. – Согушта болгонсуз. Разъездде кырк төртүнчү жылдан бери иштейсиз. Жолчулар сизди Боробдуу деп аташат.

– Анысы чын, – деп Эдигей бейкапар жооп бере берди. Бу кишинин ал тууралуу көп билерине корстон болду, бирок мунун баарын кайдан, эмне үчүн жазып алганына таң калды.

– Менин эсим бекем,– деди ревизор дагы күлүмсүрөп, Эдигейдин таң калганын байкагандай. – Силердин Куттыбаевиңердей болуп, мен да жаза турган кишимин го,– деди да түтүнүн тыяктагы жарык терезе тарапка үйлөдү. Аерде терезенин нары жагынан Абуталиптин үңүлө иштеген башы көрүнөт. – Үч күндөн бери карайм, үч күндөн бери жазып эле жатат. Түшүнөм. Өзүм жазам да. Болгондо мен ыр жазам. Депонун гезитине ай сайын чыгып турам. Бизде адабий ийрим иштейт. Мен башкарам. Областтык гезитке да чыккам, бир жолу сегизинчи мартта, быйыл болсо биринчи майда чыктым.

Азга унчугушпай калышты. Эдигей коштошуп алып, кетмекчи болуп калган, бирок ревизор дагы сөз козгоп жиберди.

– Югославия жөнүндө жазып жатабы?

– Чынын айтсам, билбейм, – деди Эдигей. – Ошондой болсо керек. Аерде көп жыл партизан болуп жүргөн тура. Балдарына жазып калтырайын десе керек.

– Уккам. Буерде Абиловдон сураштыргам. Туткунда да болуп чыккан турбайбы. Бир жылдары мугалим болуп да жүрсө керек. Эми өнөрүн калем учтан чыгарайын деген тура, – деп чыйылдап күлүп койду. – Бирок жазыш деген оңой иш эмес. Мен да бир чоң иш жазсам деп ойлоп жүрөм. Фронтту, ооруктү, эмгекти

жазам. Ээ, бизге окшогон кишилердин чолосу жок. Командировкадан кол бошобойт.

– Тиги да түндөп гана иштейт. Күндүзү жумушта,– деди Эдигей.

Экөө дагы унчугушпай калды. Эдигей кетмекчи болуп дагы кармалды.

– Жазып атканын, такыр башы көтөрүлбөйт,– деди ревизор дагы күлүмсүрөп, Абуталиптин терезе түбүндөгү элесин тигиле тиктеп.

– Бекер отургандан көрө эрмек да,– деди Эдигей тигинин сөз ыргагын коштоп. – Билимдүү болсо өзү. Тегерегинде эч ким жок, эчтеке жок. Анан жазат да.

– Ийи, ырас айттыңыз. Тегерегинде эч ким, эчтеке жок,– деп көзүн жүлжүйтө ойлуу кобурады ревизор. – Өзүнө өзүң ээ, тегерегиңде эч ким, эчтеке жок, бул идея жөн... Өзүнө өзүң ээ...

Ошону менен экөө кош айтышты. Кийинки күндөрү ушул сөз тууралуу унутуп калбай Абуталипке айтып коймокчу болуп жүрүп, негедир учуру келбеди, анан бара-бара таптакыр унутулуп калды.

Кышка карай жумуш көбөйдү. Баарынан да Каранардын киргени айланы кетирди. Эмне кыларын билбей Эдигейдин шайы ооду. Буурачар Каранар эки жылда жетилди. Өткөн эки кыштын чилдесинде киргенде жини мынчалык албуут эмес болчу, айкырып-кыйкырып коркутуп башкарып алса моюн сунчу. Анын үстүнө Боронду төөлөрүнүн үйүр ээси, Казангаптын карт буурасы жол берчү эмес, инген, каймалдарга жолотпой чайнап салчу, тарпып таштачу. Бирок талаа деген кең эмеспи. Быягынан кубаласа, тыягынан чыгат. Иши кылып кечке кубалап жүрүп, өзү чарчап бүтөт. Каратып ала албаса да, жадатып алды болуп, Каранар ошондо гана максатына жетер эле.

Быйылкы кыш чилдеси да түштү. Төөлөрдүн табийгы түбөлүк сезими козголду. Быйылкы кышта Каранар Борондунун төө үйүрүнө баш болуп калды. Урунарга тоо

таппай, урушарга жоо таппай күчкө толду. Казангаптын карт буурасын буйдамга келтирбей ээн талаада жарга камап, чайнап, тарпып, чала өлүк кылып салыптыр. Экөөн ажыратар жан жок. Ушундай аёосуз заңы менен табият туруктуулугунан жазбайт эмеспи: эми Каранардын урук-тукум таштаар кезеги келген.

Казангап менен Эдигей да ушунун айынан абалы болуп кермур айтышып калды. Жар түбүндө тепселип жаткан буурасын көрүп, Казангаптын жанына баткан экен, жайыттан түнөрүп келип, мурду менен Эдигейге бир тийди:

– Бул эмне кылганың ыя, Эдигей? Булар деген айбан мал, биз экөөбүз кишибиз го! Каранарың кыргын салып жиберди го. Ошону билип туруп, кабагым-кашым дебей талаага агытып жибересиң.

– Мен агыткан жокмун, Казаке. Өзү бошонуп кетиптир. Кантип карма дейсиң эми? Чынжырлап саламбы? Бул айбан чынжырды да үзүп кетер. Өзүң эски сөздү жакшы билесиң, күч атасын тааныбайт деген ушу да. Кезеги келген да.

– Сен ошого корстонсуң ээ. Шашпа, көргөнүңөн көрө элегиң көп. Сен аны аяп, эрдине шиш көзөбөй жүрөсүң, карап тур, кармай албай кубалап, далай-далай ыйлаарсың. Мындай жырткычтын бир үйүргө мооку канбайт. Сары-Өзөккө безип кетер. Ошондо кармап көр. Ошондо бул айтканымды эстээрсиң...

Эдигей Казангаптын кыжырын кайната бергиси келбеди, сыйлайт, анан калса айтканы да туура эмеспи. Жоошута кобурады:

– Ботосунда өзүң берип, эми кайра урушасың. Макул, ойлоп көрөйүн, бир айласы табылар.

Бирок Каранардай келишкен бууранын эрдин жырып шиш өткөрүп, кор кылгысы келбеди, колу барбады. Чын эле кийин канча жолу Казангаптын айтканын эстебеди, каны кайнап жанына батканда канча жолу эми эчтемеңе карабайм деп, буурага ызырынды, бирок

баары бир тийбеди. Бир учурда актап салсамбы деген да ой келди, анте албады, батынбады. Жылдар болсо өтө берди, кыш чилдеси келген сайын ашына кутурган албуут Каранардын азабы башталат...

Балаанын баары башка түшкөн кыш алиги болду. Каранарды жоошутуп, кашайта камап салыш үчүн кашаасын бекемдеп бүткүчө жаңы жыл кирип келди. Куттыбаевдер балаты жасалгалап жаткан кез. Борондунун балдарынын баарына бу бир чоң окуя болду. Үкүбала кыздары менен биротоло Зарипанын үстүнө кирип алгандай. Эртеден кечке балатыны жасоо менен алек. Ишке баратып да, келатып да Эдигей бир кайрылып кирип кетет. Колго жасалган ар кандай оюнчук, жасалгалар тагылган сайын балатынын көркү чыгып келатат. Ушунун баары Зарипа менен Үкүбаланын аракети, балдардын көңүлү деп, өнөрлөрүн көрсөткөн экен. Анан калса кеп жалаң балатыда эмес. Балдар кубанып, чоңдор жаңы жылдан жакшылык үмүт кылышып, кандайдыр жакшы жаңылыктар болчудай үмүттүү жашап калышты.

Абуталип ага тынчып калбады, балдардын баарын эшикке ээрчитип чыгып, кар киши жасай баштады. Жөн эле эриккенден ойноп жатышат го деп ойлогон Эдигей оболу, анан көрүп алып, муну ойлоп тапкандарына таң калды. Адамдын бою менен тең бир кар киши, киши эмей эле кар желмогуз пайда болду: көмүрдөн жасалган кашы кара, көзү кара, мурду кызыл, оозун ачып күлүп турат, Казангаптын малакайын кыйшайта кийип, разъезддин маңдайында өткөн-кеткен поезддерди тосуп-узатып турат: бир колунда темир жолдун жол ачык деген жашыл желекчеси, бир колунда «1953-жаңы жыл кут болсун!» деген жазуусу бар фанерди кармап турат. Келишип калыптыр. Бу кар киши 1-январдан кийин да көпкө турду...

Өтүп бараткан жылдын 31-декабри күнү кечке чейин Борондунун балдары балатынын тегерегинде, анан короодо ойношту. Дежурлуктан колу бош чоңдор да

ошерде болушту. Абуталип Эдигейге айтып отурду: эрте менен эрте, эки бала тең менин төшөгүмө сойлоп кирип келишти дейт, быш-быш этишет дейт. Мен болсом уктамыш болуп жата бердим.

– «Тур, тур, атике! – деп Эрмек тарткылайт. – Азыр Аяз-Ата келет. Жүр тособуз.

– Жарайт,– дедим. – Мына азыр турабыз, жуунабыз, кийинебиз, анан барабыз. Келем деген.

– Кайсы поезд менен? – дейт анда Даул.

– Кайсынысы болсо деле келе берет,– дедим.– Аяз-атага кайсы поезд болсо да токтойт, биздин разъездге да токтойт.

– Анда тезирээк туралык!

Ошентип, дайындана баштадык, салтанаттуубуз, олуттуубуз.

– Апамчы? – дейт Даул. – Апам да Аяз-атаны көргүсү келет да?

– Албетте,– дедим,– апаңарды да чакыргыла.

Баарыбыз жыйналып, чогуу чыктык сыртка. Балдар дежуркага бизден озуп чуркап кетти. Биз артынан бардык. Балдар чыйпылыктап тегерене чуркап жүрүшөт, Аяз-ата болсо али жок.

– Атике, качан эми?

Эрмектин алайган көзү ачылып-жумулуп, ыйламсыраганы турат. – Азыр,– дедим,– шашпагыла. Дежурныйдан билип чыгайынчы.

Дежуркага кирип кеттим. Аерге кечээ күнү эле Аяз-атадан кат, бир баштык белек-бечкек даярдап койгом. Чыксам балдар утурлай чуркады:

– Эмне, атике?

– Мына, карагылачы аттиң, – дедим мен, – Аяз-ата кат таштап кетиптир. Минтип жазыптыр: «Кымбаттуу балдарым Даул менен Эрмек! Силердин атактуу Боронду разъездиңерге мен эрте менен саат беште келдим. Силер али уктап жатыпсыңар, түн болсо суук. Мен өзүм да аязмын, сакалым бүт кардын жүнүнөн. Поезд болсо

эки эле мүнөт токтоду. Мобу катты жазып үлгүрдүм да, силерге ала келген белектерим менен кошо калтырып кеттим. Капчыктын ичинде Боронду нун балдарынын баарына бирден алма, экиден жаңгак бар. Таарынбагыла, менин бүгүн дагы көп-көп иштерим бар. Башка балдарга да барышым керек. Алар да мени күтүп жатышат. Силерге болсо эмки жаңы жылда жолуккудай болуп келемин. Ага чейин кош болгула. Силердин Аяз-атаңар». Токтогулачы, аягында дагы кичине жазуусу бар экен. Поезд жүрө турган болгондо шашып жазган го, түшүнүксүз. Аа, мына ажыраттым. «Даул, итиңи урбай жүр. Бир жолу сен кепич менен берип калганда каңшылаганын укка мын. Андан кийин укпадым. Кыязы сен жакшы көрө баштагансың го. Мына эми бүттүм. Дагы бир жолу Аяз-ата». Токто-токто буеринде дагы бирдеме деген чиймелери жүрөт. А, түшүндүм: «Силердин кар кишиңер эң сонун болуптур. Азаматсыңар. Кар кишиңер менен мен кол алышып учураштым».

Балдар сүйүнүп калышты, Аяз-атанын каты ишендирди. Таарыныч деген жок. Болгондо капчыкты кимиси алпарууну талаша кетти. Ага апасы калыстык кылды:

– Элден мурун он кадам Даул алып жүрсүн, улуу эмеспи. Анан он кадам Эрмек алып жүрөт, сен кичүү эмессиңби...

– Алардын ордунда болсом мен да ишенмекмин,– деп Эдигей чын жүрөгүнөн күлдү.

Күндүзү болсо балдардын арасында эң керектүү киши Эдигей болду. Ал чана тепмей баштады. Казангаптын качантан бери жаткан чанасы болор эле. Казангаптын жоош төөсү бар, ошого сызма моюнчак салып, чанага кошту. Каранарды мындай жерге жолотуп болобу. Балдарды салып алып, баары жөнөп калды. Чуру-чууну айтпа. Айдоочусу Эдигей. Анын жанынан орун талашып балдар жабышат. Баарынын сураганы: «Тезирээк, тезирээк айдаңыз» – дешет. Абуталип менен Зарипа

жандай басып, кээде чуркап келатат. Эңкейиште чананын четине отура калышат. Разъезддан эки километрдей алыстап кетишти. Анан дөбөдөн кайра тартышты да, ылдыйга зуулдашты. Төө бышылдап калды. Эс алдырбаса болор эмес.

Күн жакшы болуп берди. Сары-Өзөктүн көз жетер, кулак угар чексиз ак мейкинине мемиреген тынчтык уюп турду. Кар кымтылап жапкан кат-кат адырлары, мелмилдеген жайыктары тунжураган кең талаа, төбөдө көз уялтар ачуусу жок, мээлүүн жылуу тийген күн. Жумшак жел кулак учунда шыбырап эркелейт. Алдыдагы кара сызык темир жолдо кызыл-жошо түстөгү узун составды чубалжыта сүйрөп, чиркешкен эки паровоз моруларынан түтүн бүркүп, күшүлдөй чуркап алыптыр. Үстүндө кала берген кара түтүн каалгып сүзүп, акырындап эрип, тарап баратат. Семафорго жакындаганда алдыңкы паровоз заңгырата узун гудок берди. Анысын эки кайталап, кабарын айтты. Токтобой өтчү поезд экен, семафорлордун бири-бирине жабышып, быякта канча жер ээн-бош жатса болбой темир жолдун колтугуна тыгылышкан разъезддин үйлөрүнүн жанынан шуулдап өтүп кете берди. Айлана-тегерек кайрадан тунжуроо жамынды. Эч кандай кыймыл жок. Боронду нун тамдарынын үстүнөн созулган ничке түтүндөр гана толгонуп көккө созулат. Ушу мүнөттө оюндун кызыгына кирген балдар да унчугушпай калыптыр. Зарипа күйөөсүнө үн катты:

– Сонун да, коркунучтуу да!

– Туура айтасың,– деди акырын Абуталип да.

Эдигей аларды кылыя карап турду. Экөө бири бирине окшош. Акырын айтса даана угулган Зарипанын сөздөрү Эдигейге тиешеси болбосо да капа кылып койду. Тетиги бири-бирине сыгылышып, түтүн булаткан үркөрдөй он чакты үйлөрдүн көрүнүшү Зарипанын көңүлүндөгү кусалык менен коркунучту козгоп жатканын түшүндү. Эдигейдин колунан келер кайсы жардам. Те-

тиги темир жолдун колтугуна баанектеген он чакты үй – ушу баарысынын турак жайы ошол гана.

Эдигей төөнү айдады. Шапалак салды. Чана разъезди көздөй жыбылжып жөнөдү...

Жаңы жылды тосор кечте Боронду луктардын баары Эдигейдин үйүнө чогулушту. Анткени Үкүбала экөө үч-төрт күн мурун ушундай деп макулдашып коюшкан.

– Жаңы көчүп келген Куттыбаевдер балдардын баарына балаты куруп берип жатса, бизди кудай уруптурбу, битиребейли,– деген Үкүбала.

Эдигей аялынын айтканына кубанды. Ырас, баары чогуу келе албады: бири жолдо дежур, башкалары кечтен баштап дежурлукка барат. Поезддер майрам жөн күнүнө карабай жүрө берет да. Казангап баш жагында кичине отуруп, саат тогузда стрелкага ал да кетти. График боюнча эртең 1-январь күнү Эдигей да эрте менен-ки саат алтыдан ишинде – жолдо болушу керек. Иш ошондой. Антсе да отуруш жакшы өттү. Баарынын көңүлдөрү көтөрүңкү, күндө он жолу көрүшсө да алыстан келген меймандай жасана кийинип алышкан. Үкүбала дасторконун жакшы жасаптыр. Арак, шампан ичкилиги да бар. Каалаганга кышкы шубат. Казангаптын чаалыкпаган Бүкөйү кысыр калган ингендерди саап алат.

Алгач дүйүм даамдан ооз тийип, ичкиликтен бир-экиден алып ийгенден кийин ыр чыкканда майрамдын шаңы башталды. Үй ээлеринин баштапкы күйпөлөктөгөнү бүтүп, майда-чүйдө нерселерге алаксыбай эл менен бирге отуруп, келгендер болсо алгачкы коомайланганы жазылып, кенен-кесири отурган кез, кысынбай-тартынбай, күндө көрүп-билип жүргөн кишилер менен сүйлөшүп, дагы бир жаңы сапатын таап, кызуу сөзгө кирген кез – майрамдын бир жакшы касиети адамдарды ушинтип жаңыртып жибергенинде эмеспи. Жаман жагына жаңыртып жиберген учуру да болот. Бирок андай жорук бу Боронду да боло албайт. Турган жериң Сары-Өзөк болсо, анан үркөрдөй элге батпасаң, ал эмне деген шум-

дук... Эдигей кичине кызып калды, бирок ошонусу жарашып тургансыйт. Үкүбала жөн эскертип койду:

– Эрте менен саат алтыда ишке чыгарынды унутпа.

– Жарайт, Үкү. Түшүндүм,– деди ал.

Жанындагы Үкүбаланы ийининен имере кучактап алып, Эдигей ырдап отурду, кээде ыргагы келбесе да корулдап үйдүн ичин жаңыртат. Ал азыр акылдын дааналыгы менен көңүлдүн көтөрүңкүлүгү биригип, пейил жайнап турчу абалда. Ыр аралаш меймандарынын ар кимисин жетине албай элжиреп карайт, баары тең анын өзүндөй жыргалда экенине ишенип карайт. Али кара мурут, кара каш Боронду Эдигей кой көзү жалжылдап, катар тизилген тиштери кашкайып, бул отурушунда сулуу жигит. Карыганда кандай чал болорун эң учкул кыял да элестете албас азыр. Баарын чын көңүлү менен жайкап, борондулуктардын апасы деп Бүкөйдү далыга таптап коёт, анын ден соолугуна деп, анын аркасы менен Аму дарыясынын боюн жай кылган бүтүн Каракалпак калкы үчүн деп тост көтөртөт. Анан дагы Бүкөйгө Казангап кетип калды деп капа болбо деп коёт.

– Ансыз да жадап бүттүм андан,– деп Бүкөй тамашаны колдойт.

Өзүнүн Үкүбаласын Эдигей ал кечеде эжелеп толук айтып отурду, Үкүнүн баласы дейт. Ал отурушта Эдигей ар кимге жылуу сөз таап, баары ал үчүн ага-ини, карындаш болуп, майда жол кызматкери деген ишинен басмырланып жүргөн разъезд начальниги Абиловго да, жакын арада Кумбелдин төрөт үйүнө жөнөөгө даяр айкүнүнө жетип отурган аялы Сакенге да чын жүрөгүнөн ылымталуу мамиле кылып, чечекейи чеч болуп отурду. Чынында эле баары бир туугандай болуп калганга, башкача болушка мүмкүн эместигине Эдигей чын пейилинен ишенет. Болбосо ыр арасында көзүндү жуумп, элестетип көрчү: кар басып тунжураган уч-кыйырсыз ээн талаа, анан бир ууч эл анын үйүндө,– Эдигей ушуну

ойлойт да, ого бетер жүрөгү элжирейт. Айрыкча Абуталип менен Зарипаны карап, өзүнчө кубанат. Бул экөө ошого татырлык эле. Зарипа мандолинаны сайрата чертип, ырдан ырга өтүп, ырдап отурат. Үнү таза, конгуроодой, Абуталип болсо узак созуп, басыңкы ырдайт. Экөө бирин бири коштоп, бир маалда татарча алым-сабак ырдашты. Иши кылып ырды алар алып жүрүп отурду, калгандары ал экөөн коштоду. Эски, жаңысы болуп, далай ырлар ырдалды, бирок чарчамак турсун кайра эми кызып келатышты. Демек меймандардын көңүлү ыраазы. Эдигей Абуталип менен Зарипанын мандайында отуруп, экөөн элжирей тиктей берет да, эгер тагдыр эбелектей кубалабаса экөө ушинтип эле жыргап жашай бере турган жуп деп ойлойт. Жайкы жан кейиткен ысыкта Зарипа чачы оңуп, эриндери чарт-чарт жарылып кеберсип, өзү күйгөн чычаладай болуп жүрдү эле, эми ал Зарипа жок. Кара көзү жалжылдап, жүзү ачык, бешенеси жарык бир сулуу. Анын ички абалын кашы эле билдирип турат: ырдаса кошо ырдашкандай бирде көтөрүлө кагылып, бирде ийиле бүркөлүп, кайра канатын жайып созулат. Аны коштогон Абуталип ар бир сөздү маңызын чыгара баса айтып, эки жакка чайпалат:

...Кер жоргонун колтугунда басмайылдын тагындай, өткөн сүйүү элестери өчпөй жүрөт жадымда...

Зарипанын салаалары болсо мандолинанын кылдарын бирден терип, жаңы жылдын түнүндө Сары-Өзөктүн тар үйүндө музыканы онтотот да ыйлатат. Ырын угуп, өзүн карап отуруп, Эдигейдин кыялы элестен элес туудурат: кайрыма ак жакалуу көгүлтүр түймө кофтачан Зарипа мандолинасын зыңылдата сайратып, кар баскан ээн талаада учкан куштай жеңил чуркап баратат; караңгы түн жарыла берип жол ачып, Зарипа туманга кирип көрүнбөй кетет, мандолинасынын үнү гана кандайдыр безилдейт; бирок Боронду деген разъездде да өзүнчө журт курган кишилер бар, Зарипасыз аларга

кыйын болор деп, ал кайра кайтат да, дасторкондун четинде ырдап отурганы пайда болот...

Анан Абуталип партизанда жүргөндө кантип бийлешкенин көрсөттү: ийиндерине колдорун коюп алып, Абуталип сербиянын ойноктогон ырын ырдады. Баары айлана-тегерек туруп, биринин колу биринин ийининде, бут алмаштыра секирип бийлешти, «Опля, опля...» деп кыйкырып коюшат.

Анан дагы ырдашты, дагы ичишти, стакан кагышып, жаңы жыл менен бирин бири куттукташып жатышты, бирөөлөр кетип, бирөөлөр келип атты... Разъезддин начальниги кош бойлуу аялы менен бийден мурун эле кетип калган. Түн ошентип өтүп жатты.

Зарипа таза абага чыкты, артынан Абуталип кошо чыкты. Тер карышат деп, Үкүбала ал экөөн болбой жатып кийгизди. Экөө көпкө кайтышпады. Аларсыз майрамдын шаңы өчө түшкөндөй, ошол үчүн Эдигей издеп чыкмак болду.

– Кийсеңчи бирдеме, Эдигей, суукка урунасың! – деп калды Үкүбала.

– Мен азыр. – Эдигей чыкыроон таза абага чыкты. – Абуталип, Зарипа! – деп үн салды эки жагын каранып.

Эч ким жооп кайрыбады. Үйдүн артынан кобур угулду. Басып бараткан Эдигей тайсалдап токтоп калды, же барып ээрчитип келерин, же үйгө кирип кетерин билбей туруп калды. Экөөнүн ортосунда бирдеме болуп жаткандай.

– Сени көрбөй эле койсобу дегем,– деп Зарипа бышактап жатат. – Кечир. Жөн эле кыйналып кеттим. Кечирип койчу, жаным.

– Мен түшүнөм,– деп Абуталип сооротуп жатты. – Мен баарын түшүнөм. Бирок ушундай жаралып калсам менин жазыгым кайсы. Жалгыз гана мага тиешелүү нерсе болсо го бир жөн. Бир өмүрдүн бары-жогунан дүйнө бөксөрүп калмак беле. Мынчалык тиштене карманбай койсо деле болмок. – Экөө унчукпай калды да, Абу-

талип дагы айтты: – Балдарга жүк болбойт... Баардык үмүт ошо...

Эчтеме түшүнбөгөн Эдигей ийин куушура силкинип алып аста-аста кетенчиктеди да, үйгө кирип кетти. Кирип барса майрамдын көркү оңо түшкөндөй, майрам бүткөн сыяктуу. Жаңы жыл жаңы жылы менен, бирок ардеменин чеги бар дегендей...

1953-жылдын 5-январь күнү эртемененки саат ондо Боронду разъездине пассажир поезд токтоду. Алдындагы жол ачык, адатынча токтобой өтө берсе болмок, бирок токтоду. Токтогондо да бир жарым мүнөт гана токтоду. Кыязы ошо убакыт жетишерлик болсо керек. Бир фасондо ултарылган кара хром өтүкчөн үч киши бир вагондон түштү да, түз эле дежур бөлмөгө бет алды. Эки жакты карабай, унчугушпай ишенимдүү баратты. Кар кишинин маңдайына аялдашты. Аларды куттуктап турган фанердеги жазууну окушту, Казангаптын шелпейген эски малакайын карап коюшту. Ошону менен ары жөнөштү.

Көп өтпөй эшик шарт ачылып, разъезддин начальниги Абилов атып чыкты. Кар киши менен кагылышып кала жаздап, сөгүнүп алды да, андан ары шашып жөнөдү, анан чуркады. Антчү адаты жок эле. Он мүнөтчө убактан кийин энтигип кайра келатты. Ишинен тапкан Абуталип Куттыбаевди ээрчитип алган. Абуталип кубарыңкы, тумагы колунда жүрөт. Абилов экөө дежур бөлмөгө кирип кетти. Бат эле алиги хром өтүкчөн келгендердин экөөсүнүн коштоосунда кайра чыкты, барагына кетишти. Аздан соң аяктан кайра тартып келатышты. Хром өтүкчөн экөө Абуталипти эки жактан коштоп алган, колдорунда үйдөн ала чыккан кагаздар.

Анан жымжырт болду да калды. Дежур бөлмөдөн эч ким чыкпады, аякка эч ким кирбеди.

Бул окуяны Эдигей Үкүбаладан укту. Төртүнчү километрде жол ремонттоп жатышкан. Абиловду жумша-

ды деп, Үкүбала жетип барыптыр. Эдигейди четке чакырып алды:

– Абуталипти суракка алып атыры.

– Ким сурап атыры?

– Билбейм. Бирөөлөр келиптир. Абилов айтты, эгер такып сурай берсе, жаңы жылды тоскондо Абуталип, Зарипалар менен бирге болгонбуз деп айтпасын деди.

– Анын эмнеси бар экен?

– Билбейм. Ошону айтып кой деди сага. Саат экиде сени да келсин деди. Абуталип туурасында сенден сурап да бирдеме билмекчи окшойт.

– Эмнени билмекчи экен?

– Мен кайдан билем. Эси чыккан Абилов жетип келип ушуларды айтты, анан мен сага чуркадым.

Саат экиде Эдигей ансыз деле түштөнүүгө үйүнө барчу. Эмне болуп кеткенине жолдо баратып да, үйүндө отуруп да акылы жетпей койду. Жообун таппады. Илгерки туткунга түшкөнүбү? Аны алдагачан текшерип бүтпөдү беле. Дагы эмне? Жүрөгү кооптонуп дүрбөлөң басты. Кесмеден эки кашык араң ууртады да, түртүп салды. Саатын караса, экиге беш мүнөт калыптыр. Үйдөн чыкты. Дежурканын алдында аркы-терки басып Абилов жүрүптүр. Жүдөп, басынып бүтүп калыптыр.

– Эмне болуп кетти?

– Балээ, балээ, Эдике, – деп Абилов эшик тарапты кылчак-кылчак карап коюп, эриндери майда дирилдеп айтты. – Куттыбаевди камап салышты.

– Кай жазыгына?

– Кандайдыр бир тыюу салынган жазмаларды таап-тыр анын үйүнөн. Аны элдин баары эле билет эмеспи. Мына эми жазам деп жүрүп...

– Жазса балдары үчүн жазып жүргөн да.

– Билбейм, ким үчүн экенин, билбейм. Мен эчтеке билбеймин. Бар, сени күтүп отурушат.

Разъезд начальнигинин кабинет деп атала турган кичинекей бөлмөсүндө болжолдо Эдигей куруктуу, же балким андан жашыраак чыгар, отуздар чамасындагы москоолунан келген, чачын кирпи тикен кылып алдырган башы чоң киши отуруптур. Бирдеме окуп атат, окуган ойдун күчүнөнбү, кең таноо эттүү мурду нымшып чыгыптыр. Бийик кабагын бүркөп, жүзаарчысы менен мурдун сүрттү. Анан сөз бүткөнчө анда-санда нымшып кеткен мурдун арчып отурду. Столдо жаткан «Казбек» кутусунан бир папирос алып чыгып, салаасында тегеретип, түтүгүн каккылап коюп, тамызып тартты да, анан босогодо турган Эдигейди карады. Ителгинин көзүндөй саргыч чекир көзү кадала тиктеп, корс этти:

– Отур.

Эдигей столдун бери түбүндө турган табуреткага отурду.

– Эмесе эч кандай шек саноо болбосун үчүн,– деп ителги көз граждан кителинин төш чөнтөгүнөн күрөң белетин алып чыгып, ачып көрсөттү да, кайра эле жаап, «Таңсыкбаев» дедиби, же «Тысыкбаев» дедиби, айтор бирдеме булдурап койду. Ошо бойдон Эдигей анын фамилиясын да жөндөп эстеп кала албады.

– Түшүнүктүүбү? – деди ителги көз.

– Түшүнүктүү,– деди аргасыз Эдигей.

– Андай болсо ишке киришели. Сени Куттыбаевдин эң жакын досу дешет го?

– Андай болсо ажеп эмес.

– Андай болсо ажеп эмес,– деп ителги көз казбегин соруп коюп, түтүнүн шашпай үйлөп, ал ортодо оюн тактап жаткансыды. – Андай болсо ажеп эмес. Макул дейли. Түшүнүктүү. – Анан берер суроосуна болор жоопко алдын ала ырахаттанганы айнектей тунарып чекирее түшкөн көзүнөн көрүнүп, күрсүнө айтты: – Ии, жан достум, жазып атырыбыз дечи?

– Эмне жазып атырыбыз? – Эдигей кысына түштү.

– Ошону мен билгим келет.

– Сөз эмне тууралуу экенин түшүнбөдүм.

– Кантип эле? Ыя? Ойлонуп көрчү?

– Эмнени сурап атырысыз?

– Куттыбаев эмнени жазып жүрөт?

– Билбейм.

– Кантип билбейсиң? Баары билет, сен эле билбейсиңби?

– Бирдеме жазып жүргөнүн билем. Бирок эмне жазганын мен кайдан билейин. Аны менен ишим эмне? Жазгысы келсе жаза берсин. Кимдин иши бар?

– Кимдин иши бар дегениң кандай? – деп ителги көз силкинип алды да, октой тешип өтчү чечекейин кадады. – Демек, каалаган киши жаза берсин дечи? Муну сага ошол үйрөттү беле?

– Ал мага эчтеме үйрөткөн эмес.

Ителги көз анын жообун кулагынын сыртынан кетирди. Ал өзүнчө кыжырлана баштады.

– Душмандын агитациясы деген ушул! Көрүнгөн киши жаза берчү болсо эмне болорун ойлодуң беле? Ыя, ойлодуң беле эмне болорун? Анан көрүнгөн киши оюна келгенин оттоп айта баштаса ээ! Ушу керекпи сага? Мындай жат идеяларды кайдан алгансың? Жок, достум, ага биз жол бербейбиз. Мындай контрреволюция жарабайт!

Эдигей унчукпады, үстүнө жааган сөздөргө басынып, жапа чегип отурду. Тегерегинде баягы эле тирилик жүрүп жатканына таң калды. Эчтеме болбогондой баары өз-өз жайында. Терезени карап, Ташкент поезди өткөнүн көрдү. Анан элестеп кетти: вагондордо өз тиричилиги, муктаждыгы менен бараткан жүргүнчү кишилер, бирери чай, башкасы арак ичип бакылдашып кетип баратышат. Ушул учурда бу Боронду разъездинде Эдигей кайдан-жайдан пайда болгон мобу ителги көздүн сурагында отурганы менен ал бараткандардын кымындай иши жок, капарына кирип койбойт. Дежуркадан атып чыксам, узап бараткан поездди кууп жетип жармашып, жердин түбү болсо да кете берсем, иши

кылып ушерде отурбасам деп ойлоду да, көкүрөгү сыздап ооруп кетти.

– И, кандай? Суроонун маанисин түшүнүп жатасыңбы? – деп сурагын уланта берди ителги көз.

– Түшүнүп атырым, түшүнүп атырым,– деди Эдигей. – Бирок бир нерсени сурайын. Анын жазгандары балдарына арналган эскерме да. Фронтто, туткунда, партизанчылыкта жүргөндө башынан өткөндөрүн жазып койсом дейт. Мунун эмнеси жаман?

– Балдары үчүнбү? – деп тиги кыйкырды. – Ким ишенет мунуңа! Жерден боорун көтөрө элек балдарына эмне жазат? Кой сен жомогунду. Тажрыйбалуу душман ушинтип иштейт. Туңгуюкка кирип алып, тегерегинде көзөмөлдөгөн эч ким жок, эскерүүлөрүн жазып отурат да!

– Жазгысы келсе эмне кылсын, – деди Эдигей каяшалап. – Өзүнүн жекече сөзүн айткысы келгендир, кийин чоңойгондо балдарым окусун деп, өзүнөн чыккан ойлорун жазгысы келгендир.

– Кайдагы өзүнүн жекече сөзү? Ал эмне деген жекече сөз экен? – Жекиргендей баш чайкап, терең дем алды ителги көз. – Өзүнөн чыккан кандай ойлор ал, жекече сөзү деген эмне? Жекече көз караш дегенби? Өзгөчө, жекече пикири дегениңби? Эч кандай андай жекече сөз болбошу керек. Кагазга түшкөн соң ал жекече сөз эмес. Оозуң менен айтканды мойнуң менен тартасың. Көрүнгөн киши өзүнүн ойлорун айта башташы керек экен да, ээ? Анда эл кутуруп кетпейби. Мына, «Партизандык дептери», бу жалпы аты, а ичиндеги бөлүм атын карабайсыңбы: «Югославиядагы күндөр жана түндөр» дейт. Мына! – Ал столго клеенка тышталган үч калың жалпы дептер таштады. – Ээнбаштык! Сен болсо досуңду калкалап калгың бар. Биз бетин ачып койдук!

– Эмнеден бетин ачтыңар?

Ителги көз отурган стулунда козголуп алып, табасы кангандай жыргал менен тунарган көзүн ирмебестен

теше тиктеп, күрсүнүп койду да:

– Эмнеден бетин ачканыбызды, достум, бизге кой,– деп ар бир сөзүн таамайлап, тийгизген таасирине ырахат алып жатты. – Ал биздин иш. Көрүнгөн немеге жооп бере албайт экемин.

– Андай болсо кантейин,– деди аргасы түгөнгөн Эдигей.

– Колу менен жазган кастык эскерүүлөрүнүн азабын мойну менен тартат,– деп ителги көз бирдемени жаза баштады да, сүйлөй берди: – Мен сени акылдуураак го, биздин киши го деп ойлогом. Алдыңкы жумушчу. Мурдагы фронтовик. Душмандын бетин ачышка жардам берет го дегем.

Үрпөйгөн Эдигей акырын, бирок ортосаар кылбай так, баса айтты:

– Мен эчтемеге кол койбойм. Сизге азыр эле айтып коёюн.

Ителги көз жеп ийчүдөй акырая карады.

– Сенин колуңун бизге кереги жок. Сен кол койбой койсоң эле биздин иш жүрбөй калат дейсиңби? Жаңылышасың. Сенин колуңсуз эле досуңду сот жообуна тартууга далил болор материал бизде жетишерлик.

Басынып, ичи ачышып эңшерилип, Эдигей унчугa албай отурду. Аралдын түрүлүп келип жатчу толкундарындай болуп, ошол эле учурда кыжыры кайнап, мобу болуп жаткан жорукка каршы экени ичтен көтөрүлүп, толкуй берди. Мобу ителги көздү иттей муунтуп салгысы келди, ал колунан келерин да билип отурду. Баягы согушта муунтуп өлтүргөн фашисттин моюну алдаганча тарамыштуу, жоон эмес беле. Башка айла жок болчу. Ал экөө траншеянын ичинде карп-курп бет келишип калган. Биздикилер душманды коргонуу чегинен кууп чыгарып, сүрүп бараткан. Флангдан кирип, траншеяга гранаталарды ыргытып, өткөөл жерлерди автомат менен кайсап, душмандын коргонуу линиясын тазалап калышкан, эми андан ары согушуп жүрүп баратышкан.

Дал ошол учурда экөө сүзүшүп калса болобу. Кыясы ал пулемётчик болсо керек, окобунун мандай тушун аткылап, огун түгөткөн окшойт. Туткундап алса деле болмок. Оболу ошол ой кылт этти. Бирок тиги канжарын ала койду. Ошондо Эдигей башындагы каскасы менен тигини тумшуктан ары сүздү эле, экөө тең жыгылып түштү. Анан мойнуна асылгандан башка арга калбаган. Тигил ооналактап, кыркырап, түшүп калган канжарын издеп эки жагын кайсалап жатты. Мына азыр жонуна канжар матыраар бекен деп, Эдигей ого бетер очошүп, астында түнөрүп кара-көк тартып, оозу ачылып баратkан душмандын чемирчектүү кокосунан кычырата басып, жырткычтын күчү кошулгандан бетер күркүрөп муунта берди. Тигинин деми кысылып, сийдик жыттанып кетти. Эдигей карышып калган колун аран ачса, тим эле калтырайт. Жүрөгү айланып, кузуп жиберди. Көзү тунарып онтолоп, өз кузундусуна какап нары жылып кетти. Бул окуяны ал ошондо да, кийин да эч кимге айткан жок. Кээде түшүнө кирип, эртеси жаны жай таппай, кээде жашагысы да келбей кетчү... Эдигей азыр ошону эстеп жийиркенип, ичиркенип отурду. Мандайындагы ителги көз акылдуулугу жана митаамдыгы менен жеңип жатканын Эдигей түшүндү. Ал жазып бүткөнчө Эдигей анын айткан далилдеринин чабал жерин тапкысы келди.

– Мен бирдемеге акылым жетпей турат,– деди Эдигей толкундаганынан көмөкөйү кургап кеткенин байкап, бирок айтар сөздөрүн атайылап токтоо айтты: – Мына сен айтып отурасың... – Көшөкөрлөнүп не кылам, коркуп не кылам, Сары-Өзөктөн башка каякка айдамак эле мени деп, Эдигей тигини атайы «сен» деди. – Мына сен айтып отурасың,– деп дагы кайталады,– кастык эскерүүлөр деп. Муну кандай түшүнсө болот? Кастык же достук эскерүү деген да болчу беле? Менимче адам качандыр болгон, азыр өтүп кеткен окуяларды эскерет. Же жакшы нерсени эскер, жакпаган жаман нерсени

эскербе, унут дегениңби? Мындай жорук эч качан болбосо керек эле. Же бир түш көрсөң, аны эскерсе болобу? Эгер ал түш жаман түш болсочу, бирөөгө жакпаган түш болсочу?..

– Ии, карасаң муну! Коё кал катакөй ээ! – деп ителги көз таңыркай түштү. – Кеп-сөз билген немесиң го, талашкың бар го. Бул жердин философу сен болуп жүрбө. Болуптур, кана эмесе. – Ал күчүн топтоп, даярданып жаткансып, токтоп калды да, анан айтты: – Тарыхый окуя катары турмушта ар кандай нерселер болушу мүмкүн. Эмнелер гана болбоду дейсиң. Бирок эскергенде, эртегини оозеки же кагаз бетине сүрөттөп бергенде азыр талап кылынгандай, бизге керек болгудай кылып эскерүү керек. Бу жобону карманбасаң, анда кастык жолго түшкөнүң ошол.

– Мен макул эмесмин,– деди Эдигей. – Андай болушу мүмкүн эмес.

– Сенин макулдугуңа муктаж эч ким жок. Сөзүнө жараша. Сен сурадың, мен кенендик кылып айтып отурам. Болбосо сени менен сүйлөшүп отурууга мен милдеттүү эмесмин. Болуптур, сөздөн ишке өтөлү. Айтчы, Куттыбаев кайсы бир сырдашкан маектеби, же ичип олтурганда дейли, англис ысымдарын сага атады беле?

– Атап эмне кылат? – деп Эдигей чын ниетинен таңыркады.

– Эмне кылаты мына. – Ителги көз Абуталиптин «Партизандык дептерин» ачып, кызыл калем менен асты сызылган жерин окуду: «27-сентябрь күнү биз турган жайга англистин миссиясы келди – бир полковник, эки майор. Биз алардын алдынан парад өттүк. Алар биз менен саламдашты. Анан командирлердин чатырында жалпы түштөнүү болду. Түштөнүүгө югославиялык партизандардын катарында күрөшүп жүргөн чет элдик партизандардан беш-алты киши кылып бизди да чакырды. Мени полковник менен тааныштырганда ал колумду астейдил кысып, котормочу аркылуу мен каерден болом,

буякка кантип туш болдум, ушуларды сурап жатты. Мен кыскача айтып бердим. Мага шарап куюшту, алар менен кошо мен да ичтим. Анан дагы көпкө сүйлөштүк. Англистер ачык-айрым, жөнөкөй кишилер экен, ошонусу мага жагып калды. Биз Европада фашизмге каршы бириккенибиз чоң бакыт болуптур, полковниктин сөзү менен айтканда, кудайдын кудурети жардам бериптир деди. Ансыз Гитлер менен күрөшүү мындан да оор болмок, же мүмкүн, чачыранды элдер үчүн трагедиялуу болуп бүтмөк деди», дагы ушу сыяктуу. – Окуп бүтүп, ителги көз дептерди четке койду. Казбегинен дагы бирди тартып, түтүндү буркуратып отуруп айтты: – Демек, Европада башкасы болобу, партизаны болобу, канча далбас урушса да Сталиндин кеменгерлиги болбосо далбас урган боюнча жүрө бермексинер деп англис полковникке Куттыбаев каршы сөз айта алган эмес. Демек, жолдош Сталин анын оюнан чыгып кеткен! Эми түшүндүнбү?

– А балким, айтса айткандыр, жаза келгенде унутуп калгандыр,– деп Эдигей Абуталипти жактамыш этти.

– Кана ошентип жазганы? Далилдей албайсың! Бул гана дейсинби, биз Куттыбаевдин бу жазгандарын кырк бешинчи жылы Югославиялык партизан бирикмесинен кайтып келатып, текшерүү комиссиясынан өтүп жатканда берген түшүндүрмөлөрү менен салыштырып чыктык. Анда англис миссиясы эскерилбейт. Демек, бир балээси бар. Англис чалгыны менен байланышы жок деп ким күбөлүккө өтө алат!

Эдигейдин дагы жаны кейиди. Ителги көз эмнени эмнеге жамап, эмне чыгарганы турганын түшүнө албады.

– Куттыбаев сага эчтеке деген жок беле, англис ысымдарын атаган жок беле? Алиги англис миссиясындагылар кимдер болду экен, бизге ушуну билүү маанилүү.

– Алардын ысымдары кандай болот?

– Мисалга, Жон, Кларк, Смит, Жек...

– Туулганы мындайды уккан эмесмин.

Ителги көз түнөрө ойлонуп калды, кыязы Эдигейдин жоопторундагы бир топ нерселерге ыраазы болбой отурду окшойт. Анан алдыртан жылдырып суроо катты:

– Ал, эмне, буерде мектеп ачып, балдарды окутуп жүрдүбү?

– Кайдагы мектеп! – деп Эдигей эриксизден күлүп жиберди. – Эки уулу бар. Менин эки кызым. Болгон мектеби ушул. Улуулары беште, кичүүлөрү үчтө. Тегерегибиз эрме чөл, балдар алаксып ойноор жай жок. Балдарга тамга үйрөтүп, тарбиялап жүргөн. Канткен менен аялы экөө тең башта мугалим болуп иштеген да. Китеп окуп беришет, сүрөт тарттырат, эсеп үйрөтөт. Мектеп ушул.

– Кандай ырларды ырдашчу эле?

– Ар кандай. Балдардын ырларын... Эсимде да жок.

– Балдарды эмнеге окутчу? Эмнени жаздырчу эле?

– Тамгаларды. Кадимки эле сөздөрдү жаздырчу.

– Мисалга, кайсы сөздөрдү?

– Кайсы болмок эле. Эсте жок.

– Эсиңде жок болсо, мына! – Ителги көз кагаздардын арасынан балдардын колу чиймелеген дептердин барагын алып чыкты. – Мына алгачкы сөздөрү. – Бараkта баланын колу менен: «Биздин үй» деп жазылыптыр. – Көрдүңбү, баланын эң алгачкы жазган сөзү «биздин үй». Эмне үчүн «биздин жеңиш» деп жаздырбайт? Азыр балдардын адегендеги эле сөзү кайсы болуш керек, кана айтчы? «Биздин жеңиш» деген сөз болуш керек. Туурабы? Куттыбаевдин оюнда эмнегедир ал сөздөр жок. Эмне үчүн жок? Жеңиш менен Сталин ажырагыс!

Эдигей тайсалдап калды. Анын корунганы ушунчалык, эси жок балдар менен керээли кечке алпурушкан Абуталип менен Зарипаны жаны ачып аяганы ушунчалык кыжыры кайнап, тартынбай барк этти.

– Анчалык эле болсо эң биринчи болуп «биздин Ленин» деп жазыш керек. Кантсе да Ленин биринчи орунда турбайбы.

Ителги көз аптыгып деми токтой калды, анан өпкөсүндөгү түтүндү көпкө үйлөп жатып чыгарды. Ордунан турду. Бир топко басып жүргүсү бар, бирок тар бөлмөнүн каягына басат.

– Сталин десе тилибиз, Ленин дегени дилибиз! – деп ар бир сөздү бөлүп-бөлүп, баса-баса айтты. Чуркап эс алгандай жеңилдене дем алып, ылымталай айтты: – Болуптур, экөөбүздүн ортобузда бу сөз болгон жок деп эсептейли.

Ал ордуна отурду да кайрадан жанагы сустайган кейпине келип, ителгинин көзүндөй саргыч түстөгү көзү чекирейип калды.

– Куттыбаев балдарды интернатка окутууга каршы чыккан деген маалымат бар бизде. Ал ушинтип айтканда сен бар турбайсыңбы, Эмне дейсиң?

– Бу маалымат кайдан? Ким берген мындай маалыматты? – Эдигей таң калды да, бир кадик ой кылт этти: муну жеткирген разъезддин начальниги Абилов экен, баарын айтып берген ошол тура, алиги сөз да Абиловдун көзүнчө болгон.

Эдигейдин суроосуна ителги көз кадимкисиндей ачууланып алды:

– Бери кара, мен сага айтпадымбы: кайдан келген маалымат, кандай маалымат экени биздин иш. Биз эч кимдин алдында жоопкер эмеспиз. Эсинде болсун. Айт эми, ал эмне деди эле?

– Эмне демек эле? Эстеш керек. Разъезддин эң кары жумушчусу биздин коңшубуз Казангаптын уулу Кумбелдеги интернатта окуйт. Өспүрүм бала, бейбаш болуп бараткан окшойт, ар кимди алдайт көрүнөт. Сентябрь алдында баланы дагы окууга жибериш керек болуп калды. Атасы төөгө учкаштырып алып кетти. Энеси, Ка-

зангаптын аялы Бүкөй ыйлап-сыктады, интернатка барганы бөтөн боор болуп кетти дейт. Ой-санаасы үйгө байланган баягы балам эми башка, баштагыдай ата-энени урматтоо деген да жок дейт. Чала сабат аял да. Албетте, баланы окутуш керек, анан ал алыста...

– Болуптур, – деп ителги көз сөздү бузду. – Ошондо Куттыбаев эмне деди?

– Ал да арабызда турган. Эненин жүрөгү баланын тетири жолго түшүп баратканын сезип жатат деп айтты. Интернатка окутуу деген айла кеткендин жумушу. Интернат баланы үй-бүлөдөн, ата-энеден тартып алат, анткен жок, алыстатат деди. Бул абдан татаал маселе деди. Ага да, башкаларга да, баарыга татаал маселе деди. Башка арга жок болсо эмне кылмак элек. Мен түшүнөм. Биздин балдар да чоңоюп келатат. Интернатты ойлосоң эмне болот деп эмитен жаның ачышат. Албетте, жаман...

– Аны анан, – деп ителги көз сөздү токтотту. – Демек, советтик интернат жаман деген турбайбы?

– Ал «советтик» деген жок. Жөн эле интернат деген. Биздин балдар окуган интернат Кумбелде. «Жаман» деп мен айткам.

– Ал маанилүү эмес. Кумбел Советтер Союзунда.

– Кандайча маанилүү эмес? – Тиги чаташтырып жаткан ына Эдигейдин жини кайнап кетти. – Адам айтпаган сөздү эмнеге жамайсыңар? Мен да ошол эле пикирдемин. Мен өзүм разъездде эмес, башка жерде жашасам, балдарымды өлүм-барым интернатка бербес элем. Мына ушундай менин оюм. Демек мен?..

– Ойлон, ойлон! –деди ителги көз сөздү токтотуп. Анан ойлоно калып, улантты: – Та-ак, ошентип жыйынтыгына келсек. Демек, ал коллективдүү тарбияга каршы турбайбы, туурабы?

– Эч кандай каршы эмес! – деп Эдигей чыдай албады. – Эмне үчүн жалаа жабасыңар? Ушундай да шумдук болобу?

– Кой, кой, токтот, – деп колун силкип, ителги көз түшүндүрүп отургусу келбеди. – Сен андан көрө эми муну айтчы, «Дөнөнбай куш» деген дептер эмне дептер? Куттыбаев айтат, Казангаптын оозунан, анча-мынчасын сенден жазып алгам дейт. Ошондойбу?

– Так ошондой,– деп Эдигей жанданды. – Сары-Өзөктө илгери бир окуя болгон имиш, эл оозунда улама болуп калыптыр. Мобу жакта наймандардын көрүстөнү бар, бир кезде наймандардыкы экен, азыр жалпы, Эне-Бейит деп коёт, ошерге Найман-Эне коюлган экен. Ал киши маңкурт болгон өз уулунун колунан өлүптүр...

– Болуптур, жетишет, муну биз окуп чыгабыз да, куш канатынын астында эмне деген ой бекилип жатканын көрөбүз,– деп ителги көз дептерди баратай берди да, мамилесин билдиргендей оюн жарыя айта берди. – Дөнөнбай куш дечи... ойлоп тапкандарын кара. Адам атындагы куш имиш. Жазуучу, жазуучу деп койсо.., жаңы Мухтар Ауэзов чыккан тура ээ. Жазганы феодалдык эски заман. Дөнөнбай куш, хм. Бизди түшүнбөйт деп ойлосо көрек... Балдарга демиш болуп, буерде алдыртан жаза берген тура. Бул эмне? Муну да балдар үчүн дейсиңби? – Ителги көз клеенка тышталган дагы бир дептерди Эдигейдин бетине кармады.

– Бул эмне? – деп түшүнбөдү Эдигей.

– Эмне? Сен билишиң керек. Мына атын кара: «Раймалы-аганын ини си Абдилханга айтканы».

– И туура, бу да улама,– деп баштады Эдигей. – Бул болгон иш. Эски кишилер бу тарыхты жакшы билишет...

– Кабатыр болбо, мен да билем,– деп ителги көз сөздү бөлө чапты. Чет-жакасын уккам. Алжыган картаң чал он тогуздагы жаш кызды сүйүп калат. Анын эмнеси жакшы? Бу Куттыбаевиң, жалаң душман эмес, демек моралдык жагынан да бузулган неме турбайбы. Карасаң жанагы былжыракты аябай тыкандап жазып алыптыр.

Эдигей кызарып кетти. Уятынан эмес. Жаны кашайгандан, анткени Абуталипке мындан ашкан ади-

летсиз күнөө коюш мүмкүн эмес эле. Калчылдап араң карманып айтты:

– Сен билип кой, сен кандай чоң экениңди билбейм, бирок Абуталипке алигидей жалаа жапчу болбогун. Кудай ар бир эркекти ушундай ата, ушундай ак эр кылса, бейишке чыкмакпыз. Кандай деп четтен сура, баары ушуну айтат. Буерде жашагандарды салаалап санаса болот, бири бирибизди беш колдой билебиз.

– Болуптур, болуптур, кызаңдаба,– деди ителги көз. – Башыңарды айлантып салган тура. Душман дайыма түрүн өзгөртүп жүрөт. Биз анын бетин ачабыз. Болду, бошсуң, бара берсең болот.

Эдигей ордунан турду. Тумагын кийип атып, кылчактап калды.

– Эми ал эмне болот? Кантет эми? Ушундай жазма үчүн адамды камай берген жарайбы?

Ителги көз чекирейип ордунан обдула берди.

– Эй, мен сага дагы айтам: бу сенин ишиң эмес! Душманды кай жазыгына куугунтуктап, эмне кылыш керек, кандай жазага тартыш керек, аны биз билебиз! Сенин башың катпай эле койсун. Өз жолуңду бил. Бар!

Ошо күнү эл орунга отурган кечте Боронду разъездине пассажир поезд дагы токтоду. Бу жолкуда поезд башка багытка бараткан. Бу жолу да аз турду. Үч мүнөттөй.

Поезддин келерин күтүп биринчи жолдун мизинде караңгыда Абуталип Куттыбаевди алып кетип бараткан алиги хром өтүкчөн үчөө турду. Абуталипти далдалаган үчөөнүн уңкуйган далысын тиктешип, артта Бороңдулуктар турат: Зарипа балдары менен, Эдигей менен Үкүбала, анан дагы разъезддин начальниги Абилов. Ал өзүнөн өзү карбаластап, поезд жарым саатка кечигээрин билген соң өзүнөн өзү кыжынып артта аркы-терки басат. Эмнеге антет, поезд кечиксе анын жазыгы кайсы? Жөн эле тура бербейби. Балакеттүү уламалардын, Абуталиптен табылган уламалардын айынан сурактан өткөн Казангап ушу тапта жол тоомунда. Абуталипти Сары-

Өзөктөн алыс алып кетчү поездди ал бүгүн өз колу менен жолуна салат. Бүкөй үйдө Эдигейдин кыздарын карап калган.

Тиги өтүкчөн үчөө шамалдан калкаланып жакаларын көтөрүп, Абуталипти береги тургандардан далылары менен бөлүп, түнөрө унчугушпайт.

Шамал шабырлатып кар тозоңун учуруп, саал ышкырып турат. Кыязы борошо болчудай. Сары-Өзөктүн түнөргөн асманында караңгы түн уюлгуп, муздак толкуп турду. Жүдөгөн, адашкан ай жалгыз бозомук так болуп, кумсарып араң көрүнөт. Аяз жаак-бетти жалмалайт.

Зарипа күйөөсүнө берип жиберүүгө ала келген кийимин, азык салган түйүнчөгүн кармап, ичтен сызып ыйлап турат. Үкүбаланын оозунан бурап чыккан калың буу үшкүрүнүп турганын айтат. Ал тонунун этегине Даулду катып алган. Даул бирдеме сезген белем, титиреп унчукпайт да, Үкүбалага корголоп жабышат. Баарынан да Эдигей шамалдан калкалап көтөрүп турган Эрмек каңырык түтөтүп кыйнап салды. Бу наристенин эчтемеден шеги жок.

– Атика, атика! – деп атасын чакырат. – Кел бери, бизге кел. Биз да сени менен барабыз!

Баласынын үнүн укkан Абуталип селт этип алат, кылчайып бирдеме айтайын дейт, бирок антүүгө уруксат беришпейт. Үчөөнүн бири чыдабай кетти:

– Бул жерге турбагыла! Уктуңарбы! Нары кеткиле, анан келерсиңер.

Аргасыз кетенчиктеп кетишти.

Аңгыча алыстан паровоздун жарыгы көрүндү. Баары ордуларынан козголуп калды. Зарипа кармана албай үн чыгара ыйлап ийди. Аны коштоп Үкүбала да ыйлады. Мобу жакындап келаткан поезд алыстатып ажыратуу апкелаткан. Мандай жарыгы аяздуу каалгыган калың катмар караңгы абаны сүрө тешип, эки капта-

лында уюлгуган туман коштоп, айбаттуу зор караан күркүрөп-шаркырап жутунуп кирип келатты. Жакындаган сайын паровоздун жарыктары өйдөлөй соймоңдоп, жарыктын тилкесинде кар тозоңу көзгө көрүнө уюлгуп, шарактаган доош күчөп, күбүн[1] бышкан бишкектей поршендери кирип-чыгып, жер силкинип турду. Мына поезддин сөлөкөтү да дааналана баштады.

– Атика, атика! Карачы, поезд келатат! – деп Эрмек кыйкырды да, атасынын жооп бербегенине таңыркагандай унчукпай калды. Анан кайрадан атасынын көңүлүн бургусу келди:

– Атика, атика!

Күйпөлөктөгөн разъезд начальниги Абилов тигил үчөөнүн жанына барды:

– Почта вагон составдын башында болот. Суранам, жүрүңүздөр, алдыга басалы, Те тыякка.

Баары көрсөтүлгөн багытка тез-тез басып жөнөштү. Поезд арттан жетип келатты. Алдыда эч жакка кылчайбастан портфелчен ителги көз баратты, анын артынан Абуталипти коштоп кең далылуу эки жардамчысы, алардан саал арттараак алдастап Зарипа, анын соңунан Даулду жетелеген Үкүбала жете албай барат. Эрмекти көтөргөн Эдигей арттараак чет капталда. Аялдар менен балдардын көзүнчө ыйлап жиберүүдөн тартынып, тамагына кептелген ачуу тоголоктун айласын таппай барат.

– Сен эстүү баласың да, Эрмек. Эстүүсүң, ээ? Сен эстүүсүң, ыйлабайсың, макулбу? – деп баланы бооруна кысып, чалды-куйду сүйлөп барат.

А ортодо поезд жүрүшүн жайлатып, токтор жерине жетти. Паровоз жандай берип, дагы алдыга жыла түшүп, шуулдата буу бүрккөндө бала коркконунан силкинип алды. Кондуктордун кулак кезеген ышкырыгы угулду.

---

[1] к ү п – бир нерсени бышуу үчүн керектелчү булгаары идиш, мис., сабаа, чанач.

– Коркпо, коркпо, – деди Эдигей. – Мен сени менен баратканда эчтемеден коркпо. Мен дайым сени менен болом.

Поезд көпкө качырап барып токтоду. Кар тозоңу менен бубак каптаган, жарым-жартылай муз алганга терезелери олурайып көрүнгөн вагондор токтогон ордуларына катып калды. Жымжырт боло түштү. Анчыча паровоз кайра козголушка камынып, ышкырта буу чыгарды. Паровоздон кийин багаж вагон, анан почта вагон эле. Терезелери темир торлуу, эки кабат эшиги орто боорунда. Эшиктери ичинен ачылды. Почтанын форма шапкесин кийген, пахта шымчан, купайкечен бир эркек, бир аял баш бакты. Фонарь кармаган аял чоңу болсо керек, көкүрөктүү, эткел неме экен.

– Бу силерсиңерби? – деп, жарык баарына тегиз тарагыдай кылып фонарды башына тушташ кармады. – Түшкүлө. Ордуңар даяр.

Биринчи болуп чоң портфельчен ителги көз көтөрүлдү.

– Кана, болгула, болгула, кармабагыла! – деп шаштырып жиберди берки экөө.

– Мен жакында кайра келем! Бу жаңылыштык болсо керек! – деп Абуталип аптыга айтты. – Тез эле келем, күткүлө!

Эмне болуп кеткенин түшүнбөй алаңдап коркуп турган балдарын бооруна кысып өпкүлөп, бирдемелерди айтып жатканын көргөндө Үкүбала чыдай албай чыңырып ыйлап жиберди. Паровоз күшүлдөп камынып калган. Коштошуу алиги аял кармаган фонардын жарыгында болуп жатты. Ушул учурда составды бойлой бирөө жүгүрүп келатты, жанды көзөп өткүдөй ачуу ышкырып келатты.

– Болду, давай-давай, түш! – деп Абуталипти тепкич өөдө тарткылашты.

Эдигей менен Абуталип аягында кыса кучакташып, тикендүү, ным жаактарын басышып, биринин ичинде-

гисин бири жүрөгү, бүт тулкусу менен сезип, көз ирмемге туруп калышты.

– Балдарга деңиз тууралуу айта жүр! – деп шыбырады Абуталип.

Анын эң акыркы сөзү ушу болчу. Эдигей түшүндү. Атасы балдарына Арал деңизинин уламаларын айта жүр дегени.

– Болду эми, жетишет, давай түш, бол дейм эй, давай! – тигилер экөөн эки жакка ажырата түртүп салышты.

Артынан мүрү менен жөөлөшүп, тиги экөө Абуталипти вагонго киргизишти. Ажырашуунун коркунучтуу түшүнүгү балдарга эми жетти. Экөө тең чыңырып ыйлап жиберишти.

– Атика! Ата! Атика! Ата!

Эдигей чочуп кеткенсип Эрмекти көтөргөн бойдон вагонго жулунду.

– Сен кайда? Сен кайда? Кудайыңды карасаң! – деп таркылдап алиги фонарь кармаган аял кире беришке ийинин тосо Эдигейди бар күчү менен көкүрөктөн түртүп күлөп жатты. Балдар чыңырып ыйлаганда жаны кашайып кеткен Эдигей Абуталип менен кошо камалып кетсе да кайыл болуп, жолдо жанагы ителги көздү муунтуп көксөөсүн суутууга жандан кечип койгонун тургандар байкас албады.

– Буерге турбагыла! Кеткиле, алыс кеткиле! – деп фонарь кармаган катын таркылдайт. Тамекинин жыты сиңген оозунан пыяз менен дагы бирдеменин каңырсык ачкыл жыты Эдигейди бетке жаба урду.

Зарипа колундагы түйүнчөгүн унутуп калыптыр.

– Мобу азыгы, берип коюңузчу,– деп вагонго ыргытты.

Почта вагондун эшиктери жабылды. Баары тынчый түштү. Паровоз үн салып коюп, ордунан козголду. Чирене тартып, дөңгөлөгү кежирлене айланып, анан улам ылдамдай жөнөдү.

Боröндулуктар эриксизден поезддди кошо ээрчип, тумчулай жабылган вагонду жандай басты. Үкүбала эстей коюп, Зарипаны кармады, бооруна кысып коё бербей турду.

– Даул, кетпе! Тур, ушерде тур! Апаңды колунан ал! – деп жанынан улам тездеп тегеренип шакылдап өтүп жаткан дөңгөлөктөрдүн доошун баса бек айтты.

Эрмекти көтөргөн Эдигей поезддди коштой жүгүрдү, акыркы вагон куйругун кызартып узай бергенде араң токтоду. Поезд кетти доошу алыстап, кыймылы кошо кетти... жарыктары бозоруп барып өчтү. Паровоздун акыркы узата кыйкырганы угулду...

Эдигей артына кайра басты. Ыйлаган баланы көпкө соорото албады...

Үйүнө келгенден кийин союл жеген немеден бетер мештин түбүндө уңкуюп отуруп, Эдигей түн жарым ченде Абиловду эстеди. Ордунан туруп, кийине баштады. Үкүбала сезе койду.

– Сен кайда? – деп эрин жеңден алды. – Чекесине чертип көрчү болбогун! Аялы ана тубат, мына тубат болуп турса. Анан калса сенин кандай акың бар? Эмне далилиң бар?

– Капа болбо, – деди Эдигей жайма-жай. – Мен ага тийбеймин, бирок бул жерден кеткени дурус болорун ал да сезсин. Ишенип кой, кол көтөрбөйм. Ишен дейм! – деп ал колун тартып алып, чыгып кетти.

Абиловдун терезеси жарык экен. Демек али ойгоо.

Жалгыз аяк жолдо карды кычыратып, Эдигей эшик алдына келди да, муздап калган каалганы катуу какылады. Эшикти Абилов ачты.

– А, Эдике, кир, кир, – деди да, кубара коркуп кеткенсиди.

Эдигей уюлгуган бууну ала кирди. Оозго токтоп, артынан эшикти жапты.

– Бу байкуштарды эмне жетим калтырдың, сен? – деди токтоо сүйлөөгө тырышып.

Абилов тизелей жыгылып, төрт аяктап келип Эдигейдин чолок тонунун этегине жабышты.

– Кудай урсун, мен эмесмин, Эдике! Калп айтсам, мына катыным кара басып төрөттөн өлсүн, – деп, алайып коркуп турган аялын карап жаман карганып жиберди, шашып чалды-куйду сүйлөдү: – Кудай уруп кетсин Эдике, мен эмесмин. Кантип ошентейин! Муну кылган баягы ревизор! Эстечи. Эмне жазып атат, эмне үчүн жазып атат деп жадатып эле сурай берчи. Ошол ревизордун колунан келди. Мен кантип ошентейин! Мына катыным төрөттөн өлсүн. Жана поезд күтүп турганда жер жарылса түшүп кетсем деп, жанымы коёр жай таппай кайсалабадымбы! Ошол ревизор жанды койбой сурай берчү, сурай берчү, анын арам оюн мен кайдан билейин... Билген күндө да...

– Болуптур,– деп Эдигей сөзүн бөлдү. – Тур, кишидей сүйлөшөлү, аялыңын көзүнчө. Аман-эсен төрөп алсын. Аны оозго албайлы. Сен суудан таза, сүттөн ак болгон күндө да... Сага каерде жашоо баары бир эмеспи. Биз болсок олөр өлгүчө ушерден кете албайбыз. Ойлонуп көр. Шарты келгенде башка ишке которулуп алганың оң го. Менин кеңешим ушул. Айтарым да ушул. Бу сөзгө кайра кайрылбайбыз. Ушуну айтайын деп келгем, болду...

Эдигей эшикти жаап, сыртка чыкты.

## IX

Тынч океандын Алеуттан түштүгүрөөк жагында алдагачан түш ооп кеткен. Мурдагыдай эле океан саал толкуп турат, көз жеткен суу мейкини ак баржактанып, толкун артынан толкун түрүлүп, көмкөрүлгөн асмандын бу жээгинен тиги жээгине чейин суу табиятынын кыймылы жүрүп жатты. «Конвенция» авианосеци толкун үстүндө саал чайпалып коюп турат. Ал мурдагы эле ордунда, аба боюнча Сан-Франциско менен Влади-

востоктун дал ортосунда. Эл аралык илимий программанын кемесиндеги баардык кызматтар аракетте дайым даяр болуп, кулак түрүлүү, көз ачык.

Эге жарыгынын системасынан Жерден тышкаркы цивилизациянын ачылганы натыйжасында пайда болгон чукул абалды текшерүү үчүн чогулган өзгөчө полномочиелүү комиссиялардын авианосец бортундагы атайын кеңешмеси бул убакта аяктап калган. Ээнбаштык кылып бөтөн планеталыктарды ээрчип кеткен 2–1 жана 1–2 паритет космонавттар али да Токой-Төш планетасында. Орбиталык «Паритет» станциясынын радио байланышы аркылуу аларга Бирбашбордун өзгөчө көрсөтмөсүнө чейин эч кандай аракет жасалбасын деген үч жолку эскертүү жиберилген.

Бирбашбордун мынчалык катаал талабы акыйкатта акылдардын алдастаганын гана эмес, кызматташтыктын үзүлүшүнө, атүгүл ачык конфронтацияга алып барчу эки тараптын ортосундагы карама-каршылыктардын курчушунун, аябагандай татаал, токтоосуз күчөп бараткан ситуациянын чагылышы болуучу. Жакында эле улуу өлкөлөрдүн илимий-техникалык күч-кубаттарынын интеграцияланыш кызыкчылыгында эки тараптын жакындаштырып турган «Демиург» программасы өзүнөн-өзү экинчи планга сүрүлүп кетти да, жерден тышкаркы цивилизациянын ачылышына байланыштуу күтүүсүз пайда болгон супер проблемалардын алдында өзүнүн мурдагы маанисин жоготуп салды. Комиссиялардын мүчөлөрү бир нерсени даана түшүндү: эч качан болуп көрбөгөн, эчтеме менен салыштыргыс бул ачылыш бүгүнкү дүйнөлүк коомдун негизин, кылымдардан кылымга муундардын аң-сезиминде иштелип чыккан, эреже катары колдонулуп келаткан, келечекке сунуш этилген жашоо эрежелеринин баардык түрлөрүнүн жалпы жыйындысын катуу сыноого алып олтурат. Жер дүйнөсүнүн бүтүндөй коопсуздугу туурасындагы тынч-

сызданууну туудуруп турган мындай абалда тобокел ишке ким бара алмак.

Тарыхта ар качан кризис учурларда болуп келе жаткандай бул жолу да Жердеги коомдук-саясы системалардын түпкүлүк карама-каршылыгы баардык күчү менен чыга келди.

Маселени талкуулоо кызуу дебатка өттү. Көз караштардын айырмачылыгы, маселеге болгон мамилелердин айырмачылыгы бара-бара позициялардын келишкис мүнөзүнө айланды. Сүйлөшүүлөрдүн күүсү улам күчөп кагылышууга, өз ара коркутууга, кокус контролдон чыгып кетсе дүйнөлүк согушка түртүп жиберер конфликттерге алып баратты. Окуянын мындай болуп жалпы баарыга коркунучтуу багытта өнүгүшүн аңдаган ар бир тарап аша чабуудан карманып, токтоолук кылып турушту. Эки тарапты токтоолукка кармаган дагы бир фактор, ал – Жерден тышкары цивилизация ачылгандыгы тууралуу кабар жалпы адамзатка жарыя болсо жер үстүндөгү аң-сезим жарылып кетиши мүмкүн,– мына ушуну каалабагандык, тагыраак айтканда, ушунун коркунучу болду... Андай болгондо аягы эмне менен бүтөрүн эч ким кесе айта албайт.

Акыры акыл жеңди, эки тарап аргасыздан, бирок баары бир аябай тең балансташтырылган компромисске келишти. Ошого байланыштуу орбиталык «Паритет» станциясына Бирбашбордун коддоштурулган мындай радиограммасы жөнөтүлдү:

«1–2 жана 2–1 контролер космонавттарга. Силерге милдет: «Паритеттин» борт системаларынын жардамы аркылуу Күн Галактикасынан тышкары «Эге» деп аталган жарыктыктын системасындагы Токой-Төш планетасында жүргөн 1–2 жана 2–1 паритет космонавттар менен токтоосуз радиоконтакт түзгүлө, аларды тезинен төмөнкү чечим менен кабардар кылуу зарыл: 1–2 жана 2–1 паритет космонавттар ачкан Жерден тышкаркы цивилизация туурасындагы информацияларды эки тарап-

тын изилдеп чыгып, ортого салган жыйынтыктарынын негизинде Бирбашбор экинчи кайра каралбай турган мындай бүтүмгө келди:

а) Жер цивилизациясына ылайыксыз жандар катары мурдагы 1–2 жана 2–1 паритет космонавттар орбиталык «Паритет» станциясына, төтөн Жерге кайтып келишине жол берилбесин;

б) жердеги адамзат коомунун бүгүнкү өнүгүш өзгөчөлүктөрүнө өтө зарыл таламдарына жана тарыхый тажрыйбасына сыйышпастык катары Токой-Төш планетасынын жашоочуларына алар менен биз эч кандай байланыш түзө албайт экенбиз деп жарыя кылынсын;

в) «Трамплин» орбитасындагы орбиталык «Паритет» станциясына бир жолку келгендери сыяктуу пайда болууну экинчи жана мындан ары болтурбас үчүн мурдагы 1–2 жана 2–1 паритет космонавттарга жана алар менен байланышта болгон бөтөн планеталыктарга жерликтер менен байланыш түзүүгө, төтөн Жердин тегерегиндеги сферага кирүүгө аракет кылышпасын деп эскертилсин;

г) бөтөн планеталык учар аппараттардын кокус кирип келишинен Жер айланасындагы космостук мейкиндикти изоляциялоо максатында тезинен «Кырчоо» операциясы деп аталган атайын транскосмостук режим курулганын Бирбашбор жарыялайт: «Кырчоо» операциясынын милдети: Жер шарынын космосуна жакындап келаткан кандай нерсе болбосун ядролук-лазердик нур менен талкалап жок кылууга эсептелген согуштук ракета-роботтордун сериясы берилген орбиталарында ар дайым учуп жүрүүгө программалаштырылган;

д) бөтөн планеталык жандар менен өз бетинче контакт түзгөн мурдагы паритет космонавттарга билдирилсин: жерликтердин өрнөктүү болуп калган геосаясы структурасынын коопсуздугу жана аны сактоо максатында алар менен эч кандай байланыш болушу мүмкүн

эмес. Андыктан бул болуп өткөн окуя жана аны кайталабоо үчүн көрүлүп жаткан чаралар айрыкча жашыруун сакталат. Ошол максатта «Паритет» станциясынын орбитасы токтоосуз өзгөртүлөт, станциянын радиобайланыш каналдары жаңыдан коддоштурулат;

е) Жер шарын тегерете курчаган «Кырчоо» зонасына жакындоо опурталдуу экендиги бөтөн планеталыктарга дагы бир жолу эскертилсин.

*Бирбашбор. «Конвенция» авианосецинин борту.*

Ушундай сактык чараларын көрүү менен бирге Бирбашбор Икс планетасын өздөштүрүү үчүн курулган «Демиург» программасын бүтүндөй белгисиз убакытка чейин токтотуп коюуга аргасыз болду. Орбиталык «Паритет» станциясын, айлануунун башка параметрине өткөрүү жана аны күндөлүк космостук байкоолор үчүн пайдалануу белгиленди. Кооперативдик илимий-изилдөө «Конвенция» авианосецин сактап туруу үчүн нейтрал өлкө Финляндия берилди. Алыскы космостогу «Кырчоо» системасына учуруулар жүргүзүлгөндөн кийин баардык паритет кызматтар, баардык илимий жана административдик кызматчылар, баардык жардамчы кызматтар Бирбашбордун ишинин токтоп калуу себептерин өлөр өлгөнчө оозуман чыгарбайм деген тилкатка кол коюп анан тарап кетүү чечим болду.

Жалпы коомчулукка болсо Икс планетасында дагы чоң изилдөөлөрдүн жана коррекциянын зарылчылыгынан «Демиург» программасы боюнча белгиленген иштер белгисиз убакытка токтотулду деп жарыялоону туура табышты.

Баары бышыра ойлонулду. «Кырчоону» жер шарынын айланасында экстрендүү түрдө чыгарар замат баары ишке ашырылуусу керек.

Мунун алдында, комиссиялардын кеңешмеси бүтөрү менен баардык документтер, баардык шифровкалар,

мурдагы паритет-космонавттардын берген баардык информациясы, баардык протоколдор, баардык пленкалар жана бул кайгылуу окуяга тиешеси бар баардык кагаздар жок кылынды.

Тынч океанда Алеуттан түштүгүрөөк жакта күн кеч кирип баратты. Аба ырайы мурдагыдай эле дурусураак. Бирок океандын толкундоосу күчөп келатат. Толкундардын күр-шары кадимкисиндей угула баштаган.

Өзгөчө полномочиелүү комиссиялардын мүчөлөрү кенешме бүтөрү менен самолётторго чыгышын авиаканаттардын кызматы чыдамсыздык менен күтүп жатышты. Мына алар да чогуу чыкты. Коштошушту. Жарымы тиги самолётко, жарымы бу самолётко түшкөнү бет алышты.

Авианосецтин чайпалып турганына карабай учуу жакшы өттү. Лайнерлердин бири – Сан-Франциского, экинчиси карама-каршы тараптагы Владивостокко бет алды.

Шамалы жууп турган Жер өзүнүн түбөлүктүү айланма жолунда сүзүп барат... Жер сызып барат... Ченемсиз кыйырсыз Ааламда ал кичинекей бир тоголок кум. Андай томолок кумдар дүйнөдө сансыз көп. Бирок ошо Жер планетасында гана адамдар болгон экен, бар экен. Колунан келишинче, акылы жетишинче жашап жаткан экен. Кээде кызыкчылыгы артып, башка жайларда да аларга окшош жандар бар болду бекен деп кыял агытышат. Талашып-тартышып, жоромол куруп, умтулгандан умтулуп отуруп айга барып конуптур, автомат аппараттарын асмандагы башка томолокторго учурушат, бирок ар качандан бир качан Күн системасынын аймагында аларга окшош эч ким, эчтеме жок экенине, деги эле эч кандай тирүүлүк жок экенине көзү жетип, капа болушат. Анан алар анысын кайра унутуп салышат. Анткени асман эмес жердеги турмушун ондой албай, өз ара мамилесин ырастай албай, жашоого нан та-

быштын өзү кыйынга туруп, жаналакетте боло беришет... Бир тобу асмандан бирдеме издегенди деги эле биздин иш эмес деп эсептешет...

Жер болсо өз калыбында сызып кетип барат.

* * *

Ошол январь бүтүндөй күндүн көзү ачылбай боз мунарык басып, чыкыроон аяз тиштеп турду. Мынча суук Сары-Өзөккө кайдан келген! Поезддердин буксалары тоңуп, вагондору аяздын катуулугунан көгала түстөнө муздап өтөт. Баарынан укмушу – кара май болуп жүрүүчү нефти куйгуч цистерналар разъездге келип токтоп калса, карасаң бүт эле бубак менен тозоң жабышкан алагөк цистерналар. Аларды кайра ордунан жылдырыш тозок. Экиден чиркелген паровоздор итенип жатып, тоңуп калган дөңгөлөктөрдү араң айлантат. Вагондорду рельсалардан жулуп алып жаткан паровоздордун ошол күчүркөнө итенгени аяздуу абада алыска угулуп, темирлердин калдырт-шалдырты жаңырып турат. Атүгүл түнкүсүн Борондунун көнүп калган балдары да ошол күршар добуштан чочуп ойгончу болду.

Ал аз келгенсип жолду күрткү басмай башталды. Какаганга-муштаган. Өчөшкөндөй шамалы кутурду. Сары-Өзөктө шамал жыргап ойноп калат эмеспи, бурганак кайдан согорун билип болбойт. Жаны кашайган Борондулуктардын оюнча бурганак шамал карды атайылап темир жолго айдап жаткансыйт. Кичине эле өткөөл тапса ошерге кар уюлгутуп, темир жолду күрткүгө тиштетип кетет.

Эдигей, Казангап, дагы үч жол жумушчусу болуп эртеден кечке кылган иши жол тазаламай: разъезддин карамагындагы жолдун бир тигил учун күрткү басат, бир бул учун, же дагы бир жерин. Төө чийне ишке жарап атты. Күрткүнүн үстүнкү катмарын чийне менен тарттырып, жолдон чыгарып салышат да, калганын кол менен күрөктөшөт. Эдигей Каранарды аябады, кирер

маалындагы албууттанткан күчүн ушуга зарп кылсын деп, өзүнө тете дагы бир төөнү жанаша кошуп, шапалакка алат. Туура кармалган тактанын артында салмоору бар, аны басып өзү туруп алат, салмагы менен тактаны күрткүдө матырып жүрөт. Эки төө каткан күрткүнү конторуп кетет. Мындан башка амал а кезде жок болчу. Заводдон атайы кар тазалагычтар чыгып жатыптыр, локомотивдин тумшугуна байлап алып, күрткүнү эки жакка сүрүп кете берет экен деген сөздөр болуп калат. Жакында ошондой машине беребиз деген да убада сөз болду, бирок али убада куру сөз боюнча калып келатат.

Жайкы эки ай ысыкта мээ кайнап кетти эле, эми аяздуу абадан илеп тартып дем алышка болбойт, өпкөңдү жарып кетчүдөй. Ага болбой поезддер жүрүп жатты, ишти токтотуп коюш жок. Эдигейдин сакалы арбайып өстү, ар-ар жеринен жылт этип ак аралаганын биринчи көрдү, уйку канбай көзү канталап көк шишик, өңүн күзгүдөн кароо коркунучтуу – чоюн бет болуп калган. Чолок тону үстүнөн түшпөйт. Анын сыртынан баш жапкычы бар брезент плащ. Бутунда кийиз өтүк.

Бирок кандай иште жүрбөсүн, канчалык кыйынчылыкка кабылбасын оюнан Абуталип Куттыбаевдин башына түшкөн мүшкүлү такыр чыкпайт. Жүрөгүнө катуу батып калган экен. Бу кандайча болуп кетти, эмне менен бүтөр экен деп, Казангап экөө баш катырышат. Казангап көбүнесе унчукпайт, кабагын карыш салып ойлоно берет. Бир жолу мындай деп калды.

– Ар качан ушундай боло келген... Териштирип бүткүчө качан. Илгери бекер айтышкан эмес экен: «Хан кудай эмес, увазирлери эмне кылып атканын билбейт, увазирлер болсо базардан салык жыйнап жүргөн жасоолдору эмне кылып жатканын билбейт», – дешчү. Ар качан ушундай боло келген.

– Ушу да сөз бекен! Акылман деп койсо, андан нары,– деп Эдигей нааразылана мазактады. – Ханда-

рың ошол үчүн дайнын таппай жоголбодубу! Кеп ошондо бекен!

– Анда эмнеде? – деди Казангап жөнү менен.

– Эмнеде, эмнеде! – деп Эдигей кыжырланганы менен жооп таппады. Ошо суроо мээсин көзөгөн боюнча жүрө берди.

Кырсык бир басса биротоло үстөмөндөп алат эмеспи. Абуталиптин улуу уулу Даул суук тийип жыгылды. Эти от менен жалын болуп күйүп, ардемени жөөлүп, жөтөлгө мууную, тамагы ооруйт. Ангина деп, Зарипа ар кандай таблеткаларды берет. Бирок балдардын жанында дайыма боло албайт, жашоо керек да, тоомчу болуп иштейт. Дежурлугу бирде күндүзү, бирде түнкүсүн келет. Балдардын түйшүгүн Үкүбала алды. Абуталиптин үй-бүлөсү кандай ахыбалда калганын көрүп туруп, өзүнүн эки кызы менен төрт баланы Үкүбала багып турду. Чолосу болсо Эдигей жардам берет. Таң эрте бастырмадан баракка көмүр апкелип, убактысы болсо, мешке жагып берип кетет. Таш көмүрдү тутантып жагыштын да ыгын билиш керек. Балдарга кечке жылуу болсун деп, бир жарым челек көмүрдү бир жагып берип кетет. Туюк жолдо турган цистернадан суу апкелип, отко ичеги кылар отун жарат. Анын колунан келгени эле ошол: отун жарыш, суу апкелип бериш... булар эчтеме эмес го. Баарынан да балдардын жалдырай караган көздөрүн карай албай, суроолоруна жооп бере албай жүрөгү мыкчылат. Улуусу тумоосуп төшөктө, ал токтоо, басмырт. Кичүүсүн айтпа, куду апасын тартып жароокер, тирикарак, саал болсо чынтийбес сезимтал бала, зээнди кейиткен ошол. Эдигей эртемененкисин көмүр апкелип, от жагып калса, балдарды ойготчу эмес. Бирок, кээде гана болбосо, балдар баары бир туюп калчу. Тармал кара чач Эрмек биринчи ойгонот. Анан көзүн ачар замат биринчи суроосу ушул:

– Эдигей аке, атам бүгүн келеби?

Жылаңач, жыңайлак, жалжылдаган көзүндө үмүт жана чуркап келет, Эдигей «ооба» десе эле атасы эртең келип калчудай чуркап келет. Кичинекей, азыган, арык, жылуу баланы Эдигей кучактай тосуп алат да, кайра төшөгүнө жаткырат. Чоң киши менен сүйлөшкөндөй сүйлөшөт.

– Бүгүн атаң келеби же келбейби, аны билбеймин, Эрмек, бирок атаң, кайсы поезд менен келерин бизге станциядан билдириши керек. Пассажир поезддер бизге токтобойт да, аны билесиң. Эң башкы диспетчердин буйругу боюнча гана токтойт. Менимче жакында билдиришет го. Мына ошондо экөөбүз, Даул айыгып калса, үчөөбүз тосуп чыгабыз.

– Атика, мына биз точуп келдик деп айтабыз, ээ? Ошентебизби? – деп чоң кишинин кыялын бала улантат.

– Албетте, ошентебиз! Дал ошентебиз, – деп Эдигей көңүлдөнө колдойт.

Зирек баланы алдап кетиш да оңой эмес.

– Эдигей аке,– дейт тепилдеп Эрмек,– баягыдай болуп поездге түшөлү да, жанагы эң чоң диспетчерге барып айталы, атика келаткан поездди биздин разъездге токтот дейли. Ошентпейлиби?

Аргасыз амал издейсиң.

– Анда жай болчу да, күн жылуу. Азыр товар поезд менен кантип барабыз? Суук, шамал. Карачы, айнектер тоңуп турат. Аерге жетпей эле муз болуп тоңуп калбайбызбы. Жок, анткенибиз абдан коркунучтуу.

Бала шылкыйып калат.

– Сен жата турчу, мен Даулду карайын, – деп Эдигей шылтоо таап, Даулдун төшөгүнө келет да, тарбагай колун баланын ысык чекесине басат... Даул саландаган кирпигин араң көтөрүп, ысыгандан жабышкан эриндерин араң ажыратат, алсыз жылмаят. Ысыгы али кайта элек. – Ачынбай жат. Тердеп калыпсың. Уктуңбу, Даул? Тер карыштырасың. Эрмек, Даул сием дегенде чылап-

чын апкелип бер, макулбу? Турбасын. Дежурлуктан апаңар да келип калат ко. Үкүбала жеңеңер келип, азыр тамак берет силерге. Даул айыкканда биздикине жүгүрүп келип, Сауле, Шарапат болуп ойнойсуңар. Мен ишке барайын, болбосо карагылачы, кар оор, поезддер жүрө албай калат, – деп кетет Эдигей.

Эрмектин тили кызык.

– Эдигей аке,– дейт ал босогого жетип калган Эдигейге, – Атикамын поезди келип токтоор күнү да кар оор болсо мен да барып кар тазалашам. Кичинекей күрөгүм бар.

Эдигей ар качан балдардан жүрөгү сыздап чыгат. Ызалыктан, аргасыздыктан, жалоорудан каңырыгы түтөйт. Бүтүн дүйнө жексур көрүнөт. Анан ачуусун кардан, шамалдан, күрткүдөн, тындырбай айдаган төөлөрдөн чыгарат. Сары-Өзөктүн бурганагын жалгыз өзү жеңчүдөн бетер буулугуп иштейт...

Тынбай тамган тамчыдай болуп күндөр өтө берди. Мына январь да өттү, сууктун мурду сынды. Абуталип Куттыбаевден болсо эч кабар жок. Өздөрүнчө ар кандай жоромол куруп, Эдигей менен Казангаптын башы катат. Бирөө үчүн эмес, өзү үчүн бирдеме жазып жүргөндүн айыбы кайсы, ошондуктан, жакын арада бошотуп жибериши керек го деп ойлошот экөө тең. Экөөнүн үмүтү ушунда, чөгүп кетпесин деп, Зарипага да дайыма айткандары ушул. Балдарды калкалап туруу үчүн кайраттуу болуш керек экенин Зарипа да билет. Чынында кайраты таштай катты. Түнөрүп унчукпас болуп алды, ооз ачып бирөө менен сүйлөшпөйт, көзү гана тынчсызданып жалжылдайт. Бу кайраты канчага жетерин ким билиптир.

Эдигей колу бошой калганынан улам жайыттагы төөлөрдү, Каранарды карап келмекчи болуп, лыжа тээп айылдан жөнөдү. Каранар дагы бир шойкон кылбады бекен? Эмгиче бугу тарагандыр... Тез барып, кайра тартты. Төөлөр аман-эсен экен деп Казангапка айтмакчы

болду. Үйүр тобу менен Түлкү-Куйрук коктуда жатыптыр. Боорундагы карды шамал шыпырып, кыранда от ачылган экен, төөлөр ээн-эркин жайылып жүрөт. Кабатыр болууга себеп жок, ... деп айтмакчы болду да, ага чейин лыжаны үйгө таштап кетейин деп кайрылып калды. Улуу кызы Сауле үйдөн аландап жүгүрүп чыгып:

– Ата, апам ыйлап жатыры! – деп алып, кайра кирип кетти.

Эдигей лыжасын ыргытып жиберип, чоочулап үйгө шашып кирди. Үкүбаланын боздоп ыйлап жатканын көрүп, жүрөгү оозуна тыгылды.

– Эмне? Эмне болуп кетти?

– Бу кара баскыр дүйнөдө баарын кара басса болбойбу! – деп Үкүбала какшады.

Үкүбала кайраттуу, оор басырыктуу жан. Мындай ахыбалын Эдигей эч качан көргөн эмес.

– Ушунун баарын кылган сен!

– Эмнени? Мен эмне кылыпмын?– деп Эдигей айран таң.

– Байкуш балдардын башын айлантып айта бересиңби? Жана бир пассажир поезд токтоп калса болобу. Көрсө, жол бошотпой алдынан башкасы келаткан белем. Ошону өткөрүп жибергиче токтоп калыптыр. Экөөнүн ушул разъезддеп туш болушканын айтпайсыңбы. Поезддин токтогонун көрө койгон Абуталиптин эки баласы бирдей чуркап чыгып: «Ата! Атика! Атикам келди!» деп поездге чуркашса болобу. Мен артынан чуркадым. Экөө вагондон вагонго чуркап: «Ата! Атика! Кайда биздин атикабыз!» – деп чыңырып жүрүшөт. Поезддин астында калабы деп менде жан жок. Экөө аталап чыңырып, составдын башынан аягына чуркашты. Бир вагондун эшиги ачылбады. Экөө чуркап баратат, чуркап баратат. Поезддин узундугун кантесиң. Экөө чуркап баратат! Мен жетип кичүүсүн кармагыча, анан улуусун жетип колдон алгыча поезд да жүрө берди. Экөө колдон жулкунуп: «Атикабыз кетти, түшө албай кет-

ти!» – деп бир боздогудай болсо, үндөрү кудайга жеткидей. Бир ыйлайт, бир боздошот кургурлар, жүрөгүм канжалап, жинди болуп кетем го дедим эле. Эрмек жаман болуп жатыры. Барып баланы соорот! Бар! Пассажир поезд келип токтогондо атаңар келет деп айткан сен. Поезд кетип, атасы келбей калганын сен көргөн болсоң го, умсунуп калганын көрсөң го... О, кудай, ай, түбүң түшкөн турмушуң эмнеге ушундай болуп курулду экен? Эмнеге ата балага, бала атага мынчалык боор эт менен бир болуп жаралган? Жанды мынча кыйнап эмне азап?

Эдигей балдарга эмес эле дарга асылганы бараткансып баратты. Кудайым, кечир, ишээнчек наристелерди эриксизден алдаганымды өлөр алдымда кечире көр деп, кудайга жалынып баратты. Жамандык ойлоп алдаптырбы? Эми эмне дейт, кандай жооп кайтарат?

Ал эшик ачып киргенде ыйлап-ыйлап көздөрү көнөктөй шишиген Эрмек менен Даул кайрадан бакырып коё беришти, чуркап жетип, көз жаштарына энтиге какап-чакап поезд келип токтоду эле, атабыз түшө албай өтүп кетти, Эдигей аке сен поездди токтотчу деп боздоп жиберишти...

– Сагындым, атикамы! Сагындым, сагындым!– деп Эрмек чыңырат, үмүт кылып, ишенип, жалынып, мунканып Эдигейдин мойнун кучактайт.

– Мен азыр, баарын билейин. Акырын, акырын, силер ыйлабагыла,– деп Эдигей соорото албай, балдардын эрип ыйлаганынан коркот. Балдардын көзүнчө ишенген, таянган кишиси боло туруп, жашып кетүүдөн чоочуп, каңырыгы түтөгөн неме өңүм өзгөрбөсө экен, жашып кетпесем экен деп, ого бетер кыйын болду. – Мына азыр биз барабыз, үчөөбүз тең барабыз! – деди да «Кайда барабыз? Каякка? Кимге барабыз? Эмне кылыш керек? Кандай айла тапсам?» – деген суроолор мээсин көзөп жатты. – Мына, азыр чогуу чыгалы, анан ойлонуп-сүйлөшүп көрөбүз, – деп айласы кеткен Эдигей кобурай берди.

Зарипа жүзүн жаздыкка катып, кыймылсыз жатат. Эдигей жанына барды.

– Зарипа, Зарипа! – деп ийинине тийди.

Зарипа башын да көтөрбөдү.

– Биз эшикке чыгып, бир аз басып келип, анан биздикине киребиз. Балдарды ала кетейин, – деди Эдигей.

Балдарды алаксытып, өзү ой токтотуп алыштын жалгыз амалы ушул эле. Эрмекти жонуна көтөрүп, Дауларду колдон алды. Анан темир жолду бойлоп каңгып кете бериштн. Бирөөнүн кайгысына Эдигейдин мынчалык эч качан жаны ачыган эмес. Жонундагы Эрмек дале умсуна улутунуп коюп, ысык таноосу желкесине тийип келет. Ушу кичинекей адам тукуму, кусалыкка куурап жүргөн бала ушунчалык ишенип эки ийининен жабыша кучактап, ошондой эле экинчи бир кичинекей бала ушунчалык ишенич менен колун коё бербей кармап келатканына Эдигейдин ичи жарылып кете жаздап баратты, дүйнөнү чагылгандай чарт-чурт кескилеп жибергиси келип баратты.

Ошентип үчөө темир жолду бойлоп, кең Сары-Өзөктү кезип кете бериштн. Поезддер гана бирде тыякка шарактап өтөт, бирде быякка шарактап өтөт... Келип, өтүп жатышты, келип, өтүп жатышты...

Эдигей балдарга бу жолу да калп айтууга аргасыз болду. Силер жаңылыпсынар деп айтты. Алиги кокустан разъездге токтоп калган поезд башка тарапка баратканн турбайбы. Атикеңер болсо башка тараптан келет. Кыязы ал жакын арада келе койбос. Анткени аны матрос кылып чоң кемеге мингизип, алыскы бир деңизге жибериптир, эми ошо кеме кайтып келгенден кийин атиканар келет. Ага чейин чыдап күтүп туруу керек. Калп жалааны чындык жеңгичекти бу калп балдардын чыдай турушуна жардам берер деген ой менен айтты. Абуталиптин кайтып келеринен Эдигей шек санабайт.

Тиешелүү убакыт өтөр, териштирип бүтүшөр, анан бошотор замат Абуталип бир мүнөткө кармалбас. Балдарын ушунчалык ысык көргөн ата секундга да тура албайт... Эдигей ошол үчүн калп айтты. Абуталипти жакшы билгендиктен үй-бүлөсүнөн ажырап жүрүү ага канчалык кыйынчылыкка турарын Эдигей даана элестетет. Өз эрки менен кетпесе да, жакында кайтармын деген үмүт менен ажырап кеткен башка бирөө, балким, мынчалык оор азапка кабылбастыр. Бирок Абуталип үчүн бул ажырашуу жазанын эң катуусуна тете болгонун Эдигей жакшы билет. Ошол үчүн Абуталиптен коркот. Ишин териштирип, актыгына жеткиче чыдап жүрө алар бекен?..

Эринин кабарын сурап, аны менен жолугушууга мүмкүнчүлүк берилерин-берилбесин сурап, Зарипа тийиштүү мекемелерге бир топ кат жиберди. Азырынча эч кандай жооп келе элек. Казангап менен Эдигейдин башы катат. Бирок эркектер анын себебин Боронду разъезддинде түз почта байланышы жоктугунан көрөт. Жазган катыңды бирөө аркылуу, же өзүң Кумбелге жеткирип салышың керек. Келген кат-кабар да оболу Кумбел станциясына түшүп, андан бери алигидей жол менен жетет... Андай жол адатта тез жетер жол эмес.

Бир жолу дал ошондой болду...

Февралдын аягында интернаттагы Сабитжанды көрүп келүүгө Казангап Кумбелге барган. Төөчөн барган. Кышкысын товар поезди менен жүрүш кыйын, вагондоруна киришке тыюу салынган, ачык аянтчасында отуруп жеткиче шамал жеп коёт. Жылуу кийинип алып, төөчөн жүрсөң бир күндө барып-келип каласың.

Казангап кечке жуук кайтып келди. Төөсүнөн түшүп жаткандагы кабагын көрүп, интернаттагы баласы дагы бир шойкон кылган го, же төөчөн ушунча жерге лекилдеп барып-келгенге чарчагандыр деп ойлоду Эдигей.

– Кандай барып келдиң? – деп үн катты.

– Эптеп,– деп күңк этти Казангап бөктөрүнчөгүн чечип жатып. Анан бери кылчайды да, ойлоно калып: – Азыр үйүндө болосуңбу? – деди.

– Үйдөмүн.

– Иш бар. Азыр кирем.

– Кир.

Казангап тез эле келди. Бүкөйүн ээрчите келди. Экөө тең бирдемеге кабатыр. Анын үстүнө чарчаган Казангаптын узун моюну ого бетер узарып, эки ийини салаңдап, муруту шыйпайып калыптыр. Толук Бүкөй жүрөгү лакылдап согуп жаткандай энтиге дем алып, күш-быш этет.

– Түрүңөр кантет үрпөйүп, урушуп алган жоксуңарбы? – деп Үкүбала күлдү. – Жарашканы келдиңерби. Отургула.

– Урушуп алган болсок го... – деп күңкүлдөдү, энтиккени дале басылбаган Бүкөй. Эки жагын каранып Казангап:

– Кыздарың кайда? – деди.

– Зарипаныкында балдары менен ойноп жатыры,– деди Эдигей. – Аларды эмне кыласың?

– Апкелген кабарым жаман,– деди Казангап Эдигей менен Үкүбаланы алмак-салмак тиктеп. – Балдар азыр билбесин. Жаман иш болду. Биздин Абуталип өлүптүр.

– Эмне дейт?! – деп Эдигей ордунан ыргып кетти. Үкүбала болсо чырр этип чыңырып алып, оозун колу менен басып, өңү купкуу болуп кетти.

– Өлбөй кал, кокуй, өлбөй кал! Шордуу балдар, шордуу жетимдер! – деп Бүкөй каргылдана сыздап отурду.

– Өлгөнү кандай? – деп, укканына алигиче ишене албай, Эдигей Казангапка жүткүнө берди.

– Станцияга ушундай кагаз келиптир.

Баары өз бет алдын карап, шылкыйып отуруп калды.

– Ушундай болобу? Бул эмне кылганың, кудай? – деп эки колдоп башын мыкчып, чайпала онтоп Үкүбала отурду.

– Кагаз кана? – деди акырында Эдигей.

– Кагаз ордунда, станчада,– деп Казангап айта баштады. – Мен интернатка барып, баланы көрдүм да, анан Букей самын ала кел дегенин эстеп, вокзалдагы дүкөнчөгө кайрылып калдым, эшиктен кирип баратып, станчанын начендиги Чернов экөөбүз сүзүшүп калдык. Көптөн тааныйт да, учураштык, анан ал айтат: «Жолукканың ырас болбодубу, жүр менин кабинетиме, силерге кат бар, разъездге ала кет»,– деди. Кабинетин ачты, экөөбүз кирдик. Столунан бечеттелген жазуусу бар конверт алып чыкты. «Абуталип Куттыбаев деген иштеди беле силерде?» – «Бизде иштеген, эмне болуптур?» – «Мобу каттын келгенине үч күн болду, Борондуга берип жиберер киши жок. Ме, аялына алпарып бер. Ошонун суроолоруна жооп келиптир. Эри өлдү деп жазыптыр мында»,– деп, дагы бир мен түшүнбөгөн сөз айтты. Ымпарк дедиби, инбарк дедиби айтор. «Инбаркың эмне?» – десем,– «Жүрөгү жарылып өлгөн», – дейт. Карабайсыңбы, жүрөгү жарылып деген эмне шумдук. Мен отурган ордумда катып калыпмын. Ишене албадым. Кагазды алсам, анда: Кумбел станциясынын начальнигине Боронду разъездине билдирип коюу үчүн, баланча гражданканын суроосуна официал жооп... андан ары дептир: сурakta жаткан Абуталип Куттыбаев оорусу кармап... Ошентип жазылыптыр. Мен окуп алып, Черновду жалдырап тиктеп отура беripмин. «Мына ушундай,– деп Чернов эки колун жаят. – Ала кет, аялына берип кой». «Жок, – дедим мен, – биздин салтта антпейт. Жаман кабар алпарып, абийирден кетемби. Балдары кичинекей, тирүүлөй өлтүрүп албайымбы, жок, – дедим. Элден мурун Борондулуктар өзүбүзчө кеңешели дедим, анан айталы. Же бирибиз атайы келип, бу кагазды алып кетербиз, кайгылуу кабардын өзүнчө жол-жосуну бар, бир чымчык беле, адам өлүп жатпайбы, же аялы Зарипа Куттыбаева келип сиздин колуңуздан өзү алар. Ошондо кандай болгонун өзүңүз айтып, түшүндүрүңүз».

Анда Чернов: «Мейлиң, өзүң бил. Бирок мен эмнени айтып, түшүндүрүп отурам. Эчтемесин билбесем. Бу кагазды тиешелүү кишисине тапшырып коюшум керек болду, менин милдетим ошол», – деди. Андай болсо, кечиресиз, дедим мен, бирок кагаз азырынча сизде болсун, мен оозеки айтып барайын, өзүбүзчө кеңешели, дедим. «Болуптур, жол жосунуңу иштей бер», – деди Чернов. Ошону менен чыктым да, төөнү уруп-сабап келатам, эми канттик, бу кабарды угузууга ким даап барат деп ойлоп, жаным кыйналып келатам...

Казангап унчукпай калды. Тоо басып калгансып, Эдигей үч бүктөлүп отурат.

– Эми эмне болот? – деди Казангап, бирок ага эч ким жооп берген жок.

– Ушундай болорун билген элем,– деп башын чайкады мүңкүрөгөн Эдигей. – Балдарынан ажыраганын көтөрө албаган экен. Баарынан да мен ушудан корктум эле. Ажыраганына чыдай албаган экен. Кусалык деген жаман да. Балдарынын сагынып жүргөнүн тик багып карай албайсың. Абуталип башка киши болгондо го, бирдемеден улам соттолуп кетсе, иши кылып соттолуп кетти дейли, бир жыл, эки жыл отуруп, кайра чыгып келет эле. Немистин туткунунда болгон киши, концлагерде көрбөгөн көргүлүктүн баарын көргөн, ошондо сынбаган киши, партизан болуп бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөн, ошондо партизандар эле жыргап кетиптирби, ошондо сынбаган киши... анткени а кезде үй-бүлөсү жок жалгыз бой... Эми болсо боор-этин тирүүлөй жулуп салып, өзүн айдап кетти да, эт-жүрөгү менен бир балдарынан ажыратып айдап кетти да. Ошого чыдай албады да... Мына эми...

– Бул айтканың ырас,– деди Казангап. – Ажыраштан адам өлөт дегенге мен ишенчү эмес элем. Болбосо жаш десең – жаш, акылдуу, билимдүү десең андай, текшерип бүтүп, бошотуп ийгенче чыдай турса го, байкуш. Эч күнөөсү болбосо. Ушунун баарына акылы жетип турса да, жүрөгү

чыдабаган экен да. Анан калса өз башынын шоруна баланы өлгүдөй жакшы көрчү эле да...

Анан дагы көпкө отурушту, көп сүйлөштү, Зарипага кантип угузардын айласын издеп, нары ойлошту, бери ойлошту, барып-келип эле сөздүн аягы ачуу үшкүрүк менен бүтүп жатты: үй-бүлө атасыз калды, балдар жетим калды, Зарипа жесир калды. Оңолбос, орду толбос иш болду. Акырында акыл Үкүбаладан чыкты.

– Зарипа станцияга барып, кара кагазды өзү алсын. Ошерде ыйлап, ошерде калсын, көксөөсү суусун. Анан станцияда жүргөндө, кайра келатканда акыл-эсин жыйнап алганга убактысы болот. Балдарга азыр угузуу керекпи, же күтө турсабы, балким балдары кичине эсейип алгыча, атаны сагынычы суугуча күтө турар, аны ойлонуп алсын. Азыр балдарга түртөсүнөн угузганда кыйын го...

– Айтканыңын жөнү бар,– деди Эдигей. – Эне эмеспи, Абуталиптин кабарын балдарына угузабы-жокпу, өзү билгени дурус. Менин оозум барбайт... – Андан ары Эдигей сүйлөй албай шилекей жутуп жөтөлүп, тамагын кысып келген каңырыкты араң басты.

Баары ушул акылга токтогондо Үкүбала дагы айтты:

– Казаке, Зарипага сиз айтыңыз, станцияда ага келген кат бар экен деңиз. Балким суроолоруна келген жооп болбосун деңиз. Өзү келсин деп айтты, мага бербей койду деңиз. Анан, – деди Үкүбала,– мындайда Зарипаны жалгыз жиберип болбойт. Буерде же туугандары, же жакындары жок. Кабарды жалгыз уккандан жаман нерсе барбы. Эдигей, сен кошо бар, жанында бол. Мындай учурда, кудай сактасын, адам ардемеге бой уруп жиберет. Станцияда жумушум бар эле деп, кошо жөнөй бер. Балдары биздин үйдө тура турат.

– Туура,– деди Эдигей аялынын акылына моюн сунуп. – Эртең Абиловго айтайын, Зарипаны станциядагы ооруканага алпарыш керек дейин. Өтүп кетчү поезддди азганакай аялдатсын.

Акыл ушуга токтоду. Бирок Кумбелге эки күндөн кийин араң чыгышты, разъезддин начальнигинин суроосу боюнча токтоп өткөн жолулаш поезд менен жөнөштү. Ошол күн 5-март болуучу.

Көпчүлүк түшчү вагондо баратышты. Купелер толтура эл: үй-бүлө, бала-бакырасы менен жол жүрүп баратканда; арак-шараптын каңырсык жыты толгон вагондон вагонго аркы-терки тынбай өткөндөр; баштары маң болгончо карта чабышкандар; жашоо-тиричиликтин оордугу, эрлеринин аракечтиги, бирөөлөрдүн ажырашканы, бирөөнүн үйлөнүү тою, бирөөнүн өлгөнү туурасындагы катындардын күбүрөшкөн түгөнгүс сөздөрү... Алыска баратканэл. Жол жүрүп баратышса да күндөлүк жайдак турмушундагы жоруктары болуп барат... Аларга ичтеги кайгы-муңу менен Зарипа, аны коштогон Эдигей аз убакытка кошула жүрдү.

Албетте Зарипанын ою он, санаасы сан. Станциянын начальнигинде жаткан каттарда кандай жооп болду экен деп ойлоп баратты окшойт, кыязы, кабагы ачылбай ичи уйгу-туйгу, жолдо катар унчукпады. Эдигей да көбүнесе унчукпай жүрдү.

Бир караганда адамдын ичиндегисин сезе койчу сезимтал, боорукер адамдар дүйнөдө аз эмес го. Зарипа ордунан туруп, тамбурга эс алып келиш үчүн басып кеткенде Эдигейдин маңдайында отурган орус кемпир башын көтөрүп, жаш кезинде тунук көгүлтүр, азыр карылыктан түсү өчүп бараткан көзүн бадырайта карады:

– Уулум, аялың оорукчан көрүнөт ээ?

Эдигей селт этти.

– Аялым эмес, карындашым болот, энеке. Ооруканага алпаратам.

– Ошондой, карап отурам, кыйналып баратат, бечара. Аябай кыйналып баратат. Кайгынын баары көзүндө турат. Коркуп бараткан го. Жаман оору таппаса экен деп коркуп атса керек. Ээ, жашооң да курусунчу! Туулбай калсаң – жарыкчылыкты көрбөй калмаксың,– туулсаң

– өмүр бою мүшкүлдөн мүшкүл. Ошол экен да. Кудайдын ичи кең болсун, жаш тура, али көрөр күнү көп,– деп бежиреп сүйлөп отурду. Улам станцияга жакындаган сайын Зарипа элеп-желеп болуп дүрбөлөң түшүп, түпөйүл кооптонуп баратканын бу кемпир сезип отурган тура.

Борондудан Кумбелге бир жарым саатта жетет. Жүргүнчүлөргө бүгүн кайсы жерде баратканы баары бир. Кээде гана алдыда кайсы станция болот деп сурап коюшат. Сары-Өзөктүн улуу мейкини болсо элсиздикте тунжурап, кар алдында жатат. Бирок кыш этегин жыйнап, жаз келаткан жышаан бар. Дөбөлөрдүн күңгөй чекеси карайып, аң-жарлардын күңгөй кабактары ачылды, адыр-кырлар чаар-ала боло баштады, марттын келиши менен кошо ойгонгон жазгы айдарымдан кычыраган үлпүлдөк кар нымданып оор тартып, чөгүп барат. Бирок жапыс каалгыган нымдуу сур булуттар күндүн көзүн көрсөтпөйт. Кыш али кош бол дей элек, же сары кар балпылдата жаап жибериши же акыркы күчүн жыйнап борошо уруп келиши да ыктымал...

Терезени улам карап коюп, же анда-санда маңдайындагы боорукер кемпир менен кобурашып Эдигей ордунан жылган жок, Зарипанын жанына барбады. Жалгыз өзү болуп алсынчы, тамбурдун муздак айнегине чекесин такап, эрте-кечин ойлоп алсын деди. Балким ички туюк сезими бир белгисин билдирер. Мүмкүн, былтыр күздө эки үй-бүлө чогулуп, товарнякка түшүп Кумбелге дарбыз-коон апкелгени барганы, анда баары шатыра-шатман шайыр жүргөнү, айрыкча балдар үчүн эстен чыккыс саякат болгону эсине түшөр. Ушунун баары кечээ эле жакында болгондой. Анда Абуталип экөө саал ачылган эшиктин оозунда шамалдын огуна отуруп алып ардемени сүйлөшүп барганы, балдар айланчыктап, сыртта сызып өтүп жаткан жерди кызыга карашканы, аялдар Зарипа менен Үкүбала кайдагы бир сырларын айтышып отурганы эсте. Анан дүкөндөн дүкөн кыдырышкан, станциянын скверине сейилдешкен,

киного киришкен, чач тарачка киришкен. Баарынан да Эрмек машинканы башына жолотпой коркуп, баарылап жатып чачын алдырта албай койгону кызык болгон. Ошондо босогодон Абуталип пайда болуп, уулу аталап ага качып, атасы уулун көтөрүп жерден ала коюп, чач тарачтан калкалагансып бооруна кысып, кайратыбызды жыйнап алып кийин келели, ага чейин эчтеме болбойт дегени Эдигейдин көз алдында күнү бүгүнкүдөй. Тармал кара чачтуу Эрмек туулгандан бери чачы алынбай өсүп келатат, бирок эми жетим өсө турган болду...

Боронду Эдигей болбой эле кайрадан кайра эмне үчүн Абуталип Куттыбаев ишинин чечилишин күтпөй өлгөн себептин маанисин издейт. Балдарды сагынычы жанын жегенге жүрөгү чыдай албаган го деген жыйынтыкка, кайрадан кайра келет. Абуталип үчүн баласыз жашоо жок гана турсун, баласыз дем ала албай турган киши болчу. Ажырашуунун андай оорлугун ар ким анчалык сезе бербейт. Балдары жетимсиреп, ээн талаа эрме чөл, элсиз, суусуз Сары-Өзөктө тагдырдын каарына каңгырап калды деген убайым өлтүрдү аны...

Зарипаны күтүп, станциянын алдындагы сквердеотуруп да Эдигей ушуну ойлоду. Зарипа станциянын начальнигине кирип, кагаздарын алып чыкканда ушерден жолугууну макулдашкан эле экөө.

Күн түш болуп калды, бирок ырайы суз. Жапыс каалгыган булуттардан асман ачылбады. Кар кыпыны түшөбү, же ным чогулуп, тамчы тамабы, айтор асмандан маал-маалы менен тамчылап калат. Талаадан эрип бараткан кардан нымдашкан, алашалбырт жыттанган шамал согуп турат. Эдигей чыйрыгып, үксүйө жүдөп отурду. Демейде өзү станцияда тыгылышкан элдин арасында жөөлөшүп жүргөндү жакшы көрөр эле. Өзү алыс барбаган соң ашыкпайт, алдастабайт, жөн эле келгенкеткен поезддерди карап жапырт түшкөн эл заматта житип-житип жок болуп кетип жатканына кызыкчу. Кудум эле кинодой: поезд келсе эл топурап, кино баш-

талат, поезд кетсе эл да жок, кино да жок, перрон аңгырап ээн калат.

Азыр андайга көңүлү чабар чак эмес. Өткөн-кеткен кишилердин кебетелери суз, баары кайдыгер, чарчаңкы, бири-бирине чоочун-бөтөн экенин карап отуруп, таң калат... Анан калса станциянын алдындагы аянтка жаңырып, радиодон кыңылдап берилип жаткан музыка да кайгы козгоп, уңулдап бир калыпта улуйт да улуйт. Бул эмне деген музыка? Баятан бери ушуну берип эле жатат, берип эле жатат. Дикторлордун көтөрө чалып, салтанаттуу сүйлөгөн үндөрү да угулбайт. Бир музыканы эле уңулдатып жатышат!..

Зарипа вокзалга кирип кеткенине жыйырма же андан ашуун мүнөт өттү. Эдигей тынчсыздана баштады. Өткөндөгү келиште Абуталип болуп, балдар болуп дал ушул скамейкада отуруп бал муздак жешкен, мына ушул скамейкадан Эдигей күтүп алмак болуп, Зарипа экөө бек убадалашкан. Бирок кечиге бергенине көңүлү тынчыбай, артынан бармай болду.

Ушул учурда вокзалдын оозунан Зарипаны көрүп, эриксизден селт этип алды. Кирип-чыгып жаткан калың элдин ичинде бөтөнчөлөнүп дейди кейиптүү. Өңалеттен жок купкуу болуп, эч жакты карабай түшүндө басып жүргөнсүп эч кимге урунбай, эчтемеге чалынбай, тегерегинде эч ким жок сыяктанып, ээн чөлдө жалгыз жүргөнсүп, азиз жандай азалуу башын түз кармап, эрдин бек кымтып келатты. Жакындай бергенде Эдигей ордунан турду. Өтө эле жай келаткансыды, түштөгүдөй каалгып өтө эле жай келатты, бет алдынан эчтеме көрбөй көзү суз, тунарып өчкөнсүп келатты. Казангап айткандай печеттелип жазылган калың конвертти кармап жакын келгенде, кыязы бир кылым өтүп кеткенсиди, ортодогу түпсүз туңгуюктан өтүп келгенче миң кылым өтүп кеткенсиди. Келгенде гана араң, эрин кыбыратты:

– Сен билдиң беле?

Эдигей акырын башын шылкыйтты.

Зарипа скамейкага отурду да, эки колдоп бетин жаап, чатырап жарылып кетчүдөн бетер башын мыкчып, өз кайгысына, өз тозогуна сүңгүп кире өксөп ыйлады. Бүрүшүп отурганга калч-калч эткен кичинекей томолок болуп, өзүнүн чексиз кайгысына чөгүп баратты, сорулуп баратты. Жанында отурган Эдигей аргасыз кыйналып, баягы Абуталипти алып кетип бараткандагы сезими кайра басты: мобу аялды азаптан ажырата алар болсо Абуталиптин ордуна кынк этпестен кетер эле, кандай азап-тозок болсо да, өз мойнуна алаар эле. Бугун чыгара ыйлап, эңшерилип алмайынча азыр бул келинди соорото албасын, ыйын баса албасын, эчтеме менен жардам бере албас алсыздыгын билип отурду.

Ошентип экөө станциянын алдындагы сквердин скамейкасында отурду. Кээде үн чыгарып, кээде буулугуп, калчылдап ыйлап отурган Зарипа бир маалда колундагы бырыштыра кармаган конвертти карабай туруп ыргытып жиберди. Абуталип өзү тирүү жок болгон соң эми ал кагаздын кереги канчалык? Бирок Эдигей конвертти алды да, чөнтөгүнө салып койду. Анан жүзаарчысын алып чыгып, Зарипанын карышкан салааларын араң ачып, карматты, жашын аарчытты. Ал деле жардам бербеди.

Уңулдаган аза музыкасы атайылап койгонсуп, станциянын үстүнөн улуй берди. Март айынын боз чалган асманы нымданышып төбөдөн саландап, ызгаар шамал коюн-колтукка кирет. Өткөн-кеткендер Зарипа менен Эдигейди карап коюшат да, кыязы, мына чатакташкандын азабы дегенсип кетишет. Эри ургаачысын катуу ызалап койгон тура дегенсип кылыя карап өтүшөт... Бирок баары эле антип ойлобоптур.

– Ыйлагыла, кайрымдуу кишилер... ыйлагыла, – деп бирөөнүн көңүл жубаткан үнү чыкты. – Жан атадан айрылдык! Эми кандай күн болот?

Эдигей башын көтөрүп, алдынан өтүп бараткан балдакчан, эски солдат шинелчен аялды көрдү. Бир буту санынан жок. Эдигей муну тааныйт. Согушка катышкан, станцияда белет кассасында иштейт. Аябай ыйлап, көзү шишип алган экен, өзүнчө сүйлөп баратты: «Ыйлагыла, ыйлагыла. Эми кандай күн болот?» Өзү ыйлаган бойдон балдак көтөргөн эки ийини кыжыя көтөрүлүп, эки балдак бир аттаса эскирген солдат өтүкчөн сыңар буту бир аттап баратты.

Бу катындын айткан сөздөрүнүн маанисин Эдигей тыякта вокзалдын оозундагы топураган элди көргөндө барып түшүндү. Шатыга чыккан үч-төрт киши кире бериштин үстүнө Сталиндин аза лентасына алынган портретин илип жатышыптыр, астында топураган эл акыйышып ошону тиктеп туруптур.

Радиодон берилип жаткан музыка эмне эле улуп-уңшуп калган десе, ушу турбайбы. Башка учур болсо ал да туруп барып, элге аралашып, дүйнөнүн чарк айланышын элдин баары жалгыз ушул ысымга байланыштуу көргөн бул улуу кишинин өлүмү кандайча, качан болгонун сурамжыламак. Бирок азыр өз башындагы кайгы да жетишерлик эле. Лам деп унчуккан жок. Зарипа болсо, азыр дүйнө конторулуп кетсе да, эч кимге, эчтемеге алагды болгус көйдө отурат...

Дүйнөдө эмне болуп жатканына карабай жүрө берчү адатына салып поезддер жүрүп жатты. Жарым сааттан кийин алыска барчу он жетинчи номерлүү поезд өтмөк. Башка пассажир поезддердей ал дагы Борондуга окшогон разъезддерге токтобойт. Анын жол эсеби ошондой. Бирок бу жолу он жетинчи Борондуга токтойт деп эч кимдин оюна келген эмес. Аны токтотушту быякта отуруп, Эдигей өзүнчө бек чечип койду. Зарипага айтты:

– Кайтарыбызга аз калды, Зарипа. Жарым саат бар. Балдарга атасын азыр угузасыңбы, же коё турасыңбы, ушерден жакшылап ойлонуп ал. Эстүү жансың, мен сени кантип сооротом да, эмне деп акыл айта алам. Эми бал-

дардын атасы да, апасы да өзүнсүң. Анын баарын жолдо баратып ойлонуп ал. Эгер балдарга азырынча айтпай коё турайын десең, кайратынды бек карма. Алардын көзүнчө бир тамчы жаш чыкпашы керек. Ошого күчүң жетеби, чыдай аласыңбы? Биз дагы балдардын көзүнчө кандай жүрөрүбүздү билип алганыбыз он. Түшүндүңбү? Кеп ушунда болуп турат.

– Жарайт, мен баарын түшүнүп отурам,– деди Зарипа жаш аралаш. – Үйгө жеткиче оюмду топтоп алайын, анан айтайын. Мен азыр, мен азыр боюмду жыйнап алайын. Мен азыр...

Кайра келатканда баягыдай эле көрүнүш: Сары-Өзөктүн улуу мейкинин бу четинен тиги четине кезгендер вагон ичине түтүн толтуруп, опур-топур быкшып барат.

Зарипа менен Эдигей купеленген вагонго түшүптүр. Жүргүнчүлөр мында азыраак экен. Нары өткөн, бери өткөндөрдүн жолун бөгөбөскө жана өз иштерин сүйлөшүп барууга экөө өткөөл далистин учундагы терезенин түбүнөн жай алышты. Эдигей чабылма орундукка отурду, Зарипа отур десе болбой терезеден сыртты карап, туруп келет.

– Ушундай турганым эле жакшы, – деп койду ал.

Анда-санда солуктап ыйлап, улутунуп коюп, башына түшкөн оор мүшкүлдү чыдап көтөрүүгө чымырканып, оюн бир жерге топтоого тырышат, мындан аркы жесирлик жашоо-тирилигин ойлонуп алууга аракеттенет. Жаман түштөй болуп бир күнү бүтөр, ушундай жаңылыштыкты кантип териштире албасын, Абуталип бир күнү жарк этип келип калар, анан үй-бүлө кайра чогулар, канчалык кыйын болсо да кайрадан турмушун ондоп, балдарды тарбиялап өстүрүшөр, калганынын бардыгы бара-бара куралар деген үмүт бар эле башта, эми ал үмүт да өчтү. Анан кантип ойлоно турган ойлор болбосун...

Бул үй-бүлөнүн тагдырын ойлонбой коё албаган Эдигейдин ою да ушунда болуп келатты. Антпегенде не

кылат. Эми мындан ары булардын таянар таянычы жалгыз ал болуп калган соң өзү токтоо, кайраттуу салабаттуу жүргөнү оң.

Эдигей Зарипаны шаштырбады. Анысы да туура болуптур. Ыйлап бүткөн соң Зарипа өзү сөз баштады.

– Атасынын жоктугун балдарга азырынча айтпай коё турганым оң болчудай, – деди Зарипа жашына мууну-п, шилекейи менен ыйын кошо жутуп. – Айта албайм. Айрыкча Эрмегичи... Ата менен бала да ушунчалык ысык болобу, жаман экен... Тилектерин кантип өчүрөм? Анан эмне болот шордуулар? Экөө ошо тилеги, сагынычы менен жүрүшпөйбү... Күндөн күндү санап, сааттан мүнөттү санап күтүп жүрүшөт... Бара-бара буерден кетип, жер оодарбаса болор эмес... Балдар кичине эсейсин. Эрмектен корком. Ошо кичине жерден боорун көтөрүп алса экен... Ошондо угузармын, ага чейин өздөрү деле туюп калышар... Азыр болбойт, оозум барбайт... Андан көрө өзүм азабын тартып, өзүм куруюн... Анын да, өзүмүн да агайин-туугандарыма кат жазайын. Эми алар бизден коркор жери калган жок. Бирөө-жарымы кайрылып, бизди көчүрүп кетишке жардамы тиер... Андан наркысын көрө жатарбыз... Эми Абуталиптин көзү жоголгон соң мен балдарын эптеп өстүрсөм экен...

Зарипа ушул ойлорун айтты. Боронду Эдигей унчукпай укту, анын ар бир сөзүнүн маанисин түшүнүп, кабыл алып укту, Зарипанын бул айткандары куюн уюлгутуп кеткендей капилет жерден башына түшкөн кайгынын ичиндеги ойлорунун чет-бучкагы гана, үстүнкү катмары гана экенин аңдап укту. Мындай учурда ичтегинин баарын айтып бүтүрө алабы... Ошол үчүн Эдигей да сөздүн чегинен ашпай сүйлөдү:

– Айтканың жөндүү сөз, Зарипа... Балдарыңды мен көрбөсөм-билбесем анда ишене албайт белем, ким билет. Бирок сенин ордуңда мен да балдарга батынып угуза албас элем. Кичине күтө турганың туура. А тыяктагы агайын-туугандарың кайрылгыча бизге ишен, бизге

таян. Кандай жашап келсек, ошондой жашай беребиз. Мурдагыңдай эле иштей бер, балдарың биздин балдар менен бирге болот, өзүң билесиң, аларды Үкүбала өз балдарынан кем көрбөйт. Калганын көрө жатарбыз.

Ошол сөздө Зарипа оор үшкүрүнүп дагы мындай деди:

– Турмушуң кургурдун курулганын карасаң. Коркунучтуу, кеменгерлик жана өз ара байланышта курулуптур. Башы, аягы, уландысы бар... Эгер балдар болбосо, Эдигей, ыймандай сырым, мага жашоонун кереги жок эле. Жандан кечип коёт болчумун. Жашап эмне кылам? Бирок балдар мага милдет, балдар мени зордоп кармап турат. Амандыгың да, уланганы да ушул турбайбы. Армандуу, азаптуу болсо да уланууу... Мен азыр ойлоп отуруп, коркконум – кийин бир кезде балдар атасынын өлгөнүн угары эмес, укпаганда кайда кетмек эле, коркконум – андан ары эмне болот? Атасынын тагдыры балдарына өмүр бою айыккыс жарат болуп калды да. Окууга өтүшөбү, ишке орношобу, эл көзүнө көрүнөбү, качан болсун бул фамилияны алып жүргөндөрдүн жолу бөгөлө берет... Ушуну ойлогондо тагдыр биздин жолубузга өтө алгыс бөгөт койгонбу деп акылым айран. Абуталип экөөбүз бу тууралуу сүйлөшчү эмеспиз. Мен аны аясам, ал мени аячу. Анын көзү барында балдары тенкурбуларынан кем болбой чоңоёрунан шек саначу эмесмин. Капалыкка чөгүп кетүүдөн бизди ушул үмүт сактап жүргөн... Эми билбей калдым... Мен балдарга ата болуп бере албайм... Анткени Абуталип деген Абуталип болуучу... Ал баарына жетишмек. Ал өзгөрүлүпкубулуп, балдарынын жан-дилине сиңип кетчүдөй жашап жүргөн. Ошентейин деген балдарынан ажыратып салганды көтөрө албай ал өлүп берди...

Эдигей кунтун коюп угуп отурду. Жакын киши санап Зарипа терендеги сырын айтып отурганга Эдигей бир жакшылык менен жооп кайтарып, калкалап калгысы, жардам бергиси келди, бирок алсыздыгына кыжыры кайнайт.

Борондуга жакындап калды. Көп жылдан бери жайдыр-кыштыр иштеп жүргөн тааныш жерлерден өтүп баратат...

– Сен камын,– деди Зарипага. – Келип калдык. Демек балдарга азыр угузбайлы деген ойго турдук. Жарайт, ал ойдо болсун. А көрө өзүң шек билдирбегидей болуп бек карман. Азыр баш-аягыңы жыйнап алчы. Тамбурга бар. Эшиктин оозунда тур. Поезд токтоор замат шашпай түш да, мени күтө тур. Мен чыккандан кийин экөөбүз бир кетебиз.

– Эмне кылганы жатасың?

– Эчтеме. Аны мага кой. Дүйнөнүн түбү оюлуп кетсе да сен поезддан түшүүгө акың бар го.

Он жетинчи номерлүү пассажир поезд семафордон жайлап калганы менен токтобой өтүп бараткан. Дал Борондуга кире берген жерде тормоздору учкун чачып ышкырып, буксалары кыйчылдап, тык токтоду. Жүргүнчүлөрдүн баары эстери чыга алаңдап тура-тура калышты. Поезддин башынан аягына кыйкырык-чуу, ышкырык угулду.

– Эмне болду?

– Стоп-кранды үзүптүрбү?

– Ким?

– Каерде?

– Купеленген вагондо!

Ал ортодо Эдигей эшик ачып, Зарипа поезддан түштү. Проводник менен кондуктор келгиче өзү тамбурда күтүп турду.

– Токто! Стоп-кранды үзгөн ким?

– Мен,– деди Эдигей.

– Сен кимсиң? Кандай акың бар?

– Керек болду.

– Керек болду дегени кандай? Сен эмне, сотко түшкүң барбы?

– Эчтеке. Сотуңабы, башкаңабы, жиберер актыңа жазып ал. Мына документтерим. Мурдагы фронтовик,

жол жумушчусу Эдигей Жангелдин Боронду разъездине жеткен жерде стоп-кранды үзүп, жолдош Сталиндин өлгөнүнө байланыштуу аза тутуу белгиси катарында поездди токтотту деп жазып алыңыз.

– Кантип? Сталин өлүптүрбү?

– Өлүптүр, радиодон айтышты. Кулакты түрө отуруш керек.

– Андай болсо жөн башка, – деп тиги экөө элеңдеп калышты да, Эдигейди кармабады. – Андай болсо бара бер.

Бир аз туруп, он жетинчи поезд жолун улантты...

*Поезддер кайрадан чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап жатты.*

*Темир жолдун эки тарабында кылымдардан бери адам колу тийбеген, кенен жердин өзөгү болгон ээн талаа, эрме чөл Сары-Өзөк, мелмилдеген Сары-Өзөк.*

*Сары-Өзөк-1 космодромунун ал кезде дайыны да жок болчу. Космоско учууларды ойлоп тапкан баштардын ичинде гана жаңыдан жаралып келаткан.*

*Поезддер болсо демейкисиндей чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап жатты...*

Элүү үчүнчү жылдын жайы менен күзү Боронду Эдигейдин өмүрүндөгү эң кыйын мезгил болду. Бу жылдан мурун да, бу жылдан кийин да, Сары-Өзөктүн темир жолун баскан күрткүнү тазалаган кышкы аязында да, каны катып Сары-Өзөктүн ысыгына күйгөн жайкы аптабында да, согушта Кенигсбергге чейин барганда да, ал ортодо миң өлүп, миң жараланып, миң жолу мунжу болуп калмак эле, ошол азаптарда да бу жылдагыдай кыйын күндөрдү башынан кечирген эмес... Жер көчкүнүн эмнеден жүрөрүн, дүйнөдө токтотуп калар эч кандай күч болбогон жер көчкү жүргөндө бүтүндөй бир сенир жылбышып жүрүп берерин, кээде жамбаштай кулап, бүтүндөй бир тоо кулап жүрүп берерин Афанасий

Иванович Елизаров кайсы бир жолу айтып берген эле. Басып жүргөн бут алдында кандай күч жашырынып жатканын ошондо сезген адамдар айран азыр калат экен. Жер көчкүнүн баарынан жамандыгы – анын билинбей, байкатпай жүрүп баштаганында тура: жер астындагы суулар акырындап, күндөп-түндөп, жылдап-кылымдап кыртыштын жешилер жерин жемирип эзе берет экен да, мезгили келгенде саал эле солк эткен жер титирөө болсо, же чагылган чагылып, күн күркүрөсө, же кара нөшөр катуу жааса деле түбү жешилген залкар тоо очорулуп отуруп, ылдый карай жылып жөнөп берет экен да. Кадимки кар көчкү го кокус жүрөт да тез бүтөт. Жер көчкү болсо көз көрүнөө каптап басып келе берет, токтотуп калар арга да, күч да болбойт...

Ушуга окшогон нерсе адамда да болот: өзү менен өзү калып, өзүнө кошо ичте кайнаган карама-каршылыктары кошо келип бири нары тартып, бири бери тартып, арыдан-бери урунуп, дүйнөдө эч ким түшүнө албай турган, жардам бере албай турган, демек эч кимге сыр айтып кереги жок болгон учурлар болот. Аны ошо киши өзү гана билет, ошондон коркот. Корккону жер көчкүдөй токтоосуз каптап басып келе берет...

Дилинде козголгон жан көчкү өзүн жер көчкүдөй каптап басып келатканын Эдигей экинчи жолу Кумбелге барганда алгач сезди. Зарипа экөө барып келчүдөн кийин эки ай өткөн соң Эдигей өзү бир жумуштары менен жөнөп калды. Почтага кире келишин, кат баржогун биле келишин, эгер келген кат-кабар жок болсо үч телеграмманы берилген адрестери боюнча салып жиберишин суранып, Зарипа аманат айтып калган. Ушу күнгө чейин Зарипа агайын-туугандарына жазган каттарына бир да жооп ала элек. Эми алиги телеграммаларын салып жатып Зарипанын суранганы, көптөн көп суранганы эле мурдагы каттарды туугандары алышты бекен, жок бекен, ошого гана жооп беришсе, каттарга жооп беришпесе да мейли деген бир суроо болчу. Кыя-

зы ага-ини, эже-сиңдилер Абуталиптин үй-бүлөсү менен кат аркылуу да байланышкысы келбей калган окшойт.

Эдигей Боронду Каранарын минип, кечке кайтып келип калыш үчүн эртерээк чыкты. Жүгү жок салт баратса тааныш машинисттердин кимиси болбосун ала кетмек дечи, бир жарым саат жол жүрсөң Кумбелге кирип барасың. Бирок Абуталиптин балдарынан качып, Эдигей поездге түшкөндөн чоочулайт. Улуу-кичүү эки уулу тең атасынын кайтышын күтүп күн сайын темир жолдун боюнда жүрүшөт. Ойношсо оюнунда, сүйлөшсө сөздөрүндө, жадагалса тарткан сүрөттөрүндө, айткан табышмактарында, иши кылып балдардын бүт жан-дилинде күтүү бар. Бу кезде балдар үчүн эң кыйын киши Эдигей, алардын ишеними боюнча Эдигей акеси гана билет, баарына алы жетет, атасынын эрте келишине Эдигей акесинен башка эч ким жардам бере албайт.

Ал жок болсо, ал кошо аралашып жүрбөсө балдар бу ээн разъездде оңбой каларын, ого бетер жетимсиреп каларын Эдигей өзү да жакшы билет, ошол үчүн бош убактысында бүт бойдон балдар менен болуп, аракети – алардын куру күтүүсүн, куру үмүттөнүүсүн унуткаруу. Балдарга деңиз баянын көбүрөөк айта жүр деген Абуталиптин керээзин эстен чыгарбай, Эдигей Аралга байланыштуу бала чагындагы, балык уулачу өспүрүм чагындагы окуялардын улам жаңысын эскерип, Арал деңизине тиешелүү калпы-чыны аралаш улама жомокторду айта берет. Айтканын ушу кичинекей балдардын аңсезимине ылайыктайт, бирок өзү жөнөкөйлөткөнү менен балдардын сезимталдыгына, эсине, таасирленгичтигине таң калат. Атанын тарбиясы сиңип калганын байкап өзү ошого ыраазы болот. Эдигей айткан уламыштарын көбүнесе кичүүсү Эрмекке ылайыктайт. Бирок кенже Эрмек өзүнөн улуулардан калышчу эмес. Эдигейдин өзүнүн эки кызы болуп, анын жомогун укандар төртөө болсо, ошолордун ичинен Эдигейге эң жакы-

ны Эрмек болчу, бирок анысын балдарга билгизбей, Эрмекти өзгөчө өнтөлөй берчү эмес. Баары бир Эдигейдин жомокторун аябай кызыгып укkан жана чалды-куйду өзгөртүп жакшы айтып берчүсү Эрмек. Эмне жөнүндө сөз болбосун, кандай окуя каеринен каякка бурулбасын ал бардыгын атасына байланыштыра салат. Ал үчүн өзү кайда жүрсө, эмне укса атасы дайыма жан бирге. Мисалы, мындай сөз болсо:

– Арал деңизинин жакасында камыш баскан көлдөр көп. Камыш аралап өңүп жүргөн мергенчилер андан көп. Жазгысын Аралга өрдөктөр учуп келет. Кышты башка жылуу көлдөрдө кыштап чыккан немелер салкындап келип, Аралга кирinип алууга ашыгат, сагынчын чыгарып ашыгат, ошол үчүн күндү күн дебей түндү түн дебей учуп жетип келишет. Жалгыз учпай, алар топ-тобу менен учат, деңизге жакындаган сайын учат, мергенчилер аңдып күтүп отурган камыштын үстүнөн каалгып учат. Ошондо камыштын ичинен оттор жаркылдап, түтүндөрү буркулдап, тарс-тарс үндөрү күрпүлдөп мылтык атылат. Ок жеген өрдөктөр чыңырган бойдон сууга барып кулайт. Аман калгандары корккonунан деңиздин ортосуна кире учат. Деңиздин ортосунда алар кантип жашамак да, кайда жашынмак? Толкундан толкундун белине көлбүп чыгып, чыңырып сүзүп жүрүшөт. Анткени өрдөктөр жээкке жакын жашап көнүп калган да. Эми жээкке жакындагандан коркот.

– Эдигей аке, бирок бир өрдөк келген жагына кайра кайрылып учуп кетпедиби.

– Эмне үчүн кайра учуп кетти?

– Аякта менин атикам матрос да, ал чоң кемеде сүзүп жүрөт. Өзүң айтпадың беле, Эдигей аке.

– Ырас, ырас, – деп Эдигейдин эсине түшөт. – Анан эмне болду?

– Анан өрдөк атикама учуп барды да, мергенчилер камышка кирип алып, бизди атып жатыры деп айтты. Жашай турган жерибиз жок деп айтты.

– Ырас, ырас, мунуң туура.

– Атикам, айтты өрдөккө, жакында барам деди, разъездде Даул, Эрмек деген эки бала бар, анан дагы Эдигей аке бар деди. Мен барганда деди, баарыбыз чогулабыз да, Арал деңизине барабыз, камышка бекинген мергенчилердин баарын кууп чыгабыз. Анан силерди эч ким атпайт, Арал деңизине учуп келип жашай бересиңер деди... Анан өрдөктөр сагынганда учуп келип, сүзүп ойношот, моминтип башынан оңко баш атып сүзүшөт...

Уламыш-жомоктору байыганда Эдигей төлгө тарта кетчү. Кырк бир коргол ташты дайыма жанына сала жүрөт. Илгертен калган ырымды колдонуп таштарга тооп кылып, ачык айтып, ак сүйлө деп өз алдынча күбүрөп, Абуталип кайда экен, жолу ачык бекен жабык бекен, аны айт деп, бешенеси жарык бекен бүркөө бекен, муну айт деп, көңүлү кирдүү бекен таза бекен, ушуну айт деп, төлгө тарта кетет. Балдар тегеректеп, таштардын экиден, бирден орду-ордун таап жатканына сыйкырданып карап турушат... Бир жолу Эдигей өзү өтүп баратып, тамдын бурчунан шыбыраган үн угуп калды. Акырын барып караса, Абуталиптин балдары экен. Эрмек төлгө тартып жатыптыр. Таштарды билгенинче жайгаштырып, ар бир ташты мандайына тийгизип, анан эрдине тийгизип өөп, күбүрөп жатыры:

– Сени да жакшы көрөм. Сен дагы эстүү, жакшы ташсың. Сен жаңылба, мүдүрүлбө, ачык айтып, ак сүйлө, Эдигей акемин таштарындай сүйлөгүн, – дейт да, агасы Даулга куду Эдигейдин төлгө жоруганынан салып жаткан таштарынын маанисин түшүндүрүп айтып жатыры. – Мына, көрдүңбү, Даул, жолу ачык, мандайы жазык. Мына бу жолу. Кичине тумандап турат. Кандайдыр бир туман турат. Ал эчтеке эмес. Эдигей акем айтат, бул жол азабы дейт. Атикам жолго камынып жатыптыр. Атка минейин десе басмайылы бош тартылып калыптыр. Мына, басмайылын бек тартты. Дагы

бекем тартса болмок. Демек атикамды кармап турган дагы бир кедерги бар. Көрдүңбү, Даул? Дагы күтөт экенбиз. Эми оң канатын карагын, сол канатын карагын. Канаттары, сынбаптыр, соо. Мунусу жакшы. Бешенеси эмне дейт? Кабагы салыңкы. Бизди ойлоп көңүлү тынч эмес тура, Даул. Жүрөгүндө болсо, мына көрдүңбү мобу ташты, ушул жүрөгү, жүрөгүндө сагыныч толтура, үйдү сагынып жүргөн турбайбы. Жолу качан ачылат экен? Жакында. Бирок атынын арткы бир бутундагы такасы бошоп калыптыр. Кайра такалабаса болор эмес. Демек дагы күтпөсө болбойт. Куржунунда эмне бар болду экен? Куржуну толтура базарлык турбайбы! Кана эми, жылдызы көтөрүлөр бекен? Мына бу жылдызды көрдүңбү, Алтын Казык. Атынын изи ошондон кетип барат. Алиги изи даана. Демек жакын арада Алтын Казыкта байланууу турган атын чечип минет экен да, атикам жолго чыгат экен...

Боронду Эдигей таң калганынан да мурда каңырыгы түтөп, билинбей алыстап басып кетти. Ошондон кийин төлгө тартканын да азайта баштады.

Бирок балдар бала жөнү менен, аларды эптеп сооротуп, жооткотуп, үмүттөндүрүп, күнөө болсо да керек учурунда убактылуу алдап койсо боло берет... Эдигейдин жүрөгүн эзген башка убайым жаралды. Ошол шартта, окуялардын ошондой жүрүшүндө бул убайым – жаралмак болуучу, жер көчкү сымал ордунан козголмок болуучу, андан кийин аны токтотуп ал...

Зарипа дегенде Эдигейдин заманасы куурулчу болду. Күнүмдүк тириликтен тышкары экөөнүн ортосунда башка сөз болбосо да, башка сөз болууга Зарипа эч качан кашын какпаса да, Эдигейдин ойлогону эле Зарипа. Эдигей аны жөн эле аяп, тагдырын билген башкалар өндүү жалооруп ойлобойт, анын башына түшкөн мүшкүлдүн баарына аралашып жүргөндүктөн жакын көрүп ойлобойт, андай болгондо бу сөздү козгоп не керек. Эдигей Зарипаны сүйүп ойлойт, ойлобой коё албай

ойлойт, мага таянса, мага берилсе, мен ал үчүн эчтеме-ден тартынбасымы билсе, мен ал үчүн баарына даяр экенимди сезсе деп ойлойт. Зарипанын назили берилген, назили ишенген, назили сүйгөн кишиси ушу Боронду экенин билген болсо, анда Эдигейдин бактысынан тоо жарылып, көл толкумак.

Ортодо эчтеме жок, болушу да мүмкүн эмес, Эдигейдин ниетинде бөтөнчө башка сезим жок дегенсип анткорлонуп жүрүштүн өзү кыйын экен!..

Кумбелге бараткан жолдо Эдигейдин ой-санаасында ушу болду. Эзилип бүткөн кези эле. Оюна ардеме келет. Алдыда жакын калган майрамы же төшөккө жыгылар кесели күтүп тургансыган кызык абалда. Ушул алмак-салмак келген сезим арасында ал баягысындай эле Арал деңизинде жүргөнсүйт. Деңизде жүргөн киши, теребели канчалык бейкут болбосун, түпөйүл кооптун дайыны такыр жок болгон күндө да, жерде жүргөндөй эмес, башкача сезет өзүн. Мелмилдеген толкун сууда сүзүп жүрүү, мейли зарыл иштер менен, канчалык көңүлдүү болбосун, күндүн чыкканы менен батканын суу бетинен чагылышкан кооздугу канчалык кооз болбосун, бирок баары бир жээкке жетиш керек да, бу жээк болбосо, тиги жээкке, иши кылып бир жээкке жетмейин болбойт. Өмүр бою сүзүп жүрө бербейсиң да. Жээкте болсо адам тирилиги. Деңиз бети күнүмдүк, жердин бети түбөлүк. Же жээкке жетип жабышуу кыйынга турса, анда деңиз ортосунан арал таап алып, ошол аралды турак жай, ат казык деп билүү керек. Анткенде Эдигейдин көз алдына элестеп кетет: ошондой арал табылса, Зарипаны балдары менен алып кетип, ошерде жашай бермек. Балдарды деңизге үйрөтүп, өзү тагдырына наалыбай кайра кубанып, өмүрүнө кеч киргиче ошол аралда турмак. Болгондо бир каалаганы: Зарипа дайыма жанында болсо, Зарипага өзүн керектүү, жакын сүйүктүү киши болсоң...

Ушинтип кыялданып жүрүп отуруп, бир маалда эсине келе калат да, тегерегинде жүз километрче издесең киши жолукпасын биле туруп, бети кызарып чыгат. Кыялың менен жерге кир дейт өзүн өзү, көңүлү жаңы козголгон өспүрүмдөн бетер арал издеп калганын, аерге сени ким чакырыптыр, аерде сага суутуп коюптурбу? Ошону кыялданган ушул Эдигей ээ? – Бүт өмүрүн үйбүлөгө, балдарга, ишине, темир жолго багыштап, жадагалса, Сары-Өзөккө байланган, жөн байланбай кан-жаны менен, дини-дили менен байланган Эдигейдин кыялы жанагы ээ?.. Зарипа миң кыйналган күндө да деги Эдигей ага керек бекен, эмне үчүн Эдигей өзүн эр ойлойт, эмне үчүн Зарипа жактырат го деп ойлойт? Балдарга калганда жөн башка,– өзү аларды жанындай көрөт, балдар да ага тартылып турат дайыма. Ошенткенде эле Зарипа аны каалап калмакпы? Турмуш алдагачан казыгына байлап, өмүрүң өткүчөктү ушерде турасың деп өкүмүн айтып койгон соң бул ойлорду ойлошко анын акысы калды бекен, жок бекен?..

Боронду Каранар нечен жолу өтүп жүргөн көнүмүш ийри сызма жол менен барар жердин алыс-жакын чамасын сезип, ээсин камчылантпай-теминтпей, кээде өзү оор онтоп, жеңил бакырып коюп Сары-Өзөктүн жонун жондой, жайыгын жайлай, бир замандардагы туздуу көлдүн түбүн тамандай майпаң басып, маң желип жүрүп барат. Эдигей болсо эки өркөчтүн ортосунда селкилдеп, өз ою менен алек, өз убайымы менен убара... Ою онго, санаасы санга чачырап ичи бышып кетет да, жанын коёр жай таппай, Сары-Өзөктүн ченем жеткис мейкинине башын катар коңул таппай кыйналат... Ичтен күйгөн күйүтү ошончолук белем...

Кабак-кашы ошо бойдон Кумбелге жетип түштү. Зарипа тууган-туушкандарынан зарыгып күткөн жоон каттар болсо экен деп, ырас ниет кылды, бирок, алар келип, жетим-жесир калган Зарипаны балдары менен көчүрүп кетеби деп ойлогондо Эдигей эки ача ойдун

ортосунда тайсалдап туруп калды. Почтадагы сурап кат алчу айнектен Зарипа Куттыбаеванын ысмына келген эч кандай кат жок деген жооп укканда Эдигей эмнегедир кубанып кетти. «Жок болсо жакшы болуптур», – деген, абийир-ызаатына ылайык келбеген ой кылт этти. Анан, бирок Зарипанын тапшырмасын так аткарды, үч телеграмманы үч адресине жөнөттү. Ошону менен кечке жуук кайра кайтты.

Ал ортодо жаз аяктап, жай башталды. Сары-Өзөктүн ыраңы күйүп кетти. Кылтыйган чөп унутулган түштөй бары-жогу белгисиз болду да калды. Саргайчу талаа дагы кайра саргайды. Аба кызыгандан кызып, жай чилдесинин илеби жакындап келатты. Куттыбаевдердин тууган-туушкандарынан дале болсо дарек жок. Алардан же катка жооп болбоду, же телеграммага жооп болбоду. Поезддер болсо Борондудан шака-шука өтүп жатты, өмүр-турмуш агылып кетип жатты...

* * *

Жазган каттарына жооп болбогондон кийин алардан жардам болорунан да түңүлдү Зарипа, каалабаган немелердин тынчын алып эмне кылайын деп эми жазганды да койду... Ал ансайын кайда көчөрүн, эмне кыларын билбей шалдайып, убайымы ичине чөгүп, түнт болуп кетти... Атасынын өлүмүн балдарына кантип угузат, эмне деп баштайт, бузулган турмушун кайра кантип оңдойт? Али күнчө жооп таба албайт.

Эдигейдин убайымы Зарипадан кем болбос. Зарипанын күйүтүн Борондулуктардын баары кошо тартышып жатты, бирок бул күйүттөн улам Эдигей дагы эмнеге кошо малынды, аны өзү гана билет, башка жан билбейт. Эдигей эми алардан өзүн бөлүп карай албай калды. Күн болсун, түн болсун ойлогон ою, санаган санаасы Зарипанын тегерегинде, анын балдарынын тегерегинде. Эми булар эмне болот деп ичтен күйөт, эми булар

кантип жашайт деп ичтен тынат. Бул ойлоруна кошумча дамаамат жанын кыйнаган ой: өзү эмне болот, Зарипага тартып турган күчтү кантип басып, кантип тыят? Жок, өзү да жооп таба албайт... Өмүрүндө ушундай ишке туш болом деп эч качан ойлобоптур...

Далай ирет Эдигей Зарипага ачылмакчы болду, аябай сүйөрүн, анын башына түшкөн баардык кыйынчылыкты өзүнө аларын, анткени каны-жаны аларга биригип калгансыганын ачык эле айтмакчы болду. Бирок кантип айтса болот? Кандайча айтса болот? Жалгыз башына каран түн түшүп отурган келинге, сүйүү эмес, күйүүсү менен убара болуп жүргөн келинге бул жүрөгүн сууруп алып барганы эп болобу? Итчилик эмеспи! Дайыма ойлогону ушу болуп, аргасы түгөнөт, түнөрүп кетет, сыртынан кадимкисиндей салабаттуу көрүнүшкө көп күчү зарп болду.

Анткени менен бир жолу сыпайы ишара кылып көрдү. Жолдун караар бөлүгүн кыдырып келатып, Зарипа цистернадагы сууга баратканын алыстан көрдү. Эриксизден ошоякка басты. Чакасын көтөрүшүп шылтоо издеген жери жок. Күн ара, же күн сайын жолдо бирге иштешет, сүйлөшсө ошерде деле канча убакыт, мүмкүнчүлүк бар. Бирок Эдигей дал азыр жанына барып, ичин жарып келаткан сезимин айтмакчы болду. Түшүнбөсө, кагып салса кайра жакшы, жаным тынч алып, муздап калармын деп кызуулана ойлоду... Зарипа аны көргөн эмес, жакындап келатканын байкабады. Цистернанын кранын ачып коюп, далысын салып турган. Бир чакасы толуп четте турат, экинчисине да толгон экен, суу ашып төгүлүп жатат. Кран жеткире ачылыптыр. Суу чакада кайнап, кырынан ашып төгүлүп, жер көлчүктөнүп барат. Зарипа аны байкабайт, цистернага жөлөнгөн калыбында башын саландатып, ою алыста окшойт. Былтыр нөшөргө кириген чыт көйнөкчөн экен. Эки чыкыйындагы, кулак артындагы тармалдан-

ган чачын көрүп, Эдигейдин эсине Эрмек түштү. Ал апасын тарткан.

Зарипа моюну ничкерип, эки ийини шалдайып азгын, колу бош саландап, суунун шылдырап куюлганынан Жети-Суу тоо суулары менен арыктарда шылдырап акчу суулар эсине түшүп кеткенби, же башка бир ойго кирип кеткенби? Ким билет. Ушунчалык жакын көрүнүп, кучактап алып эркелеткиси, кайгы-күйүтүнөн коргоп-калкалап алгысы келип, Эдигейдин жаны кейип кетти. Бирок антишке даабады. Унчукпай келди да, крандын вентилин бурап сууну токтотту. Зарипа таң калбады, Эдигей мандайында эмес алыста тургансып, оюнан жай ойгонуп, тунара тиктеди.

– Эмне? Эмне болду? – деди Эдигей боорукерленип.

Зарипа эчтеме дебеди, уурту бүлк этип күлүмсүрөп койду да, эчтеке эмес, жөн эле деген кыязда кашын кагып, көзү жалжылдай карады.

– Кыйналып турасыңбы?– деп Эдигей дагы сурады.

– Ооба, – деп Зарипа оор үшкүрдү.

Эдигей айласы кетип, ийин куушурду.

– Жаныңды эмне мынча кыйнайсың? – деди муну айткысы келбесе да жемелеген болуп. – Канчага чейин ушинте бересиң? Мындан эч жеңилдик жок да. Сени карап туруп биз да (мен да деп айтмакчы) кыйналабыз, балдар да жүдөйт. Түшүнчү. Мунуң жарабайт, – деп жатты да, бу дүйнөдө аны Эдигей гана аярын, ага Эдигей гана күйөрүн, анткени аябай сүйөрүн билдирер сөздөрдү издеди. – Өзүң эле ойлоп көрчү. Катына жооп беришпесе койсун, кудай алсын ошолорду, аларсыз куруп кетпейбиз. Сен менен биз (мен – дегени) бир үйдүн бүлөлөрүндөй эле болуп калбадыкпы. Анча чөгө бербегин. Кайраттанып иште. Балдар буерде биздин (менин жанымда – дегени) арабызда кор болбой чоңоёт. Орду толот деген ошол. Дагы бир жакка көчөм деп эмне кыласың? Буердегилердин баары сага жакын. Мен болсом, өзүң билесиң, сенин балдарыңды бир күн көрбөй

тура албайм. – Мына ушинтип токтоду. Мындан артык ачылууга батынбады.

– Баарын түшүнөм, Эдике,– деди Зарипа. – Ыракмат. Силер менен кор болбосумду билем. Бирок баары бир буерден кетпесек болор эмес. Каерде эмне болгонун балдар унуткандай болсун. Мына ошондо аларга чындыкты айта алам. Минтип жашырып качанга жүрмөк элем, аны өзүң жакшы түшүнөсүң... Ошону ойлоп, оюм ордунда эмес...

– Аныңын жөнү бар дечи, – деп Эдигей кайра макул болду. – Бирок ашыкпа. Дагы ойлон. Тырмактай балдарың менен кайда барасың, кандай күнгө туш болосуң? Аны ойлосом, силерсиз кантем деп, мен быяктан корком...

Чын эле Эдигей балдарды ойлоп, Зарипаны ойлоп корко берет. Ошол үчүн алардын эртеңки күнүнөн наркы тагдырын ойлоого даабайт, бирок бу калыпта тура бербесин да түшүнөт. Ушу сөздөн үч-төрт күн өткөндөн кийин бир жолу ичиндеги сырын бүт айтып салып, анан өзүн өзү жемелеп көпкө кыйналып жүрдү.

Баягы Кумбелге барганда Эрмек чач тарачтан коркуп чачын алдырбай койчудан бери көп айдын жүзү болду. Бала дале бойдон тармал чачы сеңселип, алдырбай келет, өзүнө жарашканы менен эрке тентектин чачын алар маал да болуп калды. Ылайыгы келгенде Эдигей тармалданган төбөсүнөн өөп, баланын жытына маашырканат. Анан калса чачы ийинине куюлуп, ойногондо жүдөтүп жиберет. Бала болсо чачын алдырат дегенди, чачы жок калат дегенди элестете албайт. Ошондуктан мойноп көнбөй жүрдү эле Казангап көндүрүп коюптур: чачы узун балдарды улактар жаман көрөт, кыжыры келип сүзө берет деп коркутуп салыптыр.

Анан алдыргандагы жоругун айтпа, дүйнөлүк алаамат быякта калат! Баштаарын баштап алып, бүткөрсөчү деп Зарипа айтып жүрдү. Айлабызды кетирди дейт. Бакырып ыйлап, туйлап-жулкунган экен, Казангап ка-

димкидей эле күчкө салып, эки тизесинин ортосуна кысып отуруп, машинка менен араң алып бүтүптүр. Разъездди төбөсүнө көтөрө бакырды дейт бала. Чачын алып бүткөндө да басылбаган баланы сооротом деп боору ооруган Бүкөй күзгү апкелип кармай берсе, карачы, татынакай бала болуп калдың десе, бала күзгүдөн көргөн көзүнө ишенбей ого бетер чатак салыптыр. Зарипа баланы бакырткан бойдон Казангаптын үйүнөн жетелеп бараткан экен, жолдон Эдигей жолукту.

Чачы такыр алынган Эрмек мурдагы көзгө көнүмүш кебетесине окшобой, моюну алманын сабагындай ничкерип, эки кулагы эле калыптыр делдейип. Ыйлаган бойдон апасынын колунан жулунуп алып, Эдигейге чуркады.

– Эдигей аке, карачы, башымы эмне кылышты!

Ушунчалык болосуң деп бирөө мурунураак айткан болсо Эдигей ишенбейт эле. Чуркап келген баланы жерден көтөрүп ала коюп, бооруна бекем кысып, коргоп алары жок калгандай мунканып, Эдигейге ишенип арызданып ыйлаганын көргөндө кордукту өзү көргөндөн бетер жанына катуу батты, баланы өпкүлөп, каңырыгы түтөп кетти, эмне деп жатканын өзү билбей эт-жүрөгү элжиреп сүйлөй берди:

– Ыйлабачы, кулунум! Ыйлабачы! Мен сага атадаймын, эч кимге кор кылбайм! Сени атандай алпечтеп албасамбы, болгондо ыйлабачы! – Мандайында элейип карап турган Зарипаны көрө сала чектен ашып кеткенин билип, алдастап шашып калды, баланы көтөргөн бойдон дагы бирдемелерди кобурап, тескери басып кетти. – Ыйлаба! Ушу Казангаппы, мен азыр ага көрсөтөм! Азыр эле көрсөтпөсөмбү, кап сени, Казангап, карап тур! Мына азыр, азыр аны карап тур!..

Ошондон кийин бир топ күн Эдигей Зарипадан жалтанып качып калды. Баамында Зарипа да ага жолугуудан ийменип жүрдү окшойт. Ансыз да убайым менен убарасы чачынан көп байкуш келинди байкоостон уял-

тып алганына Борондуу Эдигей жанын коёр жер таппай өкүнүп жүрдү. Өзү ушул ахыбалда болсо, үстүнө дагы убайым кошуп бердиби? Эдигей өзүн кечире да, актай да албады. Эрмек калканчы сурап боюн таштап, моюнунан бек кучактап арыздана солуктап ыйлаганы, ошондо Эдигейдин жүрөгү элжиреп, каңырыгы түтөгөнү, Зарипа аны алая карап, арыз-арманынын баардыгы көзүндө турганы – ошол учур Эдигейдин жадына өмүр өткүчө өчпөс так болуп басылып калды.

Ошо бойдон Эдигей чээнге киргенсип көпкө унчукпай калды. Ичине каткан бугу жарып кетпесин деп, эрмеги балдар болду. Башка айла жок. Колу бошой калса эле балдар менен болот да, көбүн кайталап, көбүн жаңы эстеп, деңиздин баянын айтып бере берет. Балдардын жактырган сөзү да ушул. Ак чардактарды, балыктарды, келгин куштарды, Аралдын аралдарын, аерде сакталып калган, башка жактарда жоголуп кеткен жанжаныбарларды жомоктоп айтып отурат. Балдарга аңгеме куруп берип отуруп, Эдигей Арал деңизиндеги өз башынан өткөн бир окуяны эстей берчү болду. Аны эч кимге айтчу эмес, балдарга тиешеси жок эле. Аны Үкүбала экөө гана билүүчү, бирок өз ара эскеришчү да эмес. Ал каткан сыр чарчап калган тун уулу жөнүндө. Ал азыр тирүү жүрсө Борондунун бу балдарынан алдаганча улуу болмок, атүгүл Казангаптын Сабитжанынан эки жаш улуу эле. Бирок эрте кетти. Ата-эне кургур баланы көп жашайт, өмүрү узун болот, ченемсиз узун болот, чеги көрүнбөгөн узун өмүрлүү бала туулат деген үмүт менен күтөт да, болбосо бала күтүп, азабын тартып эмне?

Ошол балыкчылык кесипте жүргөн жаш кезинде, согуш чыгардын алдында Үкүбала экөө бир кызык окуяга туш болушту. Кыязы андай кызык окуя өмүрдө бир жолу гана болуп, анан кайталанбаса керек.

Үйлөнгөндөн кийин Эдигей деңизде көп кармала албай үйүнө эле шашып турчу. Үкүбаланы ысык сүйчү. Ал күтүп отурганын элестетип, чыдай албай кетер эле. Эди-

гейге андан артык аял жок эле анда. Эртерээк жетсем деп чыйпылыктаганы менен убара болуп жүрүп, жумушун аяктачу. Ал өзүн Үкүбала үчүн гана жаралгандай, аялы үчүн гана жашап жүргөндөй сезчү, деңизден алган кубатын, күндөн алган кубатын күтүп отурган аялына алпарып берүү үчүн жүргөндөй, алпарып бергенде гана экөөнүн бактысы, бактысынын толтосу жаралчудай ойлочу, калган нерсенин баардыгы экөөнүн бактысын байытуучу гана кошумча, күн менен деңизден алган кубат экөөнө тарагандагы жыргалдын көмөктөшү деп билчү. Анан бир күнү Үкүбала өзүндө кандайдыр өзгөрүш болгонун, боюна бүткөнүн сезген соң, жакында бала көрүп, эне болорун билдирген соң деңизден эртерээк кайтып, аялына эртерээк жеткиче шашкан Эдигейге эми тун баланы көрөм буйруса деген жалындуу үмүт кошулду. Асманында томуктай ала булут жок жыргал чак экен экөөнүн ал кездеги турмушу.

Күз аяктап, кыш түшөр мезгилде Үкүбаланын бетине сепкил түшө баштады. Курсагы бөрсөйүп билинип калды. Бир жолу айтып калды, алтын мекре деген балык кандай болот деп. «Айткандарын уктум эле, бирок өзүн көрө элекмин», – деди дагы. Осетрдин түрүнө кирген балыктардын бири, деди Эдигей, суу түбүндө жашайт, кадыресе чоң болот, бирок аны андыткан касиети эле сырт сулуулугу: чымкый көк-чаар келет да, төбөсүнөн баштап, арка чемирчегин кырдап куйругунун учуна чейин таза алтындай түс берип жылтылдап турат. Алтын мекре деп аталып калганы да ошондон.

Кийин дагы бир жолу алтын мекре түшүмө кирептир деди Үкүбала. Мени айлана сүзүп жүрүптүр дейт, кармайын деп кармай албай койдум. Кармап алып, анан кайра коё берейин дедим эле дейт. Кармап эле алтын денесин сезсем болот эле дейт. Эңсеп калганы ушунчалык, колго тутуп көрсөм дегени ушунчалык, түшүндө кубалап жүрүптүр. Балык болсо ойкуп-кайкып карматпайт. Үкүбала ойгонуп кетип, бир чоң максатына жет-

пей калгандан бетер умсунуп отурат. Өзүнчө күлөт, бирок ойгоосунда деле алтын мекрени эңсей берчү болот.

Эдигей түшүндү, балыкка салган торун деңизден тартып жатып да ою алтын мекреге айланчыктап туруп алчу болду, анткени Үкүбаланын түшүнө да кирип, өңүндө да эңселеткени талгак болгону эле. Талгагын кандырыш үчүн кантсе да бир алтын мекре кармабаса болбосун билип, Эдигейдин ой-максаты да ушуга байланды. Деги катындын талгагы ар кандай болот эмеспи: бири ачкыл-кычкыл ачуу эңсейт, башкасы кийиктин этине же илбээсиндин куурдагына талгак болот. Балыкчынын аялы сейрек жолукчу балыктын этине талгак болбогондо эмнени эңсемек эле деп Эдигей таң калбады, кайра кубанды. Ал өзү алиги балыкты кармап, алтынын көрсөм деп жүрсө, эми шылтоо табылбадыбы. Аялдын талгагы канбаса ичтеги бала бирдемеден кемчил болуп калат деген сөздү Эдигейдин уккан жайы бар.

Анан калса, Үкүбаланын талгагы башкалардыкынан башкача болду. Өзү батынып ачык айта албайт, ал каалаган балыкты кармай алабы-жокпу, анысын айкын билбеген соң Эдигей да тактап даана сурай албайт. Обол мурун алтын мекрени кармамак болду, анан эңсегениң, чынында ушу беле деп сураса жөндүү болор деди өзүнчө.

Балык кармоонун маалы жайдын июлунан күздүн аягы ноябрга чейин болчу эле, Үкүбаланын эңсеген учурунда балык сонору өтүп кеткени бараткан. Кыштын ызгаар илеби ичиркентип калган кез. Артель кышкы балыкчылыкка камынып жаткан. Кышында бир жарым миң километр аралык тегерете курчаган Арал деңизи калың муз жамынып жатып алат. Анда ар жерден чоң-чоң оюк оюп, бир оюктан салмоор байлап таштаган торду башка оюктан баягы эле талаа жердин талыбаган мээнеткечи төөлөргө тарттырып чыгарат... Шамал уюлгуп турган муз үстүндө торго түшкөн балык бүлк этүүгө алы келбей көк муз оронуп таштай селейе катат... Ар-

телде жүрүп жайдыр-кыштыр канча балык кармашпаса да, баалуу-баасыз балыктардын неченин кармабаса да, торго алтын мекре түшүп келгенин Эдигей көргөн эмес. Ал балыкты кээде же кайрымак, же алдамчы жылтырак тиштетмей менен кармап, балыкчылар ал күндү майрамдап жүргөнүн билет. Алтын мекре кармады баланча деп, ал окуя алыс аймакка далай күнгө сөз болор эле.

Деңизди муз тиштеп кала электе үйгө балык кармап келейин деп, Эдигей ошо күнү эртеменен эрте кетти.

– Үйдө балыктан көп неме жок. Дагы чыгып эмне кыласың! Суук да түшүп калды, – деп алтүндө Үкүбала көп эле какшаган.

Эдигей жок дегенин бербеди.

– Үйдөгү үйдүкү,– деди ал. – Сагын жеңе төшөк тартып жатып калды дебединби өзүн. Чоң мурут же жерех балыктын жаш этинин жаңы шорпосунан ичсе ысыктанар эле. Андан өткөн дары барбы. Карыган байкуш кемпирге ким балык кармап келип бермек.

Ушул шылтоону айтып эрте кетти. Оюнда алтын мекре кармоо. Керектүү кайрымак-жабдыктарын кечээ кечтен эле даярдап койгон. Анын баарын кайыктын тумшугуна салды. Өзү жылуулана кийинип, үстүнөн баш жапкычы бар жамгырдан калкалаар плащь кийди да, сүзүп жөнөдү.

Күз менен кыштын тогошкон кези, күн боз чалып, аба толкуп турду. Алтын мекре болсо ошерде болор деп болжолдоп, Эдигей кайыкты деңиздин ачык ортосуна айдады. Болор-болбосу буйрукка жараша эмеспи, анткени мергенчилик кесипте кайрымакка балык уулоо дегенден ишенимсиз нерсе жок. Кургакта го мергенчи менен кийиктин акыры басканы жер үстү, андып атабы, өңүп барабы, же кийиги сезип качабы, иши кылып жер үстүндө жүрөт экөө тең. Суу түбүндө эмне жүргөнүн ким билиптир. Балык барбы-жокпу, келеби-келбейби, жемди тиштейби-тиштебейби – эчтемеден дайын жок муз үстүндө титиреп отурасың.

Балык кармап азык жыйноого эмес, кош бойлуу аялынын ыйык талгагына балыктын машаягын кармасам деп келди, ошол үчүн жолу болуп калса ажеп эмес деген ниетине ишенет.

Ошол ниетте сүзүп баратты. Калак сузганга жаш Эдигей мыкты болчу. Кайык боорунан агылып, калактан куюлуп турган такаты жок сууну шилеп, калкылдаткан толкун үстүндө кайыгын деңиз ортосуна айдай берди. Мындай толкунду Аралдын балыкчылары ийрек толкун деп коюшат. Ийрек толкун катуу шамалдын кабарчысы. Бирок ийрек толкундун өзү коркунучтуу эмес, чочулабай сүзө берсе болот.

Жерден алыстаган сайын таманы чопо, кырбусу таштак жардуу жээк толкун улам жаба берип шарпылдап, кичирейгенден кичирейе берди да, бара-бара мунарыктап, анан таптакыр эле мунарланган ийрелең сызык болуп калды. Төбөдө чуудалуу булуттар салаңдап, эки ортодо сыдырым шамал суу бетин жалмалап жатат.

Эки сааттай сүзгөндөн кийин Эдигей кайыгын токтотуп салмоор таштады да, шаймандарын даярдай баштады. Анын эки чыгырык жиби, кайрымак кылып керектүү ченде токтотор тогоосу бар. Бирин кайыктын куйругунан таштады да, салмоор тарткан жип ачанын ортосунан жүз метрче терең түшкөндө дагы жыйырма метрче дайын калтырып байлап койду, экинчисин кайыктын тумшугунан ошондой эле кылып таштады. Анан өзү суу агымы менен шамалда кайыкты бир багытта кармап туруш үчүн, эки кайрымактын кыл-жиптери чатышып калбасын үчүн калактарды колго алып, сууга матырып кармап отурду.

Ошентип күтө берди. Болжолу боюнча дал ушундай жерлерде алиги талгак кылган балык болушу мүмкүн. Көрүп жүргөн далили жок, жөн гана туюк сезим. Бирок алтын мекре келер деген үмүтү күч. Ансыз үйүнө кантип кайтат. Алтын мекре ага тамаша эмес, өмүрүндөгү эң маанилүү ишке керек.

Балыктар көп күттүрбөй бар экенин белги берди. Бирок көксөгөн балык эмес. Обол жерех түштү. Бул алтын мекре эмес экендигин Эдигей тартып келаткан-да эле билди. Чү деген жерден алтын мекре түшө коймок беле. Анда бу дүйнөнүн кызыгы жок, даамы супсак болуп калбайбы. Алтын мекре деген тердетип-чарчатып түшүүсү керек, антүүгө Эдигей даяр. Андан кийин Аралдын балыктарынын алдыңкысы болбосо да алдыңкысынын бири – чоң мурут түштү. Аны да сууруп алып, кеңгирете башка чаап, кайыктын түбүнө таштады. Эмнеси болсо да тумоолоп жаткан Сагын жеңенин шорполугуна жараар балык болду. Дагы бир балык түштү, тран дейт, Аралдын лещи. Муну кайсы шайтан айдап келген буякка? Адатта трандар калкып үстүгө жакын жүрчү эле. Мейли, өз айыбы өзүндө. Ошондон кийин көпкө эчтеме илинбей, жаман зарыктырды... «Болбойт, баары бир күтөмүн,– деди Эдигей өзүнө. – Мен айтып чыкпасам да алтын мекреге кеткеними аялым билип отуру. Атам алтын мекрени кармап көрсүн деп, карындагы балам каалап жатпайбы. Ал эмнеге алтын мекрени гана каалап калганын ким билсин. Апасы да ошону каалап калыптыр, мен атасы болсом, экөөнүн каалоосун аткарбасам аталыгым кайсы».

Ийрек толкун ийрендеген адатына салып, кайыкты аркы-терки айланта берди. Кыймылдабай отурганга үшүй баштаган Эдигейдин эки көзү тиги эки ачадан түшүп турган эки жипте, качан дирт этип тартылар экен деп телмирет. Кайыктын тумшугунан да, куйругунан да белги жок. Эдигейдин азырынча жадап кеткен жери жок. Алтын мекре илинет деп ал билип отурат, ишенип отурат. Ийрек толкундар гана күчөгөндөн күчөп барат, деңиз саал асталай турса болот эле? Эмне мынча толкуду? Шамалы болсо азыр эле келе койчу чак эмес. Кечке жуук же түн ичинде гана кадимки алабаш толкундар күркүрөп-шаркырап жини келер. Ошондо Аралды көрүп ал, башынан аягына ак көбүк жамынып боркулдап кайнап

чыгат, ошондо эр болсоң сүзүп көр да, жакындап көр. Азырынча убакыт бар, отура турса болот...

Үшүгөндөн үксүйүп, эки жагын анда-санда абайлай карап коюп, Эдигей деңиздин түбүндөгү дайынсыз балыгын күтүп отуру. «Эмне мынча күттүрөсүң, сен да кызык экенсиң, менден коркпогун,– деп ойлоп отуру. – Коркпогун дебедимби, кайра сууга коё берем өзүңдү. Ошондой да болчу беле дейсиңби? Көрөсүң го – болот! Сени мен бышырып жеп алайын деген ниетим жок. Тамак-аш, балык деген чыгдан толтура. Мына кайыктын түбүндө эле үч балык жатат сулайып. Сени ач болуп ушунча күтүп отуру дейсиңби, алтын мекре? Тун балам туулар кез, билсең! Кечээ жакында сен аялымдын түшүнө кирипсиң, ошондон бери ал сен дегенде ак эткенден так этет, мага атайылап айтпаса да билип турум. Айтып сага түшүндүрүп бере албайм, бирок аялым сени кармалап эле көрсүнчү, анан сени сууга кайра коё берем, айтты-айтпады дебегин. Сен көп балыктын бири эмессиң, айрыкчасың, кеп ошондо болуп жатпайбы. Төбөң алтын, куйругуң алтын, кыр аркаң менен канаттарың алтын, сен да биздин ахыбалыбызды билсең боло. Аялым сени түшүндө эмес, өңүндө көрсөм деп эңсейт, алтын мекре деген сенби деп кармалап, салаам санап, алаканым сезсе дейт. Сен балык болсоң эле кишилерге эмне тиешем бар деп ойлобо. Сен балык болсоң да аялым сени сиңдисин сагынгандай, инисин сагынгандай сагынып жүрөт, баласын төрөөр алдында бир көрсөм деп эңсеп жүрөт. Жатында жаткан балага да шарапатың тиер дейм. Мына кептин чордону. Алтын мекре, достук кылып, жакшылыгың аяба. Кел бери. Таарынтсам өлөйүн. Айткан сөзүм ушул! Ниетимде арамдык болсо сен алда качан сезмексиң. Кайрымакка келе кой, муштумдай эт сайып, эки кайрымак салып отурам, каалаганыңды тандап ал. Алыстан жыт-даамы сезилсин деп этти кичине көңсүтүп койгон болчумун. Тартынбай келе бер, жамандыкты ойлобо. Эгер мен алдамчы жылты-

ракты салсам го, сен биринчи ошого чапмаксың, бирок анткенде менин абийирим калабы. Жылтыракты жутарын жутуп алып, анан ичинде темир сактап кантип жашайсың, мен сени кайра сууга коё берген күндө да оңбой калбайсыңбы. Анда мен алдаган болмокмун. Антпей сага чын кайрымак салып отурам. Эрдиң саал жырылар, ал эчтеке эмес. Тумчугам деп коркпогун, ала келген чоң чаначым бар. Чаначка суу толтурам, убактысынча сен аерде жата турасың анан кайра деңизине коё берем. Мен бул жерден сенсиз кетпеймин. Убакыт болсо өтүп жатыры. Шамал катуулап, толкун күчөп келатканын сезбей-билбей турасыңбы, менин тун балам атасыз жетим туулуп, жетим өссүн деп турасыңбы? Кой антпе, жакшылап ойлон да, мага жардам бер...»

Кыш алдындагы сурданган деңиз бетине күүгүм кирип келатты. Бирде толкун минип калкып чыгып, бирде ылдый түшүп толкун арасында көрүнбөй калып, кайык жээкке келатты. Акжалданган толкундарды жиреп араң келатты. Деңиз күр-шар добуш салып, ичинен кайнап, ары чайпалат, бери чайпалат, албуутанып катуу жүрчү сүрү бар. Муздай муздак чачырандыларды бетке чаап, эки калактагы эки кол суу менен суукка кара-көк болуп шишип чыккан.

Үкүбала жээкте жүрдү. Эринен теке-тука болуп отура албай, жээкке келгенине көп болгон. Балыкчыга тием дегенде талаадагы туугандары канча какшап айтты эле: эртелеп өзүңдү түйшүктүү турмушка чегербей ойлонсоң боло оболу, сен балыкчыга тийбей эле балык сүзгөн деңизге тийип жатырысың, көз жашыңды көл кылып деңизге куюп, деңизден тилек тилеп жүрөрсүң далай жолу. Үкүбала Эдигейге берген сөзүнөн кайтпады, эрим эмне болсо мен да ошомун деди...

Айтканындай болду. Анан калса бу жолу артель болуп чогуу кетпей жалгыз кетпедиби, күн күүгүмдөп бара жатыры, деңиз толкуп тынчы кетип жатыры...

Бирок, тигине, ак жал толкундардын арасынан сереңдеген калак менен кайыктын тумшугу көрүнө калып жатыры. Жүн жоолугун курчана оронгон бөрсөгөй курсак Үкүбала так суу мизине, толкун жаба берип жаткан жээкке келип, Эдигей сүзүп жетмейинче карап турду. Толкун өмгөктөп келип, кайыкты кумга матырды. Эдигей ыргып сууга түштү да, кайыгын өгүзчө сүйрөп, кургак жээкке алып чыкты. Чарайна суулуу, түз суулуу Эдигей белин түзөп тура бергенде Үкүбала жетип барып, тоңгон плащь ичиндеги суу болгон муздак моюнунан кучактады.

– Карап отуруп көзүм тешилди. Ушунча да жоголуп кетесиңби?

– Кечке күтсөм илинбеди, акыр аягында араң келип берди.

– Эмне, сен алтын мекре кармап жүрдүңбү?

– Ийи, суранып-тиленип жатып араң кармадым. Карап көрсөң болот.

Эдигей кайыктан суу толтурулган чоң чаначты сүйрөп чыкты да, алтын мекрени суусу менен жээктеги шагылга төктү. Чоң балык экен. Бакубат, сулуу балык экен. Алтын куйругу менен кутургандай жер чапкылап, бир ийилип, бир түзөлүп, нымдуу майда шагылды нарыдан-бери чачып мөңкүчөк атып, кызгылт оозун чоң ачып, деңизге умтулат, өз дүйнөсүнө, өз толкундарына жүткүнөт. Байкоосуз туш болгон дүйнөнү карап алайынчы дегенсип, бир маалда балык көз ирмемге тырп этпей жатып калды да, ирмелбеген тегерек тунук көзүн кадады. Бейтааныш дүйнөнүн кечки акшам шооласы эңгиретип, балык ошол арада үстүнөн эңкейип тиктеп турушкан кишилердин жалжылдаган көздөрүн көрдү, кыр жээкти, сур асманды, анан алыстан-алыстан, ала булут тамылжыган көк жээктен көз уялтып батып бараткан күндү көрдү. Деми кыстыга баштады. Балык кайра мөңкүдү. Сууга жетсем деп туйлап, далбастап жиберди. Эдигей алтын мекрени бакалоордон алды.

– Колуң тос, карма,– деди Үкүбалага.

Үкүбала балыкты эки колдоп баладай кармап, боорына кысты.

– Кырчын солкулдагын ай! – деп балыктын серпилип турган ички күчүнө жетине албай Үкүбала кубана шаңк этти. – Оордугун кара! Бах, деңиз жыттанат! Сулуу балык экен! Ме, Эдигей мен ыраазымын, абдан ыраазымын! Каалаганым кабыл болду. Коё берчи суусуна тезирээк.

Эдигей алтын мекрени деңизге алып жөнөдү. Бет алдынан жаба берип жаткан толкунга карабай тизесине жеткиче суу кечип барып, балыкты колунан жылбыштырып коё берди. Колдон суурулуп түшүп бараткан ирмемде балыктын төбөсүнөн куйругунун учуна чейинки алтынданган жаркыны күңүрттөнгөн коюу абаны бир жарк эттирип алды да, сууну шарпып тереңге сүңгүп кирип кетти...

Катуу шамал, чоң толкун деңизде түнкүсүн жүрдү. Тамдан сырткары жар астында деңиз күркүрөп-шаркырап жатты. Бороондун кабарчысы болгон ийрек толкундар бекеринен пайда болбосуна Эдигей эми ишенди. Ал учур түн ортосу болуучу. Күрүлдөгөн деңиздин доошуна кулак төшөп жатып, Эдигей өзүнүн тилеп алган мекресин ойлойт. Кайда жүрөт болду экен азыр? Деңиздин тереңинде мынчалык толкун жоктур да. Өзүнүн тереңинде каалгый сүзүп үргүлөп, алтын мекре да жогору жакта толкундар күр-шар жүрүш кылып жатканын угуп турар. Эдигей өзүнчө магдырай жылмайды да, уйкуга көзү илинип баратып, колун аялынын жүрөк алдына коюп, ичтен бир жан туйлаганын туйду. Ал туйлаган тун баласы кабар айтып жатканы, Эдигей магдырай жыргап жылмайды да, уйкуга кетти.

Жыл айланбай согуш чыгарын, турмуш аңтар-теңтер болорун билсечи ошондо, өзү деңизден биротоло кетип, аны кийин эскерип гана каларын билсечи ошондо... Айрыкча не бир катаал күндөр башка түшөрүн билсечи ошондо...

*Бу кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

*Темир жолдун эки тарабында жер өзөгү, ээн талаа эрме чөл Сары-Өзөк жатат...*

Борондуу Эдигейдин эсинен кеткис болгон ошол азаптуу элүү үчүнчү жылдын кышы да эрте түштү. Октябрдын этегинде эле кар боройлоп, суук тапатаңдан катуу келди. Мынчалык эрте түшкөн кыш Сары-Өзөктө болбосо керек эле. Өздөрүнө, Зарипага Кумбелден картөшкө апкелип койгону абзел болгон экен. Билгендей шашыптыр. Товарняктын ачык тамбурунда келгенче эле картөшкө үшүк жеп калар деп, кийинкисинде төөчөн барган. Үшүгөн картөшкө апкелип куру убара болгуча деп, Борондуу Каранары менен барды да, ошердеги кишилердин жардамы менен эки чоң капты теңдеп артып, үстүнөн кийиз жаап, шамалдан калкалап астын кымтылап, өзү үстүнө очоё отурду. Каранар турганда Эдигей пил мингенсип эле калды. Мингич пилдер болорун кечээ жакынга чейин бу жерликтер билчү эмес. Күзүндө станцияда Индостан киносун көрсөткөн. Кулак угуп, көз көрбөгөн бул өлкөнүн киносуна ынтызар болуп, станциянын эли кары-жашы дебей жабыла каптады. Кинодо түгөнбөгөн ыр-бийлердин арасында пил минип, токойдогу жолборсторго мергенчилик кылганды көрсөтөт экен. Эл менен кошо Эдигей да көрүп калды. Профсоюздун жалпы чогулушу болуп, Борондудан разъезддин начальниги экөө делегат болуп келишкен. Чогулуш бүткөндө депонун клубунда алиги Индостан киносун көрсөттү. Сөз ошондон башталган. Кинодон чыгып бараткан темир жолчулар пил мингендерге таң калып, аркы-терки сөз кылып жатышты. Ошондо бирөө бакылдап калды:

– Ой, анын эмнесине таң каласыңар, мобу Эдигейдин Борондуу Каранары пилден кем бекен! Канча жүк артсаң да быш этип койбойт го жаныбар.

– Аның туура,– деп тегеректегендер күлдү.

– Пилиңди койчу ары! – деди дагы бирөө.

– Пилиң ысык жактарда гана жашай алат. Биздин Сары-Өзөктүн кышына апкелип көрчү, доңуз коон калар бат эле. Каранарга кайдан жетсин!

– Эй, Эдигей, бери карагын, эй, Боронду, сен деле Каранарыңа жанагы Индостандын пилдерине орноткон кепедей кепе жасап, кошо комдоп койбойсунбу? Тигилердин байларындай болуп чалкалап түшүп жүрө бересиң!

Эдигей күлүп кутулду. Жолдоштору тамаша чегип жатса да, өзүнүн атактуу Каранары туурасындагы мактоо сөздөргө корстон...

Мактанган Каранарынын азабын Эдигей ошо кышта аябай эле тартты белем...

Ал кышкы чилдеде болгон алиги күнү болсо жолдо келатып, калың жааган карда калды. Кар мындан мурун да бир-эки жаап, кайра бат эрип кеткен. Бу жолу лапылдатып катуу келди. Сары-Өзөктүн асманын боз чаар күүгүм басып, калың кар бороилоп берди. Тегеренип келип, бет алдынан да урат, артынан да жабышат. Жанга баткан суук жок, бирок жака-моюнга кирип эрип, жүдөтөт. Баарынан да тегерегиң көрүнбөй, жол билинбейт. Айланы түгөтчүдөй. Сары-Өзөктүн ээн талаасында баш калкалай турууга жолду катар эчтеме жок. Боронду Каранардын күчү менен сезимине ишенбес башка арга калбады. Мал жолунан адашпайт эмеспи. Эдигей бууранын башын бош койду да, жакасын көтөрүп кымтыланып, чүмбөтүн чүмкөнүп, тегерегинен көзгө бирдеме чалынар бекен деп, жылчыя тиктеп кете берди. Уюлгуган чаар ала дүйнө, түбү көрүнбөйт... Ээси эми ага ээ болбой калганын, ошол үчүн ком үстүндө дымы чыкпай отурганын сезген Каранар бороилогон карды тоготпой, жүрүшүн басаңдатпай жүрүп отурду. Кардуу ээн талаада итапкан жерге чым этпей маң-маң жүрүш оңой күч бекен. Кубаттана күрпөң адымдап, ысык деми көк буу

болуп үйлөнүп, үстүндө унчукпаган ээсин бир калыпта термеп, кээде жырткычтай бакырып коюп, кээде узарта боздоп, бет алдыдан жабалактап учкан карды жиреп, чарчабастан, токтобостон кете берди...

Ошо күнкү жолдун узактыгын кантесиң. «Эртерээк эле жетсек болот эле»,– деп ойлоп, үйгө барарын элестетип, үйдөгүлөр мындай күндө жолоочубуз кантти деп тынчы кетип жаткандыр дейт. Үкүбала ыйлап-сыктап атпаса да, ичинен аябай теке-тука болот. Оюндагысынын баарын оозунан чыгара берчүлөрдөн эмес ал. Эмне болду деп, балким, Зарипа да ойлогондур? Ойлогон чыгар. Ал төтөн үн чыгарбайт, кайра жеке кездешип калуудан, сүйлөшүүдөн боюн ала качып жүрөт. Качып эмне кылат, чынында анчалык эмне болуп кетти? Экөөнүн ортосунда эмне бар экенинен Эдигей эч кимге эчтемеден шек билдирген жок. Жөн эле экөө бул турмуштун жолунда бирге бараткан жолдош болгондуктан туура баратабызбы дегендей эле бирин бири карап коюшту... Анан андан нары жөнөштү. Болгону ушул. Ушинткенде Эдигейдин канчалык жапа чеккени өзүнүн мүшкүлү... Эки оттун ортосунда кыйналары бешенесине жазылып калган болсо эмне кылат, тагдыр экен. Өзүн кантип кармап, ичтеги кайнаган бугун кантип басып жүрүш өз түйшүгү, өз иши, башканын жаны кейибей эле койсун. Эдигей эмне болуп жүргөнү, алдыда аны эмне күтүп турганы менен кимдин кандай иши бар! Бала эмес, өз айыбы менен чие байланган түйүндү эптеп өзү чечип алар...

Бул өзү азаптуу, аргасыз, жаман ойлор эле. Мына, Сары-Өзөккө кыш да келди, Эдигей дагы эле же Зарипаны унута албайт, же оюнда болсо да Үкүбаланы жерий албайт. Кудай урганда, ага экөө тең керек, тигил экөө болсо ошону көрүп-билип, акыры өзү эсине келер, кийлигишкенде эмне дегенсип тымпыйышат. Сыртынан караганда эки үй-бүлөнүн ортосу баштагыдай эле ынак, эки аялдын ортосундагы мамиле да мурдагысын-

дай, эки үйдүн балдары да бир үйдүкүндөй болуп, бир күнү мында, бир күнү анда... Ошентип жай өттү, ошентип күз да өттү...

Калың кардын арасында Эдигей, Борондуу Эдигей жетимсиреп, жүдөп барат. Чаар-ала дүйнө, элсиз дүйнө. Каранар саксайган башына жабышкан карды анда-санда силкип салат да, буркулдап бакырып алып, ың-жыңсыз жымжыртты бузат. Ушу жолдо Эдигей катуу кыйналды. Же өзүн тыйып, биротоло токтотуп коё албайт, талашсыз аныкка келбейт. Же Зарипа менен ачыкка чыга албайт, же Үкүбаланы таштап кете албайт. Ошондо өзүн өзү боктоп тилдейт: «Айбан! Төөн да хайван, өзүң да хайвансың! Ит! Доңуз! Маңги баш!» – деп, балит сөздөрдү аралаштыра сөгүнөт, эсиме келер бекем, токтолор бекем деп, өз жанын өзү аябайт... Бирок эчтемеден жардам жок... Өзү куду алиги бир козголуп алган соң токтоно албаган жер көчкү сыяктуу. Аны алаксытар жалгыз эрмек – балдар. Алар Эдигейди турган турушу бойдон жакшы көрүшөт, астына башка маселе коюп, мээсин чиритпейт. Эмнеден жардам керек, үйүгө эмне апкелип, каерин оңдой салса болот, бу жагын Эдигей эт-бетинен кетип бүтүрөт. Мына азыр да Каранарга эки чоң кап картөшкөнү тең деп баратпайбы. Кыштык отун-суу камдалган...

Балдарды ойлогондо Эдигейдин жаны тынч, өз азабынан корголоор жери балдар. Азыр Борондуга кантип жетерин, анын келгенин туйган балдар үй-үйдөн чуркап чыгарын, кой, үйгө киргиле десең да болбой тегеректеп так секирип: «Эдигей аке келди! Каранарга минип келди! Картөшкө апкелди!» – деп чурулдашарын элестетип барат. Эдигей айбаттана кыйкырып жатып, Каранарды чөгөрөт, жүк үстүнөн жылбышып жерге түшөт, үстү-башындагы карды күбүнөт, балдарды башынан сылайт, анан жүктү чече баштайт да үйүндө болсо Зарипа чыгар деп алдыртан карай берет, Зарипа чыгып жанына келген күндө деле эчтеке дебейт, Зарипа да

унчукпай, Эдигей жөн гана жүзүнө бир карап коёт, ошого ыраазы, бирок аргасын курутуп, жанын кыйнаары да ошол. Балдар болсо тегерегинде жардамдашкан болуп кошо жүрүшөт, төө бурк этип койсо этек алдына корголой качат, кайрадан жардамдашуу менен алек болушат, Эдигейдин баардык кыйноосун мына ушу жууп кетет...

Абуталиптин балдарына жолугары аз калганын ойлоп, бу жолу аларга, өзү ат койгондой ач кулактарга, эмне айтып берерин азыртан ойлоп барат. Дагы Арал деңизи тууралуубу? Эң сүйүктүү аңгемелер деңиз жөнүндө, балдар ага атасын аралаштырып кошуп алышат, ошону менен атасын унутпай, аны менен байланыш үзбөй жүрүшкөнүн өздөрү байкабайт... Бирок Эдигей деңизге байланыштуу көргөн-билгендерин бүт айтып берди, бир тобун эки-үч курдай айтты. Алтын мекренин окуясы гана айтылган жок. Аны кандай кылып айтат? Ал окуяга байланыштуу эмне болгонун өзү гана билген соң балдарга кантип түшүндүрүп берет?

Кар боройлогон узак жолдо Эдигейдин ою бүт ушулар менен алек болуп, ары урунду, бери урунду... Кар жаай берди...

Ошол эрте жааган кар менен кошо Сары-Өзөккө эрте келген суук кыш биротоло орноп калды.

Чилде түшкөндөн баштап Боронду Каранар дагы кирди, бууралык жини күчөп, кутуруп баратты. Анын эркиндигине эч нерсе бөгөт боло алгыдай эмес. Ээси Эдигей да бакпа балааңан деп, жолунан чыга берди...

Кар түшкөндөн үчүнчү күнү Сары-Өзөктүн бороону жүрүп, ойду кырды тегиздеп, карды катырып таптап кетти. Аба муздак зыңгырап, чыкыроон көгүлтүр мунарык талаа бетин аймалап турду. Бут астынан кычыраган доош, зың эткен үн, кырч эткен шыбырт алыска жазбай угулат. Келаткан поезддин дайыны алдагайдан билинет. Бир күнү таң заарда Боронду Каранардын заңгыраган дабышын угуп, Эдигей чоочуп ойгонду, буурасы жер тепкилеп, кашааны кычырата сындырып

жатканын туюп, баягы балаа башталган экен деди. Тез кийинип, үрүл-бүрүл таңкы күүгүмдө сыртка чыкты да, кашаага жакындай берип, аяздын суугуна тамагын айыра айкырды:

– Сага эмне жин тийдиби? Алаамат дагы башталдыбы? Баягы адатыңа кайра кирдиңби? Менин канымды соруп бүтөт экенсиң го! Хайван атаңдын оозуна!.. Эмне эле быйыл эртелеп ээлигип калгансың! Элден уялсаң боло!

Эдигей оозунан желин бекер эле коротуп жатты. Ичтен ээликтирген кумары жанын жай таптырбай турган буура аны келдиңби-жокпу деген жок. Өкүрүп-бакырып, жин бүркүп, тиштерин кычырата чайнап, кашааны жөөлөп бузуп жатты.

– Козголгон экен да, ээ? – деп ээси курулай ачууланбай, жайынча жемелеген болду. – Тыяктагы үйүргө жүгүргөнү калган турбайсыңбы билдим! Аерде бир күүлөгөн каймал бар экенин сезип турат окшойсуң ээ? Ай-ай-ай! Ызы-чуусу жок эле күндө-күндө бүтүрө берчү жумушту жылына бир гана жолу иштетип, төө тукуму силерге калганда кудай таалага эмне күч келди экен дейм да. Андай болгондо силерди эч ким карап да коймок эмес. Ушу да жарайбы, жер аңтарылып бараткансып ушу да жарайбы!..

Мунун баарын Эдигей буурасынын көзүнчө өзүн сындырбаска айтып жатты, ичинен аргасыздыгын билип эле турду. Аба жарып курулай кыйкыргандан көрө кашааны ачып бергени оң. Чабак жыгачтардан куралып, чынжырлана кармалып турган оор дарбазаны ачкычакты Каранар жөөлөп чыга жөнөдү, ээсин тоголото коюп кете жаздады. Аяздуу таңга айкырык салып, тик турган чулу өркөчтөрүн селкилдетип, жоон сандуу, кучак жеткис тизелүү буттары тарпандап, ээ-жаа бербей чаап жөнөдү, артынан кар буруксутуп, заматта көзгө көрүнбөй кетти.

– О кутурган атаңдын оозуга!.. – деп Эдигей түкүрүндү да, ачуулана кыйкырып калды: – Чурка, чурка, хайван, кечигип каласың!

А күн Эдигей жумушка эрте чыкмак. Ошол үчүн Каранардын ою менен болду. Мунусу эмне менен бүтөрүн билсе го, жарылып кетсе да коё бермекпи. Бирок өзү үйдө жок болсо кутурган буурага кимдин алы жетет. А көрө көздөн далда кеткени жакшы. Ээнге чыгып, эркин жүрүп, кызыган каны суусун, жаны тынчысын деген Эдигей...

Түштө Казангап келип, боору ооругандай күлө айтты:

– Азыр болбосоң, бай, ишиң кыйын. Жаңы эле жайытка барып келдим. Сенин Каранарың кыязы чоң жүрүшкө кеткен окшойт. Бул үйүрдүн каймалдары аздык кылган го.

– Бир жакка кетиптирби? Тамаша кылбай чыныңы айтчы.

– Эмнеси тамаша? Башка үйүр издеп кеткен окшойт деп жатырымын го. Сезим жетеледи да хайванды. Көз салып коёюнчу деп баргам. Чоң жылгадан чыга берсем, талаа бетин дүңгүрөтүп бир балээ келатат, карасам Каранар. Көзү чанагынан чыгып, жер жара бакырат, оозунан шилекей чууруп баратыры. Куду паровоздой жөөлөп келет. Даңкан болуп учкан кар өзүнчө эле ак бороон. Тебелеп-тепсеп кетеби деп корктум. Жаныман өтө берди, алдында адам турабы-жокпу байкас алып койбоду. Малакумдуу чап тарапка кетти окшойт. Аяктагы жаржардын башын кыдырган төөлөр көп эмеспи. Биздин чакан үйүргө Каранарың эми тоюнсунбай калыптыр. Чоң жүрүш керек болуп калган белем. Күчү ташып турган кези да.

Эдигей чындап капаланды. Эми канча убарасын тартат, канча жаңжалына калат.

– Анча эмне кабатыр болосуң. Аякта да менменсинген бууралар бар чыгар, жакшылап каршы алса, буураң

таяк жеген иттей болуп бир күнү кайра келет да, кайда кетмек эле,– деп Казангап кайра тынчытып койду.

Фронттон келген кабардай болуп эртеси эле Боронду Каранардын жортуулу жөнүндөгү алгачкы кабарлар түшө баштады. Жалпы маалымат кубанарлык эмес. Боронду токтогон кайсы поезд болбосун машинисти, же кочегары, же кондуктору биринен бири талашып, жолдогу станцияларга же разъезддерге жакын жерлерде жайылып жүргөн төө үйүрлөрүндө Каранардын кыргын салып жүргөн бейбаштыгын айтып өтүшөт. Малакумдуу чап разъездинде Каранар эки буураны өлөсө кылып чайнап салып, төрт ингенди ээн талаага айдап бараткан жеринен ээси араң ажыратып калыптыр деген да кабар келди. Кишилер асманга мылтык атып, коркута албай жатыптыр. Башка бир жерде иңген минип келаткан ээсин үстүнөн түшүрө кууп, тартып алыптыр. Буура иңгени менен ойноп кумары канганда бошотуп берер деп макоо ээси эки саат күтүп отуруптур, антсе буура бошотмок турсун, алиги иңген өзү буурадан ажырап калгысы жок дейт. Түңүлгөн ээси бир маалда эми болду го деп иңгенин минип, үйүнө жөнөмөкчү болуп жакындаса Каранар кууп жүрүп бериптир, жетип тарпып саларында тиги байкуш туш келген аңга кире качып, жандан түңүлө мышыктан качкан чычкандай болуп ошерде жатыптыр. Көптө барып эсине келип, аңдын түбүн жойлоп отуруп, алыстан чыгып, Каранарга көрүнбөй, аман калганына кубанып, үйүнө качыптыр.

Албууттанган Каранардын жоруктары жөнүндө кабарлар Сары-Өзөктүн оозеки телефону аркылуу келип жатты. Бирок эң каардуу кабар Ак-Мойнок разъездинен кат жүзүндө келди. Кеткен жагын карачы, Ак-Мойнок деген Кумбелден нары канча жер! Аяктан Коспан деген неме жазыптыр. Бу кызыктуу катта мындай деп жазылыптыр:

«Салем, кадырлуу Эдигей ага! Сары-Өзөккө атың чыккан киши болсоң да, бир аз жеме уга турган кез келди. Сени мен кыйын киши го деп жүргөм. Кыргын салган Каранарыңды бош коё берип, бул эмине кылганың? Сени ушинтет деп ойлогон жок болчубуз. Буурaң буерге бүлүк салды го. Биздин бууларды майып кылып, үч иңгенибизди бөлүп кетти. Өзү да буякка жөн келбей чомдуу бир иңгенди айдай келиптир, кыязы ээсин жолдон түшүрө кууган го, болбосо иңгенди сенин буурaң чомдоду дейсиңби. Ошентип алиги үч иңгенди талаага айдап кеткен бойдон жанына адамды да жолотпойт. Ушундай да болобу? Бир буурачабыз өлдү, кабыргалары кыйрап калыптыр. Асманга мылтык атып үркүтүп, иңгендерди кайрып келейин десем тоготпой койду. Көзүнө илбейт! Деги селт этип койбойт. Кимди болсо да чайнап таштагыдай! Жоругума жолтоо болбогула дегенсийт. Оттобойт, суу ичпейт, алиги иңгендерди биринен сала бирин бошотуп, күркүрөгүдөй болсо жер титирейт. Зордукчулдугун карап тура албайсың. Жөн кошулбай бакыргыдай болсо, акыр кыяматтан бетер талаа бети жаңырат. Кулагың тунат! Жүз жылы катарынан кирсе да күчүнөн таяр эмес. Мындай жырткычты башыма жүн чыкканы көргөн эмесмин. Кыштагыбыздын эли коркуп жаны жок. Аялдар балдарын үйдөн алыс чыгарбай корголоп калышты. Ошол үчүн сен тезирээк келгин да, Каранарыңды алып кет. Бир күндөн кийин келип, бизди бу балаадан куткарбасаң мага таарынба, кымбаттуу ага. Аюу атар мылтыгым бар. Жаныма күбө алам да, буурaндын жексур башын көзөй атам. Ошону менен бүткөнү. Терисин жолулаш товарняк менен берип жиберем. Борондуу Каранар эле деп карап отурбайм. Мен сөзгө бек турган кишимин. Кечикпей кел.

*Ак-Мойноктогу иниң Коспан».*

Жагдай ушинтип тетири айланды. Бир апенди чалыш неменин каты болсо да эскертүүсү олуттуу. Казангап экөө кеңешип, Эдигей Ак-Мойнок разъездине тез жетпесе болбойт деп чечишти.

Айтканга оңой, аткара келгенде оор болор. Ак-Мойнокко жетип, ай талаадан Каранарды кармап, ушу суукта кайра минип келишке канча жер. Жолдо бороонго буюгуп кетсе не болот? Баарынан оңою жылуурак кийинип, жолулаш товарняк менен барып, аерден бери буураны минип жөнөсө болор эле. Топ катынын айдап алып, Каранар ээн талаанын кайсы төрүндө жүргөнүн ким билет. Каттын кыябына караганда Ак-Мойноктуктар аябай эле ызырынып калышкан көрүнөт, издегенге мингич бербей коюшса, бөтөн жер, бөтөн чөлдө күрткүгө кар малтап, Каранарды жөө кубалайбы?

Эртеси эрте менен жолго чыкты. Үкүбала жол азыгын камдап берди. Жылуу кийинди. Пахталуу шым, купайкенин сыртынан тон кийди, бутуна кийиз өтүк, башына үч кулакчындуу түлкү тумак, колунда тери колкап. Ак-Мойнокко минип барганга иңген чомдоп жатканда Абуталиптин эки баласы жүгүрүп келди. Даул колдон токулган жүн моюн орогуч апкелип берди.

– Эдигей аке, апам айтты, моюнуна суук тийбесин дейт,– деди Даул.

– Моюн? Тамак дебейсиңби?

Эдигей кубанганынан балдарды кыса-кыса кучактап, өпкүлөп жиберди, жетине албай башка сөз таппады. Зарипанын көңүл бурган алгачкы белгиси болду, ошого жүрөгү алып-учуп толкундап кетти.

– Апаңа айта бар,– деди жөнөп жатып балдарга,– мен бат эле келем, кудай жол берсе, эртең жетип келип каламын. Аерде бир мүнөт да аялдабайм. Анан баарыбыз чогуу отуруп, бирге чай ичебиз.

Каргашалуу Ак-Мойнокко эртерээк жетип, кайра эртерээк кайтсам, Зарипаны эртерээк көрүп, көзүнө тигиле карап, бу берген моюн орогучу кокус эмес, чын

ишарат экенине ишенсем дегенде Эдигейдин көңүлү алеп-желеп. Моюн орогучту ички төш чөнтөгүнө катып койду. Айылдан чыгып, аяптоор узап кеткен соң кайра тарткысы да келди. Кутурган Каранарды кудай алсын, алиги Коспан деген неме атса атып салсынчы, терисин берип жиберер, жапайы мүнөз төөнүн азабын качанга чейин тартат, тагдырынан көрсүн жазасын. Мейли! Чала болот!.. деп, чындап кайра тартмак болду. Бирок уялды. Элдин көзүнчө, баарынан мурун Үкүбаланын көзүнчө, Зарипанын деле көзүнчө ит эле болбойбу. Анан акырындап муздады. Ашыкканына болор даба эле эрте жетип, эрте кайтуу деп өзүн өзү көндүрдү.

Ошентип иңгенин теминди. Күн кадыресе суук. Ызгаар шамал бетти жалап, түлкү малакайын бубак басты. Төөнүн деми менен чыккан буудан ийри моюнун чоктугуна чейин бубак каптады. Кыш кыраандыгына кирип калган экен. Теребелдин төрүн боз чалып, туманданат. Жакын жер ачык эле, бирок сууктун күчүнөн алыс кыйыр көк мунарык басып тумандуу. Эдигей улам илгерилеген сайын туман да нары жылып баратат. Канча жакындаса деле болбой ошончолук алыстап кетет. Ызгаар аяз тиштеген Сары-Өзөктүн коюну суук, кыбыр эткен жан көрүнбөй ээн.

Жаш иңген кар буркулдатып майпаңдап жакшы жүрүп барат. Бирок Эдигейдин көөнү тойбойт, кашаң көрүнөт. Каранардын жүрүшүндөй болобу. Анын өмгөгү күчтүү, арышы адымдуу. Илгерки сөз бекеринен айтылган эместир:

Аттан аттын айырмасы эмнеде?
Арылдаган жүрүшү артык,– билип ал!
Бу баатырдан тиги баатыр кем беле?
Акылы артык – аны эсиңе түйүп ал!

Барар жол алыс, жолдошу жок өзү жалгыз, Зарипанын белеги алиги моюн орогуч болбосо, узак жолдо эрик-

кенден Эдигейдин ичи бышып кетмек. Жолоочулукта ушул белек жанына жолдош болду. Ушундай бир болбогон нерсе сүйгөн келиндин колунан келсе жүрөгүндү мынчалык жылытарын Эдигей ушу жашка келгени билген эмес экен. Жолду катар эрмеги ошо болду. Колун коюнуна салып, моюн орогучту сылайт да, жаны жыргай жылмаят. Бирок анан ойго түштү. Мындан ары эмне кылыш керек, кандай жашоо болот? Караса, алды таптакыр туюк. Кантет? Тирүү жан болгон соң алдына максат коюп, ага жеткирчү жолду көздөп жашайт. Эдигейде эмне максат, кандай жол?..

Сары-Өзөктүн тиги көк мунарык баскан төрүндөй болуп, ошондо Эдигейдин көзүн аргасыз армандуу туман каптады. Жооп таппай кыйналды, ындыны өчүп шылкыйды, анан кайра үмүтсүз кыял менен өзүн үмүттөндүрдү...

Элсиз ээнде жалгыз баратып, кээде жаны кашайып кетет. Эмне үчүн бешенесине ушундай турмуш жазылган? Бу Сары-Өзөккө кайдан туш болду эле? Тагдыр айдаган шордуу үй-бүлө Боронду га кайдан келип калды эле? Ушунун баары болбосо кыйноосу жок тынч жашап жүрө бербейт беле. Кутурганда өзүнүн дили кутурган го, антпесе болбос нерсеге умтулабы... Ал аз келгенсип, Каранардын жинденгенин карачы. Бу да болсо кудайдын каары, артык баш түйшүк,– деги жолу кыйчалыш киши окшобойбу өзү. Ырас, тамашасы жок, бу турмушта жолу кыйчалыш киши экен...

Ак-Мойнокко Эдигей дигер маалда араң жетти. Иңгени кадимкидей чаалыкты. Алыс жол, кыштын күнү болсо...

Ак-Мойнок Боронду дай эле разъезд, болгондо булардын суусу өзүндө, кудугу бар. Башка артыкчылыгы баягы эле Сары-Өзөк.

Ак-Мойнокко кирип келип, четтен бир жигиттен Коспандын дайынын сурады. Коспан бүгүн разъездде дежур, ишинде деди ал жигит. Эдигей ошоякка бет

алды. Дежуркага жетип, төөсүн чөгөргөн жаткан эле, аңгыча орто бойлуу, чоочун бирөөнүкүнө окшогон чолок тончон, апкытын жампайта баскан эски кийиз өтүкчөн, башында эски кулакчыны бар, кебетеси чапчаң, кытмыр күлмүңдөгөн киши чыга келди.

– Ой бай, Эдигей ага! Биздин кымбаттуу Боронду ага! – деп шапылдап Эдигейди дароо таанып, эшик алды тепкичтен чуркап түштү. –Келип калдык деңизчи? Биз күтүп атырыбыз, күтүп атырыбыз. Келеби, келбей коёбу дейбиз.

– Катыңардын каары катуу экен, кантип келбей коёсуң, – деп Эдигей күлдү.

– Антпегенде кантебиз! Кат дагы эчтеке эмес, Эдигей ага. Кат деген бир барак кагаз да. Чатактын баары быякта, Каранарыңдан тезирээк куткарбасаң, биз камоодо калдык. Талаага чыгууну койдук. Алыстан эле көрсө жеп жиберер болуп атырылып жөнөйт. Бу не деген шумдук буура! Кармап жүрүш опурталдуу го. – Коспан унчукпай калды да, төөчөн Эдигейди айланта карап алды. – Куру кол келипсиң карасам, ага кантип алың жетет?

– Куру кол эмесмин. Мына менин куралым. – Эдигей куржундан сабына оролгон шапалагын алып чыкты.

– Ушуга моюн сунабы?

– Анан эмне бир төөгө замбирек ат дейсиңби?

– Биз буерде мылтыкчан жолой албай жүрөбүз. Ким билсин, балким ээсин тааныр, ошондо... Ай кудай билет, көзү тумандап калыптыр бууранын...

– Аны көрө жатарбыз, – деди Эдигей. – Күндү бекер кечкиртпейли. Алиги Коспан деген сен болсоң керек. Андай болсо мени ээрчитип барып, каерде жүргөнүн көрсөт, калганын мага кой.

– Ой ал жакын жерде эмес,– деди да Коспан эки жагын каранып, анан саатын карады. – Мындай эмесе, Эдигей ага, бүгүн кеч болуп калды. Жайытка жеткиче эле караңгы кирип кетет. Көзү жок түндө эмне жумуш.

кенден Эдигейдин ичи бышып кетмек. Жолоочулукта ушул белек жанына жолдош болду. Ушундай бир болбогон нерсе сүйгөн келиндин колунан келсе жүрөгүндү мынчалык жылытарын Эдигей ушу жашка келгени билген эмес экен. Жолду катар эрмеги ошо болду. Колун коюнуна салып, моюн орогучту сылайт да, жаны жыргай жылмаят. Бирок анан ойго түштү. Мындан ары эмне кылыш керек, кандай жашоо болот? Караса, алды таптакыр туюк. Кантет? Тирүү жан болгон соң алдына максат коюп, ага жеткирчү жолду көздөп жашайт. Эдигейде эмне максат, кандай жол?..

Сары-Өзөктүн тиги көк мунарык баскан төрүндөй болуп, ошондо Эдигейдин көзүн аргасыз армандуу туман каптады. Жооп таппай кыйналды, ындыны өчүп шылкыйды, анан кайра үмүтсүз кыял менен өзүн үмүттөндүрдү...

Элсиз ээнде жалгыз баратып, кээде жаны кашайып кетет. Эмне үчүн бешенесине ушундай турмуш жазылган? Бу Сары-Өзөккө кайдан туш болду эле? Тагдыр айдаган шордуу үй-бүлө Борондуга кайдан келип калды эле? Ушунун баары болбосо кыйноосу жок тынч жашап жүрө бербейт беле. Кутурганда өзүнүн дили кутурган го, антпесе болбос нерсеге умтулабы... Ал аз келгенсип, Каранардын жинденгенин карачы. Бу да болсо кудайдын каары, артык баш түйшүк,– деги жолу кыйчалыш киши окшобойбу өзү. Ырас, тамашасы жок, бу турмушта жолу кыйчалыш киши экен...

Ак-Мойнокко Эдигей дигер маалда араң жетти. Иңгени кадимкидей чаалыкты. Алыс жол, кыштын күнү болсо...

Ак-Мойнок Борондудай эле разъезд, болгондо булардын суусу өзүндө, кудугу бар. Башка артыкчылыгы баягы эле Сары-Өзөк.

Ак-Мойнокко кирип келип, четтен бир жигиттен Коспандын дайынын сурады. Коспан бүгүн разъездде дежур, ишинде деди ал жигит. Эдигей ошоякка бет

алды. Дежуркага жетип, төөсүн чөгөргөн жаткан эле, аңгыча орто бойлуу, чоочун бирөөнүкүнө окшогон чолок тончон, апкытын жампайта баскан эски кийиз өтүкчөн, башында эски кулакчыны бар, кебетеси чапчаң, кытмыр күлмүңдөгөн киши чыга келди.

– Ой бай, Эдигей ага! Биздин кымбаттуу Боронду ага! – деп шапылдап Эдигейди дароо таанып, эшик алды тепкичтен чуркап түштү. –Келип калдык деңизчи? Биз күтүп атырыбыз, күтүп атырыбыз. Келеби, келбей коёбу дейбиз.

– Катыңардын каары катуу экен, кантип келбей коёсуң, – деп Эдигей күлдү.

– Антпегенде кантебиз! Кат дагы эчтеке эмес, Эдигей ага. Кат деген бир барак кагаз да. Чатактын баары быякта, Каранарыңдан тезирээк куткарбасаң, биз камоодо калдык. Талаага чыгууну койдук. Алыстан эле көрсө жеп жиберер болуп атырылып жөнөйт. Бу не деген шумдук буура! Кармап жүрүш опурталдуу го. – Коспан унчукпай калды да, төөчөн Эдигейди айланта карап алды. – Куру кол келипсиң карасам, ага кантип алың жетет?

– Куру кол эмесмин. Мына менин куралым. – Эдигей куржундан сабына оролгон шапалагын алып чыкты.

– Ушуга моюн сунабы?

– Анан эмне бир төөгө замбирек ат дейсиңби?

– Биз буерде мылтыкчан жолой албай жүрөбүз. Ким билсин, балким ээсин таанып, ошондо... Ай кудай билет, көзү тумандап калыптыр бууранын...

– Аны көрө жатарбыз, – деди Эдигей. – Күндү бекер кечкиртпейли. Алиги Коспан деген сен болсоң керек. Андай болсо мени ээрчитип барып, каерде жүргөнүн көрсөт, калганын мага кой.

– Ой ал жакын жерде эмес,– деди да Коспан эки жагын каранып, анан саатын карады. – Мындай эмесе, Эдигей ага, бүгүн кеч болуп калды. Жайытка жеткиче эле караңгы кирип кетет. Көзү жок түндө эмне жумуш.

Жок, андай болбойт. Өзүң конокко чакырып келтире албаган киши болсоң. Бүгүн меймансың. Эртең кандай кылам десең өзүң бил.

Мындай болот деп ойлогон эмес Эдигей. Каранарды кармап алса түндөп Кумбелге жетип, станциянын жанындагы тааныштардын бириникине түнөп алып, таң заардан үйгө жөнөп кете берүүнү ойлогон. Эдигей кыйыктанып турганын көрүп, Коспан кесе сүйлөп, так айтты:

– Жок, Эдигей ага, болбойт. Катым үчүн кечирип кой. Башка айла калбай калган. Күн көрсөтпөс болду. Бүгүн сени коё бербейм. Жаман айтпай жакшы жок дейт, ээн талаа караңгы түндө бирдеме болсо, мен бүт Сары-Өзөккө кара бет болуп жүрө албайм. Жатып кет, эртеменен төрт тарабың кыбыла. Менин тамым тетиги, четтеги. Дагы бир жарым саат ишим калды. Барып, өз үйүңдөй жайгаша бер. Иңгениңди кашаага киргизип кой. Жем болот, суу деген өзүбүздө.

Кыштын кечи тез эле каш карайды. Коспан үй-бүлөсү менен деги бир сонун кишилер экен. Карыган энеси, аялы, беш жашар уулу (улуусу кыз экен, Кумбелдеги интернатта окуп жүрүптүр), анан Коспан өзү болуп Эдигейге берер тамагын таппай үйрүлүшөт. Үйү да жылуу, толтура шаң. Ашканасында кышкы согумдун эти кайнап жатат. Ага чейин чай ичип отурушту. Карыган эне Эдигейге өзү чай куюп, үй-жайын, бала-бакырасын, турмуш-тиричилигин, аба-ырайын, ата-тегин сурап, сөзгө алып отурду. Өзү да Ак-Мойнокко качан, кайдан келишкенин бежиреп айтып берди. Эдигей да чечилип сүйлөп берип, кемпирдин сары майын мактап, ысык нандан сындырып, майдан илип жеп отурду. Сары-Өзөктө уйдун майы таберик. Кой, эчки, төөнүн майы деле жакшы дечи, бирок уйдун майындай болобу, жегиликтүү, даамдуу. Көрсө уйдун майын Уралдагы туугандары берип жибериптир. Нан малып, майдан жеп, Эдигей шалбаа чөптүн жытын сезип отурам десе кем-

пир байкуш таза жетине албай калды. Анан өзүнүн төркүн-төсү Жайыктын жээгин, аердеги белден чыккан чөп менен токоюн, мелмилдеп аккан дарыяларын сөз кыла кетти...

Ал ортодо разъезддин начальниги Эрлепес келди, аны үйдөгү Эдигей конок менен бирге бол деп, Коспан чакырган экен. Эрлепестин келиши менен сөз эркектердин тирилигине ооду, кызмат, транспорт, жолдогу күрткү тууралуу сөзгө кириштн. Эрлепес темир жолдо көптөн бери иштейт, Эдигей анча-мынча таанычу эле, эми жакын таанышып алышты. Ал Эдигейден улуу болуучу. Ак-Мойноктун начальниги болуп согуш бүткөндөн бери отурат, разъезддин эли да сыйлайт экен.

Түн кирип калган кез. Боронду дагыдай болуп буерде да шарактаган поезддер өтүп, терезе калдырттап калат, кептешкен жерлеринде шамал ышкырат. Баягы эле Сары-Өзөктүн темир жолунун боюнда отурганы менен буер баары бир бөтөн, Эдигей бөтөн кишилердин үйүндө мейман. Кудай урган Каранардын азабынан келсе да, күткөн мейманындай тосуп алышты.

Боронду Эдигей Эрлепес келгенде кадыресе кеңирсип калды. Эрлепес талыкпаган сөзмөр, казактын илгеркисин мыкты билген киши. Бара-бара сөз да эртеги заманга, атактуу кишилерге, атактуу окуяларга өттү. Бу кечте Эдигей Ак-Мойноктук досторуна ылымталаш болду. Жай отуруп кеңири сүйлөшкөн сөз гана эмес, үй ээсинин, ак пейил аялынын жарык маанайы, даскорон жайнаган тамак-аш, ичкиликтер биротоло жүрөктөрдү ачып салды. Арак болду. Суук жолдон келген Эдигей жарым стаканды лактырып жиберип, тегерек жапыс столдо жайнап турган ачкыл-кычкылдардан, каймал төөнүн сүрсүгөн өркөч майынан алып чайнады. Бүткөн боюна магдыраткан жыргал тарап көңүлү элжиреп, жаны жыргап отурду. Боронду Эдигей кичине кызыгандай болду, чечиле сүйлөп, жүзүнөн жылмаюу

өчпөдү. Коноктун урматына деп Эрлепес да ичти, көңүлү көтөрүлүп:

– Коспан, айланайын, барып менин домбрамды апкелчи,– деди толкундап.

– Мына, кеп ушунда, – деп Эдигей коштоду. – Домбра черткен кишиге мен бала күнүмөн суктанам.

– Чоң домбрачы эмесмин, Эдике, бирок сенин урматыңа колдон бирдеме келер,– деп Эрлепес кемселин ийининен силкип салып, көйнөк жеңин түрүнө баштады.

Шыпылдаган көп сөздүү Коспандын жанында Эрлепес оор басырыктуу. Жалпак бет, алибеттүү денесинен чоң салабат байкалат. Колуна домбраны алды да, күнүмдүк тириликтен алыстап, оюн топтоду. Ички сырын сыртка чыгарууга камынганда адам ошентет эмеспи. Домбрасын толгоп жатып, бакырайган акылдуу, тосток кара көзүн Эдигейге кадап телмире түштү. Деңиздин жылтырындай болуп, жарыктын чагылышы көзүндө ойноп жатты. Анан зыңылдаган кош кылды бадырата койгулап, оң колу домбранын узун моюнун тигил учунан бул учуна чейин жорголоп өткөндө мукам үндөрдүн нечен-нечен түйүндөрү чууруду, ал түйүндөр аздан соң ар кимиси өзүнчө чечилери бышык. Бу күүлөрдү жай магдырап отуруп уга албасын дароо сезди Эдигей. Көрсө мейманчылыктын каадасы менен бир азга өзүн унутуп алаксый түшкөн белем, домбранын алгачкы эле кайрыктары аны кайра ойготту, кумар-санаа, кайгы-мунуна кайрадан башы менен сүңгүттү. Эмнеликтен ушундай болду экен? Кыязы бул күүлөрдү чыгарган илгерки кишилер Боронду Эдигейдин башына эмнелер келип, эмне өтөрүн, бешенесине кандай тагдыр жазылганын ошондо эле билип чыгарышкан сыяктуу. Болбосо Эрлепес черткен кайрыктардан Эдигей өзүнүн ичиндеги кайрыктарын дароо сезе коймокпу? Эдигейдин жүрөгү өрөпкүп чыкты, канат байлап толкундап учуп, сыздап онтоп да жиберди, анан сырдуу дүйнөнүн баардык эшик-

тери ачылып, кубаныч, муң, ой-санаа, туңгуюктагы каалоолор менен эңсөөлөргө бой урду...

Эрлепес чынында жакшы чертет экен. Чатырап күйгөн отундай ичтеги алоо тышка чыга жалындап, илгерки кишилердин илгерки күйүт-жыргалы кыл үстүндө кайра тирилип жатты. Эдигей болсо коюнуна колун салып, белек моюн орогучту сылагылап, бу дүйнөдө бир аял бар, ошону абдан сүйөрүн, аны ойлогон ою өзүнө жыргал менен кууралды бир берерин, ансыз жашай албасын, аны ар качан кылчактабастан чексиз сүйөрүн, бул сүйүүсү кандай күнгө туш кылса да тартынбасын ойлоп отурду. Бирде басаңдап, бирде күчөп, Эрлепестин колундагы домбра да ушуну сүйлөп жатты. Күүдөн күү алмашып, обондон обон уланып, Эдигейдин жүрөгү толкунда сүзгөн кайыктай ойкуп-кайкып жүрдү. Эдигей кыялында кайрадан Арал деңизинде. Аялдын узун чачындай болгон суу түбүндөгү балыр деңиздин көрүнбөгөн агымын билгизип, чубалжый каалгып турганы көзүнө элестеди. Бир кезде Үкүбаланын чачы да узун эле. Балтырына оролуп турчу. Деңизге барып киринген де алиги балыр сымал бир тарапка каалгый сүзөр эле. Анда жадырай күлгөн Үкүбала кара торунун сулуусу эле.

Маңдайы жазылып, ичи эзилип, Эдигей домбраны жыргап угуп отурду. Ушул күүнү угушка Сары-Өзөктүн күнүмдүк жолун кыш экенине карабай басып өтсө болбойбу. «Каранардын ушуякка келип калганы жакшы болгон экен, – дейт Эдигей ичинен. – Өзү келгени аздык кылгансып, мени да келтирди. Домбранын үнүн жадегенде бир жолу жыргап угуп алайын. Жарайсың, Эрлепес! Өнөрүң бийик турбайбы! Мен мунуну билбепмин да...»

Эрлепестин күүлөрүн угуп отуруп, Эдигей өз турмушун алыстан карагысы келди, кыялында айры куйрук болуп асманга бийик учуп чыкты да, эки канатты абанын агымына жайып коюп, каалгый учуп, астына көз чаптырды. Ак шейшеп жамынгандай аппак кардын

астында Сары-Өзөк жатат кеңирсип. Тетиги темир жолдун билинер-билинбес имерилишинде бирине-бири ыктаган он чакты тамдан он чакты жарык көрүнөт, ошол Боронду разъезди. Бир үйдө Үкүбала кыздары менен. Кыздары уктап калды го, Үкүбала уктай электир. Бирдемени ойлоп, бирдемени жүрөгү сезип жаткандыр. Башка бир тамда балдары менен Зарипа. Ал кайдан уктасын. Кыйын болду го байкушка. Алдыда дагы канча кыйынчылык турат, балдары атасынын өлгөнүн али билбейт. Акыры угузбаганда чындыкты кантесиң, чындыкты буйтап өтүп кетмек белең...

Күркүрөп-шаркырап, отторун жаркылдатып, кар тозоңун уюлгутуп, ушул тапта аркы-терки жүрүп турган поезддерди элестетти Эдигей. Теребел чылк караңгы. Ал домбра угуп отурган ушул аймактын бир жеринде, көзгө сайса көрүнгүс караңгы, жапан талаада кар малтап шамалга төшүн тосуп, жаалданган Каранар жүргөндүр жуушабай. Анын жуушап калар тынчы кайдан болсун. Табийгаттын жаратканын карабайсыңбы. Жыл маалы күч-кубат жыйнайт боюна, күндө оттоп, күндө жемин эки жутуп, бир чайнап жүрө берет. Жумуру ошого ылайыкташканын анан калса: күндүз оттогон отко толтуруп, түнкүсүн жуушаганда кайра кулгуп кепшеп, уктап жатса да оозу тынбайт жаныбардын. Ошентип өркөчүнө күч чогултат. Өркөчү канчалык бекем, тик болсо, өркөч майы канчалык нык болсо, бууранын кышкы жүгүрүшү да ошончолук өмгөктүү. Андайда карың дагы, суугуң да сөз эмес, бөтөн-бөлөк киши эмес, жини келсе ээсин көзүнө илбей коёт. Ээ-жаа бербеген күчкө албууттанып, өзү хаким, өзү хан, чарчоо деген, коркуу деген, деги бу дүйнөдө аны жалтантар эчтеке калбайт, суунун да, жемдин да кереги жок, көзү бозоруп, ээликтирген кумарын кандыруу гана жетелеп кете берет. Ошо деп бир жыл жүргөн да, ошо деп күн санап күчүн жыйнаган. Мына азыр Боронду Эдигей жылуу үйдө конок болуп,

карды ток, көңүлү көтөрүлүп домбра угуп отурат, тыякта ызгаар шамал каарыган, кардуу айдында канындагы ата салтын коё бербеген Боролдуу Каранар тандап бөлүп алган иңгендерин тап жылдырбай имерип, ит-кушту жакын жолотпой, саксайган башын чулгуп, жин бүркүп, түн жаңырта бакырып, буркан-шаркан түшүп жүрдү.

Домбра угуп отурган, Эдигей ушуларды ойлоду...

Мукам күү анын ойлорун бирде илгерки заманга алпарып салса, кайра заматта бүгүнкү күнгө жеткирет. Болбосо эртеңки күнүнө да алып-учуп жөнөйт. Жанына кымбат нерсенин баарын, көз алдына ачылып берген бүт дүйнөнү калкалап, эч кимге эчтемеге жамандык тийгизбесем деген ой кылт этет да, ага өзү таң калат. Өзүнүн өмүр-турмушуна байланышы барлардын баардыгынын алдында кандайдыр күнөөсү бар сыяктанып, ушул туюк сезимине муңайып отурду...

– Уа, Эдигей, – деп үн салды Эрлепес күүсүн аяктап баратып, кылдарды терип чертип. – Жол жүрүп чарчагансың го, сени эс алдырбай мен домбрамды дыңгырата берген турбаймбы.

– Жок, жок, Эрлеке, – деп Эдигей чындап уяла түштү, колун бооруна алды. – Мен азыркыдай көптөн бери жыргай элек болчумун. Өзүң чарчабасаң, черт, Эрлеке, аянба. Черте бер.

– Эмнени чертейин?

– Аны өзүң жакшы билесиң да, Эрлеке. Өнөр сырын өнөрпоз өзү билет эмеспи. Ырас, эски күүлөр жүрөккө жакын сезилет. Эмнеликтен экенин билбейм, ойго салып, көңүлгө канат байлагандай.

Эрлепес түшүнгөндөй баш ийкеди.

– Биздин Коспан да ошондой,– деп күлдү Эрлепес тунжурап отуруп калган Коспанды карап. – Домбраны укканда эрип кетеби, башка киши болуп калат. Ошондой эмеспи, Коспан? Бирок бүгүн үйүндө мейманың бар эмеспи. Унутпай отур. Тигиниңен тамызып кой.

Ойго чөмүлүп кеткен Коспан селт этип, жарк күлдү:

– Азыр, азыр,– деп стакандарга ичкилигинен куйду.

Бирден алып жибериштн, артынан ачуу чайнашты. Аздан соң Эрлепес домбраны кайрадан колуна алды да, толгоосун текшерип, кылды бирден терип коюп, Эдигейге кайрылды:

– Эски ыр-күүнү жактырсаң бир окуяны эсиңе салайын, Эдике. Карыялардын көбү билет, сен деле билишиң керек. Баса, силердин Казангабыңар жакшы айтат, бирок ал айтып берет, мен болсом күү обонго салып, ырдап берем. Сага бир театр көрсөтөйүн. Сенин урматыңа, Эдике. «Раймалы аганын Абдилхан инисине кайрылып айткан сөзү».

Эдигей ыраазылыгын билдире баш ийкегиледи, Эрлепес жомогун баштаар алдында домбрасын дуулдатып бир-эки кайрып алды. Бул айтылчу окуя Эдигейдин ич күйүтү, кусалыгына ушунчалык шайкеш келгендиктен көңүлү кайра толкуп, жүрөгү кайра сыздап кирди.

Домбра дуулдап, аны коштогон Эрлепестин коңур дабышы атактуу жырау акын Раймалы аганын кайгылуу тагдырын айтууга өзү эле ылайык келип турду. Раймалы ага алтымыш ашканда жолунан жылдыз болуп жанып жолуккан, ээн талаанын эркин эрке ырчысы, жаш кызга, он тогуздагы Бегимайга ашык болуп калат. Чынында кыз ага ашык болгон экен. Бирок Бегимай эркин өскөн эрке кыз, эмне кылам десе өзү билген. Эл оозуна тараганда көпчүлүк Раймалы аганы жектейт. Ошондон ушу күнгө бу сүйүү тарыхынын жактоочулары да, жектөөчүлөрү да бар. Кайдыгер калган киши жок. Бирер журт Раймалы аганын жоругун четке кагып, кабыл албайт, ошонун аты өчсүн, унуткула дейт, бирер журт боору ооруп кошо күйүп, сүйүү тапкан ырчынын мунду күйүтүн ооздон оозго, уруудан урууга таратып келет. Раймалы ага баяны ошентип жашап келатат. Кайсы заманда болбосун Раймалы аганын жактоочулары жана жектөөчүлөрү боло келген.

Абуталип Куттыбаевдин кагаздарынын арасынан Раймалы аганын Абдилхан инисине айтканын жазгандарын таап алып, баягы ителги көз опуруп-жапырып сүйлөнгөнүн, кордогонун эстеди Эдигей ушул кечте. Абуталип болсо, өзү атагандай, талаа Гётеси жөнүндөгү поэманы жогору баалачу. Немистерде да бир кеменгер, улуу абышка болуп, ал бир жаш кызга ашык болгон экен. Балдарым чоңойгондо окусун деген үмүт менен Абуталип Раймалы аганын баянын Казангаптын оозунан жазып алган болуучу. Өмүр-тагдыры жамы журтка тараган кээ бир окуялар, кээ бир адамдардын тагдыры болот дечү Абуталип. Андай тарыхтардын сабагынын баасы бийик болушунун себеби, дечү ал, ичине көп ой батырат, бир адамдын башынан өткөн тагдыр ошо кезде жашагандардын, атүгүл кийин келчүлөрдүн тагдырына үндөш келет...

Кашында Эрлепес эргигенден эргий чертип, ага үн кошуп, улам кызып ырдап отурат. Өзү разъезддин начальниги, салабаттуу киши, темир жолдун белгилүү бөлүгүн кайтарып, ошону гана билбейби, шордуу Раймалы аганын качанкы бир кайгылуу тарыхын көкүрөгүнө сактап, ошол азаптын баарын өзү тарткансып айткан сайын кошо кыйналып эмне кылат?.. Жүрөктөн чыккан ыр менен көңүл толкуткан музыка деген ушу тура деп ойлоп отурду Эдигей, мындай учурда өлүп кайра тирил десе андан да тартынбас... Адамдын пейилин тазарткан, ой-санаасындагы кирди кетирген, кенен дем алдырып, эркин ойлонткон кумар оту жаркыраган дилинде дайыма өчпөй жүрөр болсочу...

Жатар алдында конок каадасын кылып эшикте бир аз басып келсе да, үй ээлери сыйлуу конокко деп ар бир үйдө сактап жүрчү мамык төшөгүн, жаңы ак шейшебин салса да Эдигей көпкө уктай албай жатты. Төшөгү терезенин түбүндө, сыртта поезддердин бир тыякка, бир быякка өткөнү, айнекте шамалдын сыбызгы созуп ышкырганы угулат. Таң атарын күттү, кутурган Каранар-

ды кармап, эртерээк жолго чыгып, эртерээк Борондуга жеткидей болсун. Аерде эки үйдүн балдары бирдей күтүп отурат, ал дагы эки үйдүн балдарын бирдей көрөт, баары тең жамандыкты көрбөсө деп, бу дүйнөдө жашап жүргөн максаты да ошол... Каранарды кантип кармаардын жолун ойлоп жатты. Түйшүкчүл жаны түйшүксүз жүрбөйт го, жадегенде төөсү башкалардыкындай эмес, жининен коркуп кишилер жаа бою качат, эми жадаганда атып салмакчы да болуптур... Бирок жаман-жакшынын ажырымын айбан малга кантип түшүндүрөсүң?.. Буякка өзү келди дейсиңби, табийгаттын албуут күчү айдап келди да. Каранарда эки бууранын күчү бар, ошол үчүн ал эчтемеден тайманбайт, жолунан эмне жолукса да талкалап тепсеп кете берет... Ошо Каранарды кантип жоошутар экен? Чынжырлап байлап, кышы менен кашаадан чыгарбай кармабаса болбос, минтип көпкө соо жүрө албас, Коспан тийбесе да, дагы бирөө атып салса чараң эмне... Көзү уйкуга илинип баратып, Эрлепестин ыры менен күүсү көңүлүндө кайрадан жаңырды, аны менен бир болгон бүгүнкү кечке ыраазы болду. Бир кезде өз шоруна ашыглыктын азабын тарткан Раймалы аганын мунду тагдыры домбранын көкүрөгүнөн тирилип чыгып, анын көкүрөгүнө сиңип кирип жаткансыды. Экөөнүн ортосунда эч кандай байланыш болбосо да Эдигей негедир Раймалы ага экөөнүн ашыглык азабында кандайдыр үндөштүк бар экенин сезди. Жүз жыл мурун Раймалы ага башынан кечирген кумар оту бүгүн Сары-Өзөктүн эрме чөлүндө жүргөн Борондуу Эдигейден жаңырып тургансыйт... Ойлой берип оюна тумчугат да, оор үшкүрүп, төшөгүндө түйшөлөт. Мындан ары эмне кылат, кайда барат? Зарипага эмне дейт, Үкүбалага кандай жооп кайтарат? Ой-санаасы такат таппай адашат, алдас урат, ошентип жатып уйку-соонун ортосунда Арал деңизинде жүрөт... Көз уялткан көгүлтүр түс менен ачуу шамалдан башы зыңылдап ооруп чыкты...

Анан бала күнүндөгүдөй болуп, деңизге боюн урат, ак чардак болуп кайкып учуп, толкундуу деңиз үстүндөгү ээндикте каалгып, кубанып жүрөт. Эрлепестин ыр-күүсү кулагынан үзүлбөй жаңырат, Раймалы аганын бактысыз сүйүүсүн даңазалаган ыр-күү жаңырат, анан негедир сууга алтын мекрени коё берип жатат. Салмактуу солкулдаган алтын мекрени деңизди көздөй алып баратып, балыктын тирүүлүк далбасын, сууга умтулуп туйлаганын сезет. Жээкте шарпылдаган толкунду кечип, аягына толкун жабылып, бетин шамал аймалап, Эдигей өзүнчө шамалга күлүп барат. Анан колундагы мекрени коё берет, балык көгүлтүр абада жарк этип алып, негедир жай суурулуп, сууга жай барып түштү... Дале басылбай музыка жаңырып турду... Кимдир бирөө тагдырына наалып, ыйлап жатты.

Ошол түнү талаада аяздуу ызгаар шамал жойлоп жүрдү. Суук күчөгөндөн күчөдү. Боролдуу Каранар тандап бөлүп алган төрт баш төө үйүрү дөбөнүн түбүндөгү ыкта турду. Арттан уюлгуган кар жондоруна себелеп, төрт иңген бирин бири жылытып кыналышып, бирининмоюнуна бири мойнун арта салып, кыймылсыз. Төртөөнүн акими саксаңдаган Каранар тегерене жер тарпып, кимгедир күнүлөгөндөй бакырат. Тозоң учкан төбөдөгү күүгүм мунарыктан шооласы араң өткөн айдан башка аларды көргөн-баккан көз жок. Каранар тынч алалбайт. Узун моюн, саксагай баш, жин бүркүп өкүрүп-бакырган кош өркөчтүү кара желмогуз аяздуу шамал жалаган карды таптап, нары тегеренет, бери тегеренет. Дене-боюн дүүлүктүргөн ушунча да күч болобу! Кумары канар эмес бу желмогуздун. Улам бир иңгенге тийишип, шыйрактан, сандан тиштейт, четке тартат, бирок мунусу аша чапкан жорук эле, анткени чоюлган байкуш иңгендер күндүз керээли кечке бууранын ою менен болушуп, каалаганын аткарды, эми түнкүсүн тынчыраак эс алсак дейт. Ошол үчүн алар да бакырып жооп кайтарып, жактырбай моюн толгошот, бууранын обу

жок асылганына көнбөй топко кире качат. Тынчыраак эс алсак дейт алар түнкүсүн.

Таңга маалда барып, Боронду Каранар аран жоошуду. Анда-санда дабыш чыгарып коюп, эки жакты акырая карап алып, иңгендердин жанында тим турду. Ошондо иңгендер төртөө тең катарынан карга жата кетти, моюндарын созуп, көшүлүп баратты. Иңгендердин түшүнө мурда тууган ботолору кирип жатты, иңгендердин түшүнө мобу кайдан-жайдан жетип келип, берки бууралардан төртөөн тартып алып, өз билгенин иштеп жаткан айбаттуу кара буурадан алып калар, он эки ай көтөрүп жарык көрөр, эмки жазда туулар ботолору түшүнө кирип жатты. Анан дагы ысык жай, буруксуган эрмен-шыбак, эмчектерине назик тийген сүт ботолорунун жумшак эриндери түшкө кирип, келечекте чыгар сүттүн кабарындай желиндери зырп-зырп сыздап коюп жатты... Боронду Каранар баягысындай эле кароолдо заңкаят, чуудаларын сеңселтип шамал ойнойт...

Жер калыбын жазбай өз алкагында айланып, сырт шамалга жууна сүзүп баратты. Күндү тегерене учуп, өз огунда чимирилет, анан акыры бир капталы Сары-Өзөккө туш келип, таң атты. Мына ошондо иңген мингген эки киши жакындап келатканын көрдү Боронду Каранар. Ал Эдигей менен Коспан болчу. Коспан мылтыгын ала чыккан.

Кирген кезин тыюуга кимдин акысы бар, бул адамдар кантип даап анын чөлкөмүнө кирди, кантип үйүрүнө жакындап келатат дедиби, айтор Боронду Каранар калчкалч этип жини кайнап, таңкы жымжыртты буза бакырды. Узун мойнун сундура созуп, азуулуу оозун ажыдаардай чоң ачып, тиштери шакылдады. Оозунан чыккан ысык деми аяздуу абада да бубак болуп өзүнүн чуудаларына жабышып жатты. Капилет кайнаган жинине чыдабай шамалга каршы тайтая тура калып, шорулдата сийди. Аба каңырсыган заар жыттанып, муз

болуп тоңо калган тамчылары учуп келип Эдигейдин бетине тийип жатты.

Эдигей жерге ыргып түштү да, тонун кардын үстүнө силкип таштап, жеңилдене купайке-шымчан болуп, шапалагын жазды, оңтойлото кармады.

– Абайла, Эдике, кокус атырылса жалпайта атайын,– деди Коспан мылтыгын кезей кармап.

– Атчу болбогун. Менден коркпо. Сени качырса, анда сөз башка.

– Болуптур,– деди Коспан төөсүнөн түшпөй.

Эдигей шапалагын тарсылдата карга чапкылап, Каранарга жакындай берди. Каранар аны көрүп, ого бетер кутуруп, моюн сундуруп жин-шилекейин чачырата бүркүп, Эдигейге бет ала жортуп жүрүп калды. Ал ортодо иңгендер жаткан ордунан туруп, өз ара тегерене тарпаңдашып жатты.

Темир жолдун карын чийнелеп тарттырчуда төө айдаган шапалагын тарсылдатып, ээсин тааныр деген үмүт менен Эдигей буурасына алыстан кыйкырып баратты.

– Эй, эй, Каранар! Жиндебегин, Каранар! Жиндебе дейм! Бу мен! Сен эмне, кашайып калгансыңбы? Менмин дейм!

Каранар ээсинин кыйкырыгынан сестенип коёр кейпи жок. Кош өркөчү селкилдеп, далдайган чоң кара айбан канталаган көзүн акшыйтып, жапырып кирип келгенде Эдигейдин эси чыга жаздады. Малакайын баса кийди да, шапалагын тарсылдата шилтеди. Чайырга салынган жети метрдей узун, оор өрүм шапалактын тийген жери ачуу. Буура мойнун созуп, Эдигейди тиштеп жыгып, тизелей жерге ныгырып, үстүнө чөгүп алууга өкүрүп-бакырып умтулат. Эдигей жакын жолотпой шапалак менен тумшукка, башка чапкылап, ойт берип жолунан буйтап, кайра кайрылып чаап, тааныcын деп кыйкырат. Экөө алышып жатты, экөө тең өз акысын бербей жатты. Каранардын мынчалык жиндеп, бактысын коргогонуна Эдигей таң калды, ошо бактысынан

ажыратып жатканын түшүндү, бирок башка арга жок болчу. Чоочулаганы эле Каранардын көзүн агыза чаппасам экен дейт, калганы сөз эмес. Акыры адамдын көктүгү бууранын өжөрлүгүн жеңди. Айкырып-кыйкырып, шапалак менен кызылдай сабап жатып, эптеп жакындады да, ыргып жетип бууранын буйласына асылды. Колу карышканча бек кармап, даярдай келген толгоочу менен чүрүштүрө толгоп жиберди. Жан чыдагыс катуу ооруга буура онтоп жиберди, коркунучтан ирмелбей акшыйган көзүнөн Эдигей өзүн көрүп алып, өз кебетесинен чоочуп кетти. Адам эмей эле жырткычка окшоп калыптыр, тегерегиндеги кар тепселген,– ушунун баары көз ирмемде эси чыккан төөнүн чечекейинен көрүндү. Эч күнөөсү жок макулукту мынчалык кыйнаганына жаны ачып, Эдигей таштап коюп, башы ооган жакка кетип калгысы келди. Бирок Боронду да күткөндөрү бардыгы, Каранарсыз кайтып баруу болбостугу, Ак-Мойноктун кишилери муну атып салары оюна кылт этип, эсине келди. Өзүн зордоп, шаңдана барк-барк кыйкырып, буурасын чөгөрө баштады. Чомдобосо болобу. Каранар дагы эле каршылык көрсөтүп бакырып турду, оозунан чыккан ысык деми ээсин жаба берет, Эдигей ага бой бербеди. Акыры буураны чөгөрдү.

Коспан, чомду бери ташта да, тиги иңгендерди мобудан көз далда нары айдап кет! – деп кыйкырды Эдигей.

– Коспан иңгендин өркөчүндөгү чомду сыйрып ыргытты да, өзү Каранардын үйүрүнө чуркады. Эдигей бууранды нарыдан бери чомдоп жиберди, ал ортодо Коспан да Эдигейдин тонун көтөрүп жетип келди, Эдигей тонун кийип, ноктолонгон, буйлаланган буурага шашып минди.

Жини таркай элек Каранар айрылып калган үйүрүнө кайра барууга жулкунду, мойнун ийип кежейип, үстүндөгү ээсин тиштегиси келди. Эдигейдин айбаты да оңой эмес. Бакырганына, тынбай боздогонуна карабай Кара-

нарды кардуу дың талаага салды, улам камчыланып, сүйлөнүп баратты:

– Токтот! Жетишет! Бас жаагыңды! Баары бир коё бербеймин. Маңги болгон башыңды урайын! Мен сага жамандык каалап жатыпмынбы? Мен болбосом сени кутурган жырткычтан бетер жайлап салышмак. Эмне демексиң? Кутурганың чынбы? Чын болгондо кандай! Кутурганда да таптакыр ашынып кеттиң го! Болбосо өз үйүрүң аздык кылгансып, быякка эмне жутунуп жетип келдиң? Эсиңе түйүп кой, үйгө жеткен соң чоочун үйүрлөргө чапканың бүттү! Мындай экенсиң, чынжырлап, жылдырбай койбосомбу!

Боронду Эдигейдин аябай опузалап коркутуп келаткан бир жөнү өз көзүнө өзүн актамакчы болгону. Ак-Мойноктон издеп тапкан иңгендеринен ажыратып баратса, дегинкиси бул адилетсиздик эле. Же Каранар жоош мал болсочу. Алиги минип келген иңгенди деле Коспанга таштап келатпайбы, сааты чыкканда айдап барып берем деп калды Коспан. Көңүл тынч, жүрө берсин. Бул оңбогурдун болсо жүргөн жеринин баары жаңжал.

Бир топ жүргөн соң чомго да, ээси минип баратканына да Каранар көндү. Азыраак бакырып, арышын ырастай берди, анан бара-бара демейкисинче маң-маң желип, Сары-Өзөктүн алысын куткарбай кууп жөнөдү. Эдигей да тынч алып, зиңкилдеген эки өркөчтүн ортосунан орноктуу орун алып, каршы соккон шамалга бүчүлөрүн бүчүлөндү, малакайынын кулакчынын ээк алдына тарта байланды, арылдаган буурасынын үстүндө Боронду кайдасың деп жүрүп берди.

Бирок али жол алыс. Күн нымтырап, сыдырым шамал согуп, асман ала булут. Кечке бороон боло койбос, түндө согушу мүмкүн. Боронду Эдигей Каранарын карман, буйлалап алганына, айрыкча кечээ кечинде Эрлепестин домбрасы менен ырын укканына көңүлү тоюп кайтып баратат.

Ошентип ой-санаасы кайра эле өзүнүн оңунан чыкпаган турмушуна кайрылды. Чечилбеген чие түйүн болду го! Канткенде эч ким зыян тартпагыдай кылып, өзү да курулай ичтен куурабай, Зарипа, айла канча, жай ушундай, мен сени жактырып калдым деп түз айта алат? Эгер Абуталиптин балдарына алып жүрүшкөн фамилиясы кедерги боло турган болсо, эгер Зарипа ылайык көрсө, балдарды деле Эдигейдин фамилиясына жаздырып койсун. Даул менен Эрмекке фамилиясы жараап болсо, анда Эдигей деги эле ыраазы. Иши кылып экөөнө бул турмушта тоскоол жолукпасын, өз күч-аракеттери менен, зээни менен ийгиликке жетишсин. Ошол максатка фамилияны кантип аясын... Узак жолдо Эдигейге ушундай ойлор да келди. Күн кечтеп калган. Чыгарда кежирленип, буркулдаса да чаалыкпас Каранар катуу жүрдү. Мына, алды жактан Боронду нун жайыгы да ачылды, күртку бүтөгөн андардын жүлгөсү билинет, тигинде чыбыр жатат, тыякта темир жолдун имерилиш колтугуна коргологон Боронду разъезди. Морлордон түтүн булайт. Жанына жакын үй-бүлөлөр кантип жатты экен? Кеткенине бир эле күн болсо да, көңүлү көптөн бери күрөшпөгөндөй өрөпкүйт. Анан калса сагына түшүптүр, айрыкча балдарды. Айылды көргөн соң Каранар да арыш кере арылдап коё берди. Араандай ачкан оозунан буу буруллдап, дени нымшып жибиген неме, андан-мындан бир аттап баратты. Эдигей үйгө жакындаганда разъездден эки поезд бет келип, ажырашып кете берди. Бири кетти батышка, бири кетти чыгышка...

Каранарды биротоло кашаага камай кирмекчи болуп, Эдигей тамдын артындагы короонун оозуна токтоду. Чомдон түшүп, чабак жыгачты туурасынан байлап, жерге житире көмүлгөн жоон чынжырдын бир учун алып, бууранын алдынкы бир бутунан байлап салды. «Тери кургасын, чомун анан алармын»,– деп жайына койду. Эмнегедир шашып жатты. Керилип-чоюлуп уюган далысын, тизесин жазып, Эдигей кашаадан чы-

гып келатканда улуу кызы Сауле утурлай чуркап келди. Тончон Эдигей эпсиз колжоюп, кызын кучактап өптү.

– Үшүйсүң го, – деди кызынын жеңил чыга калганын көрүп. – Үйгө чурка, мен азыр.

– Ата,– деди Сауле эркелеп,– Даул менен Эрмек кетип калышты.

– Каякка кетип калышты?

– Биротоло кетишти. Апасы менен кошо. Поездге түштү да, кетип калышты.

– Кетип калганы кандай? Качан кетишти? – деп дале даана аңдай албай кызынын көзүн тиктеп кайра сурады.

– Бүгүн эртеменен.

– Ошондой де! – деп Эдигейдин үнү дирилдей түштү. – Үйгө чурка, бол эми,– деп кызын коё берди. – Мен анан, анан. Бар, бара кой...

Сауле бурчтан айлана чуркап кетти. Эдигей кашаанын оозун жаппастан, тончон далбактаган бойдон Зарипанын барагына бет алды. Уккан кулагына ишенбей баратты. Бала неме чаташтырып алгандыр. Ушундай да болчу беле? Бирок эшик алдында калың из жатат. Чала жабылган эшикти шарт ачып, Эдигей тамандырыкты аттады да, үй ичи ээн экенин, керексиз буюм-кечелер чачылып жатканын, үй муздай түшкөнүн көрдү. Балдар да жок, Зарипа да жок!

– Ушундай да болобу? – деп Эдигей аңгыраган үй ичинде күбүрөдү. – Демек, кетиптир да! – Бул үйдүн кишилери көчүп кеткени даана болуп турса да таң кала, ындыны өчө үн чыгарды өзүнчө.

Жаман болуп кетти, өмүрүндө мынчалык жаман болгон эместир. Бөлмөнүн ортосунда, муздак мештин жанында тончон дел болуп турду, эми эмне кыларын, ичтен кайнап жарылып келаткан ызалык менен жоготуунун кайгысын кантип басарын билбей турду. Терезеде Эрмектин баягы кырк бир тоголок төлгө ташы жатып-

тыр, бу дүйнөдө алдагачан жок атасы качан келет деп тартчу үмүт менен сагынычтын төлгө ташы. Эдигей төлгө таштарды уучтап алды, – мына, калган эстелик эми ушул гана. Дагы чыдап тура алар эмес. Терс буруулуп, дубалдын муздак тактасына ысык чекесин такап, буулугуп ыйлап жиберди. Ал ыйлап турганда колундагы төлгө таштар бирден-экиден түшө берди. Калчылдап уучун жумайын дейт, колу жумулбайт, таштар жылбышып түшүп жатат, биринин артынан бири полго тырс түшүп, аңгыраган ээн үйдүн бурч-бурчуна тоголонуп кетип жатат...

Анан бери бурулуп, дубалдан ылдый жылбышып, тончон, малакайчан калыбында селейип отуруп калды, улам улутуна солуктап токтоно албады. Чөнтөгүнөн Зарипа берген моюн орогучту алып, көз жашын аарчынды...

Эмне болуп кеткенине акылы жетпей ээн калган бараkта Эдигей эсеңгиреп отура берди. Демек, Зарипа анын жогунан пайдаланып, атайы кеткен тура. Ал болсо жибербей коёт, же дагы кандай болот деп ойлогон го. Чынында ал эч качан жибербейт болчу. Биерде болгондо аягы эмне менен бүтөрүнө көзү жетпесе да коё бербейт эле. Ал буерде болгондо эмне кылмак эле деп эми түштөн кийин баш катырганда эмне айла. Мына, эми алар жок! Зарипа жок! Балдары жок! Эдигей алардан ажырап калмак беле! Жогунда кете берели деп, мунун баарын кылган Зарипа. Өзүнүн кетишин жеңилдетерин жеңилдетиптир, Эдигейди ойлобогонун карачы, бош калган бараkта энгиреп отуруп калары кандай азап болорун ойлобогонун карачы.

Поездди токтотуп берген разъезддан бирөө чыкты да! Бирөө-бирөө! Ким болмок эле, Казангап да! Ал Сталин өлгөн күнүндөгү Эдигейчилеп стоп кранды жулуп алган эместир, пассажир поезддин бирин токтотуп берүүсүн разъезддин начальнигинен өтүнүп сурангандыр. Ал ошондой неме... Тигилерди эртерээк көчүрүп жибе-

ришке Үкүбала да кол кабыш кылгандыр! Карап тургула силерди! Кекенген сезимге ууланган каны башына тээп, мээсин уулантып, азыр бар күчүн жыйнап, бу Боронду аталган кудайдын каргышы тийген разъезддеги колуна тийген нерсенин баарын кыйратып, ташын талкан кылып, анан Каранарын миңген бойдон Сары-Өзөктүн тереңине кирип кеткиси келди, ошоякта жалгыз жүрүп, ач бел куу жондо өлгүсү келди. Ошентип көчкөн журтта калган Эдигей алсырап, эңшерилип, эсеңгиреп отурду. Акылына жетпеген бир сөздү гана кайталай берди. «Эмне кетти, кайда кетти? Эмне кетти, кайда кетти?»

Анан үйүнө барды. Үкүбала унчукпастан тонун, тумагын, кийиз өтүгүн алып, бурчка алпарып койду. Таштай катып түнөрүп, мисирейген Эдигейдин жүзүнөн Боронду Эдигей эмне ойлоп, эмне кылганы жүргөнүн билип болбойт. Көзү тунарып эчтеке көрбөгөндөй. Карманууга күчүн жумшап, көзүнө чыкчу каары ичте камалып, бороон-чапкын ичте жүрүп жатты. Күйөөсүнүн баш көтөрөр маалын күтүп, Үкүбала эки-үч ирет самоор жаңыртып чай кайнатты. Самоор кайнай берди, ичинде күйүп өчкөн жыгач кара көмүр болуп үйүлө берди.

– Чай ысык, – деди аялы. – Оттон жаңы алдым.

Эдигей аны телмире тиктеп, ысык чайды шорулдата ууртады. Чайдын ысыгын сезбеди. Экөө тең сөз жарылар маалды күтүп, тунжурап отурду.

– Зарипа балдарын алып, көчүп кетти,– деди акыры Үкүбала.

– Билем,– деп бурк этти Эдигей башын пиаладан көтөрбөй. Күтө түшүп, ошо калыбында сурады: – Кайда кетти?

– Анысын бизге айткан жок, – деди Үкүбала.

Кайра тунжурашты. Оозу чайга күйүп жатса да, буркан-шаркан түшүп чаң-тополоң салбасам экен, чыдасам экен, балдарды коркутпасам экен, балааны баштабасам экен деп, Эдигейдин бар аракети ушунда болду.

Чай ичип бүтүп, сыртка камынды. Кийиз өтүгүн, тонун, малакайын кайра кийди.

– Кайда барасың? – деди аялы.

– Малды карайм, – деди ал чыгып баратып.

Кыштын кыска күнү батып кетиптир. Күүгүм улам караңгылап, каптап кирип келатыптыр. Уюлгуй түшүп, кайра жаалдана сойлоп, кар тозоңу кыймылга келиптир. Эдигей түнөрүп кашаага кирди. Кирип барып, чынжырынан жулкунуп турган Каранарды акшыя карап, бир кыйкырып койду:

– Дагы эле өкүрүп атырысыңбы? Дале тойбойсуң ээ? Желмогуз, сенин ушу кылганыңабы! Сени бир жаңсыл кылбасамбы! Эми мага баары бир!

Эдигей ачуулана Каранарды курсакка түрттү да, ашата сөгүп, чомун алып ыргытты, бутундагы чынжырды чечти. Анан бир колуна боосун, бир колуна сабына оролгон шапалагын алып, боздогон буурасын талаага жетелеп жөнөдү. Бороондуу Каранар кусалыгы күчөп, боздогонун баспай келатканга Эдигей эки-үч жолу кылчайып, боосун кагып, шапалак менен тап берип, кыйкырып койду, бирок ага деле болбогон соң түкүрүндү да, экинчи көңүл бурбай, бакырганына кулак жапырып, түнөргөн бойдон кар малтап кете берди. Күүгүм коюуланып, кардын бети гана шоолаланып, асман капкара болуп түнөрүп келатты. Эдигей энтиге дем алып, токтобостон баратты. Башын шылкыйтып, түнөргөн калыбын жазбай көпкө жүрдү. Разъезддан алыс бир дөңсөөнү айлана берип токтоду да, анан Каранарды кызыл шапалакка алды. Тонун кардын үстүнө чечип салып, ноктонун боосунун бир учун белбоосуна байлады да, ал – төө да алыстап кача албасын, эки колум да бош болсун дегени. Анан ичке толгон ачуу менен ызасын буурадан чыгарып, шапалагын эки колдоп кармап, сабап кирди. Өзү буурадан бетер бакырып, оозуна келген сөз менен сөгүнүп, аёосуз сабап жатты, башың кайсы, көзүң кай-

сы карабай, эби келгенде тызылдата жука чабыга чаап жатты.

– Мына сага! Ме! Арам өлгөн айбан! Ушунун баары сенин азабыңан! Сен болбосоң!.. Баарын кылган сен! Эми сени коё берем, кайда барсаң анда бар, бирок анын алдында кутурткан куртуңду өлтүрүп салбасамбы! Мына сага! Ме! Ач көз айбан! Баары сага аз көрүнөт ээ! Четке чуркайсың ээ! Ал ортодо балдарын алып, кетип калган турбайбы! Менин күнүм эмне болгону менен эч кимиңердин ишиңер жок! Эми мен кантип жашадым бу дүйнөдө? Ансыз кантип жашайм? Силерге баары бир болсо, мага да баары бир! Мына сага ошол үчүн, кутурган ит!

Каранар бакырып, жулунуп, шапалактын уусу өтүп нары туйлап, бери туйлап, жаны ооруганы ушунчалык белем, бир маалда Эдигейди жыга коюп, кардын үстүндө сүйрөгөн бойдон жөнөдү. Устундай селейте сүйрөп, эптеп ушундан бошонсом, эптеп кутулсам, тиги зордоп апкелишкен жакка кайра жөнөсөм деп, жапайы күчү чыйрыктырып катуу сүйрөп баратты.

– Токто! Токто! – деп аптыга кыйкырат оозуна кар толгон Эдигей.

Тумагы башынан учуп, күрткүгө башы барып киргенде чекесине, бетине бирде ысык кар уруп, бирде муздак кар уруп, моюнуна, коюнуна кар кирип, карысына да шапалагы оролуп, же турар чактысы жок, же белбоосунан буураның боосун бошотор чактысы жок, оңкобаш атып кете берди. Каранар аны карасынбы, эси чыккан айбан качып кутулам го деп кете берди. Эгер Эдигей эптеп белкурун бошотуп, таралгасынан чыгарып жибербесе, ошо бойдон күрткүгө башы тыгылбай аман калганы болбосо, экөөнүн бул эрегиши эмне менен бүтөрүн ким билмек. Эдигей ошентип кайра боодон кармап тарткыча буура дагы бир топ жерге сүйрөп кетти, анан барып башбоосу ээсинин колунда экенин сездиби, токтоп туруп калды. Өзү да алдан тайган чагы эле...

– Ой атаңдын оозун урайын ит! – деп күшүлдөгөн Эдигей жер тырмалап, карга тонгон колу ысып-күйүп ачышып, өзү теңселе туруп, эки бутуна араң таканчыктады. – Атаганаңды!.. Кыларың ушу болсо, мына сага!.. Жогол көзүмө көрүнбөй! Каргыш тийген айбан, экинчи сени көрсөм көзүм кашайсын! Башың баш, багалчагың кара таш! Ач бел, куу жондо өл! Карга-кузгунга жем бол! Кутурган иттей кылып атып салышсын! Баары сенин айыңан! Ээн талаада ээси жок өл! Сени да бир көрсөм көзүм кашайсын! – Эдигей ошентип, качып бараткан Каранардын артынан жүгүрүп, сөгүнүп баратты, шапалагын тарсылдатып чапкылап баратты, Каранары кайрадан Ак-Мойнок тарапка качып баратты, Эдигей каргап-тилдеп кубалап баратты.

Көрсө экөөнүн ажырашар маалы келген турбайбы. Ошол үчүн Эдигей алыстан айкырып, арманын айтып турган кези экен.

– Көзүмө көрүнбөй жогол, иттен туулган айбан! Жогол! Кыйырында кычуун канбай өл! Тамырыңды сыздаткан чок мээңе тийсин ок болуп!

Каранар кайра качып бара жатты, ак кар баскан кышкы чөлдүн айдыңында боздогон доошу жаңырып бара жатты. Эми бул оңбогон Каранар Ак-Мойноктогу айымдарына жетмейинче чаалыкпастан-чарчабай, мүдүрүлбөстөн-мүргүбөй түнү бою жүгүрүп, таң ата жетип барат го деп ойлоду Эдигей.

– Түү! – деп Эдигей түкүрүнүп алды да, артына кайтып, өзү сүйрөлгөн из менен, тумагы жок, тону жок, бети-колу ысып-күйүп, шапалагын сүйрөлтө караңгы түндө басып келатып, ичи эңшерилип, күчү бөксөрүлүп алдан тайганын сезди. Ошондо тизелей карга чөктү да, үч бүктөлүп, башын мыкчып, буркурап ыйлап жиберди. Кар баскан Сары-Өзөктүн айдыңында айласы куруп отуруп, шуу-шуу ышкырып жүрүп турган шамалдын доошун укту, уюлгуган кар тозоңунун шыбышын укту,

төбөсүнөн каалгый жаап турган кардын шыбырын укту. Сүйүктүү аялдан айрылып, көрүнгөн атанын кудурети жеткис сүйгүнчүк балдардан айрылып жашаган өмүрүң курусун дегенсип, миллиондогон кар үзүмдөрү абага жышылып, кулагына угулбаса да, туюмуна туюлуп шыбырап жаткансыды. Ошондо Эдигейдин өлгүсү келди, ушул бараткан жерде өлсө да, кара-көк болуп тоңгон сөөгүн жаап турган кар басып калса!..

– Кудай деген жок тура! Бул өмүр-жашоонун маңызын кудай билбесе, башкалардан кандай үмүт кылалы! Кудай деген жок тура, калыстык деген жок тура! – Сары-Өзөктүн караңгы түнүндө жалгыз баратып, Эдигей байкуш өзүнө өзү ушуну айтты. Минтип өмүрүндө ички сырын жарыя айткан жан эмес эле. Елизаров илимдин жолун айтып, кудай деген жок экенин сүйлөп отурган чакта да Эдигей ага ишенчү эмес. Кудайдан мына ушу түнү түңүлдү...

Ага карабай Жер өзүнүн алкагында шамалына жуунуп учуп-кетип баратты. Жарыктык Күндү айланып, өз огунда тегеренип, ошол саат, ошол тапта каран калган кара Жер Сары-Өзөктүн кар баскан айдыңында чөгөлөп отурган кишини алып кетип баратты. Боордуу Эдигей сүйгөн аялынан айрылып, ушу караңгы түндө, ээн талаа, эрме чөлдө жарыктык дүйнөгө бешенесин тосуп берип, кудай менен айтышып, кашайып отурганчалык королуң болобу, императоруң болобу, падыша-ханың болобу, деги ааламдын көк шилисин толгоп турам деген кайсы аким болбосун ушул ишке бара алат беле!.. О, кудай!.. Ошентип Жер жарыктык учкан бойдон зымырап кете берди...

Үчүнчү күнү Эдигей складдын оозунан Казангапка жолукту. Ал темир жолдун ремонтуна керектүү шайман-шоогун алып жатыптыр.

– Эдигей, сен эмне эле элден четтеп калгансың? – деди Казангап жөн эле айткан болгонсуп, ал ортодо өзү замбилине темир-тезегин салып жатып. – Мени да чет-

теп калыпсың, канча жолу сүйлөшөйүн десем сөзгө келбейсиң.

Эдигей башын шак көтөрүп, акырая карады:

– Сени менен сөзгө келгиче муунтуп салсам ырас болор эле. Аны өзүң билесиң!

– Жалгыз эле мен эмес, дагы бирөөлөрдү кошо муунтуп саларынан шек кылган жерим жок. Бирок ошо өлтүрөм деген жөнүндү айтып, анан өлтүрсөң макул элек?

– Силер айтпасаңар кайдан кетмек?! – деп Эдигей көптөн бери ичинде бук болуп жүргөн оюн Казангаптын бетине түз айтты.

– Ой сен да кызык экенсиң,– деп Казангап башын чайкап, ачуусунанбы, уялганынанбы кызарып кетти. – Көкүрөгүндөгү оюң ушул болсо, биз түгүл, а келин туурасында да пикириң начар тура. Сага караганда анын акылы терең экен, ошого ыраазы бол. Жоругуң акыры эмне менен бүтөрүн деги ойлодуң беле? Жок ээ? А келин ойлоптур да, кеч боло элегинде кетип кутулайын дептир. Көчүрүшүп коюңуз деп суранган соң барып жардам бердим. Балдарыңды жетелеп кайда барасың деп мен да сурабадым, ал да айтпады. Анысын тагдыры гана билгени дурус, башка жан билип не кылат. Андадыңбы эми? Бирдеме деп өз баркын да түшүрбөй, сенин катыныңдын баркын да сыйлап, унчукпастан кете берди. Экөө ынак коштошту. Сени жаман жоруктан таза сактап калгандары үчүн экөөнүн тең этегине таазим кыла турган жөнүң бар. Үкүбаладай аялды кылымдын кыйырынан издеп таппайсың. Анын ордунда башка бирөө болуп, абийириңди айрандай төгүп отурса, Каранардан мурда өзүң жердин түбүнө кире качмаксың...

Эдигей унчукпады, эмне демек? Дегинкиси Казангаптын айтканы туура эле. Бирок Казангап акылына буюрубаган бир нерсени билбеди. Бетке чабар Эдигей да аянбады:

– Болуптур! – деди да, жактырбай четке түкүрдү. – Акылдуунун айтканы ушу болсо, уктум. Ушунуң үчүн жыйырма үч жылдан бери ордунан жылбай, өйдө да баспай, ылдый да баспай моло болуп жүргөн турбайсыңбы. Мындай ишти сен кайдан билмексиң! Болуптур! Сенин акылыңды угуп турар чолом жок! – Ушуну айтты да, башка сүйлөшпөй басып кетти.

– Мейлиң, өзүң бил,– деген сөздү укту артынан.

Ушундан кийин көңүлү калган Боронду разъездинен көчүп кетмей болду Эдигей. Чындап кетмей болду, анткени жүрөгүн эзген кусалыкты баса алар эмес, өткөндү унутар ал калбагандай, жаны тынч алар эмес. Зарипасыз, анын балдарысыз бу жашоонун кунары кетти, кызыгы калбады, айлана-тегереги томсоруп туруп алды. Ошол үчүн, ушул азаптуу убайымдан кутулуу үчүн Эдигей Жангелдин иштен бошотуу туурасында разъезддин начальнигине арыз берип, катын-балдарын алып, башы ооган жакка кетмей болду. Иши кылып ушерде калбаса болду. Кудай өзү унутуп салган бу жерге чынжырланып байланып калды беле, көпчүлүк эл башка жерлерде – бири шаарда, бирери айылдарда жашап эле жатышпайбы, аларды буерге бир күн байласаң турбас. Эмне үчүн анда Эдигей эле куураган Сары-Өзөктө зарлап жүрө бермек? Кайсы жазыгына? Жок, жетишет, кетет, же Аралына барат, же Карагандыгабы, же Алматыгабы, жер үстүндө жай толуп жатпайбы, бир жагына оойт. Колунан иши келет, алты саны аман, дени-карды соо, акыл-эси ордунда, андай болгон соң ойлонуп отуруп не кылат, кетет... Бу сөздү Үкүбалага кандай айтса, кантип көндүрсө,– калган иштин чарасы жеңил. Ошентип оюн жыйынтыктап, сөз баштоонун ылайыгын издеп жүргөнчө апта күн өтүп кетти да, ал аңгыча ээси ээн талаага айдап жиберген Боронду Каранар пайда болду.

Эмнегедир эле иттин абалаганы басылбады, улам алыстап барып үрөт да, кайра там аркасынан келип үрөт. Эдигей сыртка чыкты, кашаадан окчунураак жерден

бир карааң көрдү, бейтааныш төө турат, төөбү же сөлөкөтүбү, кыймылдабайт, каржайып бир ордунда турат. Эдигей жакындап барса, өзүнүн Каранары.

– Ой, бу сен белең? Бу түрүң эмне, бечара, жүгүрүп чарчаган кезиң ушубу? – деп Эдигей өзү шашып калды.

Мурдагы Боронду Каранардын сөөгү менен териси эле калыптыр. Баягы акшыйган көз жок, чанагынын түбүнөн бирдеме жылтырап, шоро куюлат, калжайган башы калтандап, ничкерген ийри моюнунда араң турат кармалып, сеңселген чууданын ордуна бирөө шылдың кылып даакы чаптап салгандай чылага чапташып, тизеден ылдый саландайт, чамынып турчу Каранардын кадимки чулу өркөчтөрүнөн дайын жок, кемпирдин соолуган эмчегиндей болуп капталына шалбырап калыптыр. Кайран бууранын алдан тайганы ушунчалык, жакын калган кашаасына жете албаптыр. Эс алып токтогон жерден нары жыла алган эмес экен. Күркүрөп кирген зор буура көк жашык эти калганча, бир кашык каны калганча бар күчүн зарп кылып, аңтарылган каптай бүт баарынан ажырап, темселеп араң жеткен белем!

– Эх-хе-хе! – деп Эдигей табалай таң калып, Каранарды айланта карады. – Ушу күнгө жетипсиң да, ээ? Ит тааныбай калган соң бүтүпсүң да! Не деген буура элең! Баракелде! Калжайып кайра келгенин! Уят-сыйытты да кошо түгөткөн турбайсыңбы?! Деги тукумуң ордунда калдыбы, ала келдиңби, же аны да берип келдиңби? О жытың менен куру! Ычкынар алың жок заарыңы такымына жаба куя берипсиң да! Чаткайагына жабышкан шакмарын! Алда шордуу бечара! Таза маңгел болгон турбайсыңбы.

Каранар турду кыймылдаар алы жок, баштагы бууракан кубат да, шандуу бараан да жок. Калжайган башы калтандап, жыгылып кетпестин гана аракетин кылып турган үксөйгөн кебетеси боор оорурлук.

Эдигей аяп кетти буурасын. Үйгө барып, дагыра толтура таза буудай апкелди. Үстүнө бир ууч туз септи.

– Ме, жегин, – деп жемди төөнүн алдына койду. – Кичине кубат аларсың. Анан келип, кашаага жетелеп кетем. Жатып алыңа келерсиң.

Казангап менен кайра ошол күнү сүйлөштү. Анын үйүнө өзү барып, өзү сөз баштады:

– Мен сага мындай иш менен келдим, Казангап. Кечээ эле ороңдоп алып тескери баскан неме эле деп, таң калба. Айтар сөзүм олуттуу. Каранарды өзүңө кайтарып берсем дейм. Ыраазылыгымды айтмакка келдим. Сүт бото кезинде энчилеп бердиң эле. Аныңа ыракмат. Аябай кызматын көрдүм, жадатканына чыдабай жакында кууп жибердим эле, бүгүн кайра келиптир сандалып. Төрт аягы араң кыбырайт, азыр кашаада жатыры. Маңгел болгон чагы экен. Эки аптада көтөрүлүп, кайра күчүнө кирип кетер. Жакшылап жем берип турса болду.

– Токточу, – деп сөзүн бөлдү Казангап. – Сөз учугуң бузулду. Эмне эле Каранарды кайра бермекчи болуп калгансың? Же мен сурадымбы?

Мына ушунда Эдигей айтайын деген ичтегисин бүт айтты. Көчүп кетмей болдум деди. Сары-Өзөк жадатты, жер оодарбаса болбойт. Казангап кулак төшөп укту да, мындай деди:

– Ал өз ишиң, байкап көр. Бирок каалаганың эмне экенин өзүң билбейсиң го дейм. Макул кеттиң дейли, бирок өзүңөн өзүң безе алмак белең ошондо? Кайда безип кетсең да, зарланткан кайгыңан безе албайсың. Кайда барсаң өзүң менен кошо жүрөт. Жок, Эдигей, эгер эр жигит болсоң, ушерде жүрүп өзүңдү жең. Кетип калыш эрдик эмес. Ар ким кете алат. Бирок ар ким өзүн жеңе албайт.

Эдигей көнө да калган жок, бирок талашкан да жок. Оор үшкүрүп коюп, ойлонуп отурду. «Кетип эле калганым жөндүр, башка жер деген башка да? – деп ойлонуп отурду. – Бирок унута алambы? А эмнеге унутушум керек? Унутуп алып, анан эмне кылам? Ойлонбой да коё

албайсың, ойлонсоң да жан кейийт. Ал байкуш эле жыргап жүрү дейсиңби? Чүрпөлөрүн жетелеп, кайда жүрдү болду экен? Санаасын түшүнүп, кыйналса жардам берер жан чыгар бекен? Үкүбала да кыйналып жүрү, канча күндөн бери мен түнөрүп карабайм, ошону көтөрүш оңой бекен?.. Анын жазыгы кайсы?»

Боройдуу Эдигейдин ичинде кандай бороон жүрүп жатканын Казангап түшүндү да, жеңилдетер айла издеп, көңүлүн бурушка жөтөлүп койду. Эдигей башын көтөргөндө ал айтты:

– Дегинкиси, Эдигей, бир пайда издегенсип, сени көндүрөм деп алек болуп мага эмне. Өзүң баарын көрүп-билип турусуң. Кептин ток этер жерин айтсам, сен Раймалы ага эмессиң, мен Абдилхан эмесмин. Анан калса сени байлап-матап саларга жүз чакырым бу тегеректен жалгыз түп кайың таппайсың. Өз эркиң, көөнүңө жаккан иштей бер. Бирок ордуңдан обдулуп жылардан мурун жакшылап ойлонуп алгын.

Казангаптын ушул сөзү Эдигейдин эсине сиңип калды.

## X

Раймалы ага заманында даңкы чыккан акын болгон. Жашынан элге таанылып, акын-жыраулуктун үч өнөрүн тең берген экен кудай таала: такат албай ырдаган төкмө, өз ырларына өзү обон чыгарган обончу, уккулуктуу үнү бар аткаруучу. Замандаштарын таң калтырган акын эл чогулган топ жыйында толкундап домбрасын колуна алганда таңдайынан ыр куюлган. Укандар анын ырын айылдан айылга таратып айтып, кечээ күнкү айтканы бүгүн жамы журтка маалим болуп турган.

Андагы жигиттер кумарлана ырдап жүргөн ыр да Раймалыныкы:

Алыстан чаңкап келе жаткан атка,
Алдынан суу жолукса мөлтүр кашка,–
ал дүйнөнүн жыргалы.
Энсеп келип мен өзүнө жеткеним,
Ээримен эңкейип, эриниңен өпкөнүм,–
ал дүйнөнүн жыргалы...

Раймалы ага жарашыктуу кийинип, жасана жүргөндү жакшы көрчү экен. Кыш кийими, жаз кийими, жай кийими бөлөк-бөлөк түрлөнүп, асылын тандап кыз сүйүп, алчыланта ат минчү. Жанына шерик жалгыз аты ахал-текин Сарала түркмөндөрдөн бир чоң тойдо тартуу болуп келиптир. Эл акынды кандай мактаса, Сараласын ошондой мактайт. Сараланын мүчөсүн, жүргөн жүрүшүн карап, нечен саяпкерлер тамшанган. Ошол себептен Раймалынын бар болгон байлыгы колундагы домбра менен астындагы Сарала деген азил сөз тараган.

Чынында да ошол. Раймалы ага бүт өмүрүн ат үстүндө, эл ичинде, домбра колунда болуп жашап өткөн. Далайга кеткен атагы болгону менен дүнүйө жыйган эмес. Жазда келген булбулдай жүргөн жери дайыма ыр-тамаша, барган жери той-үлпөт, кайда болсо эл эркеси, күндө сый үстүндө. Бирок бай-бакубат тургандар, эл билген билермандар аны жактырбайт, ээн талаанын эбелегиндей болуп жүргөн-турганы бузук, жоругу жосунсуз дешет. Көзү жок жерде ушинтип айткандар болгон.

Бирок үлпөт тойго Раймалы ага келип, колуна домбрасын алганда таңдайынан ыр куюлуп, уккан кулактын кумары канбай турганда отурган эл бүт, атүгүл алиги жактырбагандар да жалдырап анын колун, жүзүн, көзүн тиктеп, эстери ооп калат. Домбранын кылын терип, не бир кубулжуган үн чыгарып, ар кимдин жүрөгүндөгү сезимди козгогону үчүн, колун жалдырай тиктешет; ичиндеги ою менен руху от болуп жанып турганы үчүн көзүн тиктешет жалдырап; акын өзү келишкен сулуу, нурлуу жигит болгон, ошол үчүн жүзүнө тигиле

тамшанып, жалдырап отурчу уккандар. Ырдап жатканда нурлуу жүзү жел саймалаган көл бетиндей болуп кубулуп турар эле...

Тийген аялдары анын жүйрүктүгүнө чыдай албай токтобой кете берген, тийе албай калган келиндер бир жетсем деп, түнкүсүн жаздыктарын жаш менен суулачу.

Ошентип ырдан ырга, үлпөттөн үлпөткө, тойдон тойго алмашып, өмүр өтө берди, байкатпай карылык да жете келди. Оболу мурутун күмүш аралады, анан сакалы агарды. Сарала да сыры кетип, сымбаты гана калды, жалкуйруктан айрылып, жүрүшүнөн гана кадимки Сарала экени билинет. Эчтемеге моюн бербей сопоюп жалгыз өскөн бийик теректей болуп, Раймалы ага өмүрүнүн кышына кирди... Мына ошондо ой токтотуп караса, же үйдөн, же бүлөдөн жок, же короодо малы жок, же жыйнаган дүнүйөдөн жок, жалгыз экен. Ошондо иниси Абдилхан колуна алды. Антээр алдында ал дагы агайынтуугандарын жыйып, нааразылыгын айтты, жеме тийгизди. Анткен менен үстүнө үй көтөртүп, тамак-аш, кийим-кечектен кор кылбагыла деп жардык берди...

Раймалы ага эми карылыкты ырдачу болду, өлүмдү көп ойлочу болду. Ал күндөрү мунду, не бир улуу ырлар жаралды. Адам неге жаралат жарык дүйнөгө? – деген эзелки кеменгерлер баш катырып келген ой бош отурган чагында аны да ойлонтчу болду. Эми ал мурдагысындай эл кыдырып, аш-тойлордо жүргөндөн калды, көбүнесе жалгыз отуруп, мунду күүлөрдү чертет, өткөн өмүрүн көз алдынан чубатат, же бу дүйнөнүн жалгандыгын сөз кылган карыялардын маегин байырлай турган болду.

Жашы оогон чагында жан-дилин козгоп кеткен бир окуя болбогондо Раймалы ага өмүрүнүн калган күндөрүн тынч жашап, тынч санап бүтүрмөк... алиги окуя болбогондо,– буга кудай өзү күбө.

Акыры үйдө камалып отура албады Раймалы ага, бир күнү карт Сараласын токуду да, кусалыгын кууп

салуу үчүн бир чоң мааракеге жөнөп калды. Домбрасын да ала жүрдү жанына. Анткени, үлпөт той берип жаткан кадырман кишилер өтүнүп, ырдабасаң да, мейман болуп кет деп суранышты эле. Кайра тез эле кайтууну ой кылып, көңүлү көтөрүлгөн Раймалы ага ошентип аттанып чыкты.

Барган жерде кадырлап тосуп алышты, сый конок-тор отурган боз үйгө киргизишти. Даңктуу адамдардын катарында отуруп, кымыз ичти, үлпөт тойго каалоосун айтып, батасын берип, аксакалга жарашчу салабаттуу сөздөн баштап отурду.

Айылда кыз оюн түшүп, үлпөт той кызуу башталган кези. Туш-туштан жаштардын ыры угулат, күлкүлөрү жаңырат, оюнзоок жүрүп жатканы сезилет. Ат мааракe башталып, байге чабылганы жатканы, казан-аяктын башында күйпөлөктөгөн кызматчылардын үндөрү, нары талаада үйүр-үйүр жылкы оюн салып азынаганы, береги иттердин абалаганы да шаңдуу угулат, дүйүм гүлдүн аңкыган жытын апкелип турган айдарым желдин канат илеби сезилет... Баарынан да коңшу үйлөрдөн эшитилген ыр менен күү, шыңк эткен кыз күлкүсү, шатыра-шатман каткырык Раймалы аганын канын дүүлүктүрүп, толкундатып баратты...

Карт ырчынын карыган жүрөгү канталап, бир мыкчылып, бир өрөпкүйт. Сыртынан сыр бербей отурганы менен, кыялында Раймалы ага өткөн өмүрүнүн канатында жүрдү: ары жаш, ары келбеттүү, ары акын, астындагы Сараланы алкынтып, ай талаада алыстагы арзыганына чаап бараткан чагында жүрдү, туяк астында жанчылган шибер чөп ыйлап да күлүп калуучу, ырдаган ырын угуп, маңдайынан күн жакындап келүүчү, көкүрөгүнө шамал батпай, домбрасынын үнүн уккандын каны дүүлүкчү, оозунан чыккан ар бир сөзүн жерге түшүрбөй илип кетүүчү чагында жүрдү; өзү да сүйө билген, күйө билген, сүйүүнүн азабынан көз жашын төгө билген, ат үстүнөн коштошуп, ээрден эңкейе үлбүрөк

эринден соруп өпкөн чагында жүрдү карт акын... Ошонун баары эмнеге болду эле? Ушинтип бозоргон кордун астында өлүмсүк жылтыраган чокко окшоп, карыганда жүрөгү канталап, жаны кейип, өкүнүчтө өчүгө беле ошонун баары?

Улам бара аз сүйлөп, көп ойго батып, Раймалы ага ичинде муңканып отурду. Аңгыча жакындап келаткан шыбырт, кобур үн, бой тумардын шыңгыры, шайы көйнөктүн тааныш шуудуру угулгандай болду. Бирөө эшикти бийик көтөрдү да, босогодон домбрасын көкүрөгүнө кыса кармаган, ачык жүздүү, карашы менсинген ойноок, мүнөзү чечкиндүүлүгүн билдирген, кашы жаадай ийилген, кара көз, деги эле бой-турпаты, кийген кийими чебер колдон бүткөндөй жарашыктуу кыз көрүндү. Ээрчий келген эки-үч курбу, эки-үч жигит болуп, босогодо таазим этип ийилип, кадырман кишилерден кечирим сурап турду. Отургандардын бири обдулуп ооз ачкыча кыз домбрасын бир кайрып салды да, Раймалы аганы карай саламдаша ырдап коё берди:

«Кербен тартып алыстан, кудук издеп канкакшып, суусунун кандырар булак башын көздөп жеткен кербенчи сымал, саламдашып өтүүгө алдына келип турамын, атактуу акын Раймалы ага. Шаңдуу топ болуп үстүнө кирип келгенибизди кечир, кыз оюн деген ошо да, үлпөт той деген ошо да. Тартынбай ырымды ырдап келдим, алгачкы сүйүүм айтчудай алдыртан калтаарып келдим, тайманбай түз келгениме таң калба, Раймалы ага. Туулгандан мен өзүм, октолуу мылтык өңдөнүп, оттуу болуп жаралгам, өткүрлүгүмдү кечир, Раймалы ага. Үлпөт менен той үстүндө ар дайым эркин ырдап жүрсөм да, тамчыдан санап талыкпай бал жыйган аары сыңары, ушул жолугушууга өмүр бою камынгам. Сааты чыккан бир күнү жадырап-жайнап ачылар үлбүрчөк гүл сыңар ушу күндү сагынгам. Мына эми чыкты сааты...»

«Чын эле таң калтырды келишиң, айтчы, жаркын сулуу кыз, кайдан келген перисиң?» – деп Раймалы ага

суроо каткысы келди, бирок кыздын ырын бөлгүсү келбеди. Алдыга жүткүнө таң кала да, тамшана да отурду. Делебеси толкуп, каны дүүлүктү, эгер ушул адамдардын айрыкча туяр туюму болсо, Раймалы ага азыр бүркүт болуп талпынып, канат кагып калганын көрүшмөк. Көзү жайнап, учкун чачырады, көптөн күткөнү көктө шаңшып жаткандай ээленткен сезим ээледи бүткөн боюн. Мына ошондо Раймалы ага карылыгын унутуп, башын шаңдуу көтөрдү...

Ырчы кыз ырын уланта берди:

«Тартынбай мынча келген соң таржымалым айтайын, улуу жырау, кулак сал. Жаш күнүмөн сүйөмүн, Раймалы агатай. Кайсы жакка барбагын, каерде обон салбагын, артыңдан ээрчип жүрөмүн, Раймалы агатай. Жемелебе-жекирбе, кайыптан бүткөн жыраум. Акындардын чебери, Раймалы агатай, сендей акын болсом деп, көптөн көксөп келемин. Көлөкөң болуп көрүнбөй, ырларыңды жат алдым, обонуңа жалындым, өнөрүңө тайындым. Бактыма келген бир күнү саламдашып келсем деп, сыртыңдан кылган таазимим, ичтен тынган сүйүүмү, жашырбай айтып берсем деп, ошентер кубат суранып, мен кудайдан тиледим. Бактыма келген бир күнү кашыңда ырдап берсем деп, жеңилип калсам да мейли, улуу жырау сен менен бир айтышып көрсөм деп, кечир деп осолдугумду, мен кудайдан тиледим. О, Раймалы агатай, башка кыз үлпөт тоюн эңсеген тилеги менин бул күндү эңсегениме тең келбес. Бирок мен анда жаш болдум, улуу ырчы сен болсоң элдин сүймөнчүлүгүнө бөлөнүп, атак-даңк менен ардактоого мас болдуң, көпчүлүктүн ичинен, той-тамаша үстүнөн мендей кичине кызды кайдан байкамак элең. Мен байкуш кумарланып ырыңа, уяттан бетим кызарып, ичимде каалап жүрдүм өзүндү, бирок кашыңа келип тартынбай сырымды ачык айтууга эртерээк аял болсом деп, шаштырып жүрдүм өзүмдү. Анан табиятыма ант бердим: сөз өнөрүн

үйрөнөйүн сендей болуп, күү өнөрүн үйрөнөйүн сендей болуп, устатым, анан сага түз келип тайсалдабай, сынап караган көзүңөн жалтанбай, саламымды айтам дедим, сүйүүмдү айтам дедим жашырбай, айтышууга чакырам дедим басынбай. Ошенткен кыз мына мен. Баарыңардын алдыңарга келип турам, эмне бүтүм кыласыңар, тагдырыма көнүп турам, өсүп бойго жеткиче, кыз чагыман көп кечикпей аялдыкка өткүчө мезгил жылбай кашаң болду, акыры быйыл жазда бүт он тогуз жашым толду. Раймалы ага, сен болсоң менин кыз доорумдагы бойдон экенсиң, саал гана буурул тартыпсың. Буурулуңуз сүйүүгө жолто болбойт, буурулу жок кер муруттар сизчелик купулга толбойт. Мына ошенткен мен эми ачык айтып ак сүйлөйүн: селки деп мени жерисең өз эркиң, бирок ырчы деп жерий албайсың, анткени мен ак таңдайдан куюлуп чыгар сөз менен, алкымдан кубулжуп чыгар үн менен айтышууга келип турамын. Айтышууга чакырам, устатым, эми кезек өзүңдө!»

– Бирок өзүң ким болосуң? Кайдан келген жансың? – деп Раймалы ага шаңдана сурады да, ордунан турду. – Аты-жөнүң ким?

– Менин атым Бегимай.

– Бегимай? Буга чейин кайда жүрдүң, жаркыным? Кайдан пайда боло калдың, Бегимай? – деп Раймалы аганын оозунан капилет суроо чыкты да, кейиштүү башы шылкыйды.

– Айтпадымбы, Раймалы ага. Жаш болдум бойго жеткиче.

– Аны түшүнөм,– деди карт акын. – Мен өзүмдүн тагдырыма түшүнбөйм! Өмүрдүн кышы кирип келатканда сени мынча сулуу кылып неге жаратты дейм да? Эмнеге ыя? Мен өмүргө арыз-арманым жок, баарын көрдүм деп ушу жашка жеткенде, сени пайда кылып, жүзүңдү көрсөтүп, үнүңдү уктуруп, азаптуу ырахатка салгыдай теңирдин жазасы бар беле, өмүрүм өксүп бекер өткөн

тура деп мени өкүнтөр тагдырдын кеги бар беле? Тагдыр неге мынчалык ырайымсыз болду мага?

– Мынча өксүп жан кейитпе, Раймалы агатай, – деди Бегимай. – Эгер өз тагдырыңды менин бешенемден көрүп турсаң, анда менден кам санаба, агатай. Кыз кылыгым, жагымдуу ырым, жан-дилимен чын сүйүүм сага кубаныч берер болсо, мага бу дүйнөдө башка максат жок. Агерим өкүнүчүңдү баса албай алдыман жүрөгүңдүн капкасын жапсаң, ошондо да өзүңдү чексиз сүйүп, ар кандай азап-тозокко кайыл болуп, өзүң менен өнөр сынашканды өзгөчө сыймык көрөр элем.

– О, жарыгым, андай дебе! Сөз өнөрүн сынашуу да кеп бекен, Бегимай! Биз жашаган замандын мыйзамына сыйбаган сүйүүнүн сын азабы турса өнөр сынашуу жыргал эмеспи. Жок, Бегимай, сени менен өнөр сынашам деп убада бере албайм. Кубатыман тая элекмин, ичте сөзүм соолуй элек, көмөкөйдө үнүм кардыга элек. Жок, андыктан эмес. Мен сага суктанып гана жүрөйүн, Бегимай. Мен сени өз башымдын азабына сүйөйүн, Бегимай, азаптуу сүйүүмдө гана сени менен беттешейин, Бегимай.

Ушу сөздөрүн айтып, Раймалы ага домбрасын жаңы толгоого толгоду да, тапатаңдан жаңы ыр чыгарып ырдады: бирде айдарым жел муңдуу чөпкө шыбыш айтып жаткандай, бирде добул ала булуттуу асманда күркүрөп жаткандай кадимкисинче ырдады. Алиги жер бетинде ушу бүгүн жаңырып келаткан ошол ыр. Ал «Бегимай» деген ыр:

«... Ичсем деп сууну булактан, сен келсең чаңкап ыраактан, айдарым салкын жел болуп, алдыңан тосуп чыгайын, саамайың сылап турайын, Бегимай. Жазмыштын жазган жазуусу түгөнүп бүгүн турса да, өлбөйм мен бүгүн, Бегимай. Айрылып калсам өзүңдөн, айрылганым көзүмдөн, Бегимай. Андыктан өлбөйм түбөлүк, Бегимай, кылымдан кылым жаңырып турса да сени сагынып, Бегимай, тирилип кайра келемин, кайрадан

жашай беремин, Бегимай, жеңе албайт мени карылык, Бегимай...»

«Бегимай» деген ырды ал ушинтип ырдады.

Ушул күн эл эсинде узакка калды. Экөөнүн тегерегинде азан-казан сөз кызыды. Ак өргөөдөн чыгарып, боз үйлөрдү аралатып, колуктуну узаткан күнү алчыланган атчандардын арасында, жасанышкан калың элдин кылаасында, колукту көчтүн башында, кыз-күйөөнүн кашында Раймалы ага, Бегимай үлпөт тойго шаң салып, элге ырдашты жар салып. Үзөңгүлөш бастырып, эки акын үлпөттүн көркүн чыгарды, шаңшыган эки акынды көргөн эл да кубанды, укkан эл да кубанды. Кыз-күйөөгө эки акын ынтымак, ырыс, ак сүйүү кудайдан тилеп ырдады, арбактан тилеп ырдады, көктөн тилеп ырдады, көптөн тилеп ырдады, домбрадан күү чыгып, көмөкөйдөн үн чыгып, куюлуп жатты ырлары, кубулжуп жатты ырлары – бири шаңшып ырдады, бири таңшып ырдады...

Ушундай укмуш ыр укканына тегеректеген эл шүйшүндү, теребелде калың тулаң кулпунду, кемегелерден булаган түтүн тегерене уюп жатты, канаттуулар тегерене кайкып учту, тай кылып тал минген балдар тегерене оюн салып, чаап жүрүштү...

Карт ырчы Раймалы агага айран болду калың эл. Кадимкисиндей доошу коңгуроодой чыгып, кадимкисиндей шамдагай, чапчаң кыймылы, жашыл шалбаага тиккен ак өргөөнүн ичинде күйгөн эки чырак кейиптенип, эки көзү балбылдайт. Жадагалса Сараласы моюн дүгдүйтүп, ал да корстон ээсине.

Бирок Раймалы аганын жоругу баарыга жага бербеди. Калың топтун ичинде ага түкүрүнүп тургандар да бар болчу. Алар акындын туугандары, Баракбай тукуму. Ушундай да жорук болобу, Раймалы карыганда алжыган тура деп, тойго келген Абдилхандын кулагынын кужурун алышты. Карыган дөбөт эл көзүнчө бизди минтип шылдың кылып жатса, сени келерки шайлоодо кантип

болуштукка көрсөтөбүз, шерменде болбойбузбу. Карасаң, тим эле жаңы асый айгырдай азынайт. Тиги сойку да келишкен экен, берген жообун уксаң. Ушундай да шерменделик болорбу! Элдин көзүнчө алжыган айбандын башын айлантып жатыры. Бу жакшылыкка алпарбайт. Бу шуркуя менен неге байланышат дейм да. Тиги кутурган айбандын жинин кагып салбаса узун кулак казактын учу-кыйырына ушак-айың сөз болобуз...

Шайтандын өнөрүн кылып, жолун жолдоп кеткен агасына Абдилхан да көптөн бери ачууланып жүргөн. Арыды-карыды, эми сөөлөт күтөр десе, муну карабайсыңбы, бүт Баракбай тукумунун бетине көө жапты.

Ошондо Абдилхан атын камчыланып, додолонгон топту жара кирип барып айкырды: «Эсиңе кел! Кет үйгө!» Бирок мукамдуу ыр менен алек болгон агасы анын айкырыгын укпады, өзүн да көрбөдү. Акындарды жаалап, бир сөзүн желге кетирбей кулак төшөп турган атчан калың топ Абдилханды заматта кайра сыгып чыгарып салды, атүгүл жонуна чып-чып камчы тийди. Кимдин камчысы экенин ким билсин. Абдилхан чапкан бойдон кетти...

Тил сүрдүкпөй, үн кардыкпай ырлар жатты куюлуп. Ушул чакта дагы бир жаңы ыр жаралды.

«... Ак маралын изденип, ак бугу таңда үн салса капчыгай-колот жаңырат» – деп ырдаса Раймалы ага, анда Бегимай:

«Ак сулуу куудан айрылган Ак куу күндү караса, күн карайып чагылат».

Кыз-күйөөнүн урматына экөө ушинтип ырдады – бири шаңшып ырдады, бири таңшып ырдады...

Жини кайнап ичинде иниси Абдилхан чаап кетип баратканын, ызалыкка ызырынып, артынан Баракбай тукуму коштой чаап баратканын ырга жүрөгү эргиген Раймалы ага билбеди да, туйбады...

Тил сүрдүкпөй, үн кардыкпай ырлар жатты куюлуп – бири шаңшып ырдады, бири таңшып ырдады...

Түнөргөн кара булут болуп, ээрге өбөктөй Абдилхан чаап кетип баратыры. Айылга! Үйгө! Жаалаган бөрү тобундай туугандары коштой чаап баратыры.

– Агаң алжыптыр! Акылдан айрылыптыр! Балээ! Дабасын таппаса болбойт! – деп жаалай кыйкырып баратыры.

Тил сүрдүкпөй, үн кардыкпай ырлар жатты куюлуп,– бири шаңшып ырдады, бири таңшып ырдады.

Ошентип кыз-күйөөнүн көчүн ыр менен узатып чыгышты. Коштошордо дагы ырдап коштошту. Анан Раймалы ага элге кайрылып, бактысына өнөрү тендеш, өзү жаш Бегимай акынды туш кылган ушул күнгө ыраазы экенин жарыя айтты. Чакмак ташка чакмак таш гана тийбесе от чагылбайт, акын өнөрү да ошол сыңары бирине бири эрегишип, күч сынашмайынча өнөрдүн сырын ача албайт. Бирок баарынан да бийиги, баарынан да ыйыгы, бактынын бактысы – күн күнүмдүк жолун арытып, батып бараткан маалында боюна толтуруп чыккан бар күчүн жумшап, бадырая чоңоюп, балбылдап жарык чачат, анын сыңарындай өзү да жашына кеч кирерде сүйүү таап, жаралгандан бери байкабай жүргөн күчүнө келди, мына ушинтип айтты карт акын.

– Раймалы агатай! – деп жообун кайтарды Бегимай. – Мен тилегиме жеттим. Эми сенден калбаймын. Кандай айтсаң, кайда айтсаң да, домбрамды колго алып, жетип барам. Ошентип ырыбыз ырга айкашсын, мен өзүңдү сүйөйүн, сенин сүйүүң болоюн. Ушул шерт менен өмүрүмдү кылчактабай тагдырыма тапшырдым.

Ошентип, тил сүрдүкпөй, үн кардыкпай ырлар жатты ырдалып.

Анан экөө талаа калкынын алдында эмки жолугушуу эртең чоң жарманкеде болсун, келген элге ырдайлы деп убадалашты.

Туш-тарапка тараган эл эртеңки болор айтышты туш-тарапка жайып кетишти.

– Жарманкеге камынгыла!

– Жарманкеге ат токугула!

– Жарменкеде акындардын айтышын угабыз!

Уккан сөз эл оозунан жаңырык болуп кайра жаңырды:

– Мына майрам эми болот!

– Мына кызык!

– Мына сулуулук! –

– Мына шерменделик!

– Укмуш десең ушуну айт!

– Абийирсиз акмактар!

Раймалы ага менен Бегимай экөө ара жолдо ажырашты.

– Жарменкеде жолукканча, жарыгым Бегимай!

– Жарманкеде жолукканча, Раймалы агатай!

Алыстай беришкенде үзөңгүгө тура калып үн алышты:

– Жарманкеде!..

– ... агатай-а-ай!

Күн кечтеп бараткан. Улуу талаа боз күүгүмгө чөмүлүп, магдырап жатат. Бышкан чөптүн буруксуган кыйгыл жыты аңкыйт, тоого жааган жамгырдын салкыны ургансыйт, жапыс учуп салпактап кулаалы жүрөт, талаа боз чымчыктарынын мемиреген кечти данктаган чыйт-чуйту угулат...

– Бейкут мемиреген жарыктык талаам! – деди Раймалы ага атынын жалын салаалай тарап. – Ай, Сарала, Сарала, эски досум, жан шеригим, күүгүмдөөр чакта сүйүүгө кабылтып, өмүр ушунчалык кызык белем!

Сарала болсо жол басыгын салып, анда-санда бышкырып коюп, күн сайын ээр астында жүргөн жаныбар эркин суу ичкенди, элкиндеги айдың жайытты эңсеп, эртерээк үйгө жетип, эс алууга шашып баратты.

Тигине, суунун имерилишинен айыл да көрүндү. Тигине үйлөр, эшик алдыларынан түтүн көңүлдүү булайт.

Раймалы ага түштү да, атын каңтара байлап койду. Үйгө кирерден мурун кемегенин башына эс алып көчүк басты. Жанына бирөө келди, караса коңшунун баласы экен.

– Раймалы ага, сизди үйдөгү кишилер чакырып жатыры.

– Кайсы кишилер?

– Өзүбүздүн эле туугандар, Баракбай тукуму.

Тамандырык аттап, Раймалы ага үйдө уй мүйүз болуп тыкыс отурган урук аксакалдарын көрдү. Эриш ныптада Абдилхан отуруптур, сыр каткандай түнөрүп жер тиктейт.

– Салом алейкум!– деп Раймалы ага-туугандарына салам айтты. – Деги жайчылыкпы?

– Сени күтүп отурабыз,– деди төрдөгү аксакал.

– Күткөнүңөр мен болсом, мына келдим,– деди Раймалы ага,– оболу отурар орун таап алайын.

– Токто! Босогодо тура тур! Чөгөлө! – деген буйрук укту.

– Бул эмне деген сөз! Ушул үйдүн ээси менмин го.

– Жок, ээси сен эмессиң! Алжыган абышка үй ээси боло албайт!

– Сөзүңөрдүн төркүнүн айткылачы?

– Сөз төркүнү бул: мындан нары эч жерде, эч качан ырдабайм, аш-тойду кыдырганды коём деп ант бергин! Абийириңди, агала сакалыңды, биздин абийирди унутуп, бүгүн уят-сыйытсыз ырларды ырдашкан алиги селкини биротоло таштайм деп ант бергин. Ант бергин! Экинчи аны көргөн көзүм кашайсын дегин!

– Бекерге сөз коротпогула. Эртеңки жарманкеде ал экөөбүз элге ырдайбыз.

Мына ушунда ызы-чуу башталды:

– Мобу бизди шерменде кылып жатыры го!

– Эрте жарыкта кайт сөзүңөн!

– Жинди болгон тура бул!

– Алжыганы чын экен!

– Тынчтангыла! Коё тургулачы! – деп бий башы тартип салды. – Ошентип, Раймалы, айтар сөзүң ушубу?

– Айтар сөзүм ушул.

– Эшиттиңерби, Баракбай тукуму? Тууганыбыз, шордуу Раймалынын кебин эшиттиңерби?

– Эшиттик.

– Андай болсо менин сөзүмү эшиткиле. Алгач сага айтайын, шордуу Раймалы. Өмүр бою жалгыз атчан жакыр болуп, оюн-зоок менен келатырысың, домбрандын боорун тырмап, аш-тойлордо ырдадың, маскарапоз болдуң. Бүт өмүрүңдү башкалардын тамашасына зарп кылдың. Сенин бузулган жоругунду а кезде жаштыгың деп кечирдик. Эми арыдың-карыдың, эми ырдаганың шылдың. Биз сени киши санынан чыгарып салдык. А дүйнө акыретти ойлонор, мойсопут болор чагың келген. Сен болсоң адеп-ахлак, мыйзамдын жолун бузуп, учкаяк карт айбан, элге-журтка күлкү болуп, жанагы шуркуя менен чагышып калдың, эми биздин кенешибизге моюн сунгун жок, анда өз убалың өзүндө, кудай жазаласын сени. Абдилхан, ордуңан турчу, карагым, сен бул экөөң бир ата, бир энеден туулган туушкансыңар, биздин жөлөгүбүз да, үмүтүбүз да сенсиң. Сени бүт Баракбай атынан болуштукка көтөрсөк деген ойдобуз. Бирок мобу агаң акылынан ажырап, эмне кылганын өзү билбей отуру, минтип жүрсө алиги биздин ишке жолто болору бышык. Баракбай тукумуна башка бироөлөр көчүгү менен күлбөсүн десең, Раймалы көө жапкан бетибизге башкалар түкүрбөсүн десең, алжыган агандын айласын өзүң тап!

– Эч ким мага пайгамбар да, казы да боло албайт,– деп Раймалы ага Абдилхандан озунуп сүйлөдү. – Ушул отурганыңар, буерде жогуңар, баарыңардын акылыңар курусун, караңгыда адашкан силерди карап отуруп жаным ачыйт. Соттоого болбос нерсени соттогуңар бар, ошого жаным ачыйт. Бул дүйнөнүн чындыгы менен ырысы каерде экенин силер кайдан билмексиңер. Ыр

келип турса ырдагандын эмнеси уят, теңирим өмүргө арнап бир сүйүү берсе сүйүүнүн эмнеси уят? Сүйүшкөн жандардын элге кубанганынан артык жер үстүндө кандай кубаныч бар? Жок, эгер, менин ырдаганымы, кечигип келген сүйүүгө тартынбай кубанып бой урганымды айып деп билсеңер, ошол үчүн гана мени акылдан айныптыр деп эсептесеңер, анда мен силерден кеттим. Күнүм түшкөн силер болсоңор, кеттим. Азыр эле Сараланы минемин да, ашыгыма жөнөймүн. Же болбосо ырыбыз менен, жоругубуз менен силерге будаат болбоско ал экөөбүз жер оодарып кетербиз.

– Жок, сен кетпейсиң! – деп баятан бери унчукпай турган Абдилхан обдула бакырды. – Ушерден карыш жылбайсың. Эч кандай жарманкеге да жол жок сага. Акылың ордуна келмейинче сени бүбү-бакшыга саламын.

Ушуну айтты да, иниси агасынын колунан домбраны жулуп алды.

– Мына!– деп домбраны жерге чапты, кутурган бука алсыз уйчуну тебелегенсип, назик аспапты бычырата тепседи. – Мындан ары ыр дегенди унутасың! Эй, жигиттер, апкел аркы чобурду, Сарала беле! – деп кол жансады.

Сыртта даяр тургандар байлоодогу Сараланы жетелеп жетип келишти.

– Ээр-токумун ал! Ташта быякка! – деп белендеп койгон балтасын оңтойлото кармап, буюруп турду Абдилхан.

Ээрди чабынды кылып балталап салды.

– Мына! Эч жакка барбайсың! Эч кандай жарманкеге! – Жиндеп кеткен неме басмайыл, үзөнгү боо, куюшканды бырчалап кесип жиберди да, эки үзөнгүнү наркы бадалды карай эки бөлүп ыргытты.

Жамандыкты түпөйүл туйгансып, Сарала жулкунуп, ооздугун кемирип, кетенчиктей отура калып туйлап турду.

– Жарманкеге барасың ээ? Сараланы минип барасың ээ?! Карап тургун эмесе! – деп Абдилхан буураканда-ай берди.

Даяр турган жигиттер заматта Сараланы оңко баш аттыра жыкты да, төрт аягын кыл аркан менен чытырата бууп салышты. Алибеттүү Абдилхан балбан колу менен Сараланын толгооч толгонгон үстүңкү эрдин толгой кармап, башын жерге тизелей ныгыра басып, аргасыз жаныбардын алкымына канжар урду.

Раймалы ага жулкунду, бирок кармап тургандар бошотподу.

– Токто! Сойбо атты!

Кайда-ан! Канжардын астынан чыркырап урган ысык кан ачык күндү түн кылып, Раймалы аганын бетин жаба берди, көзүн жаба берди. Үстү-башына Сараласынын каны жабылган Раймалы ага темтеңдеп жерден турду.

– Мунуң бекер! Жөө-жалаңдап болсо да кетемин! Эмгектеп болсо да кетемин! – деди кордугуна малынып турган акын өңүрү менен жүзүн арчынып.

– Жок, жөө да кетпейсиң! – Алкымы кызыл-ала болуп, башы каңтарылып шоркурап жаткан Сараланын үстүнөн тиши арсайган Абдилхан башын шак көтөрдү. – Буерден эми бир кадам алыс баспайсың! – деп ал ызырына күбүрөдү да, анан кайра айкырды. – Кармагыла! Карагылачы, жинди болуп баратат! Байлап салгыла, болбосо өлтүрөт!

Кайрадан ызы-чуу чыкты. Раймалынын тегереги чаң-тополоң түштү.

– Келе чылбырды!

– Колун кайры!

– Катуураак чырма!

– Жиндеп кетти! Кудайдын жазасы ушул!

– Карачы көздөрүнүн акшыйганын!

– Эй-эй, акыл-эсинен танып калды!

– Бери сүйрөгүлө, кайыңга!

– Кана, тарткыла!

– Бол тезирээк!

Ай төбөгө келген чак. Асман да тынч, жер да тынч. Кайдагы бир бакшылар келип, улуу от жагып, тегерене калч-калч этип бийлешип, акылы күңүрттөгөн улуу акындын ичиндеги жин-шайтанын кууп чыгып жатышты.

Акын болсо артына колу байлануу, өзү каржайып кайыңга тикесинен таңылуу турду.

Анан молдо келди, курандын сүрөөлөрүнөн дуба окуп, дин жолуна салып, акыл-насаат айтты.

Акын болсо артына колу таңылуу, өзү каржайып кайыңга тикесинен байлануу турду.

Анан бир маалда Раймалы ага иниси Абдилханга кайрылып ырдап жиберди:

«Караңгынын этегин жыйнап түн кетет, таң аткан соң кайра жарык күн келет. Бирок менин жарык күнүм караңгы. Бактысыз иним Абдилхан, сен мени караңгы кылдың. Жашым эңкейиштеп калганда теңирим берген сүйүүдөн айрыдың, түнөрүп кубанганың ошодур. Бирок, байкуш иним, жүрөк сокпой, демим токтоп калганча жан-дилимде сен түшүнгүс бак-таалайым бар экенин кантип, кайдан билмексиң. Артыма таңдың колумду, кайыңга байлап салдың боюмду, бирок мен азыр мында эмесмин, байкуш иним Абдилхан. Бу байлануу турган куу денем, жаны-дилим шамал болуп ай-талаада арылдап бара жатыры, жамгыр болуп жерге сиңип жатыры. Мен эми жаркыным менен ажырагыс биргемин, чачы болуп төгүлөм, тыноосу болуп туюлам. Таңга маал ойгонгондо кийик болуп, тоодон ылдый чуркаармын, жаркыным керилип үйдөн чыгарда аскадан күтүп турармын. Жаркыным очогуна от жакса, таттуу түтүн мен болуп, аймалаймын ай жүзүн. Жаркыным атчан чаап суу кечсе, мөлтүр тамчы болуп, ысыган маңдайына чачылармын. Жаркыным ырдап турганда, мен таңшыган ыры болуп жаңырармын...»

Таңкы желге төбөсүнөн жалбырактар шуудурайт. Күн чыкты. Раймалы ага жинди болуптур дегенди угуп,

коңшулаш айылдардан ачык ооз, суук көздөр жабалактап келишти. Аттан түшпөй тегеректеп турушту.

Акын болсо үстүндө кийими тытылуу, аркада колу таңылуу, кайыңга өзү байланууу турду.

Таңылбай оозу бош эле, акын ошондо элде сакталып калган атактуу ырын ырдап турду:

Кара тоодон көч келер, көч келгенде
Колумду чеч мында бир, иним менин
Абдилхан.
Ала тоодон көч келер, көч келгенде,
Колумду чеч анда бир, иним менин Абдилхан.
Сараланы жайладың, мени колу-буттан
байладың,–
Сенден кордук көрөм деп ойлобопмун,
курган жан.
Кара тоодон көч келер, көч келгенде
Ала тоодон көч келер, көч келгенде
Колумду чеч анда бир, иним менин Абдилхан,
Эрки менен теңирге учуп кетсин чымын жан...
Кара тоодон көч келер, көч келгенде
Жарманкеге жетпейм эми, Бегимай.
Ала тоодон көч келер, көч келгенде
Жарманкеден күтпө мени, Бегимай.
Сени менен ырдаша албайм жарманкеде
сайрандуу,
Саралам да жайланды, менин колу-бутум
байланды.
Кара тоодон көч келер, көч келгенде,
Ала тоодон көч келер, көч келгенде
Жарманкеден күтпө мени, Бегимай,
Эрким менен учуп кеткем теңирге,
Сени сүйүп тойбой кеткем өмүргө...
Мына ушундай болгон экен ал тарых...

Азыр Казангапты акыркы жолуна узатып Эне-Бейитке бараткан жолдо Эдигей ушу тарыхты эстеди.

## XI

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат. Темир жолдун эки тарап кыйырында ээн талаа эрме чөл Сары-Өзөк жатат...*

*Гринвич меридианы сымал бу кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

Бир замандарда маңкурт уулун издеп, Найман-Эне күндө нечен кыдырган, боору жыланач жошолонгон, кыркаар тартып учу көрүнбөгөн Малакумдуу чапты этектей, зарыга көп жүрүшүп, акыры Эне-Бейиттин кыйырына жеткендей болушту. Боордуу Эдигей маал-маалы менен бирде саатын, бирде Сары-Өзөктүн үстүндө чакыйган күндү карап коюп, баары ойдогудай баратканын эсептей жүрдү. Сөөктү жерге берген соң ушу топ кайра учурунда разъездге жетип барып, Казангаптын кара ашын өткөрүп калышчудай. Ырас, күн кечтеп калар, бирок ар нерсенин болжолдуу учурунда өткөнү оң. Ээ, дүйнө жалган, өлүм ак! Казангап Эне-Бейитте жай алып жатып калар, булар болсо кайтып барып, кайран кишини дагы бир жолу эскерер...

Баары баштагысындай эле болуп, – алдыда чачылуу килем жабылган Каранарда Эдигей, анын артынан прицеп тарткан трактор, анын артынан экскаватор «Беларусь», – баары тең калыбын жазбай, тили саландап, жандай жортуп келаткан Жолборстун коштоосунда Малакумдуу чаптан өтүп, Эне-Бейиттин жайыгына чыгышты. Мына ушу Малакумдуу чаптан чыга бериште алгачкы кедерги жолукту. Тикендүү зым тартылган бөгөөлгө туш келишти.

Мына кызык! Эдигей биринчи болуп токтоду да, Каранардын бийиги аз келгенсип, үзөңгүгө тура калып, оң тарабын карады, сол тарабын карады, – тыякка да,

быякка да көз жеткен жердин учуна чейин жыбыт-жылгадан жыландай артылып жаткан зым бөгөөл. Анан калса төрт кырдуу бетон мамылар ар бир беш метр жерге бирден кагылып, тикендүү зым бооруна үч-төрт катар тартылыптыр. Күнүмдүк эмес, биротоло орнотулгандай. Кайдан башталып, каерге барып түгөнөрү белгисиз. А балким түгөнгөн чеги жоктур. Өтүп кетер ачык жок. Эми эмине кылышат, бейитке кантип өтүшөт?

Аңгыча арттагы трактор токтоп, озунуп Сабитжан ыргып түштү, артынан Эдилбай куркут.

– Бул эмне? – деди Сабитжан бөгөөлгө кол жаңсап. – Башка жактан чыгыппызбы? – деди ал Эдигейге.

– Эмне үчүн башка жактан? Туура эле жактан, болгондо мобу зым кайдан пайда болду экен? Балээ баскыр!

– Мурда жок беле?

– Жок болчу.

– Эми эмне кылабыз? Кантип өтөбүз?

Эдигей унчукпады. Кантип өтүштү өзү билбей турган.

– Эй, тракторуңдун жаагын басчы, кулак тунуп кетти! – деп Сабитжан трактордун кабинасынан башбагып отурган Калыбекке кыжырлана кыйкырды.

Трактордун үнү өчтү. Анын артынан экскаватор да отун өчүрдү. Теребел тунжурай түштү. Кулак учу ыңжың. Төөсүндө түнөрүп Эдигей отурду, жанында Сабитжан менен Эдилбай куркут. Калыбек менен Жумагали трактористтер кабиналарында калды. Ак кийизге оролгон Казангаптын сөөгү прицепте жатты, жанында аракеч күйөө баласы. Куйкул дөбөт Жолборс учурдан пайдаланып трактордун чоң дөңгөлөгүнүн көлөкөсүнө барып, тумшугун өздө көтөрө чочоюп отура калды.

Сары-Өзөктүн улуу талаа, эрме чөлү кыйырсыз асман астында кыйыры көрүнбөй мелмилдеп жатат. Бирок ушунча ээн жерден Эне-Бейитке өтөр жол жок. Баары токтоп, зым бөгөөлдү телмире тиктеп турушту. Озунуп унчуккан Эдилбай куркут болду.

– Эдике, башта буерде мындай неме жок беле?

– Башта балээ да жок болчу. Алгач көрүп турам.

– Анда атайылап коргоп коюшкан го. Болду-болбоду космодромду коргошкон экен, – деди жоромолун айтып.

– Ошондой го дейм. Болбосо ээн талаага ушунча мээнет коротуп эмне кажет? Бирөөнүн башына келди да. Оюндагыны оттой беришет хайвандар! – деп Эдигей сөгүнүп алды.

– Сөгүн-сөгүнбө, эмне. Андан көрө өлүктү көмүш үчүн ушунча алыска чыгардан мурун алдын ала билип алыш керек болчу, – деп күңкүлдөдү Сабитжан.

Оор тунжуроо басты. Боролдуу Эдигей Каранардын бийигинен Сабитжанды төбөсүнөн жактырбай карады.

– Иничегим, сен кичине чыдай турчу чебелектебей,– деди токтороок болууга тырышып. – Башта буерде мындай бөгөөл жок болчу, кайдан билиппиз.

– Мен да ошону айтып атырым,– деп күнк этти Сабитжан, анан тескери толгонуп кетти.

Дагы тунжуроо басты. Эдилбай куркут аралжы болор бир акыл ойлоп жатты.

– Эми канттик, Эдике? Эмне кылабыз? Бейитке мындан башка жол жок беле?

– Болуу керек. Кантип жок болсун. Беш чакырымдай оң тарапта жол болор эле,– деп Эдигей эки жагын каранды. – Жүргүлө, ошо тарапка баралы. Бир өткөөлү болбой таптакыр эле кантип туюкталып калсын?

– Ошоякта жолдун бары аныкпы? – деп Сабитжан дагы кыжырга тийди. – Жол жок болуп, ошондо чындап туюкка камалбайлы!

– Бар, бар,– деди Эдигей. – Түшкүлө, жөнөдүк. Убакытты бекер коротпойлу.

Дагы жөнөп калышты. Арттан тракторлор дагы татырады. Бөгөөлдү бойлоп баратышты.

Эдигей жаман кыйналды. Биресе кыжыры келсе, биресе айласы куруду. Ушундай да болобу деп баратты ичинен кыжынып, тегеректин баарын тосуп, бөгөп, жа-

дегенде бейиттин жолун көрсөтүп коюшса болбойбу. Кылган ишиңер курусун, ушундай да турмуш болобу. Бу түштүк тарабында да бейитке бир катнаш болуу керек го деген үмүт ичинде сакталуу. Дал ошондой болду. Түптүз шлагбаумга чыгышты.

Шлагбаумга жакындап келатып Эдигей тиги өткөөл пункттун биротоло деп, бекем салынганына көңүлү бурулду. Кире бериштин эки бетинде бетон монолит, жолдун четинде кирпич там, чар тарапты карап турушка туташ тегерете айнек, тамдын үстү тайпак келип, кириш-чыгыш жолду түнкүсүн жарык кылып туруу үчүн болсо керек, эки прожектор фонарь коюлган. Шлагбаумдан ичкери карай кеткен жол асфальт. Курулуштун бу кейпин көрүп, Эдигей зааркана баштады.

Алар жеткенде кароол тамдан оозун ылдый карата автоматын ийинге асынган ак саргыл улан чыкты.

Келатып гимнастеркасынын этегин тартып ондонуп, фуражкасын да ондоп кийип, эми сүрдүү болгонсуп, чаарала шлагбаумдун так ортосуна сумсая токтоду. Анткен менен Эдигей жол тоскон устунга чукул кирип келип токтогондо салам айтты.

– Саламатсызбы! – деп колун чыкыйына алып, Эдигейге көгүлтүр көзүн балбылдатты. – Ким болосуздар? Кайда баратасыздар?

– Биз ушердик болобуз, солдат,– деди Эдигей солдаттын балалык сес көрсөткөнүнө күлүмсүрөп. – Аксакалыбыз каза болду эле, бейитке койгону сөөгүн апкелатабыз.

– Пропускасыз уруксат жок,– деп бала солдат башын чайкады да, Каранардын кепшеп турган тумшугунан сестенип, кетенчиктей берди. – Бул тарап кароолдогу зона, – деп түшүндүрдү.

– Аны түшүнөм го, бирок биз бейитке бараткан кишилербиз. Бейит алыс эмес, тигил эле жерде. Анын эмнеси бар? Көмөбүз да, кайра тартабыз. Эч кармалбайбыз.

– Өткөрө албайм, акым жок,– деди күзөтчү.

– Бери кулак салчы, карагым,– деп Эдигей төшүндөгү орден, медалдары көрүнгөндөй болуп эңкейе берди. – Биз бөлөк-бөтөн эмеспиз. Боронду разъездинен болобуз. Уккан чыгарсың. Өз кишилерибиз. Өлгөндү көмүш керек да. Бейиттен эле кайтабыз.

– Мен түшүнөм деңизчи,– деп күзөтчү ылымта тартып, ийин куушурду эле, ылайыгы жок ал ортодо салабаттуу түр менен, чоң ишкерлик сүр менен Сабитжан келип калды.

– Эмне болуп жатыры? Мен облпрофсоветтенмин,– деди корулдап. – Эмне үчүн токтодук?

– Анткени, болбойт.

– Жолдош күзөтчү, мен облпрофсоветтенмин дебедимби.

– Кайдан болсоңуз да мага баары бир.

– Кандайча?– деп Сабитжан тайсалдады.

– Ошондойчо. Бул тарап кароолдогу зона.

– Анда эмне керек сөздү көбөйтүп? – деди Сабитжан ызаланып.

– Көбөйткөн ким? Мен сизге эмес, бу төө минген кишини сыйлаганыман түшүндүрүп жатам. Түшүнсүн деп. А чынында чоочун кишилер менен сүйлөшүүгө акым жок. Мен күзөттөмүн.

– Демек бейитке жол жабык тура?

– Жабык. Жалаң бейитке түгүл, быякка өтүш жол бөтөн кишилердин баарына жабык.

– Андай болсо болуптур,– деп Сабитжан ачууланды. – Мен ушундай болорун билгемин! – деп Эдигейге сөз ыргытты. – Ушундай болорубузду билип, мурда эле кой десем, ким тил алды? Жок! Болбоойт! Эне-Бейитибиз бар! Эне-Бейитибизге дешип! – Ушинтип өзүнөн өзү кыжынып, жерге түкүрүнүп басып кетти.

Улан күзөтчүнүн алдында Эдигей уялды.

– Уулум, сен капа болбо, – деди ал мээрим сала. – Сен кызматындасың, аның түшүнүктүү. Бирок сөөктү

бейитке жашырбаганда каякка алпарабыз? Устун болсо ыргытып таштап кете берер элек.

– Мен го түшүнөм деңизчи. Бирок айлам жок да? Эмне буюрушса, ошону аткарам. Мен буерде чоң эмесмин да.

– Ушундай де... – деп Эдигейдин айласы түгөндү. – Өзүң кай жерлик болосуң?

– Вологдалык болом, атаке,– деп күзөтчү өз жеринин үнүнө салып уялыңкырап, балача жадырап, ушундай сурооого жооп берип турганына кубанып айтты.

– Анда силердин Вологдаңарда да ушинтип бейит башында күзөтчү турабы?

– Эмне дейсиң, атакеси, ошентчи беле! Биздин жердин бейитине качан болсун, канча болсун кире бер. Кеп анда эмес да. Бу жер деген жабык зона. Өзүң деле, атакеси, көрүп турам, аскер кызматын көргөн, согушка катышкан киши экенсиз, аскер кызматы деген аскер кызматы да. Каалаймбы-каалабаймбы, милдет, башка арга жок.

– Ал туура дечи, – деп Эдигей макул болду. – Бирок сөөктү сүйрөп биз эми кайда бардык?

Экөө тең унчукпай калды. Анан жаш солдат катуу ойлоно калып, кула каштуу, көгүлтүр көздүү ак саргыл башын өкүнүчтүү чайкады:

– Жок, атаке, болбойт! Акым жок!

– Кантейин,– деди айласы түгөнгөн Эдигей.

Айласы түгөнгөндөй бар эле, анткени аркасында болуп жаткан жаң-жүнду угуп турду, ошоякка кылчая албай турду. Сабитжан болсо Эдилбай куркуттун жанына барып бир бакылдап, экскаватордун жанында тургандарга дагы бакылдап жаткан:

– Айтпадым беле! Жердин түбүнө сөөк ташыйт деген эмне шумдук, эскинин калдыгы, ырымчылдык да! Өзүңөр аз келгенсип, кишинин башын чиритесиңер. Өлгөндүн сөөгүн кайда көмсө айырмасы эмне! Жо-ок,

өлүп-талып Эне-Бейитке жеткирип көмөбүз деп. Кете бер, өзүбүз көөмп алабыз деп, сеники да өтпөдүбү! Мына эми көөмп алгыла!

Эдилбай куркут унчукпай Сабитжандын жанынан басып кетти.

– Эй, дос, кулак салчы,– деди ал шлагбаумга келип,– мен да аскер болгомун, устав тартибин мен да билемин. – Телефон барбы?

– Албетте, бар.

– Бар болсо, кароолдун начальнигине чал. Жергиликтүү кишилер келип, Эне-Бейитке өтүшкө уруксат сурап турушат дегин.

– Эмне? Эмне? Эмне-Бейит? – деп күзөтчү кайра сурады.

– Эне-Бейит. Биздин ата-баба жаткан бейит ушинтип аталат. Телефон чал, дос, башка арга калбады. Өзү бизге уруксат алып берсин. Биз бейиттен эле кайтабыз, башка эчтеменин кызыгы жок, аны бөркүндөй көр.

Күзөтчү ыргылжың болуп ойлонуп, кабагы түйүлдү.

– Сени эчтеме дешпейт,–деди Эдилбай куркут. – Баары устав боюнча. Күзөткө чоочун кишилер келди. Сен кароолдун начальнигине айтып турасың. Баары туура. Кызык экенсиң. Айтып коюш сенин милдетиң да!

– Болуптур,– деп баш ийкеди күзөтчү. – Азыр чалайын. Бирок кароолдун начальниги күзөттөн күзөт кыдырып, ордунда болчу эмес эле. Аймактын кендигин карачы!

– Мен да жанында турайынчы? – деп Эдилбай куркут суранды. – Керектүү нерсени айта койгонум жакшы да.

– Болуптур, жүр,– деп күзөтчү макул болду.

Экөө күзөт бөлмөсүнө кирип кетти. Эшик ачык, сөздөрү Эдигейге жазбай угулуп турду. Күзөтчү бир жакка телефон чалып, кароолдун начальнигин сурап жатты. Анын дайыны билинбейт.

– Жо-ок дейм, мага кароолдун начальнигинин өзү керек! – деп түшүндүрүп жатты күзөтчү. – Өзү гана керек... Жо-ок. Маанилүү иш.

Эдигей ансайын бушайман. Кароолдун начальниги дагы кайда житип кетти, ыя? Жол бир кырсыктаса ушинтип туруп алат.

Акыры начальник табылды.

– Жолдош лейтенант! Жолдош лейтенант! – деп күзөтчү толкундана бийик сүйлөдү.

Анан начальнигине жергиликтүү кишилер келип, ата-бабабыздын көрүстөнүнө сөөк көммөк элек деп суранып турушат деди. Эмне кылайын?.. Эдигей дем тартпай калды. Коё тур дейт азыр лейтенанты! Жарайсың, Эдилбай куркут! Адашкан жерден жол тапкан азаматсың!.. Бирок, сөз улана берди. Күзөтчү эми тыяктан айтылып жаткан буйрукка жооп берип гана жатты:

– Ооба... Канча дейсизби? Алты адам. Өлгөнү менен жетөө. Бир абышкасы өлгөн го. Башчысы төө үстүндө отурат. Анан дагы трактор, прицеби менен. Анын артынан экскаватору да бар... керек дешет, көр казганга... Кандай? Мен эмне дейин? Демек, болбойбу? Руксат жок деңизчи? Жарайт, аткарам!

Ошондо Эдилбайдын үнү чыкты. Көрсө ал телефондун трубкасын күзөтчүнүн колунан жулуп алган тура.

– Жолдош лейтенант! Биздин ахыбалды түшүнүңүз. Жолдош лейтенант, биз Боронду разъездинен келдик. Жергиликтүү эл болобуз, эч жаман оюбуз жок. Өлгөн кишини көмөбүз да, кайра жолубузга түшөбүз... Ыя? Эмне? Коюңуз! Келиңиз, өз көзүңүз менен көрүңүз! Бизди баштап келген аксакалыбыз бар, согушка катышкан, ошо кишиге айтыңыз.

Эдилбай куркут күзөтчүнүн бөлмөсүнөн капалуу чыкты, бирок лейтенант азыр өзү келип, өзү чечмей болгонун айтты. Кароолдун начальниги өзү келип, маселени өзү чечмей болгонуна күзөтчү жеңилденип калды. Ал

шлагбаумдун туура тартылган устунун бойлоп, аркы-терки басып жүрдү.

Боронду Эдигей ойго батты. Жолу мындай болорун ким билиптир. Лейтенанттын келишин күтүүдөн башка арга жок. Ал төөдөн түштү да, жетелеп барып, экскаватордун чеңгелине байлап койду. Кайра шлагбаумду көздөй басты. Калыбек менен Жумагали трактористтер тамеки чегишип, өз ара сүйлөшүп турат. Сабитжан элден четте өзүнчө кыжынып басып жүрөт. Казангаптын күйөө баласы, Айзаданын күйөөсү болсо, кайнатасынын сөөгүнүн жанынан жылбай баягысындай эле үнкүйүп отурат.

– Эдике, бизди өткөрмөй болуштубу? – деп сурады ал.

– Өткөрүшөр. Азыр начальник лейтенант өзү келмей болду. Бизди киргизбегенде эмне кылмак эле? Биз, эмне, шпион белек, өзүң прицептен түшсөң боло. Арыбери басып, дене-боюңду жазбайсыңбы.

Саат үч болуп калган. Булар болсо кечке жуук болуп калса да, алиге Эне-Бейитке жете элек.

Эдигей күзөтчүгө кайра келди.

– Уулум, начальнигиң узакта келеби? – деди.

– Жок, азыр келип калыш керек. Астында машинеси бар. Он-он беш мүнөттүк жол.

– Анда күтө туралы. Бу тикендүү зымдын тартылганына көп болдубу?

– Бир топ эле болду го. Биз тартканбыз. Мен буерде кызмат өтөгөнүмө бир жыл болду. Демек, курчаганыбызга жарым жылдай болуп калыптыр.

– Ошондой дейм да. Мындай бөгөөл туруп калганын мен да билбепмин. Ошо билбегендиктин көйү ушул. Ушуякка апкелип коюшту мен чыгардым эле, эми өзүм күнөөкөрдөй болуп турбайымбы. Эне-Бейит эски жай. Өлгөн Казангап, ракматы, жакшы киши болчу. Отуз жыл бою разъездде бирге иштештик. Эми арбагын кадырлайын дегем.

Солдат Эдигейге боору ооруду окшойт.

– Атаке, бери кара,– деди иштиктүү кеңеш айтчудай. – Мына азыр кароолдун начальниги лейтенант Таңсыкбаев келет го, ошондо сиз жакшылап эле айтыңыз. Ал, эмне, адам эмес бекен? Өзүнөн жогоркуларга айтсын. Аяктан, балким, уруксат беришер.

– Жакшы сөзүңө ырахмат. Антпегенде кантет элек? Кандай дедиң, Таңсыкбаев дединби? Лейтенанттын фамилиясы Таңсыкбаевби?

– Ооба, Таңсыкбаев. Жакында келди. Эмне? Таанышпы? Силер жактанбы? Жек жаатыңардан болбосун?

– Жоок, кайдан,– деп Эдигей күлүмсүрөдү. – Силерде Иванов көп болсо, бизде Таңсыкбаевдер ошондой эле. Жөн эле ушу фамилиядагы бир киши эсиме түштү.

Аңгыча нарытан телефон шыңгырап калды, күзөтчү шып ага кетти. Эдигей жалгыз калды. Кайрадан кашы үрпөйдү. Анан айлана тегерегин, машине келчү шлагбаумдун нары тарабындагы жолдун учун үтүрөйө карап, Бороңдуу Эдигей башын чайкады. «Ошо ителги көздүн баласы болуп жүрбөсүн? – деп ойлоду да, кайра өзүн жекирди. – Дагы кайсы балээни ойлодуң? Башың толгон балээ го! Ушу фамилиядагылар аз бекен. Жок, мүмкүн эмес. Ал Таңсыкбаевдердин кийин эсеби берилбеди беле... Акыры акыйкат бар экен да жер бетинде! Бар! Эмне болуп кетсе да акыйкат ар качан боло берет...»

Четке басып чыкты да, кол жоолугун алып, төшүндөгү ордендерин, медалдарын, эпкиндүү эмгеги үчүн алган значокторун жаркырата сүрдү, Таңсыкбаевдин көзүнө биринчи урунсун деди.

## XII

Баягы ителги көз Таңсыкбаевдин жөнү болсо мындай.

1956-жылы жаз этегинде Кумбелдин депосунда чоң митинг болуп, элдин баары чакырылып, баардык станциялардан, разъезддерден жолчулар келген. Ошол күнү

жол ишинде тургандар гана ордуларында калган. Боронду Эдигей башына жүн чыкканы канча жыйналыш көрбөдү, бирок ошол митинг эсинен чыкпай калды.

Паровоз ремонттоочу цехке чогулушту. Эл жыкжыйма, бир тобу тиги шып түбүндөгү кырбуларга чыгып алган. Баарынан башкысы, кандай гана сөздөр сүйлөнбөдү! Аябай сүйлөп жатышты, керээли кечке сөз болду, депонун жумушчулары биринен талаша бири трибунага чыгып, баарын орду-ордуна кадап салгандан бетер эч ким басып кетпеди. Шыптын асты калың токойдун гүүлдөгөн жаңырыгындай болуп турду. Жанында турган бирөө таза орус лакабына салып: «бороон алдындагы эле деңиз» дегени эсинде. Чынында ошондой болуп турду. Көкүрөктө жүрөк түрсүлдөйт, согушта чабуул алдында ошентип сокчу, анан суу ичкиң келип көмөкөй кургайт. Ошол калың топтун ичинде туруп, кайдагы суу. Каның катып калса да чыдайсың. Дем алыш болгондо Эдигей түрткүлөшүп жүрүп отуруп, президиумдагы депонун парторгу Черновго жетти.

– Андрей Петрович, мен да сүйлөсөм кандай?

– Сүйлөгүң келип турса, сүйлө.

– Келгенде кандай. Анын алдында акылдашып алайынчы. Биздин разъездде Куттыбаев деген иштеген, эсинде бардыр. Абуталип Куттыбаев. Югославияда жүргөндөрүн жазат деп, ревизор жалаа жазган. Абуталип аякта партизан болуп согушкан да. Алиги ревизор дагы кайдагы балээнин баарын жазыптыр болчу. Анан бу бериячылар келип, Куттыбаевди алып кеткен. Ошентип ак жеринен кетип, өлүп калбадыбы? Эсиндеби?

– Ырас-ырас, эсимде. Кара кагазын алганы аялы келген болуучу.

– Ошол! Анан үй-бүлөсү көчүп кеткен. Мен азыр сөздөрдү угуп туруп, ойлодум. Югославия менен доспуз, эч кандай талаш жок. Эмне үчүн ак кишилер азап тартат? Абуталиптин балдары эмдигиче чоңоюп калды, мектепке барышат. Жалган жерден жабылган кара

көөнү тазалаш керек да. Болбосо ар ким аларды «сен» деп шектүү карап турганы болобу. Атасыз жетим балдары ансыз да кордук көрүп калышты.

– Токточу, Эдигей. Ушинтип айткың барбы чыгып?

– Ананчы.

– Жанагы ревизордун фамилиясы ким эле?

– Билсе болот. Чыны менен ошондон кийин аны көргөн жокмун.

– Азыр кимден сурайсың? Анан калса да ошол киши жазганы тууралуу документ далилиң барбы?

– Башка ким жазмак эле?

– Мындайда факты далил керек, кымбаттуу Боруздуу. Кокус башкача болсо кантесиң? Бул тамаша эмес. Сен мындай кыл, Эдигей, кеңеш укчу. Ушунун баарын жазып, Алматыга жибер. Кандай болгон, эмне болгон, ийне-жибине чейин жазып, партиянын республикалык Борбордук Комитетине жибер. Аерден териштирет. Кармашпайт. Партия бул ишке катуу кириште. Өзүң көрүп турбайсыңбы.

Ошол митингеде көпчүлүк менен бирге Боруздуу Эдигей да: «Партияга даңк!» Партиянын жолун колдойбуз!» деп бар алынча чечкиндүү кыйкырып турду. Анан митингенин аягында арт жактан бирөө «Интернационалды» баштап жиберди. Аны бир тобу коштоду, анан ошерде турган бүт эл депону жаңыртып, бүт эзилген адамзаттын, баардык дооорлордун улуу гимнин ырдап турду. Мынчалык көп эл менен кошо Эдигей эч качан ырдап көргөн эмес. Жердин тери жана тузу болгон миң-миллиондор менен биргемин деген каңырык түтөткөн ачуу да, бирок сыймыктуу да, салтанаттуу сезим аны абага калкытып, толкунга толкутуп алып жөнөдү. Коммунисттердин гимни күчөгөндөн күчөп, көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, көпчүлүктүн бак-таалайы үчүн көпчүлүк эмгекчи элдер чечкиндүү даяр экендиги жүрөктөрдөн кайнап чыккан эрдик болуп жаңырып турду. Катуу толкундагандагы адатына салып, Эдигей бу

жолу да өзүн Арал деңизинде жүргөндөй сезди. Жандили алабаш толкундардын үстүндө ак чардак болуп кайкып учуп жүрдү.

Ушул ээликтирген сезим алып-учкан калыбында кайтты ал үйүнө. Чай ичип отуруп, митингеде эмне болгонун элестүү кылып, Үкүбалага баарын айтып берди. Өзү да сүйлөмөкчү болгонун, ага жаңы парторг Чернов эмне деп жооп бергенине чейин айтты. Үкүбала угуп отурду, самоордон пиала артынан пиала чай куюп берип отурду, Эдигей пиала артынан пиалалап чай ичип отурду.

– Сага эмне болгон, бир самоор чайды бүт ичип салдың? – деди аялы таң кала күлүп.

– Жана митингеде туруп ушунчалык суусадым дейсиң... Аябай толкундап кеттим. Калың элдин арасында кайдагы суу. Анан чуркап чыгып, суусунумду кандырып алайын десем, биздин тарапка поезд кетип жатыптыр. Машинистке жүгүрдүм. Өзүбүздүн бала экен. Төгөрөк-Тамдык болот. Жолдо келатып, ошондон суу ичтим. Ошого да суусун канмак беле.

– Ошондой дейм да,– деп Үкүбала жаңы демдеген чайынан дагы куя баштады. Анан айтты: – Эдигей, Абуталиптин балдарын ойлогонуң жакшы иш болуптур, андай болсо, заман оңолуп, жетимдерге кысым болбогудай экен, сен да киришкин. Кат дегениң жакшы дечи, аны жазганыңча, ал жеткиче, аны окуп чыгып, ойлонуп бүткүчө Алматыга өзүң жетип барып келгениң оң эмеспи. Барган соң көзмө-көз баарын айтып бересиң.

– Алматыга барып кел дейсиңби? Түз эле чоңдун өзүнөбү?

– Анын эмнеси бар экен? Ойноп барган жериң жок да. Елизаров досуң канча жылдан бери чакырып келтире албай жүрөт. Жазган сайын адресин тактап берет. Мен баралбайт экем, сен баргын. Мен үйдөн, балдардан кантип чыгайын. Сен көп кечиктирбегин бул ишти. Отпускеңди ал. Ушерге келгенден бери деги отпускеге чыга

элексиң го. Бир жолу ал да, аерге барганда чоң кишилерге баарын айтып түшүндүрүп бересиң.

Аялынын эстүүлүгүнө Эдигей таң калды.

– Катын сенин айтканыңдын жөнү барбы дейм. Ойлонуп көрөлүчү.

– Көпкө ойлонбо. Ойлоп жатар чак эмес. Иштин эрте болгону жакшы. Афанасий Иванович жардам берет. Кайда барып, кимге киреруди ал билбегенде ким билсин.

– Мунуң да жөндүү.

– Ошону үчүн айтып отурум. Бүгүнкү ишиңди эртеңкиге калтырба. Ал ортодо үйгө да бирдеме сата келерсиң. Кыздарың да эс тартып калды. Сауле күзүндө мектепке барат. Ал оюңда барбы? Интернатка беребизби, же кандай кылабыз? Аны ойлоп жүрөсүңбү?

– Ойлобогондо анан, – деп Эдигей аптыгып калды, кызы чоңоюп, мектеп жашына жетип калганына таң калды.

– Ойлоп жүрсөң токтобой жөнө, – деп уланта берди Үкүбала. – Баягы жылдары биз буерде кандай гана кордук көргөнүбүздү аердеги элге айтып бер. Атасынын актыгы балдарына да өтсүн, кысым көрбөгүдөй болушсун. Анан колуң бошогондо шаар кыдырып, кыздарыңа кийим-кечек ал, мени деле ойлосоң жаман болбос эле. Менин деле жаштыгым калган жок, – деп негедир акырын оор үшкүрүп койду.

Эдигей аялын карап аңырайып калды. Дайыма бир жашап жүрүп, байкабаган нерсени бир күнү байкап калганын, кызык деп отурду өзүнчө. Ырас, аялынын жашы өтүп баратат, бирок картайып кеткен чагы эмес. Анткен менен кандайдыр бир жаңы, мурда бейтааныш нерсени сезди. Анан түшүндү – аялынын көз карашы жашына жараша акыл токтоткон көз караш экен, чачына ак аралаганын биринчи көрдү. Ак чачы саамайында гана экөө-үчөө көрүнөт, күмүш жип сыңары кара чачтардын арасында жылтылдайт, али аз, бирок ошо да болсо өткөн

өмүрдүн, баштан кечирген жашоо түйшүктөрүнүн күбөсү сыяктанат...

Бир күн өткөн соң Эдигей эми жүргүнчү болуп Кумбел станциясында жүрдү. Алматынын поездине түшүү үчүн Борондудан буерге кайра келди. Аркы-терки убара болгонуна ал кейиген жок. Оболу баратканын кабарлап, Елизаровго телеграмма салмак, ал үчүн бул станцияга баары бир келбесе болмок эмес.

Анан Москва – Алма-Ата пассажир поезди келди, ага түшүп, Эдигей кайрадан өзүнүн Борондусун басып өтүп, алыс сапарга жөнөп берди. Оруну купе вагондун жогорку текчесинде экен. Буюм-кечесин жайгаштырды да, кайра далиске чыгып, терезеден өзүнүн разъездин бу жолу жүргүнчү катары карап өткүсү келди. Андан кийин деле кирип, жата берсе болот, убакыт көп, жол алыс, эки сутка катар уктасаң да моокуң канар. Башында ошентип ойлогон неме эртеси эле жанын коёр жер таппай, капка түшкөн чычкандан бетер вагон ичинде тумчукту. Кээ бир жүргүнчүлөр ал көргөндөн бери эле уктагандан уктап келатат, кантип чыдашарына таң калды. Анткен менен биринчи күнү, айрыкча алгачкы сааттарда көңүлү көтөрүңкү жүрдү, анын арасында үйүнөн ажырап алыс кетпей жүргөнгө колоңдоп теке-тука да болду. Жолго деп станциядан атайы сатып алган жаңы калпак башында, таза көйнөкчөн, согуштан бери сакталып жаткан Казангаптын кителинин жака бүчүсүн ачып коюп, зыңкыя кийинген калыбында терезе түбүндө өрөпкүп турду. Кителди Казангап болбой кийгизген, орден-медалдарың төшүндө жаркылдап жүргөнү жакшы деп көндүргөн, анан галифе шым, офицерлердин хром өтүгү бутунда. Сейрек бир кийсе да ушул өтүгүн абдан жактырчу Борондуу Эдигей. Адамга жараган өтүк, жаңы баш кийим салабаттуу сөөлөт берет деп билчү. Ошол экөөн тең белендеп жүрчү.

Ошентип терезе түбүндө турду. Далистен нары-бери жүргөндөр атайы урмат менен буйтап өтүп, кылчая бир

карап кетишет. Сөөлөт даражасы менен өрөпкүгөн кебетеси, кыязы, аны көпчүлүктөн бөлүп турган окшойт.

Поезд болсо окторулуп учуп баратты, Сары-Өзөктүн көктөмдөгү жайыгын жара кесип, те асман менен жер бириккен көк жээкти кубалап, атырылып учуп баратты. Бу көрүнүшүндө кең дүйнө асман менен айдың талаадан гана тургандай. Экөө көз жеткен жерде биригишет, поезд улам жеткиче ал дагы алыстай берет.

Мына Боронду нун жери да жайылып келе баштады. Буердин ар бир жылгасы менен жыбыты, ар бир ташы тааныш. Борондуга жакындаган сайын Эдигей мурутунун астынан жымыйып, буерден кеткенине көп жыл өткөндөй терезе түбүндө күйпөлдөдү. Мына разъезд. Семафор, тамдар, бастырмалар, жол боюна жыйылган рельстер, складдын жанында жыйылган шпалдар – чексиз талаадан качып, темир жолго коргологон ушунун баары алдынан сүйүнүп жүгүрүп чыккансып капилет көрүндү. Ошончонун ичинен Эдигей кыздарын көрбөй кала жаздады. Алар бүгүн батыштан чыгышка өткөн пассажир поезддердин баарын тосуп жүргөн көрүнөт. Көрүп калсын дегенсип, колдорун серендетип, так-так секирип, Сауле менен Шарапат жарк-журк өтүп жаткан терезелерди жадырай күлө карашат. Көздөрү жайнап, саамай чачтары улак куйруктанып серендейт. Эдигей терезеге жабыша калып, айланып-кагылып күбүрөп жатты, кыздары аны же көрбөй калышты, же тааный албай калышты. Ошентсе да кыздары күтүп жүргөнүнө Эдигей кубанып кетти. Азыр артта анын үйү, разъезди, балдары калганы менен эч кимдин иши болбоду. Разъезддин нары жагындагы жайытта үйүр топ төөнү ийирип, анын атактуу Каранары жүргөнү төтөн эч кимдин оюна да кирбеди. Эдигей буурасын алыстан эле ажырата таанып, көздөрү жымындап баратты.

Анан дагы эки-үч станциядан өткөндөн кийин гана Эдигей уйкуга баш койду. Дөңгөлөктөрдүн бир калып-

тагы така-тугуна термелип, жанындагы кишилердин басынкы күбүрүнө көшүп, жыргап узак уктады.

Эртеси түшкө жакын Чымкенттен башталып, бүтүндөй Жети-Сууга орноп жаткан атактуу Ала-Тоонун аскар-зоолору барааңданып алдынан тосуп алды. Тоо деп мына ушуну айт! Тообо! Алматыга чейин жандай кошто, созулуп жаткан опол тоолорду, күн нуруна жаркылдаган ак кар, көк музун Эдигей көзү талыгыча шыпшынып карап жүрүп отурду, баары бир тойбоду. Сары-Өзөктүн ээн талаа, эрме чөлүндө өскөн талаа кишисине бу көрүнүш түбөлүктүн укмушу болуп көрүндү. Асман тиреген Ала-Тоо өзүнүн улуулугу менен жөн эле таң калтырбады, жөн эле суктандырбады, андан ары ар кандай ойго салды. Тоолорду карап, унчукпай өз оюна чөмүлүп жүрүш да жагып калды. Эскинин каталыктары эми эч качан кайталанбайт деп жардык кылган азырынча бейтааныш, жооптуу кишилер менен боло турган алдыдагы жолугушууга оюнда даярданды, Абуталиптин үй-бүлөсүнүн күйүттүү тарыхын айтып берерине камданды. Бузулган ишти эми кантип оңдоону чечишсин, териштирсин. Өлгөн Абуталип өлдү, аны кайра тирилте албайсың, бирок жетим калган балдарына жол ачылсын, аларды эч ким ыза кыла алгыс болсун. Уулу Даул быйыл күздө мектепке барат, ошол жалтанбастан, кысынбастан баргыдай болсун. Ал байкуштар азыр кайсы чөлкөмдө болду экен? Көргөн күнү кандай болду экен? Зарипа кантип жүрү экен?

Ушуларды ойлогондо жүрөгү муздап кетет. Унута турган, муздай турган деле мезгил өттү. Зарипа да биротоло унутулуш үчүн кетип калды да. Бирок эмне унутулуп, эмне унутулбай калганы бир кудайга гана маалим! Тагдырына баш ийип, өз жүрөгүн өзү мыкчып, Эдигейдин кабыргасы кайышат. Аны кимге айтасың, ким түшүнөт? Тиги асман тиреген ак карлуу тоолорго айтасыңбы, бирок бийикте турган тоо адам баласынын жер бетиндеги кайгы-капасы менен иши барбы. Улуу

Ала-Тоо ошону үчүн Ала-Тоо, жер бетиндеги пенделер келип-кете берчү дүйнөдө түбөлүк тура бергени үчүн Ала-Тоо, аны тиктеп пенде байкуш ойлонсо, аны сезбегендей унчукпай опол турганы үчүн Ала-Тоо...

Абуталип «Раймалы аганын иниси Абдилханга айткандын» жазып алгандан кийин, кыязы ал тууралуу көп ойлогон болуу керек, бир жолу сөз арасында айтып калды: Раймалы менен Бегимайга окшогон адамдар өмүр жолунда жолугушуп бири бирине канчалык бак-таалай апкелбесин, бири бирине ошончолук бейтаалай таап, бөтөн адам тобунун сотунан четте кала албастыгын айгинелей тургандай бирин бири чечилбеген трагедияга түртүп, арылгыс кайгыга малат деген болчу. Эдигей азыр ошо сөздү эстеп баратты. Ошол үчүн, деп айткан Абуталип дагы, жакын эле кишилери жакшылык кылып жатабыз деген ой менен Раймалы аганы арылгыс шорго салышты. Бу сөздөр анда Эдигейге жөн эле акылдуу сөз болуп көрүнгөн, бирок кийин өз башына келип, өзү азап тартканда алиги акылдуу сөздөрдүн чыны менен акылдуулугун түшүндү. Зарипа экөө Раймалы ага менен Бегимайдын тарыхын баштарынан өткөрбөгөн күндө да, бул эки тарыхтын ортосу асман менен жердей болуп турса да, экөөнүн ортосунда эчтеме болбогону менен Эдигейдин жүрөгүнө Зарипа терең сиңген болчу, жандили менен сүйгөн эле, ошол үчүн Зарипа алиги чече албас «соттун» арылгыс шоруна кабылгыча деп, андан бетер азапты өз мойнуна алып, кете берди. Өзү бүтүм чыгарды, өзү баарын кан буугандай токтотту, бирок Эдигейди ойлободу, анын бүтүмү Эдигейге канча азап апкелерин ойлободу. Дагы тирүү калганына шүгүр. Азыр деле кээде кусалык жанын мыкчып келгенде Зарипанын үнүн бир угуу үчүн, жүзүн бир көрүү үчүн жер түбүнө чуркагысы келип кетет...

Анан дагы Эдигей өзүнчө бырс күлүп, Абуталиптин бир айтканын эстеди: Германияда көрүнүктүү бир киши болуптур, улуу акын Гөтө деген. Казакча атын атооого

анча оозуң бара бербейт, бирок ар ким бешенесине жазылган ысмын алып жүрөт да. Гөтө чал жетимиш ашканда, бир жаш кызга ашык болуп калат, кыз да чалды берилип сүйөт. Аны элдин баары билчү экен, бирок бир да бирөө анын колу-бутун таңып, жинди болуп кетти деп жарыялабаптыр... Раймалы аганы болсо кандай гана кордошоду! Жакшылык кааламыш болуп, жети өмүрүн жерге киргизе кордошту... Зарипа да өз оюнда ага жакшылык каалаган болуу керек, ошол үчүн туура тапканын иштеген... Ошол үчүн Эдигей ага таарынбайт. Сүйгөн кишиге да таарынабы? Андан мурда өзүңү күнөөлөп, өзүңөн айып табарсың. Иши кылып ал корбодук көрбөсө болду, өзү баарына чыдаар... Колунан келсе сени таштап кеткен күндө да аны эсиңен чыгарбай сүйө жүр...

Абуталипти эсинен чыгарбай, анын жетим калган балдарын эсинен чыгарбай баратты Эдигей ушул жолдо...

Алматыга жакын калганда Эдигей бир оюнан өзү чоочуду: кокус Елизаров ордунда жок болсочу? Мына кызык! Үйүндө отурганда негедир муну ойлобоптур. Же Үкүбала ойлосочу. Өзгөнү да өздөрүндөй көргөн тура, өздөрү Сары-Өзөктүн кыйырынан чыкпай жашап жүрө берсе башкаларды да ошондой көрүшкөн белем. Афанасий Иванович үйүндө болбой калышы абдан ыктымал. Ал академиянын өзүндө иштеген киши, туш-тарапта көктөндөрү көп илимпоздун иши аз болмок беле. Командировкалап узакка кетип калышы мүмкүн. «Таза балээ эми болот турбайбы»,– деп Эдигейдин эси эңгирей баштады. Андай болсо кайда кайрылам деп ойлоп, казак гезитинин редакциясына эле барууну туура тапты. Гезиттин адреси ар бир санынын этегинде жазылуу. Кайда барып, кимге кайрылууну ошерден айтып беришер. Мындай маселе менен кайда барышты гезиттин кызматкерлеринен артык ким билет. Үйдө отурганда баары оңой көрүнгөн – камынып ал да, жөнөй бер.

Эми жетер жерине жакындап баратканда Эдигейдин тынчы кетти: мергенчи санаасы менен бай, малы тоодо, эсеби үйүндө деген ушу да. Бирок анын ишенгени Елизаров болчу. Елизаров эски досу, үйүндө нечен болгон, Абуталип Куттыбаевдин тагдырын жакшы билет. Ал болсо го айттырбай баарын билет дечи. Бейтааныш кишиге баарын кантип айтып отурасың, сотто күбөгө өткөндөй болуппу, же арыз-арман айткан кишидей болуппу, эмнеден баштап, кантип сүйлөш жөн. Анын узак ангемесин угар киши болобу, эмне жооп кайтарат? Сен өзүң кимсиң, эмне эле жалгыз Абуталип Куттыбаевди актап алышты көздөп калгансың десечи? Аны менен жумушуң эмне десечи? Сен анын кимиси элең, агасысыңбы, кудасысыңбы, жердешисиңби деп мээни ачытсачы?

Ал ортодо поезд Алматынын чет жакасын аралап кирип калган. Жүргүнчүлөр жыйналып-терилип, поезддин токтошун күтүп далиске чыгып жатышкан. Эдигей өзү да даяр. Мына вокзал көрүндү, мына жол да аяктады. Перрондо тосуп келгендер, жөнөп жаткандар болуп, эл кара таандай. Поезд акырындап токтоп баратты. Ошондо капилеттен Елизаровду көрө коюп, Боронду Эдигей баладан бетер кубанып кетти. Елизаров калпагын булгалай саламдашты да, вагонду жандай басты. Иш оңолот экен! Елизаров тосуп алат деп Эдигей түк үмтөткөн эмес. Экөө былтыркы күздөн бери көрүшө элек. Жашы келип калса да Афанасий Иванович өзгөрбөптүр. Баштагысындай эле арыкчырай, кыймылы шамдагай. Казангап муну аргымаксың деп койчу. Аргымак Афанасий деген чоң мактоо эмеспи. Елизаров аны өзү да билчү, Казангап, сенин айтканыңдай эле болсун деп күлүп койчу. Анан өзү кошумчалачу: карыса да аргымак деген аргымак да! Ошонуңа рахмат! Адатта Сары-Өзөккө жумуш кийимчен келчү: кирзи өтүк, оңуп кеткен эски кепка, азыр карасаң галстукчан, мыкты кара-

боз костюмчан экен. Анан калса турпатына, айрыкча буурул костюму куп жарашып калыптыр.

Поезд биротоло токтогончо Афанасий Иванович вагонду ээрчий терезеде турган Эдигейди жылмая тиктеп басты. Куба кирпик, сургул көгүш көзү ниетинен чыккан кубанычын билдирип жымыңдайт. Эдигейдин ичи жылып, жанагы санаалары буу сымал учуп жоголду. «Башы жакшы башталды, кудай буюрса, ишим оңунан чыгат экен», – деп ойлоду.

– Акыры келген экенсиң да ээ? Салам, Эдигей! Салам, Борондуу! – деп учурашты Елизаров.

Экөө кучакташып көрүштү. Элдин көптүгүнөн, кубанычынан улам Эдигей бир азга аландап да калды. Вокзалдын жакасындагы аянтка чыкканча Елизаров суроолорду жаадырды. Казангап кандай жүрөт, Үкүбала, Бүкөйлөр аманбы, балдар чоңоюп жатабы, разъездиңердин азыркы начальниги ким, Каранарың кандай деп, аны да унуткан жок.

– Борондуу Каранарың кандай жүрөт? – деп сурап, алдын ала өзүнчө күлдү. – Баягысындай эле арылдаган арстанбы?

– Жүрөт. Ал эмне болмок эле, адатынча бакырып турганы турган,– деди Эдигей. – Сары-Өзөк ага кең мекен. Башка эмнеден кемчил болмок эле.

Вокзалдын жанында чоң кара машине туруптур, тим эле жылтылдайт. Мындайды Эдигей биринчи көрүшү. Элүүнчү жылдардын эң мыкты машинеси «ЗИМ».

– Менин Каранарым ушул,– деп тамашалады Елизаров. – Отур, Эдигей,– деп алдыңкы эшикти ачты. – Жөнөйбүз.

– Машинени ким айдайт?– деди Эдигей.

– Өзүм,– деди Елизаров рульга отуруп жатып. – Карыганда кайратымды жыйдым. Америкалыктардан биздин каерибиз кем?

Елизаров кебелбестен от алдырды. Жыла берер алдында мейманына күлүмсүрөй бурулуп сурады:

– Ушинтип келип калдым де. Көпкө келдиңби, ачыгын айт.

– Жумуштап келдим, Афанасий Иванович. Кандай болот ким билет. Оболу өзүң менен кеңешем го.

– Жумуш чыккан го деп ойлогом мен *дагы, болбосо* сени Сары-Өзөктөн айдасаң да чыкпассың! Ыраспы? Эмесе, Эдигей, мындай! Азыр биздикине барабыз. Сен биздикинде турасың. Жок дебегин. Сары-Өзөктө мен кандай жүрсөм, сен да буерде ошондой жүрөсүң. Мейманкана деген оюңа келбесин! Сен деген чакырып келтире алгыс коноксун. Сыйдын сыйы бар, казактар ушинтип айтат эмеспи?

– Ошондой го.

– Анда ошондой болсун. Мен да эриккен черими бир жазып алайын. Юлиям Москвадагы уулга кеткен, небересүү болуппуз. Ошого кубанган бойдон жөнөп берген.

– Экинчи небереби? Болсун!

– Ооба, эки небересүү болдук,– деп Елизаров өзү таңыркагандай ийинин көтөрүп койду. – Небересүү болгондо билесиң. Сага да көп бар го. Сендей кезимде мен эчтемеден ой-кам жок, аңылдап жүрө берчү элем. Кызык, жаш жагынан айырмабыз чоң болсо да бири бирибизди түшүнүшөбүз. Эмесе, кеттик. Шаарды аралап өтөлү. Тетиги тоону көрдүңбү, башында кар жатат. Биз ошо тоонун түбүнө, Медеого барабыз. Сага айтсам керек эле, биздин үй шаардан четте, кыштакта десе да болот.

– Эсимде, Афанасий Иванович, үйүбүз суунун боюнда дегенсиз. Суунун шары дайым угулуп турат дегенсиз.

– Азыр өзүң көрөсүң. Кеттик. Күн жарыкта шаарды көрүп ал. Азыр жаз маалында шаар көркүнө чыгып турган кези. Гүлгө оронуп турат.

Вокзалдан кеткен жол октой түз экен, шаарды көзөй аралап, аягы көрүнбөй тоо таянып жатат. Елизаров шашпай айдап баратты. Жолду катар эки тараптагы

имараттарды көрсөтүп, айтып баратты. Көбүнесе чоң мекемелер, магазиндер, турак үйлөр экен. Шаардын так ортосунда тегереги ачык кең аянттын төрүндө чоң имарат туруптур, аны Эдигей гезиттен көргөн сүрөтүнөн эле тааныды. Ал Өкмөт Үйү болуучу.

– Борбордук Комитет ушунда,– деди Елизаров.

Эртеси эле ушерге келишерин билбей четтен өтө бериштн. Түз көчөдөн солго бура берген жерден Эдигей дагы бир имаратты тааныды, ал Казак опера театры эле. Эки кварталдан кийин кайрадан тоого бурду, машине Медеого бет алды. Шаардын борбору артта калды. Анан эки тарап бүтүндөй чакан бакчалуу кожолук үйлөр тизилген көчө менен, тоодон агып түшкөн суулар шылдыраган арыктарды бойлото узак жүрүштү. Тегерек бүтүндөй бак гүлүнө оролуп турган экен.

– Кооз экен? – деди Эдигей.

– Ушу маалда келгениңе кубанам,– деди Елизаров. – Алматынын бу кездеги көркү теңдешсиз. Кышкысын да кооз. Бирок азыр жан жыргайт.

– Көңүл көтөрүңкү дечи,– деп Эдигей да кубанды.

Елизаров сургулт-көгүш көзүн бакырайта бир карап алды да, башын ийкеп, сумсайыңкы тартты, кабагы түшүп, кайра күлүмсүрөгөндө жазылып кетти.

– Бу жаз айрыкча, Эдигей. Жаңылык бар. Ошол үчүн карыганыңа карабай жашоо кызыктуу. Ойлондук, алды-артыбызды карандык. Жашоонун кызыгын бөтөнчө сезгидей болуп ооруп айыгып көрдүң беле?

– Анча эсимде жок,– деди Эдигей чын ниети менен. – Контузиядан кийин айыкканым болбосо...

– Ой сен куландан соосуң! – деп күлдү Елизаров. – Мен аны айткан жерим жок. Жөн эле сөз кыябы... Биринчи сөздү партия өзү айтпадыбы. Жеке керт башыма тиешелүү себебим болбосо да, мен ушуга абдан ыраазымын. Жаның кеңирсип, жаш күнүндөй үмүт-тилек күчөйт экен. Же чын эле картайып баратканыманбы, ыя?

– Афанасий Иванович, мен дал ошондой жумуш менен келип отурум.

– Кандай? – деп Елизаров түшүнө бербеди.

– Балким, эсиңиздедир? Абуталип Куттыбаев тууралуу айтып бербедим беле?

– Ананчы! Баары эсимде. Ушундай де! Иштин терең кин көрө билесиң. Азамат! Кармалбай түз эле жөнөгөн турбайсыңбы.

– Мен азамат эмес. Үкүбаланын акылы болду. Болгондо каягынан баштап, кайда барарды билбейм.

– Эмнеден баштаппы? Аны экөөбүз акылдашабыз. Үйгө барып, чай ичип отуруп, шашпай акылдашабыз,– деди да, бир азга унчукпай жүрүп отуруп, Елизаров маанилүү сүйлөдү: – Мезгилдин өзгөргөнүн карачы, Эдигей. Үч жыл мурун мындай иш менен келүү түшкө кирбес эле. Эми эчтемеден чочулоо жок. Принципте ушундай эле болуу керек. Ар бир киши жана баарыбыз мүлдө ушул адилеттикти карманышыбыз парз. Эч кимдин артыкча укугу болбош керек. Менин оюм ушундай.

– Буерде сизге баары маалим го, анын үстүнө өзүңүз окумуштуу киши болсоңуз,– деди Эдигей. – Биздин деподогу жыйналышта ушул эле сөз болду. А дегенде эле мен Абуталипти ойлодум, көптөн бери жүрөк өйүп жүргөн. Митингеде сүйлөмөкчү да болдум. Жөн эле адилеттикти айтып тим болбойт элем. Абуталиптин балдары калды, улуусу быйыл күздө мектепке барат...

– Үй-бүлөсү азыр каерде?

– Билбейм, Афанасий Иванович, кетип калышканына үч жыл аяк басты, ошондон бери кабарсыз, жок.

– Анын оорчулугу жок. Издетип таап алабыз. Азыркы башкы нерсе, юрисдикциянын сөзү менен айтканда, Абуталиптин иши тууралуу маселени козгошубуз керек.

– Мына, керектүү сөздү дароо таптыңыз. Ошол үчүн мен сизге келип отурам.

– Келген ишиңин өтөсүнө чыгасың го деп ойлойм.

Айтканындай эле болду. Эдигей үйүнө кайткандан үч жума өткөндө Алматыдан ачык айтып, ак жазылган кагаз келди. Анда Боронду разъездинин мурдагы жумушчусу, тергөө учурунда өлгөн Абуталип Куттыбаев кылмыш составынын жоктугу аныкталып, толук реабилитацияланды деп жазылыптыр. Дал ушинтип жазылыптыр! Кагаз, запкы көргөндүн иштеген коллективинде жарыяланышы үчүн жиберилиптир.

Ушул документти кубалап, Афанасий Иванович Елизаровдон кат келди. Бул бөтөнчө кат эле. Балдарынын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү, согушта алган сыйлыктары, жарадар болгондугу тууралуу кагаздар, эмгектеги мүнөздөмөлөрү сыяктуу үй-бүлөлүк маанилүү документтеринин арасында Эдигей ал катты өмүр бою сактады.

Бу жазган чоң катында Афанасий Иванович Абуталиптин ишинин тез каралганына, толук акталганына абдан ыраазы болгонун айтыптыр. Ушул фактынын өзү замандын жакшылыгынын белгиси, бу деген биз өзүбүздү жеңген жеңишибиздин салтанаты деп жазыптыр.

Эдигей жөнөп кеткенден кийин, деп жазыптыр андан нары, мурда экөөбүз кирген мекемелерге кайрадан кирип чыкканын, аерден маанилүү жаңылыктарды укканын айтыптыр. Биринчиден, тергөөчү Таңсыкбаев ишинен алынып, чининен, сыйлыктарынан ажырап, азыр жоопко тартылар алдында экен. Экинчиден, алынган кабарга караганда, Абуталип Куттыбаевдин үй-бүлөсү Павлодарда турат экен. (Ошончо жерге оор кеткендерин карачы!) Зарипа мектепте мугалим. Азыркы учурдагы үй-бүлөлүк шарты – күйөөгө чыккан. Анын жашаган жеринен ушундай официал кабар түшүптүр. Анан дагы минтип жазат Елизаров: баягы ревизор туурасындагы Эдигейдин кадиги чын чыгыптыр. Абуталип Куттыбаевдин үстүнөн чагым жазган дал ошол экен. «Эмне үчүн жазды, жазууга аны эмне түрттү? Эдигей сенин айтып

бергендериңди жана ошого окшогон окуяларды ойлоп отуруп, башым катты, анын чагым жазар мотивин издедим. Бирок даана жооп таппадым. Эч качан тааныбаган Абуталип Куттыбаевди ал эмне үчүн жек көрүп калышына эч себеп таппадым. Кыязы бул өзү тарыхтын кай бир учурунда адамдарга тие турган өзүнчө бир оору, эпидемия. А балким буга окшогон ичи тарлык, көрө албастык дарты курт болуп адамды ичинен жеп жүрө берип, акырында кыянатчылыкка, ырайымсыздыкка алпарышы мүмкүн. Бирок Абуталиптей кишинин эмнесине суктанмак эле? Мына ушул мен үчүн жанбаган табышмак бойдон. Чагым жазып, максатына жетиш амалы дүйнөнүн башынан келаткан амал эмеспи. Бир кездерде бирөө жөнүндө алдыртан эле тигил дини кайыр деп койсо, ал байкушту Бухаранын базарында ташбараңга алып өлтүрүшчү, Европада болсо өрткө салчу. Бул тууралуу экөөбүз сүйлөшпөдүк беле, Эдигей, сен буерде жүргөндө. Абуталиптин иши кайра каралган соң айып фактыларын териштирип отуруп мындай ойго келдим: бирөөнүн инсанат сапатын жөндөн жөн жек көрүү оорусунан айыгуу үчүн адамдар дагы көп-көп мезгил кечиришер башынан. Ал канчага созуларын билип болбойт. Ошого карабай жер бетинде адилеттик, акыйкат өлбөстүгүн даңктайм! Мына бу жолу да ошол болду. Кымбатка турса да актык жеңди! Бу дүйнө бу бойдон турганда ушундай боло берер. Ак пейлиңен издеген адилеттикке жеткениңе ыраазымын, Эдигей...»

Бир топ күнгө Эдигей ушул каттын таасири менен жүрдү. Бирдеме кошулгансып, бирдеменин сыры ачылгансып, өзү кандайчадыр өзгөргөнсүп, өзүнө өзү таң калды. Кыязы карылыктын алды ушу болсо керек го деп жоромол кылды ошондо...

Бул кат келгенден кийин анын өмүрү каттан мурунку мезгилге жана кийинкисине болуп экиге бөлүнгөнсүп калды. Каттан мурдагы өмүрү улам алыстаган сайын бозомук тарткан жээктей болуп боз мунарык чалып,

каттан кийинки өмүрү болсо күндөн күндү санап бир калыпта өтүп жатты, узакка ушинтерин, бирок түбөлүк созулбасын билдирип жатты. Баарынан башкысы Зарипа жалгыз бой эмес, эрге тийгени болду. Муну угуп алып, дагы бир жолу ичи күйүп, жанын коёр жер таппай санын мыкчып, дагы бир жолу азаптанып алды. Ушул убакка чейин кантсин, эрге тийгендир, эптеп күн көрүп жүргөндүр деп мурда эле туюк сезүүчү, бирок каерде экенин, чоочун элдин арасында кантип жүргөнүн билчү эмес. Айрыкча Алматыдан үйүнө кайтып келатканда ушул ойлор курт болуп жүрөгүнүн түбүн жеп келген. Эмнеликтен бул ой башынан чыкпай койгонун түшүндүрүш кыйын. Жолу болбой жаны кыйналгандыктан эмес. Тескерисинче Алматыдан Эдигей көңүлү көтөрүңкү жөнөдү. Елизаров экөө кайда барбасын, кимге кирбесин астейдил кабыл алышты. Ушунун өзү эле иш оңунан бүтөрүнө үмүт туудурган. Кийин ошондой болуп чыкпадыбы. Жөнөөр күнү болсо Елизаров Эдигейди тамак ичип кет деп, вокзалдын ресторанына алып кирди. Жөнөөргө чейинки убакыт бир далай эле, экөө жай отуруп, жакшы ичип, чер жаза сүйлөштү. Эдигейдин түшүнүгүндө Елизаров ошол отурушта өзүнүн ички сырын айткандай болду. Мурдагы Москвалык комсомолец, жыйырманчы жылдары басмачылар менен күрөшүү үчүн Түркстанга келип, ошо бойдон отуруп калган киши, кийинки өмүрүн геологиялык илимге арнаган киши. Бүт дүйнө үмүт-тилегин Октябрь революциясы баштаган иштен көрүп турганы бекеринен эмес деп эсептейм деген Елизаров. Жаңылыш менен мүчүлүш иштеребиздин куну канчалык кымбатка турбасын жолсузда жол таап алга жылуу токтоболу – тарыхый маңызы ушунда деген. Ал алгалоо кыймылы мындан ары жаңы күч алат деп дагы айткан. Коом өзүн өзү ондоп, өзүн өзү тазалап жатышы ошого кепил. «Өз бетибизге өзүбүз мындайды айта алган соң демек келечек үчүн күрөштүн күчү бар

бизде», –деген Елизаров. Ошентип, а күнү экөө аябай сүйлөшкөн.

Ошо көңүл менен Боронду Эдигей Сары-Өзөгүнө кайтып жөнөгөн.

Ала-Тоонун ак кар, көк муз баскан аскасы Жети-Суунун башынан аягына созулуп, поезддди кайрадан коштоп келатты. Алматыдагы күндөрүн кайра баштап чубатып, негедир ошо калың ойдун ичинде Эдигейге туюк сезими айттыбы, айтор Зарипа эмдигиче эрге тийгендир деп ойлоду.

Бараткан поезддин кыргыз тарабын караса, аркайган Ала-Тоо, казак жагын караса кеңирсиген кең талаа, ортодо күпүлдөп сызган поезд. Поездде келаткан Эдигей ойлонот: сөзгө да, ишке да бекем Елизаровдой кишилер болбосо жарык дүйнөдө жашоо алдаганча кыйын болмок экен деп. Абуталиптин иштерин бүтүрүп, мезгилдин аңтар-теңтер болуп турарын ойлоп, Эдигей сезими сыздап калат: аттиң азыр тирүү болгондо жалган жалаадан кутулуп, ырыс-таалайын кайтарып, балдарынын маңдайында жадырап жашап жүрмөк экен кайран киши деп. Тирүү болгондо го! Ушу сөздө баары айтылган. Абуталип тирүү болсо, Зарипа бүгүнгө чейин зарыгып күтмөк. Ал турганы турган. Андай аял кандай күндө калса да күтмөк. Күтөрү жок болсо, башка үмүт жок болсо, жаш келин эрге тийбей жерге тиймек беле. Ылайыктуу киши жолукса тийбегенде кантмек?.. Бул ойлоруна Эдигей кайра өзү капа болду. Куру кыялды коюп, башканы ойлоюн десе да болбоду. Акыры ичи бышып баратканда вагон-ресторанга жөнөдү.

Узак жол жаңы башталганга ресторан таптаза экен, бирок эл көп. Эдигей терезе түбүндө жалгыз отурду. Алаксыш үчүн обол бир бөтөлкө пиво алды. Вагон-ресторандын эки тарабы тең көрүнгөн терезелеринен тоолорду бир карап, талааны бир карап, эки тарапты тең жаап турган асманды бир карап отурду. Оң тарабын караса кызгалдак гүлү каптаган кенен талаа, сол тарабын кара-

са кар жамынган залкар тоо – ушул эки көрүнүш бирде кыял жеткис каалоону ойготсо, бирде аны кайра талкалап, жан кейитет. Ичи ачышканынан ачуу ичкиси келди. Арак заказ берди. Эки-үч рюмка ичкендей болбоду. Анан кайра пиво заказ берип коюп, өз оюна чөмүлүп кетти. Күн кечтеп бараткан. Эки тарап сырттын төрү күүгүмдөп, жуук жээктер зып-зып артка учат. Кыштактар, бак, жол көпүрө, мал, кишилер, машинелер зып көрүнүп, зып өтөт, бирок күтүүсүздөн кайра желкелеген мунду, оор оюна басынган Эдигей бу көрүнүштү көрсө да байкабады. Өткөндөгүнүн баары өттү-кетти болгонуна таяныч ой таппай, үнкүйүп отуруп баратты.

Эриксизден Раймалы аганын кош айтышкан ыры эске келет:

Кара тоодон көч келер, көч келгенде,
Ала тоодон көч келер, көч келгенде
Жарманкеден мени күтпө Бегимай...

Ушу отурушунда Боронду Эдигей өзүн Раймалы агага окшоп, жан-дилинен ажыратылып, кайыңга байланып тургандай сезди...

Караңгы кирип, ресторанга эл дагы толуп, тамекинин жыты быкшып чыкканга чейин Эдигей ушинтип отура берди. Булар неге мынчалык көңүлү чак, арак менен чылымдан тапкан жыргалы кайсы деп, Эдигей такыр түшүнө албайт. Эркектер менен ээрчишип киргөн аялдар да көзүнө жек көрүндү. Айрыкча алардын күлгөнү жакпады. Эдигей теңселип ордунан турду, катар столдордун арасында, батнусун кармап, бака-шака үндөрдөн кулагы тунуп жүргөн официантканы таап, акысын төлөдү да, вагонуна кетти. Жеткиче эки-үч вагон аралап өтүү керек. Поезд менен кошо чайпалып баратып, өзүнүн түртүлүп четте калганы, жетимсиреп жалгыз калганы жанына батты.

Жашап кереги эмине, кайдадыр каттап кереги эмине...

Кайдан келатканы, кайда баратканы, эмне үчүн келип, эмне үчүн кетип баратканы, караңгы түндү көзөп поезддин кайдадыр шашканы – Эдигейге эчтеменин кызыгы болбой турду. Кайсы бир тамбурга токтоду да, ысыган чекесин сырт эшиктин муздак айнегине такап, артынан аркы-терки өтүп жаткандарга көңүл бурбай вагон менен кошо теңселип турду.

Поезд чайпалып кетип баратты. Темир жолчулардын баарында болчу ачкыч анда да бар, эшикти ачып, тепкичи жок караңгыга бой уруш бир паста... Те алыстан жарык жылт-жулт этет. Көпкө ээрчип барышты. Талаадагы жалгыз тамдын жарык терезелериби, же малчылар жаккан отпу. Тегерегинде кандайдыр кишилер бардыр. Алар кимдер? Аерде эмне кылып жүрүшөт? Эгер алардын ордунда балдары менен Зарипа болсочу! Азыр поезддан ыргып түшүп, чуркаган бойдон жетип, кучактай жыгылып, уялбастан ыйлаар эле, кусалык бугун, арман-муңун бүт чыгарып, солуктап жатып калгыча ыйлаар эле...

Улам артта калып, кичирейип бараткан тиги эки отту карап туруп, Борондуу Эдигей кыңкыс онтоп жиберди. Үн чыгарбай буулуга бышактап, артынан бакашака өтүп жаткан жүргүнчүлөргө көңүл бурбастан эшикке жөлөнүп тура берди. Бетин жаш жууду... эшикти ачып тепкичи жок караңгыга бой уруш бир паста болуп турду...

Поезд чайпалып кетип баратты.

Кара тоодон көч келер, көч келгенде,
Ала тоодон көч келер, көч келгенде
Мени күтпө жарманкеден, Бегимай...

*Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат.*

*Темир жолдун эки тарабында ээн талаа, эрме чөл, жер өзөгү Сары-Өзөк жатат.*

*Гринвич меридианы сымал бул кыйырда алыс-жакын аралыктын эсеби темир жолдон башталат.*

*Поезддер болсо чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...*

Малакумдуу чаптын жарына салган уясынан учуп чыккан чоң айры куйрук каалгып асманга учту. Ал күн сайын эки жолу – түштөн мурун бир жолу, түштөн кийин бир жолу аймагын айланып учуп жем издейт.

Бийикте каалгып, жер бетинде кыбыр эткен жандын баарын байкайт, дүңкүлдөгөн коңуз да, кылтылдаган кескелдирик да көздөн жаздым калбайт. Улам айлана учуп бийиктей берет, бийиктеген сайын жер бети дагы кенен көрүнөт, ошентип акырындап каныккан чабыты жабык зонанын үстүнө барат. Бул аймак коргоого алынып, түлкү, чөөлөр эркин жойлоп кире албай калгандан бери майда канаттуу, же арс чычкан өңдүү жеми арбыды. Тегерете тосулган тикендүү зым бөгөөл айры куйрукка бөгөт беле. Бирөөгө зар жай, ага жыргал болду. Бирок жыргалы деле оңой оокат эмес экен. Мурдагы күнү бийикте жүрүп, серендеген бөжөктү көрдү да, куушурулуп түшүп илип кетерде бөжөк тосмонун алдына кире качып, айры куйрук өзү тикендүү зымга капталып кала жаздады. Канатынын учу тикендерге таралып, аз жерден кайып кетти да, жаалдана кайра асманга атырылды. Саңоорунан тытылган пырлары абада каалгып кала берди. Ошондон бери коркунучтуу бөгөөлдөн алысыраак жүрчү болду айры куйрук.

Жер бетиндеги жем болчу макулуктарды чоочутпай, курулай канат кагып шуулдабай, бул аймактын ээси экенин белгилеген салабат менен бийикте калкып барат. Бүгүн эртемененки биринчи чабытында да, түштөн кийинки экинчи чабытында да космодромдун бетон жабылган талаасында машине менен эл кыймылы күчөгөнүн байкады айры куйрук. Машиналар арыдан-бери чымын-куюн чуркашып, көбүнесе ракеталар турган кон-

струкциялардын айланасында жүрдү. Бул ракеталар асманга сайылып турганына көп болгон, айры куйрук аларга көнүп да калган. Бирок бүгүн бирдеме болуп жаткандай машине да көп, кишилер да көп, кыймыл да көп... Жанараак талаа кезип келген төөчөн менен татыраган эки трактор, анан дагы жилбиңдеген бир ит эми тикендүү зымдын сыртында, шлагбаумдун жанында турушканы да айры куйруктун көз жаздымында калбады... Айры куйруктун кыжырын келтирген тиги кишилерди байырлаган куйкул сары ит болду, бирок итке теңелип ит болгусу келбеди, кыжырланганын эчтемеден билгизбеди. Дагы эмне болор экен, кишилердин жанында куйругун шыйпаңдаткан тигил сары ит эмне кылар экен деп гана жай айланып, өткүр тиктеп, каалгып жүрө берди...

Эдигей сакалын экчей көтөрүп, асманга каалгыган айры куйрукту көрдү. «Чоң экен, ак куйрук тура,– деп ойлоп койду бекер турганча. – Атаң көрү, айры куйрук болсом ким мени тосмок эле? Учуп өтүп, Эне-Бейиттин күмбөзүнө конбойт белем!..»

Аңгыча жакындап келаткан машинанын доошу чыкты. «Келатат! – деп сүйүнүп кетти Боронду Эдигей. – Кудай буюруса, иш оңолот экен!» «Газик» чымылдап келип, күзөтчүнүн бөлмөсүнүн оозуна тык токтоду. Күзөтчү машиненин келип токтошун күтүп турду. Анан какыя калып, кароолдун начальниги Таңсыкбаев машинеден чыкканда честь берди:

– Жолдош лейтенант, сизге доклад...

Бирок начальник колун жаңсап токтотту да, күзөтчү сөзүн жутуп, колун чыкыйынан алганда шлагбаумдун нары жагында тургандарга жүзүн бурду.

– Бу кайдагы чоочун адамдар? Күткөн ким? Сизби? – деп Боронду Эдигейге кайрылды.

– Биз, бизгой, карагым. Эне-Бейитке жетпей туруп калдык. Калай да болсо жардамдаш, карагым,– деди

Эдигей көкүрөгүндөгү сыйлыктары лейтенанттын көзүнө урунгудай жүткүнө.

Эдигейдин орден-медалдарын лейтенант Таңсыкбаев көзүнө да илген жок, кургак жөтөлүп гана койду да, Эдигей дагы сүйлөмөкчү болгондо сумсая озунду:

– Жолдош чоочун адам, мага орусча сүйлөңүз. Мен кызмат милдетин аткарып жүргөн кишимин, – деди кыйгач көздөрүнүн үстүндөгү кара каштарын бүркөп.

Боролдуу Эдигей уялып кетти.

– Э-э, кечир. Оңу болбой атса кечир,– деп мукактанып, андан аркы айтарын айта албай тили буулуп туруп калды.

Абышканы кыйын абалынан куткарып, Эдилбай куркут чыга калды:

– Жолдош лейтенант, биздин өтүнүчүбүздү айтууга уруксат этиңиз.

– Айтыңыз, кыска, ток этерин айтыңыз,– деп эскертти кароол башы.

– Бир мүнөткө сабыр этиңиз. Биздин сөздү өлгөн кишинин уулу да уксун,– деп Эдилбай куркут кылчая калып, Сабитжанды чакырды. – Сабитжан, эй, Сабитжан, бери кел!

Четте басып жүргөн Сабитжан колун силкип салды:

– Өзүңөр макулдаша бергиле!

Эдилбай куркут кызарып кетти.

– Кечириңиз, жолдош лейтенант, жолубуз ушинтип буулуп турганына ал кападар. Биздин карыя Казангаптын уулу ушул болот. Анан дагы күйөө баласы да кошо келген, тигине прицепте отурат.

Күйөө бала чакырып жатат деп түшүндүбү, прицептен түшө баштады.

– Майда-чуйданын мага кереги жок. Иштин жайын айтыңыз,– деди кароол башы.

– Жарайт.

– Тартиби менен кыска айтыңыз.

– Жарайт. Тартиби менен кыска.

Ким экендерин, кайдан келаткандарын, кандай максат менен келаткандарын, буерге эмне үчүн келгендерин Эдилбай куркут айтып кирди. Эдилбайдын сөзү бүткүчө Эдигей лейтенант Таңсыкбаевдин жүзүн тиктеп туруп, мындан жакшылык күтүп бекер экенин билди. Лейтенант шлагбаумдун нары жагында бу келген чоочун кишилердин арызын угуп бүтүү үчүн гана турду. Эдигей ушуну билип, ындыны өчтү. Казангаптын өлүмүнө байланыштуу болгон иштердин баардыгы, аза көчүнүн жолго чыгуудагы камылгасы, сөөктү Эне-Бейитке коюш керегин айтып жаштарды көндүрүү үчүн көргөн бар далбасы, ойлогон ойлору, өзү менен Сары-Өзөктүн тарыхын байланыштырган өзөк туурасындагы түшүнүгү, уккан-билгени – Таңсыкбаевдин алдында ошонун баары эчтемеге жарабаган, эч наркы жок, эч баркы жок нерсе болуп быркырап жатып калды. Ак ниети булганып, Эдигей ызасына күйүп турду. Кечээ кечинде эле арак менен шубатты алмак-телмек ичип, кудайлар тууралуу, радио башкара турган радиоманбаш адамдар тууралуу чечекейи чеч сүйлөп, өзүнүн билими менен Боронду луктарды таң калтырууга жан-алы калбай жаагын безеген бок жүрөк Сабитжан азыр буерге келип ооз ача албай четте качып жүргөнүнө бир ыйлагысы келди, бир күлкүсү келди. Боронду Каранарды эмнеге мынчалык жасалгалап чомдоп, чачылуу килем жапты экен, эми анын кимге кереги канчалык,– ушуга да бир ыйлагысы, бир күлкүсү келди. Эне тилинде сүйлөөнү каалабай же коркуп койгон мобу лейтенант сөрөй Таңсыкбаев Каранардын жасалгасынын баркына жетмек беле! Казангаптын шордуу аракеч күйөө баласы кечээтен бери ооозуна эчтеме албай, бүгүн узак жолдо таңкылдаган прицепте кайнатасынын сөөгүнүн жанында зыйнат тутуп отуруп келген шордуу, эми бейитке өткөрөр деген үмүтү менен мына жанына келип туруп калды,– шуну көрүп Эдигейдин бир ыйлагысы, бир күлкүсү келди. Жадагалса тиги сары дөбөтү Жолборско боор ооругудай,– өзүнөн

өзү ээрчип алып, эми качан жылабыз дегенче чыдап карап отурат, ага эмне азап,– аны карап Эдигейдин бир ыйлагысы, бир күлкүсү келди. А балким байкуш ит ээси ушундай абалга туш болуп, жаны кашаярын иттиги менен сезгендир, ошол үчүн кыйналганда жанында аралжы болоюн деп ээрчигендир... Кабиналарында Калыбек, Жумагали деген жаш тракторист балдар отурат, эми аларга эмне дейт, алар эми кандай ойдо калат?

Ачуусу келип, корунуп калган Эдигей жүрөгү дүкүлдөй согуп, каны башка тээп, жини ичтен кайнап чыгып келатканын сезип турду, ачууга жеңдиргенде эмне болор сырын билген неме күч менен кыжырын басып, карманып турду. Жерге берилбей сөөк прицепте жатканда анын ачууланар эч кандай жөнү, акысы жок болуучу. Карыган киши өкүрүп-бакырып буркан-шаркан түшкөнү жарашыксыз. Ичинде кайнаганын түсүнөн да, сөзүнөн да, дирт эткен жаак булчуңунан да, селт этер кол жаңсоосунан да билдирбеске тиштенип турду.

Эдигей күткөндөй Эдилбай куркут менен кароол башынын сүйлөшүүсү бат эле тескери айланды.

– Эч кандай жардам бере албайм. Зонанын территориясына бөтөн киши кирүүгө катуу тыюу салынган,– деди лейтенант Эдилбай куркуттун сөзүн угуп бүткөн соң.

– Аны биз кайдан билдик, жолдош лейтенант. Билсек куру бекер убара болуп ушунча жерден келмек белек. Билсек неге келмекпиз? Эми мынча болду, жогорку начальствоңуздан уруксат алып бериңиз, өлгөндү көөмп кетели. Сөөктү кайра алпармак белек.

– Ал тууралуу доклад кылдым. Кандай гана шылтоо болбосун киргизүүгө уруксат жок деген көрсөтмө алдым.

– Кайсы шылтоону айтасыз, жолдош лейтенант?– деп Эдилбай куркут таңыркады. – Бизге шылтоонун кереги эмне? Ыя? Же силердин зонаңарга биз таңсык бекенбиз? Бейитке өлүк көмүү болбосо ушунча жерге сандалып бизге эмне азап?

– Мен сизге дагы бир жолу түшүндүрөм, жолдош чоочун адам, бул жакка кирүүгө эч кимге жол жок.

– Чоочун дегениң кандай?– деп аңгыча баятан бери унчукпай турган аракеч күйөө бала капталдан чыкты. – Ким чоочун? Биз чоочунбузбу?– деп ичкиликтен көпшөк тарткан бети ала-чокул кызарып, эриндери көгөрүп кетти.

– Чын эле, качантан бери биз чоочун болуп калганбыз? – деп Эдилбай куркут коштоп чыкты.

Орусча чала-моңол сүйлөөрүн өзү билгендиктен онтоп-тактап атып, аракеч күйөө бала белгилүү чектен аша чаппаска аракеттенип акырын, шашпай сүйлөдү:

– Бу жерде биздин Сары-Өзөктүн бейити бар. Сары-Өзөктүн калкы биз өлгөндөрүбүздү ушу ата-баба жаткан бейитке көмүшкө акыбыз бар. Илгери буерге Найман-Энени көмгөндө тегереги курчалып, жабык зона болуп каларын эч ким билген эмес.

– Мен сиз менен талашып отургум жок,– деди лейтенант Таңсыкбаев. – Азыркы учурда кароол кызматынын начальниги катары дагы айтам: кароолдогу зонага эч кимди эч кандай себеп менен киргизүү жок жана болбойт.

Тунжурай калышты. «Кудай, сабыр бер, сөгүп жибербегей элем!» – деп ичинен өзүнө өзү жалынып, Боронду Эдигей акырын асманды карады да, бийикте каалгый тегеренип жүргөн жанагы айры куйрукту дагы көрдү. Ошол эчтемеден кебелбеген, балбан кушка дагы суктанды. Анан дагы бир балээге кабыла электе акыйнек айтышып тура бербей кайра тартуудан башка арга калбаганын ойлоду. Айры-куйрукту дагы бир жалт карап алып, лейтенантка айтты:

– Жолдош лейтенант, биз кетели. Бирок тыякта отурганың ким, генералбы, андан чоңубу, ошого айт, мунунар жарабайт! Эски солдат мен айтып турум – мунунар жарабайт, натуура!

– Эмне туура, эмне натуура, жогортон түшкөн буйрукту мен талкуулоого акым жок. Анан дагы мындан ары силер биле жүрсүн деп айтып коюуну мага буюрушкан: бул бейит жок кылынууга тийиш.

– Эне-Бейитпи? – деп Эдилбай куркуттун оозу ачылды.

– Ооба, эгер аты ошондой болсо ошол.

– Эмне үчүн? Анын кимге зыяны тийип жатыптыр? – деп Эдилбай куркут жиндене баштады.

– Аерге жаңы микрорайон салынат.

– Баракелде! – деп Эдилбай куркут кулачын жайды. – Башка жай түгөнүп калыптырбы, силерге жер жетпей жатабы?

– План боюнча ошондой каралган.

– Эй бала, сенин атаң ким? – деп Боронду Эдигей лейтенант Таңсыкбаевди матай сурады. Тигил таң калды.

– Эмне дегиңиз бар? Ишиңиз эмне?

– Дегеним ошол: бизге айтканыңды бейитти жок кылмакчы тиги чоңдоруңа айтпайсыңбы. Же сенин ата-бабаң өткөн жок беле, же сен өзүң өлбөйсүңбү?

– Ишке мунун эч кандай тиешеси жок.

– Макул, ишти эле айталы. Андай болсо, жолдош лейтенант, эң чоңуңар ким, силердин эң чоң начальниги-ңерге айтар сөзүм бар, уруксат беришсин. Мурдагы фронтовик, Сары-Өзөктүн адамы Эдигей Жангелдин эки ооз сөз айтмак элем деп атыры дегин!

– Аны мен аткара албайм. Эмне кылышым тууралуу көрсөтмөм бар.

– Деги колуңан эмне келет? – деп дагы кыпчылды аракеч күйөө бала. Жаны кашайып кетти окшойт: – Сенден көрө базардагы милийса киши! – деди.

– Бейбаштыкты токтотуңуз! – деп кумсара какыйды кароол башы. – Токтотуңуз! Мунуңарды шлагбаумдан алып кеткиле, тракторуңардан жолду бошоткула!

Эдигей менен Эдилбай куркут аракеч күйөө баланы тракторлор жакка сүйрөп кетишти, ал болбой эле кылчактай жулунуп, бакырып баратты.

– Саган жол да жетпейди, саган жер да жетпейди, урдым сендейдин аузын!

Баятан бери четте түнөрүп аркы-терки басып жүргөн Сабитжан өч алчудан бетер теке маңдайдан эми чыкты:

– Ии? Эшиктен киргизбей көткө тептиби? Дал ушундай болмок! Эне-Бейит деп ээленгидей болсо, деги эле кой! Мына! Чакырып урган иттей болдуңарбы?

– Ит дегениң ким ыя? – деп ачуусу басылбай араң турган аракеч күйөө бала Сабитжанга жулунду. – Арабызда ит бар болсо, дал ушу сенсиң ит! Тиерде турган ит менен сенин айырмаң кайсы? Дагы мамлекеттик кишимин деп чиренгенин кантесиң! Киши болбой сен жерге кир!

– Эй аракеч, тилиңди тарта сүйлө! – деп тиги күзөттөгүлөр да уксун дегенсип Сабитжан чаңырды. – Тигилердин ордунда мен болсом сендей сандан чыккан акмакты бекемирээк жерге катып коёт элем. Коомго сенден эмне пайда, сендейлерди жоготуш керек!

Ушуну айтты да, сени да, сени менен жүргөндөрдү да урганым жок дегенсип тескери карап далысын тосту, кыйкыра сүйлөп, башчылыкты колуна алгандай трактористтерге буйрук бере баштады:

– Эмне аңырайып карап турасыңар? Кана тракторуңарды от алдыргыла! Урдум баарын! Артка кайрыгыла! Болду! Бир жолу акмак болдум, жетишет! Бирөөнүн тилин алган ушу болсо...

Калыбек тракторун от алдырып, сүйрөгөн прицебин абайлап, кайтчу жолго кайрый баштады. Аракеч күйөө бала прицепке ыргып түшүп, кайнатасынын сөөгүнүн жанындагы ордун ээледи. Жумагали болсо Эдигей Каранарын экскаватордун чөңгелинен качан чечип аларын күтүп турду. Аны көрүп Сабитжан сабырсыздана дагы кыйкырды:

– Сен эмне карап турасың? От алдыр! Эчтеме болбойт, артка кайры! Өлгөндү көмгөн деген ушул экен да, ээ?! Башынан эле мен жарабайт дебедим беле! Болду эми! Үйгө кайры!

Боронду Эдигей буурасын чөгөрүп, чомуна чокчоюп минип, кайра тургузганча тракторлор келген жолуна салып, бир топ узап кетишти. Эдигейди күтөр түрлөрү жок, алдыңкы трактор түшкөн Сабитжан шаштырып барат да, ал белгилүү дечи...

Асманда баягы айры куйрук дагы эле айланып жүрдү. Бийиктен тиги сары иттен көзүн албайт, анын дайынсыз ээрчип жүргөнүнө кыжыры кайнайт. Эмне үчүн ит тиги жүрүп кеткен тракторлорду ээрчибеди, төөчөн кишинин жанында күтүп калды да, анан желе-жорто ээрчип алды...

Алдыда эки трактор, алардын соңунан төөчөн киши, аны ээрчип жорткон ит болуп, баары Сары-Өзөктүн чөлү менен кайра кызыл жарды карай жөнөдү. Малакумдуу чаптын суу жеген жарларын бир туюгунда айры куйруктун уясы бар. Башка учур болсо айры куйруктун тынчы кетип, алыстан болсо да көзүн айрыбай, үн салып, тездеп учуп ылдыйлап, өзүнчө ээлик кылган аймагында чабыттап жүргөн ургаачы курбусун жардамга чакырмак, коркунуч болсо экөөлөп уяны коргомок, бирок айры куйрук кебелип койбоду, анткени балапандары алдагачан уядан учуп кеткен. Күн санап канаттарына каруу кирип, жылтыр көздүү ийри тумшук балапан айры куйруктар өздөрүнө бөлүнгөн аймактарында өздөрүнчө чабыт кылып жем издеп, кээ-кээде карт атасы кайып учуп барып калса качырып тийип, ыргыштап турчу мүнөз күтүшкөн...

Аймагында кыбыр эткен кыймылды көз жаздымда калтырбаган адатына салып, айры куйрук кайра артына кайткан кишилерге байкоо салып жүрдү. Айрыкча тиги кишилердин жанынан алыстап жылбаган саксагай сары ит жинин келтирет. Кишилерге неге мынча

жакын, өз бетинче жортуп, аңчылык кылбастан куйругун шыйпаңдатып, ансыз да өз түйшүктөрү менен убара болуп бараткан кишилерди калбай ээрчип барат. Мындай жашоонун ага кереги эмне? Айры куйруктун көңүлүн бурган дагы бир нерсе тиги төө минген кишинин көкүрөгүндө жылтылдаган нерселер. Ошо жылтырак төш киши бир маалда төөсүн жолдон чыгара бурду да, тракторлор айланып өтчү чоң сайды карай төтөгө салды. Төөсүн улам камчылап катуулай жүрдү, көкүрөгүндөгү жалтырактары шыңгыр үн чыгарып, серпилип барат, арышын кере таштап маң-маң желди, сары ит калбай артынан чуркап алды...

Малакумдуу чаптын жарлуу коосуна кире бериште төөчөн киши тракторлордун алдын тосо чыкты да, жолду бөгөп, тууралануп туруп алды. Тракторлор токтоду.

– Эмне? Дагы эмне болду? – деп Сабитжан кабинадан башбакты.

– Эчтеме эмес. Отун өчүргүлө,– деп буюрду Эдигей. – Сөз бар.

– Дагы кайсы сөз? Бүгүн аябай ойнодук. Кармаба!

– Кармап турган сен өзүң. Сөөктү ушерге көмөбүз.

– Жетишет ушу шылдың! – деп Сабитжан уйпаланган галстугун жулмалап, титиреңдеп кетти. – Разъездге алпарып, өзүм көмөм. Сөз ушул! Жетишет!

– Сабитжан, сабыр кыл! Ата сеники, эч ким талашпайт. Бирок дүйнөдө жалгыз сен эмессиң го. Тил алгын. Тиги күзөттө эмне сөз болгонун өзүң көрүп, өзүң уктуң. Эч кимибизде айып жок. Бирок башканы ойлончу. Өлүктү көр башынан кайра апкелет деген эмне шумдук? Андай болгон эмес. Баарыбыздын абийирибиз айрандай төгүлөт. Эзелтен мындай жорук болгон эмес.

– Түкүрдүм ошонун баарына,– деди Сабитжан.

– Азыр түкүрүнүп турусуң. Ачууга алдырганың ал. Эртең эле жер карайсың. Ойлон. Бетиңе сүртүлгөн көөнү эчтеме менен жууп кетире албай каласың. Жерге көмүү үчүн үйдөн алып чыккан сөөк кайра кайтпайт.

Ал ортодо экскаватордун кабинасынан Эдилбай куркут, прицептен аракеч күйөө бала түштү. Эмне болуп жатат деп, Жумагали да келди. Боронду Каранардын үстүндө Эдигей жол тосуп турду.

– Жигиттер, эсиңерди жыйгыла! – деди ал. – Адамзат салтына, табият мыйзамына каршы жүрбөгүлө! Өлүктү көр башынан кайра үйгө алпарат деген эзелде болгон эмес. Көмгөнү алып кеткенди көөмп кайтат. Жөн ушул! Мына Малакумдуу чаптын жары. Бу биздин Сары-Өзөк! Ушу Малакумдуу чапты таянып, Найман-Эне зар какшаган. Эдигей карыяңардын тилин алгыла. Казангаптын жайы ушул жер болсун. Менин жатар жайым да ушерде болсун. Кудай буюруса өзүңөр көмөсүңөр. Силерден өтүнгөнүм ушул. Азыр али кеч эмес, убакыт бар, тетиги жар башынан жай казалы!

Эдилбай куркут Эдигей көрсөткөн жакты карап алды.

– Жумагали, экскаваторуң чыга алабы? – деди ал.

– Чыкпаганда кудай уруппу. Тетигинден эле кыялап чыгып кетем...

– Эй, тетиги кыячыл! Сен оболу менден сура! – деп Сабитжан сөздү бөлдү.

– Биздин сурап турганыбыз ушул,– деди Жумагали. – Бу кишинин айтканын уктуңбу? Дагы эмне керек сага?

– Тойдум мазак кылганыңарга! Ушундай да кордук болобу! Разъездге кеттик!

– Чын ошондой ойлосоң бар эмеспи, сөөктү бейиттен үйгө кайра алпарганың дал кордоонун өзү болот! – деди Жумагали. – Ошол үчүн жакшылап ойлон.

Унчукпай турушту.

– Эмесе,– деди Жумагали,– силер эмне кылсаңар ошо кылгыла, мен барып жай каза берейин. Жайды тереңдетип казып бериш менин парзым. Эрте күндү кеч кылбайын. Караңгы кирип кетсе жайды кантип казасың. Силер буерде жаакташып тура бергиле.

Ошентти да, Жумагали «Беларусь!» экскаваторуна жөнөдү. Буйдалбастан от алдырып, жолдон кайрыды да, жонсокко айдап чыгып, андан өөдө кыялап Малакумдуу чаптын кырына жөнөдү. Анын артынан Эдилбай куркут кетти, анын артынан Боронду Эдигей Каранарын теминди.

Аракеч күйөө бала Калыбек трактористке айтты:

– Эгер тыякка айдабасаң, – деп жар башын көрсөттү, – тракторуңун астына жатып берем. Аянар жерим жок. – Ошентти да трактордун тумшугуна туруп алды.

– Эми эмне, каякка айдайын? – деп сурады Калыбек Сабитжандан.

– Баары акмак, баары ит экен! – деп сөгүнүп алды Сабитжан. – Эмне отурасың, айда тигилердин артынан!

Асманда каалгыган айры куйрук эми жар башында күйпөлөктөшкөн кишилерди карап жүрдү. Бир машинеси калч-калч этип жер челип, ийин казган чычкандай болуп, челген топурагын жанына үйүп жатты. Экинчи трактор бор тырмалап чыгып келатат. Сүйрөгөн арабасында сокуюп бир киши баягысындай эле отурат. Жанында ак кийизге оролуу бирдеме жатат. Сары ит кишилерди тегеректеп жүрдү да, көбүнесе төөнү байырлап, анын аяк астына жатып алды.

Жер казып калган соң бу келгендер дагы көпкө болорун баамдады айры куйрук. Ал каалгый кайып бурулду да, кең талаанын үстүндө кенен-кенен айланып, жабык зона тарапка чабыттап келүүгө, ага кошо космодромдо эмне болуп жатканын көрө келүүгө учуп жөнөдү.

Эки суткеден бери космодромдун аянттарында кызуу кыймыл, күндүр-түндүр тынбаган иш жүрүп жатат. Жанаша курулган кызмат жайлары жана зоналары менен бүт космодромду түнкүсүн жүздөгөн кубаттуу прожекторлор жарык кылып турат. Ийне жоготсоң тапкыдай жер бети күндүзгүдөн жарык. Ондогон оор, женил жана атайы машиналар, көптөгөн окумуштуулар менен ин-

женерлер «Кырчоо» операциясын ишке ашыруунун даярдыгы менен алек.

Космосто учар аппараттарды талкалоого арналган антиспутниктер космодромдун бөтөнчө аянтында көтөрүлүүгө даяр турганына көп болгон. Бирок ОСВ-7 келишими боюнча американдык тараптын ушуга окшош куралдарындай эле өзгөчө макулдашуу болмоюнча деп токтотулуп салынган. Эми транскосмостук «Кырчоо» операциясын ишке ашыруу боюнча өтө шашылыш программага байланыштуу аларга жаңыча милдет тагылып отурат. Ушундай эле ракета-роботтор «Кырчоо» операциясы боюнча синхрон учууга Американын Невада космодромунда да даярдалып жатты.

Старт маалы Сары-Өзөк кендигинде кечки саат сегизге туура келди. Туптуура саат сегиз нөл-нөлдө ракеталар старт алууга тийиш. Алыскы космоско интервалы бир жарым мүнөттөн болуп убай-чубай Сары-Өзөктөн тогуз антиспутник ракетасы учуп жөнөмөкчү. Космоско чыккан соң алар Батыш-Чыгыш аймагында бөтөн планеталык учар аппараттардын кирип келишин каршы алууга Жер шарын тегерене учкан дайым аракеттеги кырчоо түзмөкчү. Невадалык ракета-роботтор Түндүк-Түштүк аймагында кырчоо түзмөкчү.

Туптуура түшкү саат үчтө Сары-Өзөк-1 космодромунда учар алдындагы «Беш мүнөттүк» контроль система ишке киргизилди. Ар бир беш мүнөттө баардык кызматтар менен каналдардын баардык экрандары менен таблолору жанып, мындай жазуу пайда болуп турат: «Стартка чейин төрт саат элүү беш мүнөт бар! Стартка чейин төрт саат элүү мүнөт бар!» деген жазууну үн кошуп айтып турат. Стартка үч саат калганда «Мүнөттүк» система ишке киргизилет.

Бул убакта орбиталык «Паритет» станциясы космостогу ордунун параметрин өзгөртүп алууга жетишти жана 1–2, 2–1 паритет-космонавттар менен эч кандай байла-

ныш болбосун үчүн станциянын борт системасындагы радиобайланыш каналдарынын коду жаңыртылды.

Ал ортодо куу талаага куру-бекер кыйкыруу дегендей 1–2 жана 2–1 космонавттардын радиосигналдары Ааламга тынымсыз кетип жатты, жоопсуз курулай кетип жатты! Биз менен байланыш үзбөсөнөр экен деп жалынып-жалбарып жатышты. Алар Бирбашбордун чечимин натура деп талашпады, бирок баарыдан мурда Жерликтердин кызыкчылыгы үчүн Токой-Төштүн цивилизациясы менен макул болор байланыш проблемасын кайрадан кайра изилдөөнү сунуш кылып жатты; алар өздөрүн токтоосуз актоону талап кылбады, алар керек болсо Токой-Төштө дагы күтүүгө жана аерде жүргөндөрү Галактикалар аралык мамилелердин пайдасына кызмат кылар болсо дагы кызмат өтөөгө макул эле; бирок алар быяктагы эки тарап «Кырчоо» операциясына камынып жаткандарына каршы болду, анткени мындай глобалдык изоляцияланууу, алардын ою боюнча, адамзат коомун сөзсүз тарыхый жана технологиялык сормо сазга батырат да, андан чыгууга миңдеген жылдар керек болот... Бирок кеч болуп калган... Бу жарык ааламда аларды эч ким уга алмак эмес, бу дүйнөнүн кендигинде алардын үндөрү үнсүз суранып жатканы эч кимдин оюна келмек эмес...

Ал ортодо Сары-Өзөк-1 космодромунда «Мүнөттүк» система ишке киргизилди да, «Кырчоо» операциясынын старты токтоосуз жакындап келатканын кайтпастан эстей баштады...

Жабык зонаны бир айланып чыгып, айры куйрук кайрадан Малакумдуу чаптын үстүнө келди. Бияктагы кишилер өз иши менен алек болуп, чуңкурун эми күрөктөп каза баштаптыр. Экскаватор топуракты дөбөлөп үйүп салыптыр. Эми ал чеңгелин тереңге сүңгүтүп, чуңкурдун түбүн тырмалап жаткан экен. Аздан соң ал калчылдаганын койду да, четке чыга берди, адамдар чуңкурдун түбүн күрөктөп казып кирди. Төө ордунда ту-

рат, бирок сары ит көрүнбөйт. Кайда кетти экен? Айры куйрук жапыстай учуп, башын улам бир жагына кынайта карап жүрүп, сары ит прицептин астында дөңгөлөктүн түбүндө төрт бутун тырайтып жатканын көрдү. Ит эс алып жатты окшойт, же айры куйругун менен ишим жок деп уктап жаттыбы, ким билсин. Бүгүн айры куйрук үстүнөн канча айланып учту, оңбогон ит бир жолу баш көтөрүп карап коюуга жарабады. Жадагалса сары чычкан да эки колун бооруна алып чочоё калып, коркунуч жокпу деп, оболу тегерегин каранат, көктү каранат, анан ишине киришет. Тигил ит болсо адамдарга байырлап көнүп алыптыр, коркуп да койбойт, жашоосуна камаарап да койбойт. Жатканын карабайсыңбы тырайып! Айры куйрук көз ирмемге каалгып тура калып ыйынды да, куйругунун астынан итти мээлеп агыш-жашыл шаталасын бырт атты. Мына сага дегенсип жеңилдей учту!

Боррондуу Эдигейдин жеңине бирдеме былч эткендей болду. Караса куштун заңы экен. Бу кайдан? Эдигей жеңин силкип салып, асманды карады. «Ак куйрук го, жанагы тура. Баятан бери төбөдөн кетпейт. Бул эмне ишарасы? Карачы, атаңы, эркинде жыргап. Каалгый сүзүп, калтылдап коёт кааласа». Эдигейдин оюн чуңкурдун түбүнөн кыйкырган Эдилбай куркуттун үнү бузду:

– Кандай, Эдике, карачы! Болобу, же дагы казайынбы? Эдигей чуңкурдун кырынан эңкейип, кабагын сала карады.

– Тиги бурчка бар,– деди Эдилбай куркутка, – Калыбек, сен быякка чык. Жарайсың. Тереңи жакшы эле болуптур. Эдилбай, казанагын дагы кичине кеңейте түшөсүң го. Жайы кенен болсун.

Ошону айтып коюп, Эдигей кичине канистраны алды да, экскаватордун далдасына барып, даарат ала кетти. Казангаптын сөөгүн Эне-Бейитке коё албасак да, кайра үйгө алпарып шерменде болбой, жайын тапканыбыз сооп

болду деп, ушунда гана көңүлү тынчыгансыды. Көшөрүп туруп албаганда тиги неме үйгө деле алып бармак. Эми тезирээк кыймылдап, кеч киргиче Борондуга жетип калгандай болуу керек. Үйдөгүлөр күтүп жатышкандыр, кечигишсе теке-тука болушар. Саат алтыдан калбай келип калабыз дебеди беле. Мына төрт жарым болуп калыптыр. Али сөөктү көөмп, анан Сары-Өзөктүн чөлүн дагы кезүү турат. Тез жүргөндө да эки сааттан мурда жете албайт. Бирок каадасын бузуп, нарыдан-бери бүтүрө коюш да жарабас. Караңгы кечке барып деле куран окуса болбойбу. Шарт ошондой болуп жатса кантесиң...

Даарат алган соң Эдигей көр башындагы жаназаны өткөрүү парзына каада кармады. Канистранын тыгынын тыгып, экскаватордун далдасынан бери чыгып келди да, сакал-мурутун сылап, салабаттуу үн катты:

– Кудаанын кулу, пайгамбардын үммөтү, жаны а дүйнөгө жол тарткан Казангап уулу Сабитжан, кел, менин сол жагыма тур. Силер төртөөңөр сөөктү апкелип, жайдын кырына койгула, башын кыбыланы караткыла,– деди салтанаттуу доош менен. Айткандары аткарылып бүткөндө: – Эми баарыбыз кыбыланы карап туралы. Алаканыңарды жайгыла, сөзүңөр менен дилиңер кудайда болсун, биздин өтүнүчүбүз жеткендей болсун.

Артынан кобур-собур, бырс күлкү чыгабы деп чочулады эле, антишпеди, ошого таң калды Эдигей, ичинен ыраазы болуп. Болбосо: койсоңчу абышка, баш оорутпай, сен кайдагы молдо элең, биз кайдагы бурадар элек, а көрө тезирээк көмөлү да жол тарталы дешсе эмне кылмаксың. Анан дагы Эдигей куранды отуруп окубай, туруп айтты. Минтсе шарият жолун бузбастыгын билген себеби бар. Ислам дини келген алыскы Арабстанда көр башындагы куранды отуруп окубай туруп айтат дегенин окумал кишилерден укkан. Чынында ошондойбу-жокпу, иши кылып төбөсү теңирге жакыныраак болушун каалады.

Бирок куранын баштаар алдында жарык дүйнөнүн оң жагына бир, сол жагына бир жолу баш ийип таазим кылып, анан бет алды жерге баш ийип, көкко баш көтөрүп, ичинен пенденин жаралмагын жалган, өлмөгүн ак кылып жараткан, жарык дүйнөнү туруктуу кылып жараткан Эгеге тайынып туруп, алиги айры куйрукту дагы көрдү. Канатын жай кагып, бийик асманда айры куйрук дале каалгып айланып жүрүптүр. Бирок канаттуу Эдигейдин оюн бузбады, алаксытпады, кайра оюна терендөөгө жардамчы болгонсуду.

Алдында, терең казылган көрдүн кырында замбил табытта Казангаптын сөөгү жатты. Жалпы баарыга жана ар бир пендеге, ар бир учурга жана кыямат кайымга чейинки баардык заман-доорлорго арналган куран сөздөрүн кобурап, ал сөздөрдө өлгөнгө да, тирүүгө да, пендеси кайсы доордо жашабасын, кандай киши болуп жүрбөсүн, баары бир кудаанын кулу экендигин, демек али туула элек келечек пендеге да тиешелүү маанисин чечмелеген, ушуну биле жүрсүн деп пайгамбар үммөтөрүнө мурас кылып кеткен сөздөрдү кобурап, Боронду Эдигей аларга өз дилинен чыккан, өмүр тажрыйбасынан чыккан ойлорун кошумчалады. Ушунча жашап, ошончо ой ойлонбогон жан бекен Эдигей.

«Эгер угуп жатканы чын болсо, Алла таалам, ата-бабам айтып өткөн куранды кулуң мен да кайталап турганымы ук. Менин кошкон ойлорум артыкбаш болбос.

Мына, ниет кылган бейитине коё албай, Малакумдуу чаптын жар башында, Казангаптын оозу ачык көрүнүп кырында, элсиз жапайы жайда турабыз. Алакан жайып, Казангап менен коштошуп жатканыбызды асмандан айры куйрук кушуң кызыгып карап жүрөт. О, жараткан Эге, эгер өзүң бар болсоң биздин аз айып, көп күнөөбүздү кечир, кулуң Казангаптын жанын кабыл ал, ашкере айыбы жок болсо кечиримдүүлүк кылып, жаннатыңан түбөлүк орун бер. Биз колубуздан келгенин жасадык. Калганы өз колунда!

Эми мен сага мынчалык кайрылып калган соң, акылым ордунда, көзүм тирүү чагымда ымандай сырымды ук. Пенделериндин айтары бышык, аясаң, жардам берсең, калкалап калсаң деп, сурана беришет. Адал, арам иштеринде да сага кайрылып, ашкере ынсапсыздык кылат. Бирөөнү өлтүргөн киши да сени өз тарабына тарткысы келет. Сен болсоң такыр унчукпайсың. Пенде деген ошо да, пенделериңи кыйынчылыктан куткарып туруу үчүн гана сен асманда жүргөндөй ойлошот. Жалынычыбыз жамгырдан арбын, сага кыйын эле, аны билем. Өзүң жалгыз болсоң кыйын болбой анан. Мен эчтеме сурабайм. Ушул сагатта эмне ойлоп турганымы гана айткым бар.

Найман-Эне жаткан кабырстан мындан ары биздики болбой калганына кабыргам кайышат. Андыктан бир кезде Найман-Эне жүргөн ушу Малакумдуу чапта жаткым келет мен дагы. Азыр жерге берип жаткан Казангап менен катар жатайын, ушу ниетими кабыл кыл. Пендең өлгөндөн кийин жаны башка бир макулук болуп кубулат деген ырас болсо, мен кумурска болгум жок, андан көрө айры куйрук болоюн. Тетиги ак куйруктай болуп асманда каалгып, өзүмдүн Сары-Өзөк кыйырымды суктана карап жүрөйүн. Мына ушул.

Бу каалоомду керээз кылып, мени менен кошо келген жаштарга айтып кетем. Мени ушерге көмгүлө деп керээз таштайм. Менин сөөгүмө ким куран окуйт, ошону гана билбейм. Булар кудайга ишенбейт, куран дегенди билбейт. Кудайдын бары-жогун бу дүйнөдө эч ким билбейт жана эч качан биле да албайт эмеспи. Бирөөлөр бар дейт, башкалар жок дейт. Мен сенин бар экенине ишенгим келет, сен менин көңүлүмдөсүң, оюмдасың, пейилимдесиң. Куран окуп, мен сага кайрылганда сен аркылуу мен өзүмө кайрылган болом, ошондо сен кандай ойлосоң мен ошондой ойлогон болом, жараткан Эге. Кеп ушунда эмеспи! Бу жаштар болсо аны ойлошпойт да, куран дегенди жактыра бербейт. Бирок

өлүм деген улуу, ошол сагатта булар өзүнө жана башкаларга эмне айта алат? Ар кимиси өзүн кудай сезерлик болуп ой жүгүртүү менен бийикке көтөрүлө албаган соң булар адамдык терең маңызын кантип түшүнөт? Булардын минтип кор санаганыма кечирип кой. Бири да кудай боло албайт, бирок ага умтулбасаң адам да боло албай каласың. Жараткан Эгем, жалпы пенделеринин таламын талашып сен күрөшүүгө милдеттүү сыңары жалпы адамзаттын таламын талашып күрөшөм деп адам ичинен корстон ою жок болсо, анда Эге, сен да болбой каласың да... Сенин дайынсыз жок болуп кетишиңи мен каалабас элем...

Менин болгон арыз-арманым ушул. Ашкере айтсам кечирип кой. Мен карапайым кишимин, алымын келишинче оюм бар. Азыр куранды айтып бүтөйүн, анан сөөктү жайына берели. Омийин, аллоху акбар!..

Омийин деп бата кылды да Борондуу Эдигей тунжурай токтоп калып, жаны сыздай айры куйрукту дагы бир карап алып, булар тууралуу пикирин азыр эле Алла таалага айткан артындагы жаштарга кайрылды. Бет маңдайында быякка чогуу келген, созулуп кеткен жумуштун азыр аягына чыгуучу бешөө турду.

– Өзүмүн да, силердин атыңардан да тиешелүү куранды айттым,– деди ойлуу. – Эми киришели.

Ордендери тагылуу кемселин четке чечип коюп, көргө Борондуу Эдигей өзү түштү. Өлгөндүн уулу Сабитжан кайгысын билгизип башын шылкыйтып четте турду. Калыбек, Жумагали анан аракеч күйөө бала үчөө замбилден кийизге оролуу сөөктү алып, көр түбүндө турган Эдигей менен Эдилбай куркуттун колуна жылбыштырып абай менен түшүрдү.

Ажырашар маал да келди! – деп ойлоду Эдигей Казангаптын денесин казанактагы жайына түбөлүк жаткырып жатып. – Эртеден бери жай таппай далбастаганыбызды кечир. Күнү бою тыякка, быякка алып жүрөбүз. Шарт ушу болду. Эне-Бейитке коё албай калган

күнөө бизде эмес. Капа болбо, бул ишти мен бу бойдон калтырбайм. Каерине болсо да барам. Өлмөйүнчө кыйкырганым кыйкырган. Аларга эмне айтууну мага кой! Өзүң тынч жат, жаткан жериң жайлуу болсун. Жер кенен, бирок сага деген алакандай орунду ушерден буюрган экен. Жалгыз калбайсың, Жакында мен да келермин буерге. Андан кам санаба. Каргаша-кырсыктан тышкары болуп, өз ажалым менен өлсөм, мен ушерге келем, экөөбүз кайрадан бирге болобуз. Анан Сары-Өзөктүн топурагына айланабыз. Аны өзүбүз гана билбей калабыз да. Аны ойлоп билүү тирүүлүктө гана болор. Ошол үчүн сага айтып жатканым менен өзүмө айтып жатканым го. Мурдагы сен азыр жоксуң да. Ошентип бардан жок болуп кете берет экенбиз. Поезддер болсо Сары-Өзөктү кезип жүрө берер, биздин ордубузга башкалар келер...»

Көп жылдардан бери Боронду разъездинде бирге жүрүп, ысык-суукту бирге тартып, кубаныч-кайгыны бир бөлүшүп өткөргөн өмүрү ушул эки ооз сөзгө батып калганына жаны кейип кетти белем, Эдигей карыя чыдай албай бышактап ийди. Адамга буюргандын көптүгүн кара да, аздыгын кара!

– Эдилбай, угуп ал,– деди Эдигей тар казанакта ийиндешип. – Сен мени да ушерге көм, катар жаткандай бололу. Моминтип, көрүп ал, жайлуу жаткызып, жүзүн кыбылага буруп, топурактан жаздык коюп жаткыз. Ошентем деп сөз бересиңби?

– Койчу, Эдике, анан сүйлөшөбүз. А көрө сен чыга бер жарыкка. Быягын мен өзүм бүтүрөм. Карман, Эдике, сыртка чык. Муңканба.

Бетине жуккан топурак-чаңды көз жашы жуун ылайлап, Борондуу Эдигей казанактан чыгып, чуңкурдун түбүндө өөдө болду эле, кырда тургандар кол сунуп, дале бышактап ыйлап, бирдемелерди муңкана күбүрөп жүргөн абышканы тартып алышты. Жуунуп алсын деп Калыбек суу куюлган канистраны апкелди.

Анан ар кимиси топурак салып, шамалдын огуна карай топурак күрөктөй баштады. Жумагали бульдозери менен үйүлгөн топуракты бат эле сүрүп түшүрдү. Калганын кайрадан күрөктөп үйүп, кырлантып чыгышты...

Малакумдуу чаптын жар башында чаң буруксутуп күйпөлөңдөгөн беш-алты кишинин жоругуна көз салып, айры-куйрук төбөдө каалгып жүрдү. Жанагы чүнкур эми дөбөлөнгөн боз топурак болгондо кишилер жабыла тез кыймылдашканын байкады. Прицептин астында көлөкөлөп жаткан сары ит да ордунан туруп, керилип-чоюлуп алып, кишилердин тегерегинде жүрдү. Ага эмне керек? Чачылуу килем жабылган картаң төө гана мурдагысындай кебелбестен кепшеп турат...

Кыязы кишилер кетүүгө камынгандай. Жок, тиги бирөө, төөнүн ээси алаканын жайды эле, баары ошентти...

Күн чыдамы байып баратты. Боронду Эдигей тургандарды кыдырата шашпай тирмие карап чыкты да:

– Мына бүттүк. Казангап жакшы беле? – деди.

– Жакшы киши эле,– дешти тургандар.

– Бирөөгө бересеси жок беле? Бар болсо буерде уулу турат, атанын карызын моюнуна бала алат.

Эч ким эчтеке деген жок. Ошондо баарынын атынан Калыбек унчукту:

– Эч кимге бересеси жок болчу.

– Андай болсо, Казангап уулу Сабитжан, айтар сөзүң барбы? – деди Эдигей ага кайрылып.

– Баарыңарга ыракмат, – деди ал кыска гана.

– Анда эмесе үйгө жөнөдүк! – деди Жумагали.

– Азыр. Бир ооз сөз,– деп токтотту Боронду Эдигей. – Араңарда аксакалынар мен экем. Силерде бир өтүнүчүм бар. Ажал жетип күн бүтсө, мени да ушерге, Казангапка катар койгула. Уктуңарбы? Бу сөздү менин керээзим деп билгиле.

– Ким өлөрүн ким билиптир, Эдике, алдын ала айтып эмне,– деди Калыбек.

– Баары бир,– деп Эдигей оюн бербеди. – Айтып коюш мага парз, угуп алыш силерге парз. Анан айы бүтүп, күнү келгенде айтып кеткен керээзи бар эле деп эстээрсиңер.

– Дагы кандай терең акыл-насаатыңыз бар, Эдике, биротоло айтып кал,– деп Эдилбай куркут сөздү тамашага чалып, бүркөлүү кабактарды ачмакчы болду эле.

– Сен күлбөгүн,– деп Эдигей таарынып калды. – Чын айтып турум.

– Эсиңде болсун, Эдике,– деп Эдилбай кайра оңолду. – Тилегиң кабыл болсо, айтканыңдай кылабыз, кадырың жан болсун.

– Мына жигиттин сөзү,– деди эми ыраазы болгон Эдигей.

Жардын башынан жолго түшүү үчүн тракторлор кайрыла баштады. Алар сайга түшкүчө деп, Эдигей Каранарын жетелеп, Сабитжанды жандай басты. Ичин уйгутуйгу кылган нерсени экөө ээн сүйлөшүп алсам деген.

– Сабитжан, кулак салчы. Мына колубуз бошоду, эми бир сөз бар. Ата-бабабыз жаткан Эне-Бейитти эмне кылабыз? – деди өтүнгөн калыпта.

– Эмне кылмак элек? Баш катырып кереги жок,– деди Сабитжан. – План деген план. План боюнча тегиздеп жок кылышат. Болду.

– Аны айткан жерим жок. Анте берсе ар кандай ишке кол силкип таштап кете берсе болот. Мына сен өзүң ушерде туулуп, ушерде чоңойдуң. Атаң окутту-чокутту. Азыр аны көөмп баратабыз. Ээн талаада жалгыз жатып кала берди. Кантсе да өз жеринде жатат деген ой гана көңүл жооткотот. Өзүң билимдүүсүң, облуста иштейсиң, кудая шүгүр, ким менен болсо да сүйлөшө аласың. Ар кандай китептерди окугансың...

– Андай болгондо эмне экен? – деп Сабитжан сөздү бөлдү.

– Эмне экен деген себеп, кечиктирбей экөөбүз бир чыксак, ушу шаарында бир чоңу бардыр да, эртең эле

ошого барсак, анан сен сүйлөшүүгө жардам берсең. Эне-Бейитти жер менен жексен кылдырып коюп, отура беребизби. Аерде эзелтен берки тарыхыбыз жатпайбы.

– Эски жомогуңду кой, Эдике, туура түшүн. Буерде дүйнөлүк космос маселеси чечилип жатса биз кайдагы бир көрүстөндү жактап, арыз киргизебизби. Анын кереги кимге? Алар үчүн тфу деген бир түкүрүк. Анан калса бизди аерге такыр киргизбейт.

– Барбасак киргизбейт да. Эгер барып талап кылсак, киргизет. Болбосо начальник өзү келбейт бекен. Ордунан жыла албаган ал эмне, опол тоо дейсиңби.

Сабитжан кыжырлана Эдигейди жалт бир карап алды.

– Кой, абышка, куру убараны. Менден үмүт кылба. Мага мунун кереги жок.

– Бая эле ушинтпейсиңби. Сөз бүттү. Эски жомок деп!..

– Анан эмне деп ойлодуң эле? Мени чуркап барат дейсиңби? Кайсы максатым үчүн? Үй-бүлөм, балам, ишим бар. Шамалга карап сиемби? Быяктан телефонду бир эле чырр эткизсе, мени көчүккө тээп кууп чыкпайбы? Жогуңуз, ыракмат?

– Ырakматың өзүнө буюрусун,– деди да, Эдигей ачуулана кошумчалады: – Көчүккө тээп дейт. Көчүгүң үчүн гана жашап жүргөн турбайсыңбы?

– А сен эмне деп ойлодуң эле? Дал ошол үчүн! Сен өзүң кимсиң? Эч ким эмессиң! Ошол үчүн оозуңа келгенин оттой бересиң. Биз болсок, оозубузга даамдуу бирдеме түшсүн деп, көчүгүбүздү кысып жашайбыз.

– Ооба-ооба! Илгери башын сактачу эле, эми көчүгүн сактап калышкан тура. Илгери адамдын башы кымбат болчу эле, эми көчүгү кымбат болуп калган тура.

– Эмне десең ошо де. Бирок башканын баары акмак дебе.

– Түшүндүм. Сөз бүттү! – деп бүтүрдү Боронду Эдигей. – Атаңын кара ашын бере бер, кудай бар, андан ары сени көрөйүн деген көзүм жок.

– Жаак жаңылар, туяк мүдүрүлөр,– деп Сабитжан кытмыр жымыйды.

Ошону менен эки бөлүнүштү. Боронду Эдигей буурасына мингиче трактористтер от алдырышып, күтүп турушту. Бирок Эдигей аларды күтпөй кете бергиле деди, эл күтүп калды, эртерээк жеткидей болгула, мен болсом төөчөнмүн, төтөлөп деле жетип барам деди.

Трактористтер кетип калгандан кийин да бир топко Эдигей ордунан жылбай, эмне кылсам деген ой менен турду.

Сары-Өзөктүн ээн түнүндө Эдигей эми жалгыз турду, ырас жанындагы дөбөтү Жолборсту айтпаганда. Жолборс да оболу тракторлорду ээрчий жүгүрүп кетип, ээсинин жолу алардан башка экенин сездиби, кайра чуркап келди. Бирок Эдигей ага көңүл бурар чакта эмес. Эгер ити үйгө жүгүрүп кетип калган күндө да аны байкамак эмес. Азыр ага ит эмес, бүтүн дүйнө көңүлүнө толбой турган. Сабитжан экөөнүн ортосундагы болгон сөздөн кийин ал адамдын адамдыгынан түңүлө жаздап, ата-бабанын өбөк-жөлөк деген үмүт-тилегинин баары урпактарынын дилинен чаң-тозоңдон бетер учуп кеткенби деп жаны кейип, өрт алгандай ичи эңшерилип, эсин жыя албай туруп калды. Өрт алган жан-дили азыр арылдап суук шамал такатсыз өтүп турган, коюну ээн караңгылык басып турган куру көндөй капчыгайга окшоп турду, опол тоонун боорун көндөйлөтүп тешип койгонсуп, жаны ачышып турду. Талаага кеткен кайран сөз, куруган жанымда бу сөздү эмне баштадым деп Боронду Эдигей өкүнүп турду, кейип турду. Акылдашып, жардам сурай турган киши ушу Сабитжан беле? Билимдүү эмеспи, окумал эмеспи, өзүнө окшогон кишилердин тилин таап сүйлөшө алар деп үмүт кылган кишиси ушу Сабитжан! Көрүнгөн курста, ар жердеги институттан окуп чыккандагы майнап ушубу? А балким окуп бүтүп, иштегенде дал ушундай болсун деп атайы окутушкан чыгар? Балким бир жерде акылы тетик, көзү

жетик бир киши отургандыр, ал өзү киши эмес адамдын башын маң кылган жин шайтандыр, ал Сабитжанды кандай окутушка митаамчылыгын коротуп, Сабитжанды башка киши кылып чыгарбай, дал Сабитжан кылып чыгарышка максат күткөндүр? Радио менен башкарыла турган радиоманбаштар болот деген балакетин башка бирөө эмес, дал ушул Сабитжан өзү кечээ кечинде саймедиреп сайрап отурбады беле. Ушундай заман келет деп! Ал замандын саамалыгы деп алиги көзгө көрүнбөгөн, бирок радио-кубат-күчтүн баары колунда турган неме Сабитжандын өзүн азыртан радио аркылуу башкарып алса эмне!..

Эдигей абышка бул оюна канчалык терендеген сайын ошончолук ызасы күчөп, төрт тарабы туюктала берди.

– Маңкурт экенсиң! Маңкурттун маңкурту сен экенсиң! – деп каргап да, аяп да сүйлөндү жаны кашайган Эдигей.

Бирок Эдигей болгон ишке моюн сунуп отуруп бергиси келбеди, мүңкүрөп кала бергиче бир айласын табыш керегин, бир чарасын көрүш керегин билип турду. Ушу бойдон кетенчиктей берсе ушу бойдон эңкейе берсе өз көзүнчө өз наркынан ажыраарын билип турду Боронду Эдигей. Бүгүнкү аракети кечке жуук минтип эмне менен аяктаганына карабай ал бир чоң ишке белсенгенин сезип турду, бирок Эне-Бейит туурасындагы ойлогон оюн, ниетин тийиштүү кишилердин кулагына канткенде, кандайча жеткирсе алар жардык кылган буйругун кайра жандырар эле, ал үчүн эмнеден баштап, эмне иштөө керек,– мына ушуну өзү азыр даана билбей турду. Эне-Бейит жөнүндөгү ой-ниетин жеткирер болсо укkан кулактуу кишилерди ишендирер болсо, аларга айтканы таасир этер болсо, анан алар мурдагы пикирин өзгөртөр болсо... Мына ошого кантип жетсе болот? Кайда барып, эмне чара колдонсо болот?

Каранарга минип турган тейинче ушул кыжаалат ойлорго чөмүлгөн Эдигей бир маалда туш-тарабын ка-

ранды. Теребели тунжураган эрме чөл. Малакумдуу чаптын жошо боор жарларынын тескей капталына кеч бешимдин ала көлөкөсү түшө баштаптыр. Тракторлордун алдагачан карааны өчүп, доошу басылган. Жаштар жөнөп берген экен да. Сары-Өзөктүн таржымал-тарыхын билгендердин эң акыркысы Казангап мына кыйырсыз чөлдүн ортосунда, жаңы үйүлгөн топуректын астында, жар башындагы мүрзөдө жатып калды. Барабара бул үйүлгөн топурак да чөгөр, тегерегиндеги Сары-Өзөктүн бозомук түсүн жамынар, андан ары айрып тааныу кыйын болор, андан ары таптакыр тааныл-бай жер менен жер болуп калар,– Эдигей ушуну элестетти. Жерден эч жан кутулуп өлө албаган, жерден эч жан ашкере жашай албаган – дүйнөнүн түбөлүк турушу ушул...

Күнүмдүк жолун аяктап бараткан Күн балбырап көөп, оор тартып, салмагына чыдай албай жер жээгине улам ылдыйлап баратты. Батар күндүн жарыгы да уламдан улам өзгөрө берди! Батар күндүн ал нуруна жуунуп жаткан эрме чөлдүн бетине улам күүгүмдөгөн көгүш түс түн караңгысы жаралып келатты.

Ою нары чаап, бери чапкан Боронду Эдигей шарт абалын таразалап көрүп, зонага кирер ооздогу шлагбаумга кайра бармай болду. Башка айла ойлоп таппады. Сөөктү жайга берип, эми парздан колу бошоп, башкалардан жолу бошогон соң өзүнө өзү бел байлап, (табият берген күчүнө, өмүрүндө жыйган тажрыйбасына бел байлап) опуртал ишти керт башына гана алып, ойлогонун ишке ашыруунун аракетине кирмек. Эң оболу кароол кызматкерлери аны кандай кылып киргизет, мейли айдап барсын, иши кылып эң чоңуна жеткирсин, же болбосо ошол чоң өзү шлагбаумга аргасыз болсо да келип, Боронду Эдигейдин айтар сөзү бар, ошону укканда болсун. Анан Боронду Эдигей көзүнө карабай бетине баарын айтып бергенди көрүп ал...

Ушунун баарын ойлоп чыккан Боронду Эдигей өзүнө урушта туруш жок деди, Казангаптын сөөгүн коюу кайгылуу азапка айланганы шылтоо болуп, кыйылып туруу жарайбы. Айтканынан кайтпас болду, көгөрмөктөн кашаймак болду, киргизгиле же болбосо жолуктургула дегенден баштап, кароолчулардын жанына барып, мага кайдагы бир Тансыкбаевинердин кереги жок, эң чоң улугуңар керек деп, көгөрмөктөн кашаймак болду... Мына ушуга белсенди.

– Тобокел! Иттин ээси болсо, бөрүнүн кудайы бар! – деп өзүнө өзү дем берип, Каранардын башын шлагбаум тарапка бурду да, камчы салды.

Ал ортодо күн уясына кирип, тезинен каш карайып келатты. Зонага жакындап калганда таптакыр эле түн кирди. Шлагбаумга жарым чакырым жетпей күзөт оттору көрүндү. Күзөтчүгө жууктабай Эдигей ушерден эле төөдөн түштү. Чөгөрбөй ээрден жылбышып түштү. Мындай ишке баратканда төөнүн кереги жок болчу. Артык дөөлөт кээде баш жарат! Кандай чоңу туш келерин ким билсин, дагы бир кудай урганы туш болуп, сөзгө келбей: «Төөң экөөң тең көзүмө көрүнбөй жогол! Төөчөн келчү сен кимсиң! Сени кабыл алар чактым жок»,– деп кабинетинин эшигин тарс жаап алса Эдигейдин өлбөгөн төрт шыйрагы калбайбы! Анан дагы бир себеп – белсенген бул жумушунун майнабы эмне менен бүтөрүн билбей туруп, бүтүм сөздү аз күтөбү, көп күтөбү, аны билбей туруп, төөчөн кирип барышты ылайык көрбөдү да, өзүм кирип барганым жөн, мен кайрылып келгиче деп, Каранарды үч бутунан тушап кетмей болду. Кечээ кечтен бери чомдолуу жаныбар куусак чөптүн башын кайсап турушун туура көрдү.

– Сен азырынча буерде оттоп тур, мен барып байкап көрөйүн, аракетимин акыбети кайтар бекен, – деп Каранарга күбүрөгөнү өзүнүн алдыдагы ишке белсенген бел кубатын бекемдегени болду.

Бирок буураны үч буттап кетейин деген жиби куржунда калыптыр, ага колу кайдан жетсин, ал үчүн төөнү чөгөрбөскө башка айла жок.

Эдигей төөсүн чөгөрүп, куржунга салып белендеген тушоо жибин алып, аны кармалап көрүп тургуча эки кулагы кара дүлөй түн каптаган теребелде болду: кулак учу зыңылдап, өз тыноосу өзүнө шашпай угулат, анан дагы чиркей болбос эрме чөлдүн түнкү абасында чиркейлердин үнү сымал ың-жың ызылдаган үн чыгат. Башын көтөрүп, асманды караса, бадырайган жылдыздар жамырап чыгып бериптир. Жыбыраган асман асты, караңгы түн баскан жер үстү ушунчалык тунжурак, бирдеме болчудан бетер тунжурак...

Сары-Өзөктүн ээн талаа, эрме чөл тунжурагында туулуп, тунжурагына көнгөн Жолборс ит да эмнегедир элендеп кулак түрүп, сестене кыңшылап коёт. Бу тунжурак жымжыртта ал эмнеден чоочулайт?

– Аяк-бутка илешер ит деген сен белең! – деп ээси кыжырлана күбүрөндү.

Анан кайра оюна кылт этти: бул итти эмне кылсам? Төөнү таштап, ит ээрчитип барамбы?.. Төөсүнүн тушоо боосун кармалап, итинин айласын таппай, Эдигей эки ортодо эки анжы болуп туруп калганын өзү байкабады. Бассаң – ээрчийт, кубаласаң – кетпейт. Эмне кылыш керек бул итти? Ээрчиткени ит болсо, өтүнгөн жумушуң алиги болсо, кайсы бети менен айтат? Ата-бабасынын арбагын талашып бир абышка келиптир, бирок жанында киши болсочу, ээрчиткени ит экен деп, көргөндөр көчүгү менен күлбөйбү! А көрө ити жок барып ит болгону дурус го!.. Ушул ой намысына келген Эдигей итин төөсүнүн буйла боосуна байламай болду. Ээси жокто ити менен төөсү кошоктошуп бир жүрө турсун деди өрөпкүгөн оюнда. Ошентти да, итин чакырды: «Жолборс! Жолборс! Күчү! Күчү!..» – дегичекти, шыйпандап ити келгичекти, итинин моюнуна колундагы

жибин байлагычакты... ушу чакта аяк асты жер козголуп, төбө башы көк жарылып, аалам-дүйнө макулуктары менен бирге чайпала берди. Тиги барайын деген зонадан, жакын эле жердеги космодромдун коругунан жер солкулдаткан от-жалын кара асманды жалмалап көккө атырылды. Боронду Эдигей жалт бир карап селт этти. Боронду Каранар чөккөн ордунан бакырып ыргып турду... ит болсо кыңшылап адамдын чатына корголоп кире качты.

Бул учканы транскосмостук калкалоочу «Кырчоо» операциясынын согуштук биринчи ракета-роботу болуучу. Сары-Өзөктө бу чакта саат туптуура сегиз эле... Биринчиден кийин экинчиси кетти атырылып, анан үчүнчүсү, анан дагы... дагы анан... Бул ракеталар Жер шарын курчап-алкактап, эч балээ жолотпой калкалап турууга, жердеги турмуш-жашоо жердегидей болуп кала берүүсү үчүн космоско жүрүп беришкен...

Алоологон кызыл жалын, кара-буурул көк түтүн буркурап атырылып, асман быркырап, адам баштаган макулуктун башына кулап түштү... Адам, төө ит деген үч макулук эс-учун жыйнай албай качып берди. Жүрөктөн шүй кетип, көкүрөктөн күй кетип, бирин-бири караан тутуп, түн караңгысын өрт алгандай алдастаткан алааматта үчөө качып баратты...

Алдастап канча качпасын, уламдан улам жер жарылып, кыямат өртү тирүүлүктөн үмүт калтырбай баса калып жатканда үчөөнүн тепилдегени каршы айланган Жердин үстүндө бир ордунан жылбаган тепилдеш боло берди...

Адам, төө, ит деген макулук качып баратты, ошо качып баратканда адам уулу Эдигейге элес келди: кайдан-жайдан пайда болду ким билди, бир заманда манкурт уулунун ок-жебеси жүрөгүнө сайылып, Акмаянын өркөчүнөн жылбышып кулап бараткан Найман-Эненин башынан түшкөн ак жоолук, жерге жетпей ак чалгын болуп кайкып учкан ак жоолук-куш ушул азыр ак куш

болуп, адам уулу Эдигейди жандай учуп берди... Адам уулун ал чалгын куш жандай учту да, акыр-кыяматтын кулак тундурган күр-шарында чырылдап адамча сүйлөп учту:

– Кимдин уулусуң? Атың ким? Атыңды эсте? Сенин атаң Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай...

Караңгы түн алоо жарыкты кара кучагына кымтып алган чакта да ушул үн кулакка жаңырып угулуп бара берди...

Эки-үч күн өтпөй Эдигейдин Кызыл-Ордодогу эки кызы, Сауле менен Шарапат келди. Сары-Өзөктүн аксакалы Казангап өлдү деген кабарды угуп, эрлери, балдары менен бирге келди. Бала күндөн ата катары көргөн кишинин зыйнатына бата кылып кетишке, аны менен бирге көптөн бери катташа элек төркүн-төскө учурашып кетишке, жаман айтпай жакшы жок деген, шылтоонун шыбаасы менен сагынган үйгө үч күнү түнөп кетишке келип калышты.

Баары чогуу поезддан бир түшүп, баары чогуу Эдигейдин босогосуна келгенде балдардын атасы үйдө жок эле, Үкүбала энеси үйдөн далбасалап чуркап чыгып, көзүнүн жашын арыта албай, мурдунун суусун тарта албай, неберелерин кучактап кайсы бирин өпкүлөөрүн биле албай-кагылып айтып турганы:

– Ой-бай, жараткан Эгем, мен ыраазы! Алдыңарга кетейин! Атаңар көрсө, кубанчынан жер жарылмак! Келгениңер жакшы болбодубу! Баарыңар чогуу, балабакыра баарыбыз чогуу! Деги эле ырас болбодубу! Атаңар бир кубансын!

– Атам кайда? – деди Шарапат.

– Атаң кечке келип калат. Таң эртелеп Почто-Жашикке кеткен, начальнигине кирем деген. Ошоякта бүтпөгөн жумушу бар! Анын жөнүн анан айтып берейин. Эмне туруп калдыңар? Өз үйүңөр, киргилечи, периштелерим!..

*Поезддер бул кыйырда салтын бузбай чыгыштан-батышка, батыштан-чыгышка байма-бай каттап жатыры...*

*Темир жолдун эки тарабында кецирсиген Сары-Өзөк, улуу талаа, эрме чөл Жер ортосу кебелбей мелмилдеп жатыры...*

*Чолпон-Ата, 1979-жылдын декабрь айы менен 1980-жылдын март айы.*



## ЧЫҢГЫЗХАНДЫН АК БУЛУТУ

Бул чөлкөмдө поезддер батыштан чыгышка, чыгыштан батышка байма-бай каттаганы каттаган...

Сары-Өзөктүн аяздуу шамалы кишини учурчудай удургуп, жер менен көктүн ортосунда кар тозоңундай сапырып, алай-дүлөй түшүргөн февраль түндөрүндө поезд айдагандар Боранлы бекет бу ааламды чылк чүмкөгөн боз чаңгыл борошонун, талаа бетин тегиз каптаган күрткүлөрдүн кай жеринде шамын жылтыратып турганын зорго баамдап өтүшөт. Дүкүлдөгөн алп тулкусу аба жиреп өткөндө илебинин күчүнөн арт жагы куюндап, поезддер бурганактуу мунарыкта коогалуу жаман түштөгүдөй келет да кетет...

Өз деми ызгаардуу аяз, бороон болуп кайра өзүн чылк басып калган мындай түндөрү Сары-Өзөктүн даркан талаасы үстү булоолонуп, асты түнөрүп сапырылып жаткан алп мухитке окшойт, так бүгүн дүйнө жоктон бар болуп, кайра жаралып жаткандай таризденет...

Ушул уч-кыйырсыз улуу мейкиндиктин бир укум жеринде, кичинекей бекеттеги бир үйдүн терезесинде жарык өчпөй – оорубаткан, же санаасы санга бөлүнүп, көкүрөгүн кайгы өрттөп, уйкусу качкан адамга караан үчүн жагылгандай жарыктын түнү бою, таң атканча жылтырап турганы турган. Ал терезе – Абуталип Куттыбаевдин үй-бүлөсү турган жалпак үйдүн терезеси. Абуталип эми мына эшиктен кирип келчүдөй, шырп эткен

дабышты аңдыган Зарипа жарыкты өчүрбөйт, чыракты билигинин улам кароолонуп кеткен учун кесип коюп, күтүп олтурат. Биликтин учу кесилип, үй ичи жарыгыраак боло түшкөндө уктабаткан эки баласын эрксизден бир карап алат, кара чачтуу томолок баштарын тийиштирип, уялаш күчүктөрдөй, экөө уктабатат. Тышта ызгаар, үй ичи суук, ич көйнөкчөн Зарипа ичиркене эки колун көкүрөгүнө басып, бүрүшө калат да, капыстан: «Ушу эки байкушумдун түштөрүнө атасы кирип жатпасын, атасын көрүшсө булар жарыша чуркап, ыйлап да, күлүп да жарыша чуркап жөнөшсө, канча чуркашса да жетпей, атасы ары көздөй алыстагандан алыстаса... кудай-ай, ушундай азаптуу түш көрүбатышпасын» деп ойлоп, каны муздай түшөт.

Күндүз да алар бирер жарым мүнөткө бекетке токтой калган ар бир поездди үмүт менен карап олтурушат. Шалдыр-шулдур, кыйч-куйч этип поезд токтор замат эки бала терезеге учуп жетип, моюндарын созуп тиктеп калышат – атасынын тааныш караанын көрөөр замат үйдөн атып чыгууга даяр. Бирок канча поезд өттү, күн артынан күн кетибатат, атасы келбеди, тоо арасынан аны капилет көчкү басып калгандай, каерден, кандайча басып калганын эч ким билбеген сыңары кабар жок.

Ал эми жердин экинчи бир учунда, Алматынын түрмөсүндө да бир терезеде, бирок темир менен тордолгон терезеде, бу күндөрү түнү бою, күнү бою жарык өчкөн жок. Бир ай болду, Абуталип Куттыбаев шыптагы күндүр-түндүр жаркыраган бу электр жарыгынан аныказапты көрүп бүттү. Баркырап жанганы ушунча, көздү жейт, мээни жейт, көздөрү небак чычаладай кызарып чыккан, башы коргошун куюп салгандай, көтөрүлбөйт, а көзүн жумса мээге ийнедей сайылган күчтүү лампичке төбөдө чакчаят да турат, биртке бир эс алып, биерде эмне жатам, мени эмне кылбайсың деп атышат дегенди

ойлоп алууга бурсат[1] келтирбейт. Түнүндө башын көйнөгү менен жаап, дубалга бет буруп жатайын дегиче эшиктин үңүрөйгөн көзүнөн карап турган надзиратель камерага шарт кирип келет да, тактай текчеден жерге жулкуп түшүрүп: «Дубалды карабай жат, башыңды жаппа, сволочь! Власовчул чочко!» деп, башка-көзгө тепкилеп жиберет. «Мен кайдан Власовчу болом, айланайын, кудайды карасаңар боло!» деп, канча ирет өкүрүп-бакырды, жок, ага кулак салган жан биерде болбойт экен.

Ошо менен айла канча, чакчайган жарыкка жүзүн тосуп, кызарып, каканактап ачышкан көздөрүн жумулбаса да жуумп жатат; атаң көрү караңгы түн кайдасың деп эңсейт, караңгы, деги мүрзөнүн ичи болсо да азыр караңгы жерде жатсам, мемиреп бир тынчып жатсам да калсам, бир да тергөөчүнүн, бир да надзирателдин мени тепкилегенге, уктатпай кыйнаганга, сурakta зордоп калпты айттырганга бийлиги жетпесе дейт...

Надзиратeлдер күн алыс кезектешип кайтарышат, бирок бирөө да Абуталиптин дубалды карап жата калган учурун көз жаздымында калтыра элек, калтырмак түгүл ошондой учурду атайын аңдышабы – шарт-шурт кирип келип туш келди тээп-тээп жибергенге баары маш. Түрмөнүн надзирателi кандай киши болору Абуталипке белгилүү дечи, ошентсе да жаны кашайып, өзүнөн өзү сурайт: «Булар эмне үчүн мындай? Сырт кебетесин карасаң адамдан айырмасы жок. Ичи толо кайнаган жин-заар. Мен булардын бирине да зыян кылбаган, кылапат айтпаган адаммын го. Же мени мурда билишпесе. Мен да буларды билбесем, тааныбасам. Сөөк өчтүсү бардай тепкилешет, сөгүшөт, кордошот. Эмне үчүн? Мындай кишилер кайдан чыгат? Кантип адам баласы жырткычка айланып чыга келет? Эмне себеп? Мени эмнеге мынчалык кыйнашат? Кантип чыдайм?

---

[1] б у р с а т – (ар.) убакыт, мөөнөт; бурсат келтирбейт – убакыт бербейт.

Кантип жинди болуп кетпөөнүн амалын табам? Же дубалга өз башымды өзүм жарып, анан жаным тынабы? Антпейин десем аргам түгөнүп бүттү го?!»

Бир жолу чыдабай кетти. Өмүрүндө жаалы мындай катуу келген эмес. Надзиратель адатынча кирип келип тепкенде, кандайча аны кекиртектен алганын өзү да байкабай калды. Кекиртектешкен боюнча экөө тең жерге жыгылып, тоголонуп-жумаланып, кармашып жатышты. «Фронтто жолуксаң, небак торойто атат элем, сага окшогон айбанды!» деп кырылдады надзирателдин жакасын тытыратып айрып, кокосун мыкчый кармаган Абуталип. Аңгыча эшиктен дагы эки сакчы кирип келбегенде мунун аягы эмне менен бүтөт эле, кудай билет.

Абуталип эртеси күнү гана эсине келди. Козголоюн деп козголо албады, денесин зыл баскандай, тумандаган көзүнө адеп урунган эле нерсе – төбөдөгү чакчайган электр лампа болду. Жанында дарыгер туруптур. – Жат, тынч жата бер. Эми өлбөй калдың,– деди акырын фельдшер Абуталиптин жараттарына дары сүйкөп жатып. – Мындан ары акылы жоктук кылба. Надзирателге кол салды деп ушерден эле жайлап салышмак, ит өлдүбү, киши өлдүбү деп да коюшмак эмес, сенин өлүмүңө эч ким жооп да бермек эмес. Таңсыкбаевге ыракматың айт, ага сенин өлүгүң эмес, өзүң тирүү керек экенсиң, алып калды.

Нес болгон кишидей нуру өчкөн көздөрү менен шыпты тиктеген Абуталип үндөгөн жок. Дене-башы бүт талкаланып, акылы ого бетер туманданып жаткан Абуталипке эмне окуя болуп өттү, эми эмне болот, эртеңки тагдыр кандай болот – баары бир болчу. Ушу тапта анын жан-дүйнөсү кейүүдөн, санаа чегүүдөн, бирдемеге кабатыр болуудан таптакыр алыс эле; ал азыр баарына кайыл адамдай эс-мас болуп гана жатты...

Ошол күндөрү кээде эстен танып, ары барып, бери келген учурлары болду. Бир чети ошентип өлүү эмес, тирүү эмес жаткан абалдан ал өзүнө шыпаа издегенсиди. Ошондой кездерде көзүнө чакчайып тийип турган

жарыктын нурунан качмак түгүл, калкаланмак түгүл кайра ниетинде ошо чакчайган балээни тике качырып баратам деди, жаткан ордунан абага көтөрүлүп, канча күндөн бери көзүн жебаткан, мээсин жебаткан желмогуздун так өзүн көздөй жылып бараткандай, мына эми анын өзүнө жетип, жаны кыйналганына, ооруганына карабай балбылдаган жарыкты акыры жарып өтүп, андан ары абага сиңип, өзү да жок болуп кеткендей, түш десе түш эмес, чын десе чын эмес бир тумандуу дүйнөдө жатты.

Бирок ошо тумандуган аң-сезимде да аны сырткы дүйнө менен байланыштырган бир ичке шоола коштоп жүрдү, ал шоола – үй-бүлөм, балдарым эмне күндө калат деген көңүл бугу, муңу эле.

Эс-акылы ордуна келип, өзүнчө ойлонуп жаткан Абуталип «өткөн өмүрүмдө балким жаза баскан учурум болгондур, күнөө кетирген кезим бардыр, кылмыш кылбасам да, кандайдыр жоопко тарта турган бир калпыстык жасагандырмын» деп, өзүнө өзү күнөө издеп да көрдү. Таппады. Өмүрүн баштан-аяк сыдырып карап, өзүнө өзү сот болгон күндө да, андай күнөөнү таба албады. Колго түшүп кеткениби? Колго түшпөскө аргасы жок, тегерете курчоодо калган миңдеген кишилер менен кошо колго түшкөнү ырас, аерден качып чыкканы да ырас. Анын жөнүн учурунда сурашты го. Же ошон үчүн адам өмүр бою сурakta жүрүп өтөбү. Согуш небакта бүткөн. Жазасын тартчулар тартты – канчалардын башы кетти, канчалар лагерге айдалды – ошол аздык кылабы, эми мына, согушка катышкандардын төрүнөн көрү улам жакын болуп баратат, жок, колунда бийлиги бар өкүмдар дале канга тойбойт. Болбосо минтип жазыксыз абакка отургузуп салышканы кандай? Буга жооп таба албаган Абуталип аргасы түгөнгөндө кыялданат. «Мына бүгүн, бүгүн болбосо эртең, Куттыбаев, сени бекер камаппыз, байкабай жаңылыштык кетирип коюппуз, бошондун дешсе, эч кимге доом артпайт элем, эч кимге

кусаматым болбос эле – баарына ыраазы, баарына кайыл болуп, токтоосуз үйгө, Сары-Өзөккө, Боранлы бекетке, балдарыма жөнөйт элем, учат элем, атаганат, учат элем, Даул, Эрмек эки уулум, садаган болоюндар, экөөнү көздөй, экөөнү борошо урган ай талаадагы жалпак үйдө канатынын алдына калкалап, бооруна басып жылытып, күйөөм бошоп келгей эле деп кудайдан тиленип, суранып, көз жашын төгүп олтурган Зарипамды көздөй учат элем»... – деп кыялданса бүт денесине кан жүгүрүп, жаны сергий түшөт.

Башын жарып чыкчудай чытыраткан сарсанаадан биртке кутулуш үчүн, кайгыра берип жинди болуп кетпес үчүн Абуталип ошентип өзүн-өзү алдап, атайын кыялга жетеленет, эч кандай күнөөсү, кылдай да күнөөсү жок деп, биерден бошотуп жибергенден кийин капыстан үйгө жетип барганын көз алдында шашпай элестетип чыгат. Жүк тарткан поезддин бирине түшүп алып жөнөп бергенин, Боранлыга жетип, вагондон секирип жерге түшкөнүн, караса үй тараптан аялы, эки баласы жүгүрүп келатканын, аны көрүп өзү да жүгүрүп жөнөгөнүн – баарын элестетет... Бирок бу таттуу, алдамчы кыял бир аздан соң акырындап учуп жок болот, шараптын кызуусу тарагандай, дене-башы соолуга түшөт, көөдөндү кайрадан бук басып, эми эле жарык шоолаланып келаткан көңүл бузулат. Баягы өзү дептерге жазып алчу «Сары-Өзөктөгү өлүмдө» ата-эненин өз баласынан көз көрүнөө ажырагандагы күйүтү, кайгы-касырети ошол кез, ошол заман менен эле бүтүп калбаган, мезгилден мезгилге көчүп жүрчү, мына эми азыр өзүнүн башына да тийип олтурган түбөлүктүү нерсеби деген ой келет. Абуталип да азыр жакындарынан тирүүлөй ажырап олтурат. Бул жашоодо өлүм гана, бир гана өлүм атаны же энени балдардан ажыратып коюшу бар, ага айла жок, андан башка эч ким, эч нерсе ата-энени балдардан ажырата албоо керек го...

Мындай кейиштүү ойлор Абуталиптин көзүнө билгизбей жаш сызылтат, ыйлабайын дейт, жакшы эле карманат, болбойт, себелеген жаан таштын бетин суу кылып жибергендей, сөөктүү жаактары жашка жуула берет. От кечип согушта жүргөндө да ал мынчалык азапка түшпөгөн, анда өзү менен өзү эле, бир баштын түйшүгү бир баштыкы турбайбы, эми мына бала деген жөпжөнөкөй эле турмуштук көрүнүш го, ошол көрүнүштө жашоонун эң бир улуу мааниси катылганына көзү жетип олтурат. Кеп бала деп жалпы айтканда эмес, кеп ар бир баланын бактысы өзүнчө экендигинде, ошо бала бар болсо – бакыт төгүлбөй толо тургандыгында, а баладан айрылсаң – жүрөгүңө бычак сайылгандай болгонунда. Мына ушул эч нерсе менен салыштыргыс, ар ким өз турган туруму менен гана өлчөнө турган бала деген турмуштук жөнөкөй көрүнүштүн баасы, касиети өтө бийикте, көз жеткис бийикте экенин эми катуу туйду. Ичер суу бүтүп, жарыкчылыктын акыркы шооласы көз алдынан бүлбүлдөп өчөөр маалда, акыры барчу түбөлүк караңгылыкка сүңгүп кете берерде акыл-эсиң бир саамга чайыттай ачыла түшмөгү бардыр, ошондо бу тиричиликке эмне из калтырдым деген собол турмак. Ошондо соболго башкы жооп – бала болмок. Балким жаратылыштын өзүнүн ички тартиби да ушудур – ата-эненин өмүрү өзүнөн кийин тукум улантчу муунду торолтом, өстүрөмдүн камында жүрүп күйүп бүтөт эмеспи. А эгер ата-эне балдарынан зордук менен ажыратылса, анда ошо балам деп күйүп келаткан өмүрдүн билигинин суурулганы, анда кайран өмүр жалынсыз, отсуз, максатсыз кароолонуп, түтөп кала бергени. Мына ушундай ой түнкү чагылгандай акылды жарык кылып өткөндө, Абуталиптин заманы куурулуп, балдарын эстеген сайын муунжүүнү бошоп, алар менен көрүшүп, боорука кысып турган учурду элестетип, ал ишке ашпас жалган элес-кыял ого бетер көңүлүн зилдетип, колунан эчтеме келбей аргасыз, амалсыз, тирүүнүн өлүгү болуп отурганына күй-

бөгөн жери күл болуп кетет. Дал ушул курттай жеген сарсанаа, аргасы куруп олтурган абал күндөн күнгө анын рухун мокотуп, кайратын бошотууда. Муну сезген сайын жаалы күчөгөндөн күчөп, ичинде шакардай кайнап, кар баскан апай беттен жүрүп кетчү көчкүдөй зорго кармалып турат...

КГБнын тергөөчүсү Таңсыкбаевге Абуталиптин так ушундай абалга жетиши керек эле, бекеринен ал согуш учурунда туткунга түшкөн Абуталип Куттыбаевдин англис-югослав чалгындарынын шпиону экени жана Казакстандын алыскы райондорунда жашаган эл-журттун арасында идеологиялык бузуку иштерди жүргүзгөндүгү жөнүндө иш козгоп, (анысын өйдө жактагы чоңдору да баш ийкеп колдоп), ишти ойдогудай жүргүзүү үчүн «шпионду» мүңкүрөткөндөн мүңкүрөтүп, жинкинин курутуп белин ийгенден ийип, карс сындырууга жакындатып баратыппы. Айыбы жалпы жонунан айтканда ушу: биринчиден шпион, экинчиден эл арасында идеологиялык бузуку иштерди жасаган. Эми тергөө учурунда айрым гана маселелерди тактоо, ал учурда кылмыш деңгээли канчалыкка чейин жеткен – аны аныктоо, акыры Куттыбаевге кылмышты топтолук мойнуна алдыруу жагы калды. Бирок Таңсыкбаев үчүн эң башкы нерсе – тагылган айыптын саясы жактан эң туура, учурунда, тике коюлганында, а мунун өзү анын чекисттик кыраакылыгын, мындай иште жанын таштап жанталаша жүгүрөрүн айгинелеп турбайбы. Бирок мышыкка – оюн, чычканга – өлүм. Бул иш Таңсыкбаевдин өмүрүндөгү, ишиндеги чоң олжосу, ийгилиги болсо, Куттыбаевге буту-колун карыштыра чапкан тиштүү капкан, кайра чыга алгыс терең ор болду, себеп дегенде адамга мындай айып тагылгылык кылбасын, мындай айып тагылды – бүттү, бир гана жол калат – кылмышты толук бойдон моюнга алуу, тартчу жазаны тартуу. Башка жол жок, болушу да мүмкүн эмес. Башкача айтканда, башталбай жатып эле эмне менен бүтөрү айдан

ачык кылмыш иши деген ушу; биерде далилдин да кереги жок – тагылган айыптын өзү кылмышка кашкайган далил.

Ошондуктан Таңсыкбаев баштаган иши өзүнө ийгилик гана апкелеринен күмөн санабаса да болот. Ушу кышта чынында да анын жылдызы көтөрүлдү. Ишинен кетирген кичинекей бир кемчилиги үчүн бир нече жыл майордон өйдө жогорулай албай отуруп калган эле. Эми мына алдыга илгерилөөгө жол ачылды. Абуталип Куттыбаевдикине окшогон кылмыш ишин түпкүрдөгү элеттен таап чыгыш оңой эмес, бул чанда болчу окуя. Бирок, берем дегенге кудай берет экен да! Ошо 1953-жылдын февраль түндөрүндө тарыхтын өзү Таңсыкбаевдин багын ачты десе болоор, мындайынан карасаң чын эле өлкөнүн тарыхы туруш-турпаты менен Таңсыкбаевге кызмат кылыш үчүн гана жаралып келгендей. Өзүнө тарыхтын минтип ийип турганын, тарыхка анын чекисттик кызматы улам күчөп керек болуп баратканын ал акыл тегеретип, жеткире түшүнбөсө да сокур туйгусу менен жакшы туйду, мезгилиң сендейге минтип өзү муктаж болуп турса, сен көкүрөк кербей эмне болупсуң, өзгөгө тургай өзүнө өзүң мыкты, кимди болсо талкалай турган күчтүү, кудуреттүү көрүнөсүң да, ошон үчүн Таңсыкбаевде өзгөчө көтөрүңкү маанай, өрөпкүгөн дымак пайда болду. Кээде күзгүгө каранып туруп, баягы күңүрт айнектей мисирейген ителги көздөрү кадимкидей жылтылдап нур чачып баштаганына тобо кылчу болду. Мындайда көөдөнү толо дем алып, өз кийимине батпай, көңүлү көтөрүлүп, таза орус тилинде: «Мы рождены, чтоб сказку сделать былью»... деп кыңылдап ырдап жиберет. Иштин жайын илгиртпей түшүнгөн, күйөөсүнүн алдында күткөн ийгиликтерин ичинен кошо тилешкен аялынын да көңүлү шат, сөз удулу келе калганда: «чыдайлы, чыдайлы, жакында биз да жетчүбүзгө жетебиз!» деп калат. Жогорку класста окуган, комсомолдук активист, бирок кээде оң айтсаң тескери басып

кетмейи бар баласы да: «Папа, подполковниктин жылдызы жакындап келатабы!» деп калчу болду. Үйбүлөсүнүн мындай маанайда болуусуна да өзүнчө себептер бар эле. Балким ал себептердин Таңсыкбаевге түздөн-түз тиешеси жоктур, ошентсе да...

Иштин жайы мындай. Көп деле мезгил өтө элек, наяты мындан жарым жыл мурда Алматыда жабык сот болду: аскердик трибунал казактын буржуазиялык улутчулдарынын бир тобун соттоду. Улутчулдарга аёо болобу, эмгекчил элдин элдешпес душмандары болсо, аёо болгон жок, тамырлары талкалана чабылды. Алардын ичинен экөө баягы каргыш тийген патриархалдык-феодалдык өткөн заманды көкөлөтө мактаган илимий эмгектерди жазышканы үчүн (аларды да жөн жазышпай казак тилинде жазышкан экен) түз эле атууга кетти. Илимдер академиясынын тил жана адабият институтунун ошолордой эле илимпоз эки кызматкери жыйырма беш жылга кесилди... Калгандарына он жылдан берилди... Эми башкы нерсе мында эмес, башкысы – буржуазиялык улутчулдарды эл арасынан издеп жүрүп таап, камап, күнөөлөрүн мойнуна коюп, сот процессин жогорку деңгээлде өткөргөн кызматкерлердин бардыгына мамлекеттик ири сыйлыктар борбордон биринен сала бири келди. Ырас, ал мамлекеттик сыйлыктардын берилиш тартиби жашыруун жүргүзүлдү, бирок жашыруун болгондон алардын наркы төмөн болуп калган жок: алгандардын мартабасы ачык берилген сыйдан да артыгыраак көтөрүлдү. Атайын тапшырмаларды мыкты аткаргандары үчүн ийиндериндеги жылдыздары кезексиз жогорулап, көкүрөктөрүнө ордендер, медалдар тагылып, бапыратып акчалай сыйлык алып, алкыш жарыяланып, күүлдөп жатып калышты – мунун эмнеси жаман. Алардын ичинде да айрыкча катуу эмгек сиңирип жибергендер бар экен, аларга жаңы үйлөрдүн ачкычтарын тапшырышты. Мына ушунун баары бул кызматкерлердин көкү-

рөгүн керди, үнүн бек чыгарды, өтүгүнүн такасын тарсылдата ишенимдүү басканга дымак берди.

Таңсыкбаев кезексиз чини көтөрүлгөндөрдүн, сыйлык алгандардын арасында жок эле, бирок алардын салтанатынын баарына жакшы катышты. «Чинимди жууйм, орденимди жууйм, жаңы үйүмдү жууйм» дегендер, кудай бетин салба, жарыша конок чакырышып, Таңсыкбаев аялы Айкүмүштү ээрчитип алып, эки күндүн биринде үлпөттө жүрдү. Тээ жаңы жылдын алдында эле башталган бу отуруштардын шаңын, көркүн айтпа! Алматынын ар кай жеринде гана жарыгы бар караңгы көчөлөрүн аралап, суукка анча-мынча үшүп дегендей келишкен меймандар босогону аттаганда эле жаңы үй ээлеринин жадырап-жайнаган, төгүлүп-чачылган пейилине, үйдүн жылуу илебине туш келишип, маанайы шыр башка боло түшөр эле, үй ээлеринин жүзүндөгү кубаныч, көздөрүндө жанган от, ичиндеги таалайлуу, сыймыктуу сезимдерин сыртына күлкүсү, сөзү, мамилеси менен чыгарып тургандары – бу да бир көртирчиликтин өзүнчө салтанаты, өзүнчө майрамы. Эл арасында кубаныч-шаттыкка эми мына кайрадан тумшуктары илинген бактылуу адамдардын майрамы.

Ал кезде, кечээки согуш жылдарындагы жокчулуктун, ачкачылыктын кээри али калктын көкүрөгүн коргошундай басып турган кезде, чоң мамлекеттин чекежакасында жаңы үйгө жетүү, кызматтагы ийгиликтерди жууш деген өндүү жаңы жөрөлгөлөрдү адамдар өзгөчө бир шаң менен кабыл алып, агынан жарылып, кубанганынан эмне кылар айласын таппай жаткан эле. Той берген андай таалайлуу үйлөргө кирип барганда эле ашканадан даамдуу түркүн аштын жыты бур дейт – алардын ичинде ата-бабадан калган эң сыйлуу тамак – жылкынын, болгондо да тайдын эти бүлкүлдөп кайнап, тоотталаанын керемет жытын жаңы үйдүн ичине аңкыта чачып, бүйүрдү козгогону козгогон. Элет жерине шыпка хрусталь люстра илмей, үстөлгө хрусталь идиштер-

ди, кымбат коньяктарды коймой жаңы гана мода болуп кирген учур. Өйдө караганда жарыгын миң кубулта чачыратып, согушта олжого түшкөн люстра балбылдап күйүп, аппак дасторкон жабылган үстөл үстүндө Германиянын, ошондой эле олжого түшүп, анан эл арасына тараган кооз идиш-аяктары көз жоосун алып жылтылдайт, ушунун баары көңүлдү ачат, маанайды көтөрөт, тиричиликтин маани-маңызынын баары ушуларга келип байланып калгандай, дүйнөдө булардан башка көңүлгө урунчу деле эчтеме калбагандай, ушундай жасалгалуу жерде олтургандан өткөн жыргал жоктой, табит өзүнөн өзү уулдаган-дуулдаган үлпөткө чабат.

Чогулгандар да көңүлдөрүндө ошондой үлпөткө даяр. Бирок башталышында баары салабат күтүп, көргөзмөгө келгендей койкоюп катар олтурушат. Мындай олтуруштун маңызы тиги тайдын титиреген эти баш болгон түркүн даамда деле эмес, себеп дегенде тойгондон кийин адам өтө көп жеп алганына ичинен кабатыр болуп, эми кантип уктаарын ойлой баштайт эмеспи, мындай олтуруштун маңызы – дасторкондо айтылган сөздөрдө, каалоотилектерде, куттуктоолордо. Мына ушул жөрөлгөнүн өзүндө адамдын ичин ысыткан, жүрөгүн элжиреткен бир касиет бар, ошол касиет ичте катылып турган ойпикир, ачуу-таттуу сезим – баарын басып, баарына үстөмдүк кылып кетет. Андайда көрө албастык, кызганыч өчө түшөт, көрө албастык – убактылуу сыпайысылык сыйлашууга, кызганыч – айкөлдүккө айланат, а эки жүздүүлөр аз убакытка болсо да дили таза адам боло түшөт. Отургандардын баары дасторкон үстүндө таң каларлыктай өзгөрүп, ажыга чогуу бараткан адамдардай тилектеш, талапташ, көңүлдөш болуп чыга келишет, биринен бири өтүп акылдуу, нарктуу сүйлөшүп, сүйлөгөндө да куюлуштуруп, уйкалыштырып көркөм сүйлөшүп, өздөрүнөн өздөрү эле бири бири менен алдыртан мелдешке чыгып алышат. О, мындай олтурушту карап гана туруш керек! Кайкып учкан куштун канатындай

жаркылдап, шыптагы немистин жаркыраган люстрасын көздөй не деген гана тосттор көтөрүлүп учпайт, жазып алгандай, жаттап алгандай, улам кийинки айтылганы мурдакы айтылгандан да шаңдуу, угуттуу, угумдуу чыгып, кандай гана сөздөр сүйлөнбөйт.

Таңсыкбаев менен аялы экөөн өзгөчө толкундаткан бир тост болду. Ал тостту жаңы эле подполковник наамын алган казак жигит айтты. Күнү бүгүнкүдөй көз алдында: ордунан өйдө туруп, театр сахнасында тактыга жаңы отурганы жаткан падышанын ролун ойногон артистей, айрыкча бир сөөлөт, айрыкча бир шыктануу, берилүү менен:

– Асыл достор! – деди ал, олтургандарды шашпай сыдыра сырдуу тиктеп (анын ушундай оор бөрү карашы бар экени ошо кечеде биринчи байкалды), ушу тиктеши менен ал «менин сөзүмү шарактабай, тынч, олуттуу отуруп угуунар керек» дегенди туюнтту. – Өзүңөр түшүнүп тургандырсыңар, бүгүн менин көөдөнүм толо кубаныч-бакытка чалкып турам. Акыйкат кеп. Эми мен бир сөз айтайын. Менин жылдызым көтөрүлүп турган чак, сөз айтсам жарашар. Акыйкат кеп. Мен эч качан кудайга ишенген жан эмесмин. Мени комсомол тарбиялаган. Мен темирдей бек большевикмин. Акыйкат кеп. Мен ушуну менен сыймыктанам. Мен кудай дегенди билбейм. Кудайдын жок экени баарыга белгилүү, ар бир советтик мектеп окуучусуна белгилүү. Менин айтайын дегеним башка, акыйкат кеп, менин айтайын дегеним – кудай бар! Коё тургула, коё тургула, күлбөгүлө, ардактуу агаиндер. Сөзүңөн жаңылдың деген турасынар го. Жок, жаңылганым жок. Акыйкат кеп. Мен кудай бар дегенде революцияга чейин эмгекчи калкты эзип келгендер ойлорунан чыгарып, адамдардын жүрөгүнүн үшүн алып келген кудай деген жалган түшүнүктү айтыбатканым жок. Биздин кудайыбыз – бул биздин бак-таалайыбыздын ээси, замандын өзүн алдыга жетелеп, бизди жеңиштен жеңишке, коммунизмдин бүткүл

дүйнөлүк салтанатына алып бараткан, доордун эки тизгин, бир чылбырын колуна кармап, бийликтин башында турган кеменгер жол башчыбыз Иосиф Виссарионович! Ал кербенди жетектеп баратат, биз анын артынан, ал салган жол менен баратабыз, агаиндер. Бул жолдон моюн толгоп, тескери басам деген, биз ойлогондон башкача ойлойм деген же ичинде бизге жат идеялары бар адамга чекисттердин курч кылычы ар дайым суурулуу, бул кылычты бизге темирдей Дзержинский мураска калтырган. Акыйкат кеп. Душманга аёо жок. Бүт уруусу, бала-чакасы, аларга жан тарткан элементтердин баары, күзүндө жалбырактар ар кай жерге үйүлүп өрттөлөт го, так ошондой, пролетардык иштин салтанаты үчүн тыптыйпыл жок кылынат. Акыйкат кеп. Себеп дегенде бизге бир гана идеология керек, башка эч кандай идеологиянын кереги жок. Мына биз, сиздер болуп баарыбыз, акыйкат кеп, жер үстүнөн биздин идеологиялык душмандарыбызды – буржуазиялык улутчулдарды жана башка жат элементтерди отоо чөптөй сууруп жок кылып жатабыз, жок кыла бермекчибиз; душман каерге гана башын катып бекинбесин, кандай гана түрүн кубултуп, көздү жазгырбасын – биз баары бир табабыз, тамырын соолто чабабыз. Бардык жерде тап душманын аёосуз талкалаш, жолдош Сталин бизди үйрөткөндөй, душмандын агентурасын табыш, душманга өлтүрө сокку уруш, мына ошентип эл массасынын духун бекемдеш биздин бирден бир ыйык милдетибиз. Мына бүгүн, мен чоң сыйга татыктуу болуп, акыйкат кеп, мага кезексиз аскерий наам берүү жөнүндө буйрук окулган күнү, мен мындан ары да Сталин жүргүзүп жаткан саясатка кыйшаюсуз кызмат кыламын, душманды тынымсыз издейм, табам, анын кылмыштуу кара ниетин ашкерелейм деп ант берем. А душман ниетинин каралыгы үчүн сөзсүз катуу жазаланат, мен буга ишенем. Акыйкат кеп. Мына улутчулдардын негизги уюгун талкаладык, бирок институттарда, редакцияларда аларга жан тарткандар

кылтыйып бөгүп жатышат. Бирок алар бизден алыс качып эч жакка кете алышпайт, аларга эч кандай аёо болбойт. Бир жолу сурак жүргүзүп жатсам бир улутчул тилин тартпай: «Баары бир силердин жолуңар туюкка барып кептелет, андан башка жолуңар жок, ошондо башыңарга элдин каргышы жаайт» дейт. Ушинтип келжирейт да.

Таңсыкбаевдин жини кайнап, ордунан кандай ыргып турганын өзү да байкабай калды.

– Андай акмакты ошерден торойто атыш керек болчу! – деп жиберди ал.

– Туура, майор, торойто атып салсам болмок,– деп, подполковник анын сөзүн кубаттады. – Бирок мен ага айттым, акыйкат кеп да, минтип айттым: «Эй, дөөрүгөн ит, биз туюкка барып кептелген кезде сенин сөөгүң небак сөпөт болуп, жер астында жаткан болот, ошону бир билип кой! Ит үрө берет, Сталиндин кербени жүрө берет»...– дедим.

Олтургандар жапырт дуу күлүп жиберишти, кайдагы бир итирейген улутчулдун кер ооздугуна татыктуу жооп берип, чөкуга чокмор менен чапкандай кылган тергөөчүгө шатырата кол чаап, колдорундагы бокалды алдыга сунуп, орундарынан шарт тура калышты. «Сталин үчүн!» – деп, бир ооздон баардыгы жапырт айтып, шак алып жиберишти да, айтылган сөздүн актыгын, чын дилинен чыккандыгын дагы бир ирет далилдегилери келишкендей бири бирине бошогон бокалдардын түбүн көргөзүшүп, курсант болуп турушту.

Андан кийин да ушул эле маанайда көп сөздөр айтылды. Ал сөздөрдүн нугу улам кеңейип, так ошондой эле сөздөрдү жабалактата чыгарып, эмнегедир жиндеңип, ызылдап, удургуп, уусун атууга даяр турган жапайы чаяндардын үйүрүндөй, тымызын жаалга, кекенүүгө толуп, олтургандардын ой-сезимин толкундай каптап жатты. Таңсыкбаевдин көкүрөгүндө да бир куюн чимирилип, ичинде жүргөн ойлорду козгоп, козутуп, өзүнүн

жеке тагдырынын туура жолдо экенин тастыктап, демөөр берди. Мындай сөздөрдү жаңы угуп, ошондон делөөрүп, ошондон демденип жаткан жери жок, кайда, сөз эмес турмуштун өзү ага күндө сабак берип, анын өзүнүн, өзүнө окшогон кызматташтарынын өмүрү, көз көрүп, бут баскан жердеги баардык эле коомдук турмуш тап күрөшү деп аталган, ошон үчүн баардык жагынан акталган, кылапат айтылбаган күрөштүн шары, улам күчөгөндөн күчөп бараткан жүрүшү менен шартталып, ошондон улам тап күрөшүнүн кызыл камчысынын алдында баары тартылган зымдай чыңалып турушпайбы. Мындай жашоонун да өзүнүн билинбеген мыйзам-ченемдүүлүгү бар. Күрөштүн көөрүгүн дайыма күпүлдөтө басып, отту алоолонто жагып туруш үчүн улам жаңы душмандар табылып, аларды талкалоонун улам жаңы багыттары ачылып турушу керек. Себеп дегенде «душманды аёосуз талкалоонун» колго урунган, акылга келген түрлөрүнүн баары колдонулуп бүттү дегенчелик эле, атүгүл бүтүндөй калктар өз жерлеринен куулуп, Сибирге, Орто Азияга азап-тозоктуу сүргүнгө айдалды. Ушуга чейин барышты. Чет жакалардагы улуттарды чекесинен курутуш үчүн кандайынан колдонсо жарай бере турган бир чоң айып бар эле – буржуазиялык-феодалдык улутчулдук деген – бу да жакшы эле колдонулду, эми аны курал кылып алып, душманга аңчылыкка чыгуу уламдан-улам кыйындап баратат. Баланча улутчул деп айтууга кенедей эле шылтоо берген чагымдын айынан кишилер биринен сала бири камалып, жок боло берип, элдин жүрөгү түшүп калган, улутчул деген балээ шак деп чекеге жармаша түшпөсүн деп, оозду тыйган, кулакты жапырган, көздү жумган. Ал турсун кээ бирөөлөр өз кулагынан өзү үркүп, айрыкча сак, аяр болуп, улуттун эмне баалуу нерселери болсо ошонун баарын үнү жетишинче танып, ал аз келгенсип, «эне тилдин эмне кереги бар, муну да жоготуш керек» дегенге чейин жеткен. Ар бир кадамы сайын «Мен Лениндин тилинде

сүйлөйм жана ойлоном!» деп бакырып турган кишини кантип улутчул кыла аласың, каеринен кармайсың...

Мына ошондой душман издеп кайсалап, айла кетип, булуң-бурчта жашырынып калган эл душмандарын табуу, сууруп чыгуу боюнча күрөш солгундап бараткан кезде майор Таңсыкбаевге капысынан кудай берди да койду. Анын колуна алыскы бир Боранлы бекетинен Абуталип Куттыбаев деген неменин үстүнөн жазылган чагым анча маани деле жок, катардагы материал катары келип түштү; бу боюнча тергөө жүргүзүш үчүн эмес, жөн эле таанышып коюу үчүн берилди. Бирок Таңсыкбаев удулду шак кармады. Тумшугу бир чоң иштин жытын шыр сезди. Ыраактыгына карабады, эринип-ышынып олтурбады. Сары-Өзөккө чейин жетип барды, эми мына, бир караганда эчтемеге арзыбагандай эле материал, эгер түзүктөп караса, жиресе, бутактантса чоң кылмыш ишине айланарына көз жетип олтурат. Иш оңунан чыгып, ойдогудай болуп берсе, жогору жактан келчү сыйдан куру калбастыр. Мына, андай иштин аягы кандай майрам, той, кубаныч менен шөкөттөлөрүн өзү көрүп олтурбайбы, ушундай бактылуулардын катарына теңелсе жаманбы. Булардын арасында минтип кошо күлүшүп, кошо ичип-жешип олтуруш жаманбы. Бу кызматкерлердин баарын жакшы билет, баары Мунарадай Бийик, Кудурети Күчтүү Бийликтин, Бийлик-Кудайдын алдында каруусун казык, башын токмок кылып кызмат өтөөгө даяр, ошон үчүн жаркылдаган хрусталдардын жумшак нуруна бөлөнүшүп, Бийлик-Кудайдын көзү өздөрүнө түз экенине ичтеринен миң курсант болуп, өздөрүнчө жыргап-куунап олтурушпайбы. Бийлик-Кудайдын мээримине татыктуу болуунун бир гана жолу бар – ал Бийликке, тагыраак айтканда Бийлик-Кудайга кан-жанды аябай, чарчоо билбей, жүрөкдилди бүт багыштап, кызмат кылуу, кой терисин жамынып арада жүргөн душмандарды табуу, бет пардасын сыйруу.

А душмандардын ичинде согушта туткунга түшкөндөр бар, мына ошолорго өзгөчө кыраакылык керек. Себеп – булар турган туруму менен кылмышкер. Кылмышы ушу – колго түшпөш керек болчу, колго түшкөн соң өлүшкө милдеттүү болчу, а булар мээси жок калласына бир окту кадап койгонго жараган эмес. Өз өлүмү менен гана алар Бийлик-Кудайдын алдында ак экенин далилдемек; Бийлик-Кудайдын талабы катуу – туткунга түшпө, түшө турган болгондо – өл! Туткунга түшкөн киши – кылмышкер. Мындай кылмыш үчүн адам жазаланбай калышы мүмкүн эмес, ал жаза калган элге, бүгүнкү-эртеңки муундарга, кайсы мезгилде жашаба – баарына катаал эскертүү. Кеменгер Жол башчынын, Бийлик-Кудайдын өзүнүн көрсөтмөсү ушундай. Куттыбаев болсо так ошо туткунга түшүп чыккандардын бири! Бул күнөө анын мойнуна түбөлүк илингени илинген дечи. Бирок анын кылмыш ишинде бир укмуш илинчек турат, мезгилдин түрүнө, ыңгайына төп келе кала турган, ойлоп олтуруп таба алгыс илинчек. Эгер түзүктөп тергөө жүргүзүп, Куттыбаевге так ошо жерин моюнга алдыртып алса, анда кичинекей болсо да бир факт менен чоң иштин жасалганы. Кеп Куттыбаевдин кылмыштуу ишин югославиянын жетекчилеринин кийинки кездердеги ревизионисттик иш-аракеттерине байлоодо туруп атат! Кеп Тито, Ранкович деген эмелер Сталинден макулдук сурабай туруп, Югославияны өзүнчө, өзгөчө жол менен өнүктүрөбүз деген чыккынчылык ойго тээ согуш жүрүп жатканда эле келгенине кичинекей болсо да бир фактыны көтөрүп чыгышта турат. Жо, кутургандарын карабайсыңбы! Согуш бүткөнүнө али жети жылдын жүзү боло элек, бөлүнөбүз, өзүбүзчө жол менен кетебиз дешет имиш. Кетип эле көрүшсүнчү! Сталин мындай бүкшүгөн ойдун ташын талкан кылып коёт! Мына ушундай кырдаалда Югославиядагы чыккынчылык-ревизионисттик идеялар согуш мезгилинде эле партизан командирлеринин башында жүргөнүн, бул Англиянын атайын ор-

гандарынын түздөн-түз бузукулугу астында жасалганын дагы бир жолу, кичинекей деталь менен болсо да далилдеп коюш азыркы тергөөчүнүн ыйык милдети. Ал эми Абуталип Куттыбаевдин эскертүүлөрүндө югославпартизандар англистер менен жолуккандыгы жөнүндө жазылып турбайбы, демек бүгүнкүгө керектүү сөздү өз оозунан айттырып алуу гана керек. Кандай жол менен болсо да айттыруу керек. Өлөсүңбү-тирилесиңби, кеп ушуну мойнуна алдырууда. Саясат деген кандай? Өзүнүн шамалы соккон тарапка кошо учкандын баары саясатка жарай берет. Ар бир майда деталь, ар бир факт душманга ыргытылган таш катары эсептеле берет, душманды идеялык жактан талкалоого кызмат кыла берет. Ошон үчүн бирден бир милдет – ошондой ташты, мейли чоң болбосо да кичирээк ташты таап, аны өз колу менен көтөрүп барбаса да, жүргүзгөн иши аркылуу чын жүрөгүнөн Бийлик-Кудайдын колуна салып бериште; Бийлик Кудайдын Өзү колу менен урбаса да, тапшыруучуларына тапшырып, ошо таш менен ревизионист шүмшүк Титонун, анын куйругу Ранковичтин (газеталар так ушинтип атап жаткан чыккынчылардын) жолун жолдойм дегендерди бир урдуртуп коюшу ажап эмес. Балким, ташың өтө эле кичинекей экен, чоң душманды урушка бул жарабайт десе, анда да эчтеке эмес – өлүптталып жанталашкан мээнетти эске албай коюшпайт. Аңгыча карасаң мынабу үлпөт үстүндөгүлөр Таңсыкбаевдин да үйүндө өтө жагымдуу окуяны жууйбуз деп олтурушкан болот эмеспи. Атаганат дебейсиңби. Турмуштун маңызы – бак-таалайда, а бак-таалай ийгиликтен башталат.

Мына ушундай ойлор келди ошо кечте ителги көз Таңсыкбаевге. Башын ийкеп, бирдемени айтымыш болуп, жанында олтургандардын сөзүнө аралашып эле жаткансыганы менен ал буркан-шаркан түшүп, көбүгүн көккө атып чамынган дарыя үстүндө сүзүп бараткан адамдай өзүнүн бир жерге турбай удургуган ойлору менен

алпурушуп жатты. Муну күйөөсүнүн кыял-куюн беш колундай билип бүткөн аялы Айкүмүш гана алдыртан сезип, анын карангыда жем издеп чыккан жырткыч жакын эле жерде алчу олжосу турганын туя калган сыңары бир ойго катуу арбалып отурганын билди. Күйөөсүнүн кирпик какпай теше тиктеп ителги карашы бирде муздай тунарып, бирде жылтылдап, нурлана түшүп жатканын көрдү. Ошон үчүн: «Биерден эл менен чогуу кетебиз, айтып коёюн, түптүз үйгө барабыз!» деп кулагына шыбырады. Биерден шарт туруп, же үйгө баратканда бурулуп сурагын жүргүзмөккө кете бербесин үчүн ошентти. Таңсыкбаев башын ийкемиш этип койду. Элдин көзүнчө эчтеме дегиси келбеди. Бирок эртеден берки ойлорун үзгөн жок. Анын башында Абуталип Куттыбаевдин иши боюнча таптакыр жаңы план, жаңы ой пайда болду. Кеп мында. Куттыбаев менен кошо югослав партизандарынын арасында башка да көптөгөн советтик туткундар болгон, азыр алар ар кай жерде баш калкалап жүрүбатат. Албетте, алар да бирдемелерди билет, бирдемелерди эстей алат. Югослав партизандарына барып кошулган туткундардын, айрыкча офицер туткундардын арасында өзгөчө активдүү кимдер болгон, муну Куттыбаевдин айтпас оюна койбой айттырып алуу анча кыйын эмес. Демек, мына ошолордун кылмыш иштерин кайра көтөрүп чыгуу керек. Эртең эле ошол иштерди тез жөнөткүлө деп жазып жибербесе болбойт. Же кагазга жооп күтүп олтурбай, өзү борборго жетип барып, документтерди өз көзү менен карап чыгып, керектүү жерлерин көчүрттүрүп алып, анан Куттыбаевди жарга такаса, чын эле ушундай болгон деп айтпаска аргасы калбайт. А жагын кынтыксыз бүтүргөн соң Куттыбаевдин сурakta берген жоопторун, кепилдигин далил кармап, югослав партизандарынын арасында болгон ошол согуш туткундарына кайрадан кылмыш ишин козгоо керек. Кылмыш кылгандарды учурунда көрүп-билип, бирок эч кимге айтпай тиешелүү

органдарга жеткирбей жүргөнү үчүн! Согуш бүткөндөн кийин Советтер Союзуна кайра келерден мурда алар депортация комиссиясы дегенден өткөнбү, өткөн, анда каерде жүргөнү, эмне болгону жөнүндө сурак бергенби, берген, анда эмне үчүн югославрев изионисттеринин арам ойлору жөнүндө айтпай, унчукпай кылтыйып өтүп кеткен – мына ошон үчүн. Мындайлар мурдагы туткундардын ичинен жүздөп, жүздөп эмес, миңдеп чыгышы мүмкүн, алардын баарына кайрадан иш козгоп, суроктан суракка сүйрөп, эсин оодарып туруп, анан лагерге айдап жиберсе, эл душмандарынын өзүнчө бир катмары жок болор эле – мына ушул идеяны эртерээк көтөрүп чыга калуу керек, мындайда борборго жашыруун записка жаза коюудан өтөрү жок...

Түркүн тамакка, каалаган ичкиликке толгон дасторкон үстүндө келе калган бул укмуш ойдон улам Таңсыкбаевдин көңүлү чайыттай ачылып, баса-баса ичкиси, батыра-батыра жегиси, жанында олтургандарга тамаша айткысы келди, мындан аркы өмүрүндө кандайдыр жаңы бурулуш болгону турганына көөдөнү өрөпкүп, ырдагысы, күлгүсү келди. Сырдуу күлмүңдөгөн көздөрү менен үлпөттөштөрүн кыдырата тиктеп чыкты; баары өз кишилер, кызматташ, үзөңгүлөш, мындай чогуу отурган кезде ого бетер жакын көрүнгөн тагдырлаш адамдар, бирок канчалык жуурулушкан өз кишилер болсо да азыр, дал ушул дасторкон үстүндө Таңсыкбаевдин көкүрөгүндө улуу идея жаралганын эч кимиси билген жок, эч кимисинин оюна да келген жок. Мына ушулардын баарын ойлой келгенде анын каны дүргүп, жүрөгү толкундап, өзүнө өзү ыраазы, олтургандарга ыраазы, телегейи тегиз болуп турду.

Бир чети ичинен астейдил тобо кылып таң калды: кокусунан келе калган эле бир ой көз ачып жумганча эң зор саясы мааниге ээ болуп чыга келгенин карабайсыңбы! Кызматтан бир тепкич өйдө секирүү жагы буйруса сөзсүз болорун айтпаган күндө да! Неси болсо да,

кай жагынан караба – жөндүү, туура, ойдогудай чыгып келатат: коңулда жашырынып жаткан душманды канчалык көп таап талкаласаң, өзүңдүн мартабаң ошончолук артары айдан ачык болуп турбайбы. Мындан артык дагы эмне керек?! «Акылдуу адамдар ишин так ушинтип жөнгө салат! – деп ойлоду Таңсыкбаев сыймыктуу. – Мен да көздөгөн оюма жетмейин өлбөгөн жерде калам, эчтемеден кайра тартпайм!» Каны кызып кетти, азыр эле машина чакыра коюп, тергөө изоляторуна, Абуталип Куттыбаев чакчайган жарык менен тиктешип жаткан жер астындагы камерага жетип барып, так ошердин өзүндө эле сурак жүргүзүп жибергиси келди, сураганда да жанын сууруп, көзүнө көргөзүп, өзү каалаган жоопту эртерээк уккусу келди. Бул суректын жыйынтыгы бирөө гана болушу мүмкүн – эгер Куттыбаев баардык күнөөсүн мойнуна алып, англис-югослав чалгындарынын тапшырмасын алганым чын деп, партизандар менен жүргөндө жанында кимдер болгонун айтып берсе, анда мойнуна 58-статьянын «а» пункту илинет, 25 жыл лагерге кетет; жок, мойнуна албайт экен, анда Ата Мекенди сатканы, чет өлкөлүк чалгындар менен агенттик байланыш түзгөнү, ал аз келгенсип жергиликтүү калктын арасында идеологиялык бузуку иштерди жүргүзгөнү үчүн атууга кетет. Экинин бири – жан керек болсо өзү жакшылап ойлонсун.

Мунун баарын көз алдынан өткөрө чуурутуп келип, Таңсыкбаев көп нерсеге алдын-ала көзү жетип олтурду: суракты кандай жүргүзүү керек, аны эч кимден сурабайт, бирок Куттыбаев оңой багынып бербейт, каршылык көрсөтөт, ошондо анын какайган белин кандай сындырыш керек, ага да өзүнчө амал-айла бар, буга көзү жетет, кеп – Куттыбаев жанталашсын, жанталашпасын биерден кутула албайт, жалгыз жол, эгер тирүү калам десе, арийне,– тагылган айыпты мойнуна алам десе, башым аман кала турган жазаны бер деп жалынуу. Жок, Куттыбаев антпейт, кулк-мүнөзүндө турбай-

бы, менин күнөөм жок, туткунга түшсөм, анымды актап алар иш жасадым – югослав партизандарга кошулуп, колума курал кармап, фашисттер менен салгылашып жүрдүм, жарадар болдум, каным төгүлдү, согуш бүткөн соң текшерип-тескей турган депортация комиссиясы дегендин калбырынан өттүм, согуштан келип ак ниетим менен колуман келишинче иштеп жүрөм деп, койчу, башка да ушу сыяктууларды айтып актанат. Бирок анын айтканы-айтпаганы, актанганы-актанбаганы сокур тыйынга турбайт, анын баары сөз, ооздун жели, талаага кеткен бир кеп. Анын өмүрү кандай чоң саясы иштин башталышы үчүн керек болуп жатканын ал өзү кайдан билет? Тергөөчүгө темселеп жүргөн бир мугалим Куттыбаев эмес, нечен адамды түрмөгө эркечтей баштап бере турган Куттыбаев керек, муну ал кайдан түшүнсүн? Мамлекеттин коңул-коңулда бекинип жаткан душмандарын биринин артынан бирин сууруп чыга турган иш так ушу Куттыбаевден башталганы олтурбайбы! Мамлекеттин кызыкчылыгынан өйдө эмне болушу мүмкүн? Адамдын өмүрү өйдө деп чыкчу апендилер да бар. Мамлекет лаулдап күйүп жаткан меш, отуну – адам. Адамды жагып турбаса от өчөт, меш меш болуудан калат. Андай мештин эч кимге кереги жок. Бирок адамдарыңдын өзү да мамлекетсиз жашай албайт. Мешке от болуп күйүп берүүгө өздөрү шыкакчы. Меш бар жерде от жагар бар. Ал отундан мешке тынбай салып турууга милдеткер. Мына ушундай. Дүйнөңдүн өзү ушундай жаралган.

Булардын баарына акылын чабыттатып коюп, күйөөсү ичинде эмне балээни ойлоп жатканын илгиртпей сезип-туюп турган аялынын жанында, жалпы кеп-сөзгө да баш ийкеп, аралашымыш болуп, Таңсыкбаев бир учурда партиялык мектептен философия, классикалык окуулар жөнүндө угуп калган жайы бар эмеспи, адамдын өзгөчө укмуш жаралып калганына купуя таң калды, эргип да олтурду. Карабайсыңбы: ал атайын чакы-

рылган үлпөт үстүндө, мына ушул гана салтанаттын шаңына чын дитинен берилген кишидей түр көрсөтүп олтурат, а бирок ичинде кандай ойлор кайнап жатат. Ал азыр эмне деген шумдук ишти баштоого ниеттенип жатканын, эмне деген бутаны мелжеп турганын, кана, ушул олтургандардын кимиси билет, эч кимиси билбейт! Ошон үчүн үстөлдө тынч ичип-жеп олтургансыганы менен ичинде эртең көчкүдөй көчүп, селдей каптап, эчтемеге ээ-жаа бербей жүрүп кетчү нерсе катылып турганын, анын ачкычы өзүндө гана экенин, эгер ошол көчкүнү, ошол селди коё бере турган болсо анын алдында чөгөлөбөс киши калбастыгын, элдин анын алдында чөгөлөгөнү – Бийлик-Кудайдын алдында чөгөлөгөнгө жатарын, демек ошо Бийлик-Кудайга алпарчу көп тепкичтин бири өзү экенин ойлогондо Таңсыкбаевдин көңүлү көккө учту, ушунун баарын азыр эле жасай салгысы келип, чыдамы жетпей, ичи бышып олтурду. Обуру ачылып, оңкулдап ачка турганда алдына чүйгүн тамак алып келатса, же төшөктө кучагын жайып кел деп турган аялга мына кире бермекчи болуп баратканда адамды коё тур, шашпа, ананыраак жасаарсың дешке болобу, ошого адам чыдайбы, куду мына ошондой абалда олтурду. Улам рюмка көтөрүлгөн сайын ого бетер тамырларын болкулдатып кан тээп, ансыз да өз оюнан өзү эргип олтурган неме ого бетер дене-бою балкып, ого бетер эргиди, ошонусун тышка билдирбей зорго карманды, «мына, эртең эле баштайм бул ишти, жасайм, үлгүрөм» деп, өзүн өзү жубатты.

Куттыбаевди кантип жарга такап, кантип сурак жүргүзөрүн бир сыйра элестетип келип, Таңсыкбаев ойлогон оюнун өтө негиздүү, өтө жүйөлүү экенине дагы бир ирет ыраазы болду. Ошентсе да кандайдыр бир нерсе жетпей жаткандай, дагы бир жагдайлар эске алынбай кала бергендей сезилди.

Мына, маселен, Куттыбаев маңкурт жөнүндө бирдемелерди чиймелеген. Ушунда бир балээнин башы болу-

шу мүмкүн! Келесоо маңкурт өз энесин өлтүрүп олтурат. Не маани чыгарса болот мындан? Болуптур илгертен айтылып келаткан бир кеп экен, бирок муну жазып алган Куттыбаевде бир ой болгон болуш керек да. Бул имиш кепти ал бекеринен бапестеп, бир сөзүн да калтырбай жазып алды дейсиңби. Маңкурт деп... Кеп илгери бир айтылып калган апсана сөздө эмес, кеп анын азыркы маанисинде. А азыркы мааниси эмнеде? Мына маселе ушунда. Маңкурт жөнүндөгү уламышты Куттыбаев өзүнүн бузукулук иштеринде пайдалангысы келген, бирок кандайча, кантип пайдаланмак? Бул уламышта саясы шектүү бир балээ бар экенин кереметинде билип турса да, Таңсыкбаев ошого ишенимдүү, бекем далил таппай жатты, мойнуна койгондо тиги кың дебей олтуруп калыш керек – мына ошенте аларына көзү жетпей турду. Атаганат, бул уламышты элге жат нерсе деп жарыялап, ошол үчүн жоопко тарта салса сонун эле болгон турат, бирок аны кантип жасаш керек? Ушу жерде Таңсыкбаев колу кыскалык кыларын, бу жагынан билими тайкы экенин өзү да түшүндү. Муну Таңсыкбаев каалагандай чечмелеп бере турган бир окумуштууга дайындабаса болбойт. Мына азыр жууп-майлап, тойлоп олтурган иш – буржуазиялык улутчулдарды талкалап, бетин ачкан иш так ушинтип эле жасалган; окумуштуулардын бир тобун тымызын чектеп, чоттоп алгандан кийин аларга каршы окумуштуулардын экинчи бир тобу алдыртан тукурулуп коюлган, алар тигилерди «силер улутчулсуңар, сталиндик жаркыраган жарык доордун беделине шек келтирип, эскини көксөп, өткөндү даңазалайсыңар» деп далилдеди да койду. Болду. Камаксуректын арааны жүрдү да кетти.

Жок, канткен менен Куттыбаевдин маңкурттун уламышын өзгөчө таспиеттеп жазып алышында бир сыр бар. Кайра бир сыйра дыкат окуп чыгыш керек, ар бир сөзүн тегерете карап чыкпаса болбойт, эгер эле бир жеринен илинчек табылса, бүттү, муну шак кылмыш иши

катары көтөрүп чыгыш керек. Баса, Куттыбаевдин газдарынын арасында дагы бир «Сары-Өзөктөгү өлүм» деген уламыш жүрөт, тээ Чыңгызхандын заманынан кеп кылат. Таңсыкбаев бир караганда анча деле маани берген эмес экен, эми эсине түшүрүп, ойлоно калды. Бу да соо уламыш эмес, абайлап карасаң мында да бир чоң саясы ишара жатат...

* * *

Күн батыш тарапта жаткан өлкөлөрдү чаап алмакка жүрүшкө аттанып, артынан түмөндөгөн кол ээрчитип, Азиянын уч-кыйырсыз улуу мейкиндерин дүпүрөтө басып жүрүп келе жатып, Сары-Өзөккө келгенде Чыңгызхан буйдала калды. Мунун себеби – эки кишини өлүм жазасына тартууга туура келди. Бири – жүзбашы жигит, экинчиси – саймачы келин; ар түмөн желбирете көтөрүп жүргөн тууларга оозунан от чачкан ажыдаардын сөөлөтүн алтын жип менен түшүргөн саймачы келин...

Ал кезде Азия Гималайдан Оролго чейин Чыңгызхандын кылычына мойнун тосуп берип турган чак, балдары, небereлери, кол башчылары улус-улуска бөлүп алып бийлеп турган заман. Эмики кезекте Эдилдин ары жагында жаткан Европа турган...

Сары-Өзөктүн даркан талаасына күз келген. Катар-катарынан жаап өткөн калың жамгырдан кийин какшыган сайларда суу жүгүрүп, ар кай жерде көлмөлөр пайда болгон – жүрүштөгүлөрдүн көңүлү топук – мал-жан суусуз жол жүрө алмакпы. Ошентсе да баары алдыга ашыгып, Сары-Өзөктөн ылдам өтүп кетүүнү көздөп баратат – жолдун эң узак, татаал жери ушу чексиз талаа.

Үч түмөн кол, ар түмөндө он миңден жоокер, кенен жайылып алдыда баратат. Алардын ат туягынан көтөрүлгөн чаң канча чакырымга чейин тумандай чубалып, абада уюлгуп, далайга тарабай турганынан эле бу түү-

мөндөр не деген жапан күч экенин баамдаса болот. Жүктүү арабалар, күндөлүк союшка делген субай мал, которуп мингенге үйүр-үйүр жылкы менен дагы эки түмөн артта келатат – артка кылчайсаң аякта да көтөрүлгөн чаңдын бир учу талаа бетинде, бир учу асманда баратат. Бул беш түмөндөн тышкары оң тарапта, сол тарапта – оңкаруу, солкаруу аталган, ар карууда үч түмөндөн – алты түмөн кол бар, алар биерден көрүнбөйт, алыста, чабарман бир нече күндө жетет, бирок буларга катарлаш, беттегени Эдил, өзүнчө баратышат. Кышка тарта он бир түмөн башчы Эдил жээгинде, хандын алдына чогулмак, андан ары жүрүш кандай кетет, ал жагы акылдашылмак. Анан муз каптаган жерлери менен Эдилден өтүшүп, байманасы ташыган бай өлкөлөрдү каптап кирип барышмак. Аларды басып алсам дегенде Чыңгызхандын да, түмөн башылардын да, ар жоокердин да эки көзү төрт...

Жүрүш мына ушинтип, эч нерсеге буйдалбай, кармалбай, убакытты текке кетирбей, ыкчамдыгынан жазбай келаткан. Жүктүү арабаларда, арийне, аялдар да бар эле, балээ ушундан чыкты...

Чыңгызхандын өзү беш жүз жасоол, кароол, кесегулдардын[1] коштоосу менен жүрүштүн чок ортосунда болчу. Бирок, албетте, жандоочторунан бута атым астыда – Төгөрөктүн Төрт Бурчунун Эгеси жанында топурап киши жүргөнүн демейде жактырчу эмес, ал эми мындай улуу жүрүштө баратканда каган ого бетер сырдуу, көп сүйлөбөйт, алдыдан көзүн айрыбайт, жүзүн ой баскан.

Алдында өзү жакшы көргөн ак жал жоргосу, сай ташындай нык, кең көкүрөк, чаткаяктуу, жүнү жылтылдап качан болсо табында турган жаныбар соорусуна суу койсоң төгүлчүдөй эмес, бир калыпта учуп кетип

---

[1] к е с е г у л – аякчы, суусундук, чай сунуш кызмат кылган малай.

баратат. Сын-сыпаты андан кем эмес эки ат кагандын өзүнө таандык шөкөтү менен кооздолгон жабдыктарын жаркылдатып, саяпкерлердин жетегинде жеңил-желпи келатат; каган жоргосунан тер чыгып келатканын сезер замат которуп мине койгонго даяр.

Бирок эң кереметтүү нерсе Чыңгызхандын тегерегиндеги кароол, жасоол, кесегулдар эмес. Булар жүздүн ичинен, миңдин ичинен тандалган шамшардай өткүр эрлер дечи, жок, булар эмес. Булардын илбирстей шамдагай аттары да эмес. Жок, эң кереметтүү нерсе жерде эмес, көктө эле. Чыңгызхандын дал төбөсүндө, тээ ободо чоң ак боз үйдөй болгон булут каганды күндөн калкалап, көлөкө түшүрүп, кайда барса кошо ээрчип келатты. Жаны бар, көзү бар, акылы бар немедей кагандан калбай, өйдө да кетип калбай, ылдый да түшүп кетпей, кагандын үстү жагында бир калыпта калкып жүргөнүнөн жазбады. Бул Көкө-Теңирдин өзүнүн жааңгер Уулуна дамамат түшүрүп турган ыклас белгиси экенин эч ким билген жок,– асманда калкып көп эле булут жүрбөйбү. Бирок Чыңгызхан алдыртан обого көз жиберип, өзүнөн калбай ээрчип жүргөн булутту көргөн сайын бул чын эле Көкө-Теңирдин өзүнө түшкөн ыкласы экенине бекем ишенип жүрүп олтурду.

Ушундай бир булут пайда болору жөнүндө алгач ага жер кезген бир дербиш-төлгөчү айткан эле. Каганга айтар сөзүм бар деп атайын келген экен, кирсин деген. Эшик-төрүнө алтын-күмүш чөгөрүлгөн ак боз үйдө, өз тактысында олтурган эле. Дербиш алыскы бир өлкөдөн келаткан неме окшойт кирди, өңгөлөрдөй кагандын алдында чекесин жерге тийгизгенче ийилбеди, кошомат айтып көшөкөрлөнбөдү, бак-таалайың дагы артат экен деп, олуялык кылып, жагынбады. Өзү арык, тарамыштуу, быжыгыр кара сакал, чап жаак, кара тору иреңи кийиминин бүтүн жери жок жыртылган, тармал чачы өсө берип, кудум аялдыкындай ийинине төгүлүп

турат – көрүнүшү бир өзгөчө бул адам башын көтөргөн боюнча бүркүттөй өткүр тиктеди каганды.

– Каган, – деди ал. Андан ары өз тилинде сүйлөдү. Уйгур-тилмеч которуп турду. – Көкө-Теңирдин эркине ылайык сага асмандан өзгөчө бир белги пайда болот, мен ошону сага айтайын деп келдим.

Чыңгызхан мындай үч уктаса түшкө кирбеген сөздү укканда эмне дээрин билбей бир саамга мелтейе түштү. Бу жат жерлик неменин же акылы ордунда эмес, же ойлонбой айткан сөзү үчүн башы кетерин билбей жатат.

Кагандын каары келип, көзүнөн от жанып:

– Эмне белги?! Муну сен эмнеден улам айтып атасың? – деди.

– Эмнеден улам айтып жатканымды жарыя кылууга болбойт. Бул жашыруун сыр. Анын шарты ошондой. Эмне белги экенин айтам – сенин төбөңдө бир ак булут пайда болот, сени дайыма коштоп жүрөт.

– Булут?! – деп, чочугандай айтты Чыңгызхан, каштары серпиле түштү. Үйдүн ичиндегилер кагандын жаалы келгенин көрүп, дендери өлүп, дым дебей олтуруп калышты. Коркконунан тилмечтин ирең купкуу болуп, эриндери титиреп кетти. Дербиштин кесепети ага да тийип кетиши мүмкүн.

– Ооба, булут,– деди олуя. – Ал Көкө-Теңирдин сени колдогон, сенин бу дүйнөдөгү бийик даражаңа ыкласын берген белгиси. Бирок, сен ал булутту сакташың, жоготуп албооң лаазым, аны жоготконуң – колундагы зор күч-кубатыңан айрылганың...

Үй ичи жымжырт. Мындай учурда каардуу кагандын эмне кылып жиберерин ким билет. Аңгыча Чыңгызхандын азыр эле балбылдап жанып турган көздөрүнөн жалын акырындап өчүп, жүзү ойлуу тартып калды. «Жер кезип жүргөн дубана пейил бул адамдын сөзүн тийиштик кылып айткан кеп катары караганым болбостур, бу тентиген немени жазалап жибербесем менин кагандык наамыма шек кетер» деди ичинен. Жаалы кайт-

ты. Сейрек жээрде муруттары кыймылдай түштү, жылмайымыш этти.

– Кош дейли, сени Көкө-Теңир ушу сөздөрдү айт деген экен. Мен буга ишендим деп коёлу. Эми чын олуя болсоң айтчы кана, мен ободо калкып жүргөн булутту кантип сактап жүрөт элем? Же нөөкөрлөрүмө канаты бар ат мингизип, асманга учуруп, булут кайтартып коёмбу? Же ал булутка жүгөн тагып, жетелеп алабызбы? Кана айтчы, шамалга элкин учуп асманда жүргөн булутту мен кантип жоготпой алып жүрөм?

– Ал сенин ишиң, мен айтарымды айттым,– деди дербиш кыска гана.

Кайрадан баарынын үрөйү уча түштү. Кайрадан баары селейип катып, тилмечтин эриндери титирей баштады, баары жер тиктеп олтурат. Акылы жогунанбы, же башка себеби барбы, айтор өз ыктыяры менен өзүн өзү өлүмгө салып берген тиги шордуу олуяны бир карап коюуга эч кимдин кудурети жетпеди.

– Жолдугун жасагыла, жүрө берсин,– деди капыстан Чыңгызхан акырын гана. Үй ичиндегилер түйшөлө түштү, кагандын сөзү какшыган жерге жаан төгүп жибергендей эле болду аларга.

Бул табышмактуу, же чын эмес, же тамаша эмес окуя көп өтпөй унутулду. Жер бетинде апендилер азбы. Бирөө өзүн олуямын, жаңы пайгамбармын деп жарыялап, эл кыдырып чыкса, эмне кыласың. Кой деп артынан ээрчип аласыңбы. Бирок тиги олуя-дербиш жөн эле жеңил ойлуулук кылып, оозуна келгенин сүйлөп, өлүм менен ойноп кете берди деш да туура болбостур. Минтип ойнойм деп, башынан айрылып каларын кантип түшүнбөсүн. Кагандын жасоолдору дыргаяктата сүйрөп барып, «каганга тийишип, кереэздук кылган андай болбойт, мындай болот» деп, азоонун куйругуна байлап туруп, коё берсе эмне болот эле. Жок, аны да ушул ишке түрткөн, айт, айт деп шык берген, ээн талаада арстандын алдына бетме-бет апкелгендей, каар-

дуу, жаалдуу кагандын астына жүгүнтпөй, чөгөлөтпөй, тике каратып апкелген бир нерсе болгондур. Не деп жоорушка болот – акылы жок бирөөнүн сөөдүрөгөн сөзүбү же чын эле Теңирдин сырдуу белгисиби?

Ал ал болду. Ай айланды, күндөр учту, тиричиликтин шарында мунун баары унутулду. Күндөрдүн бир күнүндө, бу окуядан туура эки жыл өткөндөн кийин Чыңгызхандын эсине капилеттен баягы табышмактуу олуя келди.

Күн батышка жүрүш жасайбыз деп, ошонун камына эки жыл кеткен эле. Дүйнөнү дүңгүрөтүп өрттөй каптап өтүш үчүн, улам бир элди, улам бир тайпаны чаап, чапкан сайын дагы аракта эмне бар деп жутунуп, жерден жер койбой, өлкөдөн өлкө койбой ат туягына тепсетип, жердин бир четинен экинчи четине чейинки, чыгышта жаткан мухиттен батышта жаткан мухитке чейинки жолдо не жолукса ошонун баарынын таш талканын чыгарып, тыйпыл тоноп жүрүп олтуруш үчүн, антпесе каган төгөрөктүн Төрт Бурчунун Эгеси болобу, ошол көксөгөн ойго жетиш үчүн жүрүшкө даярдануу, каруу топтоп, күч жыйноо ушул эки жылда катуу жүргөн экен, муну Чыңгызхан кийин ойлоп коюп жүрдү. Так ошо жер үстүн бүт жалгыз бийлөөгө жанталаша жулунуудан, жан бүткөндүн баары кылычымдын алдында жапырылып турсун деген жөн адамдын башына келгис көксөөдөн каардуу кагандын насилин, жырткычтыгын, тарых мандайына жазган чийимин, өткөргөн өмүрүнүн маани-маңызын көрсөңүз, баамдасаңыз болор. Мына ошол үчүн бүтүндөй зор империянын – Азиянын учкыйырсыз мейкиндигинде башын ийип багынып олтурган улустардын, аймактардын, айылдардын, кандай эл-журт болсо ошолордун баарынын, калаалыктары калааларында, элеттиктери тоолорунда, талааларында байы бай, кедейи кедей болуп жансактап, тирлик өткөрүп жаткан пенделердин баарынын бий-кулуна, улуу-кичүүсүнө карабай, баарынын турмушу бир гана багыт-

ка – Чыңгызхандын улам жаңы чабуулга чыгуусуна, улам жаңы элдерди, жерлерди басып алуусуна бурулган – мындан өйдө, мындан зарыл иш болушу мүмкүн эмес, баары жапа тырмак ушу гана улуу көксөөнү кандырууга, кагандын аскерий күчүн күчөтүүгө, көбөйтүүгө кызмат кылуусу керек. Ошон үчүн курал жасоого жерден эмне кен чукулуп алынса, анын баары, кыбыраган жандуу тиричилик, кыймыл – бүт бойдон Чыңгызхандын Европага жүрүшүн, чабуулун камсыз кылып олтурат. Европаны чаап алыш деген эмне! Кайнаган бай шаарларын айт, басып алсаң неге гана колуң жетпейт, не деген гана байлык жок, каалаганына жетпеген жоокер, нөкөр калабы, Европанын дүмпүйгөн калың токойлорун, ат бою көйкөлгөн шалбааларын, мелтиреп тынч аккан туптунук дарыяларын айт, андай жерде кымыз көл, эт мол, Чыңгызхандын оозунан от бүркөн ажыдаарлуу туусун көтөрүп, чабуулга чыккандар дүйнөнү эми түгөл багындырдык, кана, ала элек жоодон ким калды деп, дөөгүрсүп турбайт бекен, келишкен сулуу аялды баса калгандай келберсиген бай өлкөнү баса калганда моокум канбайт бекен, чечекейи чеч болбойт бекен! Каган мына ушундай жаса деп жатпайбы, ушуну жасайбыз деп чериктер селдей каптап баратышпайбы...

Чыңгызхан иштин көзүн билген, акыл тегеретип, эсептеп алып, анан кийин гана кадамын аяр таштаган, эртеңкини бүгүн билип олтурган көсөм адам эле. Европага жүрүш жасоодон мурда ал баарын ойлонгон, ийне-жибине чейин тактаган. Төгөрөктүн төрт бурчунда сабагандап жүргөн тыңчылары, кандайдыр себептер менен жат элден баш калканч сурап келген качкындар, соодагерлер менен саякатчылар, жер кезген дербиштер, бирди эки, экини төрт кылып пайда таап жүргөн кытайлар, уйгурлар, арабдар, перстер менен бир-бирден, көзмө-көз шашпай сүйлөшүп олтуруп ал али көрө элек, биле элек элдер, калаалар, жерлер жөнүндө маалымат алган, алган маалыматын кайра-кайра тактап,

жер бетин бербей түтөгөн калың колду кай жол, кай кечүү аркылуу алып өтүүнү небак ойлонуп койгон. Алдынан кездешчү элдердин каада-салты, пейил-кую, дини, соода-сатыгы, күндөлүк тиричилиги кандай – мунун баарынан алдын ала так кабар алган. Кат билбегендиктен укканын уккандай эсине сактаган, болоор иштин пайда-зыянын акылында калчап, таасын бүтүм чыгарып келген.

Эң башкысы – темирдей тартип орноткон, тартип бузулуп, башаламан болуп кетет дегенди эч ким өңүндө эмес түшүндө көрбөгөн; тартип болбогон жерде кайдагы жүрүш, кайдагы Европа. Тартип – бир, эч кимге жеңилдик жок; Күн Батышка бараткан Улуу Жүрүшкө эч бир жан, эч бир нерсе кылдай да кедерги болбош керек! Атүгүл Чыңгызхан жүрүштө бараткан жолдо бала төрөлбөсүн деп буйруп салган. Демейде кылкылдаган калың колдун арт жагында чүмбөттүү арабаларда аялдар, арасында кош бойлуулары да бар, балдар ээрчип келе берүүчү. Бул илгертен калган салт, жоокерчилик жашоонун өзү ушуга көндүргөн. Себеп дегенде жоокерлер алыска жүрүшкө кеткенде оорукта калган каста-шып жүргөн уруулар бири бири менен чабышып, өчү барлар жүрүшкө кеткендердин үй-бүлөсүн жер менен жексен кылып жиберген, тукум калбасын деп чү дегенде эле боюнда бар аялдарды өлтүргөн. Эзелтен ошондой болуп келген.

Бирок Чыңгызхандын тушунда абал өзгөрдү. Мурда бири-бири менен чабышпай тура албаган уруулар улуу кагандын көзөмөлү менен ыкка келишип, бирдиктүү Алтын Чамгарактын алдына биригишип, ит тытышын койду. Чыңгызхан али каган боло элек, али жаш, аты Темирчи кезинде уруу чабыштарына көп катышты, талкалаганын талкалады, таш талканын чыгарды, бирок өзү да кордук көргөн кездер болду, коңшулаш меркиттер жандай көргөн келинчеги Бөртөнү ала качып кетишип, башын барымтага байлап алган учур да өттү. Так-

ка олтуруп, эки тизгин бир чылбырды колуна алгандан кийин ирегелеш, эшиктеш жашап аткан өз уруулары-нын өз ара чабышын кан буугандай токтотту, чабышам деп чамынгандардын башына кылыч ойнотуп жиберди. Жылдар өттү. Жүргүшкө чыкканда баягыдай катын-калач, балдарды арттан кошо ээрчитип алуунун эми кажаты болбой калды. Калганын мындай койгондо да, жайнаган көп араба шамалдай шуулдаган атчан колдун ыкчам жүргүнө, жапырт каптап чабуул коюшуна, керек учурда шып этип көз ачып жумганча жер которуп кетүүсүнө, айрыкча калкылдаган чоң дайралардан өткөн кезде тоскоол боло баштады. Бирок аялдарды такыр албай коюуга да болбойт, аз санда болсо алар жүргүштү коштоп жүргүшү зарыл. Мына ушунун баарын тегерете ойлоп келип, каган катуу буйрук берген. Буйрук ушу: колдун ар кандай жумуштарын жасап, жүргүш менен келаткан аялдар бар, күйөөлөрүн ээрчип кошо келаткан аялдар бар – кимисине болбосун Күн Батыш жүргүшү жеңиш менен аяктап бүтмөйүнчө төрөөгө тыюу салынат! Бул буйрук Улуу Жүргүшкө чыгардан бир жарым жыл мурда жарыя кылынган. Ошондо каган айткан:

– Күн батышта жаткан өлкөлөрдү басып алсак, андан ары жер жок, андан ары биздин күн чыгышыбызда жаткандай чексиз мухит, ошерден токтойбуз, аттан түшөбүз, бел чечип эс алабыз, тууйм деген катын ошондо туусун, каалашынча туусун. Ага чейин кулагым менин түмөндөрүмдө катын тууду дегенди укпасын.

Мына ушундай буйрук болгон. Чыңгызхан бул Улуу Жүргүшкө не пайда берсе, не көмөкчү болсо, ошону жактырган, эмне кедерги болсо, жүргүштөн алаксытса – андайга жол бербеген. Атүгүл жаратылыштын улуу заңы менен боло берчү ишке да тыюу салган, мына ушунусу менен табийгаттын заңына да, Кудайыңа да түкүргөн. Кудайга түкүргөнү – Кудайды да өз максатына баш ийдиргиси келген, себеби дегенде, адамдан адам жаралуу Кудайдан болчу иш эмеспи.

Мындай буйрукка карапайым эл да, курал-жарак-чан кол да кың дей албады, кың деш ойлоруна да кел-беди: Чыңгызхандын бийлигинин күчү а кезде жетер жерине жетип турган чагы – бала төрөлбөсүн деген, буга чейин кулак укпаган, көз көрбөгөн буйрукка да баары жапырт макул болду, антпесе башы кетерин ар кими билип турду.

Мына бүгүн он жетинчи күн. Он жети күндөн бери Улуу Жүрүштө бараткан Чыңгызхандын көңүлү көтө-рүңкү, маанайы жарык. Бирок муну байкаган бир жан жок. Сырт көзгө ал туурунда олтурган шумкардай бир сырдуу, бир калыпта, жакшы маанайда, же жаман маа-найда дегендей эмес, эчтемесин билдирбейт, сүрдүү, та-бышмактуу, кадимки каардуу каган. Ал эми кагандын ич-дүйнөсүндө майрам, ичинен кыңылдап ырдап, атүгүл өзү да ыр чыгарып жиберди:

Кар жааса да, жаан жааса да,
Добул уруп, сел жүрсө да,
Кароолдорум түн бою шырп алдырбай
Карайсыңар үйүмдөн көзүң албай.
Улуу жолдо баратып,
Ыраазылык айтайын, кароолдорум,
Олтургузуп тактыга, каган кылган
Силерсиңер, силерсиңер...
Өз ордомдо эл бийлеп олтурганда,
Же жүрүштө куюндап баратканда
Кайда жүрсөм сак-сактап, кароолдорум
менден көзүң албайсыңар
Андыктан көңүлүм тынч, кооптонбоймун
Баратып Улуу Жолдо
Ыраазылык айтамын, кароолдорум.
Күн-түн дебей кайтарган жолборсторум,
Силер бар – ошон үчүн такка кондум!..
Ичи жаман, ою арамдар
Түн жамынып, белендеп жаасын даяр,

Келатканда тымызын жолун тороп,
Колдоруна сазайын карматтыңар.
Баратып Улуу Жолдо
Ыраазылык айтамын кароолго!
Желе жортуп айлуу түндө
Көздөрү күйүп шамдай
Бөрүлөрдүн үйүрү келаткандай
Сырттаныңан калышпай,
Салып жандай
Келесиңер жанымда көкжалдарым,
Жүрүш баштап, Батышка мен барамын.
Ташты чапсам талкалаар кылычтарым,
Мен силерге ыраазымын.

Чыңгызхан минтип бирөөгө угуза ырдаса жарашпас эле – ырга да, ыйга да жат, сезими небак таштай каткан каардуу адам сезимге алдырабы! Бирок күн дебей, түн дебей минтип жүрүш жолунда, ат үстүндө баратканда биртике көңүл толкутуп, ичинен кыңылдап коюшту осол көргөн жок. Анын маанайын өзгөчө көтөрүп, атүгүл ырдагысын келтирген нерсе жерде эмес, көктө турду. Мына, бүгүн он жети күн болот. Чыңгызхандын үстү жагында, тээ ободо, ак булут калкып келатат. Кагандын дал төбөсү тушта, калып да калбайт, өтүп да кетпейт. Баягы жер кезген пайгамбардын айтканы чын эле келди. Кимдин оюна келчү иш! Кагандын алдында тилин тартпай, оозуна келгенин сүйлөгөнү үчүн ал апенди а дегиче жарык дүйнө менен коштошуп да калышы мүмкүн эле го. Бирок ага эч ким тийген жок. Демек тагдырдын жазмышы, буйругу ошондой болду.

Күн батышты беттеп түмөндөр кылкылдап, толгон араба, көлүк, жер жайнаган субай мал улам алды жакты селдей каптап жүрүшкө чыккан биринчи эле күнү, Чыңгызхан чаалыккан атын алмаштырып, бөлөгүн мингени жатып, эчтеме оюнда жок, көктү бир тиктеди.

Жай жылып бараткан, жок, жылып эмес, так өзүнүн төбөсү тушка токтоп тургансыган ак булутка көзү урунду, бирок элес алганы жок: асманда калкып жүргөн булут азбы. Ат которуп минер замат жүрүп кетти, тигиндейректе өзүн коштоп кароолу, жан жөкөрлөрү баратат. Эмнени ойлоп атканын эч ким билбейт, ат үстүнөн кылкылдаган колду сыдыра тиктеп, каган баратат. Жат десе жатып, тур десе тура турган, чап дегенин чапкан, жөнө деген жерден Батышка өрттөй каптап жөнөп берген, ар кими оюнда так ушу кагандыкындай бийликке жетсем деген адамдар болгону менен Чыңгызхандын буйругун аткара келгенде анын колунун беш манжасы сыяктуу эле лыпылдап даяр турган калың черүү да баратты.

Аңгыча асманды бир ирет карап алды эле ак булут дагы көзгө чалынды, бирок бул жолу да Чыңгызхан ага анчейин көңүл бурбады. Дүңгүрөгөн колду баштап, күн батыш тарапта жаткан бай өлкөлөрдү басып алмак ою менен кызуу бараткан каган эмне үчүн төбөсүндө бир ак булут аны ээрчип, кошо келатканын ойлогон жок. Көктөгү булут менен жердеги жааңгердин ортосунда не байланыш болмок эле. Жүргүштө бараткандардын да эч кимиси булутту байкаган жок, булуттун бар-жогу менен эч кимисинин иши да болбоду. Ушу күнү кулак угуп, көз көрбөгөн шумдук окуя болгонун эч кимиси туйбады. Тизгин кармап, алдын карап бараткан адам асманга айланта көз жиберип, эмнени издемек эле. Бирде таандай каптап ойго түшүп, бирде дүркүрөп кашатка чыга калып, ат туягынан, араба дөңгөлөгүнөн көтөрүлгөн чаң жөө тумандай калкып, нечен жерлерди, нечен сууларды артка таштап, балким бу жерлерди экинчи кайрылып көрүшпөс, кагандын шилтеген жагына эч ойлонбой жөнөп берген, данкыбыз дагы көтөрүлсүн, бийлигибиз күчөсүн, жерибизге жер кошулсун деп, ошого ээ-жаа бербей шыктанган миңдеген кол бир калыпта баратты. Күн бою жүрүштү, көч жакындап келатты, түн кирген жерде

токтоп, өрүү жасап алып, эртеси таңынан кайра жолго чыкмай.

Каган, кагандын жан-жөкөрлөрү түнөй турган ак чатырлар күүгүм аралаш арыдан-бери тигилди. Шаңкайып алыстан даана көрүнөт. Батышка жүрүш жасаар алдында кагандын туусун жаңыртып жасашкан. Чекесин чымкый кызыл мата менен кыюулаган, ортосуна оозунан жалын чачкан ажыдаардын сүрөтү түркүн жибек жип, түстүү майда мончок менен чебер түшүрүлгөн кара асаба каган чатырынын эшигинде шамалга желбиреп турат. Айлана-тегеректи аңдый тиктеп, шырп эткен дабышка кулак түргөн эңгезердей балбан кароолдор «каганыбыз азыр чатырына келет» деп күтүп турушат. Каган көңүлү сүйгөн адамдардын ортосунда тамакты ушерден ичет. Тамактан кийин кол башчыларын чогултуп, бүгүнкү жүрүш кандай болду, эмне кеп бар, эртеңки жолдун маслааты кандай, ошолорду сүйлөшмөкчү. Жүрүштүн башталышы түзүк, купулуна толду, ошон үчүн колбашчылар кичине үлпөт куруп олтурса да болор деген ой келди: аларды үлпөт үстүндө сүйлөтүп, угууну каалады. Алардын сөзүнөн кийин өзү буйруктарын айтмакчы. Ал буйруктарын айтканда чатыр ичиндегилердин баары жымжырт болуп, кунт коюп кулагын түрүп, бир сөздү жаза кетирбей укмакчы, ал эми кагандын сөзү ошол жерде олтурган бир ууч адамга гана эмес, төгөрөктүн төрт бурчуна багышталып айтылмакчы, анын сөзүнүн касиети ушундай, жакында анын буйругун бу жер жүзүнүн чар тарабы кың дебей угуп турмак, ал ошол улуу жүрүшкө аттанып олтурат. А сөз деген түбөлүктүү күч.

Бирок а күнү андай үлпөттүү олтуруш болбой калды. Капыстан Чыңгызхандын көңүлүнө дүрбөлөң түштү, санаасы тынчыбай, кыртышы эч нерсени сүйбөй, үлпөт түгүл жанына киши жолоткусу келбеди. Анын себебин өзүнөн башка эч ким билген жок...

Түнөчү жерге жакын калганда Чыңгызхан көз кыйыгын жиберип, бүгүн минтип үчүнчү жолу карашы, төбөсүндөгү булутка дагы бир ирет назар салып коймокчу болду. Обону тиктегенде көзүнө урунуп, өзүнө көндүм болуп калган булут тарапка башын саал көтөрө бергенде эле жүрөгү шуу дей түштү. Булут жок! Эмне болуп кетти?! Жакшылыктын жышааны эмес. Ой-санаасы бир заматта сапырылып, денеси муздап, көзү караңгылай түштү – жерге кулап түшпөс үчүн ат жалын мыкчып, өбөктөй калды. Өмүрүндө мындай абалда болгон эмес; бу асман-жер ортосунда анын жүрөгүн мынчалык түшүрө турган нерсе боло элек эле; көрбөгөнү калдыбы, анын эч кандай жашык сезимге алдырбаган жыландыкындай акылын, кан кечип жүрүп муздай тоңуп, катып бүткөн жан дүйнөсүн бу жарыкчылыкта эмне таң калтырмак, эмне күйгүзө алмак: минтип көзү караңгылай түшкүчө жүрөгү шуу этип, каган башы менен катындарча жалды кармап жата калат деген түшкө кирбеген нерсе эле го?! Мындай эгерим болгон эмес, болмокчу эмес, себеп дегенде, ал бу жарыкчылыкка келип жерден боорун көтөргөнү, бала болуп башына жүн чыккан кезден баштап эле, тээ суу бойлоп ойноп жүргөн чакта балык талаша кетип, өзүнүн жатындаш бир тууганы Бектерди жаа менен атып салган кезинде эле – а чынында балык үчүн эмес, жашабай жатып жырткычтык сезими эрте ойгонгон бала-бөлтүрүктүн башына: «илгери кийин ушу каапыр менден жол талашып жүрбөсүн» деген алысты болжогон ой келе калган үчүн өлтүргөн кезинде эле, ошондо бу дүйнө алдуу-күчтүүнүн, алдынан чыкканды тоголото чаап кете берчүнүн дүйнөсү экенин өз көзү менен көргөндөн баштап эле ал күч деген күч экенин, жалындай жалбырттаган жапан күчтүн алдында жапырылбай турган, жалп деп кулап түшпөй турган эч нерсе жок экендигин, башы кара, буту айры, күнөөгө белчесинен баткан адамзат пендесин мындай кой, ташпы, тал-даракпы, куш-паранда, айбанатпы, жерби, суубу,

күркүрөгөн күчкө бетме-бет келгенде талкаланбай, бырк-ыранбай, күлгө айланбай коё албастыгын даана туйган. Бир күчтү экинчи бир күч таш-талканын чыгарып баса калганда бу дүйнөнүн ажары өчө түшөт: демейде адамды таң калтырчу нерсе жупжупуну аянычтуу бирдемеге айланат, кооздуктан, сулуулуктан бир паста кунар учат. Мына ушундан улам күчүнө жапырылып берген нерсенин баары түккө арзыбайт, алдына чөгөлөп тургандын кежигесин кылыч менен кыя чапсаң да, кендик кылып кечирип койсоң да – сендей күчтүүнүн эркидеген бүтүм элде небак чыгарылган эмеспи. Бу дүйнөнүн заң-мыйзамы ушундай...

Бирок адамдын бийлиги, күчү жетпес бир нерсе бар – ал Көкө-Теңир. Китеп окуп, бичик тааныган уламалар, жер кезген гималайлык дербиштер түбөлүк өлбөс-өчпөс не бар дегенде жалгыз Көкө-Теңирди атайт. Атаганат, айтса-айтпаса төгүнү барбы, төбөгө көмкөрүлгөн көк теңир гана каган бийлигинен тыш, кол жеткис. Теңир астында ал миң-миндеп кыбырап жүргөн жан-жаныбарлардын бири, Теңирге кол көтөрө да албайт, коркутуп-үркүтө да албайт, чабуул коюп кирип да бара албайт. Ошон үчүн жер үстүндөгү баардык нерселердей эле Теңирге жалынып-жалбарып сыйынган кезде, жандык союп, кан чыгарып, курмандык чалганда: «Колдой көр, Теңирим, колдой көр! Күчүмө күч кош, дөөлөтүмө дөөлөт кош, байлыгымы көбөйт, бийлигимди узарт!» деп тилегени тилеген, минтип тилей турган жөнү бар го,– тиги жер кезген дербиштердин айтканындай болсо, жашоо дегениң ушул жер үстүндө эле эмес экен, мындай жашоо кең ааламдын далай жеринде бар имиш, андай болгон соң Көкө-Теңир жер үстүн «Ал, каалаганыңдай башкар!» деп, Чыңгызханга бүт бойдон эле берип койсо болбойбу, же Чыңгызхандан күчтүү, Чыңгызхандан да татыктуу адам барбы. Жок, андан татыктуу пенде али туула элек, Төгөрөктүн Төрт Бурчун былк эттирбей кармап турууга андан күчтүү адам али жок. Адам баласы

аттууну бүт багындырсам деп отурат каган. Теңирден мына ушуну сурап келатат. Минтип сурооого кай пенде батына алмак! А кагандын жөнү башка. Өз ичинен купуя ойлоно келгенде ал Көкө-Теңирге минтип кайрыла турган өзгөчө укугу бар экенине бекем ишенет. Себеп дегенде бу дүйнөнүн үстүнөн карап, бир киши башкарып олтуруш керекпи? Керек! Андай экен, ким алдуу болсо, күчтүү болсо, башкаларды тырпыратып алдына басып алса, дүйнөнү ошо башкарып олтурсун! Мына ат туягына жер үстүн дүңгүрөтүп, улам бир элди чаап келатат. Теңир колдогон үчүн ошондой болуп келатат, улам бийлиги күчөп, укуругу узарып баратат. Теңир сүйгөн үчүн ошондой болуп баратат. Буга Каган небак ишенген, алты кабат асмандагы айбаттуу нечен күчтөр өзүн эч бир жанга, эч пендеге билгизбей дамамат жылоолоп келатканына небак көзү жеткен. Болбосо катуудан казан, жумшактан күл калтырып чаап өткөн жерлердин баардыгында кимдер эмне деген гана каргыш айтып боздогон жок, кана, ошо каргыштардан Кагандын кылы кыйшайып койдубу, койгон жок, кайра даңкы таш жарып, ысмын укkан адам зирилдеди. Көктү карап, алаканын жайып, Чыңгызханды каргагандардын каргышы көккө жетпеди, алар канчалык каргаган сайын Чыңгызхан алардын үнүн ошончо басты, өчүрдү, угулгус кылды. Акыйкатында ушундай болду. Бирок, кантсе да, кээде жасаган иштерди ойлоп, көңүл дүрбөлөңгө түшүп, «Көкө-Теңирдин каарына калып жүрбөйүн, Көкө-Теңир жазалап коюп жүрбөсүн» деп кооптонгон күндөр боло калат. Мындай учурларда улуу Кагандын дени муздап, бир саамга дем какпай ката түшөт, мындайда кылычынын астында калтырап турган элге биртке женилдик да бере коёт. Көкө-Теңир алдында өткөн-кеткен күнөөлөрүн бүт моюнга алып, кечирим сурооого даяр турат. Бирок... Бирок, Теңирдин Каганга каарын төгө турган, нааразы боло турган эч белгиси жок, мурдатан кандай колдоп келсе так ошондой эле колдоп ке-

латат. Буга көзү жеткен соң, кумардын кызыгына кирип алган адамдай, каган улам бир балээлүү ишти баштап жиберип, жер үстүнө улам бир шойком Асман акыйкатын уруп да койбочу түрү менен «Теңир мага дагы канча чыдаар экен» дегендей кашкөйлөнөт. Теңир чыдап, эмне кылса да көтөрүп, кебелбей ырайым көргөзүп турганы турган. Мына ушундан кийин ал өзүнүн жасайм дегенин жасаган өзгөчө киши экенине көзү жеткен. Жылдар жылды, айлар акты, бет келген жагын күркүрөп чаап келатат, өзгөчө киши экенине – Теңирдин сүйгөн жалгыз пендеси, Теңирдин уулу экенине эми даана ишенди.

Нечен дүңгүрөгөн тойлордо ырчылар жаагын жанып, толкуган көпчүлүктүн а четинен бу четине атчан ырдап, «Теңирим сүйгөн Каганым! Теңирдин уулу Каганым!» дешип, зоболосун асмандатып ырдашкан, эл дуулдап коштоп, алакан жайып дүркүрөшүп бата берип турган кездер канча болду, ал бир караламан элдин арсыз кошоматы деп койчу: жок, ал ырчылар ошентип ырдаган үчүн Теңирдин уулу экенмин дебаткан жери жок, мындай бүтүм чыгарткан анын өз Тагдыры, өз Өмүрү. Өз Тагдырын, өз Өмүрүн карай келсе Көкө-Теңир анын баардык ишин илгерилетип, жолун ачып, багын көкөлөтүп, такай колдоп келатканын көрүп турбайбы. Неге Көкө-Теңир аны ушунчалык колдойт? Себеп дегенде Улуу Каган аркылуу Көкө-Теңир өзүнүн жер үстүндөгү иштерин жасап жатат. Кагандын жасаганы Теңирдин жасаганы, Каган – Теңирдин жердеги өкүлү, колу, күчү! А Теңир бир гана күчтү, күчтүү карууну, күчтүү пендени жылоолойт, Каганда болсо күч бар...

Андай болбосо аң уулап, мал баккандан башка менен иши жок, өзү улам жакырланып бараткан кыят аттуу бир уруунун ичинде жүргөн жетим баланын даңкка, бийликке, дүйнөнү басып алмакка күүлөнүп талпынганы күчөгөндөн күчөп, кокту толо октолулган селдей ээжаа бербей келатканын, көккө шаңшып чыккан шум-

кардай жылдызы, зоболосу уламдан улам көтөрүлгөнүн не деп түшүндүрүшкө болот,– буга ал өзү да кээде аң-таң калат. Кана, барбы бу чөлкөмдүн тарыхында ушундай эбегейсиз зор бийликтин эки тизгин, бир чылбырын колуна бек кармаган адам, жок, кандайча мындай болуп калды; тагдыр абдан эле көзүн түз салды дегенде бу жетим ашып кетсе жылкы чаап тийип жүргөн бир чоң ууру болот эле го. Жооп ушу: Теңир өзү көзү түшүп, өзү жылоолобосо, жалгыз атчан Темирчи азыр моминтип ажыдаар сүрөт түшүрүлгөн, алтын жиптери жалтылдаган сүрдүү асабанын астында жер дүңгүрөтүп баратпайт эле, эч качан Чыңгызхан аталбайт эле да, алтын чатырдын ичинде алтын тактыда отурбайт эле!..

Ушунун баарынын кадиги жок экендигине не далил дегенде, мына: ааламдын ажайып аппак булуту төбөдө келатат! Мына Азия каганын Теңирдин өзү колдоп турганына айдан ачык күбө! Көз кыйыгын жиберсең аппак болуп ободо турат. Баягы аз жерден башы алынып кала сактаган дербиш айткан булут. Пайгамбар экен, айтканы келди! Ак булут – Теңир өз уулуна жиберген ыйык сыр. Теңирдин ырайымына күбө өтүп турган белги, алдыда улуу жеңиштер турганын кабарлаган жышаан.

Ушу дүпүрөп кетип бараткан миңдеген адамдардын бирөөнүн да башына мындай укмуш болору келген жок, үстүндө кошо калкып, жүргүштү коштоп бараткан ак булутту эч кимиси байкоос албады, бул эмне болгон булут, кайдан пайда болгон булут деп күдүктөнбөдү. Асманда эркин калкыган булуттарды ким эле эсепке алып, көзөмөлдөп жүрүптүр!.. Бир гана улуу каган, талаанын тажаал арыстандарындай жулунган жоокерлерди кылкылдата тизип алып, дүйнөнү чаап алууга баштап бараткан каган ак булуттун улуу сырын, купуя маанисин аңдап-туюп баратты, мындай кулак угуп, көз көрбөгөн окуяга же ишенерин, же ишенбесин билбеди. Мына өзүнүн көргөнү, байкаганы, ойлогондору жөнүндө бирөө-

гө айтса, акылдашса болобу, же болбойбу деген суроо ичти түпөйүл кылды. Болуптур, айтсын, сырын ачсын, а булут ошо замат көздөн кайым жок болуп кетсе эмне болот? Купуя сырын айтарын айтып алып, мына көргөзөйүн десе булут жок болуп чыкса, угуп отурган адам не ойдо калат, каган акылынан айнып баштаган экен деген ойго кетери бышык го. Кайра мындай күдүк ойлорду баштан алыс кубалайт да, жан-дүйнөсү кадимкидей кубаттуу чыйралып, «жок, бу булут эмес, жөндөн жөн эле жок болуп кетпейт, бул Көкө-Теңирдин атайы жиберген белги жышааны, анын улуу сыры ошондо турат» дейт ичинен. Мына ушинтип ойлогондо жүрөгү толкуп, көңүлү эргий түшөт, өзүнүн көсөмдүгүнө, көрөгөчтүгүнө, Күн Батышты чаап алмакка аттанганында эч ката жок экендигине ишеними ого бетер артат, «бүт дүйнө, бүт жер үстү менин амиримди тутат, амиримди тутсун үчүн кылычымдын колдо ойногону ойногон, баш көтөргөн элди чапканым чапкан, эч кимди аёо жок...» деген ниетке дагы күчтүүрөөк бекемделет. Адам заадисин, жан бүткөндүн баарысын бийлик алдында титиретип турсам деген кумар бийлик адамынын канында эзелтен келаткан кумар эмеспи: канча болсо, дагы ошончо болсо дейт, дагы болсо, бул аз, Теңирим, дагы бере көр,— деп тилейт...

Ушинтип улуу каган жер дүңгүрөткөн улуу жүрүштө келатты. Ак булут ободо. Чыңгызхандын көз кырында, акырын жылып, ээрчип келатат. Кагандын алдында атактуу Куба жорго. Таң каларлык жылкы: жалы ашпак да, куйругу капкара. Ушундай туулган мал. Саяпкерлердин, сынчылардын айтымында мындай жылкы өзгөчө бир жылдыздын барманы астында миң жылда бир туулат экен. Эми мунун жүрүшүн айт, мындай жүрүштүү мал дүйнөдө жоктур, күчү не деген күч, чарчайт дегенди билбейт, жаныбар. Аяк таштаганы билинбей закымдап, соорусуна суу койсоң төгүлчү түрү

жок, үстүндө минген кишисин чарчатпай, ээрге урунду кылбай, калпактай жеңил алып жүрүп отурган бу жорго кызыганда төрт туягы нөшөр болуп жерди сабап, жанын таштап жиберет, көлкүлдөп эрип жок болуп кетер беле жаныбар,– тизгин гана эсине келтире коюп келатат. Илгери бир акын: «Дуулдап баратканда жорго үстүндө, өлбөстөй өзүн сезер ар бир пенде» деген экен...

Чыңгызхандын көңүлү жаркып, көөдөнү көлдөй чалкып чыкты, алдындагы Куба жорго эмес, өзү ушу даркан талаа бетин дүңгүрөтө уруп бараткандай, Кубанын тулкусунда булкунуп жүргөн кан өзүнүн денесинде булкунуп жүгүрүп жаткандай сезим пайда болду, ушундай карылуу, күчтүү дем менен жер үстүн чарк айланып, көздөгөнүнө жетип тынгысы келди.

Чынында да мындайдан карасаң каганга жорго, жоргого каган куп жарашып, экөө бир бүтүн заттай жууруулушуп, үстүндөгү адамдын, астыдагы аттын алп күчтөрү биринен бирине өтүп жаткандай эле. Кагандын отурушун айт – туурдагы шумкардай сергек, кыт куйгандай ээрге бек кадалып, эки бут үзөңгүнү чирене тепкен, өзүнүн кадимки тактысында олтургандай башын өдөө көтөрүп, былк этип койбойт. Кең көкүрөк, чымыр дене, кызыл жүз, кууш көз, жаак булчуңдары буртуюп, сөөктүү ыраңына өзгөчө сүр берген келбети көргөндү сестентпей койбойт, бийлик кимде, күч кимде экенин, ушул калың черүүнү улуу жүрүшкө ким баштап баратканын өзүнөн өзү айгинелеп турат...

Кагандын алдыраак жагында үч асабачы баратат, ортоңкусунун колунда Каганга таандык таанымал кара туу – жүрүшкө чыкканда ала жүрчү туусу – бетинде ажыдаардын сүрөтү алтын жип, акак шуру менен келиштире кештеленген. Үчөөнүн мингени окшош кара аргымак, үчөө тең биринен бири өткөн тандалган жигиттер, кагандын асабачысы деген оңойбу, даражасына жараша үчөөндө тең менменсиген, дүмөктүү түрү бар,

туу – ортодогу нөкөрдө, эки жанындагысы найзаларын сундура кармап кетип баратышат. Булар көтөргөн туу каерде болсо, демек каган ошерде деген сөз. Туу бетиндеги оозунан от чачып, атырылган ажыдаардын келбети шамал ыргагында жандуудай бурандап, тостойгон эки көзү эки жакты карагылап, жутуп жиберчидей окшоңдойт...

Күн кылкылдап батып баратат. Алдыда чеги жоктой мелмилдеп, уч кыйырына көз жетпес даркан талаа жатат.

Чарчайт, чаалыгат дегенди билбеген каган таң заардан адатынча ат үстүнөн жүрүшкө берчү буйруктарын берип баштаган. Оң канат, сол канатта бараткан түмөндөр таңкы үрүл-бүрүлдө чабармандарын чаптырып, каганга болгон кабарларды жеткирип, кайра алчу буйруктарын алышкан. Кол түзүк баратат, бирок дагы да ыкчамыраак жүрүү зарыл. Кыш алдындагы кар аралаш калың жамгырга калбай улуу Эдил дайранын жээгине жетип алуу керек. Эдил – бу жүрүштөгү эң башкы тоскоол, берки жээгинде бир аз өргүп, муз тоңор замат аркы жээгине өтүп кетишсе, анда эңсеген максатка – Күн Батыш жерин чаап алмакка селдей каптап жөнөп беришери көрүнө иш...

Бүгүн да добулбастар жерге жарык түшөр замат кагылды. Тур, черүү, жолго аттан! – деген таңкы кабар. Он миңдеген адамды уйкудан тургуза коюу оңой эмес. Ошон үчүн добулбасчылар күчүнүн жетишинче добулбасын ургулап, дүңгүрөгөн сүрдүү дабыш жер үстүн каптап, талаа бетин бербей ар кай жерде өргүп жаткан кошуундардын баарына жетип жатты.

Каган небак туруп жүргөн. Балким андан эрте турган киши жоктур, дамамат элден мурда туруп, кулан өөк салып келаткан күзгү таңда кечээтен берки жыйналган ойлорун дагы бир ирет тескеп, өргөөнүн жанында желдеп басып турмай адаты, чаап келген чабармандарга ушерден буйругун берип, кайра кайтарат да, миң-

деген адамдарды кыймылга келтирип, аттуусун атына, арабачысын арабасына минүүгө тынбай чакырып жаткан добулбастардын күн күркүрөгөндөй дүңгүрүнө кулак төшөп, тыңшап турат. Жаң-жүң үндөр көбөйөт, кошуун жапырт кыймылга кирет, түндө биртике тыныга калган улуу жүрүш кайрадан уланат, ушинтип дагы бир күн башталат.

«Тур, черүү, тур! Таң атты, тур!» деп, добулбастар кулак тундура дүңгүрөйт. Бул ар күнү таңында элди уйкудан ойготкон эле белги эмес, мунун мааниси андан да жогору, бул кагандын ар бир нөкөргө өрттөй күчтүү бийликтин илебин таң атпай сездирүүсү, таң атпай «Эй, көрпенде, ойгон, сен жүгүрүп буйрук аткарууга жаралгансың, тур, аттан!» деген катаал эскертүүсү. Добулбастын дүңгүрөгү менен каган бирөөнүн үйүнө капыстан шапа-шуп кирип баргандай эле таңында уйкудан көзүн ачкан ар бир нөкөрдүн аң-сезимине сүрдүү элес болуп кирип барат: нөкөр бир саамга да өзүнүн ким экенин унутпасын, ал кагандын колундагы куралы, камчысы, душманга аткан жебеси, андыктан кагандын гана көзүн карап турсун, каган ойлогонду жасасын, өзү ойлонбосун, ошон үчүн таң заарда башка балээлүү бир ойду ойлой элегинде добулбастын дүңгүрөгү менен көзүн ач, себеп дегенде уйку-жаман, уйку – адам баласына берилген жалган эркиндик, уктаган адам өзүнө өзү таандык болуп калат, ур добулбасты, мындай эркиндиктин таң атпай быт-чытын чыгарып туруу керек, ана кудайың-кудуреттүү каган, бас деген жагына басасың, чап дегенин чабасың!

Добулбастын сүрдүү дүңгүрү ар качан Чыңгызхандын сезимин бир дүр дегизип алат, качанкы бир бала кездеги элес эрксизден эсине түшө калат: ошондо эки бука жер челип, жер-сууну бузуп өкүрүп келип карсылдашып сүзүшүп калганда Чыңгызхан анда өспүрүм бала, Чыңгызхан атка коно элек, аты Темирчи, дүйнөдөн эрте кайтып кеткен Эсигей-баатырдын жетимчеси, кандай-

ча жааны колуна алып, арагыраакта чырм этип уктап кеткен жатындаш тууганы Бектерди жебе менен атып туруп калганын өзү да билбейт. Ошонун астында Бектер экөө өзөндөн балык кармап жатып, балык талаша кетип, урушуп калышкан. Бектер бакырып ыргып туруп, кайра үстөмөнүнөн кулады, жебе таамай тийген экен, кан жая берди, кайран бала ошо менен турган жок. Темирчи алактап чоочуп кетти, боз үйдүн жанында жаткан добулбасты ийнине салып көтөргөн боюнча тоонун бетине чыга качты. Тоонун бооруна олтуруп алып, дүңгүрөтүп добулбас кага берди. Ылдыйта апасы Агөлөң бечера «Кокуй, кокуй жатындашын өлтүргөн бу кандай желмогуз» деп, чачын жулуп өкүрүп, каргап шилеп жатты. Ангыча эл чогулду, келгендер тоонун боорунда отурган Темирчиге муштумдарын кезеп, бирдеме деп кыйкырып жатышты, бирок Темирчи алардын сөздөрүн укпан жок, дүңгүрөтүп добулбасын кага берди, кага берди. Эмнегедир эч ким жанына даап барган жок. А күнү үйгө келбеди, тоодо түнөдү, жанында дүңгүрөтө каккан добулбасы болду.

Мына эми жүздөгөн добулбастардын асманды жарган дүңгүрөгү анын кылкылдаган калың черүүнү таңында бир кишидей ордунан шап тургузган согуштук чакырыгы, «аттан, жоокер!» деген өктөм айкырыгы, оттон-суудан кайра тартпаган айбатын, күчүн, жаалын сездирген, «дүйнөнү бүт чаап алмакка баратканда кайдагы жай жатыш, кеттик, кеттик, алга!» деген буйругу. Ноёндор лам дебей баарына даяр, кагандын артынан дүйнөнүн бүткөн чегине чейин кете беришеринде шек жок, дүйнө акыры бир жерден барып бүтөр да, каганды ээрчип кете берет, булар кай жерге жетсе, ошол жердеги адамзаада, жан-жаныбар күндө эртең менен добулбастардын добушунан дене-бою бир дүркүрөп ойгонуп турмак. Атүгүл жакындан бери Чыңгызхандын жан кишиге айтпас купуя ойлоруна күбө болуп, кошо ээрчип келаткан ак булут да таңында добулбастардын

дүңгүрү астында акырын төбөдө айланып турганы турган. Таңкы желаргы оозунан от чачкан ажыдаардын сөөлөтү бар каганаттын туусун желбиретип, ажыдаар алдыга тирүүдөй атырылып бараткандай көрүнөт...

Таңдар суйкайып атып, аба ырайы түзүк, бу күндөрдүн өтүшү жаман эмес.

Түн бир оокумда уктаар алдында өрүүдө жаткан черүүнү бир сыдырып карап коюу кагандын адаты. Ымырт баскан көк мейкиндин көп жеринде күйгөн оттор, кээлери жакындан эле жалынын алоолонтуп көзгө даана, кээлери тээ ыраактан жылтылдайт. От тегерегинде жүргөн черүү, ат, араба, жуушаган мал, тигилген чатырлар – баарынын үстүндө ободо бозомтук түтүн чубалып жатат. Баары жабыла эт жеп, шорпо-шилең ичкенге кирген. Эт мол, казан-казан толо килейген жиликтерди буркуратып чыгара келген кезде тегеректе ачка жүргөн жан-жаныбар обочодон айланчыктап, көздөрү өтүп, карап турушат. Анда-санда караңгылыктан көздөрү жаркырап көрүнө калат, оттон, адамдан коркуп, тамакка жете алышпайт чыйпылыктап, кыңшылап, улуп жиберишкени кулакка илээшет.

Тамак ичилип бүтөт да, түмөндөгөн калың кол уйкуга кирет. Бирок өрүүдө жаткан колдун өзүнчө тартиби бар: кешиктендер, кароолдор өз-өзүнө тийиштүү жерге жайгашкан колдорду тынбай кыдырып, кирпик көзүн какпай көзөмөлдөп турганы турган. Тартип катуу, темирдей бек, ар кимдин өзүнө ылайык орду бар, ошол ээлеген ордуна жараша иш кылуу мойнундагы парзы, баары биригип келип бир максатка, кагандын дүйнөнү бүт каратып алам деген максатына кыңк этпей кызмат өтөө керек. Мына ушуну ойлой келгенде Чыңгызхандын көңүлү чайыттай ачылып, өзүнүн бу миңдеген пенделердин баарынан өйдө турган жападан жалгыз өзгөчө адам экендигине, чексиз бийлик колумда турсун деп күндүр-түндүр эңсегени, Көкө-Теңирден тилегени бекеринен эместигине көзү жетер эле, мына ушундан улам

каган небак бекем бүтүмгө келген: анын бийлигинин күчөшүнө, алдыдагы максатына кызмат кылган нерсе гана жарайт, максатка кызмат өтөбөгөн, арасат нерселердин биринин да кереги жок, жарабайт.

Мына ошон үчүн Сары-Өзөктө эки адамдын өмүрү кыйылды. Ошол уламышты далай заман өткөндөн кийин Абуталип Куттыбаев шору тартып, жазып алып отурбайбы...

Бир түнү үч атчан кароол адатынча оң канаттагы колду кыдырып келатышты. Черүүлөр жаткан чатырларды айланып чыккан соң жүктүү арабалар, малчылар, оюмчу-тигимчилер жайгашкан жерге да тие өтүштү. Баары жайында. Күндүз жол жүрүп чарчаган кишилер бири боз үйдө, бири чатырда, бири оттун боюндагы отурган жеринде эле кулап-кулап уйкуга кеткен. Теребел тынч. Үчөөнүн көңүлдөрү жай, карачу жерлердин баарын карап чыгышты. Тизгин тартып, кобурашып сүйлөшүп, биртке туруп калышты. Кароол башчы албеттүү жигит, жүз башы экени баш кийминен көрүнүп турат, акырын үн катты:

– Баары жайында экен. Баргыла эми, силер да эс алгыла. Мен биерди дагы бир айланып карап кетейин. Берки экөө жөнөп кетти, бир аздан соң карангыга сүңгүп, караандары көрүнбөй калды. Жүз башы жигит о айлана-теребелди абайлап байкап, тыңшап бир аз турду да, анан аттан түшүп, тизгинден жетелеп, усталардын, тигимчилердин арабаларын акырын жандап өтүп, арыда саал обочороок тигилген чакан боз үй тарапка жөнөдү. Айдын жарыгы анын сөөктүү, булчундуу жүзүн, анын артында элпек ээрчип келе аткан аттын бакырайган көздөрүн чагылдыра калып жатты. Бу жүз башы жигит, аты Эрдене, боз үйгө жакындай бергенде, күтүп турган көрүнөт, жашы улгайыңкы кичинекей аял алдын утурлап чыга калды.

– Самбайну, деп – учурашты Эрдене тиги аял менен. Анан: – Кантип атасыңар деги? – деп сурап жиберди.

– Жакшы, жакшы, теңир жалгап баары жайында болду,– деп шашыла шыбырады аял. – Эми көп кабатыр болбо. Догулаң, сени күтүп атат.

– Келейин деп келе албай жатпадымбы. Биздин ноёнубуз ошончо күндөн ушу күндөрү жылкы санак жасатып коюп, үч күнү таптакыр чыгалбадым, жылкыда жүрдүк.

– Кейибе Эрдене! Сен келгенде эмне кылмак элең. Бирөөнүн көзүнө урунуп, биерде эмне кылып жүрөт дедирип... Андан көрө аман-эсен көз жарып алды, мындан өткөн олжо барбы. Жүрөгүмдүн түшкөнүн айт: кыйналганда кыйкырып жибереби, кандай болуп кетет деп, жаман болот экенсиң. Оозунан кын деп дабыш чыккан жок, чыдап койду Догулаң. Догулаңын кыйын экен, кыйын экен. Таңында чүмбөт арабага жайгаштырып койдум, эч ким шек алган жок. Ой, мен эмне эле бежиреп жатам, бешик бооң бек болсун, Эрдене, атын кой эми!

– Теңирим колдосун силерди Алтун! Догулаң экөөбүз сага түбөлүк карызбыз, ыраазыбыз,– деди жүз башы. – Ат коёбуз, албетте ат коёбуз.

Эрдене атынын тизгинин Алтунга карматты.

– Атыңдан камтама болбо, – деди Алтун.– Мен өзүм карап турам. Андан көрө тез Догулаңга барчы, күтүп атат.

Жүз башы алдында бир чоң сыноо тургандай, боюбашын түзөп, бир аз токтоло калды, анан Догулаң отурган боз үйгө басып барып, эшигин акырын өйдө көтөрүп ачып, саал эңкее түшүп ичине кирди. Очокто бүлбүлдөп күйгөн от үйдүн ичин ала күүгүм жарык кылып турган экен, Эрдененин көзү төрдө үстүнө киш чепкенин желбегей жамынып отурган Догулаңга шак урунду. Шырымал чакан төшөк жабылган бешикти секин терметип отурган экен.

– Эрдене, мен биякта отурам,– деп жиберди ал эшиктен кирген кишиге, үй ичи көрүнбөй жатабы деген кыязда. Ошо замат жылмайып, уяла түштү. – Биз биякта отурабыз, – деп ондоп айтты.

Жүз башы саадагын, жаасын, кынга салган узун канжарын шарт-шурт чечип босого ченге таштады да, эки колун жайып, төргө шашылды. Тизелеп олтура калганда экөөнүн беттери тийише түштү. Ошо замат моюндашып, биринин ийнине бири башын коюп, сыга кучакташып, бир саамга катып калышты. Үй ичи, тыштагы дүйнө, баары бир паста эрип жок болуп, экөө гана калды. Экөө, бешикте тыноо кагып жаткан чүрпө – үчөөнөн башка ааламдын баары бир паста жоголуп, жымжырт болду да калды.

О бир оокумда барып гана Эрдене үн катты:

– Кандай, Догулан, кантип калдың? – жүрөгү тайдай туйлап, энтиге дем алган неме аптыга сурады. – Сени кантип атат деп, санаам тынчыган жок.

– Теңирим колдоду, Эрдене, аман-эсен көз жарып алдым,– деди саймачы жылмая берип. – Эми а жагын ойлобой эле кой. Андан көрө уулуңдун жайын сура. Сенин эле өзүң. Алтун да айтат, капырай ушундай да окшош болобу деп. Чыйрак түштү, эмчекке жабыша калып соргонун айт.

– Ке көргөзчү Догулан. Кана кандай жигит экен өзү!

Догулан бешиктен оолактай берди да, бешикке жабылган төшөктү ачмакчы болуп баратып, тышта эч кандай дабыш жокпу дегендей, бир тынымга кулак түрө калды, жок, эшик жак тынч эле көрүнөт – жымжырт.

Жүз башы бешикке үңүлүп, алакандай жүзүнөн али эч нерсенин белгиси билинбеген наристеден өзүнө окшош жышаан издеп, кадала тиктеди. Так ушу азыр, дем какпай баланы тиктеп туруп, ал теңир адам тукумун түбөлүк уланып кете берсин үчүн жаратарын, мунун өзүндө табийгаттын өзгөчө бир терең маани-маңызы жатканын биринчи жолу аңдап сезгендей болду.

Мына ушул ойдон уламдыр, ар сөзүнө шашпай басым жасап, мындай деди:

– Мына эми сени менен дайыма бирге болом, Догулаң, башыма кандай күн түшпөсүн, ар качан бирге болом. Себеп дегенде сенин колуңда менин уулум бар.

– Дайыма эле мени менен бирге болуш кайда! – деди келин мыйыгынан күлүп. – Бу бала менин бу дүйнөгө, баягы Будда кайра жаралгандай, кайра жаралганым деп атасың го. Мен да бүгүн эмизип отуруп ошону ойлодум. Үч күн мурда эле бу дүйнөдө жок бала, мына жарыкчылыкка келди, бу сенин экинчи өмүрүң эмей эмне.

– Мен да ошону ойлодум. Бирок Буддадай кайра жаралдым деп айта албасмын, мен ага кайдан теңелейин.

– Буддага эч кимибиз теңеле албайбыз, мен сени эмнеге теңейм, билесиңби? Сен менин ажыдаарымсың. Мен тууларга ажыдаардын сүрөтүн түшүрүп жатамбы, ошонун баары сенсиң, – деди Догулаң. Өзгөчө бир кумар менен шыбырады. – Туулардагы ажыдаарлар сенсиң, муну эч ким билбейт. Ажыдаар түшүмө да кирет, түшүмдө да мен ажыдаарды саймага түшүрүп аткан болом, кадимкидей жан кирип кетет, көтөрүп алып учат, мойнунан кучактайм, сен деп элестетем, жуурулушуп кетебиз, эрип да кетем, ошондо кайра бир карасам ажыдаар эмес эле өзүң турган болосуң. Түшүмдө бирде ажыдаар болуп киресиң, бирде кадимкидей өзүң болуп киресиң. Ойгонуп алып көргөн түшүмө же ишенерим билбейм, же ишенбесим билбейм. Мен сага мурда да айтчу эмес белем,– сен менин оттуу ажыдаарымсың деп. Ал сөздү сен тамашалап айткан экен дебе. Ал менин ыймандай сырым. Канча туунун желбүүрүнө ажыдаардын сүрөтүн түшүрдүм – ошонун баары сенин элесиң. Мына эми сендей ажыдаардан ажыдаардай бала төрөлдү.

– Мейли, биз макул, бизди өзүңө жаккандай атай кой. Эми экөөбүз сүйлөшө тургандай бир сөз бар, Догулаң... – Эрдене бир аз ойлоно түштү да, сөзүн улады. –

Мурда экөө болсок, эми үчөө болуп калдык, мындан биякка жашоо-тиричилигибиз кандай болот, муну азыр сүйлөшүп алалы. Бирок андан да мурда мен сага айтып коёрум, сени билсин деп айтайын дейм да, ансыз деле билесиң деп койчу, ошентсе да дагы бир айтып коюшум парстыр, Догулаң, мен сени көрбөсөм куса болом да турам, ушундай жаман куса болом. Маңдайыбызга жоокерчилик тагдыр жаралган экен, айла жок, кырчылдашып эле салгылашып жүрөбүз, ошо салгылаштарда менин эң катуу коркконум ушу – кокус набыт болуп кетсем бу кусалык мени менен кошо жок болуп кетеби. Мен өзүм жок болуп кетем деп коркпойм, набыт болуш ар бир жоокердин башында турган нерсе дечи, бирок бул керемет сезим неге жок болуп кетиш керек, мен жок болсом да менин кусалыгым, сагынычым сенин жанында жүрсө болбойбу. Мына ушуну көп ойлодум. Урушта да, жай тиричиликте да ушуну ойлоп, атаганат, ушу менин кусалыгым чымчыкка же бир жаныбарга айланып кетсе, мен ошону «ме, бул менин сагынычым» деп сенин колуңа тапшырып койсом деп канча кыялдандым. Андан кийин бу дүйнөдөн өтүп кетсем да, арманым болбос эле. Эми мына кыялым чынга айланды: менин сага кусалыгым, сагынычым бала болуп, жарыкка келди. Эми бала дайыма сенин жанында болот.

– Баса балабызга ат койбойлубу, сен ат ойлодуңбу?

– Ойлодум,– деди Эрдене. – Сен макул болсоң Кунан деп коёлу, эң сонун ат!

– Кунан дейлиби?

– Ооба.

– Абдан жакшы ат.

– Жал куйругу төгүлгөн, туягы темир кунандай болсун!

Догулаң бешикке ийилип ымыркайдын кулагына шыбырады:

– Азыр атаң сенин атыңды айтат, угуп тур, уулум! Эрдене да бешикке ийилип:

– Атың – Кунан уктуңбу, балам сенин атың Кунан! – деди.

Адам жаралып, ага ат коюлган учур оңойбу, экөө бир саамга үн катпай туруп калышты. Эшикте бейкут түн, жымжырт, аркы кошун тараптан ит бир үрүп басылды, алыстан жылкынын кишенегени угулду – балким так ушу түн ортосунда ырааkта калган тоо арасын, шаркырап аккан сууларды, буралган бетеге-тулаңды, соорулары күнгө жылтылдаган үйрүн эстей калдыбы жаныбар... Дүйнөгө келип өз ысымына ээ болгон ымыркай, эчтеме менен иши жок, мемиреп уктап атат, анын балалык тагдыры эч коогасыз тынч, ымыркай менен кошо беймарал уктагансыйт. Жакында ушу наристе неменин тагдырына да дүрбөлөң түшөрүнө шек берген эчтеме жок.

– Баланын атын кандай койсок деп ойлоп жүрдүм, бирок башка да бир ой мени тынчытпай келет, Догулаң,– деди Эрдене күрөктөй алаканы менен мурутун сылай берип. Үшкүрүндү. – Эми сен бала менен кошунда жүрө албайсың. Тезирээк кетүү керек.

– Кетүү керек дейсиңби?

– Ооба, Догулаң, биерден ылдам кетип калбаса болбойт.

– Бала төрөлсө, андан аркы айлабыз кандай болот деп мен да көп ойлодум. Бирок кеткенде кайда кетем? Сен кантесиң?

– Мен да кетем, чогуу кетебиз.

– Чогуу кетип каерге батабыз, Эрдене?

– Бирибиз кетип, бирибиз кала албайбыз да Догулаң, башка түшкөндү чогуу көрөбүз.

– Ойлонсоң, Эрдене, колдон келчү ишти айтыбатасыңбы деги? Өзүң оң түмөндүн жүз башы болсоң.

– Ойлонгом, абдан ойлондум, мындан бөлөк арга жок.

– Кагандан качып кутулчу жер барбы? Бизге кагандын колу жетпей калабы, бу дүйнөдө андай жер жок да! Ошону ойлосоң Эрдене!

– А жагын да ойлондум. Сабыр кылып, угуп тур. Баягы адамы көп, базарынан баш айланган чоң шаарларга токтой калган кездерде эле качып жоголуп кетсек болмок. Мен ошондо айттым эле го, Догулаң, ошо бөлөк элдиктерче кийинип, кебетебизди өзгөртүп, жер кезгендерге аралашып, жер кыдырып кете берели деп.

– Биз кыдырып кете берчү жер кайда? – деди Догулаң кейиштүү. – Өз башыбызга өзүбүз ээ болуп, өз эркибизче жашачу жер табылабы. Кагандын укуругу жетпес жер жок, Эрдене. Жараткандан качсаң кутуласың, асты кагандан качып кутула албайсың. Ошон үчүн эч жакка кете алганыбыз жок. Ойлочу, Кагандын кай нөкөрү ошондой иш жасай алат. Ошо менен сырыбызды бир Теңир билип, бир өзүбүз билип, от менен чоктун ортосунда күйүп келе атабыз да. Кагандан качып сен кете албадың, себеби анын колу жетпес жер жок, кетсек башыңдан ажырайсың, мен болсо сенден кете албадым, кетсем бактымдан айрылам. Ушул. Эми минтип үчөө болуп калдык.

Экөөнүн тең көңүлдөрү чөгүп, унчукпай туруп калышты.

– Эл-журт алдында маскара болуудан качкандар бар, адамды сатып, элди сатып, ошонун уятына чыдабай качкандар бар – андайлар эмне болсо да башын калкаласам дейт. Биздин жөнүбүз башка. Биз балалуу болуп, үч адам кантип жаныбызды сактап калабыз – ошонун айласын издеп жатабыз. Туура бизге ырайым болушу мүмкүн эмес, каган айткан буйругунан эч качан кайткан эмес, кайтпайт. Качпасак болбойт, Догулаң, башка аргабыз жок. Кой, башың чайкаба, жок дебе. Башка аргабыз жок. Таалай менен шордун түбү бир. Таалайын көрдүк, эми шорун да тарталы. Кеттик.

– Айтканыңда калет жок,– деди келин акырын. – Качып кетебиз деген ой башыма келген жок, чынын айтайын. Мага өлүш керекпи, жашаш керекпи деген ой келди. Өзүмдү айтып аткан жокмун. Мен сени менен

бир ирет бактылуу болдум – ошо жетет, өлүмдөн коркпойм, бирок мынабу сенден жаралган чүрпө, сенин чүрпөңө кол сала албадым, биерден акылдуулук кылдымбы же чекилик кылдымбы, билбейм, кыскасы бу байкушту жок кылууга дитим чыдабады.

– Антип көп ойлонуп азап тарта бербе, бу бала жашаш керекпи же жок болуш керекпи деп азап чегип отуруш – эмне деген тозок, антпе! Экөөбүз кошулганда бала болсо жок кылалы деп кошулдук беле. Экөөбүз тең балалуу болсок деп эңсебедик беле. Эми бу бала үчүн экөөбүз тең жашообуз керек, кулак угуп, көз көрбөс жакка кетиш керек.

– Мен өз башымдын тагдырын ойлоп аткан жокмун. Сен мага бир нерсени айтчы – эгер ушу кылган ишибиз үчүн мени өлтүрө турган болсо, мейли мени өлтүрсүн, бирок экөөңө тийбейби, же силерди да кошо жазалайбы.

– Кой, Догулаң, мындай сөздү айтпа, бу менин арыма тийчү сөз. А жөнүндө кеп жок. Андан көрө жолго чыгууга кандайсың ушуну айт. Алтун экөөңөр арабада болсоңор, мен ат үстүндө жандап кете берет элем дейм да.

– Сен айткандай болсун,– деди келин кыска гана. – Сенин жанында жүрсөм болду.

Бешикке эңкейишип, баланын жүзүнө үңүлүп, экөө тең унчукпай туруп калышты. Бир аздан кийин Догулаң:

– Жакында Жайык дайрага жетебиз дешкени чынбы,– деди, – Алтун айтты, ушинтип уктум деп.

– Бир күндүк, эки күндүк жол калды көрүнөт, Жайыкка жетейин деп калдык, эми бадал, токой болуп барып, анан дарыянын өзүнө жетебиз.

– Чоң дарыя болсо керек, ээ?

– Эдилге бараткан жолдогу, эң эле чоң дарыя ушу – Жайык.

– Тереңдир?

– Аттын аты сүзүп өтөт, тереңи терең, бутактап кеткен жерлери тайыз дечи, албетте.

– Терең болсо иримденип, жай акса керек ээ?

– Жалтырап эле жаткан күзгү да! Кээ жерлери бар, албетте, асканы алып кетчүдөй жулкунуп агып жаткан. Менин бала чагым ушу Жайыктын жээгинде өтпөдүбү, айтпадым беле. Жайык дайра жөнүндө канча көп ыр бар. Айлуу түндөрдө дайра жээгине чыгып алып, ырдашаар эле.

– Эсимде, бир жолу сен сүйгөнүнө кошула албай калган бир кыздын арманы деп ырдап бербедиң беле. Жайыкка чөгүп өлгөн тура бечера.

– Ооба, ошондой бир эски ыр бар.

– Мен ушу кыздын арманын саймага түшүрсөм деп жүрөм, Эрдене. Элестетсең сууга чөккөндөн кийинкисин – чөктү да кетти, суу бетинде из да калган жок, майда гана толкундар тегерете жайылып баратат, жээкте көк чөп, куш-паранда, бирок кыз жок. Кайгысын көтөрө албай кете берди. Мына ушундай, көргөндө ошол эски ырды эске салгыдай бир сайма сайсам дейм.

– Ошол дайрага бир күндүк жол калды. Эми, Догулаң, менин сөзүмдү жакшылап угуп тур: эртеңки түнгө даяр бол, качабыз. Ат жетелеп келем, мен келер замат бешигиңди көтөрүп чыга калгандай бол. Эми башыбызды тезинен куткарып кетпесек болбойт. Бүгүн түнү эле экөөңдү алып жөнөп кетсем болор эле, атаң көрү, алаканга салгандай жайык талаада турубатпайлыбы. Түн да сүттөй жарык. Эртең жол жүрсөк, Жайыкка жакындап барабыз, андан ары бадал, токой башталат, жашырынып кетебиз.

Экөө дагы бир топко сүйлөшүп турушту, мурда экөө болсо эми үчөө болуп олтурат, үч адамдын тагдыры деген оңойбу. «Мына мен да бармын, мени эмне кыласыңар» дегенсип, бала да кыңылдап үн чыгарып ыйлап жиберди. Догулаң шып көтөрүп ала койду, жаңы төрөгөн эме кичине кысынгансып, саал бурула берип, эмчегин баланын оозуна салды. Аппак, тоголок мамак, Эрдене

Догулаң менен жалгыз жатканда жаның бер десе жанын бере турган эчен учур болду го чиркин, ошондой учурларда бул ак мамакты баса калып нечен өпкүлөбөдүбү. Эми мамак – баланыкы. Мына, болкулдатып соруп атпайбы. Турмуштун ушул көрүнүшүнө Эрдене бир чети таң калды, бир чети өзгөчө эргиди – кечээ эле эми эмне болот деп санаасы санга бөлүнүп жатты эле, азыр карачы: Эрдене – ата, Догулаң – эне, ортосунда бала, энеси ак сүтүн берип, эмизип олтурат. Бу дүйнөдө эзелтен ушундай болуу керек го өзү. Чөптүн уругунан чөп чыгат, табияттын заңы ошол, айбанаттан айбанат жаралат – бу да табияттын заңы, табияттын заңына тескери иш жасоону адамдан гана күтсө болот, андай ишке адам гана барат...

Бала эрдин бүлкүлдөтүп, эмчек соруп атат.

– Кытыгымды келтирип атканын кара,– деди Догулаң күлүп,– бир соруп алса башын тартпайт, бышыгын айт дегеле. Окшош бекен сага, карасаң, сенин эле өзүң, мурдун кара, эриндерин кара, куюп койгондой окшош. Чоң ажыдаардан төрөлгөн кичинекей ажыдаар, окшошпу сага?

– Окшош, окшош,– деди Эрдене,– бирөөгө тим эле куюп койгондой окшошуп турат.

– Бирөөң ким? – деп чочуп кетти Догулаң.

– Мен да! Мен,– деп шашыла айтты Эрдене.

– Мына тойдук, эми ыйлабайбыз, ээ?! Ме, колуңа алып көрсөң, бир ууч эле тирүү жан, жеңилин айт, коёндун эле баласы, кармап көрсөң.

Эрдене баланы колго аяр алды, ушунчалык назик, чын эле бир ууч тирүү жанга анын шадылуу, карылуу колдору эп келбей турду, жумурткаңы жарып албайын деп кооптонгон адамдай, чүрпөнү абайлап эки колдоп алды да, көкүрөгүнө бекем бир кысып алмакчы болуп, анын да эбин табалбай, жүрөк тушуна наристени акырын жакындатты. Каны дүргүп бир укмуш сезимге туш болду.

– Догулаң, бул коёндун баласы эмес, менин жүрөгүм го, мен жүрөгүмдү колума кармап турам го! – деп жиберди.

Бала мемиреп уктап кетти. Эрдене жүз башына да өзүнүн түнөгүнө кайтаар маал болду.

Эшикке чыкса, түн бир оокум болуп калган экен, ай жаркырап тийип турат, айды тиктеп туруп, Эрдененин маанайы чөгө түштү, ичи эңшерилип, өзүнүн бул дүйнөдө жападан жалгыз экенин сезди. Ары баскысы келбей артка, Догулаң менен уулуна баргысы келди. Даркан талааны чылк чүмкөп турган бул түндүн сырдуу дабыштарын тыңшап, бир саам мелтейип туруп калды. Көңүлүнүн тереңинде жүргөн түпөйүл ой эми дапдаана, ачыла түштү: капырай бу кагандын жүр деген жагына жүрүп, чап дегенин чаап баратып, анан перзент төрөлө калса эле башыңан айрылганың кандай! Демек каган менен тагдырлаш, майдандаш болгондун өзүндө жакшы нерсе жаткан жок, кагандын жолу менен каратаман чеpүүлөрдүн жолу эки бөлөк турбайбы, андай болгон соң эмне арга калат, бир гана арга бар – кетиш керек, эркин болуш керек, баланы аман-эсен сактап калыш керек.

Алтун баятан бери ат кайтарып, куржундагы жемден берип жаткан экен, Эрдене жакындай бергенде:

– Баланды көрдүңбү, көңүлүң тынчыдыбы? – деп жаркылдап үн катты.

– Көрдүм, көңүлүм жай алды, ырахмат, Алтун, – деди Эрдене.

– Ат койдуңбу?

– Койдук, Кунан деп койдук.

– Жакшы ат коюпсуңар, кунандай туйлаган жигит болсун.

– Айтканың келсин, Алтун. Баарыбызды Теңир колдосун. Эми, Алтун сени мен бир тууган эжемдей көрөм, жаңы төрөлгөн балага умай эне болуп калдың, сага азыр айтаар сөз бар. Сен болбосоң Догулаң экөөбүз бу жоокерчилик жүрүштө кайдан кошулмакпыз, балким

экөөбүз эч качан бет келбеген бойдон өтүп кетет белек. Уруш деген уруш. Урушта бирөөгө кол салсаң – азабын эки эсе тартат эмессиңби... Мен сага ыраазымын, Алтун...

– Түшүнөм, Эрдене, баарын түшүнөм, кагандын жардыгына карабай ушуга бардың, теңирим өзү колдоп, акыры жакшы болгусу бардыр. Бүгүн жүз башысың, балким эртең миң башы – нойон болуп, өмүр бою урматсый көрүп жүрөт белең. Анда экөөбүз минтип сүйлөшүп турмак да эмеспиз. Сени жүз башы дейт, мени күң дейт. Айырмабыз кайда. Бирок сен көңүлүң, жүрөгүң жаса дегенди жасадың. Менин колумдан келгени мына – атыңды кайтарып турам, эрте-кеч Догулаңга жардам берем, колундагы кызматчысымын, мойнумдагы милдет. Догулаңга мен кызмат кылганым аз, жаныңды бер десе жанымды берүүгө даярмын. Догулаңдай кыз чанда чыгат, мындай келбеттүү, мындай сулууну, башканы билбейм, мен көрө элекмин. Кеп анда эмес. Мындай колунан көөрү төгүлгөн узду кайдан табасың. Бир чарчы кездеме, бир тоголок жипти ким да болсо табат дечи, бирок Догулаң сайган сайманы ким сая алат?! Өзүм күндө көрүп, күндө таң калып жүрөм го. Туу бетиндеги ажыдаарлар эмне – жан киргизип койгондой тирүү, жылдыздарычы, көктөгү жылдыздардай жаркырап күйүп турат. Теңирим өзү тубаса уз кылып жараткан экен да. Догулаң менен жаным бир, дилим бир болуп калды. Эгерде баланын айынан бир жакка качалы деп турсаңар, мен силер менен кошо кетем. Жаңы төрөгөн эме кыйналат, мен жанында болоюн.

– Мен да ошону айтайын дегем, Алтун. Эртең түн ортосуна жакын дайын болгула. Кетебиз. Догулаң экөөң бала менен арабага отурасыңар, мен бир атты жетелеп, жаныңарда коштой чаап, кете беребиз. Жайыктын берки жээги бадалдуу, токойлуу жер ошого кирип кетсек болду. Жерге жарык түшкүчө из жашырып кеткендей бололу, антпесек куугун таап алат.

Сөз ушуну менен бүттү. Бир аз унчукпай турушту. Аттанаар алдында Эрдене чүкөдөй болгон Алтундун кичинекей колунан кармап, эңиле калып, алаканынан өптү. Илгери Кытайга жасаган бир чабуулда колго түшүп келген, Чыңгызхандын черүүсүнө кызмат кылып, күң болуп кала берген, жашы улгайып бараткан бул аял Догулаң экөөнүн багына келген бир акжолтой пенде экенин ойлоп, ичи ысыды. Болбосо Эрдененин бул аялга эмне тиешеси бар. Тандан кечке кызмат кылып жүгүрүп, канча күң жүрөт, ошолордун бири да. Жок, Алтун Догулаң экөөнө ушундай кысталыш, кыйын убакта тагдырдын жиберген белеги, тартуусу, таянар таянычы, жөлөнөөр жөлөгү. Мына миң-миңдеген калың кол, ушунча адамдан Эрдене жалгыз гана ушу Алтунга ишенип олтурат, башка эч жанга сырын айтпайт, чечилбейт, жападан жалгыз Алтунга ишенет! Майдандаш, тагдырлаш, душманга бирге аттанган канча жоокерлердин ичинен Эрденени колдой турган бир адам табылаар бекен, ай кудай билет, табыла койбос, жалгыз ушу чүкөдөй аял колдоп отурат, жалгыз ушуга,– башка эч бир жанга эмес! – ушуга ишенип отурат. Бекер таянбаган, бекер ишенбеген экен, акыры ага да көзү жеткен күн келди...

Акжылдызын минип каршы-терши суналып уктап жаткан черүүлөрдү четтей бастырып кетип бараткан Эрдене бу түнү алдыда эмне тагдыр күтүп турганын болжоп, катуу ойлонду, «Теңирим наристеде не күнөө, наристенин багын ачып, бизге байсалдуу жол бере көр!» деп тиледи. Себеп дегенде жарыкчылыкка келген ар бир наристе – бу Теңирдин өзүнүн керемети, а Теңир түпсүз, уч-кыйырсыз Асман, ким бу жер үстүнө жаралыш керек, ким жашаш керек – муну ошо Асман билет. Эрдене ат үстүнөн бетине жылдыз толгон Асманды бир имере карады, Асмандан жакшылык тилеп, табынып-сыйынгысы, эртеңки күн кандай болуп кетер экен деген коогалуу суроого жооп уккусу келди. Бирок Ас-

мандан жооп болбоду, жылдыздарын жымыңдатып гана сырдуу дүйнө төбөдө турду. Сары-Өзөктүн даркан талаасына жарыгын чачып, сырдуу дүйнөнү ого бетер сырдуу көргөзүп, так үстүдө толукшуп ай турду...

Таңында дүңгүрөп кайрадан добулбастар кагылды. Элди уйкудан ойготту, жоо жарагын тагынып, атка минүүгө, жүктөрдү арабага салып, жолго чыгууга белги берди. Кагандын батышты беттеп, селдей каптап келе аткан калың колу кайрадан козголду.

Жүрүштүн он жетинчи күнү эле. Артта Сары-Өзөктүн мелмилдеген далай жери калды, жолдун кыйын жери ушул эле, муну басып өтүштү, алдыда Жайык дайра, буюрса бир-эки күндө жетип барышат, андан ары Батыш менен Чыгышты тең экиге бөлүп агып жаткан улуу дарыя – Эдил.

Жүрүш демейдеги калыбында. Алдыда окшош кара аргымактарынын текирең таскагы менен шуулдап, асабачылар баратат, анын артында нөөкөрлөрдүн коштоосунда – Чыңгызхан. Мингени ак жал, кара куйрук Куба жорго – калкылдап бир калыпта уруп барат жаныбар. Жанына купуя кубат берип, өйдө караса көзүн сүйүнтүп, ансыз да көөдөнүнө батпай турган сыймыктуу текеберин ого бетер күчөтүп, дал төбөдө адашпас, жоголбос ак булут кагандан калбай ээрчип келет. Жер бетин бербей жайнап, көз жеткен жердин баарында атчан, арабачан кылкылдап калың кол каптап келе атат. Адамдардын, аттардын, арабалардын, субай малдын, курал жарактын бул улуу сели – Чыңгызхандын каруу-күчү, селди каптатып келе жаткан – каган. Азыр да ат үстүндө кагандын ою бир гана нерседе – дүйнөнү түгөл басып алмакта, дүйнөгө түгөл бийлик орнотмокто, өзү өлсө да кебелбей тура берген бийлик орнотмокто. Өлүм – ак, айла жок, бирок өзү өлгөн менен таш бетине, аска бетине чектирип жаздырган анын буйруктары калмак, буйрук аткарылып турса, демек анын өлбөгөнү, бийлиги-

нин көзү тирүүсүндөй күчүндө турганы. Мына ушуну ойлоп келе атты каган. Калети жок, аска бетин жылмалап, так ошо жерге ойдуруп жаздыруу керек – мына адамдын өлбөстүгүнүн бир амалы. Сөзүндүн турганы – өзүндүн турганың. Эдилге жетсин кол, ушу кышта так ошерде мен акылдуумун деген улама чечен, көзү ачык олуянын баарын чогултуп алып, дүйнөнү бүт солк эттирбей кармап тура турган бийлик жөнүндөгү ойлорун айтат, кийинки муундар кың дебей аткарчу буйруктарын берет, ошонун баарын айдан ачык кылып, таш бетине жаздырат. Ал сөздөр бу дүйнөнү оодарып түшөт, астын үстүн кылат, дүйнө титирейт, кагандын таман алдында турган болот. Мына ошол улуу максат үчүн ушу жүрүшкө аттанып олтурбайбы; кыбыр эткен жандын баары ушул максатка кызмат кылсын, бу максатка эмне кедерги болсо ал ошо замат жок кылынат.

Көңүлү чалкып чыкты кагандын. Ичинен ыр курады:

Бу дүйнөнү ким бийлейт? Мен бийлеймин!
Көөхар кылып асманга айды илемин.
Көрүп тур!
Мен жетпес жер калабы? Калбайт, калбайт...
Качып бирөө кутулабы? Кутула албайт...
Көрүп тур!
Биз кетсек ордубузга тукум келээр
Дүйнөнү түгөл басып бергениме
Ат үстүндө өткөргөн өмүрүмө
Алкыш айтаар, бали дешээр.
Көрүп тур!

Так ушу күнү Чыңгызхан кызматчы катындардын бирөө тууп коюптур деген кабар укту. Катындар туубасын деген катуу буйрук бербеди беле. Тууп салыптыр дейт, бала кимден экени белгисиз. Муну кагандын тамак-ашына баш-көз болуп жүргөн кептегул Арасан айтты. Эки бети кыпкызыл, көздөрү ойноктогон, каерде

эмне болуп атканынан дайыма кабары бар, чарчоо дегенди билбеген кептегул бу шумдуктуу кабарды каганга биринчи жеткирди. Жорго үстүндө салып-уруп бараткан каганды жандай чаап келип: «Таксыр сизге айтпай коюшка болбой турган иш жасалыптыр...» деди.

Чыңгызхан ала-сала кеп маанисине көңүл бурган жок, жооп да берген жок. Таш бетине жаздыраар сөздөрү жөнүндө катуу ойго түшүп кеткен каган капыстан айтылган суук кабарды уккусу келбеди, бу кабар көңүлүн бир паста бузуп жибергенине ишенбеди. Таарынган адамдай буркуюп унчукпады, кайран асыл ойлордон алаксыткан кабарга өкүнүп, жоргону теминип алды эле, Кубанын төрт аягы тыпырап, алып учуп жөнөп берди. Үстүндөгү жепжеңил кишичиктин эки өңүрү эки жакка жайылып, бирдемеден чочуп уча качкан куштун канатындай далбактап баратты. Айтаарын айтып алып, кептегул Арасан эми эмне кылаарын билбей, же тизгинди тартып калып калаарына башы жетпей, каганды жандай чабууга кандай адамдын жүрөгү даайт, тең жарышып кете бергендей кептегул ким, жоктон жок жинине тийип алса көрөр күнү не болот, айтар сөзүн айтты, эми өз ордуна жөнөгөнү оңбу, же бирдеме айтса аны укпай артта калса – дагы балээ, тең жарышып, оозун тиктеп кете берерине башы жетпей, ичинен кыжалат болуп, ал келатты. Таң калды. Эки эле ооз сөз го – Жогот! Көзүн тазала! – деп койсо эле бүтпөдүбү, келаткан арабасынан узатпай, бир муштум эт тууп алган экен, анысын кошо арыдан – бери жок кыла салышпайт беле. Кийизге орой койсо, экөө бир паста тумчугуп өлмөк – калган элге сабак болмок.

Аңгыча каган кептегул тарапка саал бурула берип:

– Ал канчыктын ичи челкейип жүргөнүн эч ким көрбөппү? Же көрсө да көрмөксөн болушуппу? – деди.

Каардуу айтты. Арасан жүрөгү түшкөнүнөн үзөңгүсүн чирене тээп, ээр үстүнө тура калды. Бирдеме деп жооп бермекчи болду эле, бирок кебинин баш-аягын таппай калды, анын түрүн көргөн каган:

– Токтот сөзүңдү! – деп, кагып салды. Бир аздан соң дагы каардуу айтты:

– Дөбөтү ким экени белгисиз болсо, ал канчык өзү не жумуш жасап жүргөн неме экен – ашпозчу бекен, от жагар бекен, саанчы бекен, ким экен өзү?

«Тууларды жаңыртып, туу бетине сайма түшүрүп келе аткан келин экен» дегенди укканда каган катуу таң калды. Тууларды да бирөө жаңыртып, саймасын сайып жүрүү керектиги деле оюна келбептир. Мына бутундагы өтүк, муну ким ултарган, же ана күнүгө кирип-чыгып жүргөн үйү, аны көзөмөлдөп, боосу үзүлгөн уукка боо тагып, кереге көктөп, үйдү үй кылып жүргөн ким – мына ушундай майда нерсеге эч көңүл бурбаптыр каган. Көңүл бура турган нерсеби. Туу туш тарапка желбиреп баратабы, баратат, атүгүл каган жеткиче алдыга кеткен кол басчу жерин басып, алчу жерин алып, көзгө тааныш тууну желбиретип сайып койгону сайып койгон го. Мына, алдыда үч асабачы дуулдап кетип баратат, колдорундагы тууда ажыдаардын сүрөтү тирүүдөй жалмандайт. Батыштагы бай өлкөлөр кагандын жеңилбес колу жапырт кирип барганда, туулары тепсендиге ташталып, мына ушу ажыдаарлуу туулар желбиреп турмак. Так ошондой болот!.. Андан башкача болушу мүмкүн эмес, кагандын жолун эч ким, эч нерсе торой албайт. Дүйнөнү түгөл багынтам деп улуу жүрүш жасап баратканда кагандын айтканын аткарбай, моюн толгондор ошо замат жазасын алат, жаза бир – өлүм. Миң миндеген адамга бир адам бийлигин орнотсо, ал адамдын колундагы бирден-бир куралы – жаза, жаза катуу экенин көрүп калгандар баш ийет.

Саймачы го саймачы, күнөөсү мойнунда, жазасын тартат, анда кеп жок, а экинчи адам ким, күнөөнү эки адам бирдей жасап атат го?

Так ушу жерден Чыңгызхандын көңүлү катуу бузулду, иреңи сурданып, илбирс көздөрү ирмелбей тикирейип, үзөңгүнү чирене тээп, ээрде катты да калды.

Шашылыш бир сөзүн айтмакчы болуп чаап келген нойондор кагандын түрүн көрүп, жанына даап бара албады. Кагандын көңүлү саймачы келинден да эмес, анын азырынча белгисиз көңүлдөшүнөн да эмес, таптакыр башка бир окуя кепилет эске түшүп, ошондон зилдеп чыкты. Бул окуяны эстеген сайын анын жан дүйнөсүн таштай муздатып, көөдөнүн өрттөп, намысын күйгүзгөн жаман окуя эле.

Жаш кезинде болгон иш. Анда көп боз баланын бири жетим Темирчинин кийин дүйнөнүн төрт тарабына бийлигин орноткон каган болору кимдин оюна келиптир. Андай ой Темирчинин өзүнүн да оюна келген эмес. Мына ошо мезгилде анда жапжаш курагы, бешикте жаткан кезде бел куда болуп, тагдыры небак чечилген Бөртө сулуу бойго жетип, толукшуп, Темирчиге башын кошуп, бирге жашап жатканга бир ай өттү беле, өтө элек беле, кошуна жашаган уруу меркиттер иттик кылып, капыстан кол салып, айылды чаап, малды алганы аз келгенсип, кыз-келиндин баарын туйлатып өңөрө качты. Анын ичинде Бөртө бар. Меркиттер алды да кетти. Кайра каруу күч топтоп меркиттерге чабуул коюп кирип баргыча бир топ күн өтүп кетти, атаганат, бир топ күн өтүп кетти. Канча күн, канча түн Бөртө меркиттердин колунда жатып калды, аны эсептөөгө дити чыдабады, ойлогусу, элестеткиси келбеди. Эми мына түмөндөгөн сан жеткис колду күн батыш өлкөлөрүнө селдей каптатып бараткандагы бир ою – жан бүткөндүн баарына жалгыз өзүнүн темирдей бекем бийлигин орнотуп, баарын баш көтөртпөй таман астында басып турса... өткөн-кеткен жүрөктү өйүгөн жаман окуялар унутулаар беле...

Алгандын бермеги бар. Меркиттерди түн ортосунда барып басып калышты. Үч күн катуу салгылаш болду. Өч деген оңойбу, өч алмакчы болгондор эчтекени аяган жок, катуудан тулга, жумшактан күл калды, ташын

талкан кылып жибериштн. Өч алабыз деп чыкканда Темирчинин кыят уруусу ант берген имиш:

Жандык союп кан чыгардык,
Байыркы байрак, данктуу байрак,
Байракты канга ма-дык.
Добулбас урдук, дүңгүрөдү.
Дөбөгө чапса таш кесер,
Төбөгө чапса баш кесер
Кылычты кыя байландык
Ок өтпөс зоот кийдик.
Эми, меркит ажалың жеткени ушу
Ант бердик:
Бириң тирүү калбайсың – жок кылабыз,
Турган жериң жайдактайбыз...

Ушундай катуу ант айтышкан кыяттар. Салгылаштын үчүнчү күнүнүн түн ортосунда меркиттер чакчелекей түшүп, каяша кылар алы калбай, ар кими бет алдынан качып, жанталашып башын калкаларга жер таппай, жан далбастап жатканда, бир чүмбөттүү араба чаң ызгытып жөнөп берди.

Талкаланып, өрттөнүп жаткан үйлөрдү аралай чаап, Темирчи «Бөртө, Бөртө! Барсыңбы, Бөртө!» деп айкырып жүрөт. Акыры жанындагы нөкөрлөр менен чүмбөттүү арабаны кууп жетип, арабакечин ошерден эле жалпайта чапкан кезде, «Мен ушердемин! Мен Бөртөмүн!» деп кыйкырды келин. Арабадан секирип түшкөндө Темирчи да аттан ыргып түштү, экөө караңгыда кучакташып калышты. Мына ошол учурда Темирчинин жүрөгүнө бирөө канжар ургандай болду, кучактап турган жаш келинчегинин алкымынан бөтөн адамдын жытын шыр сезди, оозунан канжасын түшүрбөгөн, муруту түтүнгө ышталып бүткөн неме көрүнөт, акактай алкымды аябай аймалаганбы, кандай, эрдин кесе тиштеп, эмне кыларын билбей туруп калды. Ары жакта салгылаш жүрүп атат, кан төгүлүп атат.

Бирок Темирчи урушка кирбеди. Келинчегин арабага отургузду да, артка тартты. Ичин өрттөп турган нерсени аялына айтып жибербеске аракет кылып, зорго карманды. Мына эми ошо арман, ошол күйүт өмүр бою коштоп келет. Албетте, келинчеги өз эрки менен бирөөгө туткун болгон жок дечи. Бирок, карабайсыңбы, туткунга түшкөн адам азап чекпейби, этинен азбайбы, маанайы түшпөйбү, а бу эчтеме болбогондой маңкайып, жайнап турат го, демек азап тартпаштын амалын тапкан да. Ал эми ал болду. Ошо менен эрдикатындын ортосунда бу жөнүндө эч сөз болгон жок, Бөртө «мындай болду эле» деп ачыгын айтпады, Темирчи сурабады...

Темирчинин бирден-бир душманы меркит болду да калды. Баягы катуу чабуулдан аман калып, бирок бөлөк өлкө, болок элге кире качпай, же бир кулак угуп, көз көргүс жакка оой кетпей, көрүнгөнгө кул болуп, күң болуп, эптеп өлбөстүн күнүн көрүп аткан, эми өзүнчө күчтүү уруу болуудан үмүт үзгөн меркиттерге Темирчинин, а кезде Темирчи аты Чыңгызхан болгон өзгөчө аёосуз мамилеси, мыкаачылыгы десе туура болор, сырт көзгө түшүнүксүз болду. Акыры кыбырап жансактоосун кылып жүргөн меркиттен бир адам калган жок, баарын кырып жоготту. Бөртө туткунда жүргөндө ага тиешем болду эле же болбоду эле деп, эч кимиси айтал-бады, өлтүрсө унчукпай моюн сунуп кете беришти.

Кийин Чыңгызхан Бөртөдөн башка үч аял алды, бирок тагдырдын ошо биринчи соккусунан алган жарат эч айыкпады. Эстеген сайын жүрөктү өрттөп, жүлүндү сыздатып келет. Ичинде ушундай зор арманы бар экенин же бирөө билсечи, эч ким билбейт. Бөртөдөн көргөн тун уулу Жоочу төрөлгөндө Чыңгызхан шашпай отуруп айга, күнгө эсеп жасады, эсептей келсе так айтуу кыйын, бала аныкы да болушу мүмкүн, аныкы эмес башканыкы болушу да ыктымал. Ким экени белгисиз,

бир меркит жоктон жок келинчегин кордой салып, мына эми, ичине түшкөн өрттүү бүлүк өмүр бою коштоп келет.

Ошондон уламбы, тиги саймачыга жалгаша калган аты-жөнү белгисиз неменин жоругун укканда, өзүнө эч кандай тиешеси жок бир пенде экенине карабай, каны кайнап, жаалы бетине чыкты.

Адамга кээде кенедей бир нерседен улам азыр эле телегейи тегиз, жаркырап турган дүйнөнүн кунары учуп, астын-үстүн боло түшкөндөй сезилет эмеспи... Кагандын да жан дүйнөсүн ызгаардуу бороон каптап өткөндөй болду. Мындай караса баары эле кадимки калыбында тургансыйт. Ана, кара аргымактарын бөрү жортушка салып, алдыда асабачылар уруп баратат; өзүнүн астында болсо Куба жорго күүсүнөн тайбай, калыбынан жазбай – бу баратат, эки капталында, артында ишенген нойондору, тайшылары, каганды көзүнүн карегиндей сактаган беш жүз сакчы – кешиктендер, шуулдап булар келатат, көз жеткен жердин баарында дүңгүрөп кетип бараткан түмөндөр, алардан калышпай, артынан ээрчишкен жүктүү арабалар... өйдө карасаң Көкө-Теңирдин сырдуу белгиси – ак булут, калкылдап жылып, ал келатат.

Баары эле өз ордунда, жай-жайында, ойдогудай кетип бараткансыйт, атаганат. Бирок кагандын көңүлү бузулары бузулду, берилген буйрук бузулуп жатса кайдан ойдогудай болот. Буйрукка ыкрар кылбаган, алдыда турган улуу максатка жетүү милдетинен төшөк кызыкчылыгын өйдө койгон, кагандын айтканына атайын каршы иш жасагандар бар экен да! Каганга жан-дилин берип кызмат кылуудан көрө аялдар менен ойноп жатканды жакшы көргөндөр бар экен да, бу черүүнүн ичинде! Кайдагы бир итирейген саймачы кагандын жарлыгын көңүлгө илбей, боозуп, туун салганы эмне? Башка аялдар уруксат болор күндү күтүп, жөн эле жүрөт го, же бу саймачы ааламда жалгыз, өзгөчө саймачыбы?

Бу ойлор кагандын ичине улам жыйылып, толуп, жарылып чыгууга жол издеп жаалданып, көзүнөн от чыгарып баштады. Тууса туун койгон экен, ага эмне анча көөнүм бузуп, кабатыр болом деген да бир ой келди. Жок, буйрукту бузган жазасын тартсын, бүт элдин астында, жүргүшкө чыккан бүт колдун астында тартсын, аёо жок деген экинчи бир талап ал ойду алыс кубалап жатты.

Ээсинин маанайы бузулуп, денеси оордошуп баратканын эгерим чарчабас-чаалыкпас Куба жорго да сездиби, шалкылдап тердеп чыкты, демейде таңдан кечке дейре каган үстүндө жүрсө да чым деп койчу эмес эле. Үн катпай, түнөргөн боюнча кетип баратты Чыңгызхан. Мындайынан карасаң баары жайында, улуу жүргүшкө тоскоол болгон эчтеме жок, бирок кантсе да анын аскадай бек турган бийлигине тырмактай да болсо шек келтирген окуя болору болуп өттү. Мына ушу нерсе каганды кыжалат кылды. Тырмак астына кирип кеткен тикендей тынчын кетирди. Ишенген кишилердин кылаары ушубу? Туун салгандан кийин эмнесин сүйүнчүлөйт, ага чейин эмнени карап жүргүшкөн! Аялдын боюнда бар экенин байкаш кыйынбы. Ошондой кезде эле айта коюшса, мунун көзүн небак тазалай салышпайт беле! Эми кандай болот? Кептегул Арасан бу кабарды жеткиргенден кийин, каган жүктүү арабаларга жоопкер нойонду шыр чакыртканда сураган: «Баланын үнү угулганча эчтеме билбейтуйбай жүргөн кандай немесиң?» деген. Жаны кулагынын учуна келген нойон: «Бу Догулаң деген саймачы каапыр өзүнчө бир үйдө жашайт, анысын да кошуундун четине тигип алат, эч ким менен катнашы жок, жардам берген бир кызматчы катыны бар, экөө туу жаңыртып, сайма сайып эле жүргүшкөн, мындай болуп кетери үч уктаса түшкө кирген эмес, жумуштап кире калганда ал оңбогур дайыма кездеме, мата, жип-шууга көмүлүп олтурган болот, кирген киши саймачы саймасын сайып отурган экен дейт, ал желмогуздун боюнда бар экени кимдин

оюна келет. Ким менен чагыша калганы белгисиз. Саймачыны суракка ала элекпиз. Берки жардамчы катын «эчтеме билбейм» – деп безилдеген.

Чыңгызхан мындай окуя болуп кеткенине катуу өкүндү: кайсы бир катындын ишин териштириш улуу кагандын көңүлүнө арзычу нерсеби. Бирок бала төрөлбөсүн деп өзү тыюу салган, эми мына бала төрөлгөнү жөнүндө кабарды угар замат, ар ким өз башынан коркуп, тезирээк каганга жеткирүүгө ашыгып, жетип келишпедиби. Чын чынына келгенде, өз буйругуна өзү чалынып отурат каган. Эми башка арга жок, жазага тартыш керек...

Түн жарымынан ооп калган кезде Эрдене жүз башы миң башыга жолугуп келем деп, эптеп шылтоолоп, кошуундан атчан бастырып чыкты. Оюнда бу түнү Догуланң менен Алтунду алып качуу. Иштин дайыны каганга небак жеткенин, эми эч жакка кача албасын али билбейт.

Бир атты жетелеп алган, анысы жетекке жакшы жүргөн неме экен, арт жакта шыпылдап келатат. Өргүп эс алып жаткан кошуундарды аралап өтүп, жүктүү арабалар турган жерге жакындай бергенде, Догуландын боз үйү ошерде, ичинен Теңирге жалынып: «Ушерде бир колдой көр, Көкө-Теңир, нойондун кароолуна туш келтире көрбө» деп жиберди. Нойондор койгон кароол, тоорул деп коюшат, айрыкча сак, өз кошуунунан адашып бейчеки басып жүргөн адамдарды тескеп жанын сууруп алганын мындай кой, кокус арак ичип кызып алгандар көзүнө урунса ишинин бүткөнү, ат ордуна арабага чегип салышат.

Колундагы жүз адамды таштап, качуунун камында келаткан Эрдене, албетте, колго түшсө соо калбасын билет, кийизге ороп тумчуктурабы, же даргага асабы – айтор бир өлүмдүн турганы турган. Мындан кутулуунун бир гана жолу ушу – качып жоголуш керек, бөтөн эл, бөтөн жерге баш калкалап кире качыш керек.

Бүгүн да ай жарык. Кай тарабың караба кошуундар, коломто жээгине бүкүлү-бүкүлү каршы-терши сулап жаткан черүү, топ-тобу менен ийрилген мал. Мынча көп мал-жандын арасында кимдин эмне иш менен жүргөнүн ким билет, Эрдененин да үмүт кылганы ушу. Кимди ким таанып атыптыр, Догуланды, баланы алып, эптеп качып чыгаар беле, атаганат. Бирок, тагдырдын буйругу башкача болду...

Догулаң турган боз үйгө жакындаганда, иштин чатагына айланганын шыр сезди. Аттан ыргып түшүп, эки атты суулугунан бек кармаган боюнча катты да калды. Аттиң, келчү кырсык келген экен! Жол болбой калды! Боз үйдүн жанына оттон улуу жагып он чакты жасоол бакылдап сүйлөшүп, атчан турат. Ар жакта Эрдене Догуланды салып качмай болгон арабага үчөө-төртөө ат чегип атат. Аңгыча жасоолдор боз үйгө кирип, Догуланды баласы менен алып чыгышты. Оттун жарыгында даана көрүндү: Догуландын иреңи купкуу, аябай корккон түрү бар, үстүндө көзгө тааныш кундуз чепкени, баласын бооруна бекем кысып, туруп калды. Жанындагы жасоолдор демитип бирдемени сурап атат. «Айт тилиңди сууруп алалекте айт, канчык!» деп күпүлдөдү бирөө. Аңгыча ары жактан чыркырап ыйлаган аялдын үнү чыкты. Алтун! Алтундун үнү: «Мен кайдан билейин! Мени эмне урасыңар? – деп атат. Кимден тууганын мен кайдан билем? Көргөнүм жок, билгеним жок. Жолдо келатканда болгон иш эмес бу; өзүңөр деле ойлобойсуңарбы, тогуз ай мурда болсо керек да. Тогуз ай мурдагыны мен кайдан билем. Урбагыла мени, кай күнөөм үчүн урубатасыңар мени. Тигинин эмне жанын сууруп аласыңарбы, а деле эне го, же силер энеден туулбай, асмандан түштүңөр беле. Тууңарды саймалап, кызматыңарды кылып жүрдү эле го. Кай күнөөсү үчүн өлтүргөнү турасыңар?»

Бечара Алтун, туяк астында калган бир тал чөптөй тепселип турганын карачы, чыркырагандан башка ко-

лунан эмне келет, ал эмес жүз башы Эрдене аттардын далдаасынан карап, аргасы куруп турбайбы. Тетиги ондон ашуун куралчан жасоолду качырып кирип барганда эмне табат? Көп болсо бир экөөнү ала жыгылар, андан эмне чыгат! Жасоолдор дайыма көптүгүнө салат, көптүгү менен алат, жабыла баса калып, уруп-тепкилеп, көкбөрү кылып тытып, кан төгүп жибергенге маш, ошого көнүп бүтүшкөн.

Аңгыча болгон жок, Догуланды баласы менен дегдендете түртүп барып, арабага салышты. Ар жактан сүйрөп келип, Алтунду кошо салышты. Ошо менен баары дүпүрөп жөнөп кетти.

Айлана-тегерек бир паста тынчып, эч ким жок ээн калды. Эми гана тээ ыраактан үргөн иттин үнү, жылкынын кишенегени, кишилердин кобур-собуру кулакка илешти.

Догуландын үйүнүн жанына жагылган от өчүп, чоктору гана жылтылдап калды. Ыс-пыс түшүп, биринебири жамандык издеп, жандары жай албай тыпыраган адамзаттын кымгуут тиричилигине бийиктен көз салып, бир калыпта нурун чачыратып, төбөдөн жылдыз үнсүз тиктеп турат...

Эрдене жаман түш көрүп, жаңы эле ойгонгон адамдай шалдырай түштү, кан жүгүрбөй калгансып бир паста муздап чыккан колдору менен жетелеп келген аттын башынан жүгөнүн шыпырып алып ыргытып жиберди. Жүгөн шалдырт деп жерге бир тийди. Эрдене ичи эңшерилип, энтиге дем алып жатканын эми байкады. Жүгөндөн бошогон атты акырын моюнга чаап койду, эми мунун не кереги тиймек, эми аттын кереги жок. Ат мунун оюн түшүнгөндөй, өзүнүн көнгөн үйрүн көздөй текирең таскакка салып жөнөп берди. Эрдене да бет алдын карай басып жөнөдү, кайда барат өзү да билбейт. Артынан акырын ээрчип аты баратат. Жооого минчү ишенимдүү, жанындай көргөн аргымагы, маңдайындагы кичинекей кашкасынан улам Акжылдыз атка

конгон, аттиң арман, муну минип алып арабаны коштоп, көңүл кошкон колуктусу менен ымыркайын тагдырдын балээлүү кырсыгына кабылтпай ала качып кеткенде гана!

Астында аңбы, дөңбү, аны менен иши жок, сокурдай темтеленделп кетип баратты Эрдене. Ызасынан буулугуп, көзүнө жаш улам сайын тегерене калып, ирмегенде сакалы ылдый куюлуп кетибатты. Ал ушул учурда үйрүнөн айрылып, талаада каңгырап жалгыз калган жырткычка окшоду; ушунча кең дүйнөдө таянар, жөлөнөр эчтемеси жок, жашап кете алсаң жашап кеттиң, жашап кете албасаң – өлдүң деп, ээн жер, эрме чөлгө коколой башын таштап салгандай болду. Эмне айла бар, эч айла жок. Эмне кылат эми, кайда барат? Ушу турган жеринде канжарын кындан сууруп, өзүн-өзү көкүрөккө бир коюп, ошо менен сыздап ооруп турган жүрөктү да тынч алдыргандан башка, же бир жакка жоголуп житип, бары-жогу билинбей кеткенден башка эмне аргасы калды...

Көөдөнүн өрт каптап, жаны карайды, эмне кылаар айласын таппай, өзүн өзү кармай албай, жерге көмкөрөсүнөн түшүп таш дебей, кум дебей тыткылап жиберди. Бирок жер жарылбады, соруп кетпеди. Ал чөгөлөп олтура калып, курунда байланган канжарга колун узатты... Талаа бети жымжырт, ээн, төбөдө асман толо жылдыз. Жандай көрүп ишенген аты Акжылдыз гана анда-санда бышкырып коюп, ээсинин кызматына даяр, ай жарыгында кебелбей тынч, жанында эш болуп турду...

Ошо таңда добулбасчылар дөңдүн үстүндө чогуу туруп алып, добулбастарын өзгөчө бир катуу кагышты – бүт кошуун чогулгула деген чакырык, ошону дүңгүрөтө урушту. Күн күркүрөгөндөй бул үндү укканда ар ким коогалуу бир балээ болгонун туюнду. Канча добулбас катарынан тынбай урулуп, орго түшкөн жырткычтар жабыла күркүрөгөн тариздүү, уккандын дене боюн

дүркүрөтүп, жүрүштө баратып туун салган саймачы келин – анын аты Догулан экенин билген бар, билбеген андан көп – өлүм жазасына тартылганын көргүлө дегендей, оңдогу, солдогу, алдыдагы, арттагылардын баарын чакырып жатты.

Добулбастардын дүңгүрү астында дөңдүн тегерегине калың кол чогулду. Атчан черүү кылкылдап катарынан тизилип дөңдү курчап турат. Тигиндейрээкте жалаң арабалар, арабалардын үстүндө кошуундун түркүн кызматын жасаган колу жөндөм адамдар – уукчу-керегечи усталар, курал-жарак оңдогон чеберлер, арабага шайман, атка жабык жасагандар, алардын жанында уз келин-кыздар, баары жапжаш, толукшуп турган чагы, төрөп-түшүп, оюн-күлкүнүн кызыгына тойбой жүрө турган гана мезгили. Өлүм жазасы мына ушуларга сабак болсун үчүн жумурай журттун астында ачык берилген жатат. Кагандын айтканын аткарбайын дегендер башынан айрылып каларын билип жүрүшсүн!

Добулбастардын кулак жарган дүңкүлдөгү дале токтобой укканын канын дүркүрөтүп, азыр кандуу окуя болуп өтөрүн, бул – Чыңгызхан өзү көзөмөлдөп турган иш экенин, айлана-тегеректин баарына айбаттуу кабарлап, бул каргашалуу окуяга сүрөөнчү болуп жаткансыды.

Аңгыча ичинде Чыңгызхан олтурган, үстүнө алды жагы ачык алтын чатыр жабылган жайык замбилди дөңдүн үстүнө көтөрүп чыгышып, эртең мененки күн нуруна түрлөнө кубулуп, шамалга жарыша желбиреп турган туулардын так ортосуна алпарып орнотушту. Дөң бопбоз, чөбү небак куураган. Туулардын бетиндеги ажыдаарлар кудум тирүүдөй, ооздорунан от чачып, астыга атырылган сүрү бар, ийреленделп турушат. Ушул бет алдын жутуп тынчудай атырылган ажыдаарды Чыңгызхан өз элесим, менин тууга түшүрүлгөн өз сөөлөтүм деп эсептечү. А ажыдаарды саймага сайган келин улуу кагандын эмес, башка адамдын элесин тартып жүргөнүн, өзүнүн кучагында алкынып, булкунуп жаткан ажы-

даарын туу бетине саймалап жүргөнүн ал кайдан билди. Бирок так ошонусу үчүн башынан айрыларын келин да билген эмес.

Келчү мезгил жакындап келатты. Добулбастардын үнү акырындап жайлай баштады. Өлүм жазасы аткарылаар маалда жымжырт туруу керек. Так ушундай жымжырттык адамдын денин ого бетер муздатат, мындайда убакыт өтпөй, жылбай, токтоп калгансыйт. Жаза аткарылар замат добулбастар жер жаңырта дүңкүлдөп, ушу тургандын ар биринде «ырас кана болду бу канчыкка» деген сокур кекээрди, табалоону, бу жолу жазага өзү эмес, өзгө адам тартылып жатканына ичинен кымылдап сүйүнүүнү апкелет эмеспи.

Добулбастын үнү өчүп баратат. Чогулгандын баары кандуу жазаны күтүп, өздөрү түгүл алдындагы аттарына чейин дымып калышты. Чыңгызхандын өзү да катып калган таш кишидей мелтиреп, алды жагын тиктеп, былк этпей олтурду. Кымтылган эриндеринде, тикирее караган көздөрүндө ышкырып тура калчу жыландын сеси бар. Жаза аткарылар жерге жакын тигилген боз үйдөн Догуланды алып чыгышканда добулбастардын үнү жалп өчтү. Эңгезердей желдеттер келинди эки жагынан коштоп алып, эки ат чегилип турган арабанын үстүнө чыгарышты. Үңүрөйгөн бир жаш желдет Догуланды тикесинен тик тургузуп, аркасынан бекем кармап алды. Элдин оозун ким тыймак, айрыкча аялдар дуу-дуу болуп кетти. Жарданып турган эл жандана түштү. «Ушу турбайбы кокуй, туу, бетиң кургур, аягы суюк арам өлгүр! Же эри ким экенин билбесе. Жаш экен, өндү кудай бериптир, мындан көрө нойонго же бир тайшыга токол болуп тийип албайбы! Тийип алганы картаң болсо андан бетер жыргамак, кайгысы жок, эмне болсо да эрим бар деп жүрө бермек. Кайдагы бир ойношко жалгаша салып, тууп алганын карабайсыңбы, өлгүрдүн! Кагандын бетине түкүргөндөй эле иш кылбадыбы. Ал эми тарт жазаңды!

Ырас гана болот. Төөгө асып өлтүрсүн эми! Оюнундун арты ойрон болду го, сулуу!

Мына ушундай ачуу сөздөрдү жаадырып жатты арабада турган усталар менен уздар тарап. Аял-эркектин мындай дуулдагы добулбастардын жаңы күч менен урулган катуу дүңгүрүнө аралашты.

– Тиги телпейген күндүн келатканын кара! Баланы көтөрүп алыптыр дагы! Карап койгула! – деп, арабада турган аялдардын бири кыйкырып жиберди. Чүпүрөк-чапыракка оролгон баланы бооруна кысып, элдин сүрү оңойбу, коркуп, элеңдеп, мүдүрүлө басып, Алтун арабанын артында, тиги саймачы келиндин күнөөсү бар экенине күбө өтүп бараткансып, өзүнөн-өзү корунуп-кысынып келатты. Ал чүкөдөй бечараны да килейген бир жасоол коштоп алган.

Арабада Догулан, арабанын артында Алтун, маскара кылат деген ушул, башкалардын жүрөгүнүн үшүн алыш үчүн жасалып жаткан иш, катар турган калың черүү менен черүүгө кызмат кылган караламан жарандардын алдынан алып өтүп баратышат. Эми жаза тартуудан башка жол жок экенин, эч кайыр-кечирим болбостугун Догулан түшүндү. Боз үйдөн алып чыгар алдында баласын акыркы ирет эмизүүгө үлгүргөн. Бу жарыкчылыкта бүгүн не окуя болуп өтөрү менен иши жок ымыркай эмчекти болкулдата соруп, эшиктеги добулбастардын улам басаңдап бараткан үнүнө көшүлгөнсүп, уйку-соонун арасында энеси менен коштошуп жатканын кайдан билди. Эне-баланын бу кейпин көрүп Алтундун көзүнөн жаш куюлуп же бакырып ыйлап жибере албай, оозун алаканы менен басып, ичинен буулугуп-буркурап турду.

– Азыр кайда болду экен? – деп, акырын сурады Догулан баланы бир эмчегинен экинчисине которуп жатып. Алтун Эрденинин азыр кайда экенин кайдан билсин, ошентсе ла ушинтип сурады.

– Билбейм,– деди тиги, көзүнүн жашын тыя албай. – Качса бир топ жерге барып калгандыр.

– Ошентсе экен! Ошентсе экен! Колго түшүп калбаса эле болду! – деп жиберди Догулаң.

Алтун унчукпай башын ийкегиледи. Экөө тең ичтеринен Эрдене аман-эсен бу чөлкөмдөн тезирээк жоголуп, башын куткарып кеткей эле деп тилеп атышты. Аңгыча тыштан бирөөнүн: – Бол, сүйрөп чыккыла! – деген өктөм үнү чыкты. Догулаң акыркы ирет баласын бооруна кысып бир катуу жыттап алды да, калтыраган колдору менен Алтунга карматты:

– Көрөр күнү бар болсо, көз салып турарсың...

Алтун баланы кош колдоп ала салып, эми кармана албай, эчкирип ыйлап жиберди.

Жасоолдор карап турган жок, шапа-шуп кирип келип, үйдөгүлөрдү желкеден алып, тышка сүйрөп чыкты. Күн көтөрүлүп калган экен. Берилчү жаза берилип бүтөр замат жүрүп кете берүүгө даяр түмөн-түмөн колдун, арабалардын чар тарабында уч-кыйырсыз Сары-Өзөктүн бопбоз талаасы, майда адыр-дөңдөрү керилип жатат. Дөңдөрдүн биринин үстүндө кагандын алтын чатыры күнгө чагылышып, жалтырап, көзгө шыр урунат. Үйдөн чыга бергенде эле Догулаң кол жетпес, ой жетпес Кудайдай болуп кагандын өзү олтурган ошол чатырды бир карап алды. Чатырдын жанында өзү саймалап жасаган ажыдаарлуу туулар шамалга желбиреп турат.

Дөң үстүндө, алды жагы ачык чатырдын ичинде олтурган Чыңгызханга уч-кыйырсыз кең талаа, көзгө тааныш кошуун, жүктүү арабалар, мал – баары даана көрүнүп турду, кагандын дал төбөсү түшта ак булут кылкылдап ободо илинип ал турду. Бу саймачы катын жүрүштү азга болсо да өксүттү. Бирок мунсуз болбойт. Мындайда калган баардык ишти токтото туруп, берчү жазаны берүү керек. Бул кагандын өзү катышып, өз көзү менен көрүп олтурган биринчи же акыркы өлүм жазасы эмес, буйрукту аткарбай коюу, кагандын сөзүнө

шек келтирүү ар качандан бир качан так ушундай жазага кимди болсун кириптер кылат – бу баштатан боло келген иш. Мындай жазаны эл алдында, бүт кошуундун алдында тарттыруу – тартипти темирдей чыңалтаарына, мындайды көргөн адам бийлик алдында ээнбаштык кылууга даай албасына каган нечен курдай ынанды, себеп дегенде бир чети бийлик каарынан коркон, жалтанган, экинчи чети – өлүм жазасына тартылып жаткан киши өзү эмес башка бирөө экенине ичинен кымылдап, пендечилик пастык кылган адамдар ушундай жазаны абдан адилет, абдан туура жаза катары кабыл алып, атүгүл күүлдөп-дуулдап колдоп берет турбайбы, буга да небак көзү жетпедиби.

Мына бу жолу да саймачы катынды боз үйдөн алып чыгып, арабанын үстүнө тургузар замат жарданып турган эл аарынын уюгундай уулдап-дуулдап кетти, Чыңгызхан былк эткен жок, жүзүнөн кенедей да бир өзгөрүү байкалбады. Шамалга желбирттеген туулардын доошу астында, чатыр ичинде, баштан жасап тургузуп койгондой зыңгырап турушкан кешиктендердин курчоосунда алды жагын тиктеп, үн-сөзсүз отурду. Билсин ар бир черүү, баары көрсүн, Батышка бараткан жүрүшкө кенедей эле кедерги болгон нерсе катуу жазаланаарын сезсин!

Көңүлүнүн тереңинде каган бу жаш немени, баланын энеси болуп олтурган немени мынчалык катуу жазага тартпай деле койсо болмогун ойлоду, күнөөсүн кечип коюшка да болор эле, бирок андай жасоого болбойт – ак көңүлдүн аты арыбайт, ар кандай айкөлдүктүн аягы дайыма өкүнүч апкелет: бийлик бошоңдойт, букаралар кутуруп чыгат. Жок, кагандын бу жагынан күмөнү жок, бир гана нерсеге кыжалат болуп турат – бу саймачы менен ойноп жүргөн неме ким экени белгисиз бойдон калабы?

Өлүм жазасына тартылган Догулаң болсо арабанын үстүндө, тикесинен тик туруп, көйнөгү көкүрөгүнөн ай-

рылган, күн нуруна жылтылдаган капкара чачы жайылып, шамал урганда кан-сөөлсүз иреңин жаба калып, казганактаган калың элдин катарын айланып келатат. Кысынып, корунган түрү жок, кайра башты өйдө көтөрүп, армандуу, кайгылуу көздөрү менен алдын тик карап, эми бу жарыкчылыктан жашыра турган эчтемеси жок, мына, көрөөрүңөр мен болсом көргүлө, көңүлүм түштү, сүйдүм, сүйгөн жигитиме өмүрүм тартуу, тигине, тыюу салса да болбой төрөлгөн бала, аны да көргүлө! – деген кашкөйлүк бар.

Бирок жарданып турган көрпенделер муну го көрдүк, а эркеги кайда деп, ошо эркегин көргүсү келип, бүйрү кызып турбайбы, кыйкырышып атат:

– Ээй боз байтал, айгырың кайда, көрсөтпөйсүңбү!

Өздөрүнүн уу-дуусуна өздөрү ээлигип, маанайлары бузулуп, жок жерден бирөөнүн көз көрүнөө өлүмүнө аргасыз күбө болуп турушкандыгына ичтен кыжырданышып, бул күнөөдөн тезирээк кутулгулары келишип:

– Аспайсыңарбы эми бу канчыкты! Аскыла азыр! – деп бакырып жатышты. Кагандын чатыры тараптагылардын да көздөгөнү ушу көрүнөт; уюгун капысынан бирөө таяк менен сайып жибергенде ызылдап, жинденип, жабалактап чыккан аарылардай дуулдаган көпчүлүктүн алдында келиндин денин өлтүрүп алуу керек болгон окшойт. Аңгыча ошо тараптан бөрк ал десе баш алчудай жулунган, көздөрү адамды тешип кетчүдөй тиктеген бир нойон бери көздөй чаап жөнөдү. Арабанын жанына атырылып келип токтоду.

– Туруп тургула ушу жерге! – деди ал араба айдап баратканга. Анан аба жарып турган көпчүлүккө карап:

– Бери угуп тургула! Мына бу абийирсиз макулук кимден тууганын айтсын! Ким менен илээшип жүргөнүн угалы! Эй катын, бу тургандардын арасында баланын атасы барбы айт! – деди.

Догулан «Жок!» деп жооп берди кыска. Тургандар өздөрүнчө дагы уу-дуу боло түштү.

Араба андан ары жылып жөнөдү. Жүзбашылар бири-бирине:

– Биздин арабызда жок болуп чыкты, балким сенин черүүндө болуп жүрбөсүн ыя? – деп кыйкырып калып жатты.

Тиги кутурган ит көздөнгөн нойон Догуланды улам демитип, «кана барбы ушул жерде!» – деп тынбай сурап келе жатты. Араба дагы бир жүздүктүн алдына келип токтоду.

– Кара мобулардын арасын, барбы ичинде? Кимден тууганынды билесинби өзүң? – деди нойон.

Так ушу жүз черүүнүн баш жагында, өзүнүн Акжылдызын минип, жүзбашы Эрдене турган эле. Догулан менен Эрдене бир саамга тиктеше калышты. Дуу-дуу этип өз ара бакылдашып жаткан черүүлөр экөөнүн бири-биринен көздөрүн тартып кете албай турганын, Догуландын жүрөгү болк этип, каны дүргүп, бети-башы албыра түшүп, кайра ошо замат жалындай өчкөнүн байкабады. Бул көз ирмемдеги жолугушуу Догулан үчүн кандай бактылуу, кандай азаптуу жолугушуу экендигин Эрдене гана ичинен сезип, туюп турду. Кутурган ит көздөнгөн нойондун эртеден бери жүз кайталап берип келаткан суроосу Догуланды шыр эсине келтирди. Эчтемеден шек алдырбай:

– Жок, бу жерде баланын атасы жок! – деди Догулан токтоо.

Ушерден Эрдененин башы шылк дей түшүп, кайра ошол замат мурдагы сыр билдирбеген калыбында ээрге түздөнүп отуруп калганын да эч ким байкабай калды.

Араба катар турган черүүлөрдү айланып бүтүп ортого токтоду. Желдеттер даяр турган экен. Кара кийинген жендерин чыканакка дейре түргөн үч желдет эки өркөчү типтик, дардайган чоң буураны жетелеп чыкты. Төө баласынан мындай зор чанда чыгар,– атчан адам жанына турса курсагынан зорго келчүдөй. Талаа-чөлдө, дарак-токою жок жайдак жерде бирөөнү жазалап, дарга

асуу керек болгондо көчмөндөр небактан ушул ыкманы колдонуп келатат – жазага кириптер күнөөкөр экөө болсо – бир аркандын эки учу экөөнүн мойнуна сыйыртмак болуп, аркан төөнүн үстүнө арта салынат, бирөө болсо – аркандын бир учуна кум салынган кап байланат. Догуланга теңдеме кап да небак даярдалып коюлган экен.

«Чөк, чөк!» деп кыйкырышып, камчы сап менен тизеге чапкылап жатып, чөкпөй бакырган чоң бууралы чөктүрүштү. Эби-сыны жок тартайган булчуңдуу узун буттарын боорына бүктөп, буура чөгүп берди. Дар даяр.

Добулбастардын үнү акырын жанданып баштады, азыр ушинтип жай башталып барып, анан болчу иш болгон кезде кулак мээни жарып дүңгүрөшкө даярданып жатканы.

Кутурган ит көздөнгөн нойон дагы бир жолу, эми жөн эле шакаба чегиш үчүнбү, айтор:

– Эй, катын, болду эми, башка сурабайм, айтчу болсоң айтып кал,– деди. – Өзүң да өлөсүң, балаң да өлөт, өлөрүндө айтып өлсөңчү же кимден боозуганыңды чын эле билбей калдыңбы? Эстеп көрчү, балким эстээрсиң?

– Эсимде жок,– деди саймачы келин. – Небак, бу жерден алыс жерде болгон иш.

Ары жакта турган бир эркектин хо-хо-холоп күлгөнү, дагы бир аялдын «бетим-ий» деп, экиленип, табалаганы угулду.

Нойон эми ажыкызданды:

– Эсимде жогуң кандай, эмне, базарда эле бир жерге тура калдынар беле?

– Ооба, базарда эле бир жерге тура калганбыз,– деп кашкөйлөндү Догулаң.

– Соодагер беле, же бир тентип жүргөн дербиш беле? А балким базардагы уурулардын бири болуп жүрбөсүн?

– Соодагер болсо соодагер чыгар, балким тентиген немедир же уурудур, анысын билбейм.

Ары жактагылар дагы хо-хо-холоп күлүп, аялдар экилене бышкырды.

Соодагер дейби, тентиген бирөө дейби, ууру дейби, Догуланга азыр баары бир эле – базарда болгон иш деп кутулса болду да.

Аңгыча катар турган калың черүүнүн арасынан бирөөнүн үнү чыкты. Дуу-дуу бир саамга токтоп, тынчтык өкүм сүрө түштү.

– Баланын атасы мен! Мына мен, билгиңер келсе! – деген үн заңкылдап, бек-бек чыкты.

Баары унчукпай, үн чыккан жакты таң кала карап калышты. Тымтырс. Бу кайсы нөме? Саймачы келин сырын ичине каткан боюнча бу дүйнөдөн кете берерде, өлүмгө башын байлап, «Мен!» деп чыга калган ким бу өзү?

Акжылдызын теминип, катардан суурулуп, ортого жүз башы Эрдене чыга келгенде черүүлөр көргөн көздөрүнө ишенбей, оозу ачылып туруп калды. Эрдене ат тизгинин тартып, токтоп, үзөңгүгө тура калып:

– Мына менмин баланын атасы! Бу менин балам! Аты – Кунан! Энесинин аты – Догулан. Мен жүз башы Эрденемин! – деди.

Мына ушуну айтып, жүз башы атынан ыргып түштү. Акжылдызды моюнга бир чапты эле, ат капталын көздөй жалт берди, өзү болсо басып баратып үстүндөгү чопкут-соотун, курал-жарагын туш келди ыргытып, эки колунан эки желдет кармап турган Догуланды көздөй жөнөдү. Баягы күүлдөгөн эл жок, жымжырт, өз башын өзү өлүмгө алып бараткан жигитти шырп этпей карап калышты. Эрдене Догуланга жетип эле чөгөлөп олтура калып, эки бутунан кучактады, Догулан үн катпай, колун анын башына койду, экөөнүн өлүм алдындагы бириги турган жери ушул болду.

Так ошо тушта добулбасчылар добулбасын дүңгүрөтө катуу уруп кирди. Бу каардуу дүңгүрөктү угар замат тургандар селт этип, эсине келе түштү. Капыстан келе калган ар кандай ой-сезимдин быт-чыты чыкты, эми ортодогу экөөнү тиктеп, жалпы кыжырланып, жалпы

жинденип, жек көрүп, жеп жиберүүгө даяр туруу керек. Добулбастар ошого чакырып жатат. Мындайда бир муштум болуп түйүл деп жатат. Бол, черүү, буйрукту аткар, кеттик, жүрүштү кармаба! деп жатат. Добулбастардын үнү чыгар замат желдеттер өз ишине киришти, алар аз келгенсип, дагы үч жасоол жардамга келди: арыдан-бери Эрдененин, Догулаңдын колдорун аркасына бекем байлап, чөккөн төөнүн эки жагына экөөнү алпарышты да, өркөчтөн арта салынган аркандын эки учундагы илмекти экөөнүн мойнуна иле салышып, төөнү таяк менен тартып-тартып-тартып жибериштн. Бакырып-өкүрүп жатып зорго чөккөн буура эми тургусу келбей бакырып, оозунан көбүгүн чачып жатып, акыры таяктын күчү менен өөдө көтөрүлүп, дардайып туруп берди. Эки капталында бирин бири жанындай көргөн эки адам арканга асылып, туйлайм деп туйлай албай, диртилдеп, жан берип жатканын кайдан билсин.

Добулбастар дүңкүлдөп-даңкылдап, кулак-мээни жеп жаткан учурда кагандын алтын чатыры, аны кайтарып турган кешиктешдер дөң үстүнөн кандайча акырын жылып жок болуп кеткенин элдин көбү байкабай да калды. Кагандын көңүлү тынчыгансыды: жазаны тартчу киши тартты, атүгүл табылбайт деген киши табылды, а да жазасын тартты. Балким каган илгери меркиттер айылды чаап, кыз-келиндерди чыркыратып алып кеткен кезде өзүнүн көздөй жары Бөртөнү канча күн кучактап алып жаткан неменин, атаганат, ким экени белгисиз бойдон калды, кийин Бөртө төрөдү, туңгуч уул, бирок каган сыртынан билдирбеген менен ичинен бу баланы жакшы көрбөдү, мына ошол белгисиз бойдон калган немеден өчүн алгандай болду.

Добулбастар дүңгүрөгөндөн дүңгүрөдү, эки капталында эки адамдын жансыз денеси салбырап илинген төө калың колдун алдында шашпай басып баратты. Кагандын сөзүн эки кылам, буйругуна моюн толгойм деген

адамдын тагдыры эмне болорун эл өз көзү менен көрүп турду.

Жасоолдор төөнү черүүлөрдүн астынан айдап өтүп, мурда казып, даярдап койгон чуңкурга эки денени арыдан-бери көмө салышты – булар ишин бүткүчө добулбастар тынымсыз дүңгүрөгөнүнөн жазбады.

Аңгыча калың кол, жер жайнаган атчандар, сан жеткис араба, союшка деген субай мал – баары Батышты карай жапырт жөнөп берди. Сары-Өзөктүн бул каргашалуу жеринен ылдамыраак жогололу дегендей бүт баардыгы дүр этип бир заматта жүрүп кетти. Эми эле казганактап турган элден эчтеме калган жок! Калгандан эки колуна баланы көтөрүп, жүрүп бараткан черүүлөрдүн ар кимисин элеңдей карап, Алтун калды. Жанынан шуулдап өтүп аткандар Алтунду карап да койгон жок, атүгүл, «бу эмне тирүү жүрөт» дегендей таң калуу менен кетип атышты, мындай кырсыктуу аялдан тезирээк алыстап кетели деген түрлөрү бар.

Бир аздан соң теребел кулак-мурун кескендей жымжырт болду да калды, эми эле дүңгүрөп кулак-мээни жеп аткан добулбастар, жаң-жуң үн, жасоол башынын бакылдаганы, шамалга делбиреген туулар – баары бир паста жок болду. Талаа бетинде миңдеген аттардын туягынын изи, эми эле түшкөн мал тезеги жүрүш кай тарапка баратканынан кабар берип, далайды башынан өткөргөн Сары-Өзөк талаасы «муну да көрдүм» дегенсип, кебелбей жатты...

Келберсиген кең талаада эрбейип жалгыз Алтун калды. Колунда бала. Ээн жер, эрме чөл. Өлбөстүн күнүн көрүш керек – башка эмне арга бар, кемегелердин тегерегинен чала мүлжүлгөн сөөктү, тамак-аштын калдыгын терип, этегине салып алды. Бир жерде атайын ташталганбы, же унутуп калышканбы, талпак жаткан экен, аны да ийнине арта салып койду. – Кечинде алдыларына төшөй турган да бирдеме керек да.

Алтундун башы маң болуп турган эле – эми эмне кылат, кай тарапка жөнөйт, каерге түнөйт, баланын

курсагы азыр эле ачат, муну кантип тойгузат? Төбөдө күн тийип турса да жакшы экен – ушу эрме чөлдөн кокусунан бир мал баккан бирөөнүн алачыгы көрүнө калабы деген үмүт көңүлдө турат. Атаңгөрү, өмүр бою өз башына өзү ээ болбогон күңгө минтип эркиндик тийсе тагдыр жипсиз тушап, ээн чөлдө темселетип, айласын курутуп салганын карачы! Өзүнөн корккон жок, баладан коркту – жаңы төрөлгөн эме эмчегин издеп ыйлайт, же бере коёр эчтеме жок, ачтан өлөбү? Мына ушуну ойлоп дене-бою дүркүрөдү, эмне кылар айласын таппады.

Аргасы түгөнүп олтурган адам балким тагдыр капыстан бир укмуш жакшылыгын бере коёр деп, ошондон үмүтөтүп калат эмеспи, Алтун да ушу кең талаада мүмкүн бирин-эки адам жүргөндүр, арасында бала эмизген аял чыгып калары бардыр, андай болору кайда, баланы колуна берип, өзү баш-оту менен ошолорго күң болууга даяр эле...

Ушинтип ою быт-чыт, колунда бала, Алтун туш келди баса берди, бир караса батышты көздөп кеткен калың колдун изи менен бараткан экен, кайра артка тартты... Күн төбөгө келди, бала эми чукуранып, ыңаалап, энесинин эмчегин издей баштады. Алтун баланын жалаягын кургактап кайра таңып, ары экчеп, бери экчеп, эптеп сооротуштун аракетине кирди. Бирок курсагы ач бала чыдайбы, улам күчүркөнүп ыйлап, талааны жаңырта ыйлап, ыйлай берип бети-башы көгөрүп чыкты. Алтундун айласы кетти:

– Алда, айланайын-ай, эмне кылам эми, эмне айла кылам?! – деп, чебеленди.

Уч-кыйырына көз жеткис даркан талаада деле бир тирүү жандын жышааны билинбейт – ач талаа, көзгө урунар эчтеме жок... Алдыңды карасаң – бозоргон боп-боз талаа, өйдө карасаң – көпкөк, таптаза асман. Асманда гана бир аппак булут бул экөөнүн үстүндө акырын калкып жүрөт...

Бала ачкасына чыдабай кызарып-татарып, катуу ыйлап кирди. Алтундун да аргасы түгөндү:

– Атаны шоордуум-ай. Шорго туулбадыңбы. Туулганыңа жети күн болбой минтип жетим калып, экөөбүз бирдей боздоп олтурабыз, эмне кылайын, колуман эмне келет. Экөөбүзгө караан болоор эчтеме жок, төбөбүздө бир булут турат, мындан бөлөк эчтеме жок. Эмне кылам эми. Ата-энеңи тигинтип асып, көөмп ташташтым. Добулбастарын кагып, тууларын булгалап эле согуш көксөп турушат. Согушпаса бирдеме болобу. Ушу жазыксыз сени талаага таштап коюп, булар эмне издегени кетти дейм да?

Алтун баланы соорото албай ары жүгүрдү, бери жүгүрдү, бооруна басты, алдейледи, болбоду. Таза аргасы куруганда ташка отура калып көйнөгүнүн жакасын жулкуп ачып, ызасынан көзүндө жаш, эч качан баланын эрди тийбеген эмчегин ымыркайдын оозуна салды:

– Ме! Ме! Сүтүм болсо сенден аябатат дейсиңби.

Эмчек оозуна тиер замат баланын үнү лып басылды. Бөтөйгөн эриндери менен жанталашып, чопулдатып, соруп кирди.

– Көрдүңбү, эчтеме жок бекен,– деди Алтун жай гана, кадыресе киши менен сүйлөшүп жаткансып. – Болсо аяймынбы, берекем. Эми сүт жок деп дагы ыйлайсың. Ошондо кантип сооротом сени? Эмне алдадың деп ыйлайсың да. Өмүрүм күң болуп өтүп келатат, эч кимди алдаган жан эмесмин, илгери апам айтар эле, биздин уруктан тээ Кытай деген жерде биздин урук бар, ошолордун ичинен бир да бирөө эч качан бирөөнү алдап көргөн эмес деп. Ошондой, балам. Эме гой, эме гой, эми ыйласаң айлам эмне болот?!

Ушинтип күбүрөп жаткан Алтун капыстан аз жерден кыйкырып ийе жаздады: тынчып, жоошуп, эмчекти болкулдатып соруп, мемиреп калган баланын түрүнөн улам акырын эмчегин оозунан тартып көрсө – сүт! Кайра баланын оозуна салып, көргөн көзүнө ишенбей, кай-

ра тартып көрсө – сүт, сүт чыгып атат. Капырай, кадимкидей ийип, бала эмизип жатканын кара! Бүткүл денеси чымырап ысып, балкып чыкты:

– О, касиеттүү Теңир! – деп жиберди ошондо күң катын Алтун. – Касиетиңен айланайын, сүт чыкпас жерден сүт чыгардың. Эмсин, эмсин. Эне болоюн. Эне болоюн. Балам бол, кагылайын, балам бол. Көкө Теңирим экөөбүздүн үнүбүздү укту, Кунан!

Мындай болот деп кимдин оюна келген, Алтундун денеси ысуулап, чекеси тердеп чыкты. Кубанганынан айланасын карады, эч ким жок, жандуудан эчтеме жок, көктү карады – көпкөк асманда аппак булут турат, бир гана аппак булут булардын төбөсүндө калкып турат.

Сүткө тоюп, бала магдырап уктап кетти, өз энесинин колунда жаткандай, эчтеме менен иши жок. Таш үстүндө олтурган боюнча Алтун, өмүрүндө биринчи ирет балага ийип, сүт берет деген оңойбу, ушу сезимге эсмас болуп, мына ушу жөнөкөй нерсенин өзүнөн жер менен көктүн, адамдын ак сүтүнүн – үчөөнүн ортосундагы ширелишкен биримдикти туюп жатты...

Жүрүш токтогон жок, дүйнөнү түгөл басып алмак болгон кагандын максатына ылайык калың кол Батышты көздөп, селдей каптап кетип баратты...

Туш тарабынан нойондор, кешиктештер коштоп, оозунан от чачкан ажыдаарлуу туулары алды жагында желбиреп, чарчабас-чаалыкпас Куба жоргонун үстүндө, жаныбар, бу да бир адамга сейрек келген тагдырдай өзгөчө кара куйрук, аппак жал жылкы эмеспи, Кубанын үстүндө Чыңгызхан баратты.

Аргымактардын темир туяктары жерди тапырата сабап алдыга кетип эле баратат, кетип эле баратат, бирок жер бүтөр эмес, улам арылаган сайын жаңы мейкиндиктер улам алдыдан жайылып чыга келүүдө. Бүтөр эмес, түгөнөр эмес. Мына ушу уч-кыйырсыз, түпсүз-чексиз жердин үстүндөгү бир кыпын боло туруп каган жер жүзүн бүт багындырам деп баратат. Бекеринен

төгөрөктүн төрт бурчуна Эгедер деп атак алып келатабы...

Бирок кагандын бүгүн ирени өзгөчө сүрдүү, маанайы пас, мисирейгенден мисирейип, сүйлөбөйт. Ичинен катуу дүрбөлөңгө түшкөнүн эч ким байкаган жок. Атүгүл түптүз кетип баратып эле капыстан атты шарт токтотуп, артына чукул бурулганда сонунан катуу келаткандар аз жерден каган менен кагылышып кала жаздап, четке жалт берип чыга качышты – мына ушунда да эч ким эч нерсени түшүнгөн жок. Көңүлү удургуп, жүрөгү бир нерсени сезген каган асманды айланта бир карап, туруп калды. Жок, ак булут көрүнбөйт, артта калдыбы деп, үмүтү күйө түшүп, шарт бурулганы ушундан болчу. Жок, артта да, алды жакта да ак булут жок...

Ар дайым төбөсүндө каалгып ээрчип, кошо жүргөн үзүктөй ак булут ушинтип капыстан жоголду да кетти. А күнү да, эртесинде да, андан кийин да кайтып келбеди. Ак булут кагандан жүз буруп кетти.

Эдил дайрага жеткен кезде Чыңгызхан Теңирдин ага өзүнө жиберген ыйык белгисинен айрылганын, эми Теңир ага мурдагыдай ыклас көргөзбөсүн түшүндү. Дагы арылап кете берүүнү каалабады, ат башын буруп, артка тартты. Эдилдин ары жагында жаткан элдерди чаап алууга балдарын, неберелерин жиберди да, өзү эл-журтун көздөп, Чыгышты беттеп, жөнөп берди. Акыры, каган да көп пенденин бири экен, Өрдөс деген жерде ага да ажал жетти, көз жумду, сөөгү кай жерге коюлганын бир да жан билбеген боюнча бу дүйнөдөн кете берди...

* * *

Поезддер бу чөлкөмдө батыштан чыгышка, чыгыштан батышка байма-бай каттаганы каттаган...

1953-жылдын февраль айынын ортосунда Сары-Өзөк талаасын кезип, чыгыштан батышка өтүп жаткан көп поезддер сыяктуу эле составынын башында спецвагон

деген вагону бар бир поезд шарактап жүрүп келатты. Бооруна, номур жазылбаган бу атайын вагондун башка вагондордон эч айырмасы жок, болгону эки бөлүктөн турат: бир бөлүгү почта, экинчи бөлүгү аябай бекемделип, эч жагынан эч нерсе кире алгыс кылып жасалган көчмө абак. Мындай абакка коопсуздук органдарына өзгөчө керектүү адамдар отургузулуп, темир жол аркылуу бир жерден экинчи жерге жеткизилет: жолду ката тергөөчү сурагын жүргүзө берет. Бу жолу көчмө абакта старший тергөөчү Таңсыкбаев жүргүзүп жаткан иш боюнча күнөөкөр Абуталип Куттыбаев келаткан эле. Абак-купеде Куттыбаев, анын жанында тергөөчүнүн купеси, анда Таңсыкбаев, коридордо курал-жаракчан, күнү-түнү Куттыбаевден көзүн албаган кароолчулар. Бөлөк шаарлардагы күбөлөр менен беттештирүүгө алып баратышат.

Алдына койгон максатына жетиш үчүн Таңсыкбаевдин эки көзү төрт – жол бою сурак үстүнө сурак жүргүзүп, Куттыбаевге тыным бербей келатат. Эң башкы маселе – так ушинтип, кадам артынан кадам жасап, Куттыбаевдин артынан дагы бирин, анан үчүнчүсүн, дагы улам жаңысын таап олтуруп бизге кас душмандар тээ согуш жылдарында эле түзгөн шпиондук уюкту ачыкка сууруп чыгуу; бул уюкка кирген адамдар немистердин туткунунан таң калаарлык шартта качып чыгышканын, андан кийин Югославияда келечектеги югослав ревизионисттери гана эмес, англис чалгынчылары менен да тил табышып, иш жасашкандыктарын моюндарына алууга тийиш. Мына маселе ушунда. Көп душмандарга ошо кезде агент болуп, сөз берип, душмандын жаса дегенин жасамакка биздин өлкөгө келген, бирок оңуттуу учурду күтүп ар кайсы коңулда бекинип, арам оюн ичине катып жаткандардын баардыгын суракка алуу, бирине бирин беттештирүү, тике болобу, кыйыр болобу, далилдерди издөө, а эң башкысы – «тергөөнүн туз көзүрүнө» күнөөкөрдүн «Мен чын эле күнөөлүү-

мүн!» – деп мойнуна алуусуна жетүү аркылуу бетин ачуу, пардасын сыйруу.

Таңсыкбаев башын жаман баштаган жок – сурактын жүрүшүндө Абуталип Куттыбаевге Югославияда согушуп туткунга түшкөндөрдүн он чактысынын атыжөнүн айттырып алды. Текшерттирип көрдү; андай адамдар бар экен, азыр өлкөнүн ар кай жеринде алты саны аман жашабатыптыр. Учурунда баары бир сыйра камакта жаткан, тергөө учурунда өздөрү менен Югославияда болгон далай адамдардын аттарын аташкан – ошонусу аркылуу «югослав чыккынчыларынын» тизмесин өз ыктыярлары менен көбөйтүп берип олтурушпайбы. Ошо менен эми бул тергөө ишинин, буйурса, келечеги жаман эмес, жүрүшү да түзүк баратат. Кас душмандарды, зыяндуу элементтерди кайдан болсо да таап, Бийлик алдында курмандыкка чалып турууну ыйык милдетибиз деп эсептеген начальник чекисттер, Таңсыкбаевдин чоңдору да бул ишти көңүл борборунда кармап турушкан кез. Атаганат, Югослав компартиясынын тегерегинде эл аралык чатак күчөп, Сталиндин өзү Титого идеологиялык мушту берип жаткан кезде бул иш ийгиликтүү бүтө калса укмуш болгон турат; анда эле ишти баштаган Таңсыкбаев гана эмес, мындан бирдеменин жытын сезип, кошо жүгүрүшүп, кошо аракеттенишип жаткан ар кайсы шаардагы чекисттер, Таңсыкбаев үчүн жүгүрүп жатышыптырбы, аларга да учурдан пайдаланып, бир тепкич өйдө секирип чыга калыш керек да, ал чекисттер да оңой олжолуу болушпайт беле. Мына ушундан улам бул ишке тиешеси бар чекисттер бири-бири менен тыгыз байланышта иштешип жатышкан. Сары-Өзөктүн талаасында поезддин абак-купесинде кайда алып баратышканын өзү да билбей, экчелип, шайы ооп кетип бараткан Абуталип Куттыбаевди Чкалов (мурдагы Оренбург), Куйбышев, Саратов деген областтык шаарларда Таңсыкбаевдин кесиптештери бекеринен зарыгып күтүп олтурушкан жок; алар да эртерээк бу шпион-

дорду беттештирип, кайчылаш сурак жүргүзүп, айлаларын кетирип, күнөөсүн мойнуна коё салсак дегенде эки көзү төрт.

Бирдемени беттеп алса уруп-жулуп түшмөйүнчө жаны тынбаган Таңсыкбаев бу жолу да убактысын текке кетирген жок. Куттыбаевдин кылт эткен кыймылын жаза кетирбей байкап, көзүнөн жылт эткен оюна чейин окуп калышка аракеттенип келаткан ал тигинин түрмөдөн сыртка алып чыкканга башкача боло түшкөнүн, жолду ката купенин темир тор айнегинен тышты кадала тиктеп, улам артта калып жаткан бекеттердеги үйлөрдү армандуу, кусалуу карап келатканын көз жаздымында калтырбады, үйдөгүлөрүн сагынып, ичтен түтөп, бук болуп бүткөнүн илгиртпей баамдады. Ошон үчүн ага жан тартып жаткан кишидей акырын сүйлөп, жай таштап: «Мен эле сага жамандык каалабатат дейсиңби, каалабайм, өзүм деле сенин күнөөң бул иште анча көп эмес деп эсептейм,– деди. – Мен сени ушунча агенттердин резидентисиң дебатканым жок. Резидент башка. Кеп ошо душмандар тарабынан тыяктан даярдалып, канча агент карамагына берилип, биздин өлкөнү ичтен талкалоого ар качан даяр турууга сөз берип келген, азыр бир жерде чыныгы жүзүн жашырып жүргөн резидентти табышта. Эгер сен эрдик кылып, Мекенге, элге ак экениңди далилдеп, тергөөгө жардамдашып, ошо ана башы резидентти табышып, беттештиргенде күнөөсүн мойнуна коюп, дың этпей отуруп калгыдай кылып берсең, күнөөңдү кыйла жеңилдеткен болор элең. Кыйла жеңилдетер элең. Алты-жети жыл деген эмне, бир паста өтөт-кетет, кайрылып бала-чакаңдын маңдайына келип отуруп каласың. Эгер тергөөгө чындап жардам берсең, атууга кетпей калышың бар, жок, кежирленсең, айтчу нерсени айтпасаң, иштин баарын чатыштырып, тергөөчүнү убара кылсаң, анда өзүнө, өзүңдүн үй-бүлөңө жаман иш жасаган болосуң. Жабык сотто өкүм чыгып, өмүрүң чыркырап күйүп кете бериши мүмкүн»...

Тансыкбаевдин колунда дагы бир көзүр бар эле, аны да пайдаланды: эгер сен Абуталип Куттыбаев, деди ал, айтканга көнүп, тергөөнүн жүрүшүнө кызмат өтөсөң, анда жанагы эл оозунан жазып алгандарын, бар эмеспи, айрыкча «Маңкурт жөнүндө уламыш», «Сары-Өзөктөгү өлүм» дегендерин, ошолорунду сенин кылмыш ишиңе кошпой коюуга болот, жок ага макул эмес экенсиң, өз колуң менен жазылган ал тексттер улутчулдук пропаганда катары каралып, кылмышынды ого бетер оордотуп, оор статья алдында сотко өткөрүлөт. Өзүң ойлоп көрчү: «Маңкурт жөнүндө уламыш» дегенин – бабалардын эч кимге кереги жок, акырындап унутулуп отуруп, акыры өлүп жок боло турган тилин жандандырууга ачыктан ачык чакырык, элдердин бири бирине сиңип, бир калк болуп кетүүсүнө каршы үгүт. Ал эми «Сары-Өзөктөгү өлүмүң» андан да коркунучтуу. Мунуң жогорку күчтүү бийликти сынга алуу, ага шек келтирүү, мамлекеттин кызыкчылыгы жеке адамдардын кызыкчылыгынан өйдө турат деген идеяга алдыртан таш ыргытуу, буржуазиялык индивидуализм деген зыяндуу, чириген нерсеге жүгүнүү, биз коллективдештире албай жатсак, коллективдештирүүнүн жалпы линиясына каяша айтуу, башкача айтканда коллективди бир максатка бир кишидей башкарып алып жөнөөгө каршы туруу, карачы, эмне деген балээлүү идеяларга толгон сенин жазмаларың, коллективдүү ишке каршы чакырыбаткан адам социализмге кол салууга ыкыс берип турган адам да. А социализмдин принциптерине каршы чыгуу, социализмдин кызыкчылыгына тескери иш жасоо – катуу жазаланат. Өзүң ойлобойсуңбу, талаадан уруксаты жок, башкача айтканда санкциясы жок коомдук түшүмдүн бир баш буудайын алам деген киши беш жылга кесилет! Ал эми идеологиялык майданда өзүнчө эле «түшүм» жыйнап жаткандарга кандай жаза берсең да аздык кыларын айтпай ак коёлу. Мына ушу жагынан карап келгенде сенин кол жазмаларың ко-

шумча статьялар, кошумча айыптоолор менен сотко илгиртпей өтөт...

Куттыбаевге дагы жетсин үчүн Таңсыкбаев бул ойлорун бир эмес, бир нече ирет кайталап айтып, тергөөчүлөргө жардам берсе, алардын айтканын жасап турса гана жаны аман каларын мээсине кагып киргизип жатты...

Поезд жолдо эки күндөн бери жүрүп келатат. Купенин темир тордуу кичинекей терезесинен бир аз көрүнө түшүп, артка калып жаткан жерлерди телмире тиктеген Абуталип Сары-Өзөккө жакындаган сайын көңүлү биртике ачылгансып, жүзүнө кан жүгүрө баштады. Таңсыкбаевдин бирде бал тилге салып, бирде коркутуп, жүрөктүн үшүн алып, кандайынан болсо да жанды кыйнаган сурактарынын арасында кичине бош убакыт боло калат, ошондо Абуталип ичи чылк темир менен капталган абак-купенин ичинде өзү менен өзү болууга, өзүнчө тынчып олтурууга мүмкүндүк алат.

Поезддин купеси эле дебесе, биер деле Алматынын подвалдагы түрмөсү сыяктуу эле түрмө, тиердегидей туш тарабынан баары чычкан өтө алгыс тосулган, тикен зымы тартылган болбосо да, темир менен жылчыксыз катуу бекитилген жай, эшигинде баягы көнүмүш «көз», сырттан надзиратель ыкшыйып карап турганы турган, бирок канча кылган менен биер жер астындагы көрдөй абак эмес, айдың талаа менен кетип баратышат, бир жерде жамбаш талып жаткандан көрө бу да болсо жер которуу, баарыдан да маңдайда күндүр-түндүр чакчайып жанып турган лампичке жок, анан да – эң башкысы – Боранлы бекетте бала-чакамды көрүп калар бекем деген үмүт бирде жанып, бирде өчүп, сайылган тикенектей жанга тынчтык бербей ичте келатпайбы. Үйдөн камакка алып кетишкенден бери же өзү кат-кабар бере албады, же тыштан бир ооз кабар ала албады.

Тээ Алматыдан бери чыгарда түрмөнүн жабык машинасы менен алып келип, ушу абак-купеге салып,

темир жол аркылуу алып жөнөгөн кезде багыт Сары-Өзөк тарапты көздөй бараткanына көзү жетер замат жүрөгү апылдап, «атаганат үйүмдү көздөй баратамбы, жокпу, кудай жолду ушу багыттан бере көр» деп, жан дүйнөсү сапырылып, «Эми тагдыр балдарымды, Зарипаны бир көргөзүп өтө көр!» – деп, эң кур дегенде ошолордун карааны терезеден бир жылт этип көрүнүп калышын тилеп, ошолорду бир көрүп өткөй элем деп келатты.

Үй-бүлөсүн сагынганы ушунчалык, кудайдан поезддин Боранлы бекеттен күндүз өтүшүн, караңгыда өтпөй, күндүз өтүшүн, күндүз өткөндө да Зарипа, балдар эшикте жүргөн кезде, ошолорду бир ирмемде болсо да көрүп кала турган учурда өтүшүн тиледи.

Мына ушу болду анын тагдырдан сураганы: аз сурабатат деп да, көп сурабатат деп да айткыдай эмес. Ataганат, мындайынан карасан, Абуталип так Боранлы бекеттин тушунан өтүп бараткан учурда балдар эшикте ойноп, Зарипа да эшикте кир жайыппы, айтор бир тиричилигин кылып жаткан болсо, анчыга дүкүлдөп өтүп бараткан поездди баары жабыла карап калышса, аларды темир торлуу терезеден Абуталип көрүп калууга үлгүрсө – капырай, тагдыр ушундай жасап коюуга болбойбу. А балким, ай-атандын көрү дүнүйө, андай болбойт го, бирок чанда-чанда болуп калышы да бар, поезд бекетке бир нече мүнөт токтоп калса кантет! Муну элестеткенде Абуталиптин ою эки анжы боло түшөт: бир чети – ушундай бир бактылуу учур боло калгай эле дейт, жок, кайра минтип көрүшкөндөн көрө көрүшпөгөнүбүз жакшы дейт: ал мындай азапка чыдай албайт, жүрөгү жарылып кетиши да мүмкүн, карашса темир торлуу терезенин ары жагында жалдырап атасы карап олтурса! Аны көрүп балдар бакырып ыйлап жиберсе... Жок, жок, андан көрө көрүшпөй эле коюшканы жакшы...

Эмики үмүт – өтүп баратып үй-бүлөнү бир көрүп калуу. Тагдыр ушу тилегими бергей эле деп, ичинен эсеп-

тей баштады – өзү мурда көрүп жүргөн станциялардын кайсынысынан өтүштү, алды жакта канчасы калды, эгер, поезд ушу жүрүшү менен жүрүп олтурса Боранлы бекетке качан жетет – күндүзбү, түн ичиндеби – мына ушуну эсептеп кирди. Эсептей келсе, түзүк, кудай кааласа бекеттин жанынан күндүз эле өтүшчүдөй, бирок жылый түшкөн көңүлүнө ошо замат бүлүк түшөт, кокус ар кандай себеп менен поезд жолдо токтоп туруп калсачы, андай болушу да мүмкүн, өзгөчө мындай кыш мезгилинде капыстан бороон-чапкын болуп, кар катуу жаап, жол тосулуп калышы бар. Баарынан жаманы – Боранлыдан түн ичинде өтүп кетишсе, Зарипа балдары менен уктап жаткан кез болсо, так эле үйдүн түбүнөн өтүп бараткан поездде Абуталип баратканын билишпесе – мына ушу жаман, мындан өткөн арман болобу. Мындай болуп калышы да мүмкүн. Ошон үчүн Абуталип биерде өз колунан эчтеме келбесине, тагдырга толук багынычтуу болуп отурганына катуу кейиди.

Анан да бир ойдон улам Абуталиптин жүрөгү шуу дей түштү – бекеттен күндүз өткөн күндө да так ошо тапта тиги ителги көз Таңсыкбаев сурак жүргүзүп олтурган болсо – кантет? Кудай сактасаң ушундан сактай көр!

Атаганат, адамдын үй-бүлөмдү бир көрүп калсам деген пенделик аппак тилегине канча нерсе каргаша болуп калышы мүмкүн экенин карачы – мына эркиндиктен ажырайт деген эмне! Абуталиптин көңүлүн жубатып, үмүтүн өчүрбөй келаткан бир нерсе – ал отурган абакамеранын поезддин оң тарабынан орун алганы, Боранлы бекет так ошо оң тарапта, эгер поезд чыгышты көздөй баратканда он кадам жердеги үйдү көрбөй өтүп кетмек, кудай жалгап, батышты карай баратышпайбы.

Ушинтип санаасы санга бөлүнүп, ою бир жерге токтобой үйдөгүлөрдү көрүп калар бекем, же көрө албай каламбы деп, ичинен азап жеп келаткан Абуталип бияктагы өзүнүн башында турган балээни унутуп койду –

Таңсыкбаев оюнан чыгарган, бирок мойнуна ал деп алдыралбай, түркүн айла-амалын колдонуп, жанталашып жаткан саясы айыптын тээ согуштан бери жашырынып жаткан агенттердин уюгуна киресиң деген айыптын аягы эмне менен бүтөрүн ойлоого да чамасы келбей калды.

Кудайга да, шайтанга да баш ийбеген Таңсыкбаев баарын эсептеп, ойлоштуруп койгон, ошону ишке гана ашырыш керек. Ошон үчүн Абуталип Куттыбаевди бөлөк шаарларда бөгүп жаткан агенттерге бетме-бет жолуктуруп, шпиондук уюктун бетин ачып бүт баарын колго түшүрүп, мамлекеттин коопсуздугун көздүн карегиндей сактап калыш үчүн апкелатпайбы.

Абуталиптин болсо азыр кудайдан бирден бир тилегени эле – Эрмек менен Даулду, Зарипаны терезеден бир көрүп калыш, акыркы ирет бир көрүп калыш. Мындан көптү тагдырдан сурабайт, сураганы ушу. Жүрөгү сезип келатат: бу жолу көрүп калбаса үй-бүлөсүн эч качан көрбөйт, өмүрүндө бакытка анча деле марыган жок, эң акыркы көрөр бакыты ушу, үйүнө кайра кайрылып келбесине көзү жетип отурбайбы. Себеп дегенде Таңсыкбаев ойлоп тапкан айыптын алдында ал алсыз, укуксуз, кылычка урунар кыл. Таңсыкбаевдин алдында алсыз, укуксуз болгону – демек кудурети күчтүү бийликтин алдында да алсыз укуксуз болуп турганы. Таңсыкбаевдин тапкан айыбын мойнуна илген адам соо калабы, соо калбайт, эртеби-кечпи атууга кетет же лагердин биринде күнү бүтөт. Абуталип Таңсыкбаевдин колундагы коргоосуз, бечара курмандык экенине эми бекем ишенди! Ал эми Таңсыкбаев өзү туш тарабынан кас душманды издеген, издегенде да социализмдин бүткүл дүйнөлүк кыймылын токтотууну, коммунизмдин жер жүзүнө салтанат курушуна тоскоол болууну каалаган душмандарды тынбай, күндүр-түндүр издеген кыралжаракчан системанын, өзүн-өзү курчутуп, өзүнө өзү жок

жерден иш тапкан акылга сыйбас системанын бир тетиги эле.

Социализмге, коммунизмге кылапат айттың деген күнөө, кудай бетин ары кылсын, бирөөгө тагылбасын, тагылды дегиче анын күнү бүттү дей бер – атылат, атылбай калса жыйырма беш, он беш, бери эле болгондо он жылга кесилет. Бул күнөөдөн чыгып кетүүнүн мындан башка жолу жок. Мындай балээге туш келген адамдын өзү да тагдырынын эми таш-талканы чыгарын айдан ачык билет. Курмандыкка чалынып жаткан адам да, курмандыкка чалып жаткан жазалоочу да – экөө тең «Совет мамлекетинин тамырына балта чабууга аракеттенген» – деген универсалдуу, кай адамга бурсаң да боло бере турган жалаа жазалоочуну кай жагынан болсо да актап турарын, актамак тургай душмандарды жок кылуу үчүн кандай айла-амал колдоном десе кеңири жол берерин, ал эми жазалануучуну болсо күнөөнү моюнга алуудан башка эч жолуң жок деп жарга такаарын жакшы түшүнүшөт.

Айла жок, арга жок, башка түшкөндү көтөрүш керек. Таңсыкбаев менен Куттыбаев ушинтип бир вагондо келатышат. Сары-Өзөк талаасын кезип, шарактап поезд баратат. Тергөөчү менен күнөөкөрдүн кылар жумушу ушу – коңулда жаткан кас душмандарды сууруп чыгып талкалаш керек, антпесе социализм болобу, өзүнөн өзү жок болуп кетпейби, эмгекчи массанын аң-сезиминен учуп жок болбойбу. Ошон үчүн дайыма бирөө менен күрөшүп, бирөөлөрдү кас душман катары ашкерелеп, бирөөлөрдү түп орду менен жок кылып туруу керек болуп атпайбы.

Поезд дүкүлдөп кетип баратат. Колунан эчтеме келбегенден кийин, башка түшкөн бу кырсыктан эч кутула албасына көзү чындап жеткен соң Абуталип да тагдырына аргасыз моюн сунуп шалдырап олтуруп калды. Бу балээ иш, адеп башталганда кандай жаалданып, жини кайнап каршылык көрсөткөн болсо, эми тескерисинче

ошончолук жинкини соолуп, баарына кайдыгер болбошко аргасы жок турган кези. Башына түшкөндө билди: эгер Абуталип болбой башка болуп кайра төрөлгөн күндө да бу Таңсыкбаевдин ары жагында турган азезил күч баары бир моюнга сыйыртмагын салмак. Ойлой келсе бу азезил күч согуштан да, тукумга түшкөндөн да жаман экен, эмне дегенде бул тээ дүйнө жаралгандан бери, Кудайдын жанында периште менен азезил күн менен түндөй катар пайда болгондон бери келаткан балээ турбайбы. Азезил бу ааламга пайда болорун болуп алып, нени бүлдүрсөм, кантип чаң салсам деп кыларга жумушу жок отурганда адамдын жаралганын кара, жаралар замат, азезил менен шак тил табышып, башка бир да макулук, жан-жаныбар жолобогон азезилге шынаарлашып, ошондон баштап дамамат жер үстүнө жамандык артынан жамандык жасап келаткан турбайбы. Ошол азелтен келаткан жамандыктын бүгүн көп курманынын бири – жөнөкөй мугалим Абуталип. Бу жарыкчылыкта жан-жаныбардын ичинен атайлап жамандык издеген жалгыз башы кара, буту айры адам экен – эмне кыласың. Мына ушул өңүттөн караганда Абуталип үчүн Таңсыкбаев азезилдин өзү. Ошон үчүн экөө бир поездде, бир вагондо арбашып келатпайбы.

Жолду катар станцияларга токтой калганда Таңсыкбаевди тосуп чыккандар – бири жакшы таанып жолдош катары, бири – кызматташ чекист катары колунда болгонун, тамак-ашын, ичкилигин көтөрө чуркап келип жатты. Абуталип буга ичинен өзүнчө кубанып да отурду – ичсин, жесин, убактысы ушуга кетсин, сурагын азыраак жүргүзсүн. Кызыл-Ордонун вокзалында кызматташтары Таңсыкбаевди өзгөчө кучак жайып тосуп алды – чоң илегендин үстү толо, эми эле казандан чыгарганын билгизип бууланып турат, ак тасмал менен жабылган. Вагондун коридорунда турушкан надзиратедер тигилердин апкелгенин колдорунан лепилдеп ала коюп, күдүндөшүп калышты. «Казы, кабырга экен, –

деп, бирөө ыраазы боло шыбырады,– жытын карачы, буркурайт. Биздин шаарда мындай эт болобу, элеттеги малдын эти да!».

Темир торлуу терезенин бир четинен Таңсыкбаев шинелин желбегей жамынып, достору менен коштошмокко перронго чыкканы көрүнүп турду. Кийимдерине батпай чытырашып атайын тандалгандай бири бирине пар, жүздөрү майланышып баары иреңдүү, тегерек тартып турушат, колдорун жаңсап бирдемелерди айтып, дүүлдөп күлүп калышат – ооздорунан чыккан ысык дем буу болуп, аяздуу абада бурулдайт, жылтыраган өтүктөрүнүн таман астында кар кычырайт. Арагыраакта биякка киши жолотпой ар кай жерде милийса турат, Таңсыкбаевдердин көңүлү кушубак, ар кими өзүнчө чиренип, көкүрөгүн керип, бизден таалайлуу ким бар дегенчелик дымак менен жыргап турушат. Ушулардын эле түбүндө, абак-купеде ууру-кески эмес, киши өлтүргөн канкор эмес, бирөөнү тоногон каракчы эмес, жөп-жөнөкөй мугалим, чөпкө зыяны жок, ниети таза, согушту көргөн, туткунда болгон жоокер, бала-чакамды кор кылбай баксам дегенден башка тилеги жок адам темир торго камалып, күзгү жалбыractай саргайып, соолуп олтурганы эч кимдин оюна келген жок. Бирок Таңсыкбаевдерге так ушундай эч бир партияда жок, эч кимге ант бербеген, эч кимге жанын сатпаган адам камакта отурушу керек эле, эмгекчил эл тынч жашаш үчүн так ушундай адамдардын камалышы зарыл болчу...

Кызыл-Ордодон өткөндөн кийин көзгө тааныш, өз жерлер башталды. Кеч кирип келатты, кар баскан бадалдуу айдыңды ийрилип агып жаткан Сыр-Дарыя күндүн алсыз нуруна чагылышып, көзгө урунду. Туура күн батып бараткан тушта даркан талаанын ортосунан Арал деңизи көрүндү. Адегенде камыштуу булуңдар, деңиздин ыраакта жаткан көгүлтүр чекеси, сууга кирип турган жарым аралчалар көрүнүп келатты эле, аңгыча жап-жакын жерде, темир жолдун так эле түбүндө

кумдуу жээкти тынымсыз ургулап жаткан деңиз толкундары көзгө тартыла берди. Талаа бети аппак кар, жээкте кызыл кум, томпойгон таштар, арыда таштуу жарым аралда каркайып турушкан бир үйүр төө, үстүдө болсо ар кай жеринде ак булуттары калкыган көпкөк асман – мына ушунун баарын күн батаар астында карап отуруунун өзү бир кереметке окшоду. Бороонду Эдигей ушу Аралдан эмеспи, аны эстейт, Казангап да бияктагы тааныштарынан Аралдын балыгын алып турат, Аралдын балыгына жетеби, келаткан поезддер аркылуу берип жиберишет, бекеттегилердин баары эңсеп жешет, муну да эстеди, мындан улам Боранлы бекетке жакындап келатышканын ойлоп, жүрөгү зырпылдай түштү. Аз калды. Бу түнү жүрүшсө эртең менен саат он ченде, же андан саал өтө түшүп, бу баш жагында атайын вагону бар пассажир поезд бекеттин жанынан өтөт. Тынымсыз урган шамалга тозуп бүткөн көзгө комсоо үйлөрдүн, сарайлардын, караган-чычырканак менен тегерете тосулган короолордун жанынан шарактап өтөт да кетет. Мындай поезддер күнүгө келип-кетибатат деп койчу, бирок эртең так ушу абак-купеси бар поездде Абуталип бекеттин жанынан батышты көздөй өтөрүн Зарипанын жүрөгү туяр бекен, атаганат, а балким бала периште дейт, булар бирдемени сезип, өтүп бараткан поездди карап тура калар бекен? О, жараткан адамды мынча кыйнабасаң, азапка салбасаң не болот?

Кышкы күн кыска эмеспи, ызгаардуу мунарыкта кызгылтым нурун чачып батып баратат. Аңгыча күн да батты, бат эле күүгүм каптап, түн кирип келди. Терезеден көрүнө калып жаткан нерселердин баарын караңгылык басып, станциялардын гана оттору жылтылдап калды. Түндү жиреп, талаа кезип, поезд ийреленде кетип баратат. Тыштан эчтеме көрүнбөгөн терезени мелтиреп тиктеп отургуча түн жарымынан ооп кетти...

Уйку келбей, ойлоно берип башы зыңгырап ооруп, Абуталип кыйналып келатты. Айласы кетип бурчтан

бурчка басты, болбоду, үшкүргүсү эле келет, үшкүрөт, же андан эс алып калбайт, бир-эки ирет надзирателдин жинине тийип, ажатканага суранып барып келди. Мунун минтип тынчыбай жатканын көрүп, надзиратель да эки-үч жолу купенин эшигин ачып:

– Эй, эмне эле жаныңжай таппай жатат? Сени камактагы киши дейт, шүк отур, тыпырабай! – деп, катуу эскертти.

Кантип шүк отурат, канткенде жаны жай алат, кайра ошо кароолго кайрылды:

– Ай, айланайын, уктата турган дары-парыңар болсо бергилечи, антпесе өлгөн турам. Жаман болуп турам! Мен өлүп калсам силер кантесиңер? Аркы чоңуна айтчы, мен ага тирүү болушум керек болсо, дары берсин, биртике көзүм илинсин.

Надзиратель буга кулак кагып да койбойт го деп күткөн эле, жок, Таңсыкбаевдин купесине жүгүрүп барып, уктата турган эки таблетка дары апкелип берди, анын минтип лыпылдап калышынын себебин Абуталип эртеси эртең менен билди. Дарыны ичкен соң көптөн кийин барып гана ал кичине үргүлөгөнсүдү, бирок уйкудай уйку болгон жок. Уйку-соонун ортосунда жаман түш көрдү. Темир жолго түшүп алып, жанталашып, күйүгүп жүгүрүп баратат, артынан кубалап паровоз келатат. Паровоздон качып баратат. Айлана-тегерек караңгы, жарыгын жаркыратып, бар күчү менен дүкүлдөп келаткан паровоз тепсеп кетпесин деп, не кылар айласын таппай алактап жан жагын карап, жүгүрүп да баратат, кыйкырып да баратат! «Зарипа, Даул, Эрмек, барсыңарбы, бу мен, мен, бери чыккыла!» дейт. Эч ким үн бербейт. Алды жак көзгө сайса көрүнгүс караңгы, арттан шарактап-шурактап, жалпайта басып, тепсеп кетмекчи болуп паровоз келатат, андан качып кутулушка алы да калбай калды, коркунучтан, ыза болуудан денебою шалдырап, буттары шилтейин десе шилтенбейт, дем алайын десе аба жетпейт...

Таңкы үрүл-бүрүлдө купайкесин желбегей жамынып, көздөрү кызарган, ирең купкуу, шишиген Абуталип темир торлуу терезеден ак кар баскан талааны карап олтурду. Күн суук, ымырт али тарай элек, бирок аз-аздап жерге жарык кирип, таң агарып келатат.

Күн бүгүн бүркөк, кар жаап жибериши да мүмкүн, чылк булут каптаган асмандын ар кай жери кичине агаргансыйт, же ачылып кетеби.

Мына эңсеген Сары-Өзөк жери да башталды. Теребелди кар калың баскан, омбу-домбу күрткү, бирок абайлап караган кишиге мурда-кийин өтүп жүрүп, көзгө үйүр болгон дөңсө-кырлар, сайлар, үстүнөн түтүн чыккан үй чатырлары учурай баштады. Мурда кайдыгер карап өтүп кетчү ушу морунан түтүн булаган бейтааныш үйлөр эми көзүнө өз үйүндөй ысык көрүндү. Бир аздан соң Кумбел станциясы, анан куда кааласа, наяты үч саат аралыгында Боранлы бекетке жете барышат. Аз калды, аз калды. Мына ушу жерлерге чейин Едигей менен Казангап төөлөрүн минип алып аш-тойго келип кетишет, жакын калганы ошо да. Тигинде бирөө түлкү тумагын баса кийип, төөчөн кетип баратат, аны көрө сала Абуталип айнекке жармаша калды – биздин кишилердин бири болбосун деген ой кылт дей түштү. Балким быякка жумуштап Каранары менен келген Едигейдир? Каранары турганда ага элүү чакырым, жүз чакырым жер кеппи...

Боранлы бекет жакын калды деген сезим-туйгудан уламбы, Абуталип өзүнөн өзү эле камдана баштады, өтүгүн чечип, чулгоосун жакшылап оронуп, кайра кийди. Вещмешок деген капка буюмдарын иреттеп салды, эмнеге минтип атат, өзү да билген жок. Поезддан эми чыгып кетчүдөй болуп, соксоюп күтүп олтуруп калды. Тынчып олтура да албады. Кароолдон суранып, ажатканага чыгып жуунуп, кайра келип эмне кыларын билбей дагы олтуруп калды.

Поезд болсо Сары-Өзөк талаасын кезип шакылдап кетип баратат. Өзүн өзү тынчытып, эки колун тизесине

кыпчып, шуңшуюп анда-санда терезени карап коюп, Абуталип баратат.

Кумбелге поезд жети мүнөт токтоп турду. Биерди эми өз жерим дей берсе болот. Атүгүл бул станциядан жолуккан, батыштан чыгышты көздөй келаткан поезддер да Абуталипке жакын көрүнүп, көңүлүн жылытып жиберди. Бир аз убакыт мурда эле так ушу поезддер Боранлы бекет аркылуу өттү да, Абуталиптин бала-чакасы турган бекет аркылуу өттү да! Ушунун өзү эле жансыз темир болсо да поездди үй тараптан келаткан жакын адамдай сездирди ага. Поезд акырын жылып, перронду жандай өтүп, станциянын чегинен чыгып кеткиче, ал өзүнө тааныштай көрүнгөн адамдардын жүзүнө тигиле карап жатты. Бул станцияда тургандарды кантип тааныбасын, атынан айта албаса да, сыртынан нечен ирет көргөн эмеспи, булар да боранлылыктарды, Казангапты, Едигейди, алардын бала-бакырасын билишет, ал эмес Казангаптын уулу Сабитжан ушерде интернатта окуп жатпайбы...

Кумбелден чыгып, ээн жолго түшкөндөн кийин поезд адатынча дүкүлдөп, ылдамдап жүрүп берди. Абуталип бу тарапка балдарды ээрчитип алып дарбызга келишкенин, жаңы жылга ёлка алып кетем деп, дагы башка көп эле иштер менен келип кеткенин эстеди...

Эртең мененки берген тамагына Абуталип колун да тийгизген жок. Оюнун баары Боранлы бекетке улам жакындап келатышканында. Аз калды. Эки жарым сааттай жол калды. «Кудай, эми кар жаадыра көрбө, бороон-чапкынынан сактай көр» – деп ичинен тиледи Абуталип. Кар жаап, бороон болуп турса, Зарипа балдары менен кайдан сыртта жүрсүн, үйдө олтурат да, анда эле алардын өзүн тургай карааның көрбөй калганы ошо...

«Кудуретинен айланайын кудай, бүгүн карың жаадырба,– деди ал ичинен кайра-кайра. – Бүгүнчө жаадыра көрбө. Анан деле жаадырсаң жетер». Эки колун тизесине кыпчыган боюнча былк этпей түйүлүп, Абута-

лип тынч гана башка бирдемелерди ойлоп отурууну чечти – Алматыдан чыккандан бери тагдырдан сурап келаткан тилек-каалоосун үркүтүп-чоочутуп жибербейин деди, терезени тынч тиктеп олтурса, тагдыр да пейилин салып, аялын, балдарын бир көргөзүп өткүсү бардыр.

Капырай, эртең мененки кебетесин үйдөгүлөрү көрсө кантишмек – таңында сыртынан надзиратель кайтарып ажатканага барганда дат баскан жуунгучтун үстүнө илинген киргилт күзгүдөн өзүн карап алып, көңүлү мында бир чөктү – кан-сөлү жок купкуу, өлүм жышааны келаткансып саргайып кеткенби, кандай, туткунда жатканда да мындай ирең керсары болуп, кунары учкан эмес, чачтары агарып кеткенин да эми байкады, көзү ары чүңкүрөйүп кирип, нуру өчүп, бетинде бырышы көбөйүп чыгыптыр... Атаганат Абуталиптин курагында кай адамдын кебетеси ушундай болот... Ушу кебетесин Эрмеги менен Даулу, Зарипасы көрсө ала-сала таанышбай да калар беле. Анан барып атасын аман-эсен көргөнгө маңдайлары жарыла сүйүнөрү бышык дечи. Үй-бүлөсүнө жетсе, көңүлү тынчыса ирең ине кайрадан кан жүгүрөр, күч-кубаты кайра келер...

Оюна ушулар келип, Абуталип терезени тиктеп келатты. Мына дагы бир тааныш жер – жапысыраак эки кыр, ортосу тайпак сай болуп турбайбы, ушерге балдарды ээрчитип келип, бир кырдан экинчи кырга жүгүрүп чыгып жүгүрүп түшүп, толкун арасында жүргөндөй бир оюн куралы деп ниеттенген да учуру болду эле.

Аңгыча купенин кулпусу шалдырт-шулдурт этип, эшик шарт ачылды да, эки надзиратель көрүндү.

– Суракка чык! – деди бири, кызматы чоңураагы.

– Эмне болгон сурак? Неге? – деп жиберди Абуталип. Эмне дегенин өзү да байкабай калды.

Надзиратель таң калганынан «мунун дени-карды сообу» дегенчилик, Абуталипти көздөй жүткүндү:

– Неге дегениң эмне? Сурак дегенди түшүнөсүңбү, чык деп жатам суракка!

Абуталиптин заманасы куурулуп, башы шылк дей түштү. Аттиң-ай аттиң, азыр таш болуп ыргып, терезени талкалап чыгып, сыртка барып түшөр болсочу. Темир тор болбосо айнекти башы менен сүзүп секиришке даяр эле... Айла жок, бу желдеттердин буйруганын жасабашка айла жок. Демек, тагдырдан кайыр болбоду. Терезеден болсо да бир көрүп калсамбы деген тилеги таш капмай болду. Абуталип жонуна бир кап туз көтөртүп койгонсуп, ордунан зорго турду да, эки надзирателдин алдына түшүп, Таңсыкбаевдин купесин беттеп, даргага асылганы бараткан адамдай ындыны өчүп жөнөп берди. Басып баратканда акыркы үмүт жылт этти Боранлыга жеткиче дагы бир жарым саатча убакыт бар, балким ага чейин сурагы бүтүп калар. Эми жалгыз үмүт ушунда калды, Таңсыкбаевдин купесине чейинки төрт кадам жерди Абуталип бир чакырымды баскандай басты. Таңсыкбаев күтүп олтурган экен.

– Кана, Куттыбаев, сүйлөшөлү, ишти уланталы,– деди ал иреңинен да, үнүнөн да катаалдык белгисин ачык билгизип, сакал-мурутун жаңы эле кырынып, жыттуу атырдан себинип алган экен, бетин ыраазы боло алаканы менен сылап, Абуталипти теше тиктеп койду. – Олтур. Олтурууга уруксат. Сага да, мага да ыңгайлуу болот.

Эшикти жаап, надзирателдер сыртта калды. Чакырар замат кирип келүүгө даяр. Бу ителги көз азезилди не менен өлтүрсө болор эле. Эчтеме жок. Же бир бөтөлкө, стакан көзгө урунбайт, бул шүмшүк бар болсо ичкенден кайра тартпаган неме экен, купеси арак менен ачкылкычкыл закуске жыттанып турбайбы, ичкенден кийин баарын тазалатып, жыйнатып койгон да.

Поезд болсо Сары-Өзөктүн талаасын кезип, бир калыпта шакылдап кетип баратат. Боранлы бекетке жакындагандан жакындап келатышат. Таңсыкбаевдин сурак жүргүзөр түрү жок, кайдагы бир кагаздарды эми көргөнсүп шашпай окуп, бирден карап кирди. Абута-

лип чыдабай кетти, ушу бир нече мүнөт ага бир кылымдай көрүндү.

– Гражданин начальник, мен күтүп отурам! – деди ал.

Таңсыкбаев кагаздарынан башын көтөрүп, таң кала карады.

– Күтүп олтурам? Эмнени күтүп олтурасың?

– Сурактьі күтүп олтурам. Суроо берет деп күтүп олтурам.

– Аа, сурактьі күтүп олтурасынбы? Бая эле ошондой дебейсинби,– деди Таңсыкбаев чоюла сүйлөп, ичинен кымындай түшкөнүн зорго жашырып: – Түзүк, түзүк, Куттыбаев, күнөөкөр өзү, өз эрки менен тергөөчүгө баарын айтып берейин деп суранып турганы, мен сага айтып коёюн, бу абдан жакшы иш... Демек, айта турган сөзү бар, тергөө органдарына өз ыктыяры менен ачып бере турган нерселери бар. Ушундай эмеспи? – Муну угуза айтып, Таңсыкбаев ичинен бүгүн коркутуп үркүтпөй, так ушундай алдамчы-сылама, жумшак маанайда сурак жүргүзүүнү чечти. – Мына эми туура кылыбатасың. Эми өз күнөөңдү толук сезип, тергөө органдарына Совет бийлигинин душмандарын талкалоодо, өзүң душман болгон күндө да, душмандыгынан кайтып, жардам берүүнү каалаганың – акылдуулук кылганың. Совет бийлиги экөөбүз үчүн ата-энеден да кымбат, туурабы, албетте, Совет бийлигин сүйүү экөөбүздө эки башка деңгээлде дечи, бирок ушу ата-энеден артык Совет бийлиги үчүн өлүмгө да даяр экенибизди унутпай жүрүшүбүз ыйык парс. – Ушу сөзүм жетпеген мээге да жетти го дегенчилик канааттанган Таңсыкбаев бир аз унчукпай калды да, анан: – Мен дайыма сени акылдуу адам деп жүрөм, Куттыбаев. Акыры экөөбүз түшүнүшүп, пикирибиз, оюбуз бир жерден чыгат го деп күтүп жүрөм. Эмне унчукпайсың?

– Билбейм,– деди Абуталип кайдыгер. – Менин күнөөм кайсы – түшүнбөйм.

Терезенин ары жагына уурдана көз жүгүртүп койду. Поезд калыбынан жазбай ылдам баратат, Сары-Өзөк

талаасынын улам бир жери чимирилип артта калып жатат.

– Менин сөзүмдү көңүл коюп угуп тур. Ачык сүйлөшөлү,– деди Таңсыкбаев. – Сени падышадай кылып, атайын бир вагонго салып алып, бекеринен апкелаткан жокбуз. Көрүнгөн кишини эле минтип, ардактап, поезд менен шарактатып алып жүрбөйт, аны өзүң да жакшы түшүнөсүң. Сен бу тергөө ишинде эң маанилүү киши болуп чыгыбатасың. Эми калган нерсенин баары сенин айтканыңа, дегениңе, аракетиңе жараша болот. Сага жүктөлгөн жоопкерчилик чоң. Ошон үчүн ойлон. Эми угуп тур. Бүгүн түн кире Оренбургга жете барабыз. Чкаловко, башкача айтканда, аерде бизди күтүбатышат. Өзүң билесин, Чкаловдо сен билген эки адам бар: бири Попов Александр Иванович, экинчиси Сейфулин Хамид деген татар. Экөө тең азыр камакта. Сен берген маалыматтардын негизинде камалышкан, аны эсиңе алып кой. Экөө тең сени менен кошо Түштүк Баварияда туткунга түшүшкөнүн, анан чогуу качып чыкканыңарды айтыбатышат. Эмне үчүн силердин гана бригада ошерден качып чыккан, башкасы качкан эмес, аны да териштиребиз. Андан кийин Югославияда жүргөнсүңөр. Экөө тең ошо Югославияда жүргөндө англис аскер адамдары менен жолугушканын мойнуна алып жатат. Кеп эмне жөнүндө болубаткандын жакшы түшүнүп отурасың. Бу жөнүндө жазгандарың эскерүүлөрүндө турбайбы. Бизге бештен белгилүү болуп калды, жашыра турган эч нерсеси жок – Попов резидентиңер, Сейфулин болсо анын оң колу, бирдеме болсо резиденттик милдет аткара турган адамыңар. Туурабы! Сен, Куттыбаев, бул агенттик уюктагы эң башкы адамдардын катарына кирбейсиң, сенин ишиң жеңилирээк, эгер, албетте, тергөөнүн жүрүшүнө жакшылап жардам берсең.

– Кайдагы агенттик уюк. Мен ал туткунда чогуу болгондорду кырк бешинчи жылдан бери, согуш бүткөндөн бери көрө элекмин деп айтпадым беле? – деп, тигинин сөзүн бөлдү Абуталип.

– Көргөн көрбөгөнүң жөнүндө кеп жок. Кеп көзмө көз, колмо кол көрүшүп турушта эмес. Силерди байланыштырып турган бир адам болду да, чынбы. Айталык, жанагы Едигей-Жангелдин деген ак жүрөк Оренбургга, же башка жакка чыккан учуру болду беле? Болгон да! Ал болбосо сен башка бирөө аркылуу деле байланыш жасап жүрдүң да, туурабы. Сен кичине ойлонсоң.

– Едигей ошо силер айтыбаткан агенттер менен мени байланыштырыш үчүн Оренбургга Каранар төөгө минип алып барып-келип турган десем жарайбы? – деди Абуталип чыдабай кетип.

– Ушундайынды койбойсуңбу, Куттыбаев. Тескери сүйлөгөндөн сага пайда жок. Мен сага жакшы пейил менен сөз айтыбатсам сен кер сүйлөйсүң. Каршылык кылсаң – белиңди сындырасың, башка эмне табасың. Едигей жөнүндө кадырың жан болсун, керек болсо аны да камайбыз, төөсү менен кошо камайбыз. Жок, аны жакшы көрөт экенсиң, ага тийбегиле десең, анда мынабу Попов, Сейфулин менен беттештирип сураганда кылтындачу болбо.

Паровоз алды жактан каршы келаткан поездге күчтүү үн менен узак сигнал берип өттү. Бул гудок Абуталиптин жүрөгүн канжалатып кеткендей болду. Боранлыга жетип калмай болушту. Ителги көз тергөөчүнүн жыландын башын чыгарып турганы Абуталиптин денин муздатты – карачы айтып турган кебин, көздөгөн максатын. Мындай балээге кандай туруштук берүүгө болот. Бирок азыр Абуталиптин муну ойлоого чамасы жок эле, аны өзгөчө кыжалат кылган нерсе – Таңсыкбаев бүгүн дегеле сөзмөр болуп чыкканы, сурагын бүтүрө коёр башы жок, а Боранлы бекетке жакындагандан жакындап баратышат.

– Кеп ушундай, – деди шашпай Таңсыкбаев, алдындагы кагаздарын мындай жылдырып, Абуталипке тигиле карап. – Мен, экөөбүз сөзгө келебиз деп ишенип

турам. Сенин мындан башка жолуң да жок. Оренбургда беттештиргенде эң башкы маселенин башы чечилет же сен мага жардам кылып, экөөлөп иш жасайбыз, же мен сага кылчуну кылам, жазаңды колуңа карматам, атылып кетишиң мүмкүн. Сен түшүнүп жатасыңбы, бул иштин бир учугу кайда баратканын. Биз Титонун так өзүнө жетебиз. Силер ушунча жыл кызматын жашырын кылып келаткан Титонун өзүнө чыгабыз. Иосиф Вассарионовичтин өзү бул процессти көзөмөлгө алып олтурат. Эч кимге аёо болбойт, баарынын тамырын жулабыз. Ошон үчүн, Куттыбаев, мен жамандык кылбайын деп аракеттенип жатам, ошого ыракмат де. Бирок сен да мен айтканды жаса. Кеп төркүнүн түшүнүп жатасыңбы?

Абуталип унчукпай, түнөрүп, ичинде Боранлыга аз эле убакыт калганын эсептеп чыгып, денеси муздай түштү. Терезеден болсо да үйдөгүлөрүн көрүп калат беле, эми болбой калды. Ушул ой дене-боюн зыркыратты.

– Эмне мелтирейсиң? Мен сенден сурабатам, иштин маңызы кайда экенин түшүндүңбү? – деди Таңсыкбаев такып.

Абуталип башын ийкеп койду. Иштин маңызы кайда экенин түшүнүп бүтпөдүбү.

– Мына, небак эле ушундай болуш керек эле дейм да! – деп жиберди Таңсыкбаев. Тигинин баш ийкегенин ал баарына макулмун деген белги катары түшүндү. Ордунан туруп Абуталипке басып келди, атүгүл ийинине колун койду да, минтти: – Мен сенин акылдуу жигит экениңди билгем, акыры туура жолго түшөсүң го дегем, түштүң. Анда макулдаштык. Эми эчтемеден кооптонбо, мен айтканды айткандай жасай бер. Эң башкысы – бетме-бет апкелгенде эч кебелбе, коркпо, көзүнө тике карап айтчуну так, ачык айтып бер. Эсиңе жакшылап түйүп ал. Попов – резидент, англис чалгыны менен кырк төртүнчү жылдан бери байланышта, депортация болор астында Титонун өзүндө кеңешмеде бол-

гон, биздин өлкөгө узак мөөнөттүү тапшырма алып келген – качан өлкөдө козголон башталат, ошондо өз ишин баштайт. Болду. Поповго ошо жетет. Эми тиги татар Сейфулин жагдайында болсо, мындай: Сейфулин – Поповдун эң жакын жардамчысы, оң колу. Болду, ага ошо жетет. Калганын өзүбүз бүтүрөбүз. Ушуларды айт да, милдетиңен кутул, эчтемеден кабатыр болбо. Эч кор болбойсуң. Мен турам. Душмандар менен сөз кыска – жок кылабыз, бүттү. Достор менен биргелешип иш жүргүзөбүз, бири бирибизге жардамдашабыз, күнөөсү болсо женилдетип коёбуз. Муну эсиңе тутуп кой. Анан да эсинде болсун, мени менен ойноим деп ойлобо. Эмне иреңиң купкуу болуп турат, тердеп да чыктың, бир жерин ооруп турабы, же ысык болубатабы?

– Ии, жаман болуп турам,– деди Абуталип, башы айланып, кускусу келгенине зорго чыдап. Уу кошулган бир балээни жутуп жибергендей көңүлү каранғылап чыкты.

– Андай болсо сени кармабайын. Азыр өз купене бар да, Оренбургга жеткиче эс ала бер. Бирок, айтып коёюн, Оренбургда кыргыйдай табында тургандай бол. Билдиңби! Тигилерди бетме-бет апкелгенде ал эле, бул эле деп, сөзүндөн айнып турчу болбо. «Эсимде жок, билбейм», деген сыяктуу кеп оозуңдан чыкпасын... Мен айткандай тарсылдатып, моюндарына коюп айт, бүттү. Калганы сенин ишиң эмес. Калганын биз бүтүрүп коёбуз. Сүйлөштүк, бүгүн эчтеме жазбай эле коёлу, бар, эс ал. А тигилер менен беттештирген кезде керектүү кагаздын баарын ошерден жазып, ошерден кол коёбуз. Айткандарына кол коюп бересиң. Эми бара бер. Экөөбүз баардыгын сүйлөштүк, макулдаштык деп эсептейм.

Ушуну айтып Таңсыкбаев Абуталипти абак-купесине коё берди.

Мына ушундан кийин Абуталипке кандайдыр жаңыча, өзгөчө жашоо башталгандай сезилди. Ага поезд өтө зуулдап, катуу бараткандай көрүндү. Көзгө тааныш

жерлер терезеден тасмадай шуулдап өтүп жатты. Боранлыга жетүүгө саналуу гана мүнөттөр калды. Эми кичине бою-башын жыйнап, акыл токтотуп, үй-бүлөсүн көрүп калабы, көрбөй калабы, ага даяр болуу керек. Бирок элден мурун мынабу поезддди жайыраак жүр деп тилөө керек болуп турат. Абуталип ичинен поезддин жай жүрүүсүн кудайдан, табигаттан, тагдырдан жалбарына сурап жиберди. Аңгыча поезд чын эле ылдамдыгын азайткансып калды, же Абуталипке ошондой көрүнүп кеттиби. «Мына, менин сураганым келет!» деп, Абуталиптин көңүлү кадимкидей жайланып, терезеге жакын ыңгайлаша олтуруп, тышты карап калды.

Поезд чын эле Боранлы бекетке чукулдап келип калган эле. Турмуштун соккусун жеп, баш баанек издеген Абуталипти тагдыр айдап келип, турук алдырткан жер. Ушерде балдарым чоңойгуча тынч оокатымды өткөрүп, тарыхтын коогалуу тилкесинен аман-эсен өтүп кетсем деп ойлочу эле, жок, бу ою да ордунан чыкпады. Үй-бүлөсү кандай күнгө туш келери белгисиз, биякта калды, өзү болсо минтип үйүнүн жанынан абак-купеде, темир тордун ары жагында өтүп баратат.

Абуталип тыштан эмне көрүнсө ошонун баарын мындан ары өмүр бою, тамыры какпай калгыча карегине катып сактачудай кадала карап жатты. Февралдын ызгаардуу ушу күнүндө көзүнө эмне чалынса – темир жолдун четиндеги күрткүлөр, бадалдар, бадалдар ортосундагы ачык жерлер, бир жерин аппак кар баскан, бир жери карайып ачылган талаа – ушунун баары ага кереметтүү бир ыйык көрүнүштөй кабылданды, ушу көрүнүшкө ичи элжиреп, агынан жарылып толкуп чыкты. Ана көзгө тааныш дөңсөө, берээкте кичирээк сай, мына Зарипа экөө шайман-шуймандарды көтөрүп, темир жолдун кээ бир жерин оңдоо үчүн жөнөп калчу бир аяк жолдун нугу, тигине Боранлыдагы балдар, анын ичинде өзүнүн Даулу менен Эрмеги жайында чурулдап ойноп жатчу майдан... Тигинде беш-алты төө, берегирээк-

те дагы экөө турат, экөөнүн бири Каранар экен, алыстан эле таанылып турбайбы, баягы эле келбети менен жаныбар, шашпай басып баратбайбы. Кар жаап келатканы эмнеси, терезеге кар жабыша калып жатабы, кар экен, күндүн ырайы эртең менен эле бузулбады беле, эми жаап келгенин карачы, саал коё турса эмне, короолор, түтүнү булаган үйлөр көрүнө баштабады беле, атың. Мына запас жолго өткөрчү белги, поезддин дөңгөлөктөрү эки жолдун ашталышына дүңкүлдөп тийип өтүп жатат, ана колуна желекчесин кармап жол тоскуч да турат, ой, Казангап турбайбы, капкара болуп, каржайган кайран Казакем, мына өзү турат, о кудай, поезд Казангаптын будкесин да жандап өттү, эми кыштакча башталат, үйлөр көрүнө баштады, бирөө үйгө кирип баратат, Абуталип жонун эле көрүп калды, ким болду экен, мында бирөө кашаанын жанында бирдеме менен алектенип жатат, Едигей го, Едигей экен! Купайкесинин жеңин түрүп алыптыр, жанында кичинекей кызы, аларды жанында Эрмек турат, балакетиң алайын Эрмегим, кедейип турганын кара, Едигейге бирдемени алып берип жатат, кудай, жүзү чала-була гана көрүнө түшпөдүбү, а Даул кайда, Зарипа да көрүнбөйт. Боюнда бар аял басып баратат, бекеттин начальнигинин аялы Сауле. Ана Зарипа! Жоолугу ийинине түшүп кеткен. Даудан колунан жетелеп, Едигей тарапка баратат. Бери карашпайт. Буларды көргөндө Абуталип: «Зарипа, Зарипашым! Даул! Даул, айланайын уулум. Силерди акыркы ирет көргөнүм ушу! Кош, кагылайындарым! Даул! Эрмек! Кошкула! Силерсиз мага өмүр жок! Кошкула!» — деп бакырып жибербес үчүн оозун алаканы менен басып, эки көзү жайнап, поездде кетип баратканын алар кайдан билди.

Мына ушу болду көргөнү. Поезд Боранлыдан небак узап, алыстап кеткенден кийин да, Абуталиптин көз алдында ушу көргөнү сүрөттөй тартылып келе берди. Кар небак лапылдап жаап кирген, баардыгы ырааста,

алыста калды, бирок Абуталип үчүн мезгил так ошо өзүнө кымбат, өмүрүнөн да артык көргөн үч адам турган жерге токтоду да калды.

Тышта кар жаап, эчтеме көрүнбөй калса да ал терезени теше тиктеген боюнча олтурду. Үй-бүлөсүнөн көрүп туруп көз көрүнөө ажырап баратканына, ушунун баары эми элесинде гана калганына ишенгиси келбеди. Терезени мелтиреп тиктегени тиктеген, таң калды: акыйкатсыздыкка, зордукка моюн сунбай, тырышып тургаңы менен желкесинен көрүнбөй басып турган азезилдин күчүнө айласыз баш ийип, аялын, балдарын көрүп туруп, алардын жанынан үн-сөзү жок мал сыяктуу өтүп кеткенине таң калды. Ошол азезил күч аны эркинен ажыратып, мал кылып салбадыбы, поезддан секирип түшүп, качан келет деп көздөрүнөн учуп олтурган аялына, балдарына мен мына деп көрүнө албай, жалдырап өтүп кетпедиби, Таңсыкбаев болсо муну ит ордуна көрбөй, мобу жерге олтуруп жылба деп отургузуп койгон жеринде олтурбайбы, ит ордуна көрбөсө, итке мамиле жасагандай мамиле жасаса ошого да айбат көргөзө албай шалдырап турат деген эмне?! Бул жүрөгүн өрттөгөн ойлордон кутулуш үчүн Абуталип өзүнө өзү сөз берди, өзүнчө бекем чечимге келди...

Бир жылт этип жок болгон ачуу да, таттуу да жолугушууну эми Абуталип кайра-кайра көз алдынан чуурутуп жатты. Буга эч ким тоскоол боло алмак эмес, өз эркиндеги нерсе жалгыз ушу – улам кайра башынан түшүп элестете берди. Элден мурун Казангапты көргөнүн, тарамыштуу колунда желекче, күнбү, түнбү, поезд келатканда кара ширидей болуп, какайып тургаңы турган, баягысындай өз ордунда желекчесин көтөрүп турбадыбы, өмүрүндө ушинтип, бирде разъезддин тиги башында, бирде бу башында какайып туруп, канча поезддү тосуп жөнөттү, аны көргөнүн, анан Боранлылыктардын үйлөрү, короо-жайлар көрүнө баштаганын, морлордон түтүн булап турганын, бирөөнү үйгө кирип ба-

ратканда артынан гана көрүп калганын, анан балдарга бирдеме жасап бермекчи болуп, купайкесинин жеңин түрүнүп алып, бирдеме кылып аткан Едигейдин жанынан Эрмегин көргөндө бакырып жибере жаздап, оозун жаап олтуруп калганын шашпай элестетип чыкты. Олбурлуу, тарамыштуу ирең күнгө, шамалга небак карайып бүткөн, адамдык касиетин бийик кармап, бирөөнүн көзүн карабай аскадай өзүнчө жашаган Едигей, анын жанында балдар, эски тумагы башында, бутунда чокой, Эрмек, аларды көздөй бараткан Зарипа менен Даул – бир нече көз ирмемде ушунун баары даана көрүнбөдүбү. Бечара Зарипа, тим эле түбүндө тургандай көрүндү, жоолугу ийнине түшүп, капкара чачы ачылган, ирең бопбоз, бутунда өзү сатып берген арзан өтүк, төмөн ийилип Даулга бирдеме айтып баратат – ушунун баары, өзүнө ушунчалык тааныш, жакын, кан-жанына сиңген нерселер кайра-кайра көз алдына тартылды, элестетүү менен бирге эле Абуталип ушулардын баары менен кошташып жатты...

Жаяган кар басылбай, аягы бороон-чапкын болуп кетти. Оренбургга жакын бир станцияда поезд бир саатча туруп калды – темир жолду басып калган карды тазалагыча күтүп турушту. Кар тазалагандар көп окшойт, жаяган күндү, оюна келгендин баарын ашатып сөккөн үндөр угулуп жатты. Жол ачылгандан кийин, поезд бурганактуу бороонду жирең жөнөп кетти. Оренбургга киргенде боз чаңгыл мунарыктан шаардын эч белгиси көрүнгөн жок, жол боюна тигилген талдардын гана кар жамынган сөлөкөттөрү байкалат. Вагондорду сорттой турган станцияда да бир топ туруп калышты – бу жолу Абуталиптер келаткан атайын вагонду составдан чыгарышты. Муну Абуталип вагондун ары түртүлүп, бери түртүлүп жатканынан, вагонду бөлүп алып жаткандардын кыйкырыгынан, өзүнө керектүү вагондорду сүйрөп кеткени келген локомотивдердин гудогунан улам баам-

дады. Андан кийин вагонду бир жакка сүйрөп барып салды, кыясы запас жолдун бирине чыгарып койду окшойт. Ушу кезде түн бир оокум болуп калган. Алды жактан «Болду! Токтот ушерге!» деген үн чыкты. Ошо менен айлана тынчыды да калды.

– Келдик! Ал буюм-теримдериңди. Чык эшикке! – деди старший надзиратель Абуталип олтурган купенин эшигин ачып. – Бол, ылдам. Чык! Уктай берип эсиң ооп калган го!

Абуталип ордунан жай туруп, надзирателдин так маңдайына жакын басып келди да:

– Мен даярмын. Кайда басайын? – деди.

– Даярсыңбы, бас анда. Кайда басарыңды азыр конвой айтат,– деп коюп, надзиратель Абуталипти коридорго чыгарды да, капыстан бир чети таң калып, бир чети кыжыры келип, кыйкырып жиберди:

– Эй, вещмешогуң таштап кетесиңби? Муну таштап салып кайда баратасың? Же сенин аркаңдан кабыңды көтөрүп жүрчү кишиң, барбы? Кайт артыңа, ал мынабу баштык-саштыгыңды!

Абуталип купеге кайтып келди да, буюмдары салынган чакан капты колуна алып, кайра коридорго чыкканда бет алдында келаткан жергиликтүү эки чекист менен аз жерден сүзүшүп кала сактады. Экөө бирдемесин издеген немедей энтеңдеп, шашып келаткан экен.

– Токто! – деди надзиратель Абуталипке тигил экөөнү көрүп. – Мындайраак тур, бу жолдоштор өтүп кетсин.

Вагондон чыгып баратып Абуталип тиги экөөнүн Таңсыкбаевдин купесинин эшигин такылдатканын укту.

– Жолдош Таңсыкбаев! – деген алардын толкунданган үндөрү угулду. – Келишиңиз менен! Ой күттүк да сиздерди! Ой, күттүк да! Силер келерде кар катуу жаап кирбедиби. Кечирип коёсуз, аба ырайы ушундай болуп калды. Өзүбүздү тааныштырып коёлу, уруксат этиңиз, жолдош майор!

Конвойлор солдат кийимчен, баштарында тумак, куралчан үч жигит экен, вагондун түбүндө күтүп турушуптур. Ары жакта турган жабык машинага салышат окшойт.

– Түшпөйсүңбү. Эмне карап турасың! – деп жиберди үчөөнүн бири!

Аркасында надзиратель, Абуталип вагондун тепкичтеринен акырын жерге түштү. Суук шамал дуу дей түштү, кар тозоңу ызылдап учуп турган экен. Вагондон түшө берердеги тоңуп турган темир кармооч колду бир паста какшатып жиберди. Айлана караңгы, ар кай жерде шамалга чайпалып, мамыга илинген шамдар мунарык жарык берип турат, карга көмүлүп каршы-терши жаткан темир жолдор.

– Камактагы номур токсон жетинчи адамды тапшырдым, деди старший надзиратель конвойго.

– Камактагы номур токсон жетинчи адамды кабыл алдым! – деп жооп берди старший конвой.

– Бар эми. Булар айткан жакка жөнөй бер,– деди надзиратель. Анын коштошуу сөзү ушу болду көрүнөт. Анан эмнегедир минтип кошумчалап койду: – Машинеге салып алып кетишет.

Конвой жигиттердин курчоосунда Абуталип шпалдарга мүдүрүлүп, чалынып, темир жолдорду кезип, ары көздөй кетти. Ийининде жана көтөрүп чыккан кабы. Андан, мындан түнкү сменадагы локомотивдердин гудогу угулат.

Таңсыкбаевди мейманканага алып кетмекке келген жергиликтүү чекисттер алматылык ардактуу кесиптешинин келишин белгилешип, купеде отуруп калышты. Тосуп чыккандар ушерден эле таанышкандык үчүн көтөрүп коёлу, жегенге закуске даяр, иш учуру эмес, эшикте суук болсо тиги дешип калышты. Буга ким макул болбосун. Сөз арасында Таңсыкбаев иштин баары ойдогудай келатканын, тигилерди бетме-бет жолуктуруп, суракка алуу буюрса ийгиликтүү болорун, ошон

үчүн Алматыдан бери бекер убара болуп келатпаганын белгилеп өттү.

Кесиптештер бир паста эле эски достордой бабырашып, тил табышып, таттуулаша түштү. Аңгыча тыштан жаң-жүң үн, коридордо бирөөлөрдүн шашыла тапырап келатканы угулду. Купеге жанагы конвой үч жигит, старший надзиратель кирип келди. Конвойдун бирөөсүнүн бети-башы кан болуп жүрөт. Ирең-далеттен эчтеме жок, ошонусу Таңсыкбаевге честь берип:

– Камактагы токсон жетинчи номурлуу адам өлдү! – деди чаңкылдап.

– Кандайча өлдү? – деп Таңсыкбаев ордунан атып турду. – Өлдү дегениң эмне?

– Паровоздун астына өзүн таштап өлүптүр,– деди старший надзиратель.

– Кандайча өлөт? Кандайча өзүн таштайт? – деди жаалданган Таңсыкбаев надзирателди жакадан алып, жулкулдатып.

– Биз темир жолдордон өтүп баратканда, – деп алактай сүйлөдү конвой,– оң жактан да, сол жактан да локомотивдер жүрүп жатыптыр... Вагондорду эки жакка сүйрөп жатышпайбы. Ошонун бирин өткөрүп жиберели деп биз токтой калдык. Токтой калганда эле тиги неме колундагы кап менен мени тартып жиберип, жүрүп келаткан паровоздун дөңгөлөгүнүн астына жата калбадыбы...

Мындай күтүүсүз кабардан дендароо болуп, акылдары айраң боло түшкөн эмелер унчукпай эле туруп калышты. Таңсыкбаев жини келгенинен колу-башы калчылдап, тышка атыла жөнөдү:

– Салпайган гана ит, сволочь, кутулуп кеткенин карачы! Бүт ишти бузду да, сволочь, бүт баарын жайлады да! Я?! Баарыбызды сойду!

Столго кайрылып, кыжырлана колун тескери силкти да, стаканга толо арак куйду! Жергиликтүү чекисттер болсо бу окуяга конвой керт башы менен жооп берерин тиги тургандарга эскертип коюуну унутушкан жок.

# КОММЕНТАРИЙЛЕР

## «КЫЛЫМ КАРЫТААР БИР КҮН»

Роман алгач орус тилинде «И дольше века длится день» деген ат менен «Новый мир» (1980, № 11) журналына жарык көргөн. Кыргыз тилинде жазуучунун 3 томдон турган чыгармалар жыйнагынын үчүнчү томунда (Фрунзе, 1981) басылган. Которгон Ашым Жакыпбеков.

Бул романдын жарык көрүшү менен кыргыздарда эле эмес, эл аралык жаңы термин катары «маңкуртизм» деген жаңы сөз пайда болду. Бул терминдин кыргызчасы катары «маңкуртчулук» деген сөз да пайдаланылып жүрөт. Ал эми бул терминдин, сөздүн келип чыгышы түздөн-түз адамдын эс тутуму, тактап айтканда,тарыхый эс (историческая память) менен байланыштуу. Маңкурт – бул өткөнүн унуткан, түп башатын, тамырын жоготкон адам. Айтматовтаануучу Г. Гачев романдын идеялык-формалык мазмундук турпаты тууралуу өтө так жана кыска: «сюжет романа – похороны, а идея его – Память» деп айткан.

Ырасында да романдын сюжети Казангапты **көмүүгө** байланыштуу окуядан түйүндөлүп, андан ары өөрчүтүлөт. Бороондуу бекеттин карыя жумушчусунун сөөгүн ал керээз кылган Эне-Бейитке коюу убарасында жүрүп Эдигей көп нерселер «көмүлүп» кеткендигин, адамдардын эсинен көп нерсе акырындап сырткары күчтөр тарабынан атайын максат менен сүрүлүп чыгарылып салгандыгын «баамдашка» аргасыз болот. Алар, мамлекеттик идеологиялык диктатка

туура келбеген көрүнүштөр – элдин тарыхый эси, нечен кылымдык турмуштук тажрыйбанын негизинде улуттун дүйнө-тааным философиясы катары калыптанган салт-санаалар, элдик оозеки чыгармачылыктын айрым үлгүлөрү жана ошондой эле азыркы адамдардын учурдагы саясатка карата өздүк жеке көз карашын сактап калуу аракеттери.

Чыгарманын башында эле кайтыш болгон Казангаптын сөөгүнүн жанында болуу керек деген Эдигейдин кадыресе адамдык түшүнүгүн Шаймерден түшүнө албайт, «Анын башында туруп не кыласын? Ошондо эле өлүк тирилип кетет дейсиңби?», «Мына кызык быякта минтип эме болуп... совет өкмөтүнө алтымыш жыл толуп жатса... (сен доорон окуганды билесиңби?)» деген дөөпөрөстүгү Бороонду Эдигейдин жанын кашайтат. Андан кийин маркум болгон адамдын уулу Сабитжан: «Кайдагы бир Эне-Бейитке деп убара болбой эле ушу тегеректеги эле бир дөбөчөгө жашырбайлыбы» деп, анан да өз «саясатын» бекемдей кетиш үчүн «өлгөндүн жазасы – көмгөн» деген илгеркинин макалын келтире кетүүдөн да тартынбайт. Андан да, автор айткандай, «калпыстыгынанбы, тайкылыгыбы, актанып» шаарда маанилүү иштери калгандыгын, чоңдорунун кыйыгына калгысы келбегендигин айтып Эдигейди түңүлтөт. Андан ары шубат менен аракты аралаштыра согуп, алагүү болгон Сабитжандын «мамлекет кызыкчылыгына» толук багындырылган биороботтор жөнүндөгү жомогу Эдигейдин үрөйүн учурат. Эне-Бейитке бараткан жолдо Эдигей өз турмушунда жолуктурган эң акылдуу адамдар Казангап менен Абуталиптин жеке трагедияларын («коомдук кызыкчылык» менен байланышкан) эстейт. Казангаптын атасы коллективдештирүү маалында адилетсиз жерден «тап душманы» деп айдалып кетет, ал аз келгенсип, «а кезде улан курак Казангапты эпкиндүү актүптөр улам бир жыйналышта эл алдына чыгарып, атасын жамандатып сүйлөтүп, ...атаман кечем, менин атамдай тап душмандарга орун болбош керек... дедиртип, жанын кашайткан экен. Ошол шерменделиктен алыска ооп кетет» (романдан). Бул окуяны көпчүлүк

алдагачан унутуп койгон менен ал эрибеген туздай болуп Казангаптын жүрөгүн өмүр бою ачыштырып келген. Ал эми согуш учурунда туткунга түшүп калган Абуталип чет жерлик аскерлер менен аралашып калгандыгы үчүн саясий куугунтук, көзөмөлдөн кутулбай жүрүп, табигый келчү ажалдан алда канча эрте өлүп тынчыды. Абуталиптин кейиштүү тагдырын эскерип отуруп Эдигей ителги көз тергөөчүнүн Абуталиптин балдарына деп жазып жүргөндөрүн «кастык эскерүү» деп айтканын, мындай аныктамага макул болбогон Эдигейге ителги көз тергөөчүнүн: «Тарыхый окуя катары турмушта ар кандай нерселер болушу мүмкүн. Эмнелер гана болбоду дейсиң. Бирок эскергенде, эртегини оозеки же кагаз бетине сүрөттөп бергенде азыр талап кылынгандай, бизге керек болчудай кылып эскерүү керек. Бу жобону карманбасаң, анда кастык жолго түшкөнүң ошол» деп түшүндүргөнүн эске түшүрөт б. а. ушулар аркылуу сөз болуп жаткан коомдо тарыхка, элдик мурастарга карата объективдүү адилет мамиленин жоктугу тастыкталат.

Учур чактагы болуп жаткан ушундай чалкеш окуяларды камтыган реалисттик сюжет менен катар романда Эне-Бейит уламышы жөнүндөгү фольклордук сюжет жана «Кырчоо» операциясына байланыштуу фантастикалык сюжет катар өнүктүрүлөт.

Чыгарманын жалпы контекстинен эч ким жеңе албаган өлүм менен мезгилге каршы адам баласы эскерүү жөндөмдүүлүгүн гана коё алат; эскерүү же тарыхый эс, болгондо да «жаманын» эстен чыгарып, «жакшыларын» гана ирге алган эс эмес, бүтүн, б. а. акыйкаттан тайбаган эс гана адамзат коомунун өткөн, учур, келечек тажрыйбаларын бириктирип, гармонияга жакын өнүгүшкө шарт түзөт деген жыйынтык келип чыгат.

Бул чыгарманын жаралышына жазуучу жашап турган коом жана анын проблемалары менен катар жазуучунун өз өмүр баянына байланыштуу окуялар да себепчи болгон. Чыңгыз Айтматовдун атасы Төрөкул Айтматов да 1937-жылы «эл душманы» деген каралоого кабылып, Абуталип

сыяктуу сталиндик репрессиянын курмандыгы болгон. «Эл душмандарынын» атын көпчүлүктө атоого, эстөөгө «тыюу» салынган менен, албетте, Айтматов атасын унутуп коё алган эмес.

Романдын башында бекеринен жазуучу Х кылымда жашап өткөн армяндын кечил акыны Григор Нарекацинин «Аза китеби» аттуу чыгармасынан «Бул китеп менин деним деп бил, бул сөз менин жаным деп бил» деген саптарды эпиграф кылып келтирбеген. Нарекацинин өмүр баяны, чыгармачылык эстетикалык-этикалык идеалдары менен Чыңгыз Айтматовдун өмүр баяны, чыгармачылыгынын ортосунда айрым окшоштуктар бар: Григор Нарекацинин атасы да чиркөө тарабынан куугунтукталып, еретик катары динден чыгарылып, каргышталган. Акындан да шек санап, аркасынан түшүп калышканда чиркөөнүн кыстоосу алдында, аргасыздан еретиктерди айыптаган «Айыптоо катын» («Обвинительное послание») жазып кутулат. Акындын чыгармачылыгынын эң чокусу болгон «Аза китебинде» гуманисттик адеп-ахлактык, диний көз караштар менен катар акын өз заманындагы коомдун кемчилигин аёосуз сынга алат.

«Настоящее ничтожно,
Прошлое неведомо –
Будущее сомнительно...», –

деген ыр саптарында («Учурдагысы сандырак, өткөнү белгисиз болсо, келечеги да арсар») акындын дүйнө кабылдоосу философиялуу айтылган. Нарекаци поэмасында ошондой эле адамдын жашоого болгон укугун, тирүүлүк философиясын зор поэтикалык күч менен даңазалайт. Ал өз маалынан эрте өлүмгө кириптер кылчу каргашалуу иштерди болтурбашын күчтүү сезим менен Кудайдан суранат. (История всемирной литературы. 2-том. – Москва, 1984. – 299–303-б.).

Ушундай эле Чыңгыз Айтматов да өз романы аркылуу атасы сыяктуу жүздөгөн, миңдеген бейкүнөө, жаш, акыл-

дуу адамдардын өмүрүн адилетсиз кыйган сталиндик репрессияны айыптап, ал кандуу жексур саясаттын жүзүн ачышка аракет кылган.

Чыгарманын сюжеттик негизин түзгөн шири кийгизүү, корукка, курчоого алуу сыяктуу ашкере саясатташтырылган чектеп-тыюучул окуялардын фонунда терс кайрык сыяктуу: «Бул кыйырда поезддер чыгыштан батышка, батыштан чыгышка байма-бай каттап турат...» деген сөздөрдүн рефрен катары романда бир нече ирет кайталанышы ошол чектөөлөр ар кандай өсүп-өнүгүүнүн табигый агымына канчалык каршы экендигин ого бетер ачыктап турат.

Роман алгач жазылганда башкача аталышта болгону жөнүндө жазуучу: «...Романды жарыялоонун алгачкы кадамдарында эле кыйынчылыктар болду. Алгачкы, бир туугган (родной), эгер ушинтип айтышка мүмкүн болсо, китептин аталышы «Обруч» (алкак, кырчоо, шири) болчу. Бул жерде сөз манкуртчулук ширинин күчтүү державалар дүйнөлүк биринчилик үчүн атаандаштыкка умтулган процессте адамзат башына «кийгизилип» жаткан алкакка трансформацияланышы жөнүндө болчу» дейт. (Айтматов Ч. Вся правда, девять лет спустя...//И дольше века длится день» (Белое облако Чингизхана); Лицом к лицу. – Фрунзе: Гл. ред. КСЭ. – 1991. – с. 5.

Романдын негизинде жаралган спектаклдер Москва, Ленинград, Вильнюс, Рига, Таллин, Ташкент ж.б. көптөгөн шаарлардын академиялык-драмалык театрларында, бир нече иреттеп коюлду. Ал эми СССРдин Эл артисти Михаил Ульянов Е. Вахтангов атындагы академиялык театрында Эдигейдин сахналык кайталангыс образын жараткан. «Кылым карытаар бир күн» спектаклин Кыргыз мамлекеттик академиялык драм театрында И. Рыскулов сахнага алып чыккан.

Романда пайдаланылган уламыштардын негизинде үч көркөм тасма тартылган. Биринчиси, Раймалы менен Бегимайдын махабат легендасы жөнүндө тартылган режиссер-коюучу Дооронбек Садырбаевдин «Махабат дастаны»

(«Кыргызтелефильм», 1985) көркөм тасмасы. Экинчиси, романдагы Эне-Бейит уламышы боюнча тартылган «Маңкурт» «Түркмөнфильм», «Туграфильм», 1991) фильми. Режиссер-коюучу Х. Нарлиев, сценарийи М. Урматованыкы. Үчүнчүсү, дагы романдын маңкурт баянына байланыштуу мотивдин негизинде тартылган «Найман-Эненин кошогу» фильми («Кыргызфильм», «Азия Караван» компаниясы, «Синема» студиясы, 2004). Режиссеру Б. Карагулов, сценаристтер Ч. Айтматов, М. Сарулу.

Ошондой эле романдагы Эдигей, Казангаптын турмушуна байланыштуу реалисттик сюжеттин негизинде «Бороонду бекет» көркөм фильми (Кыргызстан/Казактан, 1995, реж. Б. Карагулов) тартылган.

**Сунушталуучу адабияттар:**

*Акматалиев А.* Айтматовдук энциклопедия. 1-том. – Бишкек, 1993.

*Ибраимов К.* Мифологиялык архаика жана азыркы адабияттагы «адам-табият» концепциясы. – Фрунзе, 1991.

*Каракеев К., Асаналиев К.* А день все длится... // Известия. – 1983. – 18 нояб.

*Коркин В.* Перед лицом памяти //Лит. Россия. ИЖ1. 8 янв.

*Суровцев Ю.* Многозвучный роман-контрапункт // Дружба народов. – 1981. – № 5 ж.б.

## «ЧЫҢГЫЗХАНДЫН АК БУЛУТУ»

«Кылым карытаар бир күн» романына кошумча тарам катары жазылган чыгарма – бөлүк (романга повесть) ушинтип аталат. Алгач орус тилинде «Знамя» журналына (1990, № 8) басылган. Кыргыз тилине Аман Токтогулов которгон.

Бул чыгарманы мамлекеттик саясий система өзгөрүп, коммунисттик-авторитардык башкаруу бийлиги алмашы-

лып, демократиялык коомду курууга багыт алган мезгилдин жемиши катары кароого болот.

Жазуучу Коммунисттик партиянын административдик-буйрукчул бекем бийлиги учурунда эле «Кылым карытар бир күн» романын жазып, каймана көркөм каражат, ыкмаларды чебер пайдалануу менен социалисттик системанын башкаруу саясатында, өзгөчө сталиндик бийлик учурунда жана андан кийин да орун алган көп кемчиликтердин жүзүн ачып көрсөтүүгө жетишкен. Романда социалисттик күчтүү держава курабыз, коммунисттик партиянын аброюн көтөрөбүз, социализм идеясынын артыкчылыгын далилдейбиз, аны жат элементтерден коргойбуз деп отуруп советтик система түбүндө антигуманисттик, антидемократиялык жолго түшүп кеткендигин, элдерди нечен кылымдап жашап келген адамкерчиликтүү руханий-маданий тамырларынан алыстатып, жардылантып, адамдардын өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмүн мокотуп, бир гана мамлекеттик идеологиянын маңкурташкан, кыңк этпес жоокерине айлантуу саясаты катуу иштеп жаткандыгын жакшы адамдар Эдигей, Казангап, Абуталиптердин жан дүйнө трагедиясы, Сабитжан, Шаймерден, Таңсыкбаевдердин кейиштүү образдары жана Найман-Эненин трагедиялуу тагдыры жөнүндөгү уламыш аркылуу таасирлүү, далилдүү, поэтикалуу баяндалган.

Бирок, ошого карабастан, көркөм чыгармачылыкка партиялык жетекчилик күчтүү учурда жазуучу канчалык ар кандай ыкмаларды пайдаланып каймана айтпасын, ачык айтууга батынбасын, баары бир сынчыл позициядагы көз карашын каалагандай ачык, курч, толук жаза алган эмес. Чыңгыз Айтматов «Чыңгызхандын ак булуту» повестинде «Кылым карытаар бир күн» романындагы терендетип айтылбай калган сюжеттик линияны өөрчүтүп, терендеткен. Ал линия – «эл душманы» деген жалган жалаага кабылып, ашынган идеологиялык саясаттын курмандыгы болгондордун (алардын ичинде жазуучунун атасы Төрөкул Айтматов да бар) өкүлү Абуталиптин трагедиясы жана ага түздөн-түз тиешеси бар сталиндик кесепеттүү саясаттын,


бийликтин элесине байланыштуу сюжеттик линиялар эле. Ошондой эле бул эки линияны, төмөнкү, абуталиптик линия менен жогорку бийлик башындагыларды байланыштырып, бир бүтүндүктү түзүп турган ортоңку, аткаруучулук – желдеттик-таңсыкбаевдик линия бар. Кошумча тарамда репрессиянын жазыксыз курмандыктарынын трагедиясы менен «кара тумоо учурунда той тойлогон» таңсыкбаевдердин комедиялык турпаты жерине жеткире сүрөттөлгөн. Ал эми «Сары-Өзөктөгү асуу же Чыңгызхандын ак булуту» жөнүндөгү уламыш чыгармада сталиндик бийликтин метафорасы катары киргизилген. Чыңгызхан сыяктуу катаал жолбашчы Сталин дагы өз мезгилинде күчтүү личность, лидер катары советтик адамдардын чексиз ишенимине – ак булутка ээ болгон. Бирок, ал өзүнүн жана айланасындагы пикирлештеринин, таңсыкбаев-желдеттеринин адамдардын өмүр-тагдыры менен каалагандай калчап ойногон ашынган амбицияларын ооздуктай албагандыгы үчүн ашкере көкөлөтүлгөн культтук сыйынан – ак булутунан ажырап калды. «Чыңгызхандын ак булуту» бир топ тилдерге которулуп, Швецария, Дания, Германия, Франция, Швеция ж. б. өлкөлөрдө жарык көргөн.

**Сунушталуучу адабияттар:**

*Акматалиев А.* Ч. Айтматов жана көркөм процесс. – Бишкек, 1992.

*Үкүбаева Л.* Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз. – Бишкек, 2004 ж.б.

*Түшүндүрмөлөрдү даярдаган*
*Кыргыз Республикасынын*
*Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты,*
*филология илимдеринин доктору*
*Айнура КАДЫРМАНБЕТОВА*



# МАЗМУНУ

Кылым карытаар бир күн ..... 5
Чыңгызхандын ак булуту ..... 393
Комментарийлер ..... 512

*Адабий көркөм басылма*

**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ**

**10 томдон турган чыгармаларынын толук жыйнагы**

**3-том**

*Роман*

**Түзгөндөр:** А. *Акматалиев, А. Кадырманбетова*

Редактору *Кадыров Жумадин*
Корректору *Касымгелдиева Малина*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова Алтын*

**Терүүгө** 01.12.2018-ж берилди. Басууга 22.08.2018-ж. кол коюлду.
Форматы 60x90$^{1}/_{16}$. Кагазы офсет № 1.
**Көлөмү** 32,25 басма табак. Нускасы 1000. Келишим баада.